Сыпыр
А-13

Шабданбай Абдыраманов

ДЫЙКАНДАР



2017

Шабданбай Абдыраманов

ДЫЙКАНДАР

Роман

Жалал-Абадская
областная библиотека
Инв. № 43133 об

ФРУНЗЕ
«АДАБИЯТ»
1991

ББК 84 Ки 7—4
А 13

Сүрөтчүсү *Шайлоо Жекшенбаев*

Абдыраманов Шабданбай
А 13 Дыйкандар: Роман: /Сүрөтчүсү Ш. Жекшенбаев. — Ф.: Адабият, 1991. — 528 б.

JSBN 5-660-00229-3

Белгилүү жазуучу Ш. Абдырамановдун бул романында Улуу Октябрь социалисттик революциясынын жеңишинен кийинки кыргыз элинин турмушунун түп тамырынан бери өзгөрүшү, адамдардын жаңы турмушка болгон мамилелеринин жана ан-сезимдеринин калыптануусу чагылдырылат. Ошондой эле коллективдештирүү мезгилиндеги, кийинки сенек жылдарындагы айыл чарбасында кетирилген кемчиликтер жөнүндө маселе козгойт.

Это социально-психологический роман. В нем на фоне исторических событий — победы Великой Октябрьской социалистической революции и утверждения Советской власти — рисуются ломка вековых устоев в жизни киргизов, обретение новых отношений между людьми, формирование человека социалистического общества.

А $\frac{4702300100-206}{\text{М } 455\ (11)-90}$ 38—90

ББК 84 Ки 7—4

JSBN 5-660-00229-3

© «Адабият» басмасы, 1991

Дыйкан атамдын арбагына багыштаймын.

(Автор)

«Ким жерди иштетип жесе, анын мээнети адал, бирөөнүн эмегин жеген арам». Куран сөзүнөн...

* * *

Качан гана Египеттин падышачылыгы Гарун-Ар-Рашидге тийгенде, ал минтип билдирген:

— Ушул хандыкты жеңип алгандыгына сыймыктанып, өзүн кудай кылып көрсөтүүгө аракеттенген уятсыз падышаларга өчөшүп, мен Египетти эң жек көрүмчү бир кулга сыйлыкка кармата беремин.

Анын Гусейб аттуу бир негр кулу болгон: дал ошого Египет хандыгын сыйлыкка берет. Ал негр, деп айтышат, ушунчалык даражада «акылдуу» жана «баамчыл», ошондой эле «көрөгөч» болгон экен, бир жолу ага бир египеттик феллахтар (дыйкандар) келишип, жазда айдоо жерлерине пахта эгишкендиктерин, бирок мезгилсиз учурда жамгыр көп жаап, баарын кыян жууп кеткендиги тууралуу арыз-муңдарын айтышса, анда берки минтип жооп берген экен:

— Жүн эгишиңер керек да!

Саадиден

Эгер элге токочту берсе билим,
Ачтан өлмөк билимсиздер салып тилин.
Бирок алар кем эмес бак-таалайдан,
Акылман карап туруп, калат аң-таң.
Таалай-бак сыйлоо эмес, билим үчүн,
Дыйкан жан жерге берет акыл-күчүн...
Билебиз оор тагдыр кээде тийип:
Акылдуу кемсинтилет, акмак бийик.
Алхимик ачтан өлөт — илим жазган,
А акмак алтын табат таштандыдан...

* * *

Эгер сокур келатса — алдында аң...
Анда күнөө — эскертпей, үнсүз калсам.

Саадиден



1

китеп

ЖЕР ЖАНА ДЫЙКАН



БИРИНЧИ БӨЛҮМ

Автобус акырындап келип токтоду. Колуна кичирээк кызыл чемодан кармап, боз плащын карысына илген москоол Садык Балбаков автобустан түшкөн соң, айланасына көз чаптыра, жол жээгинде бир азга сороюп өзү жалгыз туруп калды.

Кыштак бак-шактуу көрүндү. Андан ары туш-тушка карай кызгыл күрөң тартып күзгү пахта талаалары жаткан эле. Аянттын батыш тарабындагы түгөнүшүнөн чукул жогору көтөрүлгөн жоон боз дөбөлөр улам нарылаган сайын кызыл чапка айланып, мисте бадалдары бара-бара коюулана берди.

Садык чемоданын жеңил алып, өрүктүн кызгылт сары жалбырагы төгүлгөн асфальт жол менен колхоздун бак чүмкөнгөн конторасын көздөй бет алды. Күзгү бактын жумшак нымдуу жыты урду. Түндөгү жаап өткөн жамгырдан улам аба таза да, сергилең да. Садыктын көңүлү бир аз көтөрүңкү тартты.

Контора алдындагы беш-алты адамга салам айтып, кол алып учурашты да, колхоз председателин сурады:

— Раис азыр бир жакка жөнөөгө камынып жатат,— деди сабдал сакалдуу кары киши. Ал кайра: — Кире бериңиз, мейман,— деди, адеп сактап токтой калган Садыкка кол бөрүп.

Садык чемоданын бурчка койду да, плащын аның үстүнө таштап, анан көк эшикти шарт ачты.

Кең бөлмөнүн ичинде Алтын Жылдыз, депутаттык белгисин тагынган кызыл жүздүү, денеси чың Балтабаевдин көзүнө Садыктын көзү түшма-туш келе түштү. Ал урматтап кош колун узатты. Байдылла Балтабаев да ордунан туруп кол кысып, анан Садыкка жаңсап, орундук көрсөттү. Жанындагы мойну узун, арык адам-

га бир нерселерди айтып, айрым кагаздарга көз жүгүртүп, кээсине кол коюп, кайра таштап жатты.

Садык көптөн атын угуп жүргөн бул даңктуу адам бар болгону кырк жаштар чамасында эле: буудай ирең эки бетинен кан таамп, өңү да сулуу көрүндү. Анын токтоо кыймылы, бир аз коңур, өктөм үнү Садыкка орундуу, жагымдуу учурады.

Алиги мойну узун арык киши кагаздарын алып чыгып кеткен соң раис ордунан кичине копшулуп, терезе жакка бир жолу көз таштады да, кайра бери жүз буруп:

— Қоч, кулак сизде,— деди, саал жылмайган болуп, Садыктын көзүнө тигиле. Анын кичирээк саргыч көзүнүн тереңинен чыныгы дилин окуй албай, Садык саал шашып калды.

— Мени областтык айыл чарба башкармасы сиздерге жиберди эле. Садык дагы токтолуп калды. Раис кичирээк көздөрүн ирмебей Садыктын оозун тиктеп туруп, улап койду:

— Қош.

— Сиздерге иштөөгө...

Раистин кызыгуусу арта түштү.

— Экономист болуп иштөөгө жибериштн.

— М-м... Дурус... — Раис саал ойлонгондой, токтоло калып, анан кубаттай сүйлөдү. — Дурус, дурус... Бизде ушул убакка чейин экономист болгон эмес. Пландоо иштерин бухгалтерлер эле аткарышчу.

Экөө тең бир пас унчукпай калышты.

— Мурда каерде иштедиң эле? — Раис бул жолу «сен» деп сүйлөдү.

— Экономист болуп эч жерде иштей элекмин.

— Жаңы бүттүңбү?

— Көп болду.

— А кайда иштегенсиң?

— Армияда болдум.

Раис эмнегедир тегерете күмөндүү карады:

— Жашың нечеде?

— Жашым бир топ. Мен университетти бүткөн соң аскердик кадровой кызматка чакырылгамын. Алты жыл кызмат кылдым.

— Офицерсизби? — Ал негедир «сиз» деп калды.

— Ооба, ага лейтенантмын.

— Оо, бизге жаңы командир келип калган тура.

Балтабаев жарашыктуу жылмайды.

— Аялың барбы?

— Бар. Уулум да бар.

Раис жандана түшкөнсүдү.

— Үй маселесинде тынчсызданба. Кеңсеге жакын жерден табабыз. Бирок азыр эмес: мен шашылыш облastка жөнөп жатам. Бүгүн-эртең пахта терүүнүн милдеттенмесин толтурабыз. Ал эми теримдин планын болсо бир жума мурда толтурганбыз, аны уккандырсыңар?

— Албетте, уктум.

Балтабаев гаражга чалып, машинасын жөнөтүүнү эскертти. Ал өз кыялында азыр обкомдо Жанузаковдун, обкомдун биринчи секретарынын жанында олтурган абалын элестетти.

Садык өз ичинде Балтабаевдин таанылган ишмердигине ыраазы болуп, андан улам ичи жылып, өз келечегин, пландарын айтып жиберүүгө ашыкты.

Сырттан машинанын сигналы угулду.

Раис жөнөөгө камынып жатып, алиги арык-узун моюн немени кайра чакырды. Ал кирип келип, раистин жүзүнө кооптуу тиктеп, сөлдөйүп туруп калды.

— Тумалай, сөздү уккун: бул жигитти ээрчитип алгын да... Айтмакчы, атың ким эле? И, Садык... Садык Балбаковду Миңбай аксакалдын үйүнө ээрчитип баргын. Чал жаңы салынган үйүн Садыкка берсин. Мени ушундай деди деп айткын.

Раис шашылыш жөнөп кетти.

Садыктын көз алдына бир нече жылдардан кийинки сонун учурлары тартылды: анда ал диссертацияны коргоп, илимдин кандидаты болуп алган: жакындарынын, дос-жарынын кызуу куттуктоолору... Алардын ичинде Байдылда Балтабаевдин үнү өзгөчө бөлүнүп угулат.

* * *

Садык пахта талаасын жээктеген кыркар тыт жыгачтарынын астындагы жалгыз аяк жол менен ойлуу басып, ички таттуу ойлору менен бараткан. Жакын жерден күр эткен темир комбайынынын үнү анын көңүлүн өзүнө бурду. Ал Түштүк Кыргызстанда туулуп-өскөнү менен анын айылы тээ алыскы Арстанбапка жакын жердеги жаңгактуу токойлор арасында болчу, ошондуктан ал машина менен пахта терүүнү түк көргөн эмес. Азыр ал ошол күрүлдөгөн комбайнды көздөй басты.

Терим комбайынын айдаган жаш аял жөөктүн башынан бери бурган соң, комбайынын токтотуп, андан жеңил секирип түштү да, бир тетигин чукулап калды. Садык аялдын артынан келип, үнүн бийик чыгара салам айтты:

— Арбаңыз!

— Айтканыңыз келсин!— Аял кылчаң эте моюн бурду: башын бек бууган кызыл жоолугунан улам, ак жүзү саал нурланып, абдан сулуу жан көрүндү — кара каштары, кырдач мурду, өткүр кара көздөрү аны өзбек аялдарына жакындаштырат. Шамалдан бетинин оттору саал туурулуп, эриндери колдое түшкөнүнө карабай, эркек үчүн көзгө жакын. Анын кара комбинзону ар бир мүчөсүн белгилегендей, денесине жарашыктуу куюлушат. Аялдын гүлдөп турган жаш курагы, таптаза саламаттыгынан улам нурланган жүзү, аны өзүн курчаган ушул жаратылыштын, ушул түшүмдүү жердин бөлүнбөс бир бутакчасы кылып көрсөтөт.

Аял моторун өчүрүп, карамай болгон манчаларын керосин менен жууду да, эски чүпүрөк менен тазалап аарчынды. Анан четтеп турган Садыкты көздөй басты.

— Ушинтип терим да бүттү,— деп аял, алда качан башталган сөздү уланткандай сүйлөдү.

— Антиши абдан жакшы болбодубу. Минтип пландар да толуп... — Садык токтолуп калып сурады,— Кечиресиз, сиздин аты-жөнүңүз ким?

Аял «мени билбей кайдан жүргөн немесиң?» дегендей саал текебер кейиптене Садыкты баш-аягына тегерете тиктеди да, анан жактыра бербегендей айтты.

— Алима Кадырова...

— Жакшы, жакшы. — деп Садык өз жөн-жайын айткыча, Алима сөзүн улап кетти. Ал эрте жаздан кеч күзгө чейин түшүм үчүн кантип күрөшкөнүн, кандай кыйынчылыктар болгондугун — өзгөчө жазгы селде козолорун сууга жуудуруп ийип, аны кандайча тездик менен эгип, кайра калыбына келтиргендигин, дагы толуп жаткан агротехникалык эрежелерди, цифраларды шартылдатып жат айтып жатты.

А Садык болсо өз ичинен бүдөмүк ойлору менен алек болуп кетти: ал бул атты уккан, чөнтөгүнөн блокнотун сууруп алып, дагы да тактады. Бул колхозго жолкат алып жатканда бир топ белгилүү аттарды жазып да алган. «Ооба, ооба, дал өзү,— деп бекемдеди ал. — Алима Кадырова. Колхоздун маягы. Областтагы даңктанган теримчилердин бири». Областтын айыл чарба бөлүмүндө даңктуу раис Балтабаевдин атына кошуп ушул атты да аташкан.

Алима болсо жаттап алгандай жепжеңил сүйлөп жатат.

— Өз звеномо 30 гектар жер бекиттирип алгамын.

Жер семирткичтерди туура пайдаланууга өзгөчө маани берем. Буга кээ бирлер маани бербей, же ашыкча пайдаланып, зыянга учурашып алышат...

Алима мурунку жылдарда да кол менен пахта терип, сезондо 7—8,5 тоннага жеткирип жүргөндүгүн сыймыктануу менен белгилеп өттү, бирок да азыр сезондо терим комбайны менен 200 тоннага жеткирип жатканына салыштырганда, мурунку терим тырмак учундай аз экендигин күлө сүйлөп, баса белгилеп өттү. Анан:

— А сиз кайсы газетадансыз? — деп сурады.

— Жок, мен гезитчи эмесмин. Биерде иштейин деп келдим. Экономистмин...

— Мен гезитчилерден деп, сүйлөп жатпадымбы... — Алима каткырып күлө баштады.

Садык да күлүп жиберди.

— Эмне, гезитчилер көп келишеби?

Алима башын ийкеп коюп, дагы күлдү.

— Билбейм, бир кабарчы сүрөтчүсүн ээрчитип областтык кыргыз газитинен дейт, андан кийинкиси орус газетинеңмин десе, дагы бири республикалык гезиттен дейт. Аз келгенсип, радиодонбуз деп дагы бир-экөө келди. Тындырышпайт. Айтмакчы, эл жата эшигимди бирөө каккылайт. Дагы кабарчы. Райондук газетадан келиптир. Ачуум келди эле, бирок жашыраак бала экен, «Эже жолдо мотоциклим тыгылып, кечирээк келдим, номер токтоп турат, сиз жөнүндө бир-эки ооз бир неме жазып алып кетпесем, редактор теримди сыйрып алат» — деп жанымды койбойт. Азыр шартылдаткан сөздөрүмдү миң жолу кайталап айткандырмын!

Алар дагы күлүштү.

Садык колхоз бухгалтериясынын бир бөлмөсүнүн бир бурчундагы кичинекей столго ээ болду. Бир эски шкафты да ага жакын жылдырып беришти. Алиги узун моюн Тумалай менен — колхоздун акчасын кармаган кассири жайгашкан бөлмөгө бетме-бет отуруп калды. Анын тасарибинде дубал тиреген чоң-чоң болот сандыктары бар. Алардын кошоктошкон чоң ачкычтары чөнтөгүнө батпай, көбүнчө колунда болот. Дарбазасынын ичинен дагы бир темир тор дарбазасы бар. Кээде ошол темир тор дарбазасын ичтен ачалбай жатканда өзүнчө күңкүлдөп калат: «Кудай мени өмүр бою темир тордон куткарбас болдуң го» Садык бул сөздөрдүн терең маанисин билбейт да, билүүгө кызыкпайт да...

Тумалайдын дүйнөдөн аша кечкен жанча балит согүнүп, көп нерсеге тез эле кол шилтеген мүнөзүнө маашырланып, кокосу жарып чыкчудай чорчойгон арык тырыш мойнуна, саал кочкор тумшуктанган кызыл мурдуна, курчу кетип мокогондой бозомук көзүнө тигиле карап, Садык кээде күлүп коюп, сөз угуп үнсүз олтурат. Тумалай кара чийбаркыт пиджактын чөнтөгүндө кыркар турган калемдеринин бирин алып, ар кыл кагаздарга кол коет.

— Бул акча кай жакка кетти? — деп сурап калат Садык, бирөөлөр арбын акча алып кеткенде.

— Мен кайдан билем? — деп Тумалай боз чалгандай көзүн кыбың-кыбың ирмеп, Садыкка тигилип кайра сурайт.

Тумалай чын эле ушинтеби же калп эле кууланабы, Садык ажырата албайт:

— Кантип эле билбсйсиз? Акча сиздин колуңуздан чыгып атпайбы?

— Кызык экенсиң, буйрук бердиби, болду. Менин милдетим — төлөш. Бир керекке жумшайбы, өрттөп жибереби, менин ишим эмес.

Садык айласы кеткенде күлөт. Анан кайра сөз кошот:

— Колхоздун казынасынын соозун кармаган белдүү активсиз, анан кантип билбейсиз?

— Ээ, ука, биздин тартип аны сүйбөйт. Эсинде болсун: «Билем дедиң тутулдуң, билбейм дедиң кутулдуң». Бүгүн бу — абдан жакшы насаат...

Садык ойлонуп калып, анан сөз улады:

— Кызык насаат экен.

— Эй, үкам, сен каякта өскөнсүң?

— Арстанбапка жакын жерде.

— Ээ, ошондой. Асманы кең жерде дегин. Аскердик субординация дегенди билесинби, уккансыңбы?

Садык күлүп жиберди. Тумалайды мурда эптеп колкойгонго сабаты бар неме катары санап, өтө карапайым мамиле кылууга аракеттенген болучу. Бирок кийинки кездерде анын көп нерсе билерине, ар тараптан кенири кабары бар, ал турсун өзүнчө философиясы менен жашаган неме экенине күмөнсүбөй калды.

— Аскердик уставында ошондой жазылган да.

— Бул жерде башка дейсиңби?

— Колхоздун өз уставы бар. Колхоздун ар бир мүчөсү — колхоздун ээси.

— Ээ үкам... аны билем, кагазга көп нерселер жазылган. Бирок турмуш ал жазылгандай жүрсө го...

— Тумалай аке, ал эмне дегениңиз?

— Мен талашпайм. Жөн жүргөндү жакшы көрөм: «Билем дедиң тутулдуң, билбейм дедиң кутулдун».

Тумалай тешип чыкчудай чорчойгон кокосун титиретe, кулунча кишинеп күлүп да коет кээде. Бирок көбүнчө сөз сүйлөбөй тунжурай олтуруп, ички ою менен жашаган адам.

Садык ар нерсеге карата өзүнчө ишеними, өзүнчө көз карашы бар кишилерди жакшы көрөт. Тумалайды да жактырып калды, бирок анын философиясын тереңине жеткире түшүнө албады, өзү да аны бир тараптан кеңейтип түшүнүүгө аракет кылган жок. Бир-эки жолу сурап да көрдү эле, бирок ачык сөздөргө өтпөй койду.

— Ээ ука,— деди арык мойнун кылжың эттире,— жаш чагымда шумкар боломго деп болжогон элем. Кекилик алам, улар алам деп болжогомун. Бирок турмуш мени күйкө кылды, аз келгенсип, капас кылып койду түнөгүмө. Ошентип улар менен кекилик эмес, чычкан алып жегенге жарабай калдым. Каардуу замандар өтүп жатат го башыбыздан. — Тумалайдын мунусун тамаша катары кабыл алды, анткени чындыгынан тамашасы, какшыгы көбүрөөктөй көрүндү. Баарыдан мурда элпектиги, жумшак мүнөздүүлүгү көңүлүнө жумшак сезим туудуруп, Тумалайды чын жүрөктөн урматтап калды.

* * *

Тээ төмөнтөн жантая тийген күз күнүнүн алсыз нуру өчүп баратты. Райондун борборунан кан жарган көчөнү бойлото кыркаланган жалбыраксыз бопбоз мырза теректердин кылда учунда үрпөйүп кар күткөн ала каргалар отурушат.

Садык эң акыркы автобустан кала бербейин деп шашылып, автовокзалга карай ылдам басып келатты. «Пуп» эттире үн чыгарып, жандап токтой калган жеңил машинаны күңгүрт айнегинен кандайдыр кашкайып турган тиштерди көрө, эңкейип үңүлүп, кечээ күнү облasттык пахтакерлердин чогулушуна кеткендерден экендигин — Алима экендигин тааныды. Садык да күлүп жиберди.

— Кел, отуруң,— деди Алима баш ийкеп.

— Келдиңерби? — деди Садык.

— Келдик.

— Азыр эле газетадан сиздин сүйлөгөн сөзүңүздү окуп, Балтабаев экөөңүздөрдүн сүрөтүңүздөрдү көрдүм эле. Сонун... Сөзүңүз абдан көтөрүңкү чыгыптыр...

Алима кичирээк кара көздөрүн күлүндөтө ирмеп, аппак тиштерин кашкайта жылмайды.

— Жазып коюшкан экен, кооздоп окуп койдум да...

Садык аңкайып туруп калды.

— Бирге кетебиз. Раис да ушиерде,— деди Алима Садыктын көңүлүн буруп,— жүрүң, ашканадан чай-пай ичип жөнөйбүз.

Ашкананын төркү бөлмөсүндө кечээ булар менен кошо кеткен колхоздун парткомунун секретары мойну жыгжыйган семиз Черик, дагы бир-эки адамдар бар эле.

Раис көп кечикпей үч киши менен кирди: анын бири курсактуу чоң бет, экөө кител-шым кийген интелегент чалыш немелер көрүндү.

— Кайда жүрөсүң? — деди Байдылда Балтабаев.

Садык иш менен айыл чарба башкармасына келгендигин айта баштады эле, бирок раис тигилер менен алаксып, сөз аягын уккан да жок.

Черик официанткага жардамдашып, бир паста стол үстүн ар түрдүү тамакка, ичимдикке толтуруп жиберишти. Жанагы интелегент чалыштын бири ашказанынын ооруганын айтып, арак ичпей, коньяк ичерин билдирди. Алима болсо өзүнө алынып келинген шампанскийден бир стакандай эле ичип, калгандары ашканадан дууллдап чыгышты.

Колхозго кете турган раистин «ГАЗ — 69» машинасына сыгыла отурушуп жөнөп кетишти. Раис кээде уятту сөздөрдү кое бере, апендиден айтып, кыраан-каткы күлдүрүп, тынбай сүйлөп отурду. Садык кээ бир сөздөрдүн маңызына чейин түшүнбөй калып жаттыбы, иши кылып, раистикин каткырык менен улап кетишет. Кантсе да раистин шайырдыгына, ачыктыгына Садык ичинен ыраазы болуп, элден калбай оозун ачып күлө жүрүп отурду. Анын көзү электенип, башы эңги-деңги эле.

Ире-ширеде колхоз конторасына жетишти. Колхоз активдери баары күтүп отурушкан экен. Адат боюнча күн сайын кечинде конторага чогулуп, эртеңки иштер боюнча сүйлөшүп, анан тарап кетишет.

Сыртта кармалып баарынан кийин Байдылда Балтабаев киргенде, дуу тура калып, анан кайра олтурушту. Эч ким ооз ачып сөз кошкон жок, астыртан көз кыйыгы менен анын кабагын карашып, кантсе да бир нерсе айтышын күтүп турушту.

Раис акырын сүйлөп, чогулуш болуп өткөндүгүн үч-төрт мүнөт айтып түшүндүрдү. Анан унчукпай калды. Дагы дым болуп, тынчтык өкүм сүрө түштү.

— Кандай, мал-жан тынчпы? — деди раис кызылдуу сулуу жүзүн саал ооруксуна стулдун артына жөлөнө. Садык жылуу сезимде анын жүзүнөн көз албай, бурч жакта үнсүз олтурду.

— Тынч. Баары жакшы,— деди ар кай жерден үн чыгарып, анан бара-бара бака-шака сөзгө өтүштү.

— Баягы проект бекибей кайра келиптир,— деп бухгилтер жогортон келген бир кагазды таштады эле, Байдылда ачуусу келдиби, силкип жиберди.

— Сенин кылганың ошо. Мен ошондо эле айткамын.

Ал чегип жаткан папиросун печ жакка ыргытып, саал кабак чыта, үнсүз олтуруп калды. Эч ким сүйлөбөй дым боло түштү.

Анан малды чөп менен короолорго камыз кылуу, пахта талааларына кык чыгаруу, техниканын жазга карата ремонту жөнүндө сөз кетти. Мунун баарында Байдылданын бийликтүү үнү өкүм сүрүп турду: бирин жемеледи, экинчисин сөктү, үчүнчүсүн аягы менен тик тургузуп койду, дагы бирин кекетип-мокотту...

Мунун баарын биринчи көргөн Садыктын оозу ачылып калды. Бирок жамандыкка жоруган жок: аларды раистин ишмердүүлүгүнө, тыкандыгына, уюштуруучулугуна зордоп жоруду...

II

Садык бир жумадан ашыгыраак убакытка чейин колхоз мейманканасынын бир бөлмөсүндө жашап жүрүп калды: кароолчу ага эртели кеч чай кайнатып берип турду, бирок ал мындай турмуштан тез эле жадап кетти, анткени кечкисин окуп, жазып дегендей, иш кылууга шарты жок — башка бирөөлөр кошо түнөп калат, пайдасыз сөздөргө кулак төшөөгө аргасыз.

Анан ал анча-мынча үй эмеректерин таап Миңбай чалдын үйүнө көчүп келип алды.

— Той үстүнөн чыктың, оозуң салуулуу жигит экенсиң. Мына эки бөлмө, дализи менен. Үй-бүлөң чакан экен, кеңири жашай бересиң. — Чал ойлуу токтоло, ээгин кырланта кармалап-кокончо койдурган сакалын кашылап туруп сөз улады. — Азыр үйлөнүп жаткан небереме деп салдырганбыз. Жаңы келин бизге — кемпир чалга, бир-эки жыл кызмат көрсөтсүн, анан бөлүнсө деле болот.

Миңбай чал пайгамбардын жашынан өтүп кеткенине

карабай демдүү, эки бетинен каны тамган, кыймыл-аракети да тың адам экен.

— Мына бу бизден ылдыйкы коргон,— деди Миңбай өскүлөң ак кашын төмөн серпе жаңсап,— менин уулум Мусаныкы. Уулу улан, кызы жубан дегендей, очор-бачар болуп калган.

Садык кара сакал Мусаны көргөн конторадан, бир аз сүйлөшүп да калган.

Миңбай чал Садыктын ички оюн бузуп жиберди.

— Неберенин тоюн ушинтип шашылыш баштап калдык, болбосо жазга болжогон элек.

— Өткөрүп ийгениңер жакшы. Ак ниет иш бүтүп кетет.

— Антпеске болбой калды.— Миңбай бир чекиттен ойлуу көз албай калып, анан сөз улады,— илгери энесинин төрүндө кыз боозуптур десе, азат боюң тик турар эле.

Миңбай унчукпай калды. Буга анча түшүнө бербеген Садык да кеп кошпой, өз жагдайын күтүп турду.

— Эмки жаштар талаа-түздө бирге иштеп жүрүшөт эмеспи. Бир жагынан аларды түшүнүп да болбойт.

Азыр үйлөнүп жаткан Ысабек — Мусанын уулу, бирок чоң атасы Миңбайдын колунда өсүп, анын көкүрөк уулу болуп калган.

— Мейли эсен болсун. Бирин-бири жактырып, ушул ишти кылгандыр. Ак тойду баштап ийдик, Садык уулум.

— Абдан жакшы болгон экен, аксакал.

Анан алар сырткы бөлмөдөгү кооз чарпаяда чай ичип олтурушту.

Миңбай чайдан соң базир сурап, чыгып кетти.

Мусаныкы деген короодон дуу-дуу, кээде катындардын күлкүлөрү, кээде жаш балдардын жаң-жуңдары, алардан үзүндүлөнүп комуз күүнүн кайрыктары угулат. Мунун өзү негедир Садыктын кыргыздык көңүлүнө тийип өтүп, көп жылдар бою унут болгон жакшы наристе сезимин козгоп, эне жытындай жакын сезилди. Эми эс тарта баштаган учурларындагы тамгадай басылып эсинде калган айрым учурлар ушунчалык жаңы, ушунчалык табигый болуп, көз алдына жылт этип тартыла берди. Садык атасынын атына учкашып, кээде апасы менен кошо катындардын бака-шакасына аралаша, тээ алыскы айылдагыларды тойлорго барчу. Ал учурлардын жаркыраган ар бир кичинекей үзүндүсү алда качан унутулган кымбат сезүүлөрүн ойготту. Садыктын кыялы чабыттап, капкайдагыларга кетти чарпылып.

— Куш боо бек болсун,— деди Садык жылмайып, салам айта кол узатып, мандай жагына олтуруп калган өспүрүмдөр менен таанышкан соң.

— Ыракмат аке,— деп Ысабек саал кымсынды.

— Колуктундун аты ким? Же али биле элексиңби?— деп тамашалады.

— Аты — Шайыр... Тиги өйүздөгү айылдан.

— Оо, Шайыр деген сонун аты бар тура. Шайыр. Шайыр. — Бир ирмем токтоло түшүштү. — Жакшы, инилерим, кана комузунду кимиңер чертесиңер? — деди Садык.

— Ушу чертет,— деп Камилжан Ысабекти көрсөттү.

— Жоок,— деп чочуп кетти Ысабек,— черткен бала төмөн кетти.

— А сенчи? — деди Садык узун моюн Камилжанга.

— Атасы Мамажан-Бува дутар чертет. Өзү же кыргызча, же өзбекче черткенди билбей калган,— деди Ысабек курбусу болуу менен бирге, бир тууган карындашы Рабияны жактырарын, келечекте күйөө баласы да болуп калышы мүмкүн экендигин Ысабек жакшы билет.

— И? — деди Садык түшүнө бербей.

— Мен өзбекмин да,— деди Камилжан дагы кыргызча так сүйлөп.

Ысабек комузду дың-дың күүлөп бир топ чертти. Бирок жаңы үйрөнчүк экенин Садык тигинин комузу «дың» эткенде эле түшүндү.

Үчөө бир дем унчугушпай калышты.

Ушул учурда Садык өзүнүн бир кездерде дурус эле комуз чертерин, шаңшытып жаман эмес ырдарын эстеди. Садык да ушундай балдардай, балким, булардан да жашыраак өспүрүм болчу. Дал ошондон тарта комуз чертүүнү да, ырдоону да таштап жибергендигин терең өкүнүч менен ойона алып, Арстанбапка жакын жердеги кыштакты, андагы мектепте иштеген учурларын эсине түшүрүп, андан улам ичи эңшерилип, жүрөгү кысылыңкы тартты. Аларды ойлобоого аракеттенди комузду алып чертип көргүсү келди. Ошентсе эле көөдөнүн сал кыскан абалы жок болуп кете тургансыды. Бирок комузду сурап алган жок.

Комузду Садык окуп жүргөн жылдарында да колго алып көргөн, жатаканада бирге турган балдардын комузун зериккенде акырын кыңгыратуучу. Бирок, комуздун көкүрөккө муң кошкондой күңгүрөнгөн мундуу үнү анын алда качан өчкөн сезимдерин кайра ойготуп, күтүүсүз бир абалдарга дуушар кылып жибергенсүүчү.

Садык ошол учурларын эстеди. Жанында отурган эки өспүрүмдөн өзүнүн мындан он жылдан ашыгыраак мезгилдеги жаштыгын көрдү, андан улам көңүлү ноюп, ичтен чөгүп олтурду. Ошон үчүн өспүрүмдөр менен сөзү бутактанбай да койду.

«Дың-дың-дың».... Садык комузду жай күүлөдү. Анан адаттагыдай беш манжасы менен шартылдата чертпей, сөөмөй учунда акырын бир-эки кылды илип тарта, кээде мүдүрүлгөндөй кайруудан жаңылып кетип атып, алда качан чертип көргөн басаң, бир мундуу созулуңку кайрыды. Сөөмөйү илип тарткан сайын тепкенин артынан куткунду билек менен басып, кылдарды титирете озондотуп, кубулжуңку мундуу үн чыгарды.

Күү бара-бара темп алып күчөп баратты.

Ысабек өзүн унуткандай үнсүз катып турду. Зор кайгы күүсү эле. «Көкөй кести» деди Ысабек өз ичинен. Бирок андан да айырмасы бар экенин бара-бара ажыратты.

Садык көпкө чейин чертип, анан комузун дубалга жөлөп койду.

Дым болуп турушту, эч ким үн кошкон жок.

Көптөн кийин өспүрүмдөр чыгып кетишти.

Садык болсо бөлмөдө жалгыз калды.

* * *

Ички сезими козголуудан улам түн терендеп кеткенде араң уктаган Садык кеч ойгонду.

Конторага барган соң, өз ишине киришүүдөн мурда аялына кат жазды:

«Айнура! Мен кечигип кат жазып отурам, шарт ушундай болуп калды. Эң башкысы — иштин баары ойдогудай. Мен силерди эмитен сагынып калдым, айрыкча, Саматымды. Ал папам качан келет деп сенин тынчыңды алып жаткандыр. Андан кем эмес өзүң да. Бирок айла жок, али-бери жүз көрүшө албайбыз. Иштер ушунчалык зык. Колхоздун чарбалык жыйынтык чогулушуна чейин алдыдагы жылдык өндүрүштүк планды түзүп бүтүүм керек.

Айнура, мен абдан кубанычтамын, анткени самагандай жерге туш келдим. Колхоз областтагы оозго алынган чарбалардын бири экен. Даңктуу кишилери көп. Бир перселер үйрөнүүгө, көз ачылууга болотко деп умуттонөм. Сен ойлочу, менин максатым ушул эмес беле?

Айтмакчы, жазга чейин тура турууга бироонүн жаңы бүткөн үйүн алып беришти. Ээлери жаман кишилер көрүнбөйт.

Сен эми бошонуу жөнүндө сүйлөшө бер. Мында он койкалык стационардык ооруканасы менен медпункту бар экен, врачы менен сүйлөштүм, байкаштырып көрөрбүз деп калды. Кыскасы, кайсы убакка үлгүрүп келсең да орун болуп калчудай.

Нюра, Саматты көп ыйлатпа, жаным. Анын эки бетинен өп.

Садык 19.. жыл».

* * *

Кийинки бир нече күндө Садык колхоздун экономикасы менен таанышты. Айрым маселелердин жөн-жайын такташ үчүн райондук айыл чарба башкармасында болуп, башкы экономист менен бир нече жолу кеңешип, консультациялар алды.

Садыктын алдындагы эң оор иш — колхоздун технологиялык картасынын негизинде жылдык өндүрүштүк планды түзүп алуу.

Эми Садык өз ишине белсенип киришип кетти. Ал анын эң жооптуу экенин билет, анткени, экономист колхоздун мээси болушу керек... Эртеңкиге карата туура жүргүзүлгөн экономикалык расчеттор аркылуу гана колхоз ишенимдүү жогорулап жүрө алышы мүмкүн. Ансыз сокурларча иштей берген иште чарба бирде дөңгө чыкса, бирде паска түшүп кетиши мүмкүн. Андан калса экономист өндүрүштүк пландарды гана түзбөй, ар бир иштин аякталышы менен расчотторду жыйынтыктап, кетирилген каталыктар болсо бетин ачып, анын дагы кайталанбасы үчүн алдын ала эскертүү чараларын иштейт. Агроном, зоотехник, инженер механик сыяктуу колхоз адистери менен бирдикте пахтачылыктагы түшүмдүүлүктү, мал чарбачылыктагы малдын башын арттыруу, азык-түлүгүн көтөрүүнүн көп жылдык перспективаларын изденет. Адамдардын өндүрүшкө коомдук мамилелерин изилдейт, аны тартиптештирүүнүн жолдорун табат...

Экономисттин үлүшүнө мына ушундай маанилүү иштер туура келеринө карабастан, колхоздун ушул убакка чейин экономисти жок болчу.

Башкы бухгалтердин бөлмөсүнөн берки чоң бөлмөдөгү алтоо да бухгалтерлер: бири расчет боюнча, экинчиси инвентарь үчүнчүсү механизация, төртүнчүсү мал боюнча, андан кийинкиси дагы-дагы башка тармактар боюнча. Ал эми алардын улагасындагы бурчта олтурган

жалгыз стол экономистики — Садыктыкы. Өнөр жай ишканаларында болсо, саны жагынан бухгалтерлерден кем эмес экономисттер иштешет, аларга иш табышмак турсун башынан ашат.

Областтык айыл чарба башкармасынын бул колхозго жол кат алып жүргөндө, «колхоз мени албай койду» деп жүргөн жаш адистерди көрүп, «тим эле барган жер көңүлүнө жакпай калды, ошого шылтоо менен башка жакка баргысы келген немелерге го» деп ойлогон эле. Ал эми бүгүн болсо, чын эле айрым колхоздор экономистти ашыкбаш, кыларга иши жок катары эсептеп, албай койгонуна да күмөнсүбөй калды. Бул маселелер үстүнөн ал кийинки күндөрдө көп ойлончу болду, анткени, колхоз башкармасынын оюна койсо, Садыкты колхоз чечимдерин, сводкаларын райондук айыл чарба башкармасына жеткирүүчү, андан алардын чечимдерин, кагаздарын колхозго ташып жүрүүчү жетим жүгүрүккө айлантып алып, ал эми өз ишинен четтеп кеткендиги менен эч кимдин иши болор эместей, Садыктын андай маанилүү, аны ойлонтор издентер иши барбы? Же ошентип иштей берсе деле болобу?

«Жок,— дейт Садык бекем чечимге келип,— мен өз ишимди иштешим керек».

Күн өткөн сайын Садык бул маселелер жөнүндө көп ойлонууга мажбур боло берди.

III

Бозуланов биринчи кар түшкөндө келди. Фермага алар кар бороондоп жаап турганда атчан барышты — үчөө тең атчан болучу, эң алдында раис Байдылда Балтабаев: кара куйрук, кара жал тору айгырдын үстүндө сөөктүү кара жүзүн калдайтып парткомдун биринчи секретары Бозуланов Токтор: эң артында үстү-үстүнө теминип Садык. Колоттордон Фермага жакындай берген кезде олоң кар аттын колоңсосуна чаба берди. Кыраң жолду ашып эңкейгенде кең өрөөн көзгө тартылып, колхоздун мал кыштоолору карарып жатты ар кай жерде.

Алар эң алды менен саан уйлар турган стандарттуу имараттын алдына түшүштү. Алдыларынан утурлап эң биринчи болуп жүзү кара көк тартып, өзү томолонуп секирген пакене парторг Черик Чокоев чыкты — жаш баладай кубанычтуу күлүп, Бозулановдун атын жылоодон алды.

— Сен ушиердесиңби? — деп Бозуланов өзүнүн белкурчоосунан саал эле өйдө келген пакене парторгга калдайган сөөктүү жүзүн бурду. Анан башка бейтааныш адамдарга салам айтты.

— Коммунисттер ар бир мал короого бекитилген, парторг эң жооптуу участкада — саан уйларда,— деди раис алдын ала Бозулановго түшүндүрүп,— кыйналганыңыз жокпу?

Байдылда сулуу жүзүнө жарашкан жылмаюу менен күлүп койду.

Мойну жок эле ийнине башын жабыштыргандай жыкжыйган Чокоев баштап сарайга кириштп. Сарай ичи таза, тартиптүү болчу. Эки катар уй байланып, алардын ар-бири чабыра менен бөлүнүп, ар бирине өзүнчө акур, акурдун маңдайында суу иче турган тепши — керек болгондо уй тепшинин ортосундагы кичинекей жалпак темирди мурду менен басса, шаркырап суу куюлуп, тепши толо чыгат. Уйлардын алды такта пол — алардын үстүнө да жука кылып топон себилген. Сарайдын ортосу менен жүргүзүлгөн вагонеткалар аркылуу алардын кыктары уламкысы улам сыртка чыгарылып турат. Ар бир уйдун тушунда электр лампочкалары.

Бозуланов иштин мынчалык жакшылыгына, тартиптүүлүгүнө аябай ыраазы болду. Ал улам бир көрүнүштү, уйлардын багылыш шарттарынын аки-чүкүсүнө чейин сурап жатты.

Элтеңдеген шашма завферма улам жаңылышып, жооп бере албай кызара түшкөндө, Бозуланов токтоосуз өзү айтып берип, ар бир мүмкүнчүлүк сайын өзүнүн зоотехникалык билимин белгилей кетүүнү унуткан жок.

Анын кесиби боюнча зоотехник экенин Садык Балбаков кечинде эле билген.

Ар бир уйдун маңдайында табель китепчеси илиний турган болчу: анда уйдун кличкасы, жашы, качан букадан качкандыгы, өткөн жылдагы, андан аркы жылдагы саалып алынган сүтүнүн өлчөмдөрү жазылган. Дагы бир барагында уйга бериле турган тоюттардын рациону көрсөтүлгөн.

Жай баракат гана кепшеп жаткан шаа мүйүз күрөң уйду Бозуланов тегерете карап турду да, жонунан акырын таптап тургузду. Күрөң уй эки капталын саландата ордунан туруп, мурдун чүйрө керилип, күшүлдөп койду. Аның жамбашындагы сарала болуп калган азыраак чыланы Бозуланов артында ээрчитип жүргөн кырдач мурун жаш келин Зыйнатка көрсөттү. Аял бечара кы-

зарып уяла түшүп, мандай жаккы бурчта турган ящиктен щетке ылатаны алып сүртүп тазалай баштады.

Сарай ичинде ар кандай ураандар, схемалар жазылып илинип коюлган эле: «Бардык мүмкүнчүлүктү милдеттенмени аткарууга жумшайбыз!», «Белгиленген план — биздин максат!»

Байдылда Балтабаев жылмайышынан жазган жок.

— Биздин жаңыдан жанып келаткан маяк, тааныштып коюңуз,— деди Бозуланово алиги кырдач мурун жаш келинди тааныштырып,— Зыйнат Закирова!

— О, абдан жакшы. Өзүңүздү билбесем да, атыңызды эң жакшы билем. Сиз сүт саап алуунун өлчөмү жагынан, жаңылбасам, райондо үчүнчү орундасыз, Зыйнат! — деди Бозуланов өзүнүн так билгенин баса айтып,— кана, иштериңиз кандай?

Кырдач мурун Зыйнат кызарып уялып кетти, анан сөзүнөн мүдүрүлө түшүп, саап алган сүтүнүн өлчөмдөрүн айта баштады.

— Быйыл да убадаңыздай болобу?

— Албетте, колдон келишинче аракеттенебиз.

Анан Бозуланов менен Балтабаев улам жаңы малчы, саанчы менен сүйлөшүп, нарылап басышты.

Күн мурун келип, бардык ишти тартиптештирип жүргөн парторг Чокоев тигилерди бир чыныдан чай ичип алууга чакырды.

— Саан уйлардын багылышы жакшы экен. Дурус, дурус... — деди Бозуланов жаңы салынган бул кооз жана жайлуу сарайды дагы бир жолу тегерете карап.

— Быйыл сүт планын эң кеми 120—130 процентке жеткиребиз деген үмүт бар. — Раис саал сыймыктуу унчукту.

— Ал турган сөз,— деди таш мылтыктай чыккан үнү менен парторг.

Бозуланов тактадан олдоксон сомдолуп, бир жагына саал кыңырайган эшикке коопсуңгандай акырын аттап кирди, кемегенин жанында турган алиги кырдач мурун саанчы Зыйнат райымдуу кабыл алды. Сандалдын төр жагында суук тийип көк маңкасы саал башбаккан жарым жылаңач 5—6 жашар бала баш чыгарып, нан чайнап отурат. Андан кичирээк экинчиси кемегеге толтура басылган кашектин табына кактанып, тарсайган курсагын кызыл-ала чыт кылып, кирген кишилерден саал чочуркап үнсүз үтүрөйдү.

Үй бир гана бөлмө болучу: паксалап урулган дубалы шыбалган да эмес эле, бир кезде мал байланса ке-

рек, төр жактан кык чыгарган тешигине кашектен тыгып бекемдеп коюптур. Бийигирээк орнотулган кичирээк төрт көз терезенин эки көзүн эки каттап газета чаптаптыр. Жерге пакал төшөлүп, үстүнөн таар салынган.

Баятан казанда бүлкүлдөп бышып турган тооктун эти коюлду дасторконго. Бозуланов оокатка анча көңүлдөнбөгөнсүп, тооктун бир санын акырын чымчып алып, эрдине тийгизбей этияттай тиштеп жей баштады.

— Катуу суук болуп турат,— деди пакене Черик чөнтөгүнөн бир бутылканы ала коюп, көчүк талаштыра лүк эттире бир коюп.

Садык түз сөз кошкон жок. Ал тетиги балдар жөнүндө, Зыйнат жөнүндө, анын иши жөнүндө, алиги шаа мүйүз үй жөнүндө ойлоду...

— Зыйнат, сен быйыл райондогу маяк саанчылардын көбүн басып өтүшүң керек,— деди Балтабаев тооктун жилигин мүлжүп жатып.

— Ким билет, эми аракеттенебиз,— деди Зыйнат кызара түшкөндө кырдач мурун, ак жуумал жүзү сулуу болуп.

— Жетесиң. Куп болот деп кое бербейсиңби? Эсен болсок көпкө жетесиң,— деди Байдылда ийгиликтин ачкычы өз колунда экенинен кабар бергенсип...

— Аракеттен, Зыйнат, сени биз маяк деп тааныйлы,— деди чыгып баратып Бозуланов, бул бөлмөдөн тез кетүүгө ашыккандай.

IV

Садык эки сааттан ашык атчан белестер ашып ура жүрүп, салаа-салаа болуп суналып жаткан кең адырдын арасындагы өзүнө тааныш Төлбергенов Аттокур чабан болуп иштеген кой короолоруна жетти. Улам сээлдеп, кайра жаап турган суу кардан улам, жолдор тоңбой, Садык минген чабал тору колот өрдөгөн баткак жолдо буттарын араң тартып баратты.

Төлбергенов Аттокур азыр республикага чейин тааныльган чабан. Садык жол бою ушул шашмалап сүйлөгөн кызыл бет, жапалдаш чабан жөнүндө эстеп, эки ууртун эки кулагына жеткире жылмайышын көз алдына келтире, андан улам анын ишин, анын бактысы жөнүндө ар кандай ойлорго аралашып келе берди.

Короодо туутка байланыштуу бөлүнгөн сакмалчылар, дагы бир топ жардамга жиберилген адамдар бар эле: айрымдары сарайдын төркү жагындагы кашаада турган

желини жеткен койлорго чөп чачып, жаңы туугандарын бөлүп, баласын жериген айрымдарын зордоп кемечке алып козусун жагызып, дагы бир нече аялдар кара желин тууган, энесинен сүт чыкпаган козуларга упчу менен сүт берип убараланышып, короо ичинде кым-куут иш убагы экен.

— Кел, карап турба. Сен коммунист бекитилип келдиң, эми короодо чыгым болбойт,— деди баткак кече, кыйыктанган койду тартып келаткан Тумалай адатынча какшыктап. Ал тебетейин колуна ала койгондо соксойгон үшкү башынан көк булоо көтөрүлүп турду.

Садык Тумалайдын кер какшыгына көңүл бербей, короо ичин тегерете карап, өз ичинде али чилденин чыгып-чыга элек катаал учурунда туура келген туут кампаниясынын маңызына анча түшүнө бербей, өзүнчө ойлонуп, дендароо туруп калды.

Садыктын үлүшүнө койчу Шалпыкка тике жардамдашуу тийди.

Бир бетин кагын алып карарып кеткен Кара дөбөнүн боорунда койлор өтө чачкын жайылып, койчунун элеси тээ кырандан көрүндү. Садык түз эле койчуга бармак болуп тике салды эле, астынан тоң али кетпей, жамгырдан бети шылбыраң боло түшкөн сыйрылмада ат тайгаланып баса албады. Дөбөнүн тескей тарабына айланып, ойку-кайкы кайрып, кармалтатып отуруп, койчунун арт тарабынан чыкты. Зоңкол таштын түбүндө эңиле коңкоңдоп убараланган ташбакадай жалпак койчу Шалпык Садыкты байкабай калды, салам айтканда гана баш көтөрүп, кемтик тиштерин көрсөтө жылмайып алик алды. Улам токтоп, кайра жааган жамгырдан улам кыска чапаны, кара тебетейи сыгып алма суу болуп, чылгый соору чокою бөлбүрөп кеңип, өзүнүн өңү кыйналыңкы эле. Ага карабай, колтугундагы кичинекей приёмнигин чукулап жатты.

— Э кокуй, чепкенсиз чыкканың кандай жаанда?

— Эки кой тууп коюп,— деди Шалпык мурдун шор тартып, зоңкол таштын арт жагына үңүлө эңилип. Ошондо гана Садык атын темине таш артына өтүп, Шалпык чоң чепкенине баштарын чыгара ороп койгон телчиге элек кызыл эт козуну көрдү.

— Бу кандай,— деди Садык чочуп,— туба турган койлорду короодо калтырбайсыңарбы?

— Желини жетилгендерин калтырабыз. Кээси ушинтип кара желин туул коерун ким билсин?..

— Энелери кайда?

— Тигине, жайылып кетти.

— Эмизбейсиңби?

— Желини болбосо балесин эмизесизби? — Шалпык колдур сүйлөп, кетик тишин көрсөтө күлдү. Колтугундагы приёмнигин чукулады:

— Аттокур... Аттокур азыр сүйлөйт.

Диктор: «С. районунун «Ак-Таш» колхозунун атактуу чабаны Аттокур Төлөбергеновдун малчылардын кеңешмесинде чыгып сүйлөгөн сөзүнө көңүлүңүздөрдү бурабыз» — деди.

— Жолдоштор! — деди ал, анан үнү саал үзүлө түшүп кайра чыкты, жазып алганын араң окуганы билинип турду. — Октябрь революциясына чейин кыргыз эли артта калып, эзилип келген эл болчу. Айыл чарбасы да өнүгө алган эмес. Негизги чарба болуп эсептелген мал байлардын колунда эле. Жутчулук жылдарында мал кырылып, кыйынчылыктардын баары бей-бечаралардын башына түшкөн. — Ал улам ары жагын кыйналып окуп, онтолоосу күчөдү. Кээ бир узун сүйлөмдөрдү ал эки-үч бөлүп айтып, ошондон улам таптакыр түшүнүксүз болуп калып жатты. — Менин короолорум толук бойдон жүйүр төлдөтүүгө өтүшкөн. Эки жылдын ичинде мен ар бир жүз тубар койдон 402ден козу алууга жеттиштим. Жүйүр төлдөтүүнү дагы жакшылап өздөштүрүш үчүн өз короолорумда бардык мүмкүнчүлүктөрдү, бардык чараларды пайдаланып жатам...

Дүркүрөгөн кол чабуулар угулду. Кийими сыгып алма суу болуп, жаагынан түгү чыгып чыйрыккан Шалпык копол үн чыгара сүрөп, манчалары колдоюп бүкүр көрүнгөн чоң колдорун талп-талп эттире чаап, жаш баладай кубанып кубаттады.

— Азамат, азамат Аттокур... — Анын жеке кубанычы өзүн апкаарытып жиберди.

Садык да ыраазы болду ичинен: «Жүз койдон эки жылда төрт жүздөн ашуун козу... укмуш... Мындан артык натыйжа болушу мүмкүнбү?..» Ал көңүлүн аралап кеткен жылуу сезим менен ичтен кыялдуу турду.

Садык Шалпыктын кем сүйлөгөн жоош мүнөзүн, эч нерсени ойго алып кайгы тарта бербес жаш баладай жумшак кыялдуулугун абдан жакшы көрүп калды.

Шыбыргактап жааган жамгыр алдында Шалпык өткөн-кеткенди сурап кыраңдагы зоңкок таштын жанында көпкө турушту. Салмактана самсаалаган кара булуттар бийик чокуларды ным боору менен жаныш, жай жылып өтүп жатышты.

Шалпык төрттү бүткөн соң балдар менен шаарга кетип, интернатка киргенин айтты акырын сүйлөп. Кийин атасы базарга түшкөндө Шалпык окуган жерге барат. Эшик алдынан ууруп-чууруп чыгып жаткан окуучуларды көрүп, «Ушунун баары окуп чоң болсо, анда букарасы ким болот? Кой, балам, сен букарасы эле бол, жүр»,— дейт. Шалпык жатаканасындагы майда-чүйдөсүнө да кайрылбай, атасы менен кошо жөнөп баса берет. Ошондо кадиксиз туура чечимге келгенине эч күмөнсүбөй Шалпык жоош жылмайып койду.

Шалпыктын жаагынын түгү узара түшкөндөй көрүндү Садыкка.

Үйгө келишти.

Шалпык суу болгон чулгоолорун кемегенин отуна калап, баятан үнсүз.

— Шалпык, айтчы, кантип өлүп жатат? — деди Садык.

— Жыгылып өлүп жатат.

Садыктын кыжыры келип кетти:

— Тамашаңды койчу, айланайын.

Шалпык жүзүндөгү жоош жылмаюу сиңирип жоопберди.

— Арык, көрүп атпайсыңбы?

— Жайлоого чыктыңар, жакага түштүңөр, дагы эле арык. Түшүнбөйм.

Шалпык Садыктын жүзүнө суз карап туруп, орой унчукту:

— Дагы биз айыптуубуз. Сен эки жылда үч жолу тууп көрчү, өлбөгөнүңдү көрөйүн?

Садыкты бул катуу сөз кыжырданткан жок, тетирисинче, күтүүсүз жерден көңүлү ошого бөлүндү болду.

— Башкалардыкы тим эле, сеники ошентип калабы?

— Башкалардыкын билбейм, мениki ошондон. Жүйүр төлдөтүү. Жүйүр төлдөттүү дешет да...

— Зоотехника илими сага эмне?..

Шалпык аны сөзүн бүтүрбөй унчукту:

— Билем мен зоотехнигиндин кылар ишин.

— Андай болсо эмне үчүн зоотехниктер, койчулар өздөрү мактап жүрүшөт?

— Мактабай көрсүнчү көрөйүн,— деди баятан уктагандай кыймылсыз жаткан Тумалай чукул баш көтөрүп,— үч жолу туудур дедиби жогортон, эки жылда үч жолу туудурабыз. Башкача кыл дедиби, кылабыз. Жок, мындай болот дебейбиз: «Куп дебесең тутулдуң, куп дединби кутулдуң».

— Қойсоңчу Тумалай аке, бул жерде чирик философиянын тамашасы керек эмес.

— Айланайын,— деди Тумалай ордунан туруп олтуруп,— ишенбесең талашпайм. Буудайды токтот, жүгөрү эк десе эгип атабыз, экпей койбойбуз. — Тумалай бозоргон кичирээк көзүн кыбың-кыбың ирмеп, бир топко үнсүз туруп калды.

Тумалайдын мындай кайдыгерлигине Садыктын ичинен кыжыры ташып, бирок өзүн араң токтотуп, тиштенип ойлуу турду: ушу турушунда ал талашуу керек экенин, айтууга боло тургандыгын, көп далилдер менен Тумалайды ишендиргиси, ошону менен аны жеңилишке учураткысы келди, бирок анте албады. Азыркы учурда ушундай абалдын баарына Тумалай айыптуудай, ал болбосо да, аныкы сыяктуу кайдыгерлик — адамдагы кайдыгерлик күнөөкөр экендигине өз көңүлүндө талашсыз ишенип, кыжыры ташып турду. Садык андай салкындыкка каршы азыр ар кандай кадамга барууга даяр сыяктуу эле. Анын бул абалын сезе койгондой, Тумалай да түк жаңыртып үн кошпой койду.

Бөлмө ичинде бир паска кулак-мурун кескендей мокок тынчтык өкүм сүрдү.

Садык кемегедеги жалындан улам кызгылт тартып нурлангансып көрүнгөн Шалпыктын жоош жүзүнө карап, анын өзүнө окшогон жоош, бир айырмасы узун бойлуу, арык Бүбүкан деген иштерман аялын, чоочуркап такыр кишиге жакын келбеген үч баласын эстеди. Алар жөнүндө бир түрдүү ойго кетип, бир топко үнсүз отурду.

— Э Шаке,— деди ал Шалпыкты эркелете сүйлөп,— Аттокур менен качантан бери бирге иштейсиң?

— Он жылдан бери...

Садык андан ары көпкө чейин суроо берген жок аз сөздүү Шалпык да үн катпады.

— Экөөңүн коюңар жайы-кышы жанаша жүрөт, шартыңар бирдей, а эмне үчүн иш натыйжаңар бирдей эмес?

— Кандай бирдей эмес? Бирдей болбосо, ал мени койчу кылып алып жүрөр беле?

— Кайдан бирдей? Аттокур ар бир койдон 4 килограммдан жүн кыркып алыптыр, а сен болсо 2,5 килограммдан, ар жүз тубар койдон ал 165—180 ден козу алыптыр, а сен болсо 100—105 тен козу.

— Мен дайым козу багам. Үч кыштан өткөндө бүт коюмду ага өткөрүп берем. Ошентсе анан жүн, төл анда көп болбой, кимде көп болот?

Шалпык кетик тиштерин көрсөтө күлүп койду.

— Эмне үчүн андай? — деди Садык түшүнө бербей.

Шалпык корс этип копол күлүп коюп сөз улады:

— Анын ордени бар.

— Орденге сенин акың жокпу?

Шалпык биринчи жолу сестее түшүп, кайра оозу бошураак унчукту:

— Ал чабан да.

— Кызык. Чабан болсо эле, азабын койчулар тартып, асылын чабан көрүш керекпи?

— Тартип ошондой болсо керек, кантурда ошондой чечишет го.

— Ал кандай тендемечилик? Ар ким мүмкүнчүлүгүнө жараша иштейт, эмгегине жараша алат деген социалисттик принцип бар.

Шалпык бул маселелерге акылы жетип түшүнө бербей, ошондон улам эч нерсе айта да албай, жер карап туруп калды.

— Ээ,— деди Тумалай сөзгө аралашып,— Садык асмандан түшө калгандай сүйлөйсүң да. Тартип ушундай болуп калган да.

— Андай тартип жок.

— Жок экенин мен да билем, бирок турмуш агымы бир башка эмеспи.

— Андай агым жок, Тумалай аке.

— Талашпайм.

— Тумалай, өкмөт бар, анын саясаты бар, өкмөттүк саясатты жүргүзүүчүлөр бар. Муну ажырата билүү керек.

Тумалай чыдай албай, кайра сөзгө аралашты.

— Албетте, бирок бийликти ким жүргүзсө, чындык ошонуку. Бир нерсе десең, айыптуу болосуң. Чоңдор акылдуусунгандарды жакшы көрбөйт.

— Туура эмес, Тумалай аке. Алигидей адилетсиздиктер да дал ошондон чыгып жатат. Беш-алты жан адам кара жанын карч уруп иштесе, үзүрүн бир адам көрсө... Болгондо да чогулуштан чогулушка кетсе, анан мында болсо да, жем-чөптүн камын көргөн болуп чаап жүргөн атка минер киши көрсө... Бул маселеде кайдыгер калууга жарабайт.

— Э Садык, бир адамдын үнү кайда жетмек эле.

— Жетиш керек. Ар бир адамдыкы жетиш керек.

— «Бегиче жеткиче белиң сынат» деген элдин сөзүн уккансыңбы, үкам!

— Аныңыз эски, Тумалай аке.

— Болуптур... болуптур, үкам. Мен талашпайм... — Тумалай эми дубал жакка жүздөмүнөн жатып алды да, ошол бойдон түк үн катпай койду.

Шалпык көрпө ичигин жамынып, сыртка кетти — ал чавранын түбүндөгү жыгач чарпаяга жатты.

Садык болсо көпкө чейин уктаган жок. Башына мурда таптакыр түшпөгөн нерселер түштү...

V

Садык койчуларда бир аптадай болду, алар менен эми коюн-колтук алышып калган ченде, «токтоосуз түшүп келсин» деген кабар жетти. Түкүрүп качкыдай болгон Тумалай арга жоктон көзү кыбың-кыбың эттирип кала берди.

Ошол эле күнү кечке жуук чарбанын алдыңкылары, колхоздун жетекчи активдери жана адистер кошулуп, областтык айыл чарба кеңешмесине жөнөп кетишти. Жөнөкөй берерде Алима машинанын терезесинен баш багып:

— Садык, бизди тигинде күтүп атышат,— деди.

— Кимдер?

— Жапактар.

Садык шашылыш жетсе, жалпак бет Жапак бухгалтер аттын тишиндей эндүү тиштерин көрсөтө жылмайып, озүнүн сур «Волгасынын» рулунда экен.

— Отур, сенин ордуң мында.

— Отура берсең, отур дегенден кийин.

Алимадан башка дагы томолонгон парторг Черик Чокоев жана бир киши сыгыла жайланышып, шаарды көздөй чымырилип бет алышты.

Жапак рулду бек кармап, эки көзү жолдо болгон менен, оозу тынбай апенди айтып, кыраан-каткы күлкү басылбай, шаарга жеткендерин да билбей калышты.

Алар шаардын бак-шактуу жериндеги рават дарбазадан жемиш бактуу короого кирип барып токтошту. Фундаменти бийик көтөрүлүп, верандаларын айнектете, кызыл тунике менен жаап, жаңы салынган үйдөн узун жаак, токтонгон аял жүгүрүп чыгып, баш ийкеше саламдашты.

— Жакшысызбы, эже? — дешти беркилер үн чыгара учурашып.

Жети-сегиз бөлмөдөн турган таптаза бөлмөгө кирип, жерге узата салынган төшөк үстүндө малдаш уруна, дубалга сүйөнө отуруп калышты.

Жапак сыртка чыгып жоголду. Дарбыздай тоголонгон Черик кичине кыңкайганда эле «кыр» этип уйкуга кетти. Алима алиги узун жаак аял менен кобурашып сыртта.

Садык короого чыкты. Караңгы түшүп келаткан эле. Шаар ичинде кар кетип, суук да жок болучу.

Жапак менен жашыраак жигит алманын ачасына толоорсугунан илип алып, кой союп жатышкан экен. Садык бул абалды түшүнбөй, сугулуп сураштан батына албай, короодогу узун отургучтун бир башында тамеки чегип, үнсүз олтура берди.

Качан гана Алима жанына келип отурган соң билди, мындагы шарттын жайын.

— Раис беш-алты мейман чакырып коеюн дегенго, ушул чогулушка келген кишилерден,— деди Алима ууртундагы болор-болбос жылмаюсу кетпей, Садыкка кыйгач тиктеп.

— Ушу бөтөн жердеби?

— Кандай бөтөн? Бул короо биздин раистики эмеспи.

— Мен билген эмесмин.

— Өз колу менен салдырып, анан тигил саал алысыраак эжелерин киргизип койгон. Тетиги кой союп жаткан бала — ушу аялдын уулу. Шаарда шофер болуп иштейт.

Рават дарбазадан куу этип жеңил машина кирип келди. Машиналардан алты-жети савлеттүү адамдар түштү: Садык калдайган бет сөөктүү Токтор Бозулановду жана райондук аткаруу комитетинин председатели чыкчыйган чугу чак, бети да алакандай кичине көрүнгөн Шатман Алдосовду гана тааныды — калгандары бейтааныш эле.

Балтабаев меймандарды ичкери үйгө киргизип, кайра чыга бергенде бетме-бет келди Садыкка:

— Келдиңби сен да,— деди эми сарасап салып тиктей калып.

— Ооба, тиги Жапак акелер...

Садык негедир ыңгайсыздана түшкөндө, Байдылда сергектик менен анын ички абалын биле койду:

— Мен өзүм айткамын, сени башкалардан бөлүп ала баргыла деп. Ырас келипсиң.

— Ырахмат, аксакал.

— Үйгө кирип, меймандарды кепке сала отур.

Узата коюлган стол үстүнө күн мурун коюлган муздак тамакка да анча көңүл бурушпай, бир-эки чыныдан

Жалал-Абадская областная библиотека
ИНВ. № 4313306

ысык чай уурташып, бирок ашыкча сөз кошушпай, меймандар кандайдыр тунжураган официялдуулукта отурушту. Кара чачы айгырдын жалындай сапырылган, кызыл жүздүү сулуу жигит обкомдун айыл чарба бөлүмүнүн башчысы Акматов экендигин Садык кийинчерээк билди. Ушул келгендердин кыйласынан жаштай эле.

Балтабаев улам сыртка чыгып, кыязы, оокат-ашка баш-көз болуп, кайра кирип тост көтөрүп, алардын ар бир сөзүнө сергек көңүл бөлүп, озунуп күлүп, шайыр отурду. Ичимдиктен улам анын сулуу жүзү кыпкызыл болуп тамылжып турган эле.

Бир-эки жолу курч аскиядан коё берип, элди дуу-дуу күлдүрдү. «Баке», «Баке» деп кызуу нерселер бири бирине конок бербей, ага кайрылышты. Байдылда болсо алардын эч кимисин таштабай, ар кимисинин сөзүнө сергек жооп берүүгө үлгүрөт.

Алдосов жайдары үнүн чыгарып унчукту:

— Бир аз көңүл буруп койгулачы. Мен мына бул карындашыма бир ырдап берейинчи. — Ал болор-болбос жылмая берди.

Отургандардын көзүнө Алдосовдун кичинекей түлкүсү, шапалактай жүзү түштү. Ал майда тиштерин көрсөтө жылмайып, Алиманын жүзүнө ачык сезим менен карап турган эле. Алиманын сулууча жүзү кызарып, ууртундагы жарашыктуу жылмаюу менен жер карай берди.

Алдосов эски элдик обон менен ырдап жиберди. Анын үнү чың да, бийик да эле. Садык буга таң калган жок. Бул адамдын жагым үнүн мурда да укkан.

Кеч тарашты. Кызып калган тигилерди үйлөрүнө машина менен бир-бирден жеткиришти. Бир гана Алдосов: «Мен жөө басам, мына бу жигит узатып койсун» — деп Садыкты ээрчите көчөгө чыкты.

— Жөө басып курсакты жеңилдетпесек болобу.

Садык ага жооп берген жок. Сөз тизгинин чукул бурду:

— Сиз жакшы ырдайт экенсиз.

— Чынбы? — деп Алдосов тамашалуу кызыгып сурады.

— Ырас. — Садык ачык үн чыгарып, каткырып күлүп койду.

— Да... биз да жигит болгонбуз. Бозой болгонбуз. — Унчукпай баса берип, анан кайра өзү сүйлөдү: — биз окуп комсомол болгон кездерде, эл дуулдап, революциялык инерция менен жашаган укмуш учурлар болучу. Мектептерде кудайдын жараткан күнү обон жаттап, ыр

ырдоочубуз. Майрамдарда колхоз-совхоз болуп, мектеп-мектеп болуп ырдап жарышаар элек. «Булар жеңди, тигилер жеңди» деп чуулдап, биз менен кошо күйгөн элди айтпа. Ошондо мектептеги таанылган ырчы балдардын катарына мен да кирчүмүн.

Ар ким өз ички ойлору менен кете бериштн.

— Сиз эскиче да ырдайт экенсиз, тиерде ошентиниз го.

Алдосов бир алдын күлүп жиберип, анан акырын унчукту:

— Бир курбум бар эле, мага ошо үйрөткөн. Бирок... бирок байкуш согуштан кайтпай калды. Укмуш-укмуш ырларды ырдаар эле. Бир уккулуктуу обон менен бир сабын мен, бир сабын ал айтып созуп кеткенибизде майрамдагы чуру-чуу басылып, эл да ыгып угуп тураар эле.

— Кайсы жылдар эле?

— Отуз беш, отуз алтынчы... Андан бир-эки жыл өтпөй армияга чакырылып кеттик. Курбум Жаныш экөөбүз бирге кызмат кылдык. Оо, канча гана күйгөн ырлар чыгарбадык эле. Мына, эми кайтабыз деп турганда согуш башталды. Андан кийинкиси не керек?.. — Алдосов жарадар болуп, кыйшык бүткөн сол колун өйдө көтөрө, шилтеп койду. — Алиги майрамда ашыглык ырын ырдатып, дарбыган элге согуш көп нерсени таанытты го.

Ошол бойдон Алдосов мейманканага чейин түк сүйлөгөн жок.

Өз ички оюна берилген Садык да сөз кошподу. Садык кайра кетүүнү оюна да албай, мейманканада жатып калды.

Ал тез уктап кете койгон жок: бүгүн күтпөгөн жерден туш келген адамдар жөнүндө ойлоду, өзүнүн кээде башына келе калчу айрым болжоолорун эстеп, мыйыгынан жылмайды: партиялык кызматкерлер жөнүндө ойлогондо, негедир, катуу мүнөздүү, саясаттан башканы кыялына түк ала койбогон, бир сырдуу жабык кишилер деп көз алдына келтире берер эле. Ал өз акылында түк андай эмес экенин, алар деле өзүндөй адамдар экенин билип турса да, көңүлү алда нерсеге күбөлүк бербегенсип кетчү.

Азыр болсо Садыктын көңүлү жылуу сезимге жык толгонсуп, Алдосовдун карапайым мүнөзүнөн алда качантан тааныш нерсени көргөндөй, эч нерседен капарсыз эркин жатып уктап кетти.

VI

Садык эрте ойгонуп, сергек турду: анын көңүлү элеп-желеп болуп көтөрүңкү эле, азыр айыл чарба кызматкерлеринин маанилүү чоң чогулушу башталат — өз кесибине тиешелүү мындай чоң чарага ал биринчи жолу катышып олтурат.

Областтык маданият сарайынын чоң залы кылкылдап толо. «Айыл чарба кеңешмесинин катышуучуларына жалындуу салам!» деп кызыл чытка кооз жазылып, төргө илинген ураан көзгө түшөт.

Президиумга областтын жетекчилери, орденду үлөр, даңктуу адамдар чыгышты... Алардын арасында Байдылда Балтабаевдин да, Алима Қадыровадын да бар болушу Садыктын көңүлүнө кандайдыр бир жакшы сезим чакырып, толкундуу абалга келтирип турду.

Президиумдагылардын дал ортосунда узун бойлуу, куба жүлүн интеллигент адам отурган эле: Садыктын жүрөгү негедир селт эте түштү, анын жүзү бир алдын таанышка окшоп кетти. Садык аны кандайдыр көргөнсүдү. «Ушул Жанузаков» деди ал мурда көрбөсө да интуитивдүү түрдө сезип. Анын салкын тарткан сулуучажүзүнөн эч кандай ички сезими окулбай мустайып, сүрдүү да, зыңкыйып бир калыпта да көрүндү. «Жетекчи... жетекчи, дал ушундай бир мүнөздүү, сырдуу, сүрдүү болбосо болобу?..»

Садык Жанузаков ушубу деп жанындагы адамдан сурагыча болбой, председателдик кылуучу ордунан турду:

— Айыл чарба кызматкерлеринин алдында турган милдеттери боюнча доклад жасоо үчүн партиянын обкомунун биринчи секретары жолдош Жанузаковго сөз берилет.

Жанузаков ордунан шамдагай туруп, ылдам басып келип, кафедрага кайыш папкасын койду, анан зал ичине көз таштай токтой калды.

Эл шатырата кол чаап жиберди.

Алар басылганча Жанузаков салкын жүзүнөн эч кандай сезим байкатпай, кыймылсыз токтоп турду. Анан ал жай, ишенимдүү үн менен баштады:

— Жолдоштор!

Садык бүткүл жан-каны менен берилип, анын жүзүнөн бир ирмемге көз албай кадалып турду. Садык Жанузаковду бул жерде биринчи жолу жүзмө-жүз көрүп турат. Бирок анын атын, ишин келген күндөн тарта көп

уккан. Айрыкча Балтабаевдин оозунан кудайдын жаратkан күнү да уккан. Ал турсун Жанузаков Балтабаевге дайыма телефон чалып, колхоз иштери боюнча көрсөтмөлөр берип, же пландын аткарылышын талап кылган көп учурларын да көп уккан. «Бул кандай адам болду экен? Бүткүл областты алаканына салып, андагы эсепсиз көп колхоздордун иштерине чейин багыт берип туруш үчүн не деген баш, не деген акыл керек? Кызык. Адам деген не бир укмуш жан. Биринен көрсөң, ушунчалык чоң диапазон, экинчи бири үйүндөгү катынына, эшигиндеги кичинекей тиричилигине баш боло албай, тентирен мүдүрүлүп жүрөт. Карачы, жаратылыштын адамга берери ар башка турбайбы. Же мунун өзү ар бир адамдын өз аракетине, өз инициативасына байланышпар перселерби?.. Мындай мүмкүнчүлүктөрдү жасап алар адамдардын өздөрүбү?..»

Жанузаков докладын азыр ичтен чыгарып жаткандай эркин, сүйлөшкөндөй жандуу интонация менен окуп жатты. Зал ичи дым болуп, муюп калган.

Эки-үч жолу шатырата кол чабылып кетти.

Анын биринде областтын өткөн кез менен бүгүнкү күндөгү дүң продукциясынын өлчөмү келтирилген болчу.

Жанузаков докладында областтагы абалды ондогон фактылар менен алаканга салгандай көз алдыга тартты. Айрым звено, бригада, ал турсун, бүгүн бир колхоз боюнча пахтанын түшүмү 30—35 центнерден ашып кеткен болсо да, көпчүлүк чарбалардагы абал мунун карама-каршысында түшүмү төмөн экенине кеңири токтолду. Ал эч мүдүрүлбөй, фразалары кооз, так чыкты.

Анын чоң эрудициясы көрүнүп турду.

— Урматтуу жолдоштор! — деди Жанузаков айрыкча басым менен эл көңүлүн өзүнө буруп.

Анан ал борбордук Россиянын кээ областарынын саамалыгын колдоп, эт тапшыруунун планын область эки эсе тапшырууга милдеттенме алууга тийиш экендигин айтты. Мунун чечүүдөгү булак катары элдин жеке менчигиндеги үйлөрдү сатып алууну жакшы уюштуруу деп көрсөттү. Зал дүркүрөтө кол чаап жиберди...

Канча убакыт өткөнүн Садык байкабай калды. Доклад бүттү.

Доклад боюнча жарыш сөз башталды. Он-он бештей адам сүйлөдү: алар айыл чарба адистери, көбүнчө колхоз рансгери, бригадирлер, звеновойлор, механизаторлор эле.

Балтабаев да чыгып сүйлөдү.

Этти эки эсе толтуруу жөнүндөгү Жанузаковдун сунушун кызуу колдоорун билдирди. Садык Шалпыктын короосундагы тумшугу менен жер сайып өлгөн койлорду көз алдына элестетти. Бирок бул жөнүндө Балтабаев бир ооз да сөз айткан жок...

Чыгып сүйлөгөндөрдүн сөзүн болжолдуу группалаштырса, эки түрдүү болду: биринчиси, адистердин сөздөрү — өз кесиптерине байланыштуу — зоотехникпи, агрономбу, ветврачбы, кеңеш түрүндө болду: экинчиси, чарба менен тике байланышкан адамдардын сөздөрү — ар кимиси өз кол алдындагы чарба боюнча (звенобойбу, бригадирби, раиспи ж. б.) өздүк отчет түрүндө сүйлөштү: биз өткөн жылы мынча гектар жерди чигит эгүүгө даярдадык, мынча жолу сугардык, техниканы мындай пайдаландык, алдыдагы жылда мындай кылмакпыз ж. б.

Садык үнсүз угуп турду.

VII

Чигит эгүү кампаниясына колхоз кызуу даярдыктар менен жетти. Бул күндөрдө эки миң гектар жерге пахта айдалып, малаланып арык-чөнөгү тегизделип бүткөн эле. Механизаторлордо уйку жок: бири чексиз шүүдүгөр аянтын бир айландырып, кара күрөң тартып майланышкан кыртышты аңтарып баратса, экинчи бир такта мала тартып, жер тегиздейт: дагы бири тонна-тонна жибитилген чигиттерди аянттарга жеткирет: дагы бири сеялканы сүйрөтүп аянттын тиги башынан бу башын көздөй октой түз агет алып, чигит эгет. Бригадирлердин, звеновойлордун ар бири өз аянтында чигиттин ала калбай тегиз эгилишине көзөмөл салат. Ошон үчүн башкаларга ишене беришпей, сеялкалардын урук таштоочу механизмдеринен тирмейип өздөрү көз айрышпайт. Садык түшкө чейин созулуп жаткан аянттагы артынан болор болбос бозомук чаң көтөрүлүп, улам нарылап жылып, улам токтоп бараткан сеялканы көрдү. Трактордун рулундагы кызыл жоолук салынган Алима экенин жазбай тааныды.

Садык шүүдүгөргө жетсе, чигит жөнөкөй агрегат менен узатасынан эгилип жатыптыр.

— Эмне үчүн мындай? — деп Балтабаевден сурады Садык.

— Билем, бирок шарт ушундай болуп калды,— деди Балтабаев кең шүүдүгөрдөгү тээ төмөн түшүп кеткен

чигит эгүүчү агрегаттан көз албай туруп. — Беш күндө бүтүшүбүз керек болуп жатат. Жогортон тапшырма ошондой. Парткомдун секретары Бозулановдун өзү жүргөнүн көрүп атасыңбы? Азыр агрегат жетишпейт.

— Анда эмне болот?

— Эмне болмок эле? Өнүп чыккандан кийин техника менен узунунан, туурасынан иштетип, анан кол менен жегеленетип таштасак, сен расчетун түзгөндөй чарчыланып калат.

Байдылда сулуу кызыл жүзүнө жарашкан жылмаюу менен Садыкка карап, күлүп койду.

Садык кошо күлө албай, же башка бир сөз таба албай, бир азга токтоп калды.

— Эки-үч күн мурда бүтөбүз деп ишти бузуп отуруш кандай болор экен?

— Бүткүл область беш күндө бүтүү жөнүндө кампания уюштуруп жатса, биз турабызбы? Алга чыгуу деген максат бизде да болуш керекпи?

— Албетте,— деди Садык ага бир алдын макул болуп,— бирок алга чыгуу зыянга түшпөгөндөй болуш керек да.

— Кана, ким чөнтөгүнөн зыян тартып атыптыр? — Балтабаев Садыктын күңкү-мүңкүсүн каптап унчукту.

— Ким болот эле, колхоз, анан эл...

— Айтпайсыңбы ачык.

Садык Балтабаевдин жүзүнөн чыр окугандай токтоп калып, анан сүйлөдү:

— Эгилген чигитти туурасынан иштеткенде канча чигит өлүп кетип атабы, ал үчүн эмгек кетеби? Акча кеткенби? Аны ташып келиш үчүн, эгиш үчүн транспорт, адам күчү жумшалганбы? Ушунун баары акчага түшкөн да, аксакал.

— Мен да билемин аны. Бирок планды мөөнөтүнөн мурда аткарыш да керек!

— Ал башка персе, аксакал, кеп экономика жөнүндө болуп жатат.

— Экономика деп жок эсепти эсептеп отура берсек, иш кантип бүтөт?

— Иш бүтөт. Сиз аны башкача түшүнөсүзбү?

— Сен экономиканы жалаң гана эсеп менен түшүнөсүң, мен аны башкача да түшүнөм. Ошол түшүнүгүм менен колхозду башкарып да келатам. Сен өз ишиңди иштебейсиңби?

Балтабаев муну күтпөгөндөй кызаңдап, Садыкты кекете унчукту. Анан нары көздөй басып кетти.

Садык өз оюн айталбай, же ыза болушун билбей, ордунда шалдайып туруп калды.

— Садык, раисти капа кылып койдуң,— деди кара сакал Муса акырын коопсунуп сүйлөп,— антип эмне кыласың, куп деш керек. Раис — раис да.

— Ие, Муса аке, мен эч нерсе дегеним жок да. Болор иште айтпадымбы.

— Куп болот деп кое бербейсиңби.

— Капырай, чын сөздү деле айтып койбой, куп дей беребизби?

— Ал да бир нерсе билгенинен ушунча жылдан бери былк этпей раис. Болбосо, ушунчанын баарынын алаканынын кептесине салып туруш оңойбу?

— Ал башка кеп,— деди Садык Мусаны мынчалык басындылыгына эмне дешин билбей. Мунун андайлыгын бир гана азыр эмес, бир нече жолу байкаган. Болбосо пахтачылыктын оор жүгүн көтөргөндөрдүн бири. Чигит эгүүдө агрегат үстүндө болсо, сугатта алыш башында. Күзгүсүн айрысын карман, таш кырманда. Пахта менен дем алып, пахта менен жашайт. Азыркы туура эместикти көрүп турганы да талашсыз. «Бирок эмне үчүн баарына макул? Эмне үчүн ал өз жерине ак болгусу келбейт? Жер дыйкандан эң биринчи актыкты күтпөйбү? Неге ал кайра унчукпайт дейт?..»

Көптөн кийин гана кайра бурулганда чарчаңкы раис Садыкка карап сүйлөдү:

— Кайда жүрөсүң?

— Бригадаларга чыктым эле. Биринчи кварталдын өндүрүштүк планынын расчетторун жыйынтыкташым керек.

Раис унчукпай калып кайра сурады:

— Эки күндөн бери жоксуң го?

— Областтык айыл чарба башкармасына чакырышкан экен, анда болдум. Анан партконтролдо чогулуш бар экен, ага катыштым.

— Өзүңө тиешеси жок нерсеге деле уруна бере турган жан окшойсуң.

— Эмне үчүн? Ошонун баарына тиешем бар.

— Сен бийликти жакшы көрөт окшойсуң?

Садык эмне деп жооп берерин билбей турду.

— Бар,— деди раис чечкиндүү унчугуп,— бригадалардан сводкаларды алып, районго бер. Сен жок эки күндөн бери берилбей турат.

Раис бурулуп кетмек болгондо, Садык чечкиндүү сүйлөдү:

— Мен качанкыга чейин эле сводкалардын артынан жүрө берем? Эми өз ишимди да иштейин.

— Кандай ишиң бар?

Садык салмактуулук менен жооп берди:

— Менин милдетим — экономикалык эсеп-кысап иштери...

— Эсеп-кысапты контора толгон бухгалтерлер да жүргүзүп атышат.

— Меники таптакыр башка.

— Кана эмне иштемексиң, айтчы? Баарыбыз эле сени карап туралы.

Раистин басынткан какшыгы жанына өтүп турса да Садык өзүн чектеп токтотту.

— Иштейин, анан көрөсүз. Туура эмес болсо айтарсыздар, ондорсуздар, иши кылып, өз ишимди иштеймин. Мен экономистмин...

Раис үнсүз бурулуп, машинасына отурду да жогору карай жөнөп кетти.

Садык шалдайып, Балтабаевдин кеткен жагын тиктеп туруп калды.

* * *

Жаңы айдоого кызыл ашыгынан матырыла басып келатышкан аппак кыркма сакал Миңбай менен бөдөнө куйрук чокчо сакал Мамажан-Буванын кобуру көңүлүн алаксытты.

— А касиетиңден айланайын жер! Күңкүп табына келген экен.

Миңбай эңиле берип, опурулган кара топурактан бир кочуштап алды да, өмүр өнүп келаткандай үңүлө тиктеп туруп, муруп учун бастыра кана-кана жыттады. Анан айдалган кең талааны өмүрүндө биринчи жолу көргөндөй, тегерете суктанып карап турду. Жазгы таза күн нурун шимип, мемиреп жаткан эле.

— Ер жүдө табыга кеган экен,— деди Мамажан-Бува уучундагы мыжыган топурагын чачып.

— Атаңдын көрү десеңчи...

Топурак жыты мас кылган эки кары киши анча алыс эмес жерде карап турган Садыкка да көңүл бурбай, кобурашып өтө беришти. Садык өзүнчө туруп, бул адамдардын жер ышкысына, жер кумарына таң калды. Азыр эле эмес, кыштын узак түндөрүндө жалгыз отурып зериккенде, Миңбайдын жер жөнүндөгү аңгемелерин укчу. Дал ошол жер жөнүндөгү аңгемелер — Миңбайдын өз өмүрү... Анын өмүрү ушу жер тагдыры, то-

пурак тагдыры менен эриш-аркак. Бүткүл өмүрүнүн маңызы да ошол жерде болгон. Ошол жер үчүн жашаган. Ошон үчүн Миңбайдын өмүрү да чырлуу өттү. Турмуштун чалган чалмасына макул болуп, ал кайда жетелесе, ошол жакка кете берген жок: азоо болуп алышты, өжөрлөнүп чалышты. Бирде турмуш Миңбайды желкеден алып басты, бирде Миңбай аны ноктолоп минди... Анын баары жер үчүн! Миңбай жерге эч качан кайдыгер боло алган эмес. «Эр эмгегин жер жебейт» дегенди айтат. Ал эч качан жерди алдаган эмес. Каңгаал жүзүндөгү бырыштарынын бир учу да жерге барып сайылат... Миңбай өмүрүнүн экинчи жарымында ээ болду жерге. Жылына беш-алты жүздөп эмгек күн санап, бирок алты-жети жүз тоголок дан албай, кабын колтуктап, куру кол калган да күндөр өттү. Адамдардын ындыны өчкөн учурлар да өттү. Адамдардын айрымдары терс басты. Бирок Миңбай ушул калыбынан жазган эмес, үмүтүн жерден үзгөн эмес. Кол арты менен маңдай терин сүртүнүп, карылуу манчасын нымдуу топуракка сукканы...

Айдоодо жай басып баратышкан эки каңгаал абышканы бир караган киши азыр эмнени билет.

Жер аларды тээ алыстан бириктирген.

VIII

Миңбайдын атасы Кулеттин жерине Мамажандын атасы Юсуф табын ортоктошуп шалы экчү, пахта экчү. Алиги эки дос буурсундун башын кармап жетелеп, бирге иштешээр эле: кайнаган аптаптуу такыр сайда алыс кетип суу сүрүшчү, козо чабышчу.

Юсуф табыптын канде арыкка курган акжубасы бололо турган. Анан май жубазы да бар эле. Эки бала кечке тегеренип май жубаз айдашып, чарчап улам үргүлөп кеткенде, көк жеген өгүз тизесине жаба чычканда, бири-бирине тыңдуусунуп боору эзилгенче тытынып күлүшчү.

Эки жылы кышында Миңбай Мамажанды ээрчип мечитке барып, «эжелеп» аптиек окуп жүрдү.

Он төрт-онбеш кадам коюп, борбуюн көтөрө баштагандан тартып, экөө Андрей Бопбоп (Андрей Попов дегенди эл ушинтип айтчу) деген орустун жеринде иштеп калышты.

Андрей Попов деген бою пакенерээк, бирок курсагы челкейген, тегерек сары сакалдуу, кыпкызыл орус бо-

лучу. Дайым ийин кагып энтигип турар эле. Чоң пайчалуу кара атына кошулган жеңил извошто жүрчү. «Ээр токуп минип жүрө албайт имиш» — деп эл шыбырашып калышканын угар эле Миңбай.

Миңбай Андрей Попов менен биринчи жолу анын эшиги алдында бетме-бет келди. Анын үйү орус кыштагынын эң баш жагында эле. Ал кыпкызыл болуп ыштыгып, эшик алдындагы узун күрсүдө оозуна кирип турган узун конур мурутун сапсары кылып ыштап, буркуратып попороз чегип отурган экен.

— Сен кимдики бала? — деди Андрей Попов араң ыкшалып.

— Кулеттин.

— А, сен жуда катта болоду. Ата келеди?

— Атам келбейт мени жиберди.

— А-а, отур, отур. — деди бош турган орундукту көрсөтүп, анан өзү ичкери кирип кетип, көпкө чейин жок болду.

Миңбай орустун бактуу чоң короосуна, кызыл тунукке менен жабылган соң аппак үйүнө таң калып отурду. Бак ичиндеги асел челектерди көрүп, «кыргызды көрсө эле чагат имиш» дегенди эстеп чочулады. Эми ойлосо, ачыткан каремдин (капустанын) жыты беле, кандайдыр бир жыт келип турду. «Доңуздун жыты ушундай болот окшойт» — деп жийиркенип, мурдунун учун колу менен бир пас чымчыды.

Короо ичи, андагы айрым буюмдар өзбектердикине да, кыргыздардыкына да окшобой, ар бир нерсе Миңбайдын көңүлүн тартты.

— Бала,— деди Андрей Попов,— курсак... ме, ал...

Төрт бурчтуу кесилген нанды Миңбай коомай карман алды.

— Кардым ток.

— Мейли карын ачат. Сеники жейт.

Анан Миңбайды суу сүрүп келүүгө, алыш башына жиберди.

Ал узай бергенде унчукту Андрей Попов:

— Э, суу Андрей Попов апарам айт. Ким болбойт, мага кел. Мен көрсөтөм. — Чал муштумун көрсөтүп койду.

— Болуптур, Андрей Бопбоптукуна апарам дейм.

Жолдо баратып Миңбай сары аарынын уюгундай кебектенген төрт бурчтуу нанды кызыга тегерете карады. Ал өмүр бою жеп келатчу жапкан нандан өңү да, кычкыл даамы да түк башкача, окшош эмес эле.

Андрей Поповдун ар убак ичип мас болуп жүрө турган тентегирээк Жөгөр Попбоп (Егор Попов) анан Миңбайлардан бир-эки жаштан кичүүрөк Грешке Попбоп (Григорий Попов) деген ак чачтуу, ак кирпик-каштуу кичи уулу боло турган. Данка, Манка, Дунка деген көчүктөрү чоң-чоң, саксайган-саксайган кыздары бар эле. Миңбай алардын кайсынысы кичүү, кайсынысы улуу экенин түк ажырата алчу эмес.

Ак чачтуу Григорий Мамажан менен Миңбайга бала деп жан тарткансып келип калчу. Тиги экөө анын чачын тиктеп алып эле «кудум чалдыкындай» деп кыткылыктап күлө беришчү.

Ал кыргыз тилин анча жакшы билчү эмес, ошондон улам көкмөк көздөрүн, аппак кирпиктерин кыбындата ирмеп, тиктеп тура берчү, анан сөгүп уруп жиберер эле. Адегенде Миңбайлар да ага жообун берип жүрүштү. Бирок ызаланган Григорий балдырап-салдырап үйүнө жөнөп кетчү. Бир күнү агасы Егор келип, белиндеги эндүү кемери менен Миңбайды да, Мамажанды да моюн талаштыра салып-салып жиберди. Эгинди аралай качып, зорго кутулушчу.

— Дагы бир марта,— деди Жөгөр тилин такалап араң сүйлөп,— меники мылтык келтиремин, «паф», өлдүрөмүн силерди...

Ар убак ал экөө менен чогуу иштеп жүргөн курмушу сакал Петро (Андрей Поповдун кызматчысы) балдарга болушуп, бир нерсе айтты эле, кызматчыл Егор аны орусчалап кужурап сөгүп, өмгөктөп да жиберди. Петро сары сакалын сапсайтып, жер карап турду. Балдар Егордон ого бетер коркуп калышты.

* * *

Миңбай менен Мамажандын жакындыгы Миңбайдын башына сыналуучу күндөр түшкөндө ого бетер чыңдалды.

Кулет биртке жеринин четин эрте жазда буурсун менен айдап, арпа септи. Миңбай саал ыңгыранса:

— Ээ балам,— деди ал өгүздү бир аз дем алдыра калганда, чаначтагы айрандан кылтылдата жутуп, анан карт кекирип,— чөп орокко жетпей, кудаа кааласа, сарала болуп бышып калат. Андан кийин али канча бар бышыкчылыкка. Дос-жар бар, тууган-урук бар. Кабын көтөрүп келип, Кулет аке дешип салам айтып жүрүшөт. Талап оруп, талкан кыла туралы дешет. Арпасын оруп алар менен күнжүт эгин таштайбыз.

— Анын эмне кереги бар?

— Э балам, күнжүт жакшы болуп калса, алтын эмеспи. Юсуф табыптын жубазына айдатып, майын сатсак да пул, жөн эле өзүн сатсак да пул.

— Пахта эгем, шалы эгем дечү элеңиз го кышта?

— Эгебиз балам. Пахта эгебиз. Азыраак жерге шалы ям эгебиз. Шалы бир болуп берсе, кудаа кааласа битибиз арылып калат.

— Юсуп табып менен дагы шерик болуппу?

— Жок, балам. Быйыл башты бекем таңып, кудай деп өзүбүз иштейличи. Ким билет, жыл эле каталыраак болбосо... Тоого кар түшүп жарыбады. Суу эле болуп берсе, кагылайын бу жерлер... алтын эмеспи.

Кулет чал топурактан кош чеңгел сузуп алып, жаны кубанып мыжыгып эзип турду.

Ошондон эки күн өтпөй, Минбай калган жерин буурсуну менен чиймелеп жатканда, төрттөн ат кошкон эки тиштүү соко менен Андрей Поповдун мужуктары Кулеттин, дагы бир тобунун жерин кошо эле тегерете айдап кириштп.

Сакалын эрбейтип туруп калган Кулет тигилердин алдын утурлап токтотту. Алдыңкы коштун башын жетелеген баягы курмушу сакал Петро экен.

— Ой, Петро, бу канткенин? — деди энтиккен Кулет.

— Меники билбейт. Хозяин айда деди.

— Кана кожайининиз? Кана?

— Хозяин больной. Үйдө. бул жер азыр баары хозяиндики болду.

— Жок, кайра тарт, Петро. Бул жер берилбейт, меники. Биз өлөбүзбү? Ак падыша бар, даттанабыз.

— Майли сен бар. Биз пока айдаймыз.

— Жок, жок. Боор этим болгон шапалактай жеримен ажырап, мен кайда барам? Эч жакка барбайм? Өлсөм олүгүм ушул жерде калат.

Ангыча мындагы жерин айдаганы беш-алты кыргыз келип калышты. Кыжы-кужу көбөйүп кетти.

Акырында курмушу сакал Петро атынын бирин чыгарып минип, чапкан бойдон кыштакка кетти.

— Азыр Андрей Бопбоп өзү келет,— дешти тургандар.

— Булар билбей тентектенип атышат окшойт?

— О, Андрей Бопбоп эстүү адам. Баарыга жамандык ойлобойт.

— Өзүнүн ушунча жери жатат, биздин шапалактай жерибизди башына урсунбу?

Бир убакта оору Андрей Попов, извошун айдап өзү келип, түшпөстөн токтой калды.

Тургандар чуулдап ороп кетишти.

— Мына,— деди Андрей Попов извоштун үстүнөн элге ак кагазды булгалап көргөзүп, бул жерлер меники. Баары көрдү. Оошун япкыла!

— Ой, айланайын Андрей Бопбоп,— деди Кулет жакындыгына эркегендей,— сеники, меники ата-бала окшош адам. Сен азыр отурган жер да меники болгон. Сен алдың, мен мейли дедим. Эми бул жер меники болсун.

Кулеттин сакалы дирилдеп, ырайым күтүп токтой калды.

— Дурак,— деди Андрей Попов майланышкан кызыл семиз бетинин ар жери бир кыймылдап,— мен сенден жер алган жок. Его величество царь Николайдан алган меники. Сеники билди? — Жоон чал күпүлдөп кекетти. — Баш бар сеники? Ярим жыл көп болду, его величество царь Германия менен согуш алып барат. Силер биледи или билмейди?

— Билебиз... билебиз,— деди эки-үчөө.

— Ну аскерге нан керек? Керек. Кийим керек? Керек. Мен ушул жерлер баарын айдаймын, дан көп беремин анда. Мына, мага бул жердин амузун берди. Его величество цар берди мага. Меники балдар солдатка барады. Егор — офицер.

Эл шалдая түштү.

— Эми сенин жериң азыр деле көп эмеспи, Андрей Бопбоп, изнаком. Ошо жерлериңе эгин айдап берсең да болот. Биздин жерлерге тийбей эле койчу, төрөм...

Дал ушул учурда бир колуна мылтык кармап, шүүдүгөрдү аралата жайдак атчан Егор Попов сары чачын саксандата чаап келатты. Ал аттан ыргып түшүп, атасына карата бир нерсе деп бакылдады. Карт Попов колун тынч дегендей жаңсап сүйлөдү. Бирок Егор жиндене сөгүнүп, алдыңкы кошту айдап жөнөөгө буйруду. Үч-төрт адам жабыла аттарды жылоодон алышты. «Тарс» дей түштү. Эрмек деген бир байкуш тырак этип, чалкасынан түшкөндө, бет алды эл жайыла качты. Егор мылтыгын дагы октогондо, Андрей Попов колунан жулуп алды. Егор жүгүрүп барып, кош тарткан аттарга чөп жүктөп келип, азыр эле токтой калган арабадан темир бешиликти алып, баятан тааныштыгына таянып турүп калган Кулетти качырып сала берди. Кулет жан үрөп жүгүрүп, арыктан секирип өтө качарда, Егор кап-

талга сайды. Ал оңкосунан кетип, кайра жан талаша тура калып качканда, бөз көйнөгүнүн капталы кызылала болуп нымдалыша түштү. Атасы көмөлөнүп жыгылганда, кыйкырып жүгүргөн Миңбайды, курмушу сакал Петро, артынан жетип, желкеден алып силкип токтотту:

— Миңбай, жинди болдуң. Өлгүң келип турабы? Көрдүңбү тиги акмакты, азыр атып таштайт сени. Кач тиги жакка. — Дал ушул учурда каны көзүнө куюлуп, чычала болуп чыккан Егор аны көздөй жүгүрдү.

Миңбай жүгүрүп, арыктан бир таштап өтүп, атасынын артынан жетти.

Кулет кан аккан капталын кош колдоп басып, чалабула эси ооп, тыттын түбүндө жаткан эле. Миңбай атасын жаш баладай алдына көтөрүп, үйүнө алып барды.

Поповдор аттарын ылдамдатышып, узак тегереткен жерин айдоого киришти.

Алты кызынан башка белдүү тууганы жок, жалгыз аттуу, жалгыз тондуу Эрмектин өлүгү оозуна чымын үйүлүп, карангы түшкөнгө чейин аңызда жатты «Орустар андып туруп атат» деп эч ким келүүгө батына алган жок.

Кулет бир нече ай бою жаратынан айыга албай койду. Юсуф табып дары-дармегин да, кызматын да аябады — колунан эмне келсе, ошонун баарын иштеди. Капталындагы жараатынын оозу бүтпөй, ириң, сары суу куюлуп жүрүп, буудай кырманга жеткенде анын тула бою тулуп болуп шишип кетип өлдү.

Эл жери тууралуу, Эрмек менен Кулеттин куну тууралуу болушка, андан ары акимге чейин арызданып жүрүштү. Эки эрдин куну жөнүндө болсо, Анжияи акимиңде «Егор Попов азыр согушта. Ал — офицер. Эч нерсе дешке мүмкүн эмес» деп жооп 'беришиптир.

IX

«Биринчи байлык-деп-соолук, экинчи байлык — ак жоолук, андан кийин-он соолук» дечү эле го элибизде. Жакшы жар жигиттин бактысы да, ар намысы, абийири да турмушта! Миңбай өз өмүрүндө дал ошондойчо түшүнгөн, ал ишенимине керек болсо, кара башын сайып бек турган да. Минерине жалгыз улакчы аты, саан ую бар эле. Орустарга да катышпай кетти,— өз башына өзү ээ. Ак падышанын алык-салыгын эл катары төлөп, өзүнчө түтүн булатты. Кулак байлап жер жибит-

ти... Билегине күч толуп, кармаганын жулган улакчы да болду.

Сатикан аттуу үлбүрөгөн кызга көзү түштү. Кыздын эринтендей жай сүйлөгөн муңайым сөздөрү жүрөгүн тепчип туруп алды. Миңбай өмүрүндө кыз менен сүйлөшүп, кыз илебин сезген эмес. Азыр биринчи жолу кызга ооз ачты. Сатикан эринтендей ачык жооп берген жок, бирок, ууртунан жакшынакай жылмаюунун элесин көрдү Миңбай.

Миңбайдын жүрөгүн өрт алды, анын бир максаты аны басыш болду. Кыздын Миңбайга карата сезими башаттын тамчысындай таптаза: бүткүл таза сүйүүсү өз энесинде турган жаш баланын сыңары Сатикандын да бүткүл ишеними Миңбайда.

Коюн-колтук алышып, ак жаздыкка жатканда да түн ооп кеткенче укташпайт, эртеңин, үй турмушун ойлонушат. Ал ушунчалык бир сонун, бир кадиксиз болуп тартылат көз алдыларына.

Бирок бир күтүүсүз кокустук мына мындайча болду: бактылуу Миңбай үй тиричилиги менен алек эле. Күн кечтеп баратты... Сатикан менен тиги айылга кеткен келиндерди экөө өңү кубула энтигип, жүгүрүп кирип келишти. Сөз айталбай дудалактанып калышты.

— Сатикан кана? — деди коопсунган Миңбай.

— Азыр келет,— деп коркуп кеткен келиндин бири дудалактанып.

— Кайда азыр? Айткыла? Кайда Сатикан?

— Айланайын аке,— деди келиндердин бирөө көзүнүн жашын каканактатып араң айтып,— тиги чоң арыктагы чийдин түбүндө...

— Эсен-сообу?

— Эсен-соо эле, бирок...

Миңбай сөз аягын укпай жүгүрдү. Арыктан секирип, чийди аралай бергенде, эки колу менен бетин баскан Сатиканды көзү чалды. Ал акактай аппак жылаңач денесин солкулдата, өпкө кага ыйлап жаткан эле.

— Сатиш! — деди Миңбай.

— Жок. Жүзүңө эми карай албайм.

Артынан жете келген келиндер иш жайын айтышты.

...Поповдун кыштагынан өтө бергенде эки-үч кызымтал өспүрүм келиндерди куушуп, Сатиканды кармап алышып, чий арасына буйпалашат да, аз келгенсип кийим-кечесин энеден туума кылып сыйрып кое беришет. Муну укканда как чокуга таяк менен чапкандай Миңбайдын көзүнөн от чыга түштү. Сенделектеп араң ток-

топ калды. Анын бүткүл денеси жыйрылып, таш болуп катып калган эле.

Сатиканды Миңбай үйүнө алып келди да, керегеде илинип турчу кары бою мүйүз саптуу бычагын от чыгара «шар-р, шар-р» кайрады. Анан бычакты кылычтын сыңары курунун сол капталына кыстарып, үстүнө жука жекетин кийип, жолго чыкты.

Жол ката ал канча түрдүү ойлорго келе берди. Көөдөнүндө толгон кектин, ызанын сезими аны кекиртектен буун, дем алуусун оорлотуп баратты. Санаасы санга бөлүнүп, алда качанкылар эсине түштү.

Анан эмне кыларын болжоду. Жүз түрдүү ойлоду, эң аягында ал: кыштактын башынан түшүп, эшикме эшик жүгүрүп, көрүнгөн адамды жара тартып кете бермек болду. «Атасынын көрү, туулдум — өлдүм. Бүгүн өлбөй, эртең өлгөндө кандай пайда? Ушундай кордуктан кийин өмүрдүн лазати кайсы? Жер каранды болуп эле болуп жашай берсе өмүрбү? Жок! Жок... Адам — адамдык башы менен, адамдык сыймыгы менен адам. Ансыз өмүр жерге кирсин...»

Миңбай ушул жыйынтыгы менен кыштакка жакындап барып калды. «Максат эле өлүп калышпы?» деген ой кайдандыр башына кылт эте түштү. Миңбай токтоп калды. Ал азыр Сатиканды эстеди: анын тебеленген абийири үчүн ар кандай өлүмгө кылчайбай барышы керек эле. Ал бул маселеде кылдай күмөнсүгөн жок. Бул тобокелдикти ал ким үчүн жасайт? Сатикан үчүн!.. Сатикандын абийири үчүн өлүп кетсе мейли...

Ырас, антиши мүмкүн. Орустардын ар биринде ала келген мылтыгы бар. Ар убак октолуу. Бир кишини жара тартканда эле, тарс эттире бир коюшу ыктымал эмес беле. А балким, бир кишини да жара тарта албай өлүп калышы мүмкүн...

Миңбай маң болуп калган соң дагы башкача ойлонуш үчүн кыштактын сай тарабына өттү. Эч жан көрүнбөйт. Бактуу кыштак дүмпүйүп сүрдүү көрүндү.

Жогортон бак-бак эткен үндөрдү угуп, сай бойлогон камышты аралап басты. Үч-төрт сары чачтуу өспүрүмдөр сууга кирип жатышкан экен. Ушулардын бир-экөөн жара тартсам деп ойлоду. Ал камыштын арасынан шатыратып жүгүрүп чыкканда, тиги жигиттер да чочуп кетишип, жайыла качышты. Миңбай канча жан үрөгөнү менен эч кимисине жете албады — шамдагай жылаңач жигиттер тартаңдап жүгүрүшүп, кыштак жакка бет алышты.

— Токтогула, жүн баштар, токтогула!.. — деп кыйкырып да баратты.

Кайдан-жайдандыр мылтык «тарс» этип, тизеси чим дей түштү, оң жагына кылчак каранып, көш ооз мылтыгын сундурган Егорду көрдү. Ал дагы атууга камынып жаткан экен. Миңбай калың камыш тарапка бой уруп качты. Бир убакта оң буту оорлошуп, баса албай жатып калды: оң тизесин чачма ок бир нече жеринен тепчип өткөнүн көрдү. Каны шорголоп агып жаткан эле, ал көйнөгүн жыртып, өз тизесин бекемдеп таңды. Өч алууга шашам деп өзүн өзү жарадар кылып алганына өкүндү.

Миңбай тынбастан жамбаштап жыла берди. Түк жол арбабыгансыйт, соолукта эч бир көңүлгө алынбаган ар бир кадамдын баркын биринчи сезди ал.

Таңга жакын жетти эшик алдына. Апасынын түйшөлгөнүн уга, боз үйдүн эшигин кыйшайта тартып, үн чыгарды:

— Апа!

— Эмне, айланайын?

— Сатикан барбы?

— Бая эки келин араң жаткызып кетишти эле, анын ордунан туруп эшикке чыккан. Дагы деле дайыны жок. Күтүп эле жатам, күтүп эле жатам. Өзүң кайда жүрөсүң айланайын?

Миңбайдын жүрөгү оозуна каптала түштү. Кемпирге да жооп бербей, үйдүн кырчоосун кармап бир буттап тура калды. Үйгө жөлөнгөн суу бакан урунду колуна. Ушул учурда алда немени кабарлаганы беле, же ээсинин үнүн тааный койдубу, чаркардан тору ат кишенеп окуранып жиберди. Миңбай суу баканга оорун сала бир буттап, сорок-сорок секирип атканага кирип баратып жумшак бир нерсени сүзүп алды. Ого бетер созулуп узарып, селкинчек тээп турган Сатикандын денеси эле бу.

Миңбай өз жаратын унута, чап кучактап өйдө көтөрө, белиндеги бычак менен мойнундагы сыйырмак кыл чылбырды кесип жиберди. Бирок Сатикандын денеси алда качан эле муздап, солдоюп катып калган эле.

Миңбай бооруна бекем кыса, буркурап ыйлап жиберди:

— Сатикан! Менин ырысым. Кагылайын Сатим...

Көп өтпөй Миңбайдын оору энеси каза тапты.

Ушул ченемсиз оор кайгынын баарын Миңбай бир буту дулайдай шишип, төшөктө жатып баштан кечир-

ди. Ал үчүн замана куурулуп, алдында басар жолу туюкталып, тозок оту чатырап күйүп тургансыды... Бет алдынан жакшылыктын эрбейген бир караанын көрө албай калды.

Төшөктү чүмкөнө көз жуумп жатса, асман айланып, караң түн башына түшөт. Арманы аттын башынан чоң. Өзүнүн эми түк оңолбос жаңылыштыгын алат мойнуна: «Менин акылымы да эмне үчүн кудай алып кетти ошондо? Эмне үчүн жепжеңил кектин артынан түшүп калдым? Эмне үчүн мен ошондо Сатиме жалынбадым: — Сен айыптуу эмессиң кагылайын. Бул зомбулук. Баары бир сенин кылар айлаң жок. Мен сени айыптабайм. Сен аксың. Мен үчүн сүттөй аксың. Мен сени башта кандай сүйсөм, ошондой эле сүйөм, урматтайм — деп көз жашын тыйбадым? Анын ак жүзүнөн кумарланып сүйбөдүм? Эмне үчүн белинен бекем кучактап жатпадым, кадимкидей эркелетпедим? Ишендирбедим? Сенин абийириң үчүн өч алам дебедим? Ырас, ал ким эле? Эч нерсени биле элек жаш эле да. Ал ушунчалык жөнөкөй, ушунчалык таза, куулук-шумдукту билбеген актай таза жан эмес беле? Анын корккону кудай таала... анын корккону акырет, тирүүлүктөгү күнөөсү болчу да... Мен эмне үчүн ушуларды бир жолу да башыма келтирип койбодум? Эмне үчүн өз колумдагы толо бактымды өзүм төгүп алдым?..»

Миңбай күн-түн сарсанаадан арыла албады. Күнөөнүн баарын өз башына топтоду. Өз адамдык жүзүнүн астында өзүнүн адамдык абийирин ойлоду. Өзүн ушу бактысыздыгынын себепчиси катары көрдү.

Кыйын күндөрдө жакшы сөз айткан, колтугунан алган курбусу Мамажан болду. Миңбай үч ай дегенде араң таяк кармап ордунан турду. Бул мезгилде анчамынча эккен-тиккени суудан калып, отоосуз, чабыктыз жок болуп кеткен эле.

Миңбайдын кылган иши элге угулуп, андан орустардын кулагына түшө баштаган, эртеби-кечпи, жолуккан жерде атып ташташ аштан бышык болчу. Бир жагынан өзүнүн да мында калгысы келбеди, анткени мында анын кайгысы артып, кусасы ташыңгандан башка жакшылыктуу эч нерсе жок эле.

Досу Мамажан менен анжияндык бир сүткор Али-Хаджи-байбатча аттуу анын тагасыныкына барып иштей баштады...

Миңбай Али-Хаджи-байбатчаныкына эки жыл иштеди. Ар убак эптеп мындай тер менен байбатчага жагып,

ошонун жардамы менен өйдө көтөрүлүп, адам болуп кетсем деген ойдо жүрдү.

X

Жогорку бригадага жөнөп жаткан Балтабаевден суранып Садык машинасына олтуруп алды...

— Мына бул талаалар 13—14 центнерден ашык түшүм бербеген жерлер эле,— деди, колун жаңсап, селкилдеп тизеге чаап кара кочкулданган козолдорду көрсөтүп, көңүлү көтөрүңкү сүйлөдү Балтабаев,— мына азыр 30—35 центнерден туруктуу түшүм берип калды. Ушу билектин күчү, көздүн курчу кетти го бу чарбаны көтөрөм деп жүрүп...

— Албетте, анткен адам болбосо, чарба көтөрүлөбү? — деди Садык, ак жүрөктөн кубаттап. — Мээнеттин ырахатын көрөт деген ушу. Атыңыз алыска кеткен. Сиздин тажрыйбаңыз, иш жолунуз башкалар үчүн табарик болуп калды.

— Иштей бериш керек экен да... — деп койду Балтабаев, пахта талааларына чарчаңкы көз таштап.

— Эрдин атын алыстан ук, жанына келсең бир киши дейт эмеспи. Сиз менен кошо иштешип калганыма мен ыраазымын. Сизден үйрөнүү менен, аны колдон келсе илимий жактан жалпыласам деген тилегим бар. Ошондо сиздин иш ыкмаңыз, тажрыйбаңыз миндердин куралына айланат.

— Ой ошо жазгандарыңа кардым тойбоду,— деди Балтабаев ачык айтып,— ондоп, жүздөп жазышты го газетага, менин чыныгы көңүлүмдөгүнү, башкаларга бир пайдасы тиер нерселерди жазбай эле, былтыр мынча экти, мынча трактор иштеди, мынча түшүм алды деп сырткы маселелерди санап, анан журналистериң өз билгенин жазып салат экен. Кийин бир-экөөнө эскертип айттым. Гезит да бул, андай болбосо болбойт деп өздөрүн жакташат. Болуптур, каалашыңардай жаза бергиле деп коём. Китепче да жазышты. Аныңделе ошо.

Садык бир азга эмне дээрин билбей калып, анан минтип кошумчалады:

— Мен алардай үстүртөн албайм да, себеби — мен биринчиден, экономистмин, анан ар убак сиз менен кошо иштейм. Сиздин ишиңиздеги башкы нерселерди алам: пайдалуусун иргейм, теорияга туура келбей калгандарын да өзүңүзгө айтам,— Садык күлүп койду,— экинчиден, мен макала жазбайм да, илимий диссертация жа-

зам. Диссертация! — Теорияга ылайыкташым керек, жалпылашым керек. Оо, бул өтө татаал нерсе, айтуу кыйын, көрө жатарбыз да, бирок мен жыйынтык чыгарарыма ишенем!..

— Анда жакшы... — деп койду тиги кайдыгер гана.

Айланасына эгин эгилбеген таштак түзгө трактор менен арык салынып, түпсүз сызылган жаңы көчөнүн ар кай жеринде жалпак жабылган — камыш, боз шифер менен шыйпандалган бирин-серин жаңы үйлөр, эшик алдына былтыр-быйыл сайылган дарак көчөттөрү оожалалбай, кубарып дубалдар суз көрүнөт.

— Тээтиги таш түбүндөгү баш аламан кыштактарды көчөгө чыгарып, тартиптештирүүнү пландаштырганыбызга эки эле жыл болду. Бирок кыйласы көчүп чыгып калышты,— деди Балтабаев Садыкка акырын түшүндүрүп.

Ушул учурда көчө боюндагы катар-катар кыркалана жайылган кыштардын жанына машинаны токтоттуруп, Балтабаев жерге ыргып түштү.

Кең ак дамбалын тизесине чейин түрүнүп, ылай ачытып жаткан Мамажан-Буванын жанында Миңбай турган эле. Кетменди шарт-шарт шилтеген сайын давердес сөөктүү Мамажан-Буванын желке тамырлары тырышып чыга түшүп жатты. «Өзбектер 40—45 жашка чейин ала топусун чекеге коюшуп жүрө беришет, кетменди 50 жаштан кийин чабат. А кыргыз болсо, жашында иштеп, карыганда жалкоо болуп калат. Бир-эки малы болсо ошого таянып жатып алат», деген элдин тамашалуу лакабын эстеди Садык.

— Үй салып атасызбы, Мамажан-Бува? — деди Балтабаев саламдашкан соң, ража тартып, пайдубалына таш тизип жаткан жерге барып, тегерете карап туруп,

— Ха, харакат килямпиз,— деп Мамажан-Бува бөдөнө куйруктаган сулуу чокчо сакалын салаалап тараган болуп койду.

— Коош, жакшы. Бирок кичине го?

— Халимиз шунга етти. Бир уй, бир дализ яна айбани.

— О кокуй болбойт. Айбанын бир четинен кичине эле калтырып, төрт бөлмө кылып салыңыз.

— Манэ тамаша, күч кани, чөнтөк кани унга, раис!

— Күч десеңиз сизде. Камилжандай уулуңуз бар, ал — механик.

— Ким билади,— деди Мамажан-Бува көп кубанып коштобой, суз гана.

— Демек, төрт бөлмө салыңыз. Мага барыңыз эртең. Жардам бергиземин. Жетишинче жыгач, жетишинче шифер бергизем.

— А кудай алкасын анака болсо. Мартабаңыз көтөрилсин, раис.

— Антпегенде эми уулду үйлөсөңүз, бала-чакалуу болот, бир бөлмөдө жатышабы?

— Болду, болду, раис. Төрт бөлмө саламиз. Колхоздон жардам берилсе, карап турамизби?

Садык Балтабаев жөнүндө ойлоду. Анын эл ичиндеги кадыр-баркын, эсепсиз көп адамдарга кылган жакшылыктарын көз алдына келтирүүгө аракеттенди.

— Мына, Миңбай аксакалдан алыңыз жардамды. Досуңуз,— деди Балтабаев.

— Беребиз, бирок чоң жардам кайда,— деди Миңбай.

— Малыңыз бар эле, жандыгыңыз...

— Бар эле эки-үч жыл мурда. Жок кыл малды эле дейсиңер. Сатып-сатып жоготтум. Тигил жагыбыз адыр, канча мал күтө берсек да болор эле. Малыбыз, этибиз өзүбүздөн болмок — өкүмөткө да артмак... Биздин малыбыздын колхозго кандай зыяны бар экенине түшүнбөйм. Болуптур дедик айла жоктон, айран-сүтсүз кыргыздын турмушу кыйын...

— Өздүк чарбаны кысуу керек. Эл колхоздон алаксыбасын. Андан калса, жеке чарбалык сезим күчөп кетет.

— Антсе ям, Байдылда, өзүң билесиң, кыргызды малдан айырбасын. Колдон келсе, күтүп-койсок, зыяны тийбес эле, айла жок. Колхозубуз дале, өздүк чарбабыз деле тың болгонго не жетсин?

— Жеке чарбалык оюңар эч кетпейт да башыңардан.

— Э айланайын, өлгөндө кошо кетет да биз менен. Мал киндикпиз, малды сүйбөсөк, жер киндикпиз, жерди сүйбөсөк — мал төл береби, жер нан береби?

Садык эми чалдын жүзүнө кызыга тиктеп турду.

— Колхоздукуна антпейсиңер э? — Балтабаев бир жагы тамашалап, бир жагы саал кекетип койду.

Мамажан-Бува дароо жооп бере койбой, жер тиктеп калды, анан унчукту:

— Колхоздуку ям өссүн деймиз. Бирок көпчүлигиниики бири күйса, бири күймас экен. Адам — адам да. Өз көмачига от тартады, овзуга эрте тегар ашни отуну жакады.

— Ой, куу чалдар, капкайдагыны сүйлөйсүнөр ээ? Канча эмгек күнүңөр бар, айткылачы ошону?

— Эмгек күн, балам, көп эле дечи, бирок ага карабайт тура. Төбөң менен жер казсаң да, колхозунда жылдык дасмия канчадан айланаса, ошону алат экенсиң. Жан кыйнабай кошо чыгып, кошо кайтып жүргөн да ошо катарда болот экен. Баары бир тендемечилик экен да...

Бул карапайым чалдар жер, эмгек баркы менен бүткүл натурасы, бүткүл ой жүгүртүүсү байланышкан сөздөрүнөн күтүүсүз эң кызык нерселер аргасыздан башына чачкын түшө калып, алардан өз алдынча жыйынтыкка келе албай калгандан улам, Садыктын көңүлү козголуңку абалда болду. «Кандай карапайым ойлор, бирок канай кызык ойлор... экономикалык чоң нерсеге, социалдык зор нерселерге байланышар ойлор эмес эмеспи? Көрчү, карапайым адамдарга биз көбүнчө кекирейип жогортон карайбыз, билимдүүсүнүп карайбыз. Эч нерсе билбейт дейбиз, чарбачыл деп мыскылдуу жылмаябыз — эң ыйык сезимин маскаралайбыз,. А балким дүйнө дал ошол ыйык сезимдерге таянып жашап турган жокпу?» Бул ойлор менен өзүнүн тээ тоодогу карапайым атасынын бир кездеги ойлорун окшоштурду.

— Планды аткаруу үчүн күрөшүү керек,— деди Балтабаев түшүндүрүп. — Ошондо болот жакшы акыбет, жакшы дасмия.

— Аткарбаганда аны... Эми ошондо да ар бир адам өзү адам да Жүзүнүн жүз түрдүү, миңинин миң түрдүү пейил-кую бар, максаты бар.

Садык Миңбайдын карапайым оюнун маңызын дароо түшүнө койду: балким, анын айтары башка эле, бирок Садык экономист катары өзүнчө түшүндү — мүмкүн, ал жүзүнүн жүз түрдүү, миңинин миң түрдүү пейил-куюн, максатын таап, кызыкчылыгын бекем кармап жүргөн фактор болсо дегени тургандыр. Андай болбосо, ошол багыттагы бир нерседир. Ырас эле анын башына жөн эле түшө калган нерсе эместир, балким, отуз жыл бою колхоздун жүгүн ийнинде талбай көтөрүп келаткан өз жолунда турмуштан чыккан, турмуш өзү айтып берген сабагыдыр. Кызык. Кандай кызык нерселер?

* * *

Жеңил машина түз көчөдөн чыгыш жакка шарт бурулуп, пахта аянтын тең жарган чандуу жол менен талаа шыйпанын көздөй салды. Шыйпандын алдындагы пахта төгүлөр чоң кырманды бир нече адам асфальттап

жаткан экен. Эң алдын утурлай басып келип, асты ачык узун ак жегде көйнөк кийген кара сакал бригадир Муса учурашты.

— А келиңер. Жакшы... жакшы. Эми ушинтип кырманды түшүмгө даярлап койбосок болбойт, убакыт зык болот эми.

Балтабаев жайкалган пахта талааларына көз чаптырып жаткан калыбында бригаданын иши жөнүндө сурай баштады. Тээ талаада кызыл-тазыл көрүнгөн эркек-аялдар кыркар тарта гозо чаап жүрүшөт. Төмөнкү талаада трактор менен культувация салып бараткан, кыязы, Алима окшойт.

— Жакшы, аммаси таер,— деди кара сакалын кыркмалап атасы Миңбайдыкындай ээгин кырланта койдурган Муса.

— Алиги казенде азыр кайда? — деди Балтабаев.

— Үйүндөдүр. Бүгүн эртеде көргөнсүгөн элем, керекпи? Чакырып коелубу? — деди бригадир энтеңдеп шашып.

— Ошо бойдон иш бергениң жокпу?

— Жок, раис, сизден ишаарат болбосо, аны ишке чакырышка биздин башыбыз экита эмес.

Ал майдараак сары тиштерин көрсөтө ырсайып, башын экчеп койду.

— Чакырт азыр.

— Хуп, раис. Өзүм барайын. Башкага ынанбай коюшу ыктымал.

Бригадир энтеңдеп басып жөнөй бергенде, раис машинасын берди. Балтабаев менен Садык кырманды асфальттап жаткан пахтакерлер менен аңгемелешип, бир пас турганча Муса ташбакадай жалпайган, эриндери түйрүйгөн баягы жоош койчу Шалпыкты алып кирип келди.

Шалпык он жылдан артык кой артында жүрүп, анан быйыл жакында арызданып бошонгон. Ал өз арызында «таш-таш салып, бак-шак тигип, жөн эле жашагым келди. Аялым оорукчан болуп калды» деп жазган эле. «Жок, Аттокур экөөнүн ыркы келбей атыптыр» деген сөз да чыккан. Он жылдан бери жүргөн Шалпыкка эмне жин тийди экен?» деп кобураган кээ бирөөлөр.

Койдон бошогон соң пахтада иштеди. Көнө албай оңкулдап кыйналып жүрдү. Колунда таягы жок, өмүрү тим эле өтүп жаткансып кетет.

Өткөн жылы үй салдырмак болуп, жалданма усталарга берген. Арак ичип, күндө мас болуп усталар Шал-

пыкты «арак таап бер, эт таап бер, жыгач тап, бул материалың болот, бул жарабайт» деп иштебей кыйнап жүрүп, үйүн кеч күздө бүтүрүшүп, үстүн араң жаап беришкен. Быйыл куда кааласа, баарын өзүм бүтүрөм, үйдү жылуулайм, балдарым,— деп алар аркылуу бул сөздөрүн аялы Бүбүканга айтчу. — Баарын өзүм бүтүрөм эми: кара шыбагын да кум шыбагын да. Аппак кылып актайбыз, атасынын көрү... Биз да эл катары бутту узун сунуп уктап көрөлүчү, кандай болоор экен. «Шалпык өз сөзүнө эрип, бул түрдүү бейиштин төрүн, бакытты элестетип кетер эле. Шалпык үчүн ырас эле, мындан артык бакыт жок, анткени ден-карды соо, эртеңден кечке иштей берет, кечинде келсең аппак үй...

Ал ушинткенде өмүр бою мал артында жүрүп өлүп кеткен атасын эске түшүрөт. Ошол байкуш менин быйыл бүтөр үйүмдө бир күн жатып өлсөчү деп эстегенде, көңүлү каршы-терши жаралгандай, көзүнөн жашы каканактап кетет. Ал эми жаңыча жашоонун ташпишине түшүп, таягын унутуп бараткан эле.

Бир күнү конторага Балтабаев чакырып, койдон бошоп кеткен себептерин кайрадан сурап, элден уккан айың сөздөрүн да чындыгын тактады. Шалпык дүмүрөйүп көпкө отургандан соң акырын сүйлөдү:

— Он жыл иштедим, көңүлүм калды. Эми иштеше албайм.

— Аттокур капа кылып койдубу сени?

— Анткен деле жок, бирок көңүлүм калды. Ар ким эле өзүм дейт тура. Мен деле өзүм тууралуу ойлошум керек экен.

— Аттокур өзүмө деп аткан жок. Колхоз башкармасы бар — баарын караштырар. Эмне, Аттокурдун орденин бөлүп бербеди деп жүрөсүңбү?

— Орденде деле эмес кеп. Колхоз бардыгыбызды эле тең көрсө...

— Оо, сен бизге нааразы болуп, маяктыкты талашкаңы жүргөн турбайсыңбы? Мейли, бир короо кой алып кайра бак, көрөлү.

— Барбайм, бакпайм. Он жылда көңүлүңөр бир түшпөйт да, эми какшыгыңарды койгула.

Ал эч нерсе айтпай эле ыргып турду ордунан, балким ошол саатта түшүндүрүп айтканда кантер эле, бирок ар качан өз билгенин бекемдей берүүгө көнгөн Балтабаев да чыйрыга түштү. «Айтылган сөз закон болушу керек, ансыз иш...»

— Багасың, багасың. — Ныктап унчукту.

— Барбайм дедимби, барбайм. Мен өз ишимди пахтада эч кимден кем эмес иштеп жатам.

«Жооштон жоон чыгат» дегендей Шалпык эшикти шарт ачып, качса кутулуп кетердей чыгып кетти.

— Мени атып ийсеңер да ушу,— деп коридордо сүйлөнүп баратканын Балтабаев даана угуп, «кана кимибиз чыдар экенбиз» деди өз ичинен.

Балтабаев ошол күнү кечинде эле бригадир Мусага айтып, иш бергизбей койгон.

Шалпык койго барган жок. Бул эки ай ичинде иш бербеген соң, тамында иштеди: шыбагын шыбады, шыйпаңын тургузду, эми кыйын иштеринен кум шыбак, печ салдырыш, морлорун уруш — мунун баарын өзүм эле бүтүрөм деген ойдо.

— Кандай, Шалпык,— деди Балтабаев машинасынан түшүп жатып, анан жүлжүйгөн кичирээк, сүрдүү көзү менен жазбай тиктеп туруп,— иштер жакшыбы? — деди.

— Жакшы деле эмес. Муса аке болсо иш бербейт...

— Берилбейт,— деди Балтабаев анын оозунан сөздү жыра тартып.

Шалпык мөгдүрөп, жер карап туруп калды.

— Койго барасыңбы?

— Барбайм, раис,— деди Шалпык таптакыр айласы түгөнгөндүгүн билдирип,— барбайм. Кызыл чиедей балдарым менен эми мага мал багыш кайда, бир жагынан тамымды бүтүрөм. Аялым да оорукчан...

Балтабаев унчукпай калып, анан сүйлөдү:

— Чөптү оруп, үйүңдүн жанына чыкчыйтып жыйып коюпсуң, тамыңды ишке чыкпай бүтүрүп жатасың, албетте, тил албайсың да.

— Кантип ишке чыкпайт? Айланайын, отко айдасаңар да, сууга айдасаңар да барам.

Балтабаев унчуккан жок.

— Кичине чөп оруп койдум.

— Азыр чөбүндү машиналар менен ташытып, ортолукка алдырып кетебиз. Сени алаксыткан тамынды тептегиз кылдырам...

— Айланайын раис, ошо чөп менен жалгыз уйду кыштан чыгарбасак, балдарды сүтсүз багалабызбы?

— Болду, мен сага үчүнчү жолу эскерттим.

Балтабаев талаа шыйпаңындагы телефонго барып, мастерскаяга телефон чалды.

— Тагайсыңбы? Азыр эки машина жибер. Эмне? Анан бульдозерду. Ооба. Ишиң болбосун. Жибер дегенде жибере бербейсиңби? Анан кийин... Азыр жибер.

Бул учурда Садык кызыл бет, жоон-жолпу башкы инженер Тагайдын азыр кантип ишшпай сүйлөп жатканын көз алдына элестетип турду.

— Раис,— деди Шалпык эми чындап сестенип,— райым кылыңыз, көзүңүз көрүп турат шартымды...

Балтабаев нары басып кетти. Шалпык болсо ордунда мүрзө болуп көпкө туруп калды, анан Балтабаевдин артынан басып келип унчукту:

— Өзүңүз билесиз, атам өмүр бою кой багып жүрүп, жайлоодо өлдү. Талаага көөмп коё албай, жүктөп келдик. Салып койгон үйү жок экен, сөөгү бир күн карман турар үй таппай калдыкко... Мен да он жыл кой артында жүрүп, дал ошондой болдум да. Кыш күнү кайсы, жерге кышта десеңер кыштадым, кыш күнү алачыкта да олтуруп чыккан жылдарым болу, туурабы? Акыры аялым оорукчан болуп, шайы кеткенде арызданып жүрүп араң коюндан чыктым. Бир жагынан балдар чоңоюп келатат, бир баш калкалар үй салып берейин. Аялым экөөбүздүн баш кошуп, ушул төрт балалуу болгонго чейинки тилегибиз, арзуубуз бир үй... — Шалпык айтыгып токтоп калды, оозу кымтылбай, кемтик тиши көрүнүп турду.

— Тамың бүтөт, а койго барасың.

Шалпык күржүндөп шарт бурулду да, күрп этти:

— Эмне десең, ошо де. Зордоп баргыза албайсың, асманды таштасаң да кудайдан көрдүм...

Бир саат өтпөй эки машина келип, көчөнүн эң башына жаңы салынып жаткан Шалпыктын тамынын жанына токтоду. Шалпык үйүнөн чыкпай койду.

— Салгыла,— деди Балтабаев жайылган чөптү көргөзүп. Балбан жигиттер чөптү бир паста эки машинага тиреп, төмөн көздөй зуулдатып алып кирип кетишти.

— Ачкыла мынабу орону,— деди Балтабаев макапаянын ортосундагы томпойгон орону көрсөтүп,— колхозго иштебесе. Бул эгин колхоз жеринен алынган түшүм, колхоз кампасына барат.

— Эми коё турбайсызбы, раис,— деди ак көйнөгүн кымтыланып бригадир Муса,— бир күн ойлонушуп баксын, катын-баласы менен кеңешсин.

— Адилеттик болбой калат го аксакал,— деди Садык Балтабаевди жандай басып акырын гана. — Законго да, уставга да ылайык келбей калар бекен?..

— Келет. Колхоздон чыгарабыз. Иштебеген киши колхоз жеринде турууга акысы жок. Тамын көчүрүп кетсин, болбосо бульдозер менен тегиздетем.

Балтабаевдин сулуу жүзү кумсарып, жүлжүйгөн кырпыт көзүнөн заары чыгып турду.

— Колхоздон али чыгарыла элек да, аксакал. Бул — законсуздук деди Садык.

Балтабаев ойлоно калды, кара сакал бригадир Мусага буйрук берди:

— Тез арада адамдарыңы кырманга чогулт.

Муса ыңырканып калды эле, Балтабаев аны зекий тиктеди. Муса шарт бурулуп, ылдамдай басты.

Бригадир Муса бир саат өтпөй гозо чаап жүргөн аялдарды, суучуларды, кырманчыларды топтоду.

Балтабаев тике туруп, ачуулу сүйлөгөн калыбында: «Ак-Таш» колхозунун жалпы чогулушу ачык деп жарыялады да, азыр иш убакыт болгондуктан, колхозду бүт чогултууга мүмкүндүк жок, ошон үчүн чогулушту бригада-бригада өткөрүүнү оң таптык. Карала турган маселе бирөө гана деп, бир жацылыкты күтүп дым этпей туруп калган адамдардын көздөрүнө биринен сала бирине карады.

Берки четтеги тиштери түшкөн абышка оозун ачкан бойдон, көзүн жымшыйтып катып калган. Сол жактагы сулууча келин нары карай олтуруп, мойнун бурган калыбында тиктеп турду. Кээ бир эркектер кынтайып жамбаштап калышкан.

— Карала турган маселе,— деп Балтабаев дагы кайталады,— колхозчу Арыков Шалпыктын ишин талкуулоо.

Кишилер кичине күбүрөшө түшүп, тиги чыканактап жантайган Аали өйдө түздөнө олтурду.

— Шалпык эки ай бою колхоздун жумшаган ишине барбай, баш тартып, жеке кожо катары өз чарбасында иштеп жүргөнүн билесиңер. Мындайлар колхоз түзүлүшүнө жат элементтер деп аталат, аларды токтоосуз жок кылуу керектиги айыл чарба уставында, закондо жазылган. Андайлар коллективдүүлүктү бузган, совет түзүлүшүнүн ачык душманы болуп эсептелет. Мындайларга...

Балтабаев Шалпыкка коркунучтуу саясат айтып келип, колхоздон чыгарылышын сунуш кыла тургандыгын билдирди.

— Кана, өзү айтсынчы,— деди кимдир бирөө.

— Эмнени айтат? — деди Балтабаев кайра суроо берип.

Эл дым боло түштү. Кимдир бирөө калп эле күрс-күрс жөтөлүп койду.

Чет жакта жер тиктеп, түнөрүп отурган Шалпыкка баары астыртан карап калышты, бирок Шалпык ошо калыбынан жазган жок.

— Бир габини айтсың,— деди көк сакал Аали. Эл дуу-дуу сүрөп кетишти.

Анан бригадир Муса өйдө туруп, бир аз токтоп калып, анан улантты:

— Раистин Шалпык эки ай бою иштебей койду дегени ям чеки геп эмес,— деди ал, саал онтолоп. Анан раистин сөзүн кайталап келип,— анын сунушун колдобоско болбойт, себеби — закун ошону илтимас кылат.

Анан көк сакал Аали кол көтөрдү.

— Сүйлөңүз, Аали аке,— деди раис.

— Бу гапни түпүга чучунмадим. Колхоздон чиргани — нима? Унга адамдар айбандар болушлугу керекми, яки болаверадими? А хуп, ашу чикаргандан кегин нима болади? Авал шунга жооп беринг, раис?

— Чыгарылгандан кийин колхоз жеринде тура албайт. — Балтабаев жооп берди.

— Катин-баласы нима болади?

— Катын-баласын алып кетет, үй-жайын колхоз өзү билет.

— Коош, энди түшүнүктүү,— деди Аали ар бир сөзүн адам зериккидей тапталап сүйлөп,— Шалпык эки ай ишламади дедийлар. Угушимча өзийлар иш бермас экенсизлар у? Шундайми, Муса?

Муса бир алдын абын ийкеп, анан кайта кошумчалап жиберди:

— Жумшаган иштен баш тартканы чын.

— Согушта,— деп сөз кыпчып койду Балтабаев,— камандири жумшаган жакка барбаса, солдатты ошол жерде эле күнөөгө тартат.

— Оо, унда закун катуу экен,— деп койду Аали дагы ойлонуп,— ишкылып, бир бечараны күйгүзүп иймайдаган юли болмас микин?

— Сен, Аали аке,— деп Балтабаев ордунан тура калды. — Шалпык сыңары колхозду каалабаган кишисиң. Уставдан ашык бир уюң бар. Тетиги үй сеникиби,— деди Балтабаев зекий, тумшуктун алдындагы бактуу үйдү көрсөтүп,— карачы, чарпаяндын башына колхоздун чөбүн оруп зыңгыратып жыйып алыпсың. Айыл чарба артелинин уставын бузуучулардын бири сенсин, уктуңбу?

Аали чал шалдая түшүп, оозуна сөз кирбей калды.

— Ээ балдар,— деди алиги тиши жок оозун кымтый

албай отурган кичине абышка, сөз деле сурабай, ордунан эле чөгөлөй калып унчукту,— бир теңге берип айттыра албайт да, миң теңге берип койдура албайт деген лакап бар. Ошол Шалпык ырысы жокко мынча асыласыңар? Багам деп каалагандарга кармата бербейсиңерби, жаңжалдын эмне кереги бар?

— А Шалпык эмне үчүн барбайт? — Балтабаев күрп этип унчукту.

— Барбаганын мен кайдан билем,— деди тиши жок чал ийнин кысып.

— Эй карт бөрү,— деди Балтабаев тиши жок арык чалга колун кезеп,— сенин өлөрүң калды. Эл бузганды коюп, жөн жүрсөңчү.

— Эмнени буздум? — деди чал жээги кызарып кеткен көзүн кыбың-кыбың ирмеп.

— Бүткөн иште бузуп аткан жериң жокпу азыр?

— Эй айланайын,— деди чал күрсүнө унчугуп, колун терс шилтей берип,— өзүң каалайт экенсиң, чыгарат экенсиң, чыгармактан жүз чыгар, неге биздин ортобузга салымыш болосуң аны?

— Эй, чал, ачык айт деп атам мен!

— Жүз жолу чыгар. Мына эки колумду тең көтөрөм.

Чал тизелеген боюнча эки колун тең көтөрүп жиберди.

— Кана, аялдар силерчи?

Эч ким унчуккан жок. Алиги сулууча келин мойнун кылчайтып бурган калыбында жылмайып койду.

— Тур, айт сен,— деди Балтабаев ага карай баш экчеп.

Келин кызарып кетти.

— Эмне айтат элем?

— Чыгарылсынбы деп атам?

— Эмне десеңер, өзүңөр билесиңер да.

Балтабаев ишенимдүү үн менен кошумчалады:

— Беш адам сүйлөдү, бир гана сунуш болду. Колго салуунун кереги жок деп ойлойм. Кандай дейсиңер?

Эң мурун бригадир Муса баш ийкеди.

Токтом жазып жаткан табилчиге карай кылчайды Балтабаев:

— Колхозчулардын бул жалпы чогулушунун токтому бардык бригадаларда кеңири иштелип чыгылсын деген пункт киргиз эң аягына.

Чогулуш тарагандан көп өтпөй, бая чакырткан бульдозер да келип токтоду. Анын рулунда дулдуйган бети калың, дүлөй чалыш жашыраак жигит отурат. Балта-

баев дудуктун сыңары жаңсап белги берип жатты. Бул мотордун үнүнөн уламбы, же кулагынын ооруганынанбы, Садык ажырата алган жок.

— Көрдүңбү мурдун балта кеспейт,— деди Балтабаев, баятан чогулушта бир да ооз сөз кошуп «койгула, барайын» дегендин ордуна, көгүнө таянып үнсүз туруп кетип, эми жаңы салынган үйүнүн дубалына сүйөнө былк этпей түнөрүп ачуулуу отурган Шалпыкты көрсөтүп. Балтабаев тиштенип унчукту:

— Көрдүңбү мунун закончусун. Охо, бу дымак байлап калган экен го.

Кана чыдашып көрөлүчү, чыдаган бөрү май чычат дейт.

Садык менен бригадир Муса арыктын кырына келип токтоп калышты. Балтабаев андан жепжеңил секирип оттү да, моторун дүкүлдөтүп бульдезордун рулунда отурган кара жигитти кол шилтеп чакырды. Алиги өзү түтүктөп колуна кармап алган токтом кагазды көргөзүп, аны дудуктун сыңары ага жаңсап түшүндүрдү.

Балтабаев колун кескин шилтеди: дүлөй чалыш кара неме бульдозердин мурдуна илген калканын төмөндөтүп, газды басып, тупа-туура үйдү көздөй салды: кынатып койгон бир катар кышты жайната коюп сүрүп барып, жаңы үйдүн айбанынын бир канатын темир калкандын учу менен челип өткөндө, дубалдын этектей жери чалкасынан кетип, чаңый түштү.

— Ай!

Үйдөн чала кийинне чакырап жүгүрүп чыккан узун бойлуу, жыгачтай каткан арык аял бульдозердун алдына чарпылып барып жыгылды. Анын ачуу үнү жер менен көккө жете түшкөндөй болду:

— Айланайындар, бул эмне дегениңер? Алдын мени... мени бастыр: Андан дубалды, анан...

— Ай, ай, раис сабыр кылың, сабыр кылың! — деди бригадир Муса аябай шашып калып,— ачууңузду жутуң. Акмакка теңелбең.

— Кандай кеп болуп кетти, аксакал! — деди Садык түшүнө бербей.

— Колхоз душманына бир ууч топурак жок. Жексен кыламын мен муну!..

Дүлөй чалыш кара бульдозерист алиги узун бойлуу арык аялдын бүткүл умут, тилегинен ажырап бараткандай жандан кечип кыйкырып жыгылышынан уламбы, же өзүнүн адамдык кейпи ошо беле, саландап ачылган ээгин кымтый албай, таш болуп катып калды.

Чатак кеч басылды.

Шалпык эрте менен конторага бармай болду.

Бульдозерду Балтабаев эшик алдына токтоткон бойдон калтырды.

Садык өзүнүн алда кандай бир жаман абалга келип тургандын сезди — жүрөгү кысылгансып, ийнин кагып, араң дем алып жатты.

Машинасынын арткы отургучунда Балтабаев да ачуулу эле, ошон үчүн көпкө чейин эч ким озунуп сөз кошкон жок. Шофер да тилин кескендей жымжырт. Ал машинанын фары жарык кылган өңүгүл-дөңгүл чаң жолдон тикирейип көз албайт.

Балтабаев тамеки жандырып, бир-эки сорду да кекерлүү унчукту:

— Сага көрсөтпөсөм, атаганаңдын оозун урайын. Эзелтен ушундай желкесинде көк тарамышы бар. Карап тур, мен аны кандай кыркар экемин... Өлалбай жатып дымагы чоң. Жөн эле иштегенди билсечи, нааразы болгонду ким койду ушуга. Жаман оюн басып таштабасаң, башкалар укса да «ырас эле бейм» деши мүмкүн...

Ал унчукпай калгандан кийин Садык акырын сөз кошуп койду:

— Кантсе да жакшы болбоду го...

— Жакшы болбоду. Ар кандай каршылыктын мизин кайтарбаса, иш жүрөбү. Колхоз башкармасына шек келтиримиш болот экен. Капкайдагы жаман ойдун башына түшө калганын кара...

— Мүмкүн, бирок, түшүндүрүп, алы-чагына карапгырса да болор эле дейм да. Мейли ойлосо каалаганындай ойлосун.

— Хе,— деди Балтабаев тигинин балалыгын ого бетер бекемдегендей,— колхоз бир адам эмес да... Зыңгыратып катуу кармабай, алы-чагын угуп олтурсаң, ар кимдин башына түшө калган жаман ой эсепке ала берсең, эч ким иштебейт.

— Колхозго коркконунан эмес, өз кызыкчылыгы үчүн иштесин да...

— А кокуй, сен бала элесиң го. Катуу кол керек, бир күн бошондотсоң эле өз огородун чукулайт.

Садык бир аз унчукпай калып, анан минтип кошумчалады:

— Огородун чукулабаса да болбойт да, аксакал. Колхоз бир жыл көп берсе, бир жылы аз берип калып жатат. Куру кол калган жылдар да жок эмес болчу кечээ эле...

Балтабаев бул сөздү маанисин байкабай калдыбы, же атайы сүрүп кеткиси келдиби, ал дагы өткөнүнө кетти:

— Мен ранс болгондо үч колхоз бирикти — баш аламан, тартип жок. Колхоздон бир кило эгин албайт. Түшүндүрүп көрчү. Эки-үч жыл ар кимисине бир жалынып дубана болуп кеттим. Карасам, боло турган эмес, бир нерсе кылыш керек эле. Тартип орнотоюн дедим, темирдей тартип. Бара-бара чымыратканга өттүм. Иштанына сийдирдим көбүн... Качканын кармап алып, кестирдим. Кана, оңолбогон ишти көрөйүн? Оозго кирдик. Мактоого алындык. Мына азыркы абалды болсо өзүң көрүп турасың.

— Албетте, ал убак бир убак эле да, азыр башка убак. Мезгилдин ролун да унутпаш керек... Алигинтүү ишенимдүү ыкма эмес го...

— О кокуй, сен башка ойлойт турбайсыңбы,— деди Балтабаев сулууча жүзүнө эми жылмаю жүгүртүп, сыр тарткан жүлжүгүй көзүнө от кире түшкөнсүп,— азыр бошондотсоң эле ошентип кетүүгө даяр. Темирдей тартиптен эч ким зыян тартпайт. Бир кишинин айтканы айткандай, дегени дегендей аткарылып турушу керек да. «Көп суур ийин казбайт, казса да кең казбайт» деген макал бар.

Садык эми көпкө чейин унчукпай кете берди. Балтабаевдин бул ыкмалары аны көп ойго салбай койбойт эле. «Ырас эле, балким, катуу кол болбосо болобу? Өкмөт да бекеринен айтып жаткан эместир...»

Садык конторага эртең менен эрте барды.

Ага карабай, ташбакадай жалпайган Шалпык менен куба жүлүн узун бойлуу арык аялы Бүбүкан да Балтабаевдин кабинетинде экен.

Балтабаев телефонду карс эттире каттуу койду да, кабагын саал бүркөп, көзүн жүлжүйтүп бет-маңдай отурган эрди-катынга карады. Шалпыктын аялы Бүбүкан арык жүзүнүн ого бетер каны качып, чоңураак көздөрүн бали-бали ирмеп, алда нени күткөндөй сестенип, жүзүнө карап турду.

— Кана, келипсинер? Айтткыла оюңарды,— деди Балтабаев эрди-катынга алма-телме карап.

Шалпык түнү бою ойлонгон, шаардагы пахта зоводуна иштеген тагасын, анын 8 саат иштеп, таза кийинип басып жүргөнүн, үй ичин эстеди. Бир жолу ал «келип иштейсиңби?» дегенин түшүрдү эсине. Бирок шаарга барууга паспорту жок экенин эстеп, ындыны өчтү, Анан

адилеттик издеп сельсоветтин председателине барган. Мына ал мурутун чычайтып, кошо келип отурат.

— Ортак Балтабаев,— деди чычайган мурутуна көк аралаган сельсоветтин председатели,— мен дагы ушул Шалпыктын иши боюнча келдим.

— Сен эмне үчүн буга аралаштың? — деди Балтабаев баштаган эле жерден председателдин сөзүн бууп.

— Мага арызданып барды.

— Эмне бийлигиң бар сенин?

— Э,— деди председатель мурутун жанып обдулуп,— жергиликтүү бийликсиз биз.

— Анда сен туулган балдарга күбөлүк жаз да, сурагандарга справка бер. Башка бийлигиң жок. Уктуңбу?

Чийбаркыт пиджагынын жакалары бүктөлгөн председатель көзүн кыбың-кыбың ирмеп, чекчейип туруп калды.

— Башканын ишине кийлигишкенди коюп, жөнөгүн!

— Өкмөт бар, анын бийлиги бар.

— Бийлигиң болсо, чымчым талкан бериш келеби колуңан?

— Келбесе да бийлик дейт.

— Бийлик жок. Бийлик колхоздо. Уктуңбу?

Председатель кичине керкеңден бир нерсе айтмак болгондо, Балтабаев андан мурун кекетип айтты:

— Сен кичине сээр байлап калган окшойсуң? Өкүнүп калбагын!..

Председатель мурутун чычайтып, сестене түштү.

— Жөнөгүн. Сени менен ишим жок. Сүйлөшпөйм.

Балтабаев телефондун кулагын бурады.

Председатель сөз кайтарган жок, бир аз туруп, анан жылып чыга берди.

Балтабаев анан Шалпакка кайрылды:

— Сен үчүн, Шалпык, бүгүн жалпы чогулуш чакырамын, анан барып тамыңдын ордун тегиздетемин. Законуң мага эч нерсе эмес, тамды сен уруксат берилбеген жерге салгансың, ал жерден канал өтөт, уктуңбу. Кадырың жам болсун, бүгүн тептегиз кылдырам бульдозер менен.

— Айтпайсыңбы,— деди Шалпыктын купкуу арык аялы баятан араң тиштенсе да тамын айтканда эрин капталга түртүп,— макул дебейсиңби, өлүп кетсең да. Айланайын раис, багат, мына, мен атпайымбы. Багабыз, ачуунузду жутуңуз.

Балтабаев чыйрала түштү:

— Колхоздон чыгарылбаганда да, ушул абалыңды

соттотуп кестирип жиберейинби? Элди тетири үгүттөдүң. Эмгек минимуму дегенди уккансыңбы? Сеники толмок турсун, эки ай ичинде бирөө да жок. Болду, жөнө, сени менен эми сүйлөшпөйм.

— Айланайын раис! — деп Бүбүкан сөлөкөттөй арык болуп тура калды. — Барат. Багат. Бакпаган кишини көрөм. Ал бакпаса, мен багам... — деди ыйлап жиберип.

Шалпык шылкыйып отуруп калды.

XI

Дал ошол күнү түштөн кийин Садык жалпак бет Жапак бухгалтер менен бирге анын «Волгасына» отуруп, райондук айыл чарба башкармасына кандайдыр бир шашылыш иш боюнча жөнөп кетти.

Жапак бетин жалпайтып жап жаңы сур «Волгасынын» рулун жай имерип, Ташкенттен берилген музыканын бир калыпта чыккан күүсү менен термелип баратат. Асфальттын сынары теп-тегиз сай бойлогон кум жол көзгө илешпей лентадай түрүлүп артка өтөт. Кээде балондон учкан таш машинаны курсагына тарс этип урунуп кетсе, ошол таш как чокусуна тийгендей, Жапактын жалпак бети тырыша түшөт.

— Эмне унчукпайсың, Садык,— дейт Жапак тикирейип жолдон көз алба,— ойчулсуң. Аялыңды сагынсаң керек. Болбосо, сүйлө...

— Шалпыкты эмне дейт эми?

— Эмне демек эле. Шалпык койго барат. Болбосо раистин ачуусу аябай келип калды. Айтпадымбы, кечинде башкарманын мүчөлөрүн чакырып, чогулуш кылды: Шалпыгыңдын маселесин койду.

— Башкарманын мүчөлөрү эмне дешти?

— Эмне демек эле, макул дешти.

— Муса аке да макул дедиби?

— Ананчы. Ой, сен Мусаны билбейт турбайсыңбы? Ал жоош неме да, раис айтса, кыңк дебейт.

— Тагайчы?

— Ал келген жок.

Анан Садык көпкө чейин сүйлөбөй кете берди да, өз оюн жыйынтыктагандай кобурап койду:

— Кантсе да адилетсиздик го дейм.

— Эмнесин айтмаксың. Байдылла иштесин деп атат. Максаты эле ошо. Адилет, адилетсиз деп отурса, иш болобу? Сен али Балтабаевди биле элексиң. Мен канча жылы бою бухгалтер болуп, кошо иштеп жүрөм го. Мын-

дай иш билги киши кайда иниш. Колхоз үчүн жан аябайт, пайдалуу нерсе болсо, жердин түбүнөн да жол табат, башкалардан ошону талап кылат.

Муну менен иштешкен киши куп деш керек — эч качан жерге таштабайт, жамандыкка да түртпөйт. Анан кежендеп, тигиндей-мындай дединби, болду, кыскасы — ал киши биерде турбайт. Колхоз активи быякта турсун, мына бу мектепке келген мугалим көңүлүнө жакпай калдыбы, болду.

Жапак түшүндүрө албаганына өкүнгөндөй, башын чайкап койду.

— Сен туура түшүнгүн мени. Кеп бу киши менен тил табышууда. Мына мен он эки жылдан бери бирге иштешем. Эч бир жамандыгын көргөнүм жок — жамандык-жакшылыкта эч качан таштап да жиберген жок. Кудага шүгүр, турмушум да жаман эмес, үйүмдү көргөндүрсүң?

Садык баш ийкеп койду.

— Кана, ким уул-бала болсо салдырып алсынчы, көрөйүн. — Жапак шердене түшүп сөз улады: — Мына, сур жоргону болсо биринчилерден болуп мингемин,— деди «Волганын» сигналын басып «паап» эттирип койду, жалпак бетин жыйылта күлүп.

Унчугушпай калган соң Жапак сөз улады:

— Тил табыш керек аны менен. Көңүлдөгүсүн мен кабагынан эле билип коем, кабагын карап турам, ошого карап иш кылам,— деди Жапак, саал сыймыктана. — Кээде анын ичиндегисин күн мурда бүтүрүп коем. Өзү да ыраазы болуп, күлүп жиберет. Азыркы заманда адам менен иштеше билиш керек. Дипломун чөнтөгүнө салып алып, карды тойбой жүргөндөрдү четтен көрүп жүрөм. Диплом ал — кагаз, адам менен иштеше билиште кеп...

Жапак кыткылыктап күлүп калды.

— Көптөр Байдылланын сырын билбей эле, кыжын-кужун дешемин деп, аягы сай таппай калды. Андайларга Байдылла чыдай албайт — кара башын сайып коюга даяр, «же сен, же мен» деп артынан түшөт. Ал антпегенде ким антет? Туура аныкы да. «Эки кочкордун башы бир казанда кайнабайт» деген сөз бар, туурабы?..

Көңүлү көп нерселерге алагды болуп, өз ою ичтен бийлеп калган Садык, эми Жапактын сөздөрүнө анча маани бербей, үнсүз кете берди...

* * *

Садык алдыда келе жаткан компанияга байланыштуу колхоз боюнча жыйым-теримдин графигин түзүп чыкты.

Кечинде колхоз правлениясы аны карады, талкууга алды. Эң башкысы: Балтабаевге жаккан жок — ал кыжырланды, четке кагып таштады, жаратпай салды. Балким, аныкы туурадыр,— ал дыйкан, тажрыйбалу жетекчи, чоң чарбанын көп жылдан бери таанылган ээси, бирок туура эмес экендигине Садыкты ишендирип, көзүнө далилдеп көрсөтүп койбойбу?

Садыктын түзгөн графигинин негизги багыты мына мындай болуучу: ал мамлекетке пахта сатуу боюнча пландын аткарылышын 5-ноябрга белгиленген (область да ушу мөөнөткө бүтмөк), анан ал пахтаны терип алууну негизги бөлүгүн колхоздун өзүнүн ички күчтөрүнүн үлүшүнө эсептеди. Сырттан келүүчү жардамчы күчтөрдүн ири пландын ушу сроктон мурда аткарылышын гана тездетмек. Ал күчтөрдү да колхоз пландын 60—70 процентине барып калганда чакыруруна болжоду. Ошондо элге да, жардамчыларга да пайдалуу... Чатак ушул жерден чыкты.

Биринчи эле сөз милдеттенменин аткарылышынын срогу жөнүндө болду.

— Эмне үчүн 5-ноябрь? — деди Балтабаев сулуучча келген ак жүздүү бетине каны тээп кызарып.

Колхоз активтери бир ооз сөз кошпой, балык болуп үнсүз турушту.

— Өзүбүздөгү күчтөрдүн мүмкүнчүлүгүн, жана экономикалык натыйжалуулукту эске алганда, ушуга туура келет экен,— деди Садык.

Ал иштин жайын терең үйрөнгөн киши катары ишенимдүү айтты.

— Иги... — деди Балтабаев саал кекерлүү.

— Областтын срогу да ошол учурга белгиленген эмеспи?

Балтабаев бүркүттөй жалт моюн буруп, Садыктын жүзүнө тике карады:

— Биз колдон келсе, областтан он күн, же он беш күн мурда толтуруу үчүн күрөшүүбүз керек. Ансыз бизге кызыкчылыгы кайсы?

— Мен өзүбүздөгү күчтөрдүн максималдуу мүмкүнчүлүктөрүн эске алдым. Элдин пайдасын ойлодум. Ар бир дыйкандын жеке кызыкчылыгын эске алдым.

Балтабаев тайманбай сөз кайтарган Садыкка кыжыры келип, өзүн арап токтотуп, тамеки жандырды.

— Жардамчылардын үлүшү эмне үчүн мынча аз? Бизге эки техникумдан үч жүздөн ашык теримчи келерин билесиңби? Обкомдун бюросунда бөлүнүп коюлду. Өзүбүздүн мектептерди жабабыз эки айга... Мына күч!..

— Анчанын кереги не? Биз өз колхозчуларыбыздын ар биринин жеке кызыкчылыгын унутушубуз жарайбы, ойлонунузчу, аксакал. Колхозчулар жыл бою жөөктө түнөп, пахтаны өстүрөт. Терилген ар бир килограмм пахтада алардын эмгеги турат. Колхозчулар ошол өз акчасын эми бир-бирден эсептеп алар күнгө келгенде, мурда эмгегин кошпогон башка бирөөлөр шыпырып алып кете берет. Эл үчүн бул адилеттик болбос. Эл өз мээнетин өзү жыйнап алсын. Беш күн мурда бүтүнү гана максат кылып албай, адамдардын материалдык кызыкчылыгын да эсепке алышыбыз керек.

— Эй, сен эле элди ойлоп, биз элди таштап жиберди деп жүрөсүңбү? Сен билесиңби, эл үчүн деп бул колхоздун даңкын кандай гана күч, кандай гана эмгек жумшап көтөргөнүбүздү? Эми колхозчулар беш-он сомдон ашык акча таап алсын деп, колхоз атын таштап жиберишибиз керекпи? Биз да партиялык мектепке анча-мынча окуганбыз,— деди Балтабаев Садык Балбаковду кекетип,— коллективдин кызыкчылыгы деген бар, жеке адамдын кызыкчылыгы бар. Ар бир кишинин пайдасы деп анархияга түшүп кетебизби?..

— Жок, мен андай ойлобойм. Ар бир адамдын кызыкчылыгы деле коллективдин кызыкчылыгын түзөт. Коллективдин кызыкчылыгы ар бир адамдын жеке кызыкчылыгына байланышса гана бекем болот. Мен өз эсебимде ошону жетекчиликке алдым.

— Эсептегениң көрүнүп турат. Жекечилдикке таянышыбыз керек экен да, а партия коллективизм деп жатканы бекерби? Сендейлерди народник деп жектеген партия. Элдин таламын сүйлөмүш болгондорду.

— Ал такыр башка маселе, раис аке.

— А биз көрүп турабыз. — Байдылла саяси кыраакылыгын атайы баса белгилегиси келди.

Экөө тең унчугушпай, тиктешип калышты.

— Бул иштин бир жагы. Антпегенде да өзүбүз теребиз деп отуруп, түшүмдү карга калтырышыбыз керекпи?

— Биз расчетту ар убак өз күчүбүзгө гана түзүшүбүз керек. Жардамчы күч аны ылдамдатууга гана түрткү бергендей болсун. Талаадагы күчкө түзүлгөн

расчетто — экономикалык өнүгүштүн ритми бузулат. План да, график да жогортон берилбей, биздин мүмкүнчүлүктөрдүн негизинде пайда болушу керек. Экономикалык закон муну талап кылат.

— Биз сенин акылыңыз эле планды аткарып, бор-бордон тарта жакшы сөздөр угуп жүргөнбүз.

— Кеп жалаң эле мактоо, даңк алууда эмес. Иштин экинчи жагын да унутпообуз керек.

— Кайсыл жагын? Көкөлөп асманда жүргөнүңдүбү? Турмуш, чарба сенин кыялындай эмес...

— Жеке гана сиздин кыялыңызда тургандай да эмес. Биз бири-бирибизди түшүнүшүбүз зарыл.

— Эмненди мен түшүнөм сенин? Менин максатым куру кыял гана эмес, планды аткаруу, колхозду көтөрүү... Мен дыйканмын. Мына! — деди Балтабаев алаканын бери сунуп көрсөтүп.

— Түшүнөсүз баары бир,— деди Садык өжөрлөнүп,— бүгүн болбосо, эртең түшүнөсүз.

— Сенби түшүндүрө турган?

— Мен!.. Мен болбосом, турмуш чындыгы...

— О-хо, ушундайбы?.. Көрүшөт экенбиз!

— Көрүшөбүз! Биздин пикир келишпестигибиздин тамыры өтө терең. Бул экөөбүздүн тим эле кыжың-пыжыңыбыз эмес, зор социалдык нерсе...

— Ушундай де!

— Ушундай!

Активдер баятан дым болуп тиктеп турушат.

Кыжыры ташыган Балтабаев кантип болсо да жеңип чыккысы келди:

— Ме! Мен өзүмдүн башым менен иштеген адаммын. — Ал Садыктын түзгөн графигин алдына ыргытып таштады да, бухгалтер Жапакка кылчайды,— апкел технологиялык картаны.

Ал китепчени баратап ачты да, ишенимдүү үн чыгарды:

— Жаз!..

Балтабаев графикти кандайча түзүүнүн багытын өзү айта баштады.

XII

Садык эл иштен кайткан кезде үйүнөн чыгып, кыркалай мырза теректердин түбүндөгү чандуу жол менен ойлуу басып, Алиманын үйү тарапка баратты. Ал өз оюнча Алиманы чакырып, анын звеносундагы ашыкча адам күчү, анан ага ашыкча бөлүнгөн азот, фосфорит

жөнүндө тактап, жакында Алима өз облаткомдун председателине кирип кадыр салып, өз звеносу үчүн 20 тонна жер семирткич сурап алып келгенин да тактамак болду. Алима терең түшүнүп сөзгө келсе, мына ушунун өзүндөгү кандай формада болсо да тендемечилик жөнүндө сүйлөшкүсү, бул адилетсиздик экенин айткысы келди. Ал ойлуу баратты, Алима муну түшүнөбү, жокпу? Балким, ал такыр башкача кабыл алар, мага капа болор...

Алима үйүндө экен, бирок иштен эми эле келсе керек, кийим кечесин алмаштырууга да үлгүрбөптүр. Бирок анын жүзүндөгү ар качан Садыкка байкала калуучу сыздаткан оору көрбөгөндөй таза табийгылык, кандайдыр кармалбас жагымдуулук көңүлүн бир түрлүү кыймылга келтирип, жылытып бийлеп кеткенсиди. Анын курч учураган кичирээк кара көзүнөн жылт эте түшкенсүгөн бир нерсеге Садык эч качан катуулук да, туруктуулук да кыла албайт, өзүн кандайдыр жаш баладай көңүлчөк, бошоң сезип калат. Ал азыр да ошентти. Болбосо, баятан көңүлү чөгүнкү келатканда, анын үйүнө кирүүнү түк оюна алган эмес. Алима менен сүйлөшкөнчө конторадагы айрым бир зарыл кагаздарды почта жабылганча жөнөтүп келмек болуучу. Бирок Алима үйгө кирүүгө өтүндү. Жакшы эле кой демек болду эле, бирок Алиманын көзүн саал коймолжун тарттыра, бир аз эле отура турууга, кийинип чыкканча күтүүсүн суранышы бардык катуулугун да, туруктуулугун да тепсеп кетти. Ал төркү үйгө кирип, эки бутун суна дубалга сүйөнүп, көкүрөгүн дагдайтып ачкан бойдон отура берди.

Алима наркы үйдөн кийимин алмаштырып кийди да, бир чайнек чай менен дасторконду кошо алып келди.

Алар бир чыныдан чай ичишти. Иш жөнүндө сүйлөшкөн жок. Репродуктордон берип жаткан кандайдыр спектаклди угумуш болушту: бирок экөө тең андагы айтылып жаткан диологдордун маанисине көңүл бурушкан жок, экөөнүн тең ички ою өзүнчө башка багыттарда болучу.

Алиманын жүзүнөн Садык алиги кармалбас ички эмоцияны, балким, кубанычтын жылмаюсун сезип турду. Ошондон уламбы, көңүлү комуз кылындай күүгө келип, өзүн түк мурдагыдай эмес, эркин бүркүт сыяктуу сезди...

Садык чочуп ойгонуп көзүн ачканда, куланөөк салган тандын шооласы терезеден көгүш буурул тартып кирип калган эле.

Анын башына кылт этип, тузу ачуурак куурма менен бир аз ичип, көңүлү көтөрүңкү отурган учуру түштү.

Садык тез кийинип чыгып кеткен соң, кубанычтан улам уйкусу качкан Алима кыялдуу жата берди. Анын тошогүнөн жагымдуу эркек жыты али кетпей турду. Алима мындай жытты эрте — он алты жашында эле сезген. Бирок ал эрди кечигип күттү,— жыйырма бир жашында күттү. Бул кез анын даңкы чыгып, кадыр-барк күтүп турган учуру болучу. Ошон үчүн үйлөнүү тою да жөнөкөй эмес, даңкы таш жарып, асты тээ бор-бордон, андан бери облустан, анан райондон тарта шаадай болгон адамдардын катышуусунда, чоор-кыяк менен күрүлдөп өткөн. Эгер даңк менен өтөр той болсо, мындан артык болбос дешкен, көзү менен көрүп тургандар. Бирок аты алыска кеткен той, даңк бир башка экен да, үй-бүлөлүк бакыт өзүнчө башка нерсе экен.

— Ырас, Алима даңкты, кадыр-барктыөзү түздү,— ал мындай тери, таман акысының акыбети.

Он жетисинде 18 тонна пахта терип, менменсиген теримчилер менен теңтайлашты. Кийинки үч жылы удаасы менен 23—25 тоннадан төмөн түшкөн жок. Бул ооз менен айтарга сөз, кол менен бүтүрөргө зор иш. Ал намыз, ар менен иштеди. «Ий, байкуш, ушул жетим кызча болбой өлүппүзбү» деп чоң сүйлөгөндөрдүн сөздөрүн өз кулагы менен угуп турду ар бир кадамында. «Жетимдин кудайга жазыгы барбы? Жетимдин атасын кудай алып кем кылса, эми ушу иштен да кем кылабы? Бул эмне деген кордук? Кандай эле ушундай болмок?..»

Алиманын кичинекейинен өжөр өскөн мүнөзү ушул ички күрөштөрдө чыңалды, туруктуу болуп калыптанды. Ал онтогуз-жыйырма жашында ордендер тагынды. Колхозунун, өз кыштагынын ар-намызы болуп калды.

Алима алиги жоош, карылуу механизатор жигитти ушунчалык жакшы көргөн, сүйгөн — бүткүл келечек өмүрүн аны менен кошо элестеткен, турмуш курган. Бирок алардын бактысы алты-жети айдан нары ашкан жок. Мунун себебин Алима азыр да түшүнө албайт. Жалынды, жалбарды, мына үй, мына жай, мына сүйүүм деди. Бирок ал жоош мүнөздүү жигитти эч нерсе кармап токтото алган жок. Калпагын колуна алып чыгып кете берди.

Алима эр күтүүнү, бала күтүүнү очор-бачар турмушту эңсейт.

Мына азыр ал эркек жытына мас болгондой, магдырап кыялдуу жатты...

Садык ылдам басып үйүнө жетти да, каалгада кыпчылуу турган телеграмманы көрүп, кыргыйдай илип кетти. Телеграмма аялы Айнурадан эле.

«Эртең саат экиде самолетто учабыз, тосуп ал. Сени бек кучактап өөп Саматың, Нюраң».

Садыктын бети чымырап кетти. Шалдайып туруп калды кыйлага чейин. Анын көөдөнүн кандайдыр бир нерсе өйүп чыкты.

Ал үйүнө кирип, эмне кыларын билбей калды. Колуна эч нерсе кирбей, ары-бери баса берди.

Аэропортко Садык самолет али коно электе келди. Самолет тээ алыстан көрүнүп, эңкейгенден тарта анын көңүлү элеп-желеп болуп турду. Уулун элестетти көз алдына, көзүнөн уулунун карааны учуп турду.

Самолеттун айнегинен көргөнбү, кичинекей Самат трапка чыкканда эле бытыйган колун эрбендете булгалады. Садык ылдамдап жүгүрүп, чап кучактап көкүрөгүнө алып, анын ууртунан, тамагынан өпкүлөдү. Анан ак жүздүү тегерек бет, шыргыйдай бойлуу Айнурасын өптү. Жүрөгү зыр этип өйүп, бети чымырай түштү. Айнура седептей ак тиштерин көрсөтө күлүп, Садыктын калың эрдинен эки ууртунан өптү.

Анан Садык уулун бир колу менен көкүрөгүнө ала, экинчи колундагы оор чемоданды улам тизесине урунта басып, колхоздон сурап мине келген машинасын көздөй бет алды.

Машина чимирилип таш жолдо катуу баратты. Капталдан жактан урган шамал Айнураны күрөң чачын уйпалайт. Ал эки тарабына тынымсыз карап, мындан ары жашай турган жеринин көркүнө алагды болуп баратканын эле.

— Кандай, Нюра, жагабы, көңүлүңө? — деди Садык.

— Абдан,— деди Айнура седептей тиштери ак жүзүнө сүйгүнчүктүү жараша берип.

Самат болсо дагы эле тырмышып, Садыктын көкүрөгүндө болучу.

Алдындагы көрүнгөн кыштакты көрсөтө Садык баш экчеп унчукту:

— Мына, биздин кыштак...

XIII

Эшиктин тарс-тарс кагылышынан улам Садык да, Айнура да чочуп ойгонуп кетишти: таң абдан ата электиктен, үй ичи мунарып буурул жарык.

Садык жүгүрүп барып, эшик ачты эле, жылуу тонунун белин ак куру менен кынжырдай бекем тарта, бешалты ороп байланып, ак мурутуна, өскүлөңүрөөк ак каштарына муз тоңгон Минбай көрүндү.

— Эй, Миңбай ата? — деп чочуп кетти Садык.

Миңбай кар шилеп келген этек-жеңин да кагынбай үйгө кирди. Анын деминен папирос чеккендей көк буу буркурайт. Миңбайдын кийинки кездерде бир топ тыңып кеткенин, төшөктө жатпай сырта басып калганын Садык жакшы билет — өз атасы төшөктөн туруп, кеткенсип, кандайдыр бир сезим аны кубантат.

— Э, түн бою тыныгыбыз жок,— деди Миңбай этегин кагынбай күрсүгө отуруп.

— Эмне кеп? — деди Садык чыдай албай кетип.

— Ээ, алиги Шалпыктын катыны тээ Ак-Теректеги кыштоодо пендечилик кылган экен, ал мага киши жибериптир.

— Байкуш ай,— деди Садык негедир жүрөгү солк этип, көөдөнүн сезилерлик суук нерсе аралап кетти.

— Суук үй... Көк муштум болгон кызыл чиедей балдар. Бир жагынан, түбү түшкөнбү, күн өчүккөндөй боройлоп, иттей кыйналганды айтпа...

— Миңбай муундары бөлтөйтүп-бөлтөйтүп чоң көрүнүп, бармак баштары чарт жарылган шадылуу колдорун шуудуратып укалап койду.

— Эмне болду анан?

— Апкелдик. Табытын кудай урган Шалпык атта алып жүрө албай, өзүм өнөрүп келдим. Колум такыр түшүп калды.

Ал колун шуудуратып дагы ушалады.

Жанатан дарбазага паанектей тартып кийинип, эки кулагы сөздө турган Айнура аралаша кетти:

— Ай, несчатная, месяца мурда биздин больницага жаткан. Дагы жат дегенмин, болбойт. Аныкы абдан обостренный женская болезнь болчу. Суук тийүүдөн баары.

— Жеткен ажал да,— деди Миңбай камырабай, Айнуранын кандай оору дегенине маани бербей!

— Аялдар абдан назик да.

— Антебиз-минтебиз, албетте ажал аялга да, эркекке да бирдей.

— Ай ушу кыштак аялдары өздөрү түшүнбөйт, төрөйт да, үч күндөн кийин туруп кетишет. Үйүндө болгомун, суук. Антип мал багып эмне зарыл, түшүнбөйм, вот люди...

— Ээ балам, малды да бирөө бакпаса болобу... Иши кылып, жеткен ажал.

Садык болсо баягы узун бойлуу, өңү купкуу Бүбүканды көз алдына келтирди. Негедир, «Багат, ал бакпаса мен багам» — деп Балтабаевдин алдында унулдап ыйлап, эринен мурда тура калганын эстеди.

Садык чыйыр жолдо ылдамдап басып, Шалпыктын үйүнө жетти. Ал эң биринчи Шалпыкты көрдү. Шалпык болсо сары тонунун белин кемери менен кындай курчанып, таягына өбөктөй, ары-бери жөө желип өкүрүп турган экен:

— Гулжарымдан айрылдым о-ой. Түгөйүмдөн айрылдым о-ой...

Анын жалпак кара бети ылдый жашы жууп турган эле. Шалпыктын көзүнө, кыязы, азыр эч нерсе илинбей, анын бардык сезүүсү, акыл-ою өзүнүн ички сезимине, жүрөгүн өйүгөн ысык күйүткө бурулуп турганына Садык кадиксиз ишенип, көзүнө жаш каканактап толуп чыкты. Таягына сүйөнө нары-бери жөө желген Шалпыктын элесин да, айланасындагы башка адамдарды да көрбөй калгандай болду. Садык үйгө кирди: бир токтонгон аял, дагы бир-эки орто жаш аял, анан чөжөдөй жебиреген балдар өлүктү жардашып, ыйлап жатышкан эле. Карт аял тынымсыз боздойт. Чыркыраган балдардын үндөрү найза болуп сайылып, жүрөгүн тепчип кеткендей туюлду Садыкка. Ал чыдай албай, кайра сыртка бет алды, дасөрмолу менен жүзүн сүртүнүп, көзүнүн жээктери кызарып чыкты.

Ал көпкө барып өзүн колго алып токтотту.

* * *

«Ак-Таш» колхозунда биротоло калыптанган адат бар: күн сайын кечинде бүт активдер конторага бир чогулуп, эртеңки иштер боюнча сүйлөшүп анан чогуу тарап кетишет.

Балтабаев бир аз кечигип келди. Эч ким ооз ачып сөз кошкон жок, астыртан көз кыйыктары менен анын кабагын тиктешип, эмнеден баштарын күтүп турушту.

Балтабаев колундагы папиросун кайра-кайра соруп, бурч жакка ыргытып жиберди да, ачыркана сулуу жүзүн тырыштырып койду.

— Сен барып келдиңби? — деди ал бурчта түк сүйлөбөй отурган жапалдаш бойлуу завфермага карап.

— Ооба, бүгүн да барып келдим,— деди завферма

ордуна так туруп, сабакты начар окуп келип, мугалимине айыпкер унчуккан окуучу сыңары,— он чакты кой төлдөп жибериптир.

— Козулар гисар дейби?

— Гисары да, митиси да бар экен.

— Эмне үчүн мындай?

Завферма мукактана түшүп, бир нерсе айтайын деди эле, Байдылла өзү да андан озунуп унчукту:

— Э былжырабай кал десе... Кана, зоотехнигиң? Башкы зоотехник Бердибаев мандай жактан өйдө турду. Байдылла ага жүз бурду.

— Эмне үчүн мындай?

— Өзүңүз билесиз, мен куут убагынан кийин келбедимби,— деди жаш жигит жай сүйлөп,— ким айыптуу экенин табабыз.

— Сен тапканды айтасың. Сот алдында жооп бересиңдер бил...

— Билем. Бирок жаңылыш качкандардын тубары ушул эле.

Жаңыдан ишке кирген зоотехниктин салмактуу сүйлөп, камырабай жооп бериши, кыязы, Балтабаевге жаккан жок. Кыжыры ташып чыкса да, өзүн колго ала токтотуп унчукту:

— Сен мамадана неме көрүнөсүң. Сүйлөшөбүз...

Анан ал алиги завферманы зекип тилдеди. Ал бир-эки жолу жооп айтууга камынды эле, ооздон алып сүйлөтпөй койду. Тиги үнсүз шылкыйып туруп берди.

— Бир топко чейин сөз токтолуп калды. Балтабаев дагы тамеки жандырып чекти. Анан ордунан туруп, колхоз башкармасынын мүчөлөрү менен коммунисттердин өндүрүштүк бирикме чогулушу ачык деп жарыялады.

Баятан бери Садык түк үн кошпостон, терезенин түбүндөгү орундукта кыймылсыз отурду. Ал азыр өз ички ою менен алек. Анткени, бүгүн аны жаңы планынын долбоору талкууланат, бул — колхоздун бир нече жылдык экономикалык өнүгүшүнүн перспективалык планы. Болгондо да тим эле бир нече жылдык план эмес, колхоз мындан ары кандай жол менен өнүгүшү керек? Мурдагыдай эле катуу административдик жолду күчөтүү менен алга карай жыла берүү керек беле, же экономикалык өнүгүштүн жаңы стимулдарын, жаңы рычагдарын таап, ага негиздеп куруш керек беле?

Садык Балбаков өзү келгенден берки бир жылдан ашык убакытта колхоздун ички абалын ийнесинен жибине чейин изилдеп чыкты. Чарбанын бүгүнкү абалын-

да жакшы жактары менен бирдикте, жаман жактары да бар экендигин адис катары ажырата тааныды. Колхоз областка чейин калдайып көзгө урунуп, пландары артып, оозго кирип турганы менен ички турмушунун бошоң жактары көп экен. Колхозчулардын жерге карата мамилеси бир кылка эместей. Айталы, колхоз активдери, механизаторлору, туруктуу эмгек күн, же туруктуу айлык алышат. Колхоз эмгек күнгө жыл аягында канчадан акча, канча килограммдан дан эгин бөлсө ала берет. Түшүм үчүн ар бири жан күйө күрөшпөйт, бул иштин бир жагы Экинчи жагы—айталы, бир бригада өз аянтынан белгилүү өлчөмдөгү каражат жумшап, аз түшүм алат. Экинчи бир бригада ошол эле каражатты туура пайдалануу менен көп түшүм алат. Бирок жыл аягында ушул эки бригаданын адамдарына бипбирдей эле дасмия тиет. Анткени дасмия тапкан эмгек күнгө карата бөлүнөт. Мында адамдар түшүмү үчүн, жерди жакшылап иштетиш үчүн эмес, эмгек күн үчүн күрөшөт. Дыйканчылыктын тилин издөө эмес, таш казса да, иши кылып, эмгек күн... «Дал ошонун өзү дыйкандардын жерге карата кандайдыр даражада кайдыгердигин туудуруп жаткан жокпу?» Мунун өзү Садыктын жүрөгүн өйүп, тынчын ала берген. Дыйкандын жаны топурак болушу керек. Дыйкан андан ажыраган соң дыйкан эмес, мандикерге айланат... Жер эмне болсо ошол болсун, иши үчүн акы алса болду...

Бир жыл бою Садык дыйкандар менен сүйлөштү. Өздөрүнө байкатпай, алардын жер жөнүндөгү кызык ойлорун билди. Активдер менен, коммунисттер менен маектешти. Жол-жобо сурады, кеңештер укту. Садык да өз оюн айтып берсе, ага абдан кызыгып өзүнчө ойго келгендери да көп болду.

— Ой, бу маселени катуу коюшубуз керек,— деп жоош Тагай түшүнгөн соң, биротоло Садыктын тарабына өттү.

Ушул ойлорду Садык азыркы чогулушта баш аягына чейин калтырбай айтып өттү.

Балтабаев столго өбөктөп, ак кагазга жөн эле ар кандай чийимдер жасап отуруп укту. Арык мойнунун кокосун чорчойто, Тумалай да өзүн унута, оозун ачкан боюнча түк былк эткен жок.

— Мурдагы ыкмалар, мурдагы тартиптер менен биз эми алыс бара албайбыз. Чарбанын өнүгүү жолун бүт бойдон илим законуна, экономика законуна такап курушубуз керек,— деди Садык жанатан айткан ойлорун жыйынтыктап.

— Сөздү көбөйтпөй ачык айт,— деди Балтабаев чимелеп отурган кагазынан баш көтөрбөй.

— Ар бир бригадага, ал турсун ар бир звеного эмгек акысы өз жеринен алган түшүмүнө карай төлөнсө... өндүргөн түшүмү азбы — алган эмгек акысы да аз болсун, түшүмү көппү — эмгек акыны да көп алсын...

— Ар бир бригада, ар бир звено өзү күрөшөбү?

— Ооба. Ал турсун ошол бригадада иштеген адистер да түшүмгө карата акы алыш керек. Алар да түшүм үчүн дагы катуурааак жүгүрүшсүн.

Садык саал эңтигип токтоло калды.

— Ой, биз колхоздун ичинде дагы колхоз курабызбы? Өкмөт колхозду ирилештирип атса, сенин табылгандын жолу болсун. Биздин максат жалпы колхоздун түшүмдүүлүгүн жогорулатуу болушу керек эмеспи. А сен болсо ар кишинин чөнтөгүн айтасың.

— Ошо ар бир кишинин жеке кызыкчылыгы болгондо түшүм ишенимдүү көтөрүлөт, аксакал. Ансыз адамдар терс басып кетет.

— Баспайт. Бассынчы көрөбүз.

— Басып эле кетип атпайбы? Кана колхоздун жаштары? Жарымы калып атабы?

— Алар ата-энесинин пулуна көпкөн балдар. Шаардыкынан кем эмес клубду салдырып койдум, аларың ничке шым кийгенге эле шаарга качып жатышат.

— Ха,— деп Садык жасалма күлүп коюп сөз улады,— алар шаарга кино үчүн, клуб үчүн качып атышкан жок, аксакал. Өз бактысын издеп качып атышат. Азыркы жаштар жакшы ичкиси келет, жакшы кийгиси келет.

— Иштесин, кийинсин! Ким кармап атат алардын колун?

— Бүгүнкү биздин колхоздун шарты боюнча жаштар чыдабайт. Алты айда бир аванс алып иштегенге көнбөйт.

— Бара берсин ошол айлык алар жерлерине!

— Айлык төлөп жаткан чарбалар жок эмес азыр.

— Өзбекстанга эки айлык командировкага жиберип, пахтачылыктын мыкты тажрыйбаларын алдыңкы колхоздордон үйрөнүп кел десек, апкелгениң ушул жеке кызыкчылык деген балекетпи? Же аларда бүт эле ошондой бекен?

— Жок! Бизден жаман абалдагылары да бар экен. Биз сыяктуу эле эски тон, эски ыкма менен жашап жаткандары андан көп. Өнүгүүнүн ар кандай жаңы ыкмаларын изденип жаткандары да жок эмес экен.

— А болуптур. Биз эл ортону экенбиз да. — Балтабаев сөздү биротоло кыскартып таштагысы келди. Бир ирмем эч ким сөз кошпой, дым боло түштү.

— Ой Байдылла,— деди Миңбай кобурап жай сүйлөп,— чычалаштын кереги не? Ушу баланын кебинин, балким, жөнү бардыр. Өзүңөн эле тажрыйба кылсаң. Сен бир кезде бухгалтерлигиңди таштап, колуңа кетмен алдың. Түн ичинде айылдын тооканаларынын кыгын капка толтуруп аркалап көтөрүп, звеного берилген жерге чачтың, жерди атаңдан артык бапестедиң. Жер да сенин акыбетиңди кайтарып, булатып түшүм берди, алтын жылдыз тагындың, мартабаң көтөрүлдү. Ушунда сен жалаң эле колхоздун планын толтурайын деген максатта болгон эместирсиң дейм? Өзүңдүн жеке максатың да болгондур, туурабы? Менимче, Садык да ушу кыязда айтып жататко?

— Ал башка кеп. Түшүнбөй атасыз, аксакал,— деди Балтабаев, Миңбайдын кебине маани бербегендей.

— Эмне үчүн түшүнбөйм? Жүда түшүнүп атам.

Миңбайдын өктөм чыккан үнүнөн улам анын саал ызалана түшкөнүн байкады Балтабаев. Ошон үчүн сөз кайырбай койду.

Бөлмө ичи дагы дым боло түштү.

— Ой,— деди маташуу бир аз күчөп кетип бараткананын байкаган Черик Чокоев. Ал Садыкты акылга чакыргысы келди,— Раис колхоздун башчысы. Аны угушубуз керекпи, же жокпу?

— Угушубуз керек,— деди Садык.

— Сен ар убак каршы чыгасың. Муну көрүп, кээ бирлер эреркейт экен. «Мен деле ошентсем болбойбу» дейт экен. Койчу Шалпык бузулуп, эмне болду.

— Шалпык азамат, көзү ачылып келатат,— деди Садык.

— Мына кызык, эми сен Шалпыкты колдоп калдыңбы,— деп Черик кыска мойнун толгоп бурулду. — Баягыда эле аны коммунисттикке алууга тике каршы чыгып койбодуң беле?

— Дагы да каршымын. Коммунисттике планын толтурган үчүн кабыл алынбайт, коммунисттер аң-сезимдүү адамдардын отряды... өз милдетин, өз укугун терең түшүнгөн адамдар. Коммунисттикке алыш үчүн эң мурда аң-сезимин коммунисттик деңгээлге чейин тарбиялашыбыз керек.

— Аны билем мен да.

— Ой Черик! — деп корс этип жоон Тагай тура кал-

ды. — Билбейсин! Мен партогрдун орун басары катары сага учурунда айтканым жок беле?

— Чоң кетпе, Тагай! — деди Балтабаев акырын.

— Чоң кетпегенде качанга чейин титирейбиз? Колхоздун жаман-жакшысы үчүн жалаң сиз эмес, жолдош раис, бүт коммунисттерибиз, эл алдында, өкмөт алдында жүзүбүз менен жооп беребиз!

Тагайдын эткел жоон манчалары саал титиреп кетти. Муну байкаган Балтабаев кыжырын жутуп, өзүн басып сөздөн токтолду.

— Э, Тагай,— деди терезе түбүнөн, коондой сүйрү башын соксойтуп отурган Тумалай чарк этип,— сөздү башка жакка буруп жибердиңер го Черик экөөңөр. Тиги Садык баланын сөзү бүтсүн да.

— Эмне? Меники башка бекен?

Тумалай койдум-койдум дегендей жүзүн нары буруп кетти. Тагай бир кыйла тике туруп калып, өзүнө айтылган сөз жок болгон соң анан отурду.

Садык болсо Балтабаевдин тике маңдайында дагы эле столдун кырын таянган калыбында турган эле.

Баятан Садыктын жүзүнөн түк көз албай, эки ууртунда жарашыктуу жылмаюусу окулуп турган Алима биринчи жолу Садыкка суроо таштады.

— Биздин колхоз жаман колхоз эмес ко? Эмнеси жакпайт, сага? — Ал Садыктын коюп жаткан маселесине толук бойдон түшүнүп жатканынан ушинтти беле, же тим анын көңүлүн өзүнө буруу максатында анттиби, айтуу кыйын болучу.

— Дагы кайталайынбы? Сөз ошол жөнүндө болуп атпайбы.

— Антсе да тактап койсоң дейм.

— Сөз ар бир дыйкандын жерге карата кызыкчылыгын көтөрүү жөнүндө болуп жатат. — Садык ушу менен бүтөйүн деди эле, бирок озуна дагы бир сөз кирип келди,— дагы бир сөз, сен машина менен 200 тонна пахта тересин. Ошондой эле машина минген бирөө 50 тоннадан ашыра албайт. Анын себеби эмнеде? Сөз ушулар жөнүндө болуп жатат.

— Айт. Күмөнүң бардыр. — Алима желпине түштү.

— Ызаланба, Алима,— деди Садык жай сүйлөп,— менин максатым сени ызалантуу эмес. Бирдей машина минип, бири 50 тонна терип, экинчиси 200 тонна тербей, мүмкүн болушунча баары 200 тонна тере тургандай, башкача айтканда, биринен бири калбай жүгүрө тургандай шарт түзсөк дейм. Түшүнсөң ушу.

Муса баш болуп дагы экөө-үчөө сүйлөдү — жаңы эч нерсе айта алышпады. Ал турсун айрымдары Садыктын оюн түшүнбөгөнү көрүнүп турду. Бирок аны жактай сүйлөгөндөрү да болбой койгон жок.

Эң акырында Балтабаев ордунан туруп, үнүн абдан жай алып сүйлөй баштады. Ал адатынча, негедир, туш келгенин сөз менен ныктап жапшыра коюп, өз оюн бекемдеп ээленип сүйлөгөн жок. Анткени бүгүнкү жыйын аны күтүүсүз ойго чакырган чогулуш болду. Колхоздун эртеңки жөнүндө өз алдынча ой, өз алдынча план менен алдында туура турган учурду Балтабаев биринчи жолу жолуктуруп отурат. Болбосо колхозду башкаруу, анын эртеңки жолун белгилөө жеке өзүнүн гана каалоосу болгон. Дайыма ошондой болушу керек деп түшүнгөн да... Кээде ар кандай активдердин айрым маселелер боюнча жеке ою болбой койчу эмес. Мында Балтабаев өзүнө жакса колдоп, жакпаса оңой гана аттап өтүп, өз билгенин иштеп кете берчү. Ал эми бүгүнкү чогулушта коюлган маселенин чоңдугу эмес (бул маселени Балтабаев өзүнчө түшүндү) өз алдынчалануу, өз укуктарын майтарылбастай катуу коюп отурушу аны терең кыжырлантты. Бирок кыжырын ачык чыгара албады. Анткени бул ойду Тагай, Миңбайлар ачык колдоп, аларга бир топ адам жан тартып, кыскасы, активдер арасында байкалган жиктелүү пайда болгондугун бир гана Балтабаев далысы менен кадиксиз сезди. Ал бул абалдан байкатпай кутулуп кетиш үчүн куулангысы келди. Отургандар менен чын көңүлдөн сүйлөшүп жаткандай сүйлөдү.

— Чарбаны минтип ойго келгендей бура берүүгө район да, облус да, андан ары жагы да макул болбойт. Бул жеке бир адамдын мүлкү эмес, элдин мүлкү! Каалаганын иштей берүүгө эч кимдин акысы жок,— деп түшүндүрдү Балтабаев.

Анан Балтабаев өзү башкарган колхоздун тарыхына кетти. Айрым бир туура эмес кадамдардын натыйжасында чарба тартып калган зыяндарды эске түшүрдү.

Садык ага кайра-кайра суроо берип жаакташты. Балтабаев аны саясатка такап демин баскысы келди.

— Жеке кызыкчылык, жеке кызыкчылык эле дейсиңер. Анда колхоздун жерин баарына бөлүп-бөлүп бергиле. Жеке кожо болуп кетишсин!

— Антип жаткан жан жок,— деди Тагай дагы күрс этип,— түшүнбөй жатасыз.

— Менби? — деди Балтабаев Тагайды зекий тиктеп.

— Сиз! — Тагай жалтанбай көктүгүнө таянды.

Балтабаев Тагайдын бүгүнкү мүнөзүнө такыр түшүнбөдү. Аны жоош, айтканга дайым көнө берчү элпек катары эсептечү. Чынында Балтабаев Тагайдын мүнөзүн туура эмес эсептечү жана туура эмес түшүнчү. Тагай мурдатан эле көк, өз билгенинен кайтпаган бир мүнөз неме болчу. Билими да ортодон төмөн эле. Ал эми бир нерсени түшүнсө, ага көзү жетсе, түк кайра тартпай, өз оюнда бек турган жан болчу. Азыр да ошентти.

Балтабаев астапырылла келтирип туруп калды. Анан ал бул жумшактыгы менен жеңе албай турганына көзү жетти окшойт, кадимки текебердиги ичтен бийлеп, өзүнө мүнөздүү кескиндикке өттү.

— Болбойт,— деди ал биротоло түңүлтө айтып,— чарбанын жоопкерчилигине мени шайлашкан. Эл алдында жооп берем. Сөз бүттү. Чогулуш жабык.

Балтабаев эч кимди күтпөй, ылдам басып сыртка чыгып кетти.

Адамдар бир аз жым-жырт туруп калышып, анан бирден-экиден козголушуп, үнсүз жөнөп жатышты.

Садык үйүнө ойлуу барып, Айнура даярдап печтин үстүнө койгон тамагын ичти. Анан ошол бойдон кыймылсыз көпкө чейин отурду. Балтабаевдин түк майтарыла койбостой эркин, өзүнө болгон бек ишенимин эстеди. Бул катуу баш адамды өз түшүнүгүнөн башка эч нерсеге түк ишендирүүгө мүмкүн эмес экендигин мойнуна алып, аргасы түгөнгөндөй үнсүз турду. Бул адамдын өнүгүштүн улам жаңы илимий жолун, экономиканын катуу закондорун түшүнүүгө табийгаты туура келбей жаткандыгына өкүндү. Ырас, ал оюнда илимди, илимий жолду четке какпайт, бирок азырынча аны дыйкандык даярсыздык табигатына бул ойлор жакпай койду. Кудай билет, бул нерселер ага өмүр бою жетеби да жетпейби? Садык өз ишенимин, а балким, ишеним эмес өз өмүрүнүн бүткүл маңызын, жашоосунун маанисин, турмуш үчүн керектүү нерселерин толук ачып көрсөтө алабы?..

Демек, бүгүн Садыктын бет мандайына келип турган суроо жалгыз Балтабаевди тилге келтирүү, анын ишенимин женип алуу эмес, бүтүндөй өзүнүн жашоосунун маанисин жөнүндөгү маселе болучу...

Эми Садыкты ойлонтор маселелердин башкысы да мына ушу.

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

XVI

Садык аны менен темир жол вокзалында бетме-бет келе түштү: бет алдында уюлгуган кара чачын төбөсүнө түргөн ак жүздүү сулуу аял телмирип туруп калган эле. Күтүүсүз Садыктын туйлап кеткен жүрөгү оозуна каптала түштү, тили күрмөөгө келбей, таш болуп катып калды.

Модалуу кийинип, кирпигине кир жукпастай таптаза көрүнгөн сонун аял төгүлгөн кирпигин жай-жай ирмеп, укмуштай сулуу көзүн Садыктын жүзүнөн албай турду.

— Ушул жердесиңби, Садык? — Аял акырын сурады.

— Ооба,— деди Садык оозун араң кыбыратып. Анан өз кезегинде ал да сурады,— өзүңчү?

— Мен да...

Анан алар дагы унчугушпай калышты.

Вокзалда адамдар уйгу-туйгу жанданып, аларды ары-бери түрткүлөп өтүп жатышты. Бирок бул абал экөөнү тең көңүлүн алаксыта алган жок.

Садыктын жаагы тиштенип калганын өзү да байкабай турду.

Убакыт өтүп жатты.

— Апа, бас. Поезд жөнөйт азыр,— деди аялдын колунан кармаган кыз шыбырап сүйлөп. Садык ошондо гана 11—12 жаштар чамасындагы кызга көңүл бурду. Кыз ушунчалык окшош эле апасына.

«Заң» эттире конгуроо кагылып, поезд жөнөөгө сигнал берилди. Кыз менен аял поезди көздөй кол кармаша жүгүрүшүп, козголуп бараткан вагондун тепкичине асылышты.

Садык поезди жандай басып, анан тең жорто жүгүрдү. Бирок аял да, кыз да кайрылган жок. Терезелерден да көрүнүшпөдү.

Садык жүгүрүшүн токтотуп, узап бараткан поездин артынан тиктеп, шалдайып туруп калды.

Эми Садыктын жүрөгү уйгу-туйгу болуп, башына ушул жолугушуудан башка эч нерсе түшпөй койду.

Үйүнө кеч кайтты.

Аялы отпускага чыгып, уулун алып Фрунзеге учуп кеткенине он күндөй болгон.

Үй ичи ээн, тыптынч эле. Садык сырт кийимдерин гана чечинип, бийик жаздана, керебетине чалкасынан

түшүп жатты. Бүгүнкү жолугушуу бир туруп түшүнө окшоп кетти. Садык жаздыгына чыканактай баш көтөрүп, акылын пештеди. Жок. Бул түш эмес...

Садык кийинки жылдарда атайлап көңүл бербей, ар убак дубал борунда илинип турчу кыпкызыл өрүк комузду колуна алды.

«Дың-дың-дың...» Садык комузду жай күүлөдү. Анан беш манжасы менен шартылдатып чертпей, кылдарды илип тарта, бир созулуңку мунду кайрыды. Анын жүрөгү зырп этип, көңүлү алда кандай бир абалга келди. Ар убак бул күүнү черткенде жүрөгү муңга толуп чөгүңкү тартат. Анткени бул зор кайгыга арналган, өчпөс жүрөк күйүтүн айткан күү. Тоо гүлүндөй толукшуп турган кыз өлүмүнө арналган күү... Зор айрылуунун муну... Муну черткенде Садык кыйналып кетчү. Ошон үчүн өзүн зордоп, комузду колго албай койгон себеби да ушундан.

Садык бара-бара күүнүн ыргагына тазып, санагандай анда-санда бир муунап, муңдуу кайрып, аягын үстүңкү кылдын коңур үнү менен созуп жеткирет. Кайруудан да комуздун көмөкөйүндөгү күңгүрөнгөн басынкы үн бир кайгыны дал даана айтып жаткансыйт. Кимдин болсо да жүрөгү алда кандай кусалыкка жык толуп, көөдөнү бир паста демделип чыгат.

Садык белгисиз багыттарды бет алып, күүнүн толкуну менен улам алыстап бараткансыды...

XV

Жеңил машина дүр келип кырманга токтоду. Чачына, кирпигине пахта жабышкан Садык пахта үймөгүнөн ала-була болуп баш көтөрдү.

Балтабаев пахта кырманды аралап келип, Мамажан-Бува баш болгон кырманчылар менен кол алышып көрүштү. Балтабаевдин чала уктаган көзү кызарып, кулактарына, эки ийнине чаң отурган бойдон жүргөн эле.

Пахта эккен жерлердин кызуу компания учуру футбол компаниясынын кызуу учуруна окшойт: футболдо адамдар кулак түрүп, «бир-бир, нол-ноль» деп очко эсептесе, мында бүгүн бир, эртең бир жарым, бүгүн бул районду басыптыр деп процент эсептешет. Ар бир адам нервасын тартылган кыл чылбырдай тысырайтып, айгышкан катуу мелдештин зарпын сезет.

— Бригадириңер Муса кайда? — деди Балтабаев.

— Үйү таман кеткен эди,— деп жооп берди Мамажан-Бува.

Таң агарып эми атып, тоо башына жакын булуттардын четтери кыргактанып бараткан эле. Бирок пахта шүдүгөрү тараптар али карарып, таң мунарыгы жакшы тарай элек.

— Эй Балбаков, кана, силердин иш уюштурганыңар? Бригадириң үйүнө барып жатса?..

— Ушерде жатчу, кирдеп-куштаса керек,— деди Садык бери басып.

Балтабаев ага кулак салбай, өз сөзүн улай берди:

— Иш уюштурат деп ишенип бекиткен сен минтип уктап жатсаң. Силер эмне ойлоп жүрөсүнөр?

Садык жайма-жай унчукту:

— Иш жаман эмес бизде. Түндөсү уктап албасак болобу.

— Кана жакшы ишиңер? Ушул убакка теримге чыккан адамыңар жок.

Мамажан-Бува шүдүгөр жакка жалт бурула көз жиберип, бөдөнө куйрук чокчо сакалын салаалап тарап туруп унчукту:

— Чыкишти. Таң акаргандан-ак чыкиятышкан...

Садык шүүдүгөр жакты теше тиктеп, үрүл-бүрүл мунарыкта гозо ичинде төбөсү агарып кылаңдаган айрым теримчилерди көрдү. Балтабаев да көрдү.

Ушул учурда шүдүгөрдү аралап шыйпаңды көздөй келген буруксуган чаңдуу жол менен эбендей басып, бригадир Муса келаткан эле.

Балтабаев бригадирди тилдеген жок: ал салам айтып тайсалдап токтоло калды.

— Келиң раис, келиң. Кирдеп болбой кеткенимен, бүгүн үйгө бара калдым эле, үстүмөн басып, уят кылдыңыз, раис,— деди Муса. Ээгин кырланта кыркмалап койдурган кара сакалы шамалга кыймылдап турду.

— Бүгүн канча жөнөтөсүңөр?

— Бүгүн,— деп Балтабаевдин оозунан чыккан сөздү ошол замат кайталап, койнунан сырты кырылган эски дептерчесин ала коюп, кайра жардам күткөндөй, тараза кеч жакка кылчайды.

— Беш тонна,— деп так айтты таразакеч.

Балтабаев унчукпай калып, анан кайра сүйлөдү.

— Жайыла тургандары да барбы?

— Ооба.

— Алардан тышкары алигиби?

— Ха. — Муса дилгир баладай тез жооп берди.

— Баарын жайып ийбейсиңерби?

— Кырмандын шапалактай жери бошосо, жайбай карап турмак белек.

— Тээ асфальт жолго алып чыгып жайгыла. Ал турсун, бүгүн түшкү тергенин да түштөн кийин жайып, кечинде жөнөткүлө.

— Кургап үлгүрбөй калар бекен,— деп кошумчалап койду Муса.

— Мейли, жөнөткүлө. Бүгүн кабыл алуу пункту күнтүн иштейт, райкомдон Бозуланов телефон чалды.

— Сортуна зыян тийбес бекен? — Садык сөз кошту.

— Эч нерсе эмес.

— Кантип, аксакал? Жарым күнгө жарыш жок дейт, эмгек сая кетпесин.

— Силер түшүнөсүңөрбү,— деди Балтабаев Садык жакка жакындай басып, анын сулуучу жүзү куба жүлүн тартып,— бүгүн-эртең жан үрбөсөк болбойт, экинчи орунга чыгабыз. Обкомдон телефон чалышты, биринчи секретардын өзү: «Сага эмне болду»? дейт. Бүгүн-эртең экинчи орунга чыгам, келерки беш күндүктө сүйлөшөм сиз менен деп койдум. — Балтабаев саатына карады да, бригадирге унчукту: — Алима кандай?

— Жакшы эле. Кечээ бир аз механик-слесарь келгенче токтоп калды.

Балтабаевдин ачуусу келип кетти.

— Кайда кетти эле механик Камилжан?

— Мастерскаяга чакырышкан экен.

— Акмактар десе, аны мен Алимандан жылбасын, карыш баспасын дебедим беле?

— Билбейм. — Бригадир акырын унчукту.

— Айткын Камилжанга, дагы ушинтсе, менден тарынбасын.

Балтабаев ылдам басып барып, машинасына отурду да, эшигин жаба электе айтты:

— Мен жетинчи бригадада болом бүгүн кечке, төмөнтөн телефон чалса айткыла. Далдайган бригадири болбогон неме көрүнөт, өзүм ошонун ишин уюштурбасам... Эмне үчүн анын иши алга жылбайт, билейинчи. Куйругун толгобосоң ушу да...

Машина буркураган чаңды жайната, жогору көздөй шүдүгөрдү аралап, сызгырылып баратты.

Садык машинанын артынан үнсүз карап турду: анткени менен ал алиги механизатор жылбай жөөк башында отурсун деп кеткен буйругуна байланыштуу айрым нерселерди кыялына келтирип турган эле. Садык партия

уюму тарабынан ушу бригаданын ишин терим компаниясында уюштуруу боюнча пахта терими баштала электе эле бекитилген.

Садыкты баарыдан мурда ордендүү теримчилердин иш стили, даңктуу звеновойдун эмгекти уюштурушу, механизмди башкаруудагы билгичтиги кызыктырды.

Эң мурун ал бригададагы Өктөм аттуу атанган теримчи менен биринчи күндөн терим талаасынан таанышты. Бою шыңга келген, кетирекей мурундуу кара тору келин Садыктын келгенин көзүнө илдиби, илбедиби, илсе да билмексен болдубу, иши кылып, кылчайып убара болгон жок: колдору чанактарга көз илешпей жабышып, алдына тартылган ак этеги улам парсайып баратты. Ал эки агетти эки колдоп катар жалмайт. Садык буга тан берди: анын ишине кызыгуу менен өзү да бир бирден эңилип пахта алып, улам жогорулап узап отурду. Өктөм тасырайып толуп чыккан этегинин пахтасын чарт түйүп, агетке калтырып, белине курдун сыңары каттап байлап алган ак этектерден бирди чечип, алдына дагы тартына, андан ары терип баратты. Садык анын белинин талыбаганына, колунун чарчабагандыгына таң калды. Өктөм жөнүндө, жалпы эле кыш-жай талыкпаган пахтачылар жөнүндө ойлоду. Канчалык түгөнбөстөй чексиз, бирок баары адамдын эркинен бийик эмес, адам өтөсүнөн чыга албаган эч нерсе жок...

Өктөмдүн этектерине пахта толгондо түйүп жолго чыгарып жүргөн 13—14 чамасындагы түйрүк эрин кара балага унчукту Садык:

— Атың ким?

— Канал.

Садык күлүп жиберди.

— Арык же сай эмеспи?

Бала буртуюп кабак бүркөп койду.

— Тамаша кылам, сонун атың бар тура. Эмне атыңды мындай коюшуптур?

— О, тиги өйүздөгү канал салынган жылы төрөлгөнсүң дешет.

— О, абдан жакшы жылы төрөлгөн турбайсыңбы.

Садык аны менен кошо басып жүрүп көп нерселер сурады. Өзү жетинчи класста окурун да, азыр балдар пахтага чыкканда ал да теримде жүргөнүн, бирок колунун бармагына жара чыгып, ошондон улам алысыраак эжелеринен болгон Өктөмдүн тергендерин араба келип алып кете турган жолго чыгарып турууга бригадир буйругандыгын да айтты.

— Эми колуң айыгып калдыбы? — деди Садык.
— Ооба.
— Анан өзүң тербейсиңби? Балдарга барбайсыңбы?
— Бригадир ушуну аткарасың деп койду.

Табилчи жигит ооруп калган үч-төрт күндө Садык анын милдетин аткарды. Бардык теримчилер анын алдына келип, тергендерин тарттырып өткөрүшөт, көбүнүн атын да билип калды.

Кээ бир теримчилердин тергенин кантер экен дегендей эң эле аз угуза коет, кээ бири чочуп кетет, кээ бир келиндер «макул, ашыгын өзүңүзгө жазып коюңуз» деп басып кетишет. Садык болсо күлөт. Анан чынын айтат. Кээде айрымдарын, «сиз эмне үчүн тигинден аз тергенсиз, тамакты аз берген окшойт сизге» деп намыстантмак болот.

— Биз ага азыр тең келбейбиз,— деди шишимек көздүү, ак куба Сайра деген келин,— Өктөм менен деле, Алима менен деле теришип жүргөнбүз. Анын колунан келген биздин деле колубуздан келчү. Бирок эми Өктөм ал Өктөм, биз болсо бизбиз... Өктөмдүкү, Алиманыкы болсо да болуп калат, болбосо да болуп калат. Биз ага теңелебиз деген менен убарабыз. Зоругуп өлгөнүбүз менен да теңөөчүбү?

Келин төбөсүнө коюп көтөрүп келген 30 килограммдан оор, барандуу түйүнчөгүн төгүп жиберип, пары басты.

Ошондон соң Садык буга чындап сарасап салды. Айрым адамдарга атайын сүрөөн бар экенин оюна алды. Төбөсүнө кепе барандуу түйүлгөн ак түйүнчөктөрдү как төбөсүнө коюп, эч жеринен колу менен жөлөбөстөн арык кырлап дирилдеп дилгир басып, улам тергенин тарттырып өткөрүп, кайра шайдоот басып жөнөп жаткандардын ичинде Өктөм жок экен.

Бара-бара Садык мунун социалдык себептерине ой жүгүрттү, анын ар кандай натыйжалары жөнүндө өзүнчө жыйынтыктар издеди.

Азыркы анын ою жалаң Алима жөнүндө болду: анын кандайдыр табигый тазалыгы, болор-болбос жылмаю сезилген сүйкүм жүзү турду көз алдында.

Тээ жыл башында эле жаңы чарба жылына карата адам күчү, жер аянты, техника күчтөрү бекитилгенде, адам күчүнөн эки-үч кол, беш гектардай жер ашыкча бөлүнгөндө Садык буга көңүл да бурган эмес, ашык күч, ашыкча жер болсо, ошого жараша ашыкча түшүм берет да деген өз оюнда.

Мына ушул күтүүсүз нерселерге туш келген соң Алиманын бүгүнкү иштерине да бөлдү көңүлүн. Садык көп барчу болду. Алиманын кара камбинзону чыпталышып, эми толуп келаткан таза денесинин булчундарын даана чыгарат, табигый таза жүзүндөгү илинбес жылмаюу баягысындай сүйкүм.

Бирок Алима таң куланөөк салгандан тарта терим комбайнынын үстүнөн түшпөйт, мотору түк чаалыкпай улуп, зым тор бункери түтүктөй найдан куюндап үйлөнүп чыккан ак пахта менен көп өтпөй толуп чыгат.

Агат башында турган машинага бункердеги пахтасын антарып берип, жаңы жөөктү бойлоп улам нарылап кайра жөнөйт.

Садык арык кырында отурган механик Камилжанга салам айтты. Ал мүнөзү шашмараак, атасы Мамажан-Бува сыяктуу узун моюн, кыр мурун сулуу жигит.

— Ооба, Садык аке,— деди ал тамекисин удаа-удаа соруп алган соң, өзбектин баласы экенине карабай, кыргызча таза сүйлөп,— күн-түн Алиманын машинасына бекитилгенмин. Бул техника да — кылт этсе бузулат, же бир жерине пахта тыгылса, чикастап калат. Беш мүнөттө ондойм, мен моторду үнүнөн эле билем,— деп өзүнүн кыраакылыгына мактана сүйлөдү. — Анан Алима тамакка түшө калганда тазалап, тетиктерге май берип, бензин куюп, кыскасы — тактап турам. Терим кыска сезон, антпесе болобу?

— Тээтиги комбайндардын барында ушундайбы?

— Балекетинеби, Алимага эле мени бекиткен.

— Эмне үчүн?

— Шарт ушундай да.

— Кандай?

— Кызык, Алима даңктуу теримчи. Облус, борбор байкап турат. Ордени бар. Аз терип калса болобу? Убадасы 200 тонна. Ушинтип жардамдашпасак... — деп Камилжан шашмалап көзүн кысып, тишинин мүлкүн кызарта көрүнтүп, күлүп койду.

— Маяк комсомолканын ишине кол кабыш кылайын деген экенсиң да, секретарь? — деп Садык көкүтө тамашага чалып койду.

Бул кептин нары жагында башка маңыз барын байкабай, маңыроо Камилжан бакылдап сөз көштү.

— Ырас, Алимадан улам биздин уюм комсомолдун пленумдарында, чогулуштарда, макталып сөзгө кире берет. Буга жардамдашпай кимге жардамдашабыз? — Камилжан күлүп калды.

— Каалоң жакшы экен. Бирок...

Садык ойлонуп токтолуп калды. Ал Камилжанга маанилүү бир нерсе айткысы келгени жүзүнө чыгып турган эле. Бирок тажрыйбасыз Камилжан аны байкаган жок. Ал бүткүл ички эмоциясына берилип, өткөн жазда чигит эгүү компаниясына байланыштуу обком комсомолдун акчалай сыйлыгын жеңип алышкандыгын, анан ошол банкетке катышкандыгын өмүрүнүн укмуш бир орчундуу окуясы катары айта баштады. Камилжандын көңүлүнүн борборунда алган сыйлыктын моралдык мааниси эмес, ошол банкеттеги тамак-аш, кооз зал турган эле. Ал ошол жөнүндө сүйлөп жатты.

— Тим эле столдор ийилердей... — деди Камилжан Садыкты ишенбей калабы дегендей биротоло бериле сүйлөп,— ар кандай винолор, коньяктар, оокаттар... Мен болсо коньякты винодой көрүп ичe бeрипмин. Бирпаста башым эңги-деңги болуп чыкса болобу. Байдылла аке эстүү киши да — байкап калды. Көзүн кысып, эшикке кеткин деди окшойт...

Камилжан бул жоругуна өкүнүп кызарып калбай, кайра сыймыктана сүйлөп жатты.

— Банкетти ким уюштурган эле?

— Биз да.

Садык Камилжандын балалык мүнөзүнө, балалыктан ажырай элек ой жүгүртүүсүнө көңүл буруп турду.

— Комсомол уюмуна секретарь болгонуңа канча жыл болду? — деп сурады бир маалда.

— Бир жылга жетейин деп калды. Сиз келгенден кыйладан кийин шайланбадымбы...

— Аскерге барган эмессиңби?

— Жок. Ата-энемдин карылыгына байланыштуу калтырышкан. Мени менен тендер мөөнөтүн бүтөйүн деп калышты.

Садык күтүүсүз суроо таштады:

— Кыз сүйүп көргөнсүңбү?

Камилжан «чыңбы, жалганбы» дегендей Садыктын жүзүнө жалт карап, анан саал уялыңкы жылмая берди.

— Чын сурап атам, айта бер.

Камилжан эми жер карап калды.

— Айта бер. Сүйгөн кызың барбы?

— Бар... бирок биз сүйлөшө элекпиз. Уялабыз.

— Анда кантип билесиңер сүйүшкөнүнөрдү?

Камилжан жер чукулап айтты:

— Рабия экөөбүз бири-бирибизди көз карашыбыздан эле билебиз.

— Муса акенин кызы Рабиябы? Жибекчи Рабиябы?

— Ооба. Жибекчи эле эмес, пахтачы да, тамекичи да...

Садык терең улутунуп койду:

— Ой, жолуң болсун сенин. Кызыңа беттеп баралбасаң... Кыз өзү келмек беле сага? Кыз, балким, сени зарыгып күтүп жүргөндүр.

Садык өз ичинен Камилжанга айтсамбы деп келген ойлорун эсине түшүрүп: «Ушу боз баш түшүнөбү? Теңдемечилик деген эмне? Анын социалдык тамыра кайда жатат. Айтканым менен акылында талдап көрө алабы?» — деп ойлоп жатты.

Бир мезгилче Камилжан да сүйлөгөн жок. Ал уялганынан али жазыла элек эле.

«Айтуум керек,— деди Садык ичтен чечкиндүү жыйынтыкка келип,— мында эмне айып? Атасынын төрүнөн башка эч нерсени көргөн жок... Үйрөтүү керек. Түшүнсүн... Адилеттик деген эмне, адилетсиздик деген эмне экендигин ажырата алгандай болсун. Эмнеге жумшаса, «куп» деп иштей берсем эле, комсомолдук милдетим ошол деп жүргөндүр... Жаштарга үйрөтүү, көзүн ачуу улуулардын милдети... биздин милдет...»

Садык эми өз ичинен эмнеден баштоонун кыябын издеп жатты.

Күн ицир тартып бараткан эле.

Алима терим комбайнын агеттин башына токтотту да, жепжеңил секирип түшүп, жарашыктуу жылмая басып келип, Садыктын колун кармап, анын тизесине тамашалай өбөктөй отурду.

Алиманын тааныш жыты уруп, чың денеси денесине сүртүлө түшкөндө Садыкты кандайдыр бир белгисиз күч ичтен байлап, азыркы эле ойлорунан да адаштырып жиберди. Қыялы бир аз көтөрүңкү тарта түштү.

— Камилжан,— деди Алима тез сүйлөп,— сен комбайнга май куюп даярдап кой, таң агарганда келип баштаймын.

— Макул,— деди Камилжан үйкүнүп отурган калыбынан баш көтөрбөй.

Анан Алима Садыкка эркелей саал кыйгач тиктеп, ички күчтүү сезим менен жадырап жылмайды.

— Жүр, кетебиз.

Садык өзүн араң токтотуп, күч менен бир сөз айтты:

— Камилжан менен сүйлөшө турган сөзүм бар эле.

— Сүйлөшө бересиңер эртең деле.

XVI

Чак түштө келди Садык колхоз конторасына. Раис жок экен. Колхоз двореципин мандайындагы астына суу агып турган чарпаяда көйнөгүнүн жакасын бошотуп, кызарып нымыккан моюн-башын, көгүш күрөң тартып жылтыраган бетин көк дасоромолу менен желпинип, парторг Чокоев отурган экен. Дарбыздай томолонгон Черик ысыктан улам энтигип, ийин кагып араң дем алат. Ачуу демделген жагым жыттуу көк чайдан тынбай ичет. Парторг каадасын билдиргиси келдиби, же чын эле көңүлдүүбү, Алиманын звеносунун абалы жөнүндө бир-эки ооз сураган болду. Садык абалды кыска айтты. Анан экөө тең унчугушпай калышты.

— Раис келер бекен? — деди Садык чай чынына килем үстүнө коюп жатып.

— Келиши керек эле. Түштө ушул жерден тапмак эле мени.

Раисти издеген киши көбүнчө ушул бактын түбүнөн, ушул чарпаядан, ушул килем үстүнөн табат. Балтабаев мурунку жылдарда конторунда отурчу, азыр ал антпейт. Эртели-кеч колхозду ушул жерде көк чайдан ичип отуруп башкарат. Шоферлорго да, экспедиторлорго да буйрукту ушул жерден берет: анан алар бухгалтерияга кирип, путевка-наряд жаздырып чыгышат. Балтабаев ушул жерде кол коет, мөөрүн ушул жерде басат. Муну бүт эл билет, ушундайча түшүнүшөт. Талаада болсун, түздө болсун колхозчулар арасында Балтабаев жөнүндө сөз болгондо, аны дал ушул чарпаянын үстүнөн элестетишет: кызылдуу ак жүзүнө жарашкан жылмаюусун да, бирөөнүн ишине ыраазы болуп, тамаша айтып, көңүлүн көтөрүп жатканын да, айрым бирине кумсарып ачуусу келип, ашатып сөгүп жатканын да ушу жерден угушат.

Өзүнчө тартип бар: Балтабаев келатканда бул маалладагылар орундарынан туруп, боюн нары паанек жакка тартышат, же ордунан так туруп, былк этпей үнсүз турушат. Бул Балтабаевдин атайын талап кылган тартибиненби, же жөн элеби, балким, минтип жетекчи адамга өтө дилгир, этият мамиле кылуу кылымдар бою хан бийлигинин, хан бектеринин, орус колонизаторлорунун тартибинде жашаган элдин тим эле канына сиңип, инстинкке айланган мүнөзүдүр, же аны раистер өзү атайын бирин көрмөккө бири жасап жүргөн өнөкөтүдүр, иши кылып, Орто Азия колхоздорунун көбүндө раиске мамиле так ошондой экенин Садык билет. Ошондон улам-

бы, ал тилдесе да, сөксө да, ойго десе да, тоого десе да — куп деп жөнөй бериши керек. Тике айткан киши болбойт, балким, анын айткандарынын баарында акыйкат бардыр, эл ошон үчүн анын сөзүн эки кылбайт. Ким билет, бул колхоздун өнүгүш жолунда ар кандай шарттар да өттү: согуш учурунда, андан кийинки жылдарда жыл бою иштеп, паланча жүз, түкүнчө жүз эмгек күндүн эсептерин гана санап, жыл аягында кур жалак кабын колтуктап калган учурлар болду. Колхоз жандануп-жандана элек учурларда Балтабаев баатыр болуп, Алтын Жылдыз тагынып чыкты, жаш күчүн аябай ишке берди, колхоз жанданып, улам күчүнө кирип, элдин кабына дан түштү,— карын тойду, карын тойсо — каада көбөйөт дейт элде, кыскасы эл — эл болду — мына бүгүн райондогу эң алдыңкы, областтагы эсепке кирген чарбалардын бири болуп отурат. Мында Балтабаевдин үлүшү болбой койгон жок. Бирок мезгилчи? Булардын баарын жасаган балким, мезгилдир. Анткени менен эл бир кылка эмес, бири өйдө болсо, бири төмөн, бири мындай түшүнсө, экинчиси андай түшүнөт. Балким, алардын көбү мунун баарын бир гана Балтабаевдин акылынан, анын бөтөнчө адамдыгынан көрүп жүрүшкөндүр. Андайлар азбы?.. Демек, Балтабаевге айрыкча болгон мамиленин, айрыкча болгон ишенимдин тамыры да ушундадыр... Муну, ырас, ар кандай ойлоого да шек жок: Чокоев да муну өзүнчө ойлоп, өзүнчө баалайт, Садык болсо өзүнчө ойлоп, өзүнчө баалайт, айталык, жакында партиянын катарына алынган койчу Шалпык, же сааичы кырдач мурун Зыйнат да өзүнчө түшүнөрү талашсыз. Бул ар кимдин өз иши, өз деңгели...

Чокоев унчукпай калды. Анын саал эптиге дем алганы гана угулуп турду.

Садык болсо бет мандайындагы колхоз дворецинде, анын бүгүнкү заман жана чыгыш стилинен айкалыштыра салынган архитектурасына сарасап салып ойлуу. Дворец эки кабат: жети жүз адам батардай клуб, бир канатында колхоз конторасы, экинчи жагындагы бөлмөлөрүнүн биринде кызыл бурч деген жазуусу бар эшик, анан калгандарынын бир-экөөндө азот төгүлүп, дагы бир бөлмөсүндө дайыма мас болуп жүрчү Салават деген давердес татар уста жашайт. Аялы дворецти шыпырып тазалайт.

Дворецтин алды тарабына зор үч своту, катар-катар калонналары, анан дал төбөсүндө көмкөргөн казандай кумпалары бар. Садык имараттын стилине, курулушу-

нун эстетикалык максаттарына түшүнө албайт. Канча каражат кеткенине кызыкты.

— Канчага бүттү имарат? — деди парторгка кылчайып. Анын желпинген дасоромолунун эпкини менен кычкыл тер жыты Садыкка даана уруп турду.

Чокоев ойлоно калып, анан унчукту:

— Бир миллион эки жүз миңден ашыгыраакка турду окшойт.

Садык бул эсепти өз акылына экономист катары абдан сиңирип жаткандай, кыйладан кийин гана үн чыгарды:

— Качан бүткөн?

— Беш жыл болду, май майрамына карата бүткөн. Оо, анда кандай салтанат болгонун билесинби, дос?.. — Чокоев ийнине моюнсуз жармаштырып койгондой башын баши-баши кылып чайкап койду.

— Жети жүз адамдык залы жыл сайын канча жолу пайдаланылат?

— Канча жолу?

— Ооба.

— Бир жолу, албетте. Анан артисттер келип калат. — Черик ушул учурда бир тактаны дубал бооруна илип жаткан жигитти тиктеп туруп унчукту: — Тигине, көрдүңбү, кино болот. — Анан жигитке карай барк этти: — Эй, кандай кино?

— Жакшы кино.

— Урушпу? Андай болсо «уруш кино» деп үстүнө жазып кой, эл көп келет да, өзүңө пайда. — Анан Черик өзүнчө комдонуп койду: — Кино — уруш кинодон өтө берсин. Алиги тим эле сүйлөшө берген киного кирсем, уйкум келет. Эмне чыгарат аны, билбейм?

— Тим эле сүйлөшө бербес, турмуштун бир проблемасы болот да сөзсүз,— деди Садык.

— Турмушту кинодон үйрөнмөк белек. Кино кызык болушу керек. Уруш кино болсо башка кеп... Атышып, согушуп жүрсө — адам кызыгасың...

Садык атайлап сөз кошподу. Анан сөз кайрадан дворец жөнүндө кетти.

— Кыштактын өзүнө эле ылайыкталып салынса болбойт беле? Айталык, өзүнө ылайык залы бар — чакан, ыңгайлуу. Сороюп дворец турат, ал эми кыштактын үйлөрүн карачы? Саналуу гана жаңы салынган үйлөр болбосо, көпчүлүгү атам замандагы жалпак үйлөр. Көп колхоздор үйлөрдү куруп, ачкычын карматып атпайбы адамдарга...

— Кызык экенсиң,— деди Чокоев чыканактап жаткан жеринен өйдө боло калып сүйлөп,— бул бир бүтүп калды да. Кылымдан кылымга турат. Кайсы убакта болсо да баягы Балтабаев салдырган дешет.

— Ошол эле үчүнбү? Эгипеттик фараондордун пирамидалары сыңарыбы?

Чокоев ормоюп жооп бербей турду. Эмне дээрин билбей калдыбы, же «фараон» деген сөзгө түшүнбөдүбү, айтуу кыйын эле.

— Жамгыр жааса, тамчы шорголойт тетиги үйлөрдөн, туурабы? — деди Садык тамекисин салаасына кыпчыган колу менен тээ жогорку көчө бойлото көрүнүп турган жалпак үйлөрдү көрсөтүп,— канча гана үйлөр бүтөт эле бул каражат менен...

— Ихи,— деди Чокоев Садыктын пикирине канааттанбагандай,— менден мурдагы парторг Сарымсактын оюн айтып жатасың. Ал да ушинтип талөшам деп, Балтабаев менен чатагын баштап алган.

— Анан эмне болду?

— Эмне болмок эле, ыштаны шыпырылды, көткө тепти Балтабаев. Ким менен азилдешкенин билген жок ал. Обкомго барыптыр, обком эмне демек эле? Балтабаевсиз башка чечим чыгарып бермек беле? О, Балтабаевди обкомдун кадр бөлүмүнүн башчысы деп, кээ бирлердин тамашалап жүргөнү бекер эмес, жөнү бар иш. Коем дегенин коет, алам дегенин алат. Обкомдун биринчи секретарына кирип туруп гана, өз иштерин айтымыш болуп, анан эң аягында «ушуну ушундай кылса ылайык келер беле...» деп четин чыгарып койсо болду, бүтөт да калат. Биер эмес, тээ секеге чейин сөзү өтөт. Оо, дос, мунун адамдары бар — түптүү терек болуп калган. Мен айткамын ошондо эле, алиги Сарымсак акмакка — түшүнбөй койду.

Садык эч сөз кошпой гана Чокоевдин саал киркиреп, абдан берилип сүйлөгөнүн угуп, үнсүз турду.

— Сен байкап жүрөсүңбү, ошол облустук эң чоңундун да үй-бүлөсүнүн байланышы ушул жакта... — Чокоев өз сөзүнө өзү маашыркап каткырып күлүп койду. — Ошолор ишенгенинен, өзүнө тең көргөнүнөн ушинтишет да... Болбосо баары эле «лаппай» деп эшик ачканы турушпайбы?

Садык өзү да Балтабаев жөнүндө көп нерселер билет азыр...

Ырас, Балтабаевдин колу да март. Керек жерде марттык менен сарп кыла билет. Керек жерде өзү да

март ала билет... Бирок ал келе бер деп ачык кетчүдөн эмес. Жок-жок... такыр башкача болот.

Айылда той-тополоң өткөндө эң мурда башына Балтабаев алынат. Ансыз тигинин каарына калып кетерин тиги той өткөргөн киши жакшы билет. Чакырылган менен кээде барса да көбүнчө барбайт. Бирок ал «Өткөрө бер, тоюң мубарак болсун. Мага атаганың болсо турар» деп коет. Той өтөт. Күндөрдүн бир күнүндө адатынча борборго чейин барар болуп калса, же курортко жөнөсө, алиги адамды чакыртып, «мен палан жакка баратам. Тыйын-тыпыр керек болобу, баягы мага арнаганың бар болсо...» деп туюк айтат. Ошо күнү кечинде бир кой, же ошол эле өлчөмдөгү акча келип түшөт чөнтөгүнө... Же жогортон өзүнө керектүү адам келип калса, алиги кишинин үйүнө барып түшөт. «Мейман келип калыптыр, баягы мага арнаганың болсо, кан чыгарып коелу, уят» дейт жанытып. Тиги эми ичкилиги менен кошо көтөрөт. Антсе да Балтабаев үйүнө келип түшүп, «жакындыгын көрсөткөнү» үчүн төбөсү көккө жете сүйүнөт. Ошентип Балтабаев тигинин да, меймандын көңүлүн алат...

Муну жакшы билгенден бери Садык таң калат. Бирок азырынча бир нерсе дештин жолу кыйын. «Сый көрсөтсөм мен көрсөттүм, сенин ишиң кандай?» дешип, ким болсо да беттен алары аштан бышык.

Чериктин баятан сүйлөп жатканын угуп отурган Садык ушуларды да көңүлүнө түшүрдү. Чериктин кээде кууланарын да билет, бирок азыркы сөздөрүнүн жөнү бар эле.

Чокоевдин эл ичинде сөзгө түшөр орду бар, анткени, ушул кыштакта туулуп, ушул эл менен иштеген: эң мурун сельсоветте секретарь, кийин финагент, андан кийин райпого агент болуп өткөн, андан бир мезгилдерде селпонун председатели болуп иштеп жүрүп, бир чоң растратага байланыштуу сот жообуна тартылган. Бирок кесилбей бошонуп кеткен. Кээ бирлердин айтуусуна караганда, Балтабаевдин аркасы тийген имиш, кээси: жок, чын эле анда айыбы жоктугунан бошонгон дешет, иши кылып, ошондон соң колхозго келип, полевод болуп иштеп, анан айыл чарба кызматкерлеринин алты айлык курсуна жиберилген. Мына аны бүтүп келгенден кийинки төрт жылдан бери парторг болуп иштейт...

Адамдар аны парторг катары билген менен, негедир артынан арыз-мунун, каалоосун айтып ээрчип жүргөн учурлары болбойт. Эл кылдай нерсе үчүн да Балтаба-

евге кайрылышат. Черик болсо башы менен сайылып иштеп таалаа-түздө...

Ал эми аны Садык тантакыр башкача көз менен көрөт: стол, стул коюлуп, бир аз жасалгаланып коюлган кичинекей бөлмөсү ар убак жабылып турганы турган. Черикти ал бөлмөдө үстүнө чаң отурган кичине темир сандыгын ачып, взнос алгандан башка учурларда жолуктура албайсың. Парт чогулуштар болсо Балтабаевдин кабинетинде өтөт. Балтабаев өз креслосун Чокоевге бир пас бошотуп берип, терезе түбүндө кыйгач тиктеп үнсүз отурат. Черик болсо «Партия... план, процент...» деген сөздөрдү көбүрөөк кошуп сүйлөйт.

Райондук активдерде, пленумдарда Чокоев ар убак сөзгө чыгат. Кафедрадан башы араң көрүнүп, бакылдап сүйлөйт: Колхоздо канча гектар пахта эгилгендигин айтат ал, гектарынан канча түшүм алынганын айтат ал, «Ушунун баары партия уюмунун туура жетекчилиги» деп бүтөт сөзүн... Бул, балким, Садык ишти үстүртөн караганыдыр, чарбадагы партия уюмунун ишин туура эмес түшүнгөндүгүнөндүр. Же болбосо, ал өзү партиянын мүчөсү болгон күндөн тарта аскердеги уюмдардагы бардык нерсе так жана бир ооз сөз менен аткарыла турган шартка үйрөнүп калганынандыр. Кантсе да буга тигиндей же мындай деп баа бере салуу кыйын. Кээде тим эле өзүнчө Чокоев жөнүндө бир түрдүү ойго келе калат. «Бул эмнени бүтүрүп жатат? Парт уюмунун колхоздогу орду кайсы?» Ар убак өзүнчө партиялык чогулуштарды көз алдынан өткөрөт, андагы Балтабаевдин бир ооз сөзү менен каалагандай багыт берип турган ордун көз алдына келтирет...

Бирок Чокоев дайыма тыпбайт — дайыма иш менен. Өзүнө бекитилип берилген эскирээк күрөң «Волга» менен «облселхозмашинага» барам, «межколхозстройго» барам, машиналарга паландай запастар алмай болдум...» деп эле убараланып жүргөнү жүргөн. Колхоздун парторгубу же экспедиторубу, ажырата албай калат Садык.

Муну Чокоевдин дээринде жоктугу, жүүнүнүн бошгутугу десе да болот, бирок Балтабаевдин өз активдерине кылган мамилесин да унутууга болбойт. Ал активдеринин көрүнгөн иштерге кийлигише берүүсүн, инициативалуулугун каалабайт. Анда учурларды байкаса, курушу келет. Бир күнү болбосо, экинчи күнү бир нерсеге шылтоолоп ашата сөгөт.

Бирок минтип ички оюн ачык билдиргени жакшы,

Ичиндеги буусу чыгып кетет. Баарыдан жаманы анын бүкшүтүп калгандагысы... Мындай учурда ал активине түк сүйлөбөй да, көңүл бурбай да коет. Иш кылып атасыңбы, жокпу деп сурабайт да. Ушундай учурда апталап, башы менен башмалдак атып иштеп, баш эңип кечирим сурап, капасын жазып жибербесе, иш чатак болот. Ал актив эки-үч ай өтпөй сөзсүз кызматынан учуп түшөт. Ошон үчүн Балтабаевдин бүкшүтмөсүнө калган актив кыргый көргөн жөжөдөй жанын коерго жер таппай калат. Муну кээ активдер колдошот. Бир адам мындай болбосо болобу? Колхоз тарап кетпейби деп коюшат. Чокоевдин мындай иш стили дал ушул Балтабаевдин ыкмасына ыкташып калгандыгынандыр...

Кийимдерине чаң отурган Балтабаев төмөнтөн келип түштү. Анын эриндери кеберсип, кургап турган эле. Көздөрү кызарып уйкудан калган. Кыязы, көптөн уйку көргөн эмес. Конторада иштегендерге тамак жасаган адам анын кийимдеринин чаңын кагышып, анан жылуу сууга колун чайкап бүткөнчө, дагы бир чарпаянын үстүнө дасторкон жайып, ачуу демделген көк чайды коюуга үлгүрдү. Подноско үймөлөп салынган аппак тандыр нанынан Балтабаев бир да тиштеген жок: ал кайра-кайра дак болгон көк чайдан чыныга толтура-толтура куюп, удаа-удаа ичти. Анан кыйналыңкы кейипте үшкүрүнө, шалдайып отуруп калды.

— Биринчи бригаданын кызыл киреэсин азыр кабыл алуу пунктуна жеткирип кайттык. Он беш машина менен бардык — кутулду. Пландан ашып да кетти. Парткомдун секретары Бозуланов да келиптир, куттуктоо сөз сүйлөдү.

Балтабаев чарчаңкы кейпине карабай, кубаныч-туу эле.

— Эми 3-4-бригада чамдашы керек, бүрсүгүнү кызыл кире уюштурабыз. Бардык күчтү ошолорго топтошубуз зарыл.

Балтабаев ордунан туруп, конторага карай басты. Беркилер анын артынан...

Ал кеңири кабинетке кирип отурар менен Садыкка карап унчукту:

— Кандай Алиманын терими?

Садык саал шашпай жооп берди:

— Дурус.

Балтабаев анын минтишин саал жактырбагандай карады да, башын эшик жакка экчей берип сүйлөдү:

— Бухгалтерлерди чакырып кел.

Садык бир гана жалпак беттүү Жапакты ээрчитип кирди — башкалары жок экен.

— Кана, эсептединби? — деди Балтабаев Жапакка карап.

— Ооба.

— Апкел кагазынды.

Ал кагаздарын жыйнап жатканда, Балтабаев сүйлөдү:

— Түндө түн жарымында обкомдон Жанузаков өзү телефон чалды, «качан» дейт. Беш күн ичинде толтуруп ийербиз дедим. «Жок, артта калып кетесиң, эртелет, бүт» дейт. Аракеттенебиз дедим. «Аракетинди өзүң бил, бизге үч күн ичинде рапорт бергин, мына, мен графикке белгилеп койдум» дейт. Анан дагы, «200 тонна кошумча бер» деди. О кокуй, кайдан аксакал деп ыргып кеттим. Болбойт. «Жерден чукусаң да» дейт. «Сен көрбөсөң, мен көрүп турам, сенде мүмкүнчүлүгүң бар, көрө турган сендейлерге ишенбесек, кимге ишенебиз, областтын даңкын көтөрүшүбүз керекпи, жокпу? Эч кыцкы-мыцкы дешке болбойт» дейт. Эми ушу жаңы планы шаштыны алат окшойт.

— Оо, аксакал катуу кармаптыр го. — Чокоев энтигип баш чайкады, топтомолок болуп ары-бери басты.

Садык азыр чап жаак, куба жүлүн өндүү, бир калыпта салкын көрүнгөн обкомдун секретары Жанузаковду элестетти. Анын туруктуу мүнөзүнө карата өз көңүлүндө кандайдыр бир түрдүү ойлор туулду.

Анан унчукпай калышты.

— Алты күндө бүтүп ийе алабыз дейм? — Балтабаев Чокоевге карап унчукту.

— Ай ким билет... эптеп-курап бир жагына тууруллап ийе алабызго.

Балтабаев ойлонуп калып, анан башын экчеди:

— Үч күндөн кийинкиге рапортту даярдай бергиле. Жазып албадыбы, Жанузаков, эми болбойт. Антпесек көп чарбалар бүтүп иет, алга үзүлүп чыга албай калабыз.

Садык түк үн кошпой турду.

— Эч нерсе эмес,— деди Балтабаев кайраттанып,— антип-минтип үч-төрт күн өткөнчө бүтүп койбой, жатмак белек. — Балтабаев сөзүн дагы улады: — Айтмакчы, Жанузаков Алиманы сурады. Канча дейт, жүз элүү дедим. Канчага барды азыр? — Ал тургандарга кылчайды.

— Жүз он,— деди Садык токтолбой.

— Жок, кече ошондой болучу, бүгүнкүсү менен жүз он беш, жүз жыйырмага барып калар.

Чокоев акырын сөзгө аралашты:

— Демек, бүткөнчө жүз отуз, жүз кыркка барып калат экен да.

— Жок, аянтта эч нерсе калбай баратат. — Садык өз чамасын айткысы келди.

Балтабаев ага типтике бир карады да, ишенимдүү унчукту:

— Салуу керек аянттарга кайрадан, тээ тыяктагы талаалар агарып, дагы ачылып калыптыр.

— Салууга болот, башкасын коёлу, жүз элүүгө тырмышып жетүү да кыйын го.

Балтабаев токтоло калып сүйлөдү:

— Бекер айтасың, эки жүз. Сен эсептединби,— деди дагы бухгалтер Жапакка карап.

— Ооба, жардамчылардын эсебинен жыйырма тоннадай, анан өз бригадасынын теримчилеринен бир он тонна табууга болот.

— Дагы бир отузду табабыз,— деди Балтабаев ишенимдүү да, бир жагынан кубанычтуу да тон менен,— сен башка бригадалардан да аз-аздан ал, эптеп убадасына жетсин, макулбу? Алиманын убадасы — биздин убада...

— Хуп,— деди Жапак саал эңиле берип, анан алиги кагаздарын жыйнаштырып, сыртка кетүүгө шашты...

* * *

Балтабаев бухгалтер Жапак алып келген дагы бир топ кагаздарга кол коюп, анан айрымдары жөнүндө бир перселер айтып, буйрук берип жатты.

— Силер,— деди Балтабаев Садыкка карап,— бригаданын ишин жыйынтыкташыңар керек. Алимага жок дегенде 20—30 тонна уюштургула.

— Эмнени уюштурабыз?

— Эсептегиле.

— Жолдош Балтабаев,— деди Садык мурдагы адаты боюнча аксакал дегенди коюп, ал таптакыр шашпай да, камырабай да. — Мен дал ошол жөнүндө сүйлөшмөк болуп келип отурам сизге.

— Эмне жөнүндө? — Балтабаев окуп жаткан бухгалтериялык документтерди нары коюп, тике карады.

— Алима жөнүндө, анын 200 тоннасы жөнүндө. Минтүүнүн кимге зарылдыгы бар?

— Өзүнө эмес, колхозго. Түшүнөсүңбү? «Элдин даңкын эр көтөрөт» деген кеп бар. Алима — колхоздун даңкы...

— Бирок адилетсиздик, ал адилетсиз даңк. Элди алдаган даңк, жерди алдаган даңк! Экономикалык жактан да, моралдык жактан да зыяндуу даңк!

— Эмнесин айтасың?

— Анын ишин башкалардын эмгегинен көтөрүүнү айтам. Биз ушу айрым адамдардын даңкын көтөрүп, жүздөгөн, миңдеген адамдардын инициативасына, ишенимине, иманына, абийрине доо кетирип атабыз. Жалган цифралардын артында адамдардын таза абийри, иманы кетип жатат. Биздин, коммунисттердин милдети,— адамдардын бийик абийри, бийик иманы үчүн күрөшүү болуп саналат. Дүйнө адамдардын таза абийрине, иманына таянып жашап турат. Ансыз... — Садык күчтүү сезимден аптыгып кетти.

— Болуптур,— деди Балтабаев ачуусун ичтен араң басып тиштенип. Ал канткен менен да саал апкаарый түштү,— ошол эле тоннадан сенин зыян тартар жөнүң болсо, кошпойлу. Кошпо, Жапак, уктуңбу. — Садыкты кекетип унчукту.

Жапак баш ийкеди.

— Кеп ал элүү тоннада гана эмес...

— Сен эмне зыян тарттың? Айтчы төлөп берели,— деп кекетти ранс.

— Төлөөгө болбой турган зыяндар.

— Айтпайсыңбы ачыгын? — Балтабаев тура калды ордунан.

— Жүздөгөн, миңдеген адамдардын инициативасы басынтылып атат, муну эч бир төлөөгө мүмкүн эмес! Бул алтын күмүштүн ар канчасынан кымбат!..

— Кимдер басып атат?

— Алималар, Өктөмдөр, Аттокурлар... Жылуу сөз да, жылтыр эткен бир топчу болсо да ошолордуку. Мен уктум, кошо иштеген, жүктүн моюн жорутар оор жерин көтөргөндөрдөн уктум. Алардын инициативасы алда качан өчүп калган... Биз өз ишибизди иштейбиз, нан табабыз, балабызды багабыз, жылуу сөздү, сый-сыпатты ала тургандар башка дешет. Бул ишеним тим эле турмуштук табийгый чындык катары жашайт алардын башында. Уктуңузбу, бул кандай жаман?! Бул — адилетсиздик.

Балтабаев дароо жооп берген жок, тамеки жандырып, терезе жакка басып, кайра артына кайрылды:

— Даңк алса, өз эмгегинен алды, комбайынын жакшы башкарып атабы, жакшы башкарып атат, жакшы терип атабы, жакшы терип атат, дагы эмне керек сага?

— Дал ошол жакшы терип атканын карацызчы, ранс, бир механик-слесарь ошонун машинасы үчүн күнү-түнү отурганы отурганбы? Анын эмгегин Алима өз даңкы үчүн пайдаланып атабы? Бир арабакеч бала пахтасын кырманга ташып жүрөбү — жүрөт. Бу да Алима үчүнбү? — Алима үчүн. Бригадада эсепке кирбеген, түшүмү ага жазылган беш гектар жер барбы? — бар. Үч-төрт ашыкча адам күчү барбы? — бар. Ал жер да, адамдар да Алиманын даңкын түзүү үчүн иштейт, же жалганбы? Мына менин айтайын дегеним ушул. Кандай дейсиз, ушул адилеттикпи?!

Балтабаев башка жакка тайыткысы келди:

— Бул жалгыз эле бизде эмес, бардык жерде.

— Мен башкалар жөнүндө айтпайм, өзүбүздөгүнү айтып жатам сизге.

Балтабаев жооп берген жок. Ал аябай кысталып турдубу, же Садыкка жини келгендиктен беле, кантсе да кумсарып кеткен эле. Садык да андан жооп күткөндөй, тике карап тура берди.

— Сен укканың жокпу,— деди көптөн бери делдейип калган Чокоев Садыкты саал жактыра бербегендей сөз кошуп, ал бул сөздөрдү кандай мааниде түшүнүп жатты эле, айтуу кыйын болучу. — Жанузаков өзү сураганын укпай жатасыңбы?

— Ал башка кеп, жолдош Чокоев. Сураса сурагандыр, бирок бирөөгө даңк түзүп келгиле деген эместир. Эгер анткен болсо, туура эмес...

Балтабаев Чокоевдин сөзүн күтпөй, өзү аралашты:

— Ал «канча тонна терди» деп сурады, мен жүз элүү дедим. «Өткөн жылкыдан аз го, бу кандай? Жакшы эмес, жакшы эмес, уюштургула, уюштургула» деп калды кайра-кайра. Анан мен азыр терип атат, эки жүзгө жеткириши керек деп койдум.

— Кеп анда эмес, жазгыла каалашынарча. Менин оорунарым башка — биздин коомдун кыймылдаткыч күчтөрүнүн бири болгон миңдердин, миллиондордун инициативасы жөнүндө...

Балтабаев кепти терендетүүгө аракеттенгендиги байкалып турду: ал Чокоевге кайрылып төмөнкү бир бригадалардагы иштер боюнча тапшырмалар бере баштады. Өз ички оюна бөлүндү болгон Садык ага көңүл да бурган жок.

Анан Балтабаев Садыкка карап калды: дал ушул карашында андан күтпөгөн бул суроонун чыгышы көп нерселерди айтып тургандай, аны өзү байкагандай кооп-сунуу бардыгынан беле, же башка себептенби, акырын унчукту:

— Эмне үчүн булар сенин башынды оорутат, айтчы?

— Абдан оорутат.

— Сен жокто эле адилетсиздик кетип, эми анын жолун сен тосмок болдуңбу? Сенсиз эле колхоз өскөнөнүккөн, сен өз ишинди иштесең жакшы болбойбу? Бир туруп парторгдун ишине киришет экенсиң, бир туруп доктурдун ишине, анан дагы бирине — чотунду кагып, өз милдетиңди иштебейсиңби?

— Милдетим ошо. Менин милдетиме жансыз эсептер кирбейт, адамдардын эмгекке, өндүрүшкө коомдук мамилелери да кирет. Ак эмгегине адилет баа болбогон жерде адамдардын коомго болгон көз карашы кирдейт. Адамдар канчалык аң-сезимдүү болсо, өз ишинин коомдук маанисин канча терең түшүнсө, экономиканын натыжалуулугуна сөссүз таасир тийгизет. Үй-турмуш шартынын жакшы болушу, маданий тейлөөнүн жакшылыгы, бирөөдөн ыза көрбөй, көңүлүнүн көтөрүңкү болушу, кыскасы — менин милдетиме кирбей турган нерсе жок. Булардын бардыгына кийгилишүү — менин зарыл милдетим. Ушундай менин ишим...

— Биз али көп сүйлөшөт экенбиз.

— Мен аны алда качан эле айткамын го...

Балтабаев токтоосуз сыртка чыгып, машинасына отурду да, кыштакты тең жарган көчө менен артынан чаң буруксутуп, төмөн жүрүп кетти.

XVII

Садык Балбаков ошондон көп өтпөй, райаткомдун председатели Шатман Алдосовго да кирди. Ал баягысындай эле жай сүйлөп, кепти сарасаптуу угуп отуруп аңгемелешти. Тамекисинин күлүн кагып койгон соң, кичирээк чың денесин жай алып ордунан туруп, өзүнө мүнөздүү токтоо кыймыл менен терезе жакка басып, кайра кайрылып, анан Садыкка же кошумча суроо берип, же анын айткандарын өз түшүнүгү менен тактап жатты.

— Шашпаңыз, Шатман Алдосович,— деди Садык отурган андан чоң тулкусу менен диванды кычырата бе-

рип,— он жетинчи жылы жумушчу табы эмне үчүн кан төккөн? Окко көкүрөгүн тосуп, чабуулга өткөн? Дал ушул бирөөнүн эмгегинин эсебинен жашоочулукка, бирөөнүн эмгегинин эсебинен даңкталуучулукка каршы эмеспи?

— Албетте, ал талашсыз,— деди Алдосов шарт бурулуп Садыкты беттей токтоп калып.

— Мына бу мен айткандар ошонун өзү да. Бирок бир гана башка формадагы түрү деп ойлойм мен.

— Жолдош Балбаков, сиздин оюңуздун, балким бир топ негизи бар экени талашсыз, бирок бир аз ашырып ийип жатасызго дейм.

— Кантип?

— Андайлар бар, бирок массалык түрдө эмес.

— Аныңызга кошула турайын, бирок, ар бир колхоздо Алималар, Өктөмдөр толуп атпайбы? Менимче, каалашыңызча табылат. Мына дагы бир мисал сизге, биздин колхоздогу чабан Төлбергенов Аттокурду эле алалычы. Ал мал чарбадагы маягыбыз, республикага чейин белгилүү. Эки короо койдун чабаны, бир койчусу Шалпык деген бир жоош иштерман жигит, экинчиси ошо Аттокурдун өз иниси. Андан тышкары түнкү кароолдор бар, кыскасы эки короо койдо бир топ адам. Койду кайтарган, суукка тоңгондор кимдер, а сый сыпатты, даңкты алып, республикалык чогулуштарда жүргөн, он-он беш күндөп өткөрүлүүчү семинарларда жүргөн ким? — Аттокур Төлбергенов. Орденди тагынган ким? — Аттокур Төлбергенов! Короодо болсо анын кылары эмне? Бир күн кой артында болсо, эртеси күнү «жакадан туз апкелишим керек, жем апкелишим керек» дейт. Анан дагы жалпы чогулуштар, парт чогулуш бар, дагы-дагы толуп жатат. А кой артында ким? Байкуш Шалпыктар... Мына бул деле жагынан өзү эмеспи?

— Мен абдан жакшы түшүнөм, Садык аны. Азыр үгүп жатат деп ойлобо. — Алдосов жай кыймыл менен креслого отурду да, бир нерсени эске түшүргөндөй, ойлуу болуп калды.

Садык азыр өзүн райаткомдун конторасында председатель менен сүйлөшүп жатканын унуткандай, көптөн сырдана жолдошуна мамиле кылгандай, өз оюн тайманбай айтып, тайманбай жооп күтүп отурат. Ал Алдосов менен мурда бир нече жолу иш боюнча сүйлөшүүгө туура келген. Эң сонун ырдаган ырын да уккан. Айрыкча быйыл жайында карымдаш Өзбекстандын Ан-

жиян областынын колхоздорунда социалисттик мелдештин милдеттемелеринин аткарылышын текшерүү боюнча райондо түзүлгөн комиссиянын составында бирге жүрүп келген. Алдосов да Садыктын ар нерсеге карата өзүнчө ою, кызыгуусу бар, түшүнүгү кенири, токтоо, мүнөз жигит экенине көзү жеткен, жолдош катары эле мамиле кылып, көп нерселер боюнча пикирлешип-сүйлөшүп жүрүшкөн.

— Бул, албетте, өз учурунда зарылдыктан чыккан, жакшы максатка чыккан. Бирок кийинки учурда карьераны тез курууга умтулгандардын куралына айланып кетип баратканы бар...

— Кошулбайм.

— Эмнеспне кошулбайсың? Согуштан кийинки чарбаны көтөрүү керек болгон, ал үчүн элдин активтүүлүгүн ойготуу зарыл эле. Бирин макташ керек болгон, калгандарын анын артынан шыктандыруу жолдорун табуу зарыл болучу.

— Шатман Алдосович, адамдарды жакшы билесиз го, ойлоп көрүңүзчү, бир адамды жалган жерден көтөрө берсе эле, башкалар ошого жетебиз деп артынан жүгүрө бereби? Тескерисинче, андан адилетсиздикти көрбөйбү? Көңүл калуу, ишенбестик пайда болбойбу? Эмне үчүн биз адамдарды жалган нерсенин үстүндө тарбиялоого барабыз? Советтик түзүлүш жөнүндөгү адамдардын ыйык ишенимин ушинтип бузуу кандай? Муну билип турсак да, эмне үчүн иштей берчү болдук? Айтыңызчы?

— Албетте, бул өтө терең нерсе, мамлекет үчүн, элдин өз эртеңи үчүн эсепсиз кымбатка турар нерсе... Бирок ал азыр токтолбой жүрүп жатат. Бул оңой менен оңго сала кое турган кичине тетик эмес. Чоң нерсе... Чоң өзгөрүштөрдү талап кылар нерсе...

Алдосов ойлуу туруп калды. Анан саал кыйшык бүткөн сол колу менен күкүрт жандырып, тамеки чекти. Анын колу согушта жарадар болуп кыйшык бүткөнүн да, оң жак капталында эки кабыргасы жок экендигин да Садык жакшы билет. Алдосов согушта аба салгылаштардын биринде самолету күйүп токойго түшкөнүн, кандайдыр керемет менен өзүнүн өлбөй калгандыгын, бир поляк чалдын малканасында далай күн жатып оңолгон соң, поляк партизандары менен бирдикте согушкандыктарын да айтып берген. Ал жакшынакай поляк аялын сүйүп калгандыгын да, алар Кыргызстанга келиши жөнүндө кыялданып жүрүшкөнүн да, бирок аял

разведкада өлүп, өлүгүн өз колу менен көйгөндүгүн да айткан. Көзүнөн жаш каканактай берип, бирок катуу мүнөздүгүнө салып, билгизбей улутунуп, минтип кошумчалаган:

— Польшага барсам, ошол токойго коё берсе, жазбай барып, анын көмүлгөн жерин табар элем... Балким, анын мүрзөсү жер менен жексен болуп калгандыр, бирок баары бир табар элем. Көз алдыма келип турат,— деген.

Аскерден соң Алдосов мугалим болуп иштеп жүрүп, кийинки жылдарда партиялык-советтик кызматтарда. Садык ошолор жөнүндө ойлоду. Ал дароо эле көңүлүн азыркы аңгемесине бурду.

— Көрдүңүзбү, сиз да билесиз. Ал турсун, обкомдун секретары Жанузаков билет. Алиманыкы эки жүз болушу керек. Давай, караштыргыла дейт. Билип турат баарын. Эки жүз кылыш үчүн жалганга барарын билип тургандыгына күмөнүм жок. Кандай ханжество? Ушул жоруктар коммунисттик этиканын жоруктарына туура келеби?

— Жок, ал эмес, Садык, сен коммунисттик этика деп эмнени түшүнөсүң? Ар бир коммунисттин айланасына болгон мамилесин, жүрүш-турушун, сапатын, дүйнөгө көз карашын коммунисттик эталон деп түшүнөсүңбү? Жок. Анда сен жаңыласың. Коммунисттик этика деп айрым коммунисттин турмушка болгон мамилесин түшүнүүгө жарабайт. Чыныгы коммунисттик милдети жана максаты — дал ошо коммунисттик атка жамынып, анын этикасынын баркын төмөн түшүрүүчүлөргө каршы коммунисттик чыныгы этика үчүн, коммунисттик таза идеал үчүн күрөшүү болуп саналат!..

Анан экөө тең бир далай унчукпай калышты.

— Даңк алуу, мүмкүн болсо эртерээк бүтүү, бүтө элек нерсени үч күн мурда бүттү дей берүү,— ушунун баары даңк үчүн. Бизде мындан башка жакшы идеал жокпу деп таң калып атпайсыңбы? Бул туура эмес, Садык. Балким, мунун баарын сен айрым адамдар аркылуу жалпылап жаткандырсың. Маселен, бир дыйканды алалы, айталы, сенин коншуң Миңбайды — ага планды үч күн мурун аткаруу түк кызык эмес, зарылдыгы да жок. Ал эми башка бирөө үчүн зарылдыгы бар. Миңбайга эмне кызык? Канча иштесе, ошончо түшүмүн төкпөй-чачпай жыйнап алуу кызык. Ошол алган түшүмүнөн ашыгыраак жалган кошуп айтуунун ага дагы эч зарылдыгы жок. Баятан кейип айткан коммунисттик

этика жөнүндө деле дал ошондой ойлогун. Ал эми башка бирөө үчүн, айталык, карьерист үчүн пландан үч күн мурда кутулуунун кызыкчылыгы бар... Маселен, үч жыл-төрт жыл удаасы менен планды толтурган секретарь сөзсүз обкомго көтөрүлөт. Демек, жеке адамдардын кызыкчылыгын басуу аркылуу болсо да, ага жетишүү зарыл. — Алдосов сөз аягын тамашага салып, акырын гана күлүп койду.

Бир аз унчугушпай калышкан соң Алдосов кайра сүйлөдү:

— Чарба перспективасы боюнча экономикалык планың менен тааныштым. Жакшы ойлор... Бирок Балтабаев түшүнгүсүз келбеген тура.

— Түшүнгүсүз келбеди десе да болот. Менимче, маселени түшүнө албай койдуго.

Алдосов Садыкты жаңы көргөндөй баш-аягына тегерете бир топко чейин карап турду да, анан ал астыртан дагы сынап, кайра сурады:

— Жакшы оюм бар эле, бирок минтип отуруп калдым демексиңби?

— Жок, Шатман Алдосович, отуруп калбайм. Башкаларга да айттым. Коммунисттердин кыйласы түшүнө баштады. Балтабаевге дагы да айтып жатам, көзөм адам эмеспи, бүгүн болбосо эртең түшүнүп кетер.

Алдосов Садыктан ушул жоопту, ушул бекем ишеничти гана күтүп тургандай, ордунан шарт тура калып сүйлөдү:

— Тупатуура! Бирок жалбарып отуруунун кереги жок. Кемчиликти көрдүңбү далилдеп бетине коюп бер. Башкалар да көрүп ишенсин. Бу — коммунисттик милдетиң!..

— Демек, сиз Балтабаевдин алигидей иштеринен шектенет турбайсызбы,— деди Садык саал кооптоно, Алдосовдун жүзүнө тиктеди.

— Шектенмек турсун, көрүп да жүрөм. Балтабаев өзү деле эмес... — Алдосов кабак чыта нары-бери басты.

— Район бир чарасын көрбөйбү? Көрсөтмө бербейби?

— Ах, сен... — деп Алдосов өкүнө сүйлөдү,— баары эле бул маселени кыпыксыз бирдей түшүнүп калды деп ойлойсузбу? — Алдосов колун терс шилтеп койду.

— Райком бар... бюро мүчөлөрү бар... — деди Садык токтоп.

— Кеп ошондо... партиялык, чарбалык зор маселелерге байланыштуу ар кандай көз караштар жашайт...

Садыктын кызыгуусу арта түшүп сурады:

— Маселен, кандай?

Алдосов Садыкка жалт карап, өзүнүн өтө эле ачыктыкка кетип калгандагын эстедиби, оюн кескин кайрыды:

— Аны тактап отуруунун мында кереги жок, иши кылып, көз караштардын кагылыштары болбой койбойт. Кагылыштар биздин өнүгүш жолубуз... Сенин, менин милдетим адилетсиздиктерди көрсөк, ага каршы туруу, анын бетин ачуу. Партия бизди ошентүүгө чакырат.

— Ооба, ошентсе да... — Садык мукактана түштү.

— Кадырың жам болсун, адилет сөздү түшүнө турган адамдар райондон да, андан жогорутан да табылат... Кеп сен эмнени сүйлөйсүң, ошого байланыштуу...

XVIII

Садык областка атайын келген иштерин бүтөрү менен кайра кетүүгө шашып жүрүп, ашканага кире калды.

— Тургунай?.. Тургунай! — деди Садык, саал энтигип. Тамак ичип отурган аял сулуу көзүн бир аз күлүндөтө, суз кол узатты. Төбөсүнө түйүлгөн кара чачы уюлгуп, өңү баягыдан кыйла эле жышылып, көрүнүшү пакиза жана тыкан эле.

— Тургунай! — деп Садык манчаларын бек кармап көрүшүп, анан кое бербей турду,— кайдасың?

— Ушу райондун «Кара-Суу» мектебинде иштейм.

— Неужели ушу 50 километр аралыкта иштеп, бир жылдан бери билишпейбиз? Айлар, жылдар өттү го?..

— Билесиңби, Садык, бул күндөр мен үчүн анте турган күндөр болбоду,— Тургунайдын ак жүзү саал кумсара түштү, үнсүз турду.

— Эмне үчүн?

— Жамалканды Ташкенге апарып, операция жасатып... — деп алаксытты.

— Катуубу оорусу?

— Катуу деле эмес, бирок... — Ал улутунуп токтоло калды. — Тамагы ооруп, ошондон барып үнү бүтүп калган. Азырынча жылыш жок. Дагы көп жатат деп айтышат.

— О, кудай сактасын, жакшы болор.

Тургунай улутунуп койду да, кайра аны эсинен чыгаргандай, жарашыктуу жылмая берип унчукту:

— Үй-бүлөң дуруспу? Уулуң чоңоюп жүрөбү?

— Сен аны кайдан билесин?

— Вокзалда көрүшүп калганыбыздан соң, сурап уктум.

— Ырахмат, дурус.

Алар ашканадан чыгып, аллеяларына сары жалбырак төгүлгөн кичирээк бакта үнсүз басып жүрүштү.

— Ушинтип «Ак-Таш» колхозунда иштеп атам,— деди Садык эмнеден сөз уларын билбегендей.

— Жакшы билем ал колхозду.

— Кайдан жүрүп?

— Мектебинде бир иштеп кеткемин.

— Эмне үчүн кетесиң? Мына, бирге иштемек экенбиз.

Тургунай саал жылмайып күлүп коюп сүйлөдү:

— Тил табыша албай калдым окшойт чоңулар менен.

— Ал ким?

— Балтабаев менен.

— И?

— Мен жаңыдан келип, мектепке окуу жылынын башталганына төрт беш күн эле болгон. Сабак окутуп жатсам, эшикти шарт ачып кирип келди Балтабаев.

«— Сиз директорсузбу?» — деди.

«— Ооба», — дедим.

«— Бүгүндөн баштап мектебиңерди жаап, бир адам калбай, пахтага чыккыла». Балдардын көзүнчө эмне дешимди билбей калдым. «Жүрүңүз», деп конторага ээрчитип кирип: «— Канча күнгө?» деп сурадым.

« — Канча күнүн эмне кыласыңар? План толгончо. Пахта бүткүчө» дейт тээ жогортон келип. Мен да кырсыга түштүм.

— «Кана, Агартуу Министиринин буйругу? Мен ошого баш ием»,— дедим.

« — Сен кайдан түшкөн катынсың?» — дейт.

« — Мен катыныңыз эмесмин, Чекирова Тургунаймын, мектеп директорумун!» — дедим ызам кычап. Жаппай койдум мектепти үч күнгө чейин. Балтабаев чуу салып, мени райкомго чакырттырып, тимеле мамлекеттик чыккынчылык иш кылган киши катары жазалап жибере жаздады. Ошентип экөөбүздүн отубуз биринчи күндөн эле күйүшпөй калган.

— Кызык. Анан канттиңер?

— Кийинчирээк эки район кошулганда, өз арызым менен башка районго которулуп кеттим.

— Эмне үчүн?

— Себеби бар эле... — Анан алаксытты. — Доктур ерөөндө иште,— деди.

— Кандай себеп деп такыды Садык.

— Анын кереги не? — Тургунай көңүлсүз көл шилтеп койду. — Өтө эле кызыксаң, эртедир-кечтир угарсың.

Садык бир аз ыңгайсыздана түшүп, анан сөз улады:

— О, Балтабаев менен чоң казанда кайнашып кала жаздаган экенсиң да...

— Кайнабаганда эмне? Кайнабай жүрүп, айланабызда андайлар көбөйүп баратпайбы?

Анан экөө тең бир азга тунжурап, үнсүз болуп калышты.

Көпкө чейин басып жүрүшкөн менен да сөздөрү оталбай койду. Өздөрү мында басып жүрүшкөндүктөрү менен, ички дүйнөсүндө тээ алыскы Арстанбап кыштагында калган жаштыктарына аралашып жүрүшкөн эле. Ал учурда экөө жап жаш, көз менен гана сүйлөшүшө тургандыктарын кантип унутушсун?..

* * *

...Көп өтпөй токой чарбасына жемиш жыйноого жардам берүүчү күндөр келди. Бир нече күнгө мектеп жабылып Тургунайым, Садыктар токойдо болуп калышты.

Бозой балдардын созолонгон үндөрү басылбайт. Ар бир ыр Садыктын көөдөнүн аралап өтүп жаткансыйт. Анын сезүүсү негедир демейкиден өзгөчө таасирленгич, өзгөчө толкундуу... Чертилген комуздун ар бир кайрыгы жүрөгүнүн толгон сырларын айтып жаткансыйт. Апкаарыйт, өзүн-өзү токтото албайт. Көкүрөгүнө толкунун батыра албайт, черткиси келет, ырдагысы келет...

Садык кыпкызыл өрүк комузун алды. Назик дыңылдатып, кулагын бурады. Кайра жандырып, кайра бурады. Садык бул учурда комуздун күүсүн таба албай жаткан эмес эле, аптыктырып тамагын бууган кандайдыр бир ички күчтүү сезимин баса албай жаткан болучу. Ансыз ал, балким, ырдай албас эле. Бакалоорду кыскан ички сезим аны сөзсүз аптыктырып, үнүн кардыктырып жибермек.

Садык көптө барып алды өзүн колго. Эң алдын өзүн өзү тапка алгандай комузун көпкө чейин кайрып чертти. Анан саал аптыгып барып үнүн кошту:

Мандайда жанган чолпонум...
Жетеби сунсам оң колум?
Жаркының тийип жүрөккө,
Жарк этти басар жолдорум...
Ээ-э-эй, чолпон... чолпонум...

Садык жүзүн түнкү асманга бура, көзүн саал жуумп, үнүн чексиз-чексиз созуп, эркин ырдап жатты. Чексиз созгон үнүн коштогондой москоол тулкусун саал жай термелтип, ак жүзүнө каны тээп чыгып, кыпкызыл мамат болуп бараткансыды. Анын үнү өтө бийик эмес, бирок нык, укмулуктуу эле. Көөдөнүндө тирелип турган сезимден чыккан үнү канчалык созсо да түгөнө тургандай эмес. Садык болсо өз кыялында таптакыр башка дүйнөгө кирип кеткен сыяктуу, толкундар аралында бара жаткан сыяктуу өзүн унутуп калган эле...

Түнкү асман чексиз сан жылдыз...
Мен үчүн бирөө сен жалгыз...
Түнөгүң алыс бипбийик,
Сүрдөнөт жүрөк такаатсыз,
Оо-о-ой, чолпон, чолпонум...

Тургунай колдорундагы көктөп жаткан жаңагын кармап, Садыкка кыйгач жүз буруп тиктеген калыбында катып токтоп калган эле. Кыздар да, уландар да дым болуп калышкан.

Эрот чатырап күйүп, кызыл жалын абаны жалмалап жатты. Токой жаңырыгы Садыктын ырын бир беттен экинчи бетке уруп алып кетип баратты. Түн тынчтыгын бузган сүтак да бир азга токтоп калгансыды. Бай түп жаңактар салпынчак шактарын төмөн салбыратып, кыймылсыз тыңшап турушту. Түн тунжурап уюп калган.

Кол сунам, чолпон, сүрдөнүп,
Тартып бир алсаң эп көрүп...
Айланам тунуп бакытка,
Чолпондой жансак түбөлүк...
Аа-а-ай, чолпон, чолпонум...

Тургунай эми түк үн катпай, эки колунан көз албай, жаңак көктөп жаткан менен колдору гана иштеп, кыялында тээ алда кайда кеткен болчу. Бул толкуган жүрөк сырларынын кимге арналып жатканына эми кылдай да кадиги болбой калды. Кыздын назик жүрөгү алда неден астыртан сүрдөнө баштады. Негедир этияттанып, Садыктын дидарына жүз бага албай, ошондон улам эки көзү өзүнүн жаңак көктөп жаткан эки колуна байланып калды.

Садык токтолгон соң кыпкызыл комузду жаңакка жөлөп койду. Эч ким озунуп сөз кошуп жиберген жок. Бир паска тынчтык бузулбай турду. Чарс-чурс этип, эрот гана чок чертип жатты.

Садык болсо алда неге айыпкер адамдай эроттун на-

бат канттай катмарланган агыш кызгылт чогунан көз албай тиктеп туруп, анан тамеки жандырды.

Тургунайдын суз тарта түшкөн абалы ошо бойдон жазылган жок.

Кеч жатышты.

Көпкө чейин Садыктын кирпиги илинген жок... Анын санаасы сайга, кыялы кырга кетип жатты, бирок эч кандай жыйынтыкка келе албады. Тургунайдын минтип кескин өзгөрө түшкөн жоругун түшүнө албай калды.

Андан кийинки күндөрдө да Тургунайды Садыкка карата мамилеси ушинтип катуу боло берди. Демейки жылт этип күлкү учкуну атылып чыгууга даяр тургандай сырдуу кара көздөрүн Тургунай Садыктан атайлап ала качат. Садык буулугат. Өзүнчө бук болот. Ыйлагысы келет.

Бир күнү кечте арсак тиш Арстанбаптын айырмач белесинде каалгып келаткан ай нуру тийип турган токойдон чолоон тектирчеде оюн курушту. Кол кармаша тегеренип турушуп, токмок ташташып, бирин-бири жаза чаап кубалап, чуру-чууга түшүштү. Анан бадал-бадал артыны жашынып, бирин-бири чыңырта кубалашып, бекимбечек ойношту.

Оюнда Тургунайдын көздөрү жүзүнө урган сүттөй ай жарыгына чагылышкан Садыктын көздөрүнө тушматуш келе түштү. Ал баягы бир кезгисиндей оттуу жылт этти.

Тургунай Садыктын артынан кубалады. Садык алча бадалын айлана качты. Тургунай Садыктын колун чап кармап алды. Садык да аны түк кое бербестей бекем кысып калды. Андан ары эмне болгонунун экөө тең билишпейт: бул мүнөттө алардын бүткүл акыл-эсин көөдөнгө сыйбай аптыктырган ички сезим тепсеп кеткен болучу. Алар андан ылдамдай басышып отоодон узап, анан кол кармашкан бойдон жүгүрүп кете беришти... кете беришти... Каякка барарын да айтышкан жок, кете беришти. Жолдон да чыгып, белге чыккан көк чөптү жапырып, бирде тизелеп, кайра туруп, артынан бүткүл эл-журт, тоо-таш жүгүрүп келаткандай аптыгып баратышты. Алар токтоосуз жүгүрүп отуруп, жылгадагы токойго кирип кетишти. Энтигип калышты. Токой ичи капкараңгы, сүрдүү. Токой ичи сырдуу. Ай шооласы ар кай жерден тепчип өтөт. Жылдыздар жылт этип, шак арасынан карай калышат. Жаңгактын желге термелген калдагай жалбыректары бир нерсени шыбырап шарпа чыгарышат. Төмөнкү сай тараптан тоо суусунун

басаң шары угулат. Тээ тумшуктагы дүңкүйүп араң көзгө илинген бай түп жаңактан сүтак үн катат. «Сүт-ак, сүт-ак, сүт-ак...» Алда качанкы адилетсиз заманда сүйгөн кызын кара болду деп айыптап өлтүрүп жиберген соң, күйүтүнөн кушка айланып, сүйгөнүнүн сүттөй актыгын ааламга жар салыш үчүн өмүр бою түн катып уйку көрбөй, адилеттик үчүн күрөшүп жүргөн боз чымчык жөнүндөгү уламыш түшөт эске. Демейки сүтактын найин да, мундуу да үнү бүгүн укмуштай бир жагым — токой тынчтыгынын музыкасы сыяктуу угулат. Токой түнү тыноо какпай аны тыңшап тургансыйт.

Садык жаш чагынан кары адамдардан «жыл сайын орозо айынын бир кечинде кадыр түн өтөт. Анда суулар, көлдөр айран-сүткө айланып, тоо-таш, чөп-чар нукура алтын болуп, уюп туруп калат имиш. Адам колуна эмне кармаса, ал да алтынга айланып, ушу бойдон кала берет экен. Кадыр түн ар кандай адамга сөзсүз бир учурайт дейт. Бирок адам байкабай калат имиш», деген сөздөрдү укчу. Дал ошол кадыр түндүн сөзсүз бүгүнкү түн экендигине кылдай да күмөн санаган жок: бүткүл айланасы алтын-көмүш болуп уюп турган эле. Садык балатыга сүйөнгөн Тургунайдын белинен акырын кучактап, өз кулак түбүнөн анын жылуу тыноосун сезип турду.

Убакыт да, бүткүл жаратылыш да алда качан тынчып токтоп калгансыды. Көптөн кийин Тургунай этияттагандай акырын сүйлөдү:

— Садык, сен билесиңби, мени кайындап коюшкан....

Садык көөдөнүнө толгон сезимден аптыгып катуу айтты:

— Сениби?.. Миң жолу кайындашпайбы. Сени мен эч кимге бербейм...

Ошондон бир нече күн өтпөй Садык мектеп директоруна кирди. Шайыковдун кара жүзү түнөрөт.

— Мени чакырттыңыз беле, ага?

— Ооба,— деди кекетип,— отур.

Анан ал бир топко чейин үнсүз карап калды.

— Сен эмне кылып жүрөсүң? — деди кыжырдуу үн менен Шайыков.

— Эч нерсе...

— Тигини. Кылгылыкты кылып, кыл жип менен буун анан мурдун балта кеспей, эч нерсе дегенин көр.

Ачуусунан улам Шайыковдун көгүш тарткан эриндери кыймылдап кетти.

— Эмне үчүн жанагы Тургунай деген кыздын башын айландырып жүрөсүң?

Садык селт баш көтөрдү:

— Башын айландырганы эмнеси?

— Тигини аңкоосунганын!

— Аңкоолук эмес, мен аны сүйөм!

— Сүйгүнчүлдүгүн көр, сен өзүң иштеген мектептеги кызыңды сүйөсүңбү?

Капар күрп этип столун таянып тура калды.

— Мен аны окутканым жок, үчүнчү классты окуттум, ал онунчуну бүтүп атат ко. Окутсам эмне болмок эле?

— Эй, акмак, сен кимсиң?

— Мен Садыкмын!

— Кесибинди айтып жатам? — кыжырланып обдулду Капар.

— Мугалимдик.

— Мына көрдүңбү? Мугалиммин десең, бүгүндөн тарта алиги акмак ойлорундун баарын унуткун!

— Кантип?

— Ушинтип!

— Эмне, мугалимдин жаны жокпу? Адам эмеспи? — Садык өмүрүндө биринчи жолу жетим адам катары өз оюн талашты.

— Ал эмне дегениң?

— Эмне, мугалимдин сүйүшкө акысы жокпу деп атам.

— Сүйө бер, тигине, мектепте окубаган кыздар толуп атат.

— Жүрөккө буйрук берүүгө болбойт. Көрүнгөндү сүйө бербейм.

— Тигинин философиясын көр.

— Бул философия эмес, табигаттын закону.

— Законду сүйлөйсүң, закон кесип жиберерин уккансыңбы?

Садык дудалактана түштү. Ал күйүп бышып кетти:

— Окуусуң бүтө элек, жашы жете элек кыздарга адамча эмес, айванча мамиле кылып, ала качып кеткендерди, мейли чаап жибересиң, каршы эмесмин.

— Өзү иштеген мектеп кызын сүйсө да айыптайт закон.

— Анда ал адилетсиздик. Анда ал — зомбулук...

Садык эмне кыларын билбей кылчылдап кыйлага чейин отуруп калды. Ал катуу тиштенип унчукту:

— Анда мага мугалимдигициздин кереги жок.

Капар столду бир муштап көгөрүп кетти:

— Акмак! — деди шилекейин чачыратып,— мен сенин бир тууган таганмын. Ошон үчүн алдын ала эскертип атам, болбосо прокуратурага билдирсем, сенин ордуң түрмөдө, билесиңби?

Садык тунжурап отура берди.

— Ишенесиңби? — деди Капар кекетип.

Садык ишенди, бирок жооп берген жок.

Капар сүйлөй берди. Акырында ал туугандык тил менен айта баштады.

— Бир тууган жээним болгонуң үчүн адам болсун деп, артыңдан убара болуп ушу мектепке иштөөгө апкелгемин, болбосо сендей балдар бригадирден араба сурап алалбай жүрүшөт. Ал эми сенин болсо кылган ишиң бу. Жээним, бекерден өз бактыңды өзүң кыркасың. Кесилип кетишиң ыктымал, антпесе, мугалимдиктен таптакыр айрыласың, мага да катуу сөз тиет. Эмне кереги бар? Акыл менен ойлоп иш кылыш керек.

Анан экөө тең кыйлага сүйлөбөй, үнсүз болуп калышты.

— Оролошпой ушуерден кетсинчи деп, облонодон кагаз алып келдим,— деди Капар бир парча кагазды Садыктын алдына таштап,— бир айлык курска барасың. Андан нары ата-энеңе бар. Күздө сен келгенче ал секелек кыз да окууга кетер, же бир жагына тынар.

— Окууга барат,— деди Садык токтоно албай.

— Окууга барса да баары бир, сен байланышпа, сөз тийбей койбойт.

Садык болсо эми анын эмне деп айтканын да укпай, өз ички ою менен болуп калды. Көптөн кийин гана алиги кагазды алып, сыртка чыгып кетти.

Ушул жөнүндө Тургунайга түнкү жолугушууда жашырбай айтты Садык. Тургунай эч бир үн кошкон жок, андан кийин да көпкө чейин сүйлөбөй тура берди.

— Кетебиз, Тургунай,— деди Садык анын унчукпаганынан коопсуп,— кетебиз... көзүбүз кай жакты караса, ошол жакка кетебиз. Мен ишенип турам, баары жакшы болот.

Ал күнү аз сүйлөштү, ойлуу болушту.

Эртеси күнү жыйынтыкка келишти: Садык курска бара бериши керек, Тургунай да шаарга окууга барат — андан ары бир жолу табыларына күмөнсүнүүнүн кереги жок.

— Апама да айтам.

— Кое турбайсыңбы? Эмне дейт, эмне жок...

— Жок, апаман жашырбайм, апам эч качан менин жолума каршы болбойт. Менден башка анын эч кимиси жок...

Садык шаарга кетти.

Садык үчүн бир ай түпсүз бир узак мезгил сезилбесин! Ал түнкүсүн уктай албайт: таң үрөң-баранда сыртка чыгып, тээ алыстагы ак кардуу Арстанбап тарапка кусалуу көз чаптырат. Арстанбап көк чийгендей шаңдуу каалгыйт: «Окуй бер, балам, Тургунайың жакшы жүрөт» дегенсийт. Ал карт тоонун убадасына бел байлайт.

XIX

Тургунай окуусун бүтөргө жакын алда кандай кыялдуу, кубанычтуу жүргөнүн апасы байкап, ошондо гана кызынын бойго жеткенин, болгондо да сымбаттуу жетилгенин көңүлүнө алып, «кудайдын кулагы сүйүнсүн, жалгыз кызым, мандайымдагы чырагым...» деп теңирге жалынып, өзүнчө күбүрөгөн. Кемпирдин көңүлүндө — ак тилек.

Бир күнү Тургунай мектебине акыркы жолу барам деп айтып, ак куудай таранып, таза кийинип кетти. Ал ошол түнү үйгө кайткан жок. Таң ата кара кемпир намазга турганда сырттан жүгүрүп кирип, жаш баладай экиленип, апасынын мойнуна асылды, бетинен өптү:

— Апа, мен эми окуучу эмесмин, жетилдим. Сен билесиңби... — Кызы толкунданып, бир нерсени айталбай калды.

— Жетилсең сенден айланайын. Деги бүгүн кайда жаттың?

— Жатканым жок, апа. Билесиңби бүгүн кандай сонун түн өттү?

— Ооба, айланайын, жатып алып билбейбиз, жай түнү кооз.

— Жок, апа, мындай түн болбойт...

Тургунай бул күндөрдө өзүнчө делөөрүп бир башкача болуп жүрдү. Кээде секелек кезиндегидей апасынын мойнуна асылса, кээде үй-тиричилиги, өз эртеңи жөнүндө акыл-эстүү сүйлөп, жетилген адам болуп апасына кеңеш салат.

— Апа,— дейт кемпирди кубантып,— мен шаарга барып, мугалимдик кесипке окуйм. Анан сени куштай тарап багып алам...

— Макул, тилегинден айланайын... — дейт кемпир көзүнөн кубаныч жашы кылайып, теңирине жалынып.

Анткени, кызынын кубанычы — кемпирдин кубанычы, бактысы...

Бир күнү кара кемпирдикине Абдылда кирди. Абдылданын чокчойтуп көк-ала сакалын койдурганынан, айрым кыймыл аракетинен, саал көмөкөйүндө сүйлөгөн басыңкы үнүнөн кара кемпир отуз жыл ашык өмүр күнүн бирге өткөргөн өз чалы Кабылдын жорук-жосунун көрүп, ошондон улам аны бир тууган кайниси катары гана эмес, андан да жакын кишисинин өзү катары көрчү. Абдылда да бир тууган жеңесиникине көп кирип, анын турмуш-тиричилигине акыл-кеңеш сөз кошуп, эшик-элигинде катуу-ирик иши болсо кол-кабыш кылып турчу.

Кара кемпир эң жакын кишисине Тургунайынын оюн айтууга ашыкты.

— Жакшы... Окууга барганы жакшы экен,— деди Абдылда ойлуу жер карап турган калыбында. Анын тиштенип турушунан арык жаак эттеринин кыймылдаганы көк аралаган суюк сакалынын арасынан саал билинип турду,— мен да Тургунай жөнүндө сүйлөшейүн деп келдим эле...

Анан ал бир аз унчукпай калды.

— Жеңе, ушак-айың сөздөрдү угуп атасызбы?

— Кандай сөз?

— Кап, мусурманым,— деди Абдылда кемпирдин карапайымдыгына өкүнүп,— кызың жанагы Садык деген маалим менен сүйлөшүп жүрөт имишко? Ал эле болсо экен, токойго түнөп калганын да көрүшүптүр. Энесинин төрүндөгү кыздын кылар жоругубу? Э, бачагар, уксаң азат боюң тик турат.

— Оозуңа карап сүйлөчү,— деди кемпир кызын коргоп,— Тургунай сен ойлогондой жеңил баа кыз эмес, кудаага шүгүр, акыл-эси жайында. Өз акылын өзү табат, айткан айта берсин.

Алар бир топ кыжылдашып, анан дагы көпкө чейин үнсүз отуруп калышты.

— Шермамат аскерден келиптир,— деди Абдылда көмөкөйүнө түшүп кеткенсиген басыңкы үнү менен,— мен кудаларга барып кабар алайын, алар эмне дешип атты экен. Кыябы келсе, аманатыңарды алгыла дейин. Жок десе, анысын билейин. Кыз да он сегиз, он тогузга кадам коюп баратат. Анын да убал-сообу бар. Өз түнөгүнө узатып коюш биздин милдет. Ансыз кыздын кылган-эткени да эми макүрөө болот.

Ошол күнү кечке маал кара кемпир Тургунайды

жылдырбай кармап сурады. Тургунай да танган жок, күлүп жиберип, апасынын мойнунан кучактап, капкара тырыш жаагынан өпкүлөдү:

— Ана! Садык абдан сонун жигит, ал акылдуу, биз экөөбүз... билесиңби!..

Тургунай жарашыктуу жылмайып, сулуу бакырак көзүн кыбың-кыбың ирмеп, андан ары айталбай жадырап турду.

— Окуу деп алдап, кылар ишиң ушул экен да?

— Апа, сен түк жаман нерсени ойлобо, мен окууга сөзсүз барам.

Эки күн өтпөй кудалар тараптан сөз алып, Абдылда келди.

— А канткенин, ойлонушпай эле? — деди кемпир чочуп кетип энтигип.

— Ойлонушар эмнеси бар? Қабыл акем көрүндө тынч жатсынбы? Бу иш — ал кишинин мойнундагы о дүйнөлүк карызы...

Қабыл деп байынын атын атаган соң кара кемпирдин карт жүрөгү солк этип, бет алдынан сакалын жайкалткан жапалдаш бойлуу Қабылынын элеси кетпей, алда качанкылар көз алдына күнү бүгүнкүдөй тартыла берди: анда Тургунай бешикте... Шермамат болсо эки жаштагы нариете. Уул балдары токтобогон ата-эне арзып келип, ырым менен куда түшүп, Тургунайга сөйкө салып отурушкан. Козунун эти желип, ысык шорпого тойгон бир айылдык адамдар манаттай кызарып, кереге жүккө сүйөнө беришкен ченде, куда менен кудагый эки колдорун бооруна алышып тура калышкан. Анан Қабылдын бутуна жыгылып, кулдук урушту. Көк ала сакалын жайкалтып, кубанычтан каны бетине тээп кызарып сүйүнгөн Қабыл бир сөздү кайра-кайра айткан:

— «Ыраазымын, кудагый-куда. Кудай алдында силерге ыраазымын. Балдардын өмүрүн берсин, келиндерди колуңарга тапшыруу — биздин парыз. Даргөйү улук кудай өзү күбө...»

Қабылдын ушул сөзү азыр да кара кемпирдин кулагында таптак кайталанып жатты. Чалынын жүзү бет алдынан кетпейт: «Мен кыяматтык карызыман кутула албай кеттим. Эми сен куткара көр. Мен барган дүйнөнү сен да ойло, чыныгы жай мында...» дегенсийт. Кийин да «айттык», «союш» деп көп нерселер өткөнүн эстейт кемпир. Мунун баарын Қабылынын арбагы кайра-кайра эсине салып жаткансыйт.

— Бала үчүн ата-эне алдындагы карызынан кутуу-

луудан артык нерсе жок... — деди Абдылда эң акыркы сөзүндө... — Кыздын оюна койсоң, куп демек беле? Эл салты ошол: «Кыз куунар жериңе ыйлап кетет» дейт.

— Кое турчу, ошентсе да ойлонушалы,— деди кемпир эмне кылар айласын таппай бошошуп.

Күндөр тез-тез өтүп жатты.

Дүйнө ушунчалык сонун ушунчалык таттуу көрүнүп, башы толо учкул кыялдар менен жашап жүргөн Тургунайды күтүүсүз бактысыздык желкеден басып жыгылды... Күтүүсүз жерден апасы мүрт өлүп кетти. Караң түн башына түшкөн Тургунайдын көз жашы мончок...

Абдылда кара кемпирди көргө койгондон тарта, шашылыш түрдө той камына өттү.

Той кызуу...

Түштөн кийин Арстанбап тараптан аркайган кара булуттар көтөрүлүп, бара-бара түнөрүп, асман бетин жылчыксыз чүмкөдү. Коргошундай салмактанган ным булуттар тоо баштарын жанып саландашат.

Жаратылыш тунжурап, көөдөй түндүн ар кай жеринен оттугун чаккан чагылган жылт этип, кайра жок болот.

— Эми агамдан калган керээзим — жалгыз карындашымдын ак никесин өз төрүмдө кыйдырып, анан колуңарга салам,— деди Абдылда кудаларына, той шөкөтү бүтүп бараткан ченде.

Тургунай бул сөздү далысы менен укту: мурда апа кайгысынан улам көңүлү эч нерсеге күбөлүк бербей, ичтен күйүп-ыйлап отурган кыздын жүрөгү биринчи жолу солк этип, оозуна каптала туйлап кетти.

Молдо никеге камынды. Никеден соң баш түбөлүккө байланат...

Кыз-келиндер тартип боюнча Тургунайды сыртка чыгарышты — башы бош, кыз кезиндеги акыркы кадамы ошо, анан түбөлүккө башка кишинин эркине өтөт. Ушул ой жүрөгүн мычкый кармады. Көзү пар ачыла түштү.

Түн кара көө.

— Ай, кокуй, кетти! — Качты! — деп кыздар жаң-жүн дегиче, асман бетиндеги чагылгандын агыш жалыны ийрек-буйрак — сан түркүн чачыран барып, бир учу мандайкы дөбөнүн нары жагына малына түшкөнсүдү да, сүрдүү күркүрөк бирден бирге уланып, чак-чук этип, мээни жарып кеткендей болду.

— Токойго кирди, токойго!..

Тойдогулар чуру-чуу түшүп, аттуусу аттуу, жөөсү жөө токой жакка чуу коюшту.

Асман пардасын атайын жара тартып сыйрып алгандай, мөндүр аралаш жамгыр шатырап төгүп, кыбыла жактан ызырынган бороон-чапкын этек-жеңди жулккулап, көз ачырбай беттен алды. Жаңактын калдагай жалбырагын сабаган мөндүр аралаш жамгырдан улам, жылчыксыз караңгылык уялаган түнкү токой ичинен коркунучтуу да, сүрдүү да добуш көтөрүлдү. Кыйырсыз токой ичинде бир кадам алга шилтөө кайда? Чагылган чакмагын тартып жарк этсе, маңдайкы шиш чокулар асманга тепчилгенсип, дагы укмуш, дагы шумдук элес сызып түнгө сиңет. Жамгыр чайган жаңак жалбырактары чагылган отун жарк эттире өзүндө чагылыштырса, ой тоону бириктире кубаттуу жалын жалп эте жалмап өтөт. Суу болгон тал-тал чачы жаагына оролош жоолугун колуна кармап, шак аралап чымын-куюн түндү бетеп жүгүрүп бараткан кыздын бетин да жарк эттирет... Бүткүл жаратылыш дүрбөп, анын артынан чуу коюп жүгүрүп келаткансыйт... Табийгат буркан-шаркан түшүп, челектеп жашын төгөт.

Алыстан-алыстан капчыгай ичине батпай октолулуп, жар боорун челип, кыпкызыл жошолонгон Кара-Үңкүр суусунун бууракандаган добушу угулат: ал тентек, ал найза бойлобос терең, жүктөй катмарланган жарлардын ташын кемирип эссиз...

— Капырай, коркунучтуу түндү беттеп, кантип эле алыс кетер экен?

— Ой шумдугун кургур десең, болбосо кызга бул түндү беттөө кайда?

Куугунчулар эртеси күн көтөрүлгөндө кайтышып, кабак бүркөп, башын төмөн салышты.

— Таң атканда изин таптык. Суу бойлоп жүрүп отуруп, Кара-Үңкүрдүн капчыгайындагы асма көпүрөгө барган экен. Кайык зымдын дал ортосунда дарыянын өркөчтөнгөн жерине тийип токтоп туруптур, кайыкты күч менен жылдырып тартар туткасы да жок. Араң ондоп, кол менен тартып, наркы өйүзгө өттүк. Жолду кыян жууп, түз из билинбейт...

XX

Өспүрүм Садыкты ушул бир ай карытып жибергенсиди.

Кечээ эле төбөсүнөн сылап, зор үмүттүн канатында эркелетип, ушунчалык таттуу, ушунчалык кыялдуу көрүнгөн турмуш боз баш Садыкты күтүүсүз жерден жер

боортоктотуп салгандай болду. Ал эми ушуну менен күнү бүтүп таптакыр батып кеткендей, эртеңки капкараңгы түн болуп турду. Ал али бала болучу. Баары бир бул окуянын кесепетин өзүнөн издеди. «Айыпкер мен» деп эсептеди. Ал бир айлык курстан соң которулам деп эки күн кечигип калганы үчүн да, баягында окуу бүтөр замат Тургунайды колдон ала бет алган жакка кете бербегени үчүн да өзүн айыпка такады.

Андан тышкары да өмүр-турмуш, адамгерчилик, адилеттик, адилетсиздик жөнүндөгү эсепсиз көп суроолор биринчи жолу анын алдына келип, анын ар бири жооп күтүп турду. Алардын көпчүлүгү табышмактын сыңары бир ооз акылдуу сөз менен жооп берип коер нерселер эмес, балким, Садык мындан наркы бүткүл өмүр жолу аркылуу жооп берер нерселер экендигине күмөнсүүгө болбос эле. Ушул бир ай ичинде ал ой-санаасы жагынан болсун, өзү жашы жагынан болсун, өзүн далай жашка чыгып карып кеткендей сезди.

Бир алдын ал өзүн жаш баланын сыңары кыялдуу алып жүрдү. Болуп өткөн бул окуяга ал таптакыр ишенгиси келген жок. Токой ичинин бир буйгасынан, же дарыянын боюнан Тургунай кадимкисиндей жарк этип күлүп, утур чыга түшө тургансый берди. Ал турсун тамаша кылып, бир жерге калкаланып бекинне калган Тургунайды таап ала кое тургансып, эки жагына элтең каранып изденип жүрдү. Кырларга чыкты. Токойлорду аралады. Түн түшкөн токойлор ичинде түнөдү. Бирок эч жерден Тургунайдын шарпасын таба алган жок.

Окуу жылы башталып калган эле. Бирок Садыктын бул жерде бир пас калууга таакаты жок. Ал шарт бурулуп, ылдамдай басты. Мектепке чейин узак аралыкта артына кылчак бурулуп тыным алган жок.

Ал түптүз директордун үстүнө адаттагыдай уруксат сурап тыкылдатпай эле кирип барды.

— О, Садык,— деди чоң баш Капар күрөктөй чоң ак тиштерин көрсөтө жылмайып,— кайда жүрөсүң? Бүгүн сүйүнүп отурдум эле. Сен үчүн өзүмө да сөз тийип калабы деп коркуп жүрчү элем. Жакшы, жакшы... Райондо иштн бышырып кайттым. Иштей бергиле, бир жыйынтыгы билингенче дешти. Кана, алиги кагазынды бер. Апарып көрсөтөйүн,— Капар колун сунган калыбында башын чайкап күлүп койду. — Айяй, жээним, жээним... Жашсың да. Мен айткамын кой деп... Кыз болбой өлсүн. Балээсине калып кете жаздадык...

Садык төш чөнтөгүнөн кагаздарын алып, биринчи жолу орой унчукту:

— Мына, сен тагалык жардам кылып жиберген бир айлык курстун кагазы...

Садык Капарга биринчи жолу «сен» деп сүйлөду, кагазын мыжыга тоголоктоп:

— Ме, ал!.. — деп бет талаштыра бир койду.

Чоң баш Капар столуна таяна ыргып туруп:

— Кутуруп кеткенсинби? — деди күрп этип. Өңү капкара болуп, чоң башы калтандап кетти. Бирок ал столунун артынан бери чыгып, жээнин шапалак менен чаап жиберүүгө батына алган жок. Өмүрүндө биринчи жолу башка бирөөгө кол көтөргөн Садыктын денеси таштай катып, өңү кумсарып, Капардын жүзүнө көзүн кадап турган эле. Анан ал өзүнө келе түштүбү, шарт бурулду да эшикти карс ачып, аны кайра жаппай, жолго чыккан бойдон төмөн көздөй салды.

Садык эми бул жерге кайрылып келмек турсун, эсиме түшкөндө өмүрүмдөгү кайгымды эстейм, колдон түшүргөн бактымды эстейм, бул жерге эми эч качан кайрылып келбейм деп көзүндөгү каканактаган жаш менен бараткан эле... Ырас, ал өз жаштыгын түбөлүккө таштап бараткан болучу... Эми черткен комузу көңүлүнө кубаныч эмес, муң таратарын азыркы кадам таштап баратканында Садык кыялына келтирбегени талашсыз эле. Жүрөгү толгон өчпөс үмүтү да ар убак жолдош болуп жүрө берерин да ал билген эмес...

Андан бери далай жылдар өттү.

Турмуштун кыйма-чийме жолу минтип экинчи жолу кайра беттештирди, бирок да экөөнүн тагдыр жолдору алда качан эле башкача чечилип калгандыгын Садык өткөндө эле мойнуна алган. Экөөнүн аралыгындагы баягы оттой ысык жакындыктар өчүп, эски коломтону эске салып турат. Ал турсун ичтен кыйналып да кеткенсишти — Тургунайдын жүрөгүн алда кандай күч кысып, үстүнөн оор жүк түшкөндөй кыйналып да кетти, тамагы буулуп курады. Ошон үчүн өз эркинен тыш саатын жалт каранып, кетүүгө ашыкты, артына шарт бурулду.

Сезими шал болуп калгансыган Садык да баш ийкегенден башкага жарабай, жолуна түштү. Ал автобуска отурбай, тээ качанкы алыс калган жаштыгын, жалындаган сүйүүсүн түшүндөй элестетип, жөө кетип бара жатты.

XXI

Областтын борборунан бери көздөй чыккан тасмадай созулган асфальт жолдо «Волга» жеп жеңил учуп келатты. Балтабаев шофердун арткы жагына өзү жалгыз отуруп, учуп келаткан машинанын дөңсөөлөрдө жеңил серпип таштаганда жүрөгү саал куушурула түшкөнсүп, аны капарына албай, көңүлүн кыскан бир үйгу-түйгу сезим менен баратты. Жеңил машинанын ачык терезесинен урган шамал ыркырап ышкырып, кулакты жанып өтөт.

Балтабаев үч күндөн бери областта — көп мекемелерде болду: областтык айыл чарба бөлүмүндө да, обкомдо да, биринчи секретарь Жанузаковдо да, облаткомдо да. Жанузаков негедир, көп нерселер сурады. Өзүн бүркөө алып отургансыды... Балтабаев өзүнүн абройуна ишенет, мына ушул уюмдардын баарында аны кандай урмат менен, кандай жылуу мамиле менен кабыл алышкан жок?

Азыр ал Садык Балбаковго аябай кыжырданды: «Ошол бир нерсени билсечи. Жок, ал туура, бул туура эмес» деп ар убак ишке аралашып, жолтоо гана болуп жаткандыгын жок дегенде түшүнүп койсочу. Деги ал түшүнөбү? Эгер билбесе, түшүнтүү керекпи, жокпу? Бул эмне? Ак куу көккө, чаян кургакка, балык сууга тартаттын өзү да. Жок!.. Антип отурууга болбойт. Мен ар убак башкарып келемин өзүм. Мага эч ким жолтоо болушу керек эмес. Мен жооп берем баарына башым менен... Жаман болсо эч ким эмес, мен жооп берем...»

Анын кыжыры канчалык ташыган сайын ою ушунчалык күчөнүп иштеп жатты.

«Дал бүгүн... Мен эмне үчүн кыцкы-мыцкы деп, энең байтал айтышып отурам? Мен адамдарды башкарып келгеним жок беле? Тартипке чакырган эмес белем? Эми ушуну эптей албай калдымбы? Бир сөзүнө кулак салсаң, экини сүйлөйт. Экөөнө көңүл бурсаң, төртөөнү айтат. Бул мен үчүн жаңы нерсеби? Анда эмне үчүн мен аны эркелетем?..»

Балтабаев жаагын кабыштыра тиштенди... «Волга» дагы эле бир калыптан жазбай учуп келатат. Балтабаевдин жүрөгү өйүп, аябай тынчын алган нерсе — мындан он үч, он төрт жыл илгери пахтанын түшүмү жөнүндөгү — Балтабаев баатыр болуп Алтын Жылдыз алгандагы маселе. Бул нерсе анын боорун жеп баратат. Садык Балбаков облархивди казып жүрөт имиш, көп доку-

менттерди нотариуска копиялатып алып жатат деп укту. Ошондон бери жүрөгүнө бир нерсе тепчилгендей өйүп, уктаса түшүнөн кетпейт...

Ошол жылы колхоз 1200 гектар жерге пахта айдап, ар бир гектарынан 12 центнерден түшүм алыптыр да, ал эми андагы контора кызматынан атайын чыгып, звеновой болуп 13 гектар жерге пахта эккен Балтабаев ар бир гектарынан 84 центнерден түшүм жыйнап алыптыр... Эң жогорку сыйлыкка татыктуу болгон экен. Садык колхоздун экономикалык өнүгүш жолу боюнча диссертация жазыш үчүн аракеттенип жүргөн иштеринде мына ушунун шарттарына аябай кызыгып, документтерди изилдейт.

Ошол кезде бирге иштешкендерден сурайт. Анын жер шартын, эмгек шартын, ошол жылкы жаратылыш шартын тактайт. Бул Садык үчүн абдан кызык эле...

Байдылланын жүрөгүнүн дал үстүнөн бир нерсе кетпей өйүп тура берчү болду.

Азыр Балтабаевдин кыялы тээ алда кайда кетти.

... Эмгектин оорчулдугу жаш балдардын, кемпирчалдардын ийнине түшкөн кыйын жылдар эле.

Байдылла анда арык чырай, ак жүздүү, эми көкүрөгүн көтөрүп, өзүн адам катары сезип жүргөн жылдары... Жетинчи классты бүткөн соң бригадирге табелчи болуп иштеп, өзүнүн чыйрактыгы, аны-муну тез түшүнө койгон тетиктиги менен бат эле өз айланасындагылардын, анан колхоз активдеринин көзүнө түшө баштады. Эң мурун колхоз бухгалтери байкаган баланын жөндөмүн, анткени, бир-эки жолку көрсөтүүдөн кийин эле колхозчулардын эмгек күндөрүнүн табелин түзүп, аны бухгалтерияга өткөрүүдө өз алдынча болуп кетти.

Согуш бүтүп, тынчтык күндөр башталды...

Көп өтпөй эле башкы бухгалтер эмгек күндөр боюнча Байдылланы эсепчи кылып алуу жөнүндө раиске айтты, ал макул дейби, же дебей коебу деген кош ой астында эмес, тим эле бир ооз айтып коюш үчүн ошенткен. Анткени эки муруту эки уурту ылдый салаңдаган, өзү олпойгон сөөк-саактуу раис Жаңыбай Байдылланын аталаш тууганы, экинчиден, бул бухгалтеринин тилинен чыкпаган жоош жан эле, чынында иштин баарын ушул кыйрактаган аксак бухгалтер башкарчу.

Байдылла ошентип колхозго эмгек күн боюнча эсепчи болуп өтүү менен токтолбой, өз чыйрактыгынын пайдасын дагы бат эле көрдү — колхоздогу комсомол уюмуна секретарь болуп да калды.

Ар убак кечинде өткөрүп жүрчү комсомолдук чогулуштарда шыңга бойлуу, ушунчалык найин сүйлөгөн Дилара аттуу кызды жакшы көрүп калып, жакшы көрүп гана эмес, далай-далай түндөрүн уйку көрбөй, чырым этип кирпик какпай өткөрдү. Анан тоюн берип үйлөнгөн. Ошентип, анын ынтымактуу үй-бүлө турмуш башталды. Кара каш, кара көздүү апасынын сыңары өңү кагаздай жука чырайлуу уул-кыз төрөлдү...

Байдылла үч айлык эсепчилердин курсун бүтүп келген соң, ишине ого бетер таасын, семиз төкөр бухгалтердин ишин колдон алып калган. Дал ушундай шартта айыл чарбаны көтөрүү максатында анын кызматкерлерине «Социалисттик Эмгектин Баатыры» деген наам берүү жөнүндөгү өкмөттүк токтом жарыяланды.

Байдылла уктай албай, жүрөгүн алда кандай бир нерсе калкытып тургандай, алдынан алда бир нерселерди күткөн зор үмүтү пайда болду. Ал макоо эмес болучу. Ошон үчүн өкмөттүк мындай чаранын маанисин терең түшүндү. Эртеси эле келип, чолок бухгалтерге өз сырын айтты: бирок ал түк боло койбой, таптакыр башка нерсеге үгүттөп жолотподу: «Сен акылыңдан адашкан немесиңби дейм а? — деди кичинекей кызыл кабактагы насыбайынан бир чымчымды тилинин астына басып коюп, саал салкоолоно сүйлөп,— мына, бухгалтерияны үйрөндүң, жашсың. Ушул быйыл жылдык отчетту биз менен отуруп түзүшсөң, чоң бухгалтер болосуң да каласың. Мени бул жерге байлап коюптурбу, кетем. Бир жагынан билесиңби, башым жетпей баратат. Карылык. Инвалидмин, алым жеткен ишти кылайын. Баш бухгалтерлик — сеники. Жаңыбай раис жок дебейт. Тууганды топурагы алтын дейт, таштап иет беле, антип эси жоктук кылбай, деминди ичиңе алып иштей бер. Жаңыбайды ынатам...»

Бирок Байдылла алиги оюнан айрыла албай койду.

Ал чыдай алган жок, раис Жаңыбайга айтты: «Мени пахтага иштөөгө өткөрүңүз. Звеновой кылып 14—15 гектар жер берип көрүңүз, өзүм менен кепке келише ала турган адамдар бериңиз. Иштейин — мандайымдан көрөйүн» деди.

Муруттарын ууруту ылдый салаңтаткан давердес раис Жаңыбай кичирээк көзүн ирмеп-ирмеп, Байдылланын кара жумушка түк ылайык келбестей, сулуу жүзүнө, ичке манжалуу ак колдоруна, бирок ишеним кайнап тургансыган жүлжүгүй көзүнө тиктеп турду да, мурдун шыр тартып алды. Дароо жооп бере койгон жок.

— Контордон жададыңбы? — деди көптөн кийин.

— Жок. Өкмөттүн ушу токтомунан соң, иштегим келди пахтага.

— Кара жумуш деген эмне экенин билесиңби?

— Билем. Бешиктен белим чыкканда эле пахтанын арасында өскөм.

— Кош, кандай экен ал токтомдун шарттары? — деди чала сабат Жаңыбай раис өзү ушул убакка чейин анчалык баа бербегенине — маңызына жете түшүнүп койбогонуна өкүнүп да калбай.

Байдылла газетаны алып окуп да, түшүндүрүп да берди. Ал дагы көп нерселерди кошумчалады.

Раис Жаңыбай мурутун саландатып көпкө чейин үнсүз отургандан кийин баш ийкеди:

— Өзүң бил, үкам. Мен макулмун, качып бербесең болду.

Байдылла 13 гектар жер бөлдүрүп, кетмен кармап талаага чыккан бул мезгил 1947-жылдын эрте жазы болучу. Дал ошол учурду азыр Балтабаев «Волгада» баратып көз алдына дапдана келтирди. Бир алдын өзүн дал ошондогудай жалындаган зор үмүттүү, кайраттуу жигит сезип кетти.

Ырас, Байдылла мектепте окуган чагынан эле максаттуу, өз ойлогонуна кандай болбосун жетүүгө умтулган бир мүнөз, көк, чаар баш, өжөр бала болуп өскөн. Мунусу бүткүл адамдык мүнөзүнүн негизин түздү.

Дал ошол кетмек кармап шүүдүгөр башына чыккан жылы да ал ошондой иштеди: алыш башында түнөдү, гозонун ар бир түбү үчүн күрөштү. Дүңгүл тору ат минген раис Жаңыбай, ар убак арык кырлап жай бастырып келип, аттын тизесине чейин саландаган үзөнгүсүн, колтойгон керзовой өтүгү менен чирене тээп, Байдылланын өзүн, анын ишин байкап туруп калар эле. Ал мыкты дыйкан тигинин ишине ыраазы болгон менен, көңүлүнүн терецине эмне бар экенин акылына түк келтирүүчү эмес... Бул зардалуу инисинин алдыга койгон максатына жетиш үчүн эч нерсени аягысы келбейт эле өз көңүлүндө.

Балтабаев азыр шамалдай учуп келаткан «Волганын» сыңары оюн учуруп, андан аркыларды: күзгү түшүмүн, анан баатыр болгонун дап-даана эстеди. Көз алдынан баары тез-тез өтүп кетти.

Балтабаев бир жылдан соң чала сабат Жаңыбайдын ордуна раис болуп шайланган учурун эстеди: анда тиги эки колхоз кошула элек, кичинекей кубатсыз колхоз бо-

лучу — эки автомашина, ат-араба,— тракторлор болсо МТСте. Азырчы? Башканы коелу — кырктан ашуун автомашина, ондогон тракторлор, айыл-чарба машиналары — баары өздөрүнүкү — өздөрүнүн мастерскаясы. Мунун баары жеке билек күчүнүн, жеке аракетинин натыйжасы сыяктуу ийне-жибине чейин көз алдына келип турду.

Балтабаевдин көөдөнүндө алда кандай бир күч жык толуп, өзүн не бир кубаттуу да, жетик да сезди.

Ал дагы өз оюн улантты: «Бул секирикке бирөөнүн бир акылы жетекчилик кылдыбы, же баары эле асмандан түшө калдыбы?» Ал кимгедир суроо берди. Бирок ага эч ким жооп берген жок.

Ал азыр эсепсиз көп чогулуштарды, анын атын ардак менен атаган салтанаттуу митингдерди, айрыкча мицдеген кишилер келип, ал үчүн бюллетень таштап добуш берген унутулгус шайлоо урнасын эстеди. Ким аны жаман деген? Ким аны ишин туура эмес деген? Ким анын мышыгын «пыш» деген?

Бүгүн эле Балбаков деген неменин «Экономикалык закондуулук бузулуп атат, колхоз демократиясы басылып атат, адилетсиздик деп чуу салышы эмнеси? «Менин буга үнсүз кала бергеним канткеним?»

Анын көөдөнү кайнап кетти. Бекем тиштенип, жаагын кысып, лентадай сыдырылып артка кетип жаткан асфальт жолдон көз албай тикирейди. Балтабаев конторага келип өз ордуна отурду. Анан көк чай демдетип ичти: баятан курушкансып турган денеси жазылып, акыл-эси да жайына келе түшкөнсүдү. Ордунан туруп ары-бери басты, анын жаагы түйүлүп, көөдөнүндөгү кыжыры дагы эле кыйнап турду.

* * *

Садык үй кийимин кийип, колуна бүгүнкү газеталардын номерин алып, диванга отурганда сырттан добуш угулду, ал тез чыкты эшикке.

— Сизди тез келсин деп чакырып жатышат,— деди колхоздун күн-түн дебей телефондун жанында отурчу чабарманы.

— Кимдер?

— Раис бар. Дагы башкалары болсо керек, баары раистин өзүндө.

Садык тез кийинип, алда качан караңгы түшүп калса да ылдам басып жетти.

— Ассалом алекум.

Раис бир нерсеге алаксыган болуп унчуккан жок.

Бухгалтер Жапак оозу бош алик алды.

Андан башка да дуңкуюп көп сүйлөбөгөн башкарманын шоферу отурат.

Раис өз столунун жанынан орун көрсөттү.

Эч ким озунуп сөз сүйлөгөн жок, бир паска дым боло түштү.

— Областтан келдиңизби? — деп сөз кошту Садык.

— Келдим,— деп раис ишенимдүү унчукту.

Анан дагы унчукпай калышты.

— Мен чакырттым сени,— деди Балтабаев демейки кызылуу сулуу жүзүнөн каны качкандай, саал куба жүлүн тартып.

Садык сөз ордуна үнсүз анын оозун тиктеди.

— Мына, сенин материалыңдын чатагындабыз.

— Эмне үчүн меники?

— Боткону кайнатып коесуң да, эми меники эмес дейсиңби?

Садык акырын унчукту.

— Эч кандай ботко жок. Мен аны туура эмес иш деп партчогулушта эле койбодум беле. Керек болсо дагы эле ачык коем. Шибегени капка катпайт. Бири болбосо, бири айткандыр.

— Биз жыл сайын кара жолсуз эле касса толо акча тапканбыз. Элдин кызыкчылыгы үчүн, колхоз үчүн иштегенбиз мунун баарын.

— Баары бир ал ак жол эмес, аны акыйкаттоочу закон бар. Изилдеп көрсүн, мейли. Балким, ошондо ишенерсиз.

Садык алиги алыска жиберилип жашылчалар жөнүндө эми эстеди.

— Албетте акыйкаттайт.

Алар дагы унчугушпай калышты. Жалпак бет Жапак менен дуңкуйган дудуксымал шофер шырп чыгарбай тыңшап отурушту.

— Сөз мына бул: сен эмне үчүн эми архивди казып, биздин өткөнүбүздү чукуп жүрөсүң?

— Кызык,— деди Садык күрөктөй москоол колдорун алдына кайчылаштыра өбөктөп,— антпесем болбойт, ансыз мен колхоз экономикасын үйрөнө албайм. Жашыра турган эч нерсеси жок, ал турсун, сиздин өзүңүздөн сурай турган көп түшүнүксүз нерселер бар, сурайм.

— Эмнени сурамаксың?

— Колхоз сиз баатыр болгон жылы 1200 гектар жерге пахта эккен экен, туурабы?

— Ооба.

— Гектарынан 12 центнерден түшүм алыптыр. Ал эми сиз 13 гектар жерден 84 центнерден түшүм өстүрүпсүз. Ушундай эмеспи? — Садык жай гана сурады.

— Ооба. Бирок айтып коеюн, эч нерсе чыкпайт.

— Жоок, бул мага абдан кызык. Бир аянттын жери, бирдей шарт, бирок мынчалык кескин айырмачылыктын себеби эмнеде болгондугу мени экономист катары кызыктырат. Мен мунун далилине жетишим керек. Азыр экинчи катардагы гана документти изилдедим. Мен жумшалган эмгек, иштетүү шарттары, эмгектин уюштурулушу, берилген угуттун өлчөмдөрү сыяктуу документтерге кызыгам. Балким, башка рычагдар да болгондур. Сиз жардам бересиз го деп ойлойм.

— Аны таппасаңчы?

— Кантип? Табуубуз зарыл. Сөзсүз табамын.

— Айтчы, максатың эмне?

— Бардык нерсенин акыйкатына, чындыгына жетүү керек. Ансыз илимде...

— Чындыкты көрсөтөм мен сага, эненди...

«Тарс» дей түшкөндө, байкоосуз Садыктын көзүнөн жылт этип учкун учуп, жаагын жалын жанып өткөндөй болду. Эмне болуп кетти дегенче экинчи жаагына тийди шапалак.

Садык шарт ыргып туруп, эңиле берип, Балтабаевди карыдан алып чапчып бери көздөй силккенде, стол тоңголок ашып, ага чалынган Балтабаев жер боортоктоп пол таяна түштү. Садык кайра ондонгончо, алиги үнсүз отурган экөө эки колдон алып кетишти. Экөөнү эки жакка бургады. Экөө эки бурчка тийди.

— Болду! — деген үнү чыкты Балтабаевдин.

Тигил экөө токтоп калышты.

— Кеткин! Жоголгун,— деди Балтабаев энтигип,— Сени жоготомун!..

Садык артына шарт бурулуп чыгып кетти.

XXII

Балтабаев машинада абдан ачуулу келатты. Ал өзүнүн бул ишин таптакыр орунсуз уюштуруп алганына өкүнүчтүү толгонууда. Садыктын мындай жан аябас каршылыгын таптакыр эске албаганына кыжырланды: кимдидир жекиргиси, ички буусун чыгаргысы келди, бирок мындай жаңылыштыктын, орунсуз ишинин себепкери өзүнөн башка эч ким эмес экендигин аргасыз мойну-

на алды, ичтен сызып баратты. Эч качан, эч ким мындай кыла алган эмес, «Кечирин, мен акмакмын» деп, экинчи кыцк этпеске макул болуп, «сиздики туура аке» деп ичуусу төбөсүнө чыккан Балтабаевден кутулууга аракеттенүүчү эмес беле?

Ишти чийки уюштуруп алып, моралдык жактан канчалык даражада болсо да уттуруп койгонуна ичи күйдү. Ал эми уюштурулган бул иштин өзү жөнүндө болсо сөз башка. Аны «бул эл үчүн, коомчулуктун пайдасы үчүн, колхоздун чыцалышы үчүн» деп түшүнөт. Мына ушул раис болуп иштеген жылдарда ондогон кераяктардын тамырын акырын тартып, ага болбосо, эки азаматын этият шарт үчүн билмексен кылып жер каратып отургузуп, анан терс баскандын көзүн маштай ачып туруп, «мындай кылбайсыңбы, мындан ары?», «кылбайм...» «Айтканды угуп жүрөсүңбү», «угам...», дедирип «молдо кылып» туруп жолго салчу эле го. «Жалпы агымга, элдин кызыкчылыгына» бурчу эмес беле алардын терс кадамын?

Балтабаев үйүнө суз кирди, кара каш, кара көздүү балдардын кичирээктери:

— Атам, атам,— деп алдынан утурлады. Бирок Балтабаев адатынча алардын кичирээктеринин бирин бир колунун карысына кысса, экинчисин экинчи колуна минтизе көтөрүп ала койгон жок. Эң кичине уулуна гана эцкее берип, мандайынан сылап, анан бала-чакасына аралаша отурчу бөлмөсүнө кирбей, ичкери жата турган бөлмөсүнө кирип кетти. Кийимдерин чечине баштады. Кырдач мурун сулуу Дилара күйөөсүнүн кабагы менен тең айланып, кийимдерин илишүүгө аралашты.

— Бийик жаздачы, керебетке,— деди Диларанын жүзүнө эми биринчи карап.

Дилара төрт баланын энеси болуп калганына карабастан, бою дагы эле шыңга, денесинин сымбаты дагы эле бузула элек. Жүзүндө болсо эч кандай карылыктын белгиси жок. Кесеси чуңкурураак көзүнүн тырыштарын айтпаганда, кара кашына дайыма осмо коюп жүргөндүктөнбү, жылтырап өскүлөң да, капкара болуп чырайын ачып тургансыйт.

— Бир жериңиз ооруп турабы? — деди колдорун желкесине ала, шып тиктеп, чалкасынан жатып калган күйөөсүнө карап, кандайдыр үнүнүн тонунан сезилип турган мээр менен.

— Тим эле. — Мага ачуу көк чай,— деди Балтабаев дубал жакка беттей кырданып.

Дилара полдон үн чыгарбай акырын басып, сырткы үйгө келди.

Балтабаев көзүн жумду, бирок көңүлүндө дүмпүйгөнсүп турган кыжалаттыгы тарап кетпеди.

Ал телефон чалып, конторадагы дежурный чалды таап, «кандай болбосун бухгалтер Жапакты тапкын, тез келсин мага. Тапсаң да, таппасаң да кайра тез кабарла» деп буйруду.

— Жатып уктаң — деп Дилара кирди, бир аз паразданып, жумшак, бирок өтө жагымдуу атырдан саал себинген эле. Ал күйөөсү менен бүгүнкү пайшамбинин кечин илгертен калган ыйык салт боюнча жакшы, көңүлдүү өткөрүүнү каалап турган эле. Кантип болсо да бир мүнөз жагымын көрсөтүү аркылуу Байдылланын көңүлүн алаксытып жиберүүнүн жолун издеди. Минтүүнү ал аялдык милдетим деп эсептейт.

— Жата бер сен. Азыр киши келет,— деди Балтабаев.

Таттуу үмүтү жүрөгүнө байкоосуз гана бир урунуп, улам нарылап сиңип бараткансыган Дилара суз тартып, жатар үйүнө кирип кетти.

Көптөн кийин көчөдө дүр этип женил машина токтогондой болду. Жапак төр жакка өтүп, терезеге сүйөнө отурду да, демин да акырын тартып Балтабаевден сөз күтүп турду.

— Келдиңби? — деди Балтабаев кыйлага чейин бушутуп, үнсүз отурган соң. Анан алар күнкүлдөп акырын-акырын сүйлөшүштү. Бир алдын Балтабаев ушул иштин айыпкери Жапаксынтып аны тилдеди. «Мен кылдымбы, өзүңүз баштаган иш» деп айтуунун ордуна, Жапак үнсүз жер тиктөө менен кутулду.

Кыйла унчугушпай калышты.

— Сездирбей эртең байкап туруш керек. Эмне кылар экен. Алдын алгандай . болуубуз зарыл. Черикти коюш керек, ошол түк билбемиш болуп, баштагысындай мамиле кылып, байкап жүрсүн. Эгер район жакка жөнөсө, анда анын максаты башка. Ошондо да Черик анын артынан калбасын, шылтоо таап кошо барсын.

Дагы дым боло түштү.

— Кантсе да доктурдан справка алып коюшубуз керек.

— Эмне үчүн? — деди Балтабаев сыйрылып кеткен тизесин эстеп.

— Этият шарт. Тынч болсо, тынч чөнтөктө кала берет.

Балтабаев көпкө чейин ойлонгон соң, анын айткынын макул тапты.

Жапак кеткенден кийин да Балтабаев тез жата койгон жок. Алда качанкы өткөндөрүн ойлоду. Ушул колхозго башкарма болгон жылдарындагы суу тартыш болгон учурларын, эл үчүн, колхоз үчүн өзү жылуу төшөгүн таштап, өзү түн ичинде мурапка арык бойлотуп, Муса, Миңбай, Мамажан, Төрө, Чокмок, Назар дагы башкаларга суу сүрдүрүп, өзү алыш башында уктаган түндөгүн, карапайым колхозчулар активдер менен коюн-колтук алышып иштеген учурларын эстеди. Анын иштеген ишинен эч бир активи кынтык таппай, кыцкы-мыцкы дегенин көткө тээп кууп таштап, кыскасы, колхоз деп жан күйгүзгөндөрүн эстей берди. Эми бүгүн «кандайдыр кеде калган бирөө» ишине аралашып, тынчын алганына кыжырланды.

«Эмне үчүн алдым мен аны? Экономистсиз эле жашап келбедим беле? Мага мынчалык зарылдык туулду беле? Акмак!..» деди угуза.

Андан кийин ал эми Садыкка болор мамилесин, бул чатактын аягын кандай кылып бүтүрүү жолун ойлонуп жатты.

XXIII

Миңбай менен Мамажан-Буванын колунан чыккан буркураган жагым коон жыты бүткүл кыштакты, ал турсун бүткүл өрөөндү каптагансыйт. Ананчы, сарала коон, ала дарбыздарды жүктөгөн колхоз машиналары фергана өрөөнүнүн кайсы гана шаарларын көздөй жөнөп жатпайт?

Садык жөөктөргө дөбө-дөбө үйүлгөн коон-дарбыздарды көңүлү толо канааттануу менен карап турду: алар ушунчалык буркурап жыттуу болучу. Ал ар убак башын көк жоолук менен таңынып, кайнаган аптапта жөөктөн чыкпай жүргөн Мамажан-Буваны, кетменин ийнинен түшүрбөй суу буруп, арык кырлап баскан Миңбайды көрчү. Дагы башка бир топ чалдарды жолуктурчу. Бирок анда булардын ал эмгегинен колхозго ондогон миң сом акча агып киреринө көз алдына келтирген эмес.

— Кел, айланайын Садык,— деди Миңбай жөөктөн бери чыгып. Суук түшүп баратат. Акыркы кыркма коондорду аңыздан жыйнап алып жатабыз.

— Кырманыңыздар толсун, аксакалдар.

— Ак жолуң болсун, балам,— деди.

Миңбай шашпай бычагын жез пайнептүү кынынан

сууруп, субагай тордомону тилип-тилип, Садыктын алдына койду. Садык ширелүү кыркманы эзилте оозуна салды.

Ушул учурда Мамажан-Бува да бир боз тордомону колтуктай чыгып, жарты бетин тегеректей кесе жасады да Садыктын алдына койду.

— Мына, Садык оглум, йеп бакын. Миңбай тоң кыргыз, тепетайи чоң кыргыз коуниң жакшисини биладими?..

— А акыс сарт! — Миңбай чал да тигинин тамашасына жооп берди.

— Кел, Миңбай, тилиң аркана тартмаса, йема.

— Арт жактан алыс кетпейсиң, сарт.

— А, билар экансиң у өзүң...

Тургандар күлүп калышты.

Бул эки дос ар убак аския менен бирин-бири кажып жүрөрүн Садык жакшы билет.

Чалдар бирин-бири капыялашып жатып, кезектеги коон жүктөлгөн машинаны жөнөтүштү. Анан коон пайкелдин ортосундагы кепеге кирип, чайга отурушту. Кеч кирип баратты.

Чайдан соң Мамажан-Бува үйүнө кетти.

Садык сөздү эмнеден баштарын билбей ойлуу отурду. Миңбай да алда нени эстегенсип, кержейип көпкө чейин үнсүз болуп калды.

— Миңбай ата, коонуңуз абдан ширелүү экен,— деди Садык кепенин ичине уюган тынчтыкты бузуп.

— А, аш болсун, балам. Ырас келипсиң. Бала-чакаңа да алып кетип турсаң.

— Ырахмат, ата. Коон татайын деп келдим, анан башка сөздөрүм да бар сиз менен акылдашайын деген.

— Э, айт, балам. Калыс сөзгө калыс сөзүн кошпогон адам адамбы? Мен өмүр бат кепке кеп кайрыгамын.

Садык бир пас токтоп калды, анан ал кече күнү Балтабаев экөөнүн ортосунда бири-бирине кол көтөрүшүүгө чейин барган чатагын айтты. Миңбай тарамыштуу желкесин кержейте тартып, таң калып тиктеп турду.

Садык Байдылла экөөнүн чатагынын түпкү себебин айтты.

Миңбай чыдай албай кетти:

— Айланайын уулум, ошолорго көзүң жетет экен, эмне үчүн токтолуп турасың?

— Токтолгонум жок, Миңбай ата. Ошон үчүн Балтабаев экөөбүз ушуга чейин жетишип отурабыз.

— Тагай билбейби?

— Билет. Ал баарына даяр.

— Көзүм жетпейт,— деди Миңбай,— көзүм жетсе, мен адилетсиздикке эч качан чыдап тура алмак эмесмин. Адилеттикке ар убак үн кошкомун. Адилеттик кай жакта болсо, мен ошол жакта болгомун. Азыр да мен ага даярмын... Ак иштен адам жүзү кара болбойт. Керек болсо адилеттик үчүн башымды тосуп баргамын,— Миңбай тиштенгендей токтой калды.

— Билем, аксакал,— деди Садык анын оюн кубаттагандай.

— Жок, балам, сен менин өмүрүмдү аз билесиң. Эми көрүп отурасың мени. Адилет издеген менин жолум тээ алыстан башталган...

Миңбай кандайдыр буулуккандай, токтоло албай кетти. Элдин кубаныч-кайгысы менен ар убак эришаркак өткөн шар суунун айлампасындай тынчсыз өмүрлөрүнүн бир учурларын аптыгып сүйлөй баштады.

...Миңбай анда билеги сом темирдей күчтүү болучу. Ак жоолук менен башын бек байлап, кайнаган аптапта талыкпай кетмен шилтеп, гозо чапчу. Анын көңүлү толо күтүүсүз ажыраган жары Сатикандын күйүтү. Эч кандай чарчаганды билчү эмес. Кырмандар толо ак пахта жыйноочу. Кызгылт селдесин башына кыяван кылып орогон сулуу, Али-Жажи-Байбатчанын ырахматын алчу. Бул кудуреттүү кара сакал адамдын аркасы менен адам катарына кошулуп кетсем дейт.

Жыйнаган пахтасын кош дөңгөлөгүнүн ар бири төө боюн келген кокон арабага тээп жүктөп, байбатчанын өзүнүн лата заводуна апарат. Андан анча-мынча тааныштар арттырып калган. Алар да өзүнө окшоп өз бактысын издеген жаш жигиттер, орто жаш адамдар — көзүнөн үмүт оту өчүп, эптеп күн өткөрүүнүн жолуна түшүп калган — сакалы текенин чыбашындай уйпалган чалдар...

Өзүн Миңбай алардан бир аз тың, өз башы бир аз эркин адам катары сезет. Кудайга шүгүрчүлүк келтирип, Али-Хажи-Байбатчага ак иштөөгө максат кылат.

Бирок кийин Али-Хажи-Байбатчадан көңүлү кандай калып кеткенин билбей калды. Баары бир жылдык алаасасына байланыштуу болду. Миңбай таптакыр куру кыял менен жашап жүргөндүгүн аргасыз мойнуна алды, анткени сүткор Али-Хажи-Байбатча сулуу жүзү купкуу болуп эсептешип, акы бермек турсун, Миңбайдын мойнуна карыз илип койду. Анча мынча мурда алгандарын, жеген-ичкендерин сүт кылып эсептеди. Казыга

апарып башынды байлатып, карал салып аламын деп коркутту. Миңбай аргасы түгөнө алдырап туруп калды.

— Хуп энди,— деди Али-Хажи-Байбатча сулуу кара сакалын сылап,— сизди жианим Мамажан апкеген эди. Энди бир якшилик кылай. Сизни шу махалланинг намидан мандикарга йибарамиз. Ак падишахни ишини кылып келасиз. Россияга барасиз, хупми?

— Барышымын маңызы кандайча болот? — деди Миңбай такып.

— Бир йиллик сарпицизни ушул махалладан топлап бераман. Уягида кандай ишлайсиз, канча тапасиз, алалиңгиз пэк, өзүңгизники. Ойланиң, эттага айтиң менга.

Миңбай түнү менен ойлонду. Али-Хажида мындан ары турууга болбойт эле. Қыштакта болсо өнүмдүү жесуусунан ажыраган, ал жакка барууну ойлонуунун азыр кажети да жок. Қаатчылык, ачарчылык — бир сындырым нандын баркы ашып турган чак... «Бир жылдык каражатымды беришсе, анда кенде иштесем, көп төлөсө керек. Атасынын көрү барайын! Кудай ал кулум десе, адам болуп келермин...»

Миңбай Анжияндан 200 дөй адам менен жөнөп кетти. Ташкенде баш-аягы топтолгончо он күндөй туруп калышты. 500 дөй адам болду. Дагы эле апкелип жатышат — миң кылып, анан жөнөтөт имиш дешет.

Бирок күн сайын кечке жуук, эртең менен ар кандай адамдар келип, таптакыр башкача түшүндүрүшөт: «Мандикерге барбагыла. Тарап кеткиле. Ачтан өлөсүнөр. Согуш жүрүп жатат. Мунун силерге пайдасы жок. Байлар үчүн башыңарды өлүмгө тутуп бербегиле. Падыша силерди өлүмгө алып барат...»

Миңбай ачык түшүнө албайт. «Эмне үчүн мен байлар үчүн башымды өлүмгө тосуп бермек элем? Өзүм үчүн иштейм да», дейт ичтен өзүн бекемдеп.

Алиги келип жүргөн адамдардын арасында орустар, анан татарлар, өзбектер да бар эле.

Бир күнү бир татар жигит келди да, аябай түшүндүрдү — тарап-тарап качып кеткиле деди. «Элдер мандикерге барыштан баш тартышты. Зордогонго көнбөй каршылык көрсөтүп жатышат. Қыргыздар, казактар гарбий көтөрүлүшкө чыгышты...»

Қыргыздар дегенде Миңбай татар жигиттен кайра такып сурады. Ал өз оюн бекемдеп түшүндүрдү: «Чуй, Ысык-Көл айланасындагы кыргыздар көтөрүлүшкө чыгышты. Падышанын гарбий солдаттары элди кырып атат...»

— Эмне үчүн ак падыша аны тыйбайт?

Сулуу татар жигит кабагын бүркөп унчукту:

— Ак падыша кыргыздарды кырып таштоого буйрук беринтир. Өзү кол коюптур...

Миңбайдын жүрөгү кабынан атып кеткендей болду. Эрдин кырча тиштене үнсүз отурду.

— Силер кимсиңер? — деди Миңбай жигитке суроо берип.

— Биз большевиктербиз. Эмгекчи элдин талабын жактоочуларбыз.

— Балчабек деген башчыңарбы?

— Жок. Бир максатка бириккен адамдардын тобунун аты. Биз көппүз.

— Мынабу орустарчы?

— Алар да большевиктер. Большевиктерде кайсы улуттан экенине карабайт. Кааласаң, сен да киресиң.

— Эмне иш кылышат?

— Жанын да, башын да сайып, эмгекчи элди теңдикке, эркиндикке чыгарыш үчүн күрөшөт...

Миңбай таң болуп, оозун ачып туруп калды.

Ал азыр күн сайын келип жалындап укмуш сүйлөгөн тетиги чокчо сакал, нooча орус менен маектешкиси, өз кулагы менен анын ойлорун билгиси келди, бирок орус тилин билбегендиги үчүн ичине бычак салардай кыжынып өкүндү. Азыр анын орус жөнүндөгү бир кездеги башында бекемделген түшүнүгү эки ача болуп бөлүнүп тургансыды. Орус эле деген соң ал жамандыктан башканы оюна алган эмес.

Бирок бул оюн ал терең дете алган жок, бар болгону алиги орус менен жакшы сүйлөшө албаганына өкүнө берди.

Ташкенде мандикерлердин көтөрүлүшү чыкты. Таш көчөлөрдө шагырап ат туягынан от учуп, полиция толуп кетти.

Ошол түнү Миңбай арасында болгон жоон топ мандикерлер качып чыгышты.

Миңбай Ташкенден Коконду көздөй жөө салып, андан Анжиянга өттү. Бирок мында Али-Хажи-Байбатчанын көзүнө түшпөс үчүн түн бойлоп Жалал-Абадга карай бет алды. Бардык жерде тополоң эле. Эл чиновниктерге кол салып, кан төгүлүп, мандикердиктен баш тартып жатышкан болучу.

Миңбай туура кыштагына чыгып кетти.

Бирок кыштагы да тынч эмес экен... Жакында эле болгон чатакта окко учкан Калыкбай, Рахман, Капар-

ларды жерге алып коюшуп, алардын чуусу али басыла элек эле. Эл үрпөйүп, жан кулактын учунда.

Быйыл эрте жаздан кыргыздар орус кыштагын аралап шаарга карай өтө албай калышкан. Жалгыз жарым өткөнүн эрте көргөнү атын жыгып алып, кордон, же бир ок менен атып таштай берген. Аны тергештирип айыптаган эч бир бийлик жок.

Аскерден жараланып келген Егор Попов, ошердеги бай орустар, алардын бир топ тентек балдары башына эмне келсе, ошону иштей беришти. Бир күнү жанына кылыч, тапанча асынган Егор Попов баштаган Матвей, Михаил болуп жети атчан орус кыштакка чаап келишип, баарын биздин эгинди оруп-жыйып бергиле дешти. Өзүбүздүн да ташпишибиз бар дешип болушпады кээ бири. Сарык деген жигит менен Азим аттуу чалды там айланта кубалап, кылыч менен чаап кетишти. Аткана, чаркарларына өрт коюшту. Акимге арызданабыз дешти кээ бирлери. Аким эмес, баарынын башында турган ак падышага даттанып эмне таптык дешти экинчилери...

Дал ушул кайгылуу тополоң күндөрдө өз кыштагына Ташкенден жөө качып Миңбай келип отурат. Эл дүрбөп абдан кооптуу эле. Орусун күн кирип чабат, түн кирип чабат дешип жан кулактын учунда. Эртеби-кечпи алардын кирип келери ар биринин көңүлүндө аштан бышык. Эл өлө-тала эгин-тигинин бастырып, оро казып көөмп жатышты.

Миңбай келгенден үч күндөн соң күн бешимге таяп берген ченде «кач-кач» башталды.

— Кач! Кач! Орус келатат, кач! Аскер келатат, кач!

Аты бары атына, өгүзү бары өгүзүнө минип, жөөсү жөө, учкашканы учкашып, эл качып жүрүп берди. Эл өрүп бийик тескейге жармашты. Ызы-чуу. Кызылданган кырман кызылданган бойдон, коломтодо күйгөн от өчүрүлбөй, ачылган эшик жабылбай калды. Анкайып турган Миңбай жандай чаап өтүп бараткан чал байталынын чылбырын ыргытты. Ошондо Миңбайдын согончогу анда-санда жерге бир тийип, байталдын күүсүнөн калбай учуп баратты. Ал эң акыркы жөө-жалаңдардан да өтүп, ат-үзөнгүчөндөргө аралаша түштү. Бирөөнүн жонунда бултандаган беш атар мылтыкты көрүп, энтигип кыйкырып жиберди:

— Ой, элди кырып алабызбы, атандын көрү наалаттар. Токтогула.

Атчандар токтоло түшүштү.

Миңбай жүгүрүп барып, бирөөсүнүн мылтыгын чабынан сууруп алды.

— Тарт бери, мылтыгың барың! Ушуерде өлөбүз, же калабыз.

Ал капталдай жүгүрүп, тумшукчадагы топ камышка жетип, токтоосуз артка карай удаа-удаа ок үздү.

Қолунда кара мылтыгы бар дагы эки жигит ага кошулду.

Үч жигиттин удаа-удаа үзгөн огуна улам караандан келип калган он беш атуудай солдаттар дыгдырылып ат оозун тарта түшүштү. Алардын арасында солдат эместер да бар экен.

Алыс болсо да үч жигит ок үзө бериштн.

Тигилер да эми даап келе албай, атчан турган калыбында, бийик тескейдин каранынан алды ашып кетип, арты эми түрүлүп жетип калган элге карата бир дем ок үзүштү. Қудай жалгап, адам навыт болгон жок. Бар болгону бир чал-кемпирдин жүк артылган тай ноопазы мөцкүп жүгүн оодарып, түзгө качып түшүп кетти. Көрсө чарчаган ок жетип соорусуна кирген экен, аны кийин билишти.

Қөптөн соң тигил он беш атчан кайтып кетти.

Эл түнү менен жүрүп отурушуп капчыгайга жетишип, анан токойлуу төрүн көздөй кирип кетишти.

Қапчыгай ичиндеги турмушту Миңбай өмүр бою унутпайт, себеби — анын жүрөгүнө кетпес тамга болуп бекем басылып калган: отту түтүн чыгарбай куу жыгачтан күндүзү гана жагышат; ацкылдап үргөн итти койбой, кыл чылбыр салып, жыгачка асып өлтүрүштү; бөбөктөрдүн оозунан энелери эмчек алышпайт, антсе да чыргоолонуп ыйлаган наристелерге жаман сөздөр айтышат: «Бооруңа жара чыккыр, кара башыңа көрүнсүн, үнүң өчсө экен». Анткени үн улап таап алышат деп жан кулактын учунда.

Бара-бара эркектер түндөп кыштакка барып, малалын таап, үйүн ачып, анан эгин-тегинин жыйнаштыра башташты. Күндүзү дүм түшүп, арык чөпөктө, ак жүгөрүнүн шагына бекинишет.

Кийинчерээк эл башкарган жакшылар, старчылар бөлүнө, акимге чейин барып, элди кайра көчүп келүүгө чакырышты.

Бул учурда кар түшүп калган эле. Элдин жарымжартылайы кыштоого түшүп келсе да, көбү капчыгайда кыштап калды. Адамдар жер төлө казышып, кышка отун-суу камдап жиберишкен эле.

Бир жагынан «кара оору» каптап, «ажалы жеткен-дерин» чөптөй солотуп оруп турду.

Дал ушундай шартта Миңбайдын башына мурда эч качан түшүп көрбөгөн татаал ойлор түшүп, жүрөгүн өйүп, түн уйкусун ала берди. Болбосо Миңбай буга чейин ар убак өз башы, өз тагдыры жөнүндөгү ташбиштен башкага өтүүчү эмес... Басса-турса жүрөгүн тызылдатып кыялын күн-түнү алда кайда тарта берчү Сатиканы жөнүндө болор эле. Эми аны таптакыр унутуп калды. Миңбайдын башында турган түшүнүксүз өзү аны түк болжой албаган ойлордун жанында ал өз ташпиши кыпындай да болуп көзгө урунбай калды. Миңбайдын жүрөгүн эзген эмики ойлор — эл, жеринин тагдыры, анын эртеңи жөнүндөгү ойлор болучу... Миңбай бул жөнүндө ойлонбоско чарасы жок эле. Канчалык ойлонсо да жолу туюк. Эч кандай жаркын натыйжа көрө албайт. Эң аяккы жыйынтыгы бирөө гана: «Атандын көрү,— дейт Миңбай улутуна, күндүз болсо да, түн жарымында кирпик какпай түндүк тиктеп жатканда да,— кайран элим, барар жолубуз өлүм болуп калган экен-го. Баары бир өлүм... Бирок ушентип өлүп кетпесибиз керек. Өлсөк биротоло каныбыз төгүлүп өлүп кетишибиз оң. Мында биз кырылышыбыз керек, же ошолор кырылышы керек. Башка жол жок...»

Миңбай тунжурайт.

Башына жылт этип Ташкендеги адамдар түшө калат. Баягы чокчо сары сакал, арык узун орустун жүзү бет алдынан түк кетпей туруп алат. Ошолор күн сайын келип, Миңбай мурда түк оюна албаган нерселер жөнүндө айтпадыбы. «Эзилген элди эркиндикке чыгарабыз. Өзбек, кыргыз, орус бизге баары бир. Биздин баарыбыздын да максатыбыз бир. Адилеттик үчүн күрөшөбүз... Ак падышанын кызматына барбагыла... ал адилетсиз...» Орустан ушундай сөз чыгат деп үч уктаса түшүндө бар беле?

Бул учур, бул сөздөр Миңбайдын элесине түшкө окшоп бүдөмүк тартылып, кайра жок болот. Миңбай ошол чокчо сары сакал менен тилме-тил сүйлөшүп, дагы көп нерселерин билбей калганына өкүндү.

Миңбайдын бир аз жарык аралаган көңүлүнө көлөкө түшүрүп, көз алдына Андрей Поповдун семиз кызыл жүзү, качкан элге каз катар туруп алып ок үзүп жаткан он беш атчандын сүрдүү элеси келет...

Миңбайдын уйкусу ого бетер качат. Ал эл арасына дүңүлдөп тарап турган каңшаарды түшүрөт көңүлүнө:

«Чүй боору, көл жээги Кашкарга сүрүлүптүр. Артынан түшкөн орус аскери жеткенин жеткен жерде кырып таштаптыр. Адам каны суу болуп агыптыр. Өлүгү көмүлбөй, ай талаада карга-кузгунга жем болуптур...»

Миңбайбын жаралуу жүрөгү туз куйгандай ачышып, көзү каранғылашып отуруп калат. Бүгүн болбосо эртең өз айылынын башына түшөр күндү элестет. Анан өз айлынын тартып жаткан бүгүнкү жапаларын өткөрөт көз алдынан...

Дал ушундай үмүтсүз күндөрдө «Ак падыша тактан түшүптүр...» деген кабар айылдардын, кыштактардын баш-аягын аралай чаап өтүп кетти. Миңбай бир алдын дал болуп калды. Бул жакшылыкпы, жамандыкпы, түк ажырата алган жок. Ал бийликти, турмушту бир пас да ак падышасыз элестетип көргөн эмес. Ак падыша дегенди ал кандайдыр бир ыйык, адамдан башка балким, пайгамбар түспөлдөгү азиз бир зат катарында элестетүүчү. «Ак падыша түшсө, ордуна башка падыша болот. Анын амири элге жакшы болуп чыгышы ыктымал» — деген эл арасындагы сөздөрдү угат Миңбай.

Миңбай көөдөнү толгон зор күтүүлөр менен жүрдү. Бирок күн, ай өтүү менен эч нерсе болгон жок. Бар болгону алык-салык көбөйдү. Болуштар, эл башылар: «Жаңы аким Керенсикий болду, ал да урушка алык-салыкты көп талап кылмакта. Төлөгүлө. Керек болсо кийип отурган чапаныңды да сатып бересиң. Жаңы акимдин амири ушундай...» дешти.

XXIV

Жаз чыгары менен эл бириндеп өрөөнгө түшүп, какырдагы анча-мынча жерин чиймелеп айдай башташты. Миңбай да бирөө менен алгоолошуп, кош өгүздү жай жылдырып, буурсундун сабын бек кармап, тиричиликке өттү.

Миңбай кошко чыккандын үчүнчү күнү түшкө жакын орус кыштагы тараптан аңыздарды как жарып, эки атчан неме келатканын көрдү. Миңбайдын жүрөгү болк этип, кооптоно түштү. Бирок эч нерсе кылууга болбой калды. «Жөгөр Попов менен Матвей Крылов окшойт» деп тааныды. Егор Попов солдат шапке кийип, кылыч тагынган эле. Матвей Крылов болсо жөн эле кийинип, беш атар мылтык асыныптыр.

— А, Миңбай,— деди Егор Попов күлгөн болуп.

— Кел кожоюн,— деди Миңбай эңкейип.

— Жер айдайсың?

— Ооба, кичине айдап койсомбу дедим эле,— деди Миңбай тайсалдап.

— Якши. Якши... — Егор Попов жылтырак айвандуу шапкесин желкесине түртө, куйкалак сары мурутун чыйратып койду. Анан аттан түшүп, Миңбайдын жерге батып турган буурусунун сууруп алып, тегерете карады да, кайра таштап койду. Ошондо Егордун оң жамбашында тапанчасы да бар экенин көрдү Миңбай.

— Ушул силердин кыштакта канча буурусун бар?

— Жыйырма-отузга жакын бар,— деди Миңбай бир аз ойдоно калган соң.

— Ушулар амузун чыгып, биздин жерди айдаш керек.

Миңбай эмне үчүн деп сурай албай, токтолуп калды.

— Хоп, кожайын, чыгабыз, чыгышат баары...

— Биздин мужуктар амузун солдатка кетти,— деди Егор Попов өзү түшүндүрүп,— и мен болдум аскерде, сен билесиң?

Миңбай башын ийкеди.

— Азыр Германия и биздики урушат. Уже төрт жыл.

Миңбай дагы башын ийкеди.

— Вот биздики жерди айдаш керек. Солдатка нан керек, нан көп болот — Германия жеңебиз. Значит, жерди ким айдаш керек?

— Биз айдайбыз, биз...

— Туура айтасың. Кыргыздар айдаш керек. Ким айдабайт, майли... деп Егор Попов жамбашындагы тапанчасын кагып койду. Анан күлгөн болуп, тамеки жандырды.

— Жок, чатак керек жок. Баары чыгат, айдайт.

Егор Попов Крыловду ээрчитип кыштак жакка кетти чаап. Көчүктөрүн опоң-опоң эттире чаап бараткан тигилердин артынан Миңбай ойлуу карап турду. Кандайдыр бир оор сезим анын көңүлүн чөктүрүп тургансыды...

Кечке жуук Егор кыштак жактан келаткан Миңбайды буурсунун сүйрөтүп, өзү менен кошо ала кетти: — сен биздики дос,— деди Миңбайды далыга таптап,— арак ичесиң?

— Жок. Мен ичпеймин. Эртең менен барайын,— дегенине көнбөдү. Миңбай аргасыз кошо жөнөдү. Орус кыштагына кире берерде баягы курмушу сакал Петрону жолуктурду. Ал бир кезде өзү менен кошо кош ай-

дап жүргөндөгүдөи таптакыр башкача болуп, өзгөрүп кетиптир. Курмушудай уйпаланып, бүт жаагын, тамагын баскан сары сакалын туш-тушунан кырып, ээгине чокчолоп койдуруптур. Бир алдын баягы Ташкенден көргөн чокчо сакал, узун бойлуу оруска кетти. Өңү да куба жүлүн тартып арык. Кийими болсо солдатча: узун боз шинел, айваны жылтырак шапке. Ал Миңбайды көрө, көк көзүн жулжүйтө күлүп, жай кыймыл менен учурашты.

— Мен дагы төрт жылдан бери аскердемин. Жарадар болуп айыгып, бала-чакамды көрөйүн деп келдим, жакында кетем,— деп түшүндүрдү ал.

— Өзгөрүп кетипсиң, Петро.

— А сен?

Петро жылмайып күлүп, кыска-кыска сүйлөдү.

— Кайериден жарадар болдуң?

— Кабыргаман...

Егор, Матвей, Петро, Миңбай — төртөө Андрей Поповдун ортоңку үйүндө отурушту. Чал өзү жок экен.

Поповдун Дунка, Данька, Манька деген кыздары дагы үйүндө экен. «Ой, булар качан эрге тнет» деп ойлоду Миңбай өз купулунда. Булардын эң кичүүсү Манька, баягы ак чачтуу Гриша деген укасы экөө ар убак эле китеп окуп отурганын көрчү. Гриша болсо үч жылдан бери аскерде экен.

Егор текчеден чырт-пырттан (четверт дегенден алынган) графинди толтуруп арак куйду. Анан стакандарга толтурду.

— Биздин жеңиш үчүн,— деди Егор стакандарды кагыштырып,— за Россия! За русскую победу! — жутуп жибериштн.

Миңбай азыраак ичимиш болду.

— Ич,— деди карчылдатып туздалган бадырандан чайнап жаткан Егор.

— Жок, мен иче албайм,— деди Миңбай тайсалдап.

— Ич, За Русских...

— Жок. Ыракмат.

— Ну пусть,— деди Петро Миңбайды колдой жай сүйлөп.

— Дикарь,— деди Егор Попов үмүт үзгөндөй колун терс шилтеп,— аракты да ичалбайт.

Анан өздөрү иче башташты. Егор менен Матвей тез эле кызып, кыжылдашып, сөз тизгинин бербей калышты.

— Биздин Гришка кудайсыз болуп кеткен имиш дешет, туурабы, Петро? — деди үлдүрөй түшкөн Егор.

— Кайдан билем,— деди жоош отурган Петро ийнин кысып.

— Эгер ал революционерлер менен байланышкан болсо... Көрсөтөм акмакка. Таарынбасын. Мен эмне үчүн минтип канымды төгүп жүрөм,— деди Егор жакасын жакжайта тартып, сол жак мүрүсүндөгү тырык болуп жаратынын ордун көрсөтүп,— Русь үчүн! Энебиз родина үчүн!.. А Гриша акмакчы? Падышага каршы. Өз ата-энесине каршы! Эгер ал чын болсо, биз аны кечирбейбиз.

Егор колун серелеп, стаканды стол үстүнө тарс эттире койду. Миңбай түшүнө бербей, оозу ачылып аңкайып калды. Ушул учурда Петро бутунун учун акырын басып, «себеби бар, сен чочуба» дегендей, көзүн кысып койду.

— Кантип эле ал падышага каршы кылыч көтөрдү экен? Орус падышасына! Ушул туурабы, Петро?

— Ким билет? Мен аны көргөнүм жок.

— Айтып атышпайбы?

— Айтса айтышат да, так билиш керек.

Егор саал пасанда болуп, соолуга түшкөнсүдү. Ушундан улам Миңбай бир ооз сурап койду андан:

— Кайда эми Наколай падыша өзү?

— Санк-Петербургда. Эң сонун жашап турат.

— Ким түшүрдү аны? — деди Миңбай атайлап билгиси келип.

— Жанагы сволочь пролетариат... революционерлер. Мен бирин койбой кырып таштар элем иттерди. Его Величество Николай орус интереси үчүн Германия менен согуш алып барат, а сволочь революционерлер падышаны тактан түшүрдү. Баары бир ал өз тактысына келет. Ыраспы, Петро?

— Ким билет?

— Ким билет, ким билет дейсиң дайыма, ким билиши керек? — деп Егор кекете столду бир муштады.

Петро аны үнсүз тиктеп турду.

Егор Попов эки стаканга толтура арак куюп, мас отурган Матвей экөө жутуп жиберишти. Анан экөө моюндаша үнүнүн бардыгынча бакырышып ырдай башташты.

— Эртең канча кош келет,— деп сурады мас Егор. Эми ошо эсине түшө калгансыды.

— Билбейм,— деди Миңбай чын пейилден.

— Эмне үчүн билбейсиң? Сен да Петродон үйрөндү, что ли? А Петро чамамда революционерлерге жам тар-

тат, туура эмеспи, Петро, а?— Егор үнүн кекерлүү чыгарды.

— Көрүп турбайсыңбы? — деп Петро ийнин кысып койду.

— Ну, хорошо,— деди да Егор анан кайра Миңбайга карады,— кандай билбейсиң?

— Келет, баары келет. — Миңбай сестене түштү.

— Ким келбесе, сразу атып таштаймын. Сен билесиң, мен канча адам атты?

Миңбай чечкиндүү жоо бералбай калды.

— Элүү кыргыз атып койдум мен, ишенесин?

— Ишенем.

— Жүз кыргыз аттым, ишенесин?

— Ишенем.

— Көрдү? Мен амузун атып таштайм. Его Величество царь өзү ушундай айткан. Меники виноват болбойт...

Егор тамтандап тура калып, мыкка илинген тапанчасын алды.

Жүрөгү солк дей түшкөн Миңбай колун столдун алдына акырын жылдырып барып, кончундагы сайма саптуу чус бычагын оңтойлоштуруп, саал өйдөрөөк копшотуп тартып койду. Эгер атып жибермек болсо, жан талаша Егорду жара тартып таштоону болжоп турду. Бирок, Егор тапанчасын кабынан сууруган жок. Бир нерселерди айтып, тапанчасын салмактагандай көрсөтүп жатты. Канткен менен Миңбай ошо сөздөрдүн бирин да укпай калды. Ичтен тиштенип түйүлүүдөн кулагы чып бүтүп калган эле. Егор тапанчасын копшосо эле озунуп туруп жара тартмак. Ал тапанчасын төркү кроваттын үстүнө ыргытып ийди да, арактан дагы ичти. Анан шылк этип кроваттын үстүндөгү тапанчасын баса жыгылды. Матвей болсо столду кучактап, баш көтөрбөй калган.

Ошондо гана Петро Миңбайды ээрчитип сыртка чыкты. Миңбай көкүрөгүн кере дем алып, дүйнөгө кайра жаңыдан келгендей сезди өзүн.

Ай нур төгүп, жазгы түн бир сонун болуп мемиреп турган эле. Эл аягы тыйылып, кыштак тынч уйкуда.

Петро Миңбайды ээрчитип, арык кырлай сай жакты көздөй басышты. Бир топко чейин экөө тең унчукпай кете беришти. Петро адатынча акырын унчукту:

— Уктуңбу, Миңбай? Атып таштаймын дейт ко баарыңды.

Миңбай Петронун сыр тартканын түшүнө албай калып анан унчукту:

— Атса, атып жүргөн Жөгөр, Матвейлер да. Ажалы жеткенин атат, ажалы жетпегени калат.

— Бир-экөөнү атса атар, үйрөнүп калган немелер. Бирок алардын колунун байланып калганын билесиңби?

— Жок. Мен кайдан билейин, Петро.

— Ак падыша тактан кулаган — колу байланганы ошо.

— Айланайын Петро, ким кулатты аны, мен түшүнбөйм?

— Пролетариат!.. Анын революциясы кулатты. — Петронун үнү сыймыктуу чыкты.

— Пролетариатың ким? Оруспу, кыргызбы?

— Пролетариат деген шаардагы завод, фабрикалардагы жалданып иштеген эмгекчилер. Орус да, украиндер да, башка улуттары да бар. Алар улуту боюнча эмес, максаты боюнча биригишкен — адилеттик үчүн, эркиндик үчүн, жакшы турмуш үчүн күрөшүшөт... Сени менен мендей эзилген байкуштар.

«Сени менен мендей» деп өзүн кошуп айтканга Миңбайдын каны дүргүй түштү.

— Партия аларды падышага каршы уюштурду, элди революцияга көтөрдү. Большевиктер партиясы жетектеди эң алдыңкылардан болуп...

— Айланып кетейин Петро, мен балчайбегиңди көргөмүн. Узун бойлуу, сакалдуу неме экен. Ташкенде көргөмүн...

Петро бир алдын күлүп ийип унчукту:

— Большевик бирөө эле эмес, көп. Мына мен да большевикмин.

— Сен дагыбы? — Миңбай токтой калды, Петрону беттеп.

— Мен да большевикмин,— деди Петро сыймыктуу жылмая,— эми мени баягында Андрей Попов помещиктин кошун айдап жүргөн курмушу сакал Петро дебей, Петр Буланов деген большевик деп да билгин. Эсиңде болсун, Миңбай, ал жөнүндө Егор билбесин.

— Сени солдатка кетти дебеди беле?

— Большевиктер бардык жерде бар. Солдатта да, заводдо да, кыштактарда да.

— Ушундайбы? — Миңбайдын оозу ачылып калды.

— Көрдүңбү, Егор менден күмөнсүп жатканын? Айтмакчы, Гриша Попов да революциялык ишке өткөн. Биз байланыштабыз.

— Ой, ал помещиктин баласы го?

— Андай большевиктер толуп атат. Алар адилеттик-

тип кай тарапта экенин көрүп турушат. Гриша көп окуган, көптү билген бала болучу.

— Ой, агасы Егор минтип отурганы кандай?

— Егор жан талашып жаткан таптын өкүлү. Революция мына ушуларга каршы, силердин алиги чоң курсак байларыңарга, өзбектердин сүткорлугуна, соодагерлерине каршы... Революция биз үчүн!.. Демек, биз сөздө да, иште да бек болушубуз керек. Революция ошону талап кылат сенден да, менден да.

— Петро, мага айтчы, революциянын, балчайбегиндин эң аягында кылар иши не? Мен ар убак ушунун өтөсүнө жете албайм.

— Айтпадымбы, эзилген элди теңдикке чыгарат, жер-суу берет.

— Жер?..

— Ооба, жер-суу берет. Большевиктер жер элдики дейт. Ал үчүн күрөшөт. Ленин большевиктерге ушинтип үйрөтөт.

— Лейлинби? Ал большевиктерден да чоңбу?

— Большевиктер партиясын түзгөн, аны жетектеген киши ошо.

— Айланып кетейин, балчайбектердин акылманы ошо де.

— Ошол адам.

— Оруспу?

— Ооба, орус.

— Орустун да ушундай тантилери болот экен да?

— Орустун баары эле Андрей Попов, Егор Попов, Матвей Крыловдор эмес да,— Миңбайдын илгертен бекем калыптанган көз карашына бир жагы Петронун кацырыгы түтөсө, бир жагы, негедир, кыжыры келип унчукту,— орустун эң алдыңкы адамдары, башка элдин да эң алдыңкы өкүлдөрү миң жылдап адилеттикке, теңдикке чакырган. Ал үчүн канын-жанын аябай күрөшкөн. Ленин ошолордун жолун улантуучу...

— Айланайын, кандай болсо да мен ошонун өмүрүн тилейм. Анын ишине кандайча кол кабыш кыла алам, айтчы, Петро?

— Миңбай шашпа,— деди Петро адатынча жай түшүндүрүп,— Ленин башында турган революция бар болгону падышаны кулатты. Бирок, бийлик али буржуазиянын колунда, байлардын колунда. Большевиктердин максаты — бийликти колго алуу. Ал үчүн большевиктер күрөшүп жатышат. Мына, мен партиянын тапшырмалары менен Орто Азиядагы большевиктик уюмдарга

келдим. Алдыда зор күрөштөр бар. Бийликти, анан помещиктер менен байлардын колундагы жер-сууну эзилгендердин колуна алып беришибиз керек. Булардын бардыгы кан төгүлгөн зор күрөштөрдү талап кылат, туруктуулукту талап кылат. Сен ушуларды жакшы билгин, ушуга даярдангын.

Миңбай таң калып, ушул сөздөр баягы жоош Петронун оозунан чыгып жатканына көңүлү күбөлүк бербей, тигилип тиктеп турду.

— Эмне кыл дейсиң, Петро?

— Азырынча ушулар жөнүндө элге акырын-акырын айткын. Ленин жөнүндө түшүндүр, большевиктер партиясы жөнүндө түшүндүр, жакшы күндөр келет, адилеттик келет дегин... Эл билсин ушуларды.

Түн тереңдеп узап, орус кыштагынан короздор ызычуу түшүп кыйкыра башташты.

Күндөр демейкиндей жай өтүп жатты. Миңбай алда нелерди зор нерселерди күтөт. Ошолордун эртерээк болушун эңсейт. Бирок ал эмне экенин өзү да так айталбайт, көз алдына келтире да албайт.

Күз келип, жыйым-терим башталды.

Андрей Попов менен анын уулу Егор чексиз көп аянттарга эгилген эгин талааларынын четинде бир аз гана мужиктери менен калышкан. Егор кылыч байланып, айыл аралап чыкты. «Жазда силер айдады, септи. Эми оруп-жыйып бересиңер. Абдан шашылыш» деди.

Кыргыздар да өзүнчө: «Эми ушу кызыталак чүрчүттүкүн жыйып бербесек, өзүбүздүкүн кыла албайбыз. Жерге да кирсин, кана» — деп баары билек түрүнө орокко түшүштү, бир бөлүгү күн-түн тынбай кырманда иштешти.

Кыпкызыл болуп семирген Антрей Попов извошун ылдамдап айдап, кырмандан кырманга барып, арабаараба кызылдарды тыныке менен жабылган кампасынын дүкөндөрүнө жаймалап куюп жатты.

Миңбайлар башын жоолук менен бек бууп, кечке тынбай Поповдун орогун орот. Кечке жуук, түнкүсүн, как бышып күүлүп бараткан өз эгиндерине кол кабыш кылат, жыйнаштыруу аракетинде.

Миңбай эшик алдына бир аз калмаакы тамеки да эккен эле. Тамекинин аларманы көп — наспруштар Намангандан, Анжияндан кыдырып чыгып, нак пулга, чытчыбырга да алмашып кетип турушат. Жакшы болумдуу ошол тамекиси сары гүл ачып, жалбыректары бузулуп бараткандын көрүп, бир күнү орокко чыкпай, өлө-

тала бутап жатты. Түш оой бергенде баккан көк атын миңген Егор Попов Миңбайды ишке барбагандыгы үчүн алыстан ашатып сөгүп, чапкан бойдон тамекисин аралап кирип барды. Оолугуп калган семиз ат туйлап тегеренип-тегеренип этектей-этектей төө карын жалбырактары быртылдап үзүлүп, түбү менен омкорулуп-омкорулуп да кетти. Ичи күйүп, ызасы төбөсүнө чыга түшкөн Миңбай жер сыйпаганда, азыр эле жалгыз улакчы атын шакка аркандап, атынан шыпырып сыйра келген ормө жүгөнү колуна урунду. Егордун көк атын шарт жылоодон алып, жүгөн менен баштан ары тартып-тартып жиберди. Аттын жылоосу колунан чыгып, нары карай бой таштай бергенде шилтенген темир суулукту жүгөндүн учу Егордун куркуйган тизесине тийип, көзү караңгылай түшкөн неме аттан оой түшүп кала жаздап, араң-араң түздөнүп кетти.

— Мен сени азыр атамын, антихрист. Бусурман!..

Ал чапкан бойдон орус кыштагын көздөй кетти. Эми ачуусун жуткан Миңбай өзүнчө өкүнүчтүү кобурады.

— Оббо кызыталак-ай, эми эмне болот? Алда менин ачуум ай...

Шалдайып калган соң өзүнчө жыйынтыкка келди. «Кой, эми. Балаадан качып кутулуу керек... «Ал атын минип, адырга чыгып кетти. Эки-үч күн түшпөй талаадагы буудайын орду. Кокус бир кырдан сорок этип чыга түшпөсүн деп, атын токулуу бойдон жанында кармады. Бирок Егор издеп келген жок. Үч күндөн кийин кечке жуук түшүп келип элден укса, Егор бир нече жолу издеп келиптир. Ушунун ичине бекинип албасын деп, болумдуу тамекисин кылычтап чаап салыптыр. Миңбайды таап бересиңер деп катын-калачтарды кыйнаптыр.

Миңбай бекинип жүрүп, эккен-теккенин жыйнады да, тору атын жакын тууганына таштап, кеч күз Анжиянга кирип кетти. Эмне кеп, эмне сөз болуп жаткандыгын уккусу келди. Баш калкалап, бир аз жүрүүнү да максат кылды.

Кыжылдаган кыйкырык сүрөөндүү Анжияндын базарындагы чайканада бир чайнек көк чайды эрмек кылып, айланасына сарасап сала, ойлуу отурду: мантысын мактап кыйкырган уйгурдун үнү да, кызыл-тазыл матасын мактаган өзбектин үнү да, койлорун саталбаган кыргыздын наалышы да кулагына анчалык түшкөн жок. Анын тыңшаганы башка кабарлар эле.

Ар кандай сөз көп экен. Бирок эч кимисинен көңүл жылытарлык тыңгылыктуу ачык нерсе уга алган жок.

Анан баягы Али-Хажи-Байбатчанын лата заводуна барды. Анда азан-казан экен. Тополоң, чогулуштар өтүп атат. «Революция», «Ленин», «большевик» деген сөздөр, Лениндин заманы... жер... Мына жерди элге беришти... Ар жерге кагаз жабыштырып, аны орусча, татарча, өзбекче; кыргызча кыйкырып окушат... Чечендер бийик арабалардын үстүнө чыгып алып, бакылдап сүйлөшөт: «Жашасын революция! Жашасын Ленин! Жашасын советтер!..»

Миңбай жаңы дүйнөгө кирип кеткендей аптыгып, күн-түн уктай албай калды.

Укмуш күндөр өтүп жатты.

Лата заводунда отряд түзүлүп, жигиттерди отрядга ала баштады. Сап-сап болуп тизилип, маш кылып, мылтык атканга үйрөтүлүп жатты. Миңбай да кирди жазылууга. Бирок аны «кайдан-кайдан жүргөн немесиң?» деп кайра-кайра суракка алып жазбай коюшту. Айласы кетти. Акырында мурдатан тааныган үч-төрт жолдошун ортого салып кирди. Көкүрөгүн ачып муштап жиберди. «Мен Лениндин иши үчүн өлүп кетүүгө даярмын...»

— Кайдан-жайдандыр кыргыз жигит пайда болокалып, Миңбайдын ал жайын уккан соң, каттап жаткан орус жигиттерди көндүрдү.

— Айланып кетейин, атың ким! — деди Миңбай кызыл жүздүү кыргыз жигитке.

— Бакай Байзак уулу.

— Ушерде иштейсиңби?

— Ооба.

— Эмне иш кыласың?

— Штабда иштейм. Командирдин тилмечисимин.

— Жакшылыгынды унутпайын, айланайын. Ушерде болсоң, көз сала жүр. Миңбай да отрядда машыга баштады. Бир айдан кийин берилди ага мылтык.

Чилденин суук күндөрүндө белин ак жоолук менен кындай кылып бек байлап, эски түлкү тебетейин баса кийип, постто турат. Бул өтө оор, жооптуу иш. Көзү ирмелсе, өлтүрүп кетет. Андай кокустуктар күн сайын... Тан душманы...

Миңбай колу бошой калса, штабдагы алиги Байзак уулуна кирет. Андан көп нерселерди сурай берет. Бакайдын билбегени жок — баарын айтат. Ар убак анын китеп окуп отурганын көрөт Миңбай. Түндөсү чырак менен китеп окуп отурганына таң калды Миңбай. Болгондо да орусча жазылган китеп... «Сабатыңды ачышың керек, Миңбай» деген ал биринчи күндөрдө эле,

«Молдого бир аз окугамын» — деди Миңбай саал сыймыктуу. «Аның аз. Биз үчүн чоң билим зарыл» — деди Бакай.

Бороон боздоп, көз ачырбай турган күндөрдүн биринде отряддарды бүт чогултуп, ревкомдун мүчөсү чогулуш өткөрөт деп тополоңго түшүп калышты.

Түлкү тебетей, ала чапан, дагы эмнелерди кийбеген отряд бороонго желкесин тосушуп, короо ичинде сапка тизилип турушту.

— Ой, Петро! — деп кыйкырып жиберди Миңбай.

Петро жалт жүз буруп, Миңбайды тааный койдубу, колун бир аз көтөрө берип, анан сөзүн токтоо улай берди.

Ал эң мурун Германия империализмине карата революциянын жеңишин сактап калышы үчүн жүргүзүлүп жаткан катуу согушта жумушчу-дыйкандардан түзүлгөн отряддар Нарва, Псковдун алдында зор жеңиштерге ээ болгондугун, ушул жеңиш менен бирге, Кызыл Армия төрөлгөндүгүнө Ленин декрет чыгаргандыгын айтты.

— Ураа! Ура! Ураа!

Миңбай да кыйкырды.

— Бүгүндөн баштап,— деди Петро Буланов үнүн токтоо чыгарып,— силердин отрядыңар да регулярдуу Жумушчу-Дыйкан Кызыл Армиясы — РККА деп аталат.

— Ураа! Ура! Ураа!

Чогулуштан соң Петр Буланов Миңбайды чакыртты. Миңбай аны баягыдай эле жулкулдатып колдон алды.

— Мына, азаматсың, Миңбай. Сен азаматсың... Сен өз кыштагыңа кетишиң керек,— деди Петр Буланов Миңбайды.

— Эмне үчүн?

— Сенин кыштагыңда революциялык иштерди ким жүргүзөт?

Миңбай жооп бере албай, аңкайып туруп калды.

— Менин колумдан эмне иш келет анда?

– Көп иш келет. Сага адам кошобуз. Балким отряд беребиз.

Миңбайдын жүрөгүнө сыймыктуу сезим жык толуп, Петр Булановдун жүзүнө жигерлүү тиктеп турду.

— Мен азыр Жалал-Абадга барып, революциячыл отряддар менен чогулуш өткөрөм. Сен кошо кетесиң. Иштин жайын ошол жерде сүйлөшөбүз. Даярдан. Шагом марш!

Миңбай артына шарт бурулду да, дарбазаны карс ура ачып, жатаканасына жүгүрдү...

XXV

Миңбайды Петр Буланов Анжияндан Жалал-Абадга баштап келип:

— Миңбай, сен өз кыштагыңа бар. Анда кеңеш өкмөтүнүн бийлигин орнотууга, адилеттик орнотууга катыш. Эсиңде болсун, бул жеңил иштер эмес, керек болсо сенин каныңды талап кылат, керек болсо башыңды талап кылат. Эзүүчү тап күчтүү. Алар өз ордун жөн эле бошотуп бере коюшпайт. Бир жагынан эл караңгы. Адилеттик кайда экенин ачык билишпейт. Ойлон. Буга сенин туруктуулугуң жетеби? — деди.

Совет бийлиги, анын маңызы жөнүндө «көзү ачык» Бакай Байзак уулунан далай күндөр көз ирмебей угуп, жүрөгү элеп-желеп болуп жүргөн Миңбай кысталбай жооп берди:

— Мен даярмын, Петро!.. — Ал кайра шашып кетип, ондоп айтты: — Адилеттик үчүн мен баарына даярмын, жолдош комиссар Петр Буланов!..»

Ошондо Миңбай оттон да, чоктон да кайра тартпай иштегендигин күнү бүгүнкүдөй көз алдына келтирет. Жүрөгү жалбырттап күйүп тургансыйт эле. Ал кем уктачу.

Эң алдын айыл кеңешин түздү. Алты канат ак үйдү айылдын четиндеги дөбөгө тиктирип, эң биринчи өз колу менен кызыл тууну желбиретип сайды. Там үйлөр деле бар эле, бирок Миңбай атайын дал ушул бийик дөбөгө үй тиктирди, кыштактын кай жеринен карабагын, ак үй заңкайып, үстүндө кызыл туу желбиреп тургану турган. Ушул үй айыл кеңешинин кеңсеси болду — Кеңеш өкмөтүнүн Миңбайдын кыштагындагы очогу болду.

Андан кийин кедейлер комитетин түзүштү. Булардын башына мыкты кедейлерден коюп, Миңбай өзү болсо ревкомдон келген өкүл катары аларга жетекчилик кылды.

Анын эң биринчи күрөшү аялдар теңдиги болду, байлардын эшигиндеги малайлар эркиндиги болду. Үйдүн керегесине Лениндин сүрөтүн баш кылып, кызыл-ала плакаттарды илдирип, айылдагылардын оозун ачырып койду. Эки күндүн биринде туш-тушка тополондотуп ат чаптырып, биринде аялдарды чогултса, экинчи-

синде эзилген байкуштарды топтоп, жогулуштар өткөрөт. Совет бийлиги, Ленин, адилеттик жөнүндө түшүндүрөт. Эмнени билсе, ошонун баарын айтат. Айрым оозун ачып тиктеп отурган жыртык чапандар, күтпөгөн суроолорду таштап, Миңбайдан сөз күтүп тиктеп турушат:

— Коош. Кеңеш өкмөтүнүн маанисин айттың. Балчайбекти айттың. Бирок ошол балчайбектериң диназар, кудайсыз дейтко? Бу кандай?

Миңбай ыңтыга түшүп жооп табат:

— Балчайбектердики да бар, бирок башка кудай,— дейт сыр бербей...

Келиндер астыртан көз кыйыгы менен карашып, сырдуу көрүнгөн узун бойлуу, сулуу Миңбайга суктанып, ар кимиси ичинен ар кандай ойлорго кетип, кымылдап калышат.

Ошол жылдын күзү тынч болбой калды. Ар кандай ацырт сөздөр көбөйүп кетти: «Мусулман балдары баш көтөрүп чыгыптыр, дин ислам өкүмдарлыгы жүргүзүлөт экен...» «Жок, бүт орус көтөрүлүп, ак падышанын адил бийлиги кайра келгени атыптыр...»

Эл ичи дүң-дүң, дуу-дуу.

Петр Булановго бир жолугуп калганда Миңбай ушунун баарын айтты. Анан сыр күтүп, анын жүзүнөн көз албай күтүп турду.

— Миңбай,— деди Петр чокчо сары сакалын кашылап ойлуу туруп,— булардын көбү жалган, бирок негизи бар нерселер...

Миңбай үрпөйүп калды.

— Дүйнөдөгү биринчи социалисттик мамлекетти капиталисттик дүйнө көрө алмак беле? Кол сала башташтыбызге.

— Кантип?

— Ооба. Жаш совет бийлигин жок кылып таштамак болушту. Ленин революцияны коргоп калууга чакырды.

— Кимди?

— Бүт эзилген элди. Революциянын жеңишине кубанган ар бир жанды — мени да, сени да!

— Мени дагыбы?!

— Да, Миңбай, сени да.

Миңбайдын жүрөгү оолугуп туйлап кетти. Ал обдулуп ордунан тура калды. Бакалоору буулгандай, ийин кагып араң дем алып турду.

Үйүнө ойлуу келген Миңбай атына жем илди, анан эми чайга отурганда, мылтыкчан жигиттердин экөө

ыргып түшүп, колун артына байлады. Кыштак ичинде ызы-чуу чыгып, тарсылдап мылтык атылганын укту Муңбай.

Алиги жигиттердин биринин жүзүн ажырата калган Миңбай, энтиге унчукту:

— Ой Тургунбай, бул эмне?

— Ажалың жетти, балчайбектин адамы. Унчукпа. Айылды дин мусулмандын адамы Калыбай корбашы ээледи. Сенин бир кашык каның керек бизге...

Миңбай дагы бир нерсе айтты эле, алиги жигит камчы менен башка-башка салды. Ат менен бир койдурду:

— Бас ылдам.

Аны айылдын ортосундагы мечитке алып барышты. Колу-буту таңылган он чакты адам жаткан эле чаңга онап. Эки-үчөөнү көз көрүнөө атып жибериштн, катуу айткан сөзү үчүн...

Миңбайды кыл чылбыр менен бекемдеп таңып, чаңга таштап коюшту.

Бирөө келип, аны төшүнөн тээп туруп, эңилип жүзүнө карады. Кээде эсин жоготуп турган Миңбай кара сакал кишинин отко чагылышып жалт эткен көзүн, ак селдесин көрдү.

— Ушу тигилерди дүрбөткөн башчысы, паңсат,— деди бирөө.

— Башчысы болсо, азыр өлтүрбөгүлө, дин бузарды эл алдында асабыз...

Миңбай түн жарымына жакын өзүнө келди: оозу кургап, кан даамданып, ичи от болуп күйүп жатканын сезди. Айыл али уктаган эмес эле. Басмачылар тойлоп жатышкан болучу. Үйлөрдөн от жылтылдап жаңы шорпонун жыты буркурап турду. Дыңкылдата комуз черте, ырдап жаткан ырчынын үнү угулат.

Эртеси күнү эл алдында бир нече адамды чаптырды корбашы. Миңбай баш болгон үч адамды колун артына бек байлап, мойнуна талпак илдирип, айыл-майыл кыдыртып айдап жүрүштү. Демигип калганда мыскылдап ат омуроолотушат.

— Жүгүр. Баары бир өлөсүңөр. Жүгүрүп калгыла.

— Мечитке камап, бек карагыла. Качырсаңар өзүңөрдү да асабыз,— деди корбашы айдагандарды эскертип.

Мечитке айдап, суу жеген ганде арыктын көпүрөсүнөн өтүп баратканда, Миңбайдын башына бир ой кылт этип, ошол эле замат арыкка боюн таштап жиберди. Чалп этти. Ноодай шар арыктагы суу зыркыратып ылдай

алып жөнөдү. Каш карарып кеткен учур эле. Арыкты бойлой жүгүрүштү. Тарс-тарс этип мылтык атылды. Мелжеп атты беле, же сур көрсөткөнү атты беле, Миңбай ажырата алган жок.

Ал кыштактан чыгып кеттиби, дым болуп, адам үнү да, ит шарпасы да түк угулбай калды. Суу жеген кебер жээкке узатасынан сойлоп, көпкө чейин жата берди. Эч нерсенин дареги жок.

Сууга чыйрыккан кыл чылбыр артына байланган колдорун кыркып баратты. Түн жарымында суудан чыгып, айылын көздөй салды. Жолсуз талаалар менен кетти ал.

Таң ата тууганыныкына жетип келди. Бул учурда анын колдору шишип, манжаларынан жан кете баштаган эле. Чылбырды парчалап кесип жиберген соң, ал эс-учун билбей жыгылды. Аны аткананын башына жыйылган чөптүн түбүнө бекитишти. Эки күнгө чейин Миңбай эсине келип, кыймылдай алган жок.

Миңбай үчүнчү күнү таң ата тарсылдап атылган мылтык үнүнөн, кыйкырык-сүрөөндөн чочуп ойгонду. Кыштак өрдөп чаап өтүп бараткан атчандарды көрдү, Миңбай өз ордунан чөп таяна сенделектеп тура калды. Анын көзү кээде тунара түшүп, таңга маалкы үрүл-бүрүлдө атчандарды ажырата албай калды. Андан кийин гана качкан басмачылардын артынан түшкөн отрядын аскерлери экенин билди.

Миңбай улакчы атын минип алардын артынан жетип кошулар эле, басмачылардын кордугун өчүн алар эле, бирок баягы күнү эле бир басмачы аны өзүмдүк кылып минген... Атын эстегенде Миңбайдын көзүнөн жашы каканактап, кайра колго тийгизерине акылы жетпей, дал болуп турду.

Басмачылардын артынан түшкөн отрядды издеп элүү атчандай солдаты бар жаңы отряд Жалал-Абаддан күн көтөрүлө айылга жете келди. Аттар терге бышылып, омуроо сооруларынан көбүк тамчылайт. Эң алдында кыска тон кийип, кылыч, тапанча тагынган куйкалак сары муруттуу баягы Егор Попов бар эле. Мурдагыдан өңү сулуу тарткансып, кичирээк көк көзү жылтылдап ойнойт. Ал тору кашка атын тип-тик секирте, солдаттарына карай кыйкырды:

— Тинтигиле басмачылардын айылын. Аларга аёо жок, Революциянын атынан уруксат беремин.

Атчандар дуу көтөрүлө, кыштакты аралай чаап жөнөштү.

— Жөгөр Бопбоп! — деди Миңбай кыйкырып, Егор Попов командасын берип бүтө электе,— мен Миңбаймын, Миңбаймын! Сенин кызыл командир болуп келгенинг жакшы болбодубу. Басмачылар бизди талап кетишти! Чаап кетишти!

— Ага,— деди Попов Миңбай тарапка жалт карап,— Миңбай?.. Колго түштүңбү? Вот сволочь! Тирүү кетпессиң эми?

— Жөгөр, басмачылар үйүбүздү талап, катын-кыздарыбызды олжолоп кетишти. Мен аттан ажырадым, алып кетишти зордоп, өлүмдөн качып кутулдум.

— Ага, басмачылар келди, силер той кылды. Бээ сойду, кыздар берди. Сен жакшы ат берди. Бу кыштак — басмачы кыштак. Мен азыр амузун атып таштаймын! Революциянын атынан...

— Жөгөр! — деди Миңбай жакындай басып.

— Кармагыла! — деди Егор тапанчасын сууруп.

Эки жоокер Миңбайды карман, тартып кетишти.

— Басмачы эмесмин мен, коё бергиле!

Эки солдат жулкунтуп, колун артына байлап таштады.

— Мен ревкомго даттанам, Жөгөр. Мени ревком жиберген.

— Мен сени атып таштаймын, басмачыларды биздики эч аябайт.

— Сен кызыл командирсиң, кеңеш өкмөтүнүн адамын кантип атасың?

— Сен басмачысың.

«Тарс-тарс...» Миңбай жалт караганда, тээ боордогу жалгыз үйдөн капталдап качып бараткан эки адам тырак-тырак этип жыгылып түштү.

Егор тиктеп туруп кыжырданды:

— Всех растрелять! Басмачы амузун...

Баятан Егордун попузасына ишене бербей, эреркеп турган Миңбайдын жүрөгү солк этип, башына бир түрдүү ойлор түшө калды. Өлүм башына келип турганына күмөнсүбөй, ичтен үрөйү уча берди. Ал Петрону эстеди. Көзүнө жаш каканактады. Бирок Петро кайда?

Кыштактын калган каткан адамдарын чогултуп, Егор Попов кысмактап жатты.

— Кана, ким басмачы? Ким үйдө жаткырды? Ким кой сойду?

— Биз сойгонубуз жок, өздөрү,— деди кимдир бирөө.

— Жалган, амузун силер басмачы. Айткыла, болбосо, аттырамын.

— Жөгөр, сен бизди мынча кысмактайсың? — деди боз таар чепкенчен кара мурут жигит, жыртык тебетейинен агарып пахтасы көрүнө, бери ынтылып чыгып,— сен кызыл командир болсоң, басмачыларды карма. Талап кетти бизди. Катынымды олжолоп кетти. Алып бер ошону адилет болсоң. Алып бер!..

Көзүнө кан уюп кызууланган жигит жакадан алам дедиби, же өзүн унута түштү беле, эми жете бергенде, Егор тарс эттире басып жиберди тапанчасын.

Жигит кыйган талдай шылк этип, көмкөрөсүнөн кетип, буту колун бир чирене тынып калды. Эл бири-бирине ыгып, бир ууч болуп турду.

— Дагы ким басмачы?

Попов кумсарып нары-бери басты.

Колу артына байланган он беш чакты адамды Жалал-Абадга горнизонго айдап жеткиришти. Алардын ичинде Миңбай менен Мамажан да бар эле.

Горнизонго күн бата жеткиришти да, кызыл тиникелүү ак үйгө кармашты. Үч-төрт куралдуу солдат кайтарып турду.

Эртең менен Миңбайларды коргондун орто жерине катар тизип тургузушту. Тигиндейрээкте кандайдыр санка тизилген куралдуу отряд турган эле. Эми атат экен деп үрөйү учуп калды баарынын... Ошол учурда кандайдыр үч командир келе беришти. Тургандардын бет мандайына келип токтошту алар.

Миңбайдын жүрөгү болк эте түштү: бет алдында жылдыздуу шапке кийген баягы ак чач Гриша Попов турган эле. Ак кирпик, ак кашы баягыдан өскүлөндөй. Чал жаак тартып, арык да, узун бойлуу да көрүндү.

— Миңбай,— деди ал озунуп айтып.

— Гриша! — Миңбайдын оозу араң эп келди.

Григорий Попов дагы эки-үч кишини тааныды.

— Эй, жердештер, эмне болду силерге?

Бир алдын эч ким үн кошпой, дым боло түштү. Анан дүүлдөп кетишти.

— Биздин айылды басмачылар басып, айланайын Гриша Попов...

Миңбай баштаган беш-алты жигит отрядка алынып, ошол эле күнү курал-жарак, ат берилди.

Миңбай болсо, жаңыдан горнизонго комиссар болуп келген Григорий Поповдун жанында иштеп калды.

Башкалар Григорийди алкап, үйүн көздөй салышты. Кээ бирлери тирүү калганына ишенбей, ыйлап баратышты...

XXVI

Эртели-кеч Миңбай Григорий Поповдон:

— Айтчы, Гриша Бопбоп... — деп анын оозун тиктеп, революциялык күрөштөр жөнүндө угат, ак падышанын тактан кандай кулагандыгын кайра-кайра сурайт.

Гриша толкунданып сүйлөйт.

Миңбай болсо, бир кезде өзү ыйлатып уруп койчу, ак чач, арык Гришаны элестетет көз алдына. Ал бүгүнкү зор максаттуу, туруктуу, келечекти даана көрүп тургандай эргүү менен сүйлөгөн, башкалар «Григорий Андреевич» деп мамиле кылган Гриша Бопбоп түк андагыга окшобойт. Асмандан түшкөн башка адамдай болуп көрүнөт Миңбайдын көзүнө. Мындай сезим Гришадан алыстатпайт, кайра көөдөнүнө урматтоосун жык толтуруп, ага ишеним арттырат. Миңбай өзүнчө бир аскар тоого жөлөнүп тургандай ишенимге келе түшөт. Дал ошондо анын атасы жөнүндө, агасы Жөгөр Бопбоп жөнүндө ойлойт. Анын жоруктары, андан көргөн кордуктары түшөт эсине. Жүрөгү зырп этет, көз алдына каптalынан алты ай ирин агып, катуу кыйналып өлгөн атасынын арык жүзү тартылат... Көөдөнүнө алда кандай бир сезим — кайнаган кектин сезими толуп чыгат. Миңбайдын жаактары бири-бирине бек кабышып, бүт денеси жыйрылып отуруп калат. Көз алдына Жөгөр Бопбопдун сары мурут куба жүзү тартылат. Горнизондо ага бетме-бет келе түшөт. Ал — зор. Ал командир. Атчандар дивизионунун командири. Ал сүрдүү. Миңбайдан кол жеткис жогору.

Миңбайдын жүрөгүндө таштай бек түйүлүп калган ата каны, ата куну түшөт эсине. Ал анын түк кечирилгис ыйык милдети, шариаттык парызы. Ата канын уулу кубат. «Бул — ак иш. Ансыз уулга наалат. Ансыз атасына о дүйнөдө эмне деп барат? Ансыз өзүнө адамдык баасы кайсы?! Ата канынан ыйык эмне бар?..»

Миңбайды ар убак ушундай эки сезим кысып келет. Ал анын бирине шарт көчүп кете албайт, үнсүз болуп, нары-бери басат. Анан баарын унута турууга аракеттенет. Анткени, мезгил татаал, учур баш-аламан. Кимдиким? Ок учуп, өлүм жакадан алып турган чак. Ар кандай каңшаар эл арасын аралай чаап өтүп турат. «Палан корбашы палан жерден чыгыптыр... Түкүнчө бек он миң кол кураптыр».

Дүңк эткен сүрдүү кабар бүт Ферганын суу ташкынындай каптап кетти: «Ферганы Ташкент менен

конуп бөлүп аламын» деп жар салып, Мадамин-Бек чыгыптыр...

Мадамин-Бек Ошту басты деди шак эткен кабар. Жалал-Абад горнизону шашылыш шаарды коргоого даярдыкка өттү.

Жүз жүзгө жакындан үч отряд түзүлдү шаарды коргоого: горнизондун өзүндө Петр Булановдун отряды, анан Егор Поповдун, Бакай-байзак уулу жетекчилик кылган отряд болуп бөлүндү.

Горнизондун комиссары Гриша Попов шашылыш түрдө Анжиянды коргоого жөнөп жатканда башталды басмачылардын чабуулу шаарга. Басмачылар тез эле горнизондун штабына жакындап калышты. Ушул учурда горнизондогу солдаттар арасында ыркы бузулгандык чыкты. Чыккынчылык дароо белгилүү боло баштаганда Петр Буланов Григорий Поповго кайрылып:

— Баары түшүнүктүү, жолдош комиссар. Қашык кан калганча кармашабыз. Сиз өз группаңыз менен тез шаардан чыгып кетиниз — чокчо сакал Григорий шашылыш, бирок ишенимдүү айтты.

— Ушундай шартта кайда барам? Қармашабыз ушул жерде?

— Жок, жолдош комиссар, сизге жогортон приказ берилген, тез жөнөңүз... Горнизондун начальниги катары буйрук беремин, тез жөнөңүз!..

Комиссар Григорий Попов өз группасы менен шаардан ат коюп чыгып кетүүгө арақ үлгүрдү. Ошолордун арасында Миңбай да бар эле.

Комиссар Попов Ак-мечитке жеткенде Айымды басмачылар ээлеп калганын угуп, өз отряды менен Теке-бел аркылуу ашып, Қокон кыштак тарапка салды.

Анжиянга эл жата эсен-соо барышты.

Эки күндөн кийин Жалал-Абаддан кабар жетти: «Егор Попов чыккынчылык кылып, басмачылар менен биригип кетүүнүн натыйжасында, душман шаарга кирүүгө үлгүрдү. Петр Буланов жетекчилик кылган отряд кашык кан калганча күрөшсө да, эң акыркы солдатына чейин жок кылынды. Чоң зыяндарга учураган Бакай-Байзак уулунун отряды Сузак аркылуу Базар-Коргонго өтүп, Анжиянга багыт алып келатат...»

Анжиян коргонууга кызуу даярдана баштады.

Басмачылар Анжиянга үчүнчү күнү кирди. Анчалык көп эмес солдаттардан турган горнизону арстандай катуу кармашты. Аларды темир жол жумушчулары колдоп турду.

Шаардын чет жакаларын гана ээлеп алган басмачылар көп жолку чабуулдарынан натыйжа чыгара алышпай, чоң зыяндарга учурай беришти. Үч күн курчап турган соң алар Анжиянды таштап, Ошко кайтып келишти.

Анжиян гарнизону чабуулга даярданды.

Интернационалдык корпус,— татарлар полку жана кыргыз атчандары Ошко карай багыт алды. Атчандар эскадронунун бирине командир болуп Григорий Попов келатты. Миңбай да ошондо.

Алдын ала мыкты даярдалган план боюнча Ошко кириштн, бирок басмачылар Ошту урушсуз эле таштап чыгып кетишкен эле.

Катуу согуш Жалал-Абадды кайра колго алыш үчүн болду.

Басмачылардын колу менен Егор Поповдун мусулмандардын, кулак орустардан толукталган бандасы жан алып, жөн берип жатышты. Бирок кысым улам көрсөтүлүшүнөн улам Өзгөн тарапка багыт алып, качып жөнөштү.

Жалал-Абаддагы гарнизонго Григорий Попов начальник болуп дайындалды. Миңбайды өзүнө адютант кылып калтырды.

Ошондон бир ай өтпөй Егор Поповдун бандасынын артынан түшкөн Кызыл-Армиянын отряды алардын негизги күчтөрүн талкалап, калганын колго түшүрүп келишти.

Егор Поповдун колу артына бек байланып, эң алдында эле... Анын уйпаланган сары чачы мандайына түшүп, куйкалак сары муруту оозун жаап өскөн. Өңү купкуу. Көк көзү тешип өтөрдөй тепчийт.

Эртең менен күч көтөрүлө Григорий Попов өз бөлмөсүнө кирип отурду да, Егорду өзүнө алып келүүнү сурады. Ал жакасында кызыл петлилүү командирлик формасын кийип, таза жуунуп, ак чачын жылтырата тарангган эле.

Эки конвой айдап кирди Егорду.

Көк көздөрүнөн заары чыгып турган Егор көкүрөгүн жагжайтып, топчуланбаган абалда бөлмөнүн ортосуна келип, токтоп калды. Көкмөк көзү Григорийге кадалып, марап турду.

— Отур,— деди Григорий Попов, бет мандайындагы орундукту көрсөтүп.

— Ну, анан?— деди Егор инисине карай кекерлүү, бирок отурбай.

Астананын эки жагында катып туруп калган эки конвойго карай, «чыга тургула» дегендей баш экчеди Григорий Попов.

Бөлмөнүн башындагы диванда Миңбай калды.

— Отур! — деди Григорий зекип унчугуп.

Егор орундукту булка тартып, шарт отурду да, өктөм сүйлөдү:

— Бер папиросундан?

Григорий папиросун кутусу менен Егорго жакын стол бетине ыргытып таштады.

Егор папиросту оозу-мурдунан түтүн чыгара, буркурата удаа-удаа сорду: Анан папиросун ыргытып жиберип кекетти:

— Ну, качан атасың мени?

Анын жүзүнө унчукпай ойлуу карап турган Григорий тиштенип, акырын сүйлөдү:

— Шашпа, үлгүрөсүң.

— Маскара,— деди Егор тиштерин кычырата, кыжырдуу унчугуп, — Родинасын саткан маскара. Русту саткан маскара!.. Сен мына бул сасык кулдар үчүн иштеп жатасың,— деди Миңбайды сайып көрсөтүп.

— Русту саткан сенби же менби? — деди Григорий да катуу унчугуп.

— Сен! Русту саткан сен! Өз атаңды, энеңди саткан сен! Эгер колума түшкөн болсоң, кескилеп ыргытар элем, этинди ит да жебес эле, сволочь маскара!..

Григорий агасына карай ого бетер мыскылдуу айтты:

Ошон үчүн сен менин колума түшүп отурасың.

Егор кылчылдап кетти.

— Антихрист! Большевик! Тфу!

Егор иниси Григорийдин бетине жаба түкүрдү. Таноолору кыпчыла түшкөн Григорий дасоромолун алып, жүзүн аарчыды. Өзүн күчтөп токтоо кармады.

— Шашпа, күнүнөр да бүтөт жакында,— деди Егор антыгып,— келет сволочь большевиктер менен сүйлөшүүчү күндөр!..

— Миллиондордун мынабу чор колдору, мынабу түрсүл каккан жүректөрү,— деди Григорий төшүн сайгылап сүйлөп,— ушул жеңиш үчүн берилген, каны төгүлгөн. Эми бул жеңиш силерге эч качан берилбейт. Баткан күнүнөрдү кайра чакырганынар менен келбейт. Эми биздин күн жаркырайт. Асманда бир гана күн болот, уктуңбу?

Егор жинди болгондой обдулуп тура, салмактуу сыя челекти чапчыды:

— Убью антихриста — большевик.

Ал шилтеп жибергенде, эңкее берген Григорийдин башынан аша, сыя челек күп этип дубалга тийип, көчүрүп кетти.

Григорий тапанчасын сууруп алып, сурданып туруп унчукту:

— Сенин күнүң батып кеткен дебедимби. Мен сени ошол жагыца өз колум менен жөнөтөм. Биздин күн алдыда, баары бир сен жүрө албайсың. Экөөбүздүн каныбыз бир, бирок мүдөөбүз эки башка...

Егор орундукту ала коюп Григорийди карай ыктылды.

Тапанча тарс этти. Егордун көкүрөгү карарып, суулана түштү. Анан кырданып барып, көмкөрөсүнөн кетти...

Эки бир туугандын чекке жеткен трагедиясына күбө болуп отурган Миңбай өзүн таптакыр унутуп, таш болуп катып калган эле. Анын көзү тунарып, эч нерсени көрбөй жаткан сыяктуу болду. Бүткүл сезүүсү шал болуп турду...

Ошол көрүнүш Миңбайдын көз алдынан түк кеткен жок: ичкери кирсе да, сыртта жүрсө да, куралын тазалап отурса да...

Григорий Попов болсо ошол күнү кечинде конторасынан түн оогонго чейин чыкпай отурду, басмачылар тараптан жашырын келген адамдар менен сүйлөштү: кандайдыр шашылыш кагаздарды жөнөттү төмөн жакка: Анжиян менен, анан Ташкент менен телефондо байланышты.

Андан кийин кайра-кайра тамеки жандырып, бөлмө ичинде тынымсыз нары-бери басып жүрдү. Ал бүткүл дүйнөнү унуткандай тунжурап калган эле...

Түк үнсүз бурчтагы орундукта отурган Миңбайды эми эсине түшүргөндөй сөз айтты:

— Миңбай, сен бар. Эс ал.

— Жолдош начальник, сиз да үйүнүзгө кирип эс алыңыз. Мен анан... — деди Миңбай абдан официалдуу мамиле жасап.

Григорий Попов түк жоопсуз дагы бир аз басып турду да, Миңбайга жакын турган орундукка көчүк басты. Анан терең улутунуп коюп, акырын сүйлөдү:

— Миңбай, бүгүнкү...

Миңбай эмне деп сөз кошорун билбей, үнсүз туруп калды.

— Сен билесиңби, бул мен үчүн канчалык оор экенин? — деп өзү сөз улады Григорий.

— Билем... Албетте, билем...

— Билесиң, бирок аз билесиң, Миңбай. Мен бүгүн өз бир тууганым Егорду атып өлтүрүү менен бирге, өз атамды, өз энемди да аттым... Балким үч бир тууган эжелеримди да аттым. Ырас, мен ошолордун баарын аттым... Бул мен үчүн канчалык оор экендигин көз алдыңа келтире аласыңбы?..

Григорий ордунан туруп, колундагы тамекисин удаа-удаа соруп, бөлмө ичинде дагы ары-бери басты. Анан Миңбайды беттеп токтой калды.

— Мунун баары эмне үчүн, Миңбай? Айтчы, эмне үчүн?! — ал калтырап кеткенсиди.

Миңбай дароо жооп бере албай калды. Григорий андан жооп да күткөн жок эле, ал өзү сөз улады:

— Революциянын иши үчүн!.. Эзилген элдин мүдөөсү үчүн... Адилеттик үчүн!.. Көрдүңбү, революция ар бир большевиктен, революциянын ар бир адамынан кандай зор нерселерди талап кыларын?.. Анткени ал бийлик күрөшү... Бүткүл коомдун саясы негизине каршы жүргүзүлгөн күрөш... Өлүм же өмүр... Ошон үчүн ар кандай жеке кызыкчылыктан, тууганчылыктан, мен орус, сен кыргыз деп улутчулдук ажырашуудан кол жеткис жогору турат революциянын иши! Анткени оруспу, кыргызбы, иши кылып бүткүл дүйнөдөгү эмгекчилердин мүдөөсүн көздөйт революция! Революциянын иши — ыйык... Биз — большевиктер, революциянын ишин ушундайча түшүнүшүбүз керек! Биздин эртеңибиз — уулдарыбыздан, небереларибизден, биздин ишибизди улантуучулардан да революция ушуну талап кылат. Түшүнүп атасыңбы, Миңбай, айткандарыма?

— Түшүнүп атам, Гриша. Түшүнүп атам... — деди Миңбай тээ бир кезги балалык чагындагыдай жакындык тон менен, бирок, ишенимдүү унчугуп.

Анан экөө тең тунжурап, көпкө чейин сүйлөбөй калышты...

Миңбай ашгемесинин дал ушул жерине жеткенде, тамагын жазап токтоло калды. Миңбайдан кем эмес эмоциалык абал тулкусун бийлеп, алда кандай сыймыктуу сезим көөдөнүн тиреп чыккан Садык өзүн тиштенип араң токтоп турду. Алкымынан бир күчтүү кол бууган-сып, энтигип араң дем алып жатты. Өзүн ушунчалык карылуу, кубаттуу сезди...

— Адилеттик жолу ушундай оор жол болгон, Садык уулум,— деди Миңбай чал желке тарамышын кержейте артка тартып, ак сакалдуу ээгин саал өйдө көтөрө.— Адилеттик үчүн керек десе асыл жанды сайганбыз, ата-

дашыбыздын жүзүн кыйганбыз... Ал үчүн атага наалат айтылбайт. Адамгерчиликтин заңы ыйык...

— Аныңыз ырас, Миңбай ата. Сизге бир аз бөлүшкүм келген өз оюмду.

— Аныңа бали, балам. Акыйкат өзү эле чакырып алат калыстыкты... Кеп көзүң жетсе, акыйкат сөздү тайманбай айтып калышта! Баарыбыздын адамдык парзыбыз бу. Адамдын адамдыгы да ошо...

Алар көпкө тынып калышты. Түн жай узап баратты.

Садык көптөн кийин коштошту. Ал өзү жалгыз жолго чыкканда түн бышып, түпсүз асман бетинде сан-миң жылдыздар жыбырашып турушкан эле. Күздүн түнү коңур.

Кыштак тып-тынч уйкуда. Ар кай жерден арс-арс эткен иттердин үнү бузат тынчтыкты. Тээ алыскы тоо боорунан шахталардын электр лампочкалары жарашыктуу жыбырап, көз учуна илинет. Кыштакка жакын жаткан жоон боз дөбөлөр түнкү мунарыкта сүрдүү дүңкүйүшөт. Акырын эскен коңур жел айдалган талааларлан топурак жытын алып келет. Кандай жагым!..

Садыктын көөдөнү алда кандай сыймыктануугa жык толот. Миңбайдын кобул-бобул тырыштуу жүзү тартылат көз алдына.

Садык тыптынч кыштакты аралай, чоң-чоң кадамдап баратты.

XXVII

Балтабаев өз кабинетине Садыкты жалгыз чакыртты. Анын көңүлү бир ишенимге жык толо сыяктуу эле. Ошон үчүн сөзүн колхоздун экономикалык бир маселелерине жылуу отуруп талкуулашуу менен баштады. Азыр эле Садыктын ойлоруна баш ийкеп макул болду. Кол алдында Садыктын парт уюмга жазган каты бар эле. Бул бир нече маселелер болучу. Алардын бири мына бул эле:

... Колхоз үч гектардан ашуун жерге пияз эккен. Балтабаев ал ишинин кийинки жолдорун, каерлерге барарын, кайра кандай кылып колхоз кирешесине да, колхоз эле үчүн эмес, өздөрүнүн мандай терлери кандай даражада кайтарын да кыялында иштеп чыгып койгон. Кийинки бир айда кайра-кайра убараланып жүрүп, областтык айыл чарба башкармасына чейин билдирип макулдашып, руксат алып келди — ал абдан кубанычтуу эле. Кечке жуук колхоздун айрым белдүү активдери менен

сүйлөштү: аларга колхоздун 30 тоннадай пиязын Советтер Союзунун чыгыш шаарларына сатып келүүгө жооп алып келгендигин билдирди.

Эртең менен колхоздун 30га жакын машинасын ар бир колхоз актив экиден-үчтөн ээрчитип, Кыргызстандын, Өзбекстандын, Тажикстандын жакынкы райондоруна шашылыш жөнөп кетишти.

Эки-үч күн өтпөй шаарлардагы, совхоздордогу, колхоздордогу пияздарды базар наркында, ал турсун, саал көтөрүңкү ала беришип, станциядан алган 6 вагонду жык толтуруп жиберишти. «60 тоннадан болгондо» деди Балтабаев станциянын боюндагы чайканада ачуу демделген кекире даам көк чайдан ууртап отуруп. Анын көңүлү алда кандай ишенимге, ар түрдүү кубанычтуу күтүүлөргө жык толуп турган болучу. «Жакшы... жакшы...» деди өз акылын өзү кубаттап. Ошол күнү-түнү вагондор шалдырт-шалдырт калдырап чиркелишти да, станциянын дежурныйынын «шыңгыр» коңгуроо уруп, «чыр-р» эттире ышкырыгынан кийин состав жай жылып узап кетти. Ошондо гана Балтабаевдин көңүлү жык толуп, машинасына отуруп, үйүн көздөй бет алган.

Вагондордун айрымдары Новосибирск, Омскийге токтоп, алды Владивостокко чейин жетип барды.

Бир айга жетпей, кеткен кишилер келди: Балтабаев ошол түнү активдерден белгилүү гана адамдар менен бирге, таң жакынга чейин акылдашып, сатылып келген пияздын миң-миңдеген сом өлчөмүн жайгаштырды. Анткени, бул өтө оор иш эле, бардык жагын: бул жерде алынган наркын да, киреге кеткен чыгымын да, барып иштеп келген кишилердин сарпы да, андан кийин муну уюштуруп, убарагерчилик тарткан адамдардын эмгеги да эске алынып, андан калганы колхоз фондуна киреше болуп кириши керек.

Иштин баары жакшы өткөн, бардыгы ыраазы болуну, бир да күңкүлдөп эрдин тиштеген адам болгон эмес, бирок мына эми иштип Балтабаев ушул авторитеттүү башы менен областтык прокурорго чейин чакырылганы отурат.

Баары экономист Садыктан көрөт. Бул ишке ал такыр макул болгон эмес. «Бул колхозго кокус кирген киреше юридикалык жактан да, экономика закондору боюнча да туура эмес...» Садык муну колхоз башкармасынын чогулушунда айтты. Кийинки баштапкы партиялык уюмдун чогулушунда да кат менен кайрылды.

Балтабаев ага жай түшүндүрдү:

— Сен билесиңби, Садык, бул көпчүлүктүн кызыкчылыгы үчүн... Көрдүңбү, жок жерден колхозго канча миңдеген сом киреше кирип келгенин? Эгер ошол пияз кампада турган болсо, ага он кило, буга беш кило деп жүрүп түгөнөт эле. Анан көрчү,— деди ал эңиле берип чын жүрөктөн, бирок үнү менен ныктай сүйлөдү,— биз 30 тоннага жетпеген пиязды канча эселенттик? Бул биринчи таба койгон ачылыш эмес, жыл сайын ушинтип жүрөбүз. Колхоздун баары эле анте алат дейсиңби? Мен бул колхозду көтөрөм деп, мынабу чачыма ак кирип баратат, уктуңбу?

— Баары бир,— деди Садык өз оюн дагы бекемдеп,— кандай десеңиз да бары бир туура эмес.

— Эмне үчүн?

— Бул башкалардын эмгегин пайдалануу болот, аны эксплуатациялоо болуп эсептелет.

— Кантип? Пиязды биз өзүбүз экпедикпи?

— Жок! — деди Садык кагаздарын шкафтан алып, столдун үстүнө коюп,— мына биз ал пиязга канча жер бөлгөнбүз, канча күч жумшаганбыз,— мурда эле экономикалык эсептери түзүлүп коюлган. Ал эми мында болсо, канча күч жумшалган, 30 тонна түшүм алынганы жазылган. Ал эми сиз шаарга канча тонна пияз жөнөттүңүз?

Балтабаевдин ачуусу келип, каны ичине тартып кетти да кекээрдүүрөөк унчукту:

— Эки жүздөй...

— Жок, 360 тонна... Көрдүңүзбү?

Садык андан жооп күткөндөй, Балтабаевдин тереңинде канчалык куулук жаткан жүлжүйгөн көзүнө тике карап турду.

— Биз аларды уурдап алганыбыз жок. Базар наркында сатып алдык.

— Эгер биз өзүбүз эгип, ошончо түшүмдү өндүрүп, анан сатсак, мен макул элем. А биз башкалардын эмгегин тоноп келдик. Биз аны канча эсеге чайкаганыбыз да белгилүү. Арзан алып, кымбат сатуу, башкалардын эмгегинен баюу — капиталисттик дүйнөнүн табигатына таандык. Муну бүгүн иштеп отурганыбыз жок. Өткөн жылы тоо багытына чогулткан жаңгактар менен мистелерди да ошенттик. Өз токойлорубуз болбосо да ошенттик — алыпсатарлыктын жолуна өтүп кеттик...

Балтабаев саал тайсалдай түшүп, анан айтты:

— Сенин паланчадан сатыптыр дегенин да туура, колхозго наркы андан канча төмөн кирешелегендигибиз

да туура. Жол чыгым, алып барган адамдарга кеткен сарпы да... Сен бөлүп алышты деп жатсаң керек а?..

— Аксакал, сиз мени туура эмес түшүнүп атасыз. Канчалык жеп койсоңуз, аны, керек болсо, юридикалык текшерүү өзү ачар. Менин айтарым таптакыр башка: социалисттик принциптин бузулуп жатышы... Мында биздин колхоз үчүн акчанын өлчөмү өстү, ал эми мамлекетибиз үчүн продукциянын өлчөмү өстүбү? Жок. Көрдүңүзбү? Сиз колхозду өз башыңызга эмне келсе, ошондой — ойго да, дөңгө да уруп башкарышыңыз бир жагынан пайдага түшкөнү менен, бир жагынан зыянга түшүп жатат.

— Сен эстүүсүнбө. Сен айткан акыл менин башыма көп жыл мурдатан эле түшүп келатат. Закондуу гана өткөрүп беребиз деп, конторага апарсак албай, жашылча складында сактар жайыбыз жок деп кол шилтеп, 200—300 тонналаган помидор, карем, коон-дарбыз сыяктуу жашылчаларыбызды чиритип алган учурларыбыз болгон.

Садык раистин бул күтүүсүз оюна кагылыша түштү:

— Ал такыр башка кеп. Бул үчүн биздин өкүмөтүбүз айыптуу эмес, иштерди уюштура албай, баш-аламан экенибиз чын... Өзүбүз иштөөгө мүмкүнчүлүгүбүз жок. Жогортон кыйкырып берген буйруктар... Аны аткарбасаң, айыптуусуң. Қабыл алуучу уюмдардын начар иштеши, иштерин туура уюштура албагандыгы эч кимди кызыктырбайт. Биз ошо волокиталарга каршы, бюрократизмге каршы күрөшсөк болмок.

— Менден башка күрөшкөндөр да көп. Башымды ооруттуң. Сенсиз эле мен колхоздун экономикасын көтөрүп, аягы менен тик тургузгамын. Бүгүн мени «Алиппеден» түшүп окутканыңды кой.

Балтабаев ачуусу ташып турду.

— Талашсыз, анда сиздин эмгегиңиз бар: бирок ал учурлар өттү. Бүгүнкү күндөгү биздин чарбанын өнүгүү логикасы башканы талап кылат.

Балтабаев не дээрге сөз таппай, кыжырланып токтоло калды:

— Сенин экономика дегениңди түшүнүп турам, ачык айтпайсыңбы? Сага канча акча керек?

Садык күлүп жиберди.

— Ырахмат камкордугуңуз үчүн...

— Сыпайгерчилигиңди кой. Ачык айт, биз бирге иштешкен адамбыз. Бала-чакаң бар. Аялың деле жок дебейт, мен айткамын.

Садык дагы күлдү. Балтабаев жумшара түштү.

— Аксакал, экөөбүздүн максатыбыз да, түшүнүгүбүз да бул маселеде эки башка жакта жүрөт. Сиз мага кам көрөм деп, абдан жаңылып жатасыз. Кадырыңыз жам болсун. Менин максатым эптеп өзүмө бир сындырым нан өндүрүп алууда турган жок. — Садык ордунан шарт туруп, нары басты. — Экинчи бул багытта мага сөз кошпоңуз.

Балтабаев сыр алдырып койгонуна ичтен тунжурап тиштенди. Ал күтүүсүз жерден калчылдап кетти. Өзүн араң токтотту. Сыр билдирмексен болууга аракеттенди.

Экөө тең көпкө чейин үнсүз туруп калышты. Садык сыртты көздөй басты.

XXVIII

— Райондук партия комитетине чакыртты сени. Биринчи секретарь Бозуланов өзү кабыл алат экен, кечикпей эрте баргын, айткан саатында кир,— деп кечке маал парторг Чокоев билдирди Садыкка.

Садык себебин сурады эле, ал далысын күүшөп, ким билет дегенсиди. Садык ар кандай нерсеге бир жоруп, өз убагында келип кирди.

— А, кел,— деди бет сөөгүн калдайтып Бозуланов. Барбайган мурдун үстүндөгү кээде тагына койчу сары жээк көз айнеги кара жүзүнө жарашпай турду. Ал ордунан козголгон жок. Садык кол узатып көрүштү да, анын бет маңдайындагы орундукка отурду.

— Коош, жолдош Балбаков, жакшы иштеп жатасыз, жакшы. Жакшы нерсе көзгө түшпөй койбойт.

— Ким билет, милдетимди аткарууга аракеттенип жатам.

— Жок, сиз антпеңиз,— деди Бозуланов отургучка чалкалай берип,— райком райондогу кыбыр эткенди сезип турат: жакшы нерсени колдойт, туура эмеске жол көрсөтөт, эскертет, райком — райондун көзү, мээси. Анын буйруктары, көрсөтмөлөрү болбосо, райондун кең турмушу токтолуп калбайбы. Менин чакырткандагы максатым — сени «Алга» совхозуна экономист кылып жиберүүнү райком макул тапты. Чоң совхоз, келечеги кеңири, турмуш шарты колхоздон жакшы. Өзүң үчүн пайда. Иште уюштурасың.

— Эмне үчүн?

— Айтпадымбы, ким жакшы иштесе, партия аны көрөт, көтөрөт.

— Мен бул жерде деле али эч нерсенин өтөсүнөн чыга элекмин го?

— Сен билбесең, биз билебиз,— деди Бозуланов папирос жандырып.

— Жок, мен барбайм. Колхозду эми араң өздөштүрүп келатам.

— Сен угуп атасыңбы, көтөрүп атабыз.

— Көтөргүдөй эч нерсе иштей элекмин.

Бозуланов тамекисин удаа-удаа соруп сөз улады:

— Материалдык утуш табасың — айлыгың жакшы, азык-түлүк арзан — чарбанын өз наркында аласың.

— Жолдош Токтор Бозуланович: кеп анда эмес. Бир сындырым нанды ашык табалы деген максатта гана иштеп жүргөнүбүз жок. Эгер анткен болсом...

— Сен коммунистсиңби? Партиянын солдатысыңбы?

— Ооба.

— Демек, барасың. Райком жиберет. Барасың.

— А мен барбайм. — Тигинин опузасына Садыктын атайын желкеси кыжыя түштү.

— Оо, түшүнүктүү. Сен эч нерседен коркпойт турбайсыңбы? Тартипке баш ийбейт турбайсыңбы?

— Ием мен.

— Анда эмне үчүн барбайсын?

— Ачык айтайын, зордосоңор да кетпейм. Анткени колхоздогу көп законсуздуктарды, туура эместиктерди көрүп жатам, ага каршы күрөшүп да жатам, менин максатым: аларга жардам берүү, түшүндүрүү...

— Сенин үйрөтүшүнө эле башкалар муктаж деп жүрөсүңбү?

— Албетте. Мен экономиканын закондорун теориялык жактан окуган адисмин. Менин илимий жардамым аларга керек.

— Балтабаев ким? Сен ким? Өкмөт ага Алтын Жылдызды бекер тагып, эл бекеринен кайра-кайра депутаттыкка шайлаган жок. Да! Бейбаш неме көрүнөсүң? Чогулуш сайын ага асылып сүйлөй берет экенсиң.

— Ушакчылык кылганым жок, жолдош секретарь, анын баарын мен партиялык чогулуштарда айттым, жылдык чогулушта да, элдин алдында, ортого салдым, өзүнө айттым. «Бул туура, бул туура эмес»,— деп айттым, ал түшүнсүн деп айттым. Коммунистмин, ачык айтуум керек, милдетим.

— Уктум. Баарын уктум. Бардыгына шек келтирипсиң. Ушак үчүн кылмышкер катары айыпталанат, аны билесиңби?

— Билем.

— Бирөөнүн эмгегин пайдаланып атат көп адамдар деңсиң.

— Айттым.

— Түшүнбөйм, эмне максатың бар? — деди Бозуланов кыжырдуу ордунан туруп, столунун артын кармап токтой калып,— Балтабаев мыкты жетекчи, колхозду чыңап атат...

— Бирок кандай жол менен, жолдош секретарь? Ал көкүрөккө салып, баарын иштөө менен, коллективдүү чарбанын табийгатын бузуп атат. Экономиканын объективдүү закондору бар, ага буйруктар менен зомбулук кылууга болбойт... Антүү менен Балтабаев бүгүн план толтуруп ырахмат алат, бирок чарбанын келечеги ыдырап, элдин чөнтөгү тешилип, ырысы кыйылат...

— Административдик бийлик болбосо, өкмөт тарап кетбейби? Коммунизм убагында да мамлекет сакталат.

— Бирок, жолдош Бозуланов, жетекчиликтеги айрым адамдардын эркин, буйруктарын, мамлекеттин административдик функциясы менен бирдей кароого, бири-бирине алмаштырып жиберүүгө жарабайт. Экөө асман-жердей эки башка нерсе.

— Демек, Балтабаев туура эмес башкарып жатат демексиңби?

— Туура эмес, эң зыяндуу жол менен. Экономикалык закондуулук, колхоз демократиясы, ар бир гражданиндин укугу деген алда качан басылып бүткөн. Коллективдүү жетекчилик — колхоз башкармасы, анын мүчөлөрүнүн пикири деген нерсе иш жүзүндө жашабайт. Парт уюм да жашабайт. Адамдарды кыңк эткис мышык кылып алган. Өзүнчө хан, өзүнчө бек... Кыңк эткендин мойнун кайырытса, адамдардын эркин басса. Советтик закон — закон эмес, Балтабаевдин сөзү, анын зомбулугу закон. Мына, Балтабаевдин методу, анын ыкмасы... «Бука болсун — сүт берсин, план толсо болду», ушундайбы? Кайда советтик демократия? Ар бир адам өндүрүшкө чындап катышканда социализмден коммунизмге өтүү башталат деп айткан улуу Ленин. Ал эми адамдардын өндүрүшкө болгон мамилесине бүгүн эч ким кызыкпайт. Иши кылып эле, кыйкырып жүрсө, ошону мактайбыз.

Бозуланов килем үстүндө кыска-кыска бурулуп, ары-бери басып, өз кыжырын араң токтотуп турду.

Садык да унчукпай үнсүз отуруп калды.

— Анда Балтабаев Совет бийлигинин душманы тура? — Бозуланов кекетип унчукту.

— Жок,— деди өз ички оюна алакысый түшкөн Садык Балбаков, башын көтөрүп. — Совет бийлигинин эмес, советтик закондуулуктун, колхоздук демократиянын душманы. Граждандык укуктун душманы.

— Уят сөз,— деп токтой калды Бозуланов,— ал бир кезде кандай начар колхоз эле, аны Балтабаев ушул деңгээлге көтөргөнү менен, ушул даңкка жеткиргени менен ишиң барбы?

— Ишим бар. Бирок Балтабаевдин эмгегине да, мезгилге да өз баасын туура берүүбүз керек. Согуш бүткөндөн бери жыйырма жылга жакындап келатат. Азыр алтымышынчы жылдар...

— Андагы коммунисттер, активисттер бардыгы сокур, мунун баарын мен көрөм деп турасыңбы?

— Жок, жолдош секретарь, туура түшүнүңүз мени: эң жаман нерсе катары — Балтабаевдин административдик сөзүн андагылардын демократия катары, кынтыксыз закон катары түшүнүп калгандыгында! Башканын пикири деген болбойт. Пассивдүүлүк. Ар бир коммунисттин, ар бир активистин инициативасы алда качан өлүп калган. Аны өздөрү да билбейт. Ак дили менен буйрук күтүү...

— Эмне демексиң эми? — деди Бозуланов өзгөчө тон менен, бул анын кубаттагандыгы беле, же кекете күткөн суроосу беле, Садык ажыратып биле албай калды.

— Эмне демекмин? Колдон келсе, жардам берсем дейм, бул мыкты чарбачыл адамга.

Бозуланов Садыктын бул сөзүн кандай түшүндү ким билет, бир топко ою бөлүндү болуп калгансыды.

— Сен баары бир барышың керек партия жиберген жакка,— деди ал кайра чыйралып,— ойлонуп бир нече күндөн кийин жообунду бергин.

— Эч кандай жооп да бербейм, эч кайда барбайм да. — Садык чыйралып, кесе айтты.

Бозуланов ормоюп туруп, акырын сүйлөдү:

— Макул, анда убаданды бергин мага, тынч иштейсиңби?

— Мен тартип бузганым жок.

Бозуланов бир нерсе эсине түшө калгандай саатын каранып жатып, Садыктын акыркы сөздөрүнө көңүл бургандай да болбоду.

— Макул, сүйлөштүк,— деди ал Садыкка уруксат берип,— жакшы иштегин. Сүйлөшөбүз дагы...

Райкомдон чыккан соң тратуарда баратып Садык Бозуланов жөнүндө ойлонуп бара жатты.

* * *

Миңбай уулу Ысабектин жоругуна кейип, андан улам көңүлү түпөйүлдөнүп ачылбай, көпкө басып жүрдү... Тээ түн жарымы ооп кеткен ченде өз үйүнө келип, бийик жазданып кырланды. Ал Ысабектен ушуну күттү беле? Эң акыркы көкүрөк баласы болуп калган небересине өзүнүн бүткүл ишенимин, бүткүл жакшы тилектерин байланыштырып, ошондон улам бүткүл эртеңин кыялдай таттуу элестетүү менен өстүрбөдү беле?.. «Эмне үчүн мындай болуп кетти?.. Эмне үчүн?..»

Далай убакыт өтүп кеткен менен да Миңбайдын көзү ирмелген жок.

Анан небереси Рабиянын тоюн эстеди. Шыбырап шүгүрчүлүк келтирди: небересинин өз учурунда эсен-соо конор түнөгүнө учуруп алышкандыктарына ичтен кубанды,— бул шарият боюнча да, адамгерчилик боюнча да парзы эле.

«... Мындай салттар түк болгон эмес. Кыздарды карышкырдай бөктөрө качып алчу элек. Биз ким болчубуз?..» деги сельсоветтин председателинин ыйынгандай үнү кайталанды кулак учунда. Миңбай чалдын көөдөнү кысылгандай, кыжыры пайда болду. «Акмак,— деди ал жанында киши болсо даана угулардай үн чыгарып,— эл атынан, журт атынан сүйлөмүш болот. Оозунан эмне чыгып, эмне койгонуна эсеп берсечи? Билбеген киши укса, ырас экен дейт да. Салт-санаасы деле, үрп-адаты деле жок, эки колун мурдуна каткан бир жапайы жандар болуп көрүнөбүз да... Антпегендечи. Анын айтканы аз келгенсип, ушубу алиги даңазасын таш жаргызып чуу көтөргөн жаңы тоюнун абалы?» «Комсомолдук» тойлору? Эң артыгы — көлдөтүп ичкен арактары тура... Кыз тоюндай салттуу, кыз тоюндай шаттуу эмне бар эле? Ырас эле жаштыкта андан көңүлгө жакын эмне болор эле?.. Кыз тою деген эки айылдын тең майрамына айланчу эмес беле?..» Миңбай чал дем тартпай, кысылгансып көпкө чейин туруп калды. Негедир, анын жүрөгүн бир нерсе өйүп, алда кимдин алдында өзүн айыптуудай, күнөөлүдөй сезгенсиди. Алда кандай бир адамдык өз күчтүү абийри ойгонуп, көкүрөгүндө калдайып, муз сыяктуу тиреп тургансыды... Ал эрдин тиштенип, үнсүз жата берди.

...Миңбай чалдын кулагына коштогон комузу да, кыягы да жок, бир гана жагым үндүн тону менен бирде бийик көтөрүп, бирде ички сезимге, ырдын мазму-

нуна карата төмөндөтүп, улам эргип, сыдыргандай күчөп ырдаган үн дап-даана угула баштады:

Ысфайрам көздөй көч көчсөң,
Ырасул эгем колдосун.
Ыйлап-сыктап көп ырдап,
Эч пенде биздей болбосун.
Жокчулук кесип демимди,
«Жакшылар» алды теңимди.
Жаркыным кетти жаш төгүп,
Жүрөкчө калды муң чөгүп.
Короодо малым жогунан,
Коомутта калдым сонундан.
Асылкеч сенин дартыңдан,
Ат көтөрүп алармын.
Ат суу кылып базарлап,
Анжиянга барармын.
Алтын сыргак, жез шакек,
Алып ичке катармын.
Алты ай жөө жол жүрүп,
Аттарчы болуп барармын.
Күмүш сыргак, жез шакек,
Кымбат наркын алармын.
Канча күн-түн жол жүрүп,
Календер болуп барармын.
Алып келген ак билек,
Ак кагазга орормун.
Аңдабаган жан болуп,
Алдыңдан жолуң торормун.
Сүйлөшкөн сөзүң бир болсо,
Саргайып көөнүң кир болсо,
Сабалап учуп кайрылбай,
Сапарга кетсек күн жүрүш...
Айтылган сөзүң бир болсо,
Арманга ичиң кир болсо,
Абалап учуп кайрылбай,
Алыска кетсек күн чыгыш...

Тээ адилетсиз замандагы бир байкуштун арман оту, жүрөгү кебеп болгон күйүүсү конур тартып угулуп жатты. Муну Миңбай бироодон укkан эмес, өз кулагы менен угуп, өпкө кагып өксөп ырдап турган жигитти өз көзү менен көргөн. Бул ыр эмес эле өзүнүн жүрөк сырын, башынан өткөн бактысыздыгын айтып жаткан чындык экенине Миңбай кылдай күмөнсүгөн эмес, бу сөздөр жүрөгүнө бекем батып калган.

Көктөм. Эл кыштоодон өрүш таянып, жайлоого көчөрүнүн камында. Миңбай атасы экөө өз жерин өгүз мойнун жоорута, буурусун менен айдап бышытып, кетменден жөөк тартышып, чигитти капкүрлөп эгип бүтүшкөн.

Эми Миңбай атасынын ар кандай оор жүгүн мой-

нуна алууга, ага келер ар кандай кыйынчылыкка көкүрөк тосуп чыгууга даяр — кабыргасы катып, эр жеткен кези. Быйыл бир нече жолку улакты тай торпокту булкуп көп жолу ат жалына салып кеткен соң,— «Миңбай, Миңбай... жалгыз аттуу кедейдин уулунан өнөр чыгат бейм» — деп анын аты эл оозунда да бар.

Миңбай өмүрүндө эң эле көп кыз оюндарда, кыз тойлорунда болгон, эң эле көп ырдаган. Эсепсиз көп сулууларга токмок салып, жар көрүшкөн, бирок бул тойду ал түк унута албайт. Анын биринчи себеби: Миңбай дал ошол тойдо жогорку айылдан кыз оюнга келген Сатикан деген шыңга бойлуу, эрингендей жай сүйлөгөн ак жүздүү кыздын жумшак жылуу колун биринчи жолу кармаган. Кызды башта бир-эки жолу көргөн. Бирок мынчалык жакындыкка барууну көз алдына келтирүүгө жүрөгү даай алган эмес. Миңбайдын өмүрүндө биринчи жолу кызга карай жадырап тигилип, батынып сөз айтканы ушу болучу. Ошондо бир шер байлап кеткенин өмүр бою таң калгандай тамшанып эске түшүрөт. Болбосо ошо Сатикан менен мурда бир нече жолу бетме-бет келгенде да эти чымырап, муундары калчылдап кеткен. Ал эми бул жолкуда таптакыр күтүүсүз болду: Сатикан менен жоош сүйлөштү, жумшак колун алаканына салып отурду. Кийин «Кара коюм дүмпүлдөктө» токмоктон коргоп, колтугуна катып калкалап отурду. Сатикандын жылуу тыноосу кулак түбүнө уруп, жүрөгүнүн дүк-дүк сокконун капталы менен дапдаана туюп турду. Миңбай анын тыноосун азыр да сезгенсип кетет кулак түбүнөн...

Миңбай ошо жүрөгүндө калган — биринчи жолугушту, ошол тойду түшүрөт эсине...

...Кыздын айлы сайдын наркы өйүзүндөгү тектирчеде эле. Миңбай кыз ала турган жигиттин жан жолдошу, андан аркы он беш чакты жигит-күйөө кошчулар. Кыркар тартып атчан бастырышып, келатышып, тойго камынып котологон кыз айылы көрүнгөндө, жабыла аттан түшүшүп, аттарын көккө тушап, шиберге жамбашташты. Көп өтпөй кыздын айлынан кызыл-тазыл кийинген кыз-келиндердин тобу чыкты утурлашып. Алар кыргоолдой кулпуруп, бирин бири кубалап, кол тийбестен чыңырышып, жигиттер жаткан жерге жетишти. Алардын арасында ак илечек салынган-тасыган, сөзмөр келиндер да бар эле.

Жигиттер ордунан турушуп, жүгүнүшүп салам беришти. Кылт этип сыр көрсөткөн кыздар бири-бирине

шыбынтап, бир нерсе билдиришип, шыңк этип күлүп алышат.

— Мына, күйөө, күйөө жанчылар,— деди элечек салынган келин,— жеңелериңер, балдыздарыңар келди. Буларга арнаган белек-бечкегиңер болсо, чыгаргыла. — Кыз келиндер жардап турушту. Күйөө жанчылардан бир жигит эки башы чың толо кызыл ала килем куржунду жерден араң көтөрүп барып, куржундун эки башын бүт чубап, атыр, самын, темир комуз, дагы башка түркүндөрдү жайнатып таштап, анан аны кыз-келиндерге үлөштүрдү.

— Кана эми, күйөөлөр, айтар сөзүңөр, ырдар ырыңар, чертер комузуңар болсо, көрсөткүлө. Айылга шашпагыла. Биздин бийкеч али өргөөдө. Актык жолуна ата-энеси батасын бере элек.

Жигиттер ыр ырдашты, комуз чертишти. Кыздар комуз кагышты.

Дал ушул шартта чалынды Миңбайдын көзү Сатикандын жоош сырдуу көзүнө, алардын көзү улам кагышып, анткен сайын Сатикандын ууздай ууртуна жакшынакай жарашыктуу жылмаюу келип турду.

Анан жигит кыздар аралашып, тең бөлүнүшүп оюн курушту. Көк шибер үстүндө эки-экиден сүйлөшүштү, каткыра күлүп кубалашты. Миңбай Сатикандын колун кармады. Сатикан да анын колун бек кармап, саал уялыңкы жакшынакай жылмая берди. Экөөнүн тең жүрөк табы колу аркылуу бири-бирине өткөнү даана сезилер эле. Бири-биринин атын атап, бир ооз-эки ооздон сөз сүйлөштү, жылмая тиктешип, шыңк эте күлүштү, кайра суроолуу момоюшту.

Күн бата кыз-келиндер жигиттерди айылга ээрчитишти.

Айылга жакындагандан башгап, күйөөгө жандаш каз-катар турган күйөө жарчылардын улам биринен сала бири кардыкпай үн салып, өксөп ырдап басышты алга карай.

Кыз-келиндер улам алардын алдын тосушуп жай жүргүзүшүп, тындырбай жүгүнтүшүп, салам кылдырышат. Жигиттер биринен сала бири ыр төгөт:

Бозулан өпкөн тамагың,
Богогундан сагагың,
Боз балдарды күйгүзгөн,
(Көйнөккө өзүн сүйкөгөн)
Сенин,
Бөдөнө тумшук тамагың.

Анын үнүн үзүлтпөй коңур үндүү жигит экинчи жактан дагы созот. Жигиттер эми кыз отурган үйгө такап барып калышкан: бүт тойго чогулган эл жардап, жигиттердин жүзүн көрүп, ырын тыңшайт.

Ыр үстүнө ыр. Ар биринде ар кандай сезим, ар кандай тагдыр элеси... Ар кимдин кайнаган жүрөк сыры...

Жигит-кызды жүз көрүштүрүп, улактын ысык жүрөгүнөн садага чаап... анан үйгө алып кириштн. Миңбай менен Сатикан төрдө жанаша. Алар бирден колун артка жиберишип, бири-биринин манжаларын бек кыса кармашкан.

Элечекчен келиндер чакылдап сүйлөп, күйөөлөрдөн жеңкетай доолап, дагы бир тамашалуу сөз чыгарып, чай узатып, кулак тындырышпайт. Миңбайдын кулагы аларды араң-араң эле чалат. Ал бүтүндөй башка бир жаңы дүйнөгө кирип кеткендей.

Чайдан соң сыртка чыгышып, эми көкөлөп келаткан айдын сүттөй шооласында кыз оюн ойношту. Тилдүү келин топ башкарып, кыздарды көк шиберге кыркар жайгаштырып, анан жигиттерге токмок берди. Миңбайдын өпкөсү толот. Тоо жаңыртып ырдагысы келет. Эмне айтса, эмне десе, анын баары Сатиканга гана тиешелүү болмок.

Үнү коңур шыңга жигит термелип ырдап, төгүп турду. Анын ыры алдында күйөө-кызды көрүштүрүштү. Жигит анан отурган кыздардын ичинен тандап туруп токмок салып, ал токмок салганды башкарган келин ортого чакырып, экөөнүн колун кере беттештирип, анан чыгырык кылып айландырып, бири-биринин көкүрөгүн салыштыра, жар көрүштүрүп жатты.

Анан дагы жигит. Анан дагы...

Андан кийин кыз-келиндер тең бөлүнүп алып, алым сабак... Анан шайыр жеңе баштаган ар кандай оюндар, шаңкылдаган күмүш шыңгыр күлкүлөр жазгы калың шибер үстүнө төгүлүп жатты...

Ошондо түн кандай бир кыска болду? Миңбай Сатикандын жанында дагы бир пас болууну ушунчалык каалабады беле? Ал көп нерселер айткысы келбеди беле? Бирок ал эмне үчүн айталбай калды? Түн ушундай да кыска болорбу?..

Эртең менен тай ноопаз союп, улак берди кыздын атасы. Жаргак шым кийген, кызыл жоолук менен башын бууган алиги жигиттер күрөө тамыры үзүлөрдөй кыйкырып, ноопазды бир булкуп атка салып, кээсинин кабыргасы сөгүлүп кайра таштап, кара тер басып бул-

кулдашып жүрүштү. Ошолордун көзгө түшөр ноёндорунун бири Миңбай болду. Торпок же ноопаз чапканды жактырат Миңбай. «Кана, чабандес болсоң элүү, жүз аттын ичинен бөлүп салып кет ошону» дейт. Кыргыздын кээ бир жеринде кичинекей улак союп, бири ала качканда, экинчиси жандап жетсе, кол учу менен тиякка ала качып, биягына келсе, жепжеңил бул колуна алып, тебетейдей булгалап чаап кетишет. «Мында ат күчү, адам күчү чыңалбаса, ар ким кол учуна иле качып чаап жүрсө, ушу да улакпы» дейт.

Миңбай улакты өмүр бою үзбөй чапкан. Азыр да карылыгына карабай, кирип барат. Кийинки жылдардагы улактарда Миңбай негедир алымсынбай, каны кайнап кетет. Анткени колхоз курулушунан соң согуштан кийинки жылдарга чейин улактын аты-жыты жоголуп, эми гана жанданды, чабандестер аз, андан да адамдар арзып алыстан келсе, эми аттар тер чачып кызый электе, бир кызыл жака милиса же сельсоветтин мас секретары кожоюн. «Токтот!» дедиби болду, эч ким унчуга албайт. Унчукса эле саясы айыпкер. Мында да Миңбай күйүп кетет. «Кыргыздын улактан артык эмнеси бар? Атандын арбайы...» деп чокуга-чокуга салгысы келердей кыжынып, бирок өзүн токтотот. Өз сакалын эстейт. Ошон үчүн азыр «чала өлтүргөн жыландай болгончо» деп барбайт. «Ой ат бар болсо, алиги топ тепкендей эле тээп чер жаза берсек, ким зыян тартканы турат? Дагы мунун саясатка кандай зыяны бар?» дейт да, кайра өзүнчө ойго кетет.

Ошондо түшкө жакын чоң килем жапкан төөнү жетелеп ортого байлап, анан патта тетиги бадал деп көрсөткөн той башы. Жигиттер бадыр-бадыр камчы басып, жерде жаткан ноопазга умтулушкан. Тээ бир сааттай убакыт өтүп, топ үстүнөн көк буу көтөрүлөт. Миңбай эңилип жетип, ноопазды эки колтуктан ала, үч-төрт силкип, жалга чыгарып, үзөнгү боодон өткөрүп, такымга баскан соң, норгул жигиттер аны жылдырбай, туш-тушунан басышты. Аны ат-маты менен оңколотуп жыкмак болушту. Миңбай этияттанды, бирок атка ишенди. Эң мурун ал кыйкырып, чыңк ылдый салып, шыпырылып баарынан бошонду. Ат соорулап, өйдө-төмөн кайрып, анан тип-тике бадалды көздөй бой урду. Жаныбар тору кашка кайык болуп кетти.

— Миңбай!

— Миңбай! — деген үндөр гана жаңырып жатып калды.

Миңбай ноопазды оодарып таштап, кайгытып кайра салганда, аттар жарым жолго араң жеткен эле.

Миңбайдын көзүнө үйлөргө жакын жерде кызыл-ала болуп, жайнап турган кыз-келиндер түштү. Ал куюндатып чаап аларга жакын өттү. Кандайдыр кубаныч менен жаркырап күлүп турган Сатиканды көзү чалып, зырп этип көпкө чейин жалындаган жүрөгүн баса албады. Ошондо Миңбайга келген кандай күч эле? Азыр да ойлоп, түк акылга келтире албайт өзү... Жүрөгү опколжуп, ордунан ыргып тура кала жаздайт...

Көз ирмебей бийик жаздыкка ыктап жаткан Миңбай чалдын бет алдынан ушулардын баары өзүнчө бир романтика болуп, өзүнчө бир жомок болуп өтүп жатты. Ошол той, ошол салт Миңбай чалдын жүрөгүнө бир башкача жакындыгынан таасирдүү болуп жатты беле, же ал кезден Миңбай чал өз жаштыгын, өз сонун чагын көргөндүгүнөн ушинтип жатты беле, бул жагын эске алган жок. «Азыркы жаштарга анын эмнеси жакпайт? — деп өзүнө өзү суроо берди,— эмнеси жаман? Буларда бир жигиттик от, кыз назиктиги деген барбы, же жокпу? Жүрөктөрү бири-бирине берилип эригенди билеби? Билсе кана? Быяктагы адам суктанып карап турар салты? Кайра-кайра шаштырып арак жутушуп, биринин кебин бири укпай келжиреп калышканы? Анын эң кыйыны эл-журттун көзүнчө өбүшкөнүбү? Дагы чоң ата, чоң энесинин көзүнчө. Эл журттун көзүнчө!.. Э, үйрөнгөн үйүтүңөр курусачы!»

Миңбай өзүн өзү зордоп ачуусун жыйнап, анан ойлуу жата берди. Анын кыялы өзү солдат болуп, аны-муну көп билген Бакай Байзак уулунун жанында жүргөн учурларына кетти. Ошондо Бакай Байзак уулунун негедир жүрөгүнөн кетпей калган бир сөзү түштү эсине. «Лениндин эң биринчи декрети тынчтык, андан кийинкиси жерди дыйкандарга берүү жөнүндө,— деп түшүндүргөн Бакай Байзак уулу,— андан кийинкилеринин бири — элдин жакшы мурастарын сактоо жөнүндө болду.» Миңбай биринчи экөөнө кадиксиз түшүнсө да, акыркысын көз алдына даана келтире алган жок...

Ал азыр кийин өзү актив болуп эскичиликтерге каршы күрөшкөн учурларын эстеди, үнсүз жатты...

XXIX

Садык Балбаков областтык айыл чарба башкармасында өткөрүлгөн колхоз-совхоз экономисттеринин беш

күндүк семинарында болуп кайтты. Шаардан келаткан-да ал түз эле талаа шыйпаңын көздөй салды, антке-ни — быйыл да терим компаниясын уюштуруу үчүн, жардамдашуу үчүн Мусанын бригадасына бекилген.

Терим башталгандан эки күн кийин кеткен ал се-минарга — ошон үчүн баарыдан мурда бригаданын шый-паңына шашылды.

Талаа шыйпаңына жакын аянтта эки көгүлтүр те-рим комбайыны каалгып жай жылып, пахта терип жү-рүшкөн эле. Садык ылдамдай басып, аларга жетти: би-ринде Алима экендигин алыстан эле тааныды, ал да жалт бурула жарашыктуу жылмайып, Садыкка баш ийкеди.

Кара сакал бригадир Муса да ушунда экен. Андан аркы талаада кызыл-тазыл кийинген теримчилер жайы-лып жүрүшөт.

Садык Муса менен кол алыша саламдашып, энтиге токтоп калды.

Аянттын пахтасы 15 проценттей ачылып, көк жаңак-тын сыңары шагалактап турган эле.

— Э, Муса аке, кандай болуп кетти бу? Комбайын-ды салып жиберипсиңер го? Али эрте эмес беле?

— Ээ,— деди Муса каканактап араң сүйлөп,— ою-бузга койбодуго Бозуланов. Өзү бизге уполномочен экен, чогулушту кылып, жаныбызды сууруп алды.

— Ой, элдин оозуна тийген ырыскыны төгүп алга-ныбыз кандай? Караңызчы мына, көк косектер төгүлүп калыптыр го. — Садык агетке төгүлгөн косектерди жый-нап бери басты.

— Э, айланайын, ал үзүлүп түшүп ысырап болгону бир деп кой, анан бу үзүлүп түшпөгөн косектерди деле карачы. — Муса бир нече косекти үзүп, алаканына са-лып,— баарын машина чайнап жарып кетти. Булар эми мезгилинен алда канча мурда ачылат. Бирок буласы жетилбейт, нипничке болуп калат. Салмагын тез жого-туп, жеңил болот, сорту төмөндөйт. Пахтасындай эле кымбат чигити да жетилбей калат. Андай болгон соң тетиги май заводу да иштебей калат. Ушунун баарын айттым алиги Бозулановго. Болбойт. Башта дедимби, башта деп буйрук берди.

Ушул учурда ак жегдесине чаң отуруп кирдеген Миңбай да келип токтоп калды.

— Ой, Бозуланов, дедим,— деп Муса дагы сөзүн улады,— менин оюма койгун, планды толтуруш менден дедим. Анан баягы жылкыны айттым: мен аянттардын

пахтасын 80 процент ачылтып туруп, 10—15 машинаны бир салып, үч күндө толтургамын жылдык планымды дедим. Ага да көнбөйт. Районду кармайсың, графикти бузасың дейт. Анан прогноз жаман, аба бузулушу мүмкүн, башың кетип калат деп эскертти, айланайын...

Садыктын жүрөгү опколжуп, чыдай албай баратты.

— Токтотуңуз комбайындарды, Муса аке,— деди ал.

— Ой, менин башым эмөөбү, айланын кетейин?

— Мен жооп берем, коркпоңуз. Көрөр чындыкты алар да.

Муса кашыланып туруп, ойлонуп сүйлөдү:

— Кой Садык, ал эмне болсо, ошо бололу биз деле. — Тиштенип үнсүз турган аппак кыркма сакал Миңбай уулуна күрп этти туура жактан:

— А сенин өзүңдүн башың кайда?! Э атандын арбайы... Уулуң улан, кызың жубан болгончо өз башыңдын баркын билбей турган болдуң. Жок дегенде жерге, топуракка ак болбойсуңбу? Токтот комбайындарды!

Миңбай чоң-чоң арымдап, козону аралап, Алиманын комбайынын алдынан утур чыгып, колун көтөрдү:

— Токтот, Алима балам!..

Садык ошол замат контораны көздөй жөнөдү. Эч ким жок экен. Балтабаев облуска жөнөп кеткенин укту. Эмне кыларын билбей калды. Анан башына бир ой кылт этип түшө калды. Ал токтоосуз радио түйүнүнө барды да, микрофондун алдына отуруп, колхоз бригадирлеринин, механизатор-айдоочуларынын аттарынан атап, көңүл бурууга чакырды. Анан ал пахта терүүчү комбайындардын ишин бир аптага же он күнгө токтото турууга буйрук берди жана анын экономикалык себептерин кыскача түшүндүрдү.

Он беш-жыйырма мүнөттөн соң экинчи жолу кайталады. Үчүнчү жолу да ошентти.

Денеси бүтүндөй жыйрылуудан чекесинен тер кетип, бир аз эптигип калган Садык сыртка чыкты.

Тээ төмөнтөн бригаданын терим компаниясына бекитилген парторг Черик күрөң «Волгасы» менен чымынкуюн болуп келип токтоду. Ал машинасынан ынтылып жатып аран чыгып, эки ийнине башын моюнсуз жабыштыргандай жыкжыйын, эптиге сүйлөдү:

— Эмне болуп кетти? Эмнеге токтоттурдуң терим комбайындарын?

— Эч нерсе,— деди Садык атайлап камырабай.

— Райондон айтыштыбы?

— Жок. Мен буйрук бердим.

— Эмне үчүн? Кутуруп кеттиңби?

— Сен кутуруп кеттиңби, ачыла элек пахтага комбайын салдырып?

— Бозуланов өзү келип чыгартты.

— Чыгар десе, чыгарттыра беришибиз керекпи? Өл десе, өлө беришибиз керекпи? Биз,— сен, мен дагы башкалар эмне кылып отурабыз анда бул жерде?

— Оо, сен ошондой сээр байлап калгансыңбы? Жөн жүрсөңчү.

— Эмне үчүн жөн жүрөм?

— Мойнуңду кайрып сындырып коет. Партком дейт аны Бозуланов!..

— Мойнумду сындыргыдай мен Бозулановдун кайышын кам ийлептирминби? Бозуланов жооп бербейт колхоздун экономикасы үчүн — мен жооп берем!

— Хи, алыңа карап иш кылсаңчы?

— Алым ушундай. Жогортон шамал жүрсө жогору, төмөнтөн шамал жүрсө төмөн сүрүлө бергендей, суу үстүнө үй тиккен көбүк эмесмин мен. Мен коммунистмин. Өлсөм да чындык үчүн өлөм. Уктуңбу?

— Оолукпа! Башкалар коммунист эмес деп жүрөсүңбү?

— Коммунист болсоң, чындыктын жүзүнө тике бир карап койбойсуңбу? Эгер чындыктын жүзүнө тике караган болсоң, балким, өз абийириңдин алдында кызарган болор элең... Баарын көрүп турасың — мезгилинен мурда башталган комбайн терими канчалык зыянга түшөрүн да көрүп турасың. Бирок бир ооз унчукпайсың. Макул, куп дейсиң кошоматтанып. Мына, сенин булганыч абийириң!..

Чериктин майланышкан кара жүзү көгөрүп кетти.

— Сенин абийириң булганыч. Сенин абийириң төгүлгөн. Өз үйүнө баш боло албайсың да, көрүнгөн ишке кийлигишесиң. Тигине, катынды машинасына салып, машинасын түшүп берип жүргөндөр бар. Эзилише сүйлөшүп жүргөндөр бар... Ошо тепселген абийириңди жыйып ал!

Садыктын жүрөгү кысылып, денеси таш болуп катып калды. Черикти ээкке бир коюп, авизге аңкелдек ашырып түшүрө жаздады. Бирок ал бул абалын өзүнө мүнөздүү, андан да күчтүү эркы менен араң басып токтотту.

— Ал башка маселе, Черик, кезегинде сүйлөшөбүз. Кийин сөзүңө бек болгун, жалтайлабай!

— Эмне үчүн жалтайлайм мен? Өзүң бул собатаж-

дыгындан эми жөн кутулуп кете албайсың. Жооп бересиң кылган ишиңе!

— Билдир — билдирер жериңе.

— Билдирем!

— Жөнө азыр! — Садык кыжырдан бек тиштенип туруп араң кайтты.

Черик ылдам басып, телефонго умтулду.

Садык артына шарт бурулуп, бригаданы көздөй кетти.

* * *

Ошол күнү кечке маал талаа шыйпаңынын алдында даяр болгон пахталарды акыркы машинага жүктөп жатышканда, үч жеңил машина шуулдап ээрчише, төмөнтөн келип токтоду: эң алдыңкысынан райис Байдылла Балтабаев, экинчисинен кара жүздүү Бозуланов, үчүнчүсүнөн Черик Чокоев чыга келишти.

Балтабаевдин сулуу жүзү кумсарып, кичирээк жулжүгүй көздөрүнөн заары чачырайт эле. Ал оозу бошурааk салам айтып, анан кара сакал Мусаны беттей басты:

— Эй, Муса! — деди ал демейдегидей «аке» дегенди да кошо айтпастан,— эмне үчүн токтоттуң терим комбайындарын?

Муса негедир мукактанып, сөз айталбай, көйнөгүнүн топчуларын салууга аракеттенгенде, чор колдорунун титирей түшкөнү байкалып турду.

— Мен токтоттурдум эле, аксакал,— деди бет маңдайдан Садык сөзгө аралашып.

Балтабаев жалт бир карады да:

— Мен сенден сураганым жок.

— Токтоттук. Мына эми сүйлөшүп көрөбүз го,— деп Муса үдүнү бош жалтайлай берди.

Балтабаевдин начтардын учундай курч көзү Алимага сайылды:

— Сен эмне үчүн токтоттуң, комбайнынды?

— Токтотушту... Менин сезондо 200 тонна терүүгө милдеттемем бар. Ар бир саат мага кымбат. Мына, кечке бош турдум... — деп Алима көзүнүн жашын сүртүнүп, ыйлай баштады.

— Алима,— деди чыдай албай кеткен Садык үнүн катуу чыгарып,— сен долуланба! Сен 200 тонна тере албай калсаң да, 200 тонна болорун жакшы билесиң. Бул жерде маанилүү маселе жөнүндө сөз болуп жатат. Сен элди калп эле алаксытпа!

Бозулановдун жалпак бет кара жүзү түнөрө түшүп, соз кошту:

— Бул ишиң да, сөзүң да саботаждык, Балбаков!

— Саботаждыкты ким жасап жатканын ажыратышыбыз керек.

— Мына, дагы башканы айыптагың барбы?

— Ким айыптуу болсо, ошону,— деди Садык тайманбай жооп берип.

— Ким? Ким! — деди Балтабаев тияктан кыжырдуу кекетип.

Садык ага жооп берген жок. Ал Бозулановду беттеп турган эле.

— Башың менен жооп бересиң, Балбаков, мамлекеттик саясы компанияга атайлап саботаждык кылгандыгың үчүн! Ар бир мүнөт кымбатка түшүп жаткан шартта, жыйырма комбайындын бир күнү токтоп турушу биз үчүн оюн эмес...

— Ой, Бозуланов,— деди баятан кылчылдап араң турган Миңбай, ак жегдесининен түктүү төшүн жаг-жайта, бери умтула басып,— сага план толтурууда ар бир мүнөт кымбат экен, а бизге, дыйкандарга, план толтурууда ар бир чымчым пахта кымбат. Комбайындарды беш же он күндөн кийин салсак, эмне анда өкмөткө пахта керек болбой калабы?

— Жыйырма бешинчи октябрде район толтуруш керек планды.

— Макул, жакшы. Бирок пахтанын таза ачылышына карап, пайдалуу, сапаттуу болушуна карап, бешинчи же онунчу ноябрде толтурса, өкмөт пахтаны албай коебу? Же анда өкмөткө керек болбой калабы?

— Ал өкмөттүн иши. Сен түшүнбөйсүң,— деди Бозуланов сырдуу.

— Макул, мен түшүнбөйм. Бирок, Бозуланов, мен бир нерсени түшүнөм,— деди Миңбай эңиле берип топурактан бир кочуштап алып, Бозулановдун тумшугун көздөй сунуп,— мына бу топурактан адам жанынан башканы өндүрүп алууга түшүнүгүм жетет...

— Болду! — деди Балтабаев катуу унчугуп.

— Болбойт! — деди Миңбай ак сакалдуу ээгин көтөрө тайманбай,— сен дыйкансыңбы? Анда айтчы, эмне үчүн көрүнгөн адамдын бизге акыл боло беришине акысы бар? Өкмөткө ырахмат, бизге жер бөлдү, техника берди. Эми бизге түшүм бер деп, түшүмдү талап кылып албайбы? Биздин зыяныбызга карабай тере бер деп сүрөйт? Бир күнү бири чаап келип, пахтаны токтот, жүгө-

рү эк дейт. Жыл өтпөй дагы бири «канеп» эк деп чуу салат. Анысын түшүнүп аягына чыга элегибизде, атам атын укпаган турнепс эгип бересиң деп тополоң салышат. Дыйкандын пикирин укканэч ким жок. Ким амалдар болсо эле болду: «аякка тарт, биякка тарт» деп дыйкандардын ишине кожоюн: «эк үстүнө эк, сеп үстүнө сеп». Тээ тетиги ак тектирдин талаасы үч жылдан бери түшүм берип жарытпайт — козосу ак палек болуп калат. «Ой, ошо жерге үч жыл беде эгип, дем алтып алалы» дегенге руксат жок. Андай деген кишинин саясы айыпкер кылат экен. Жер да куду жандуу адам сыяктуу: анын да тилин билсең, таптап мамиле кылсаң, анан түшүм берет. Болбой эле башка көзгө чапкылай берсең, бир күнү ал да сени башка-көзгө чаап кетет...

— Болду, Миңбай аке,— деди Балтабаев саал басыңкы үн менен.

— Э айланайын, болсо болду. Бирок ушул бригаданын адамдары быйыл 40 центнерден түшүм жыйнап, түшүмдүн баасын да арзан түшүрөбүз деген аракетте. Планы толбой калса, ким жооп берер экен? Алиги «карма, ал, бол» дегендер мен айыптуумун дээр бекен? Жок! Ошондо да дыйкан айыптуу. «Эмне үчүн толтурбадың? Эмне үчүн жакшы иштебедиң?» Же жалганбы?

Эч ким жооп берген жок.

— Эй чал, сен мында ким болуп иштейсиң, айтчы? — деди Бозуланов Миңбайга орой сүйлөп.

— Дыйкан болуп иштеймин, мына кырманда пахта кургатам.

Бозуланов кара жүзүнө анчалык жарашпаган сары кыргак көз айнегин кийип, Миңбайдын жүзүнө үңүлө тиктеп туруп, күрп этти:

— Кылган ишиңен, сүйлөгөн сөзүң көп неме окшойсуң? Сөзүң туздуу экен. Сендейлерди мына бу жерди бастырып, коллективге кошуунун кереги жок. Эски көз караштарың менен баарын чиритесиң.

— Макул. Бастырбасаң, бастырбай коерсуң. Бирок сен бастырбайм деген жердин топурагын мыжыга чеңгелдеп, боор этим менен кошо жууруп жүргөнүмдө, ал үчүн ысык канымды да төгүп жүргөнүмдө, сен али туулa элек болчусуң, балам. Тээтиги көз айнегиңди кие элек болчусуң, балам...

Чалдын терең ызасын алдын ала сезе койгон Балтабаев куулана сүйлөдү:

— Сизди эркелетип атат, аксакал. Болду, биз шашылышпыз.

— А мен да эркелетип атам... — деди Миңбай какшыктуу кабарчыктап.

Бозуланов болсо, андан ары уккусу келбей, терс бурулуп кетти.

— Муса,— деди Балтабаев басмырлап унчугуп,— Садык экөөңөр Чериктин машинасына отургула. Конторго барасыңар. Ошоерде чечишебиз.

Балтабаев өзү Алиманы алып, эң алдында куулдатып төмөн көздөй салды. Анын артынан Бозулановдун жаш тулпардай жалтылдаган кара «Волгасы» учуп баратты. Эң артында — Чериктин шылдыраган эски «Волгасы»...

* * *

Миңбайдын ызасы кечке чейин тарабай койду. Көөдөнүн калдайган бир нерсе тиреп тургансыды. «Чын эле мен элдин эркинен чыккан, топко кошулбас адам болуп калбадымбы? Ушул жерди басып жүрбөс адам болуп, калдымбы?» Ал ичтен ызалуу наалып жүрдү. Аткен сайын аның көңүлүнө ушул жер, ага бекем байланышкан өз тагдырының айрым учурлары кыялына түшө берди... Жер тагдыры үчүн болгон кандуу күрөштөр элестейт көз алдына...

Миңбайдын өз жалындуу учурун эстеп, кем уйку болуп чыкса да таң үрүл-бүрүлдө эрте ойгонду, сыртка чыкты.

Кырмандын жанындагы кең аянтта Алима менен берки жигиттин комбайндары тынымсыз күрүлдөп, пахта терип жүрүшкөн эле...

Миңбайдын кечээги чатактын натыйжасын ушундайча көрүп, өзүнчө ойлуу турду.

* * *

Садыктар колхоздун жылдык отчеттук чогулушуна жакшы даярдануну ылайык табышты. Садык ал үчүн Тагай, Миңбай, Камилжан, Муса, Алималар менен көп жолу сүйлөштү. Бул маселеге кайдыгер кала турган эч ким жоктой көрүндү. Баары эле кызыга угуп, сөзсүз активдүү боло тургандыгы ачык болуп калды, бирок ким кандай түшүнүктү, же болбосо кайсы жолду колдоп чыгары али белгисиз эле.

Садык өзү колхоздо иштеп, биринчи чарба жылында жылдык чогулушка атайын айтайын деген ойсуз да, эч кандай даярдыксыз да келип отурган. Андан эмне-

лер угарын өзү да ажырата алган эмес. Экинчи жылкыда ал бир нерселер айтууну, чарба боюнча өз көз караштарын колхозчулар менен бөлүшүүгө аракеттенди, бирок ал жалгыз болуп, же бир-эки эле үн бойдон калып, көпчүлүктүн делебесин ойнотуп жибере албады. Анткени буга атайын даярдагандар болбой калды. Чогулуш болсо дайыма бир тартипте өттү: Байдылла Балтабаевдин бир жарым-эки саатка созулуп, эсепсиз көп цифралар менен толгон отчеттук доклады; анан ушул эле мүнөздөгү ревизиялык комиссиянын председателинин доклады; анын артынан колхоздун талаачылык, мал чарбалык боюнча орун басарынын сөзү; акырында бир-эки бригадир өз бригадасынын өткөн чарба жылы боюнча иштеген иштерин айтат. Ошону менен жылдык чогулуш бүтөт. Эл коюлган маселени негизинен кайдыгер угуп отурат — эч ким сүйлөбөйт да, өз ойлорун айтпайт да. Антиши эч кимге керек эмес, антүүгө эч бир зарылдык да жок сыяктуу...

Мына ушу өз жыйынтыктарынан соң Садык, Тагай, Камилжандар кайдыгердикке каршы күрөшүштү, ал үчүн көп иштер иштешти. Мына азыркы кездеги ишенич жана кубаныч ошол аракеттеринин текке кетпегендигине байланыштуу... Адамдардагы активдүүлүк баягыдай эмес. Азыр коммунисттердин, активдердин чогулуштары кыжы-кужу, талаш-тартыш менен өтөт. Айрым чогулуштар түн жарымына чейин созулуп кеткен учурлары аз эмес. Тагай, Камилжан, Миңбай, Алималар өз ойлорун бек карман, «жулкулдашкан» учурлар адат болуп баратат.

* * *

Жылдык эсеп-кысап чогулушуна адамдар демейкиден көп чогулду. Дворецтин жети жүз адамдык залы жыкжыйма. Аялдар артыраакка сүрүлүп отурушуп, эркектер, көбүнчө активдер, алдыга шылана жайланышкан. Адамдардын баштары бадырайып, кулактары тийишет.

Балтабаевдин үнү гана дапдаана угулуп турду.

Кызыл сатин жабылган президиумдун столунун орто ченинде бети алакандай гана көрүнүп, Алдасов отурат. Ал жылдык эсеп-кысап чогулушун өткөрүп кетүүгө райондон уполномочен болуп келген. Анын эки жагында Черик баш болгон активдер, башкарманын мүчөлөрү орун алышкан.

Бир саатка жакын сүйлөгөн Балтабаевдин сулуу

жүзүнө каны тээп, кыпкызыл болуп токтоло калды. Ал нымыккан мандайын сүртүнүп, анан кагаздарын жыйнаштыра баштады.

— Ой, суроо! Суроо беребиз! — деди кимдир бирөө зал жактан барк-барк этип.

— Ревизия комиссиясын дагы угалы, анан... — деп жооп берди Чокоев.

— Аныкы башка. Биз райске суроо беребиз,— деди Тагай ордунан ыкшалып.

Алдосов Черикке кобурап сүйлөдү.

— Райске берсин суроолорун.

— Мейли, беришсин,— деди Балтабаев камданып.

Бирөө тура калып «Бир центнер пахтанын өз наркы беш жыл илгери 18 сом эле, азыр 25 сом болуп калыптыр, буга эмне себеп?» — деп сурады. Дагы бири «Жогорку участкага эмне үчүн электр линиясы жетпейт?» — деди. Дагы бири...

Берилген суроолорго Балтабаев өзүнө мүнөздүү чечендик менен кыска жана жепжеңил жооп берип жатты.

— Менде суроо бар,— деп эң алдыңкы катардагы Садык тура калды.

Балтабаевдин өткүр көзү Садыктын жүзүнө тике сайыла түштү.

— Сиз өз докладыңызга негизги максат: түшүмдүлүктү көтөрүү дединиз. Алима баштаган бир нече звеновойлорубуз 35-40 центнерден түшүм алгандыктарын канааттануу менен атадыңыз, башкарма атынан ырахмат да айтып өттүңүз. Менимче, сиз аларды тилдешиниз керек эле го. Эмнеге антпединиз?

— Эмне үчүн? — деп Балтабаев өктөм үн чыгара, кайра сурады.

— Сиз өз учурунда түшүмдү мындан эки эседен көп алгансыз? Эмне үчүн бүгүнкүлөр анчага жете алышпайт?

Балтабаев мүдүрүлө түшкөнсүдү.

— Анда башка шарт болучу.

— Кандай шарт? Менимче азыркылардын шарты жакшы го. Андан бери көп жылдар өттү: илим өстү, техника өстү, пахтанын жакшы сорттору чыкты. Же андан башка да жашырын сырлары бар беле?

Садык сөз аягына байкалбас какшык кошуп койду.

Балтабаевдин чечен тилине сөз илинбей, алдастай түштү.

Бир ирмемде зал ичине шыбыр жүрүп кетти.

— Учурунда алганбыз, бүгүн өткөндүн кереги жок.

— Эмне, ал тажрыйбасын дыйкандар унутуп калышты бы? — деди Садык,— анда бул бизди абдан ойлонто турган маселе. Жок, бөлөк сыры болсо, анда кеп башка...

— Ой, Балбаков,— деди Черик президиумдан күрп этип,— сен өткөндү сурабай, бүгүн алдыбызда турган нерсени сурагын.

Терезенин түбү жактан Тагай бакылдады:

— Сөз түшүмдү көтөрүү жөнүндө болуп жатат, сен андан башка эмнени сура демексин, Черик?

— Чокоев,— деди Алдосов кичине жүзүн Черик жакка буруп,— бул чоң суроо. Бүткүл дыйкандарды ойлонтуп жаткан суроо.

— Сурооң бүттүбү? — деди Черик али отурбай турган Садыкка карай.

— Суроом көп! Бирок жолдош Балтабаев мени канааттандырарлык жооп берген жок. Ошон үчүн мен өз ойлорумду жарыш сөзгө чыгып айтам.

Садык отуруп калды.

Эч ким суроо берген жок. Балтабаев президиумга келип отурду.

Жарыш сөзгө биринчи болуп кара сакал Муса чыкты. Ал колуна кармаган бир эли кагазы жок, эң эле көп цифралардан түк жаңылбастан, өз бригадасы канча гектар пахта эгип, канча угут берип, канча жолу сугарып, канчадан түшүм алгандыгын терип-тепчип сүйлөй баштады. Алдыңкы пахтачыларын айтты. Анан элди келерки жылы да жакшы иштөөгө чакырды.

— Мага сөз бергиле! — Тагай ордунан дагдайып тура калды. Ал Мусанын сөзүн угуп, чогулуш илгерки нугуна түшүп кетпесин деп шашты. Анан ачууланган дай күрпүлдөп сүйлөй баштады.

— Мына мен башкарманын мүчөсүмүн,— деди Тагай сөзүнүн бир жеринде өз көкүрөгүн өз сөөмөйү менен сайып көрсөтүп,— бирок чарба маселелери боюнча көз караштарым, пикирлерим өтпөйт. Раистики гана өтөт. Мен анда эмне үчүн шайланып жүрөм?

— Качан? — деди Балтабаев бүркүттөй жалт моюн буруп.

— Ар убак. Санап отурсам, убакыт көп өтөт.

— Ушактын кереги жок, тактап айт.

— Тактайм. Башкарманын мүчөлөрүн мындай кое туралы. Башкы адистердин пикири менен да эсептешпей калгансыз. Мына мен — башкы инженермин, тигине Кабылов — башкы агроном, Бердибаев — башкы зоо-

техник... кимибиздин пикирибиз менен эсептештиңиз? Өз билгеңизди гана иштеп жатпайсызбы, же жалганбы?

— Жалган! — деди Балтабаев ачуудан кызарып.

— Жалган эмес!

— Жалган сөз үчүн адам сот алдында жооп берет!

— Жакшы болот. Юристер тактайт. Чын-жалганды документтер өзү сүйлөп берет,— деп башкы зоотехник кескин айтты.

Балтабаев жүрөгүнө жебе сайылгандай дирт дей түштү.

— Кеп сиздин башкаруудагы принцибиңиз жөнүндө болуп жатат,— деди Садык сөз аягын улап,— чарбаны башкарууда ар кандай жолдорго өз билгеңиңиздей бара бердиңиз. Экономикалык өнүгүштүн логикасына туура келбей турган жолдорго да бара бергеңиңизди айтып жатат.

Зал ичи жандана түшкөнсүдү.

Кимдир бирөө бир нерсе деп кыйкырып да жиберди.

Председатель зал ичин тынчтандырды.

Садык анан жооп күтпөй отуруп калды.

— Ой, Тагай,— деди Черик кафедрадагы Тагайга бурула,— сен сөздү албадың беле? Сен үчүн башкалар сүйлөйбү?

— Бөлөктөр ошол менин сөзүмдү тактап жатышат. Өзүң да кошоруң болсо кошсоң...

— Кошор эч нерсем жок менин.

— Жокпу? — деп Тагай какшыктап койду.

— Жолдош Пирматов,— деди Черик кыска моюнун Тагай жакка толгоп,— сиз менин отчётумду угуп жатканыңыз жок!

— Кеп анда эмес... Мен сиздин орунбасарыңызмын, жолдош парторг, бирок көп маселелерде көз караштарыбыз карама-каршы болуп отурат кийинки кездерде. Жөн кала берүүчү нерселер эмес алар...

— Менин да өз пикирлерим бар!

— Угабыз аны да, терең анализдеп угабыз эми.

— Өсүп калган экенсиң,— деди Балтабаев какшыктап.

— Бир орунда токтоп калган жан жок, кечээ күңүрт нерсе бүгүн жарык. «Көрө-көрө көсөм болот» деген сөз бар...

Эми Тагайдын сөзүн эч ким бөлгөн жок. Катар отурган Миңбай менен Мамажан-Бува ак сакалдуу ээктерин жогору көтөрө, кыймылсыз угуп турушту.

Тагай сөзүн бүтүп, тез түшүп кетти.

Черик ордунан козголуп, кезектеги адамга сөз берүүгө камынганда, чогулуш өткөрүүгө келген райаткомдун төрагасы Алдосов суранды:

— Менин бир ооз кошумчаларым,— деди ал чак тулкусун бир калыпта кармап,— бул отчеттук чогулуш болгон соң, сүйлөгөн жолдоштор колхоз башкармасынын ишине баа бере кетиши зарыл.

Зал үчүн баарынан Садыктын сөзү таасирлүү болду. Зал кээде ын-жыңсыз тынып калса, кээде дуулдап көтөрүлүп кетип жатты. Садык колхоздун бүгүнкүсү, эртеңи жөнүндө сүйлөдү. Балтабаев жетекчилигиндеги зыяндуу көрүнүштөрдү ачык сынга алды.

Сөзүнүн бир жеринде мына минтти:

— Ырас, колхозубуздун өнүгүп бара жаткандыгы туура. Бирок өнүгүштө экономиканын закондору туура сакталбагандыктан, стихиялуулук пайда болуп жатат. Эгер ал сакталса, чарба мындан да күчтүү, мындан да бай, дыйкандарыбыз рухий, материалдык жактан мындан да мыкты болмок! Чарбанын азыр илим негизине таяп башкаруу ылайык, антпесе бирде өйдө болсо, бирде төмөн кетет. Болбосо, биринин эмгеги экинчисине кетип, адилетсиздик пайда болот. Айталы, бир бригада 40 центнерден түшүм алды. Ошондой эле эмгек күн жумшап, экинчи бир бригада 25 центнерден түшүм алып жатат. Күзүндө эмгек бөлгөндө ошо эки бригаданын жумушчулары бирдей эле дасмия алышат. Анткени дасмия колхоз боюнча эмгек күнгө карата бөлүнүп атпайбы!

— Ой мени эле айта койсоң,— деп кыйкырып, башын устара менен тасырайта кырдырган бирөө орто ченде тура калды,— биздин жарымыбызча түшүм алгандар биз менен барабар дасмия алышты. Кумдуку кумга, сайдыкы сайга болушу керек да!

— Мен ошо жөнүндө айтып жатам. Көп өндүргөндөр көп алышы керек. Ошондо ар бир звено, ар бир бригадада түшүм үчүн күрөшөт. Ошондо ар бир адам өзү жүгүрөт. Ар бир дыйкан жерге бекем байланышат...

— Ой, муну эмне үчүн мурдатан айтпайсың,— деди кимдир бирөө.

— Айтылган!

— Анан эмне болду?

Зал ичинен үн чыкты:

— Правление кабыл албай койгон.

Балтабаев ошол жакка жалт моюн буруп, бирок ким экенин көзүнө илдире албай калды.

— Ким ал? Айтсын.
— Чыксын азыр!
Дагы бири катуу кыйкырды.
— Садык сүйлөбөсүн. Болду!
— Сүйлөйт!
— Айта бер, Садык!
Садык сөзүн улады:
— Айтылган сындарга караганда, колхоз башкармасы туура эмес иштеген жана чарбалык-экономикалык каталыктар да жиберген. Колунан келишинче иштеп берген үчүн буларга ырахмат айтып, колхоз башкармасынын мүчөлөрүн жаңыдан шайланышын сунуш кылам!
Садык шарт артына бурула жөнөдү.
Эл дүркүрөтүп кол чаап жиберишти. Мында Садыктын катуу талабын кубаттап чаап жатышты беле, же көбү көнгөн адат боюнча, тигинин сөзүнүн бүткөндүгүнө кол чабыштыбы, айтуу кыйын эле. Антсе да Балтабаевдин жүрөгү солк этип, негедир, бүт денеси чымырап кетти.
— Сүйлөөчүлөр дагы барбы? — деген председателдин сөзүнөн улам, зал ичинен туш-тушунан көтөрүлгөн колдор Балтабаевдин саал электене түшкөн көзүнө чытырман токой болуп кеткенсиди. Ал чыканактаган колуна мандайын сүйөп, алдындагы кагазына көзүн кадамыш этти.
Чогулуш ал күнү бүтпөй эртеңкиге калтырылды.
Элдер сыртка чыгышканда, кыштын кыска күнү алда качан батып, түн бир топ болуп калган эле.
Балтабаев түз үйүнө жетип, Бозулановдун квартирасына телефон чалды. Бирок Бозуланов областтан кайта элек экендигин билдиришти. Ал телефондун трубкасын рычагына коюп, не кылышын билбей, ойлуу тунжурап туруп калды.
Анан аялы Дилара даярдап койгон кечки тамагынан бир аз гана ичти.
Ичкери бөлмөсүндө өзү жалгыз көпкө чейин басып жүрдү. Бүгүнкү делебеси көтөрүлгөн адамдардын элесин көз алдына улам келтире берди. Кимгедир аябай кыжыр ташып, араң токтолуп турду.
Өзүнүн абдан чарчаганын сезип, тез чечинип жатты. Көп өттү. Бирок уйкусу түк келбей койду. Ошондо Бозулановдун үйүнө экинчи жолу телефон чалды. Бозулановдун азыр эле областтан телефон чалганын, бүгүн келбей тургандыгын билди.
— Кай жерде конуп калыптыр? — деп сурады.

— Мейманканада,— деп билдирди аял үнү.

Балтабаев ыргып туруп кийинди да, машинасын шашылыш чакыртты. Чилденин түшүндөгү узун түндү беттеп, областты көздөй жөнөп кетти.

Балтабаев үйүнө кайра таң ата келип түштү. Тез чечинип жатып, бир-эки саат чырым этүүгө үлгүрдү.

Бозуланов убадасы боюнча саат онго жете келди.

Чогулуштун башталышына али бир саат бар экенине карабай, эл дуулдап топтолуп калган эле.

Бозуланов контора алдында турушкан колхоз активдери менен саламдашты да, анан түз эле Балтабаевдин кабинетин көздөй басты. Анын артынан Алдосов, Балтабаев, Чокоевдер ээрчишти. Бир аз ал-жай сураган соң, Алдосовдон башкасын сыртка чыга турушун эскертти.

Бозуланов сары кыргак көз айнегин мурдунун үстүнө илип, анан Алдосовдун жүзүнө бир ирмем тигиле түштү.

— Кандай өтүп жатат чогулуш?

— Сын, өзүн-өзү сыноо мүнөзүндө курч өтүп жатат.

— Курч дегениңиз кандай?

— Бар, же жок дегенге чейин жетип атышат.

— Түшүнбөдүм,— деп Бозуланов ийнин кысты. Чын эле түшүнбөдүбү, же мугамырландыбы, ажыратуу кыйын эле.

— Мурдагы колхоз башкармасы мындан ары иштей алабы, же жокпу дегенге чейин жетип атышат,— деди Алдосов.

— «Сүйлөгүлө, сындагыла» деп сиз өзүңүз тукуруп отурсаңыз эреркийт да алар. Сиз жетекчи боло туруп, минткениңиз жакшы эмес, жолдош Алдосов. — Бозуланов стол үстүн калеми менен тырс эттире бир койду.

Алдосовдун саал тырчый түшкөнү шапалактай жүзүнөн байкалып турду.

— Колхоздук демократия деген бар, ага кысым көрсөтүүгө акым жок, Токтор Бозуланович.

— Массага партиялык жетекчилик деген болушу керек. Ар бир ачык ооздо мүмкүндүк бере берсек болобу?

— Партиялык жетекчилик дегенди мен өзүмчө түшүнөм. Элдин эркин кысып, чогулушту томолотуп-жумалатып бүтүрүп кое албайм.

— Анда сиз ачык ооздордун сөзү менен Балтабаевди алып коеюн дейсизби? Бизде андай сөз болгон жокко?

Алдосов катуу ички сезимден тиштигип, араң сүйлөдү:

— Бул жерде эл бар — элдин өз ою бар!..

Бозуланов кыжырдана чарт эттире күкүрт жандырып, сигарет тарта сүйлөдү:

— Жолдош Алдосов, биз ачык ооздордун эмес, мамлекеттин кызыкчылыгын ойлошубуз керек.

— Экономиканын закондорунун бузулуп аткандыгы жөнүндө сөз болуп жатат. Көз боемочулуктар жөнүндө сөз болуп жатат. Булар да мамлекеттин кызыкчылыгыбы?

— Айтылган жалган сөздөрдүн баарына ишене берүүгө жарабайт. Сиз менен биз кыраакы болууга милдеттүбүз, жолдош Алдосов.

— Жалган экенине ишениминиз барбы?

— Бар! — деди Бозуланов токтолбой. — Акыл менен жыйынтык чыгаруу керек. Планын толтуруп атабы? Толтуруп атат.

— План эле болсо, болду дегизчи?

— Ал азбы?

— М-м,— деди Алдосов кичине денесин жай алып ордунан туруп,— бул маселеде биздин ойлорубуз эки башка...

Бозуланов алиги оюн улай берди:

— Колхозду көтөрдүбү Балтабаев? Көтөрдү!

— Чарбалар көтөрүлгөн, азыр бул колхоздон алда канча мыкты колхоздор толуп атат. Бул өсүүлөрдү мен айрым адамдардын гана кыйын уюштуруучулугунан деп эсептебейм, эң негизгиси — биздин социалисттик айыл чарбабыздын өнүгүшүнүн тууралыгынан деп түшүнөм!..

— Анда жок кылалы Балтабаевди? Бирок партия кадрларды мамлекеттин алтын фондусу деп эсептейт, жолдош Алдосов.

— Ал талашсыз. Балтабаев мыкты чарба жетекчи болгондугу да талашсыз. Мыкты дыйкан экендиги да талашсыз.

— Мойнунузга алат экенсиз го.

— Алам. Бирок анын жеке дыйкандык инстинкке таянган жетекчилиги моралдык-материалдык зыяндарга түшүп жаткандыгы да талашсыз.

— Кечээ жакшы эле, бүгүн тушоо дегизчи?

— Кечээ алакандай кичине колхоз болучу. Балтабаев топтой тегеретип ойноп башкарган. Үч миң гектардан ашуун пахта эгет азыр. Ондогон миң мал... жүздөгөн техника... ондогон жогорку билимдүү адистер... Бүгүнкү шартта мындай татаал чарбалыкка жетекчилик кылуу гана аздык кылат. Экономиканын илимий

негиздерин билүүгө милдеттүү. Андан тышкары саясы, юридикалык, маданий билимдерден да кабардар болушу керек.

— Эмне, ал юрист болуп, бирөөнү соттомок беле? — Бозуланов какшыктады...

— Колхоз демократиясын, ар бир адамдын укугун, анын мацызын жогорку деңгээлде түшүнө билиши зарыл. — Алдосов үнүн баса чыгарып айтты. — Байлык өндүрүү менен бирге, андан да жоопту нерсе — адамдарыбызды эртеңки зор максаттарыбызга тарбиялоо милдети турат. Бүгүнкү раис алыска карай билиши шарт...

Экөө тең бир ирмем токтолуп калышты.

— Кана, айтыңызчы конкреттүү сунушуңуздуу? — деди Бозуланов айласы түгөнгөндө.

— Менин конкреттүү сунушум жок. Бүгүн жыйналышты улантып, элдин кеңири пикирин угушубуз керек. Эл жыйынтыкка өзү келсин.

Бозуланов ордунан шарт туруп, алда качан өчүп калган папиросун печтин артына катуу ыргытып жиберип сүйлөдү:

— Жок! Андай анархияга шарт уруксат бербейт. — Анан Бозуланов саал кызуулануып сүйлөдү. — Жолдош Алдосов, сиз өз либералдыгыңызды таштап, сизге кандай тапшырма, чогулушту ошондой өткөрүп кетиңиз.

— Жок! Диктатордук кылууга акым жок. Анда чогулушту өзүңүз өткөрүп кетиңиз. Мен кеттим.

Алдосов чакан денесин тыкан алып, ордунан шарт турду да, пальтосун кийип, сыртты көздөй жөнөдү.

Бозуланов аны токтоткон жок.

Алдосов эшик алдындагы активдер менен кол алыша кайырлашып жатып, жайма-жай гана унчукту:

— Шашылыш иш менен кеттим. Чогулушка Бозуланов катышат. — Анан машинасына отуруп, төмөн көздөй жүрүп кетти.

Бозуланов эң мурун коммунисттерди чогултуп алып кеңешти. Ал баарын тилге келтире коюну болжогон эле, иш такыр андай болуп чыкпады. Коммунисттердин бир тобу өз пикиринде бекем туруп алышты. Ошондо Бозуланов башка амалга өттү: «Алиги коммунисттер өз ойлорун жазып беришсин, райондук бийлик атайын терең изилдеп, жыйынтыкка келет. Анан иштин жыйынтыгын ачык партиялык чогулушта талкуулайт» деп убада берди.

Колхоздун отчеттук чогулушунун аягы улантылды.

Эң кийин Балтабаев жыйынтыктоо сөзүнө чыгып, колхоздун алдында турган перспективаларын айтты. Көп убадалар берди. Аягында «андай-мындай деген сөздөргө кулак түрбөй планды аткаруу жөнүндө ойлонушубуз керек» деп жыйынтыктады.

Уюштуруу бөлүмүндө колхоздун башкармасынын эски составы өзгөрүүсүз калсын деген чечимге жетишишти.

Балтабаев үйүнө өзү жалгыз келип, төркү бөлмөсүндө көпкө чейин кыймылсыз жатты. Кечээ түнү уктай албай калгандыгына карабастан, бүгүн да көз жума албай койду. Анын козголгон ой жүгүртүүсү чүмкөнгөнүнө болбой иштей берди. Күтүүсүз жерден көтөрүлүп кеткен адамдардын түрүн көрүп, жүрөгү чыгып калган эле. Мындай болот деп ал үч уктаса түшүндө ойлогон эмес. Ал адамдарды өзү башкарчу эмес беле? Каалагандай калыбына өзү салчу эмес беле? «Эмне болуп кетти?»

Эгер дагы ушундай толкундар болуп кетсе, өзүнүн шыпырылып калышы мүмкүн экендигин кандайдыр бир ой чарпындысы анын эсине салып өткөндөй болду. Жүрөгүн солк эттирип коюшту. Ал бир аз соолуга түшкөнсүдү. Ошондо бир пас болсо да алиги коюлган доомат-тар жөнүндө ойлоду. «Эмне ушулар бир нерсе билип жатышабы, же тим элеби?» Адамдардын жүзү көз алдына тартылып турду. Алар ушунчалык бекем сыяктуу болуп кетти. Көпкө чейин селдейип бир калыпта жатты. Анан анын башында «Эмне үчүн мындай болуп кетти? Эмне үчүн алар баягыдай эмес?» деген суроолор туулуп турду. Бир заматта көз алдына Садыктын жүзү келе калды. Анын кыжыры ташып, бүткүл денесин сезими бийлеп, азыр эле алдына коюп, жооп издеген суроолору да унут болуп кетти. Көз ирмемде анын баягы кербездиги, баягы катуулугу жеңе баштады. Ал Садыктан үйрөнгүсү, анын айткан акылын туура болсо да укусу келбей турду. Өзүнчө жол табууга, чарбаны өзүнчө жетектеп барууга кудурети баягыдай экендигине ишеними көөдөнүнө жык толуп чыкты. Ал төшөгүнөн жеңил туруп, бөлмө ичинде аркы-терки баса баштады.

Үй ичи тыптынч. Бүт кыштак тыптынч уйкуда. Балтабаев Садык менен тил табам, башкаларга көрсөткөндөй таасиримди тийгизип, өз жагыма тартып алам деп жүргөн учурларын эстеди. Өзүнө-өзү кыжырлана сөгүндү. Кыжырдан тамагы ачуу даамданды. Эгерде ал Садыктын изин таап, андан кутулган болсо, калгандарын

тээ баягыдай эле «пө» деп колуна куштай кондуруп ништерин өз кыялында кадиксиз көрүп турду. Ошондон улам кечээ эле күнү эки буту бир өтүгүнө салынып, чилдеңин түнүп беттеп, таяныч издеп чапкан минуталары унут болуп, өзүн-өзү кандайдыр бакыбат сезип, алдыңан туш келген бүгүнкү абалдан сөзсүз жол таап кетерине кылдай күмөн санабай, ичтен жанып турду...

Түн терендеп баратты.

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

XXXI

Бактуу кыштактын тең жарымын күн чыгышты көздөй созулуп жаткан таш көчөдө түнкү коңур желди беттеп экөө жай басып бара жатышты. Алардын эч кимиси кайда барышарын бири-бирине сурашкан жок. Жайкы салкын кечте алда качанкыларды эске түшүрүшүп, ар кимиси өз ички оюна көбүрөөк көңүл бурушту эле...

Тургунай терең көмөкөйүндө алда качанкы бир эски, бирок жүрөккө жакын, ушунчалык тааныш, жагымдуу эски обонду угулар-угулмаксан кыцылдады. Анан бир куплетин жарым-жартылай угулар-угулмаксан айтты:

Абалап учкан жагалмай,
Асмандан жемин табалбай,
Алтын жаш өтүп баратат,
Айдарым соккон шамалдай...

Садыктын жүрөгү заматта кыймылга келип, көөдөнүндө, алда кандай бир нерсе пайда болуп, көңүлүн бир аз чөктүрүп, балким — күүгө келгендей бир абалга жеткирип таштады. Кыялы кандайдыр заматта алыска-алыска кеткенсиди. Өтүп жаткан бүгүнкү өмүрүн, бүгүнкү абалын ойлоду. Өзүн-өзү турмуштан жай таппай, өз бактысын таппай каңгып жер кыдырып жүргөн бир селсаякка окшоттуруп жиберди ал бир алдын. Буга чейинки өмүрү желге учуп, изсиз жоголгон жеңил баа буюмга окшоп, бирок кабыргасын эңшере кайыштырып турду. Өзүн тээ ай талаада сороюп жалгыз турган таш кемпирге окшотту: анын бүгүн эч кимге тиер пайдасы жок, алыстан учуп келаткан келгин куштардын канаты талыганы бир пас конуп тыныгып, кайра учуп кет-

кенин айтпаганда. Бирок ал таш кемпирдин турмушка, муундан-муунга айтар чоң кеби бар: кимдиндир кубаттуу, өнөрлүү колу жасаганын, бир кезде бул жерде күрдөөлдүү турмуштун болуп өткөндүгүн муундан-муунга кабарлап турат... «Ал эми турмушка менин айтарым эмне? Өмүр бою эңсегеним зор болуп келет. Мен өзүмдү өзүм алдайм, ана-мына дейм. Бирок убакыт өтүп атпайбы?.. Жеткеним эмне?..»

Ал тунжурап үнсүз басып кете берди.

Тургунайдын көмөкөйүндө угулган алиги тынчсыз обондун аягы басыла элек. Ал ушунчалык таасирдүү, ушунчалык ойго чакырган сыяктуу эле. Садыктын кыялын аргасыз тээ алда-кайда алып кетип жатты. Анын эсине жаштыгы, сонун чагы түштү, жүрөгү элжиреп, көөдөнүнө от жагылып чыккансыды. Садыктын азыр эле салмактангансыган көңүлү жарык тартты. Өзүн дал ошол чагындагыдай жеп-женил, шамдагай сезди. Азыркы абалын ушул түн карангылыгынын арасында кайдайдыр романтика менен поэзия кылып элестетти. Тургунай да анын көзүнө делбиреп, шамдагай, жап-жаш көрүндү. Азыр анын колунан шап алып, тээ баягысындай түндү беттеп, жолсуз талаалар менен көзү кай жакты караса, ошол жакты көздөй жүгүрүп кете бергиси келип кетти. Чоң арыктардан илинбей секирип өтүп кете бере тургандай, бир белгисиз кубат денесинде кайнап чыккансыды. Жүрөгү элеп-желеп туйлап кетти. Тээ баягысындай эркелеп, бир нерсе деп сүйлөп жибере жаздап, өзүн араң аптыгып токтотуп турду. Тургунайдын азыркы абалында кадиксиз дал өзүнүкүндөй элестетип, ошондон улам:

— Тургунай,— деди тамагы буула түшүп,— мен бир укмуш болуп турам.

— Кантип? — деди Тургунай көмөкөйүндөгү кыпылдаган обонун токтотуп.

— Мен азыр экөөбүздү баягы Арстанбаптын токой түпүндө жүргөндөй элестетип турам... Өпкөм толуп баратат...

Тургунай ырын да, кадамын да тык токтотуп, катар келаткан Садыктан өз денесин оолактата берип, үнүн бир аз калтыраңкы чыгарды:

— Ошону айтпас бекенсиң дедим эле. Кудай жалгагыр, экинчи айтпачы, суранам...

— Эмне үчүн?

— Суранамын, эми кайталабачы... — Тургунай тамагын бууган күчтүү сезимден араң айтты.

Анан экөө тең үнсүз басышты.

Садыктын бүт тулкусун бийлеп чыккан алигн көтөрүңкү абал суу сепкендей өчүп, өзүн ушунчалык чөгүнкү, андан улам көрүнүшүн, бүт абалын бир байкуш сезип, жаман абалга келди. Буттары да шалактап, бошоң шилтегенсип калды.

Автобус токтоочу жайда турушту. Түк үн катпай калган Тургунайдын жүзүндө кандай үрөй тургандыгын көргүсү келген Садык ага жүз бурду. Бирок карангылыктан эч нерсени ажырата алган жок.

Садык түнкү бош автобустун эң акыркы орундугуна отурду.

Көп өтпөй өзүнө карата кыжырданууcу ташып чыкты. Өз оюн ичтен кыйналып улантты: «Мени кандай жеңил сезим бийлеп кетти? Мен эмне үчүн капкайдагы унут болгон нерселерди айта салдым? Бир кездеги анын таза сезимин бүгүн мыскылдагым келди беле? Же анын чындыгына анда ишенбей, бүгүн кечигип, куулук менен кайра текшерейин дедимби? Ансыз да ал ошол кездердин ар бир минутасын эске түшүрүп турган жок беле? Ал сезимдер биз үчүн өмүр бою унутулбас, жүрөктүн толтосуна баткан кайгылар болуп калган эмеспи? Аларды кайра-кайра эске түшүрүү ал үчүн оңойбу? Болгондо да бүгүн, көп-көп тунгуюк жылдардан соң, бири-бирибизге колубуз жетип, бирок жүрөктөрүбүз такыр кошула албай, тосмолор менен бөлүнүп калган шартта... ушундай да жеңил ойлук кылambы?

Ырас эле бүгүн отурдук, бирок жүрөк сезимдерибизге байланышар сөздөрдөн сүйлөшө алганыбыз жокко. Мунун өзү да ошол оор себептерден эмеспи?... Болбосо Тургунайдын жүрөгүндө не деген сырлар — биз күтүүсүз ажырашып кеткенден кийинки сырлар жатпады беле? Бирок эми алардын баарын бири-бирибизге сырдашып айтып бере албайбыз да... Ага карабай мен буга экинчи жолу келип отурам. Эмне үчүн антем?.. Болду, болду... Мен эми жеңил баалыкты таштайын. Тагдырларыбыз түбөлүк башкача чечилип калган. Ал эми тим эле жеңил ойлуктарга барышыбыз түк мүмкүн эмес. Андай кадамдар Тургунайдын табигатына туура келбейт. Кош, мени алдаган сезимдер... Мен эми силер менен түбөлүккө кош айтышууга аргасызмын...»

XXXII

Сыртта суук бети колду жалмалап, кечиккен кыштын эң акыркы каары чамынып турганына карабай, колхоз дворецинин эшигинде адам котолоп көп эле. Жаркыраган кең терезелердин түбүндө кеп тыңшаган адамдар кыймылсыз катышат. Кимдиндир үнү күңүрт угулат. Мында колхоз коммунисттери менен активдери бүт катышкан партиялык ачык чогулуш өтүп жаткан болучу.

Председателдин кабинети кең, жарык. Элүүдөн ашуун адам бар эле.

Ар убак Балтабаев отуруучу орунда жумуруланып көрүнгөн Черик Чокоев. Андан ары президиумга шайлангандар, дагы башкалар... Эң четки столго жапырыла обөктөп, такыр көзгө түшпөстөй комсоо кейипте — Балтабаев.

Чогулушта коммунист Садык Балбаковдун иши каралууда. Ал узата коюлган столдун президиумга теке мандай учунда отурат. Ичине жык толгон күчтүү сезимдерден кан тамырлары чытырап, жүрөгү соккон сайын канынын жүрүшү кулагына «шуу-шуу» этип угулуп жатты. Дал ушунун «шуу-шуу» этиши адамдардын дуулдаган үнүнө окшоп кетти. Ооба, Садык дал ушундайча уккан — колхоздун жылдык отчеттук чогулушунда уккан...

Бирок азыркы уу-чуу кан тамырынын күчөнүп согушунан угулган шоокум эле.

Садыктын ушунчалык оор абалда экенин тээ жогорку бурчтан Алима даана байкап, кандайдыр тунжураган абалда отурду. Ал азыр терим туурасындагы өзүнө карата мурда айтылган Садыктын сөзүн жактырбай отургапын, же болбосо тигинин атына карата үстөккө-босток айтылып жаткан «Бузуку, ушакчы, эл бузар, коммунистке татыксыз...» дегендерден улам аны аяп отурганын ажыратуу кыйын эле.

Сөз арасында бөлмө ичи тунжурап тынч. Анда-санда угулган кыска жөтөл, орундуктун кылдырт эткени болбосо, баары ыгып калгандай.

Жылдык отчеттук чогулуш кезиндеги Бозулановдун убадасы боюнча комиссия тарабынан текшерүү иштери жүргүзүлдү: айрым адамдар түшүнүк каттар жазды, айрым адамдар суракка алынды... Бул ишке Бозуланов тике жетекчилик кылды.

Эң биринчи сөздү Чокоев баштады. «Райком менен бирдикте Балбаковдун катын текшергенде, айткандары

ушак чыкты. Жазгандарынын көбү такталган жок. Алар Балтабаев аксакалдан тарта, биздин айрым адамдарга көө сүйкөөнү максат кылып коюшкан» деп жалпылап билдирди.

— Жолдош Чокоев, туура информация кылыңыз,— деди Садык өз ордунан унчугуп,— биздин максат аларга көө сүйкөө эмес, Балтабаевдин жетекчилигиндеги айрым кемчиликтерди, алардын моралдык-экономикалык, социалдык зыяндарын туура түшүнүүнү сунуш кылганбыз.

— «Кылганбыз» деп башкаларды кошо тартпа! — деди Балтабаев катуу унчугуп,— алар жөн эле жүрүшкөн буга чейин!

— Макул. Бирок мен аларды сизге окшоп коркутуп көндүргөн эмесмин.

— Бузбаңыз, Балбаков! Сөз алып сүйлөңүз,— деди Бозуланов.

Черик Чокоев ынтыгып дагы сүйлөдү.

— Эң аягында Балтабаевди эл көзүнчө маскаралоого аракеттенген — муш көтөрүүгө чейин барган. Колун кокустата жаздаган. Тизесин сыйра тепкен. Буга мен күбөмүн, раистин шоферу күбө. Мына доктордон алган справка да бар! Кантип чыдоого болот, жолдоштор? Чындыкты сот алдында айтып беребиз!

Отургандар бир аз козголуп, күүлдөй түшүштү.

— Качан? Качан? — деди кимдир бирөө.

— Мурдагы жылы,— деди экинчиси. Бурч жактан күлкү угулду.

— Буга чейин неге үнсүз жүрдүңөр? — деп сурады үчүнчүсү.

— Кошомат кылып жүргөн! — деп шашпай айтты Камилжан.

— Оозуна карап сүйлө.

— Кошоматчы! — деп кошумчалады бирөө күнкүлдөп.

— Ким бу? — деп мойнун созду Балтабаев.

— Жалганбы? — деп тактады Садык отурган жеринен козголбой.

— Көргүлөчү, жолдоштор,— деди Чокоев,— ушундай да коммунист болобу? Коммунист деген раистин сөзүн «кыцк» этпей угуш керек, мойнундагы милдетин өл-тирил аткарыш керек. Аныз коммунистиги кайсы?

— Коммунисти мен андай сокур деп түшүнбөйм!

— Мына кимдигинди өзүң да билет экенсиң го,— деди Чокоев сөз улап,— Мен Балбаковдун партиядан токтоосуз чыгарылышын сунуш кыламын!

— Туура, айланайын Черик, мен партия болбосом да

сага кошулам,— деди кире беришгеги дарбазанын артында отурган кара сакал Муса колун сунуп, ордунан умтулуп тура калды. — Ушу бузуку мени да Байдылланын алдында жүзү кара кылды. Илгери Байдылла баатыр болгондо сиз звеновой экенсиз, канчадан түшүм алгансыз дегенинен 12 ден деп чынын айткамын. Кийин муну Байдылланын үстүнөн материал кылыптыр. Мына эми Байдылла да кыжалат, мен да кыжалат. «Токтот комбайнды» дегенинен токтотуп коюп, уполномоченге да уят болдум,— деп Муса бери обдулуп сөөмөйүн Садыкты көздөй кылычтай бергенде, барк дей түштү Миңбайдын үнү төр жактан:

— Тарт колуңду, арам сасыткы! — Кызып кеткен Муса башына карс этип таяк тийгендей, кетенчиктен барып ордуна отуруп калды да, атасына катарлаш Байдылланын түйүлүңкү кабагына көзүн бир чалынта, жер карады. — Сен качан өз башың менен болор экенсин?..

Миңбай көзүн чанагынан чыгаардай чачырата Мусага тигилип, кыркма сакалдуу ээгин өйдө көтөргөн калыбында калчылдап турду.

— Отуруң, отурун! — деп Балтабаев анын кабыма чапанынын этегинен тарткылады. Бирок ал тез отура койгон жок.

— Сунушуңузду айтыңыз,— деди Балтабаев Миңбайдын кулак түбүнө кобурап. Миңбай токтолбой жооп берди:

— Шашылып жыйынтык чыгаруунун кереги жок. Канчасы жалган, канчасы чын экенин билбеймин. Бирок менин оюмча, Садыктын аракети ак, нээти ак. Балким, жаңылышып аткандыр, бирок аракети — элдин пайдасы. Жыгачты кармаган эле жеринен сындырганыбыз жарабас. Ойлонушалы. Чычалап беттен ала бербейли. Менин сунушум Балбаковго эскертилсин. Өз катасы болсо ойлоп көрсүн. Башкалар да жекелеп демите бербей, өз баш-аягына караганы оң...

— Ана уши тогри,— деди баятан үнсүз отурган Мамажан-Бува.

— Туура,— деди үн наркы бурчтан. Балтабаев көз кыйыгын таштап, бирок андан үч-төрт кишинин кимиси айтканын ажырата албай калды.

Бул кубаттоого кыжыры келип кеттиби, Бозуланов ордунан жай тура калып, акырын сүйлөй баштады.

— Силер эмне үчүн күмөнсүйсүнөр? — деди ал каргыл үн менен Тагай жакка тигиле. — Атайын комиссия текшерди... Кат ушак чыкты. Дагы эмне керек силерге?

Чокоев залдагыларды карап, бир кыйла туруп калды.

— Партия,— деди ал сүрдүү баштап,— өз ичиндеги бузук элементтер менен эч качан келише албайт. Алардан ар убак тазаланып турабыз. Партияда бирдик болушу керек. Жогортон болгон буйрукту төмөнкүлөр аткарууга милдеттүү.

— Партиянын бирдиги жөнүндөгү ал ойду мен башкача түшүнөм. — Садык муну Чокоев дем тарткынча айтып таштады.

— Анда дагы жаз? — деди Чокоев кекетип.

— Жазабыз! — Тагай обдулуп тура, кайра отурду.

Чокоев эмне дээрин билбей туруп, анан катуу айтты:

— Жолдош Пирматов, сиз парткомдун орун басары боло туруп, чогулуштун агымына каршы турганыныз кандай? Жоопкерчиликти сезесизби?

— Бул чогулуштун агымы эмес, айрым адамдардын каалоосу!..

— Мына, колго салып көрөбүз,— деди Чокоев өз ишениминен кайтпай.

— Колго салуудан мурда маселени түшүнүү керек сага...

— Маселе түшүнүктүү... — деди Черик өчөшө жыйынтыктап.

— Сен үчүн ошондой... Сөз башкалар жөнүндө...

Садык эми жаагын бекем тиштеди да, өз ички ою менен болду. Чокоевдин сөзүн бирин укса, бирин уккан жок. «Тагайга катуу сөгүш» деген фразасын гана кулагы чалып калды.

Чокоев сунуштарды колго салып жатты.

— Балбаков партиядан чыгарылсын!

Черик кыска колун өзү баштап көтөрдү. Бирин-серин аны ээрчиди.

— Кана, Шалпык, көтөр! — деди Черик буйрук берип.

— Буйрук бербе! — Шалпык адатынча корс сүйлөдү.

— Сен жаш коммунистсиң. Бул жерде чоң маселе...

Шалпык тигинин сөзүн бүтүрбөй катуу тийди:

— Чоң-кичинени мен өзүм түшүнөм.

— Болду! — деди Балтабаев Черикти кан буугандай токтотуп. Анан ал коопсугандай өбөктөгөн калыбынан өйдө болуп, өз колун бийигирээк көтөрө берди. Кол бирин-серин эле. Балтабаев чалкалай берип, бет мандайындагы топ кишиге бүркүт кабактана тигилди. Бири, анан экинчиси колдорун кулагына жакындатып көтөрө бериштн.

— Аали аке,— деди Чокоев,— колуңузду...

«Тарс» эттире столду алаканы менен бир чаап, Тагай тура калды. Эл жалт аны карады.

— Бул эмне деген зомбулук! — Ачуусунан Тагайдын бети кыймылдап кетти.— Ар ким өзү билип көтөрөбү, же зордойсуңарбы?

Балтабаев түк үн кошподу.

Кыжы-кужу кайра күчөдү. Кайрадан сунуштар... Түн жарымына такай барганда гана жыйынтыкка келишти: «Садык Балбаковго катуу сөгүш берилип, кызматынан бошотулсун» деген сунушка отуздай коммунисттин он беши кол көтөрүп, араң көпчүлүккө жетишти. Эки-үч киши калыс кала бериштп. Алардын бири Алима эле.

Нааразылыгы көөдөнүн тиреген Миңбай этегин кагынып тура калды.

Балтабаев «бир максатта» атайын коргоп чыгышынын натыйжасында, Тагай менен Камилжандар оозеки эскертилди.

— Бул жазанар туура эмес бизге,— деди Тагай ордунан туруп баратып,— Садыктын жазасы — биздин да жаза. Анткени биздин максат бир! Нааразылыгыбызды ачык билдеребиз.

Баятан үнсүз отурган Балтабаев өзүнчө күнк этти: «Иш ого бетер ырбады. Муну жөн кетириш керек эле, же белеттен ажыратып, тагдырын сот менен чечүү ылайык болчу...»

XXXIII

Садык үйгө бошоң басып киргенде кичинекей сары Самат алда качан уктап, Айнура идиш-аягын жыйнаштырып жүргөн эле. Айнура узун мойнун койкойтуп, Садыктын суз жүзүнө тике карап турду. Бирок ай тегерек ак жүзүндө баягыдай наар, ууртунда ар убак кетпес болор-болбос жылмаюу жок болучу.

— Эмне болду? — деди акырын унчугуп.

— Уккандырсың.

— Неге айтпадың түндө?

— Саат үчтөбү? Эртең менен ишке кетип калыпсың.

Айнура башка эч нерсе сураган жок. Печтин жанында бир далай катып турду да, анан демделген чайды столго койду. Өзү мандай-тескей үнсүз отурду. Садык тамагынан бир тиштебей, удаа-удаа бир нече чыны чай ичти.

— Жөн эле жүрсөңчү, сенин ишиң эмне деп канча

жолу айтпадым беле сага? — Айнура улутунуп акырын унчукту.

— Менден гана көрөсүңбү? Менден башка бирөө болсо да ушинтет эле, туурабы?

— Антпей-этпей эле жүрүшпөйбү?

Садык туруп калып унчукту:

— Мен анте албайм.

Айнура бир аз үнсүз отурду да, ичкери кирип кетти.

Көптөн кийин Садык да кирди. Айнура төшөктө бөйрөгүн бүлкүлдөтүп ыйлап жаткан эле. Үй ичи күндөгүдөй эмес, салкын да, томсоргонсуп да учурады Садыкка. Ал диванга оор чөгүп отурду. Көөдөнүн бир нерсе өйүгөнсүп, салмактанып турду. Көңүлү ушунчалык чөгүңкү тартып, бакалоорун улам бир нерсе бууп калгандай туюлуп, Айнурага кошулуп ыйлагысы келгенин аран токтотуп тиштенди. Айнура башка убактарда да кээдекээде ушинтчү. Жаңыдан үйлөнүп аскерде иштеп жүргөнүндө да ата үйүндө эрке өскөн Айнура эки күндүн биринде «сагындым мамамды» деп көмкөрөсүнөн түшө, бөйрөк кагып ыйлап жатып алганда, көзүнө жаш какпактап кетип, анан аны так көтөрүп ала коючу. Жалбарчу. Айнура чала күлүп, чала ыйлап басылчу, эркелечү. Ушинтип эркелегиси келчү. Азыр антип жеңил максатта ыйлап жатпагандыгын билип тургандыктанбы, аны эркелеткиси да, көз жашын тыйгысы да келген жок. Анын ыйына өзүн айыпкер киши катары сезип, өзүнчө сынып, ичтен чөгүп отурду. Жүрөгү тилинип жаралануу жатты...

XXXIV

Түштөн кийин Тумалай менен Садык конторадан бирге чыгышып, көчө менен жогору көздөй басышты. Акыры Тумалай өзү жалгыз үйүнө баштап кирди.

Үй ичинде жалгыз кровать. Буюм-кечелер жайсыз үстөкө-бостон жатат.

— Жеңе кайда? — деди Садык.

— Жеңеби?.. — Тумалай ойлоно түшүп, анан көңүлсүз айтты. — Жеңең да болгон бир кезде... Бирок турмуш деген каардуу нерсе бакыт-тынчтыгыбыздын баарын талкалап кеткен. Мени тээ алыскы муз деңизинин жээгин көздөй ыргыткан. Жеңең болсо, сыз бөлмөлөрдө жатып, анан тиги дүйнөгө...

— Ой бул эмне деген табышмагыңыз, Тумалай аке? Ар убак эле өзүңүз жөнүндө сурасам, тумандатып кетесиз, түшүнө албай калам, бирок кызыгам.

— Садык ука,— деди Тумалай башындагы тумагын эми жерге алып коюп, үшкү башын соксойтуп, боз чалган көзүн кыбындата.— Аны кой, кийин угарсың. Укканда сен суктанар өмүр баяным жок. Андай өмүр баянды кудай сенин башыңа салбасын...

Садыктын кызыгуусу ого бетер арта түштү.

— Ошентип эч нерсени айтпайм дединзчи?

— Анын азыр кереги жок... — Тумалай колун терс шилтеп койду.

Бир аз дым болуп, сөз буула түштү. Тумалай кичинекей самоварында кайнаткан чайын апкелген соң, жай ичип отурушту.

— Эми, Садык ука, мындай иш болуп калганы — сени ишинден бошотуп коюшканы,— жуда жаман болду,— деди Тумалай туюк сүйлөп, бирок анын сөзүнүн маңызы түшүнүктүү эле.

Садык буга сөз кошкон жок.

— Мейли, эми, өткөн ишке өкүнүч жок дейт. Быягын ондоп кетсең болгону.

— Кандай дейсиз? — деди Садык биринчи жолу суроо берип.

— Кетирген катачылыктарды мындан ары...

— Кетирген катамды ага катары жашырбай айтыңызчы, Тумлай аке? Угайын, ойлоноюн. А өзүм ката кетиргенимди билбей жатам.

Садык абдан кунт коюп калды.

— Ката болуп деле эмне дейсиң, жаштыгың-мастыгың,— деди Тумалай кайра жалтайлап. — Быягын ондоп кетсең болгону...

— Кандай? Ачык айтпайсызбы?

Тумалай бир ирмем үнсүз токтоло калып, анан кобурады:

— Мен сага, укам, башта эле айтпадым беле. Райстин саксан прасант айлыгын аласың. Үй-жайың, балачакан бар. Тынч иштей бербейсиңби? Айтмакчы, алиги диссертацияны жазамын дейсиң, тынч жаза бербейсиңби, эмне кереги бар эле сага ушу кооганын?

Тумалай оюн бузбайын деп, Садык үнсүз отурду.

— Дагы эле кеч эмес,— деди Тумалай арык колун Садыктын мурдуна жакындата шилтеп,— сен койдум десең, кутуруп кетиптирби Балтабаев, ал деле коет. Кыжыкужунун эмне кереги бар, укам? Көчүгүп кыскан бай болот дейт кыргызда. Азыркы заманда жөн жүргөндөн жакшысы жок: «Элиң бөрү болсо — бөрү бол да, түлкү болсо — түлкү бол»,— деген сөз бар. Ошентип жашоо

керек азыр. Ошондой заман бүгүн. Антпей баш көтөрсөң, башыңды былчыратып коёт.

— Тумалай аке,— деди Садык чыдай албай, бирок өзүн басып акырын,— мени антип коркутпаңыз. Мен коммунистмин! Айкын идеалга баш урганбыз. Миллиондогон элдин ишеними ошондо турат. Миллиондогон акылдуу, карапайым адамдар ошо деп кан төккөн. Алардын бүткүл күрөшүнө чыккынчылык кылып, ишке сиз айткандай мамиле кылган болсок, эмне болор эле? Бүткүл тарыхыбыздын жүрүшүнө эки жүздүүлүк кылган болбос белек?

— Шарт өзгөргөн,— деди Тумалай колун силкип,— жаңы шарттын агымынан калбай, эптеп кардың токпу — алиги биз айтып жүргөн коммунизм деген ошо.

— Коюңуз, Тумалай аке, мен ал сөзүңдү уккум келбейт. Мен коммунистмин. Ал идеалыман тайганым жок.

— Э айлнайын, мен коммунистмин дегениң таң калтырбайт. Куулук, шумдук ошо коммунисттериңен чыккандын көрүп жүрүп, чачым агарып баратат, укам,— деди Тумалай үшкү башын экчеп. — Өз айланабыздагыларды эле карачы...

Садык тиштенип, сөз айта албай туруп калды.

— Мына,— деди Тумалай токтолбой сөз улап,— эң кыйын болуп эл башкарып жүргөн коммунисттериңи эле ала коелу: бирөөнү кызматка көтөрүш үчүн, же сөзсүз таанышы, болбосо уруулаш тууганы, же досу, болбосо досу телефон шыңгыратып дайындаган киши болуш керек. Же болбосо, ага бир ортому аркылуу пара берилген болууга тийиш... Өз оюна өзү тың, башы иштеген кишилер ар кандай коммунист начальнигине жагабы? Жок! Ага үч бүктөлүп турган кошоматчы, же ушак-айың ташып, тыңчы болуп берген киши кымбат. Ошолорду көтөрөт, өзүнө орунбасар кылат.

— Тумалай аке,— деди Садык анын оюн бузуп жиберди,— баары ушундай десеңиз, кудайга жагабы? Андайлар да бар, бирок да...

— «Бирок да» имиш. Ха-ха-ха. — Тумалай токтоло калып, анан колун шилтеди: — А, эсиңде барбы баягы?

— Кайсы?

— 24-формачы?

Садык унчукпай калды. Жаңыдан эле келгенде, мал чарба бухгалтери ооруп калып, Садык экөө анын ордуна барып мал чарбачылыгынын үч айлык абалы боюнча отчет тапшырып келишкен.

— Ошондо өзүң да бар элең. э? Райкомдун биринчи

секретары Бозуланов баш болуп, беш-алты райондук белдүү жетекчилер отурду. Отчетубузду кабыл албай, бир саат аягыбыз менен тик тургузушту го. Өлүп кетип кемип калган 5—6 уйду, 3—4 жылкыны, 20—30 койду жерден чукуп болсо да азыр табасынар деп, эшикке айдап чыгыштыбы. Эсинде, э?

Садык унчукпай баш ийкеди.

— Өзүң айтчы? Эмне болду анан? И? Чайканада отура калып, отчетту кайра толтуруп жаздык. Азыр эле ондоп келгенибизди билип турушса да, райондук жетекчилерибиз ыраазы болуп, отчетубузду кабыл алыштыбы? Мен ошондо эле каткырып күлүп, таң калба, көптү көрөсүң дегемин, э?

— Дегенсиз. Бирок ал биздин Бозулановдун иштегени да. Коммунисттер деп баарын ага теңеп-согуп салганыңыз болобу?

— Ой, Бозуланов жалгыз эле бизде дейсиңби? Азыр ар бир райондун Бозуланову бар. Күпүлдөп буйрук берет. Буйругу оңбу-терспи, аткарышың керек. Аткарбасаң, мойнуңду толгоп сындырат: эч кандай конституциялык укугуң, закондор анын буйруктары алдында тыйынча турбай калат.

— Мен ишенимдеримен, идеалымдан али тайыганым жок. Мен сиздей болуп түгөнүп кала элекмин...

Тумалай жасалма жылмайып, Садыкты тиктеген бойдон, шиш башын ийкендетти:

— Укам, мен да сендей жаш болгонмун. Менин да оозуман жалын чыккан. Комсомолдун райондук комитетинин секретары болгомун, партиянын мүчөсү болгомун... Ленин айткан адилеттике ишенгемин. Ал үчүн күрөшкөмүн. Бирок баарын кийин түшүндүм: ал Ленин айткандай болбой калган экен...

Садык Тумалайдын бул оюн кандай түшүнүшүн билбей калды.

— Ал эмне дегениңиз? Биз ошол Лениндин ишин улантып айтпайбызбы?

— Мен да ошентип ойлогом өз учурунда...

— Анан?

— Анан... Андай болбой калган экен... Акыйкат аракеттерим үчүн башым балчыранды — баарынан ажырадым: билетимден да, үй-бүлөмдөн да, идеалымдан да...

Садык бул табышмактарды таамайлап баалай албай, Тумалайды жактырбай басмырлады:

— Идеалы жок адам сиздей болуп калат — коркок болуп калат...

Тумалай башын мыскылдуу ийкендетип унчукту:

— Сен батырлык кылып кыйраттың го! Али дагы көрөсүң.

— Мен сенден жийиркене баштадым,— деди Садык «сенге» өтүп.

— Ал эмне дегениң? — Тумалай сестене түштү. — Мени кордобо!

— Маңгытсыз, далилсиз сөздөр менен баш ооруткан адам экенсиз.

— Сага далил эле керекпи? — Тумалайдын көздөрү жалтылдап кетти. — Мына сага далил!.. — Ал эки башбармагын тандайына сала коюп, бүт тиштерин тандайы менен кошо сууруп алып, өпкө түстөнгөн мала кызыл жасалма тиштерин Садыктын тумшугуна сунду. Садык чочуп кетип, өз башын артка тартты.

— Ой, Тумалай аке, бул эмнеңиз?

— Сен далил керек деп атпайсыңбы. Муну мен сонундукка салдырып алган дейсиңби? — Анан ал тырмактары быртык-тыртык бүткөн манчаларын сунду. — Бу тырмактарды мен ташка кыпчытып, анан түшүрүп алган дейсиңби?..

— Түшүндүрө айтсаңызчы, мен эч нерсе түшүнбөй жатам.

— Түшүнбөгөн дүлөй сезим адамга түшүндүрүп отургум келбейт.

Тумалай ордунан шарт туруп, этегин кагып, басып кетип калды.

Садыктын санаасы санга кетип, таш болуп отуруп кала берди.

XXXV

Эртеси Садык Бозулановго кирди. Өз ишинин эртерээк каралышын өтүндү. Ал абдан официалдуу, ушунчалык маанилүү жана көп иштерден баш көтөрүүгө болбой тургандай түр менен сүйлөштү:

— Чыдай тургун. Азыр баш кашырга чоло жок. Чигит эгүү кампаниясы кандай саясы кампания экендигин билесиңби? Бюро мүчөлөрү баары колхоздорго уполномочен болуп кеткен. Мен да өтө зарыл иш менен бир паска гана келе калдым. Азыр конторада отуруу кайда?..

Бозулановдун сөөктүү кара жүзүн карап туруп, ичиндеги эч кандай сырын окуй алган жок.

Парткомдон чыккан соң Садык көчөнүн боюнда шалдайып туруп калды: обкомго баргысы келди арыз-

данып. Бирок мында бир жаңсыл болмоюн, кандай натыйжа? Ал азыр карыган апасын, атасын эстеди. Аларга анча-мынча тыйын-тыпыр, чыт-чыбыр алып жөнөтүп койгонун айтпаганда, көп жылдан бери иш деп карбаластап жүрүп, кээ-кээде гана жүз көрүшүп калгандарын эстеди. Ал бир ирмемге да ыргылжың болбой, ошол жакка жүрүп кетти.

Өрөөндүн түгөнүшүндөгү поселкага чейин автобуста, анан кээде жөө, кээде учураган машиналарга кол көтөрүп, Садык күн бата өзү туулуп өскөн, мындан көп жылдар илгери балапандын сыңары канаты жетилип, учуп кеткен кыштагына кайра келди. Паныз чырактан үй ичи күңүрт жарык болуп, дубалдар бери кысып тургансып, тар көрүнсө да, оокаттын буусу аралаш жылуу жыт алда качан унутулган эски ырдын кайрыгындай, көңүлүнө кандайдыр жагымдуулук туудуруп турду. Саал эниш тарта баштаган куба жүлүн, арык кемпир баягы адатын дагы эле коё бербей, уулунун башынан бир аяк суу айлантып чачып, жалынып-жалбырып өпкө-жүрөгү менен чабылды.

— Айланып кетейин. Садаган кетейин. Өпкөмү чабайын,— деп жалбарды. Апасынын бул сөздөрүнөн улам Садык өзүн бала — бир кездегисиндей сезип кетти бир алдын.

— Тентегин, зайыбың жакшыбы?

— Түзүк.

— Ошону ала келсең боло? Бизден таптакыр жат өсүп калды. Бөтөн болуп калды.

Атасы эсен-соолуктан башка кеп-сөзгө өтпөй, кемпирине кезек берип, үнсүз отурду. Балбак чалдын, негедир, Садыктын ар убак көңүлүндө жүрчү быжыгыр кара сакалдуу, иштерман учуру алыс кетип, мүнөзүнөн уламбы, тез агарган сакалы уйпаланып, баш сөөгүнүн кежигеси кержейип, шили тамырлары даана тартылып билинип турган эле. Кылдары жооноюп өсүп кеткен кашынын алдындагы эзелтен саргыч кичине көздөрү соолуп бараткан чолмоктогу суудай араң эле үлпүлдөп, боз чалып турду. Эти шылынган кичирээк бет сөөгү кылычтай кырдуу тартат.

Атасы менен энесинин чындап карыгандыгын Садык астыртан тиктеп, өзүнчө кабыргасы сөгүлүп отурду. Көр оокат, милдет деп жүгүрүп жүрүп, ушуларды көңүлүнө аз алгандыгын эстеди. «Ырас, кээде анча-мынча тыйын-тыпыр жөнөтүп коем. Ушу кары адамдарга ошол эле жетишеби? Балалык мээрим, урматчы? Жылуу сөз, кай-

ратчы? Көңүлүн көтөрүү, дагы-дагы толуп атпайбы? Ата-эненин баладан көрөрү тыйын элеби? Жок. Жок, алардын күтөрү ушунчалык көп...» Садык бул ойлоруна эч айтар жообу жок. Ич-ичтен тынып үнсүз эле.

Андан-мындан сөз козгоп отурушту. Атасынын мүнөзүндөгү жаңы өзгөчөлүктү байкады: дыйканчылык жөнүндө, жерге, малга байланышкан бир нерселер жөнүндө бериле сүйлөшүп отурушту.

Садык эр жеткенден атасы менен маанилүү нерселер жөнүндө пикирдешип отурганы ушул. Болбосо ал атасы жөнүндө ойлогондо бир караңгы, иште деп койсо анын эмне экенин ойлобой иштеп жүрө берер бир бечара момун катары көрчү. Ал адамдын билими жөнүндө ойлосо, китеп окугандыкты көз алдына тутуп, али да кээ бир маселелерге бир жактуу пикирде жүргөндүгүн ичтен мойнуна ала отурду.

— Атаңдын көрү,— деди чал кыжырданып жер муштап,— ушул трактирдан, комбайндан берип, айда каалашынча, кандай кылсаң андай кыл, мага да бер деп койсо, кызылды тоо кылып ийбесем, атаңа наалат десечи...

Садык күлүп жиберди, атасынын илгерки жекечил, дыйканчылык сезими али да кайнап тургандыгын көрдү. Ал атасынын бир нече жыл колхозго кирбей, өкмөттөн өзүнчө милдеттенме алып, өзүнчө эгин тапшырып, кандайдыр, саясы себептер менен үч күн, же беш күн ичинде бир нече жүз пуддаган эгиндер тапшырып кутулуп жүргөндүгүн, болбосо камалаары эскертилген күндөрдө да, уй, торпок, эшектен өйдө теминге кошуп, тебелетип жанчып, кутулуп кеткен учурлары жөнүндө айтчу. Чал муну дайым айтып, аны менен өзүнүн дыйкандыгына сыймыктангансып калар эле.

— Эми деле жер тигине, ошентсеңиз болот да,— деди Садык.

— Балам, азыр заман башка болуп калбадыбы,— деп койду чал,— бир жагынан ал кубат кайда? Мен ушундай техникаң туруп, кызылды күрөп алалбаганды-гыбызды айтам да...

Карапайым чалдан уккан бул сөздөр Садыктын кулагынын жанынан жанып өтүп кете койгон эмес, ал бул ойду көп жолу кайтарып эсине салган.

Садык өзүнчө мына мындай ойго келди: «Адам тарыхын окуп отурсаң, дыйкан кылымдан кылым жер үчүн күрөшкөн. Керек болсо сел кылып агызып жүрөк каның да төккөн. Бирок төгүлгөн кан алардын эңсөөсүн токтотуп кое алганбы? Жок. Эч качан токтото алган эмес.

Дагы чыккан андан да өжөрлөнүп... Совет бийлиги дыйкандарды кубаттуу айыл чарба техникасы менен камсыз кылды. Ушуну менен баары жайында болуп калдыбы? Жок... жок. Бул маселеде көп нерсе түшүнүксүз. Айталык, тээ узун жондун буудайы быйыл жакшы түшүм бербей калса, мындагы дыйкан, маселен, Парман, же Ормон, болбосо атасы Балбак боор этин тилип туз салып койгондой ачынып «аттиң» деп кетирген катасын мойнуна алып, бармагын тиштенип, «шашпа» деп келерки жылкысын ойлонуп, быйылкы катасын кайталабоонун жолун таап, «тигиндей кылбасам карап тур, мындай кылбасам сениби? деп колуна түкүрүнүп, эртеңинин камын көрбөйт? Эмне үчүн дыйкандык жер киндиктүүлүк жок? Дыйкандын канынан бөлүп алууга болбос ыйык сезимди ким уурдап алып койгон?.. Эмне үчүн дыйкан бүгүн топуракка кайдыгер? Жерге болгон мамилеси салкын?...»

Бул суроолор Садыктын жүрөгүн бүгүн да солкулдатат.

Карылыкка моюн сунуп, шайдан тайый баштаган атасынын жүзүнө астыртан карап отуруп, ушуларды дагы эске түшүрдү. Азыр атасы да андагыдай обдулуп, кыжырдуу жер муштай албай, жүрөгүнүн оту өчүнкү тартып бараткан сыяктуу эле.

Аңгыча бакылдап учурашып, бири-бирине окшош таңыракай мурун Ормон, Дарман, Парман кирди. Арсылдап күлүшүп, алардын мүнөздөрү да бир өзүнчө. Үчөө тең ар убак сары тамекиден жоон ороп буркурата тартышат.

Садыктын кой дегенине көнбөй, Балбак чал ак эчкисинин күздө тууган күрпөң улагын сойгула деп ишарат кылган соң, Ормон, Дармандар көтөрүп чаап, карышкырча талап, бир паста казанга салышты. Жаңы кан шорпонун буусунан улам үй ичинде жагымдуу жыт уюп турду.

Алар эт бышканча бу кыштакка чейин таш жол салына баштагандыгын, таш жол келсе автобус каттап, Жалал-Абад эшик-төрүбүз болуп калат экен деп сүйүнүп отурушту.

Электр линиясы да тартылып бүткөндүгүн да айтышты. Анын башталганына экинчи жыл болуп, алигиче ушул 30 километр жерге жетпей турганына өкүнүштү.

— Эч нерсе эмес,— деди Ормон ачуу тамекинин түтүнүн мурдунан буркуратып,— бир жыл кечигип болсо да келсе болду. Шаардыктардай болуп, биздин да маң-

дайыбыз жаркырай түшсүн. — Анан Балбак чалга карай бакылдады,— аба, электр келери менен кызыл уйду жетелетип мага. Сатып, бир телевизор алып келип берейин, үйдөн жылбай көрүп отурасыз.

— Ий, ошонуң темиреп калсын,— деди эниш тарткан арык кемпир, Ормондун тамашасына чычалап,— кызыл уйдан ажырап, тамагыбызды талга асабызбы? Бизди бакпан ошол эмей ким, катыгүн?

Балбак чал ага камыкпай акырын кобурады:

— Эми кызыл уйдан ажырасак, күнүбүз өтпөй калбайбы. Тору бээден ажырагандан кийин минтип томолонуп жылбай калдык. «Ат — аттан кийин жат» деген ушул тура...— Чал унчукпай калып анан улады,— кайран гана жылкылар. Коондун сыңары союлуп кырылып кетти. «Жок кыл, жок кыл» деп кырдырып ийди, чондорго кандай пайдасы тийди экен ошентүүнүн? Эсил гана жылкылар. Ушу биздин айылдын өзүнөн канчасы жок болуп кетти я? Кайран жылкынын наркы бир улактын баасына түшүп кетпедибиз? Адыр-түзөңгө тийбей эле коет элек, мынабу булун-бурчтун чөптөрү төрт-беш жылдан бери тим эле калып атпайбы. Мына эми же өкмөткө, же элге жок. Ушуну бир түшүнгөн киши болбоду бекен ошоерде?

— Кеп чөптө эмес да, ата,— деди Садык кепке аралашып.

— Анан эмне?

— Жылкы азык-түлүк бербесе, эти желбесе, балким, ошондон уламдыр.

— Айланып кетейин, балам, чондоруң жебесе, бизге уруксат берип койбойбу! Кырып ийгенден эмне таптык эми? Биз минсек ат, жесек эт экен. Эл ток болсо, улук ток дейт. Бизде болсо өкмөттөн качар беле? Дыйкан топурак чеңгелдеп жерди сүйбөсө, байлап малды сүйбөсө, анын дыйкандыгы кайсы?..

Садык эми кызуулап бараткан чалдын сөзүнө жооп таба албай, бир жагынан кеп ырбатпас үчүн үнсүз отурду.

Эт жеген соң баары таран кетишти. Садык тээ баягы бала кезинде жатчу бурчка жатты. Бозомук жарык түшкөн кичирээк терезени тиктеп көз ирмебей, көңүлү чөгүңкү жата берди. Көөдөнүнө тирелгенсип турган күчтүү сезимден улам уйкусу качып кеткен эле.

* * *

Саал быжыгыр сакал арык Балбак чал менен саал эңиш тарта баштаган куба жүлүн арык кемпир Садыкты жолго чейин узата чыгышты.

Кемпир далбыраган кең көйнөгүнүн жеңи менен көз жашын сүртүп, эмшиндеп ыйлап алды.

— Апа, антпеңизчи,— деди Садыктын каңырыгы түтөп.

Кемпир негедир болгон жок. Балбак чал да адатынча кемпирин тыюунун ордуна, үңкүйүп басып бара берди.

— Айланайын балам,— деди эне боз чалган көзүн ирмеп,— биз өлгөндөн кийин келесиң. Көзүбүздү көрбөй каласың. Жок дегенде бир ууч топурагың буюрсун.

— Апа, коюңузчу.

— Айланайын, атаң экөөбүз бышкан алма болуп калдык, жел тийсе эле топ этип үзүлүп түшөбүз. Минтип ар убак алыс жүрөсүң. Топурак буюрсун сенден... Акыркы күтөрүбүз ошо...

Коштошордо кемпир Садыктын башын кучактап эмшиндей өпкүлөдү. Садык апасынын көкүрөгүнөн саал тер жыттанган жагым жытын искеди. Жаш баладай бакалоору буулуп, көзүнө жаш толо түштү. Садык өзүн аран токтотту.

Балбак чал сакалын сылап бата тартып, жолдон четке чыга берди. Жээги кызара баштаган көздөрү нымдаша түшкөнүн байкады Садык. Зээни кейиген Садык апасынын кош колун бириктире кармап өптү да, күтүп турган үстү ачык машинага түштү.

Машина ылдам жөнөдү. Садык тээ төмөн түшүп кеткенче артынан көз албай баратты. Апасы болсо саал эңиш тарта, кең ак көйнөгүн делбиретип, кол серептеп артынан узата тиктеп турган калыбында көздөн кайым болду.

Садыктын тамагы оорута буулуп, көз жашы каканактап кыйналып баратты.

Ата-энесинин карып кетишкендигине биринчи жолу катуу ишенип, көөдөнү ооруп, ичтен сызылып жүрүп отурду. Жаш кезинде ойлогон сыйларын, көрсөтөр урматтолорун эстеди. «Эмнесин аткардым ошолордун...» Буга жооп берген жок ал. Үнсүз кете берди. Терең күпулунда, «Ушул иштеримден бир жакшы болсом, ушулардын кичинеден калган өмүрлөрүн алаканыма салып жүрүп өтпөсөмбү...» деген бекем ишеним менен өзүн аран жубатып баратты.

XXXVI

Садык бир нече күндөн кийин кайтты ата-энесинин кинен.

Ал кыштакка жакындаганда жайыраак басып, үйүнө атайылап караңгы түшкөндө келди, негедир, бирөөлөрдүн көзүнө түшүүдөн корунуп жалтактады.

Айнура кичинекей Саматты киринтип уктатып жаткан эле, бир топко үнсүз отурду.

— Кайда жүрөсүң? — деди Айнура Саматты уктаткан соң.

— Тоодогулардын алына кабар алып келдим. Саламдубай айтышты сага.

Айнура тепшисиндеги кир сууну куюштуруп жатып унчукту:

— Подумаешь, өзү өлалбай жатып, бирөөдөн кабар алат имиш. Өз счастьеңди ойлосоңчу, несчастный.

— Эмне болду, Айнура?

— «Эмне болду, эмне болду»... Азбы бул абалың сага?

Садык унчукпай калды.

Айнура да көпкө чейин сүйлөгөн жок.

— Сенин башың иштебейт,— деди Айнура ишаяктарын өз ордуна коюштуруп жатып,— болбосо, ал чатак эми башталганда эле Балтабаев өзү келди го. «Жөн жүрөлү. Эмне керек сага?» деди го сага. Ал акылсыздыгынан, же коркконунан келдиби сага? Жок. Ал сени аяды. Тынч жашасын деди. Мен ага чейин эле анын умный киши экендигин байкагамын. Ал — умный...

— Ким акылсыз деп атат аны, Айнура?

— Сен, сен! — Айнура кичирээк кара көздөрү тептегерек болуп кетти.

— Биздин чатак анын акылсыздыгы жөнүндө эмес да.

— Да не притворяйся.

Садык айласы түгөнгөндөй аялынын айтегерек сулуу жүзүнө карап турду.

— Не думай сен эми восстановить этемин деп.

— Көрөбүз. Акыйкатташабыз. Кызыл билет али чөнтөгүмдө, район укпаса, область бар. Партия бар, өкмөт бар.

— Дал ошонуң окончательно башыңа жетип жатат сенин. Угуп тур, ал сенин арызданганы жүргөнүндү билеби. Эми не просто сага выбраться.

Садык үнсүз отурду. Айнура жөнүндө кандай ойлошун билбей калды.

Айнура ыйлай баштады.

— Я в жизни хотела быть только счастливой, кереги жок мага сенин кыжы-кужуңдун,— ал солкулдап өпкө кагып койду,— прекрасно иштеп жаткан службадан ар убак кетебиз дедиң да жүрдүң. А то эмдигиче капитан, а возможно майор болуп калат элең.

Өз ою менен алек болгон Садык анын дагы бир топ сөздөрүн аңдабай калды.

— Ну, ал өттү. Ал бул жердечи? Ишиң жүрүп жатса, баары жайында, будь добр, диссертацияңды жазбайсың-бы. Обещал мне — сделай.

Садык күйүп кетип, столду муштады:

— Убада берген эмесмин эч кимге, ал менин максатым — азыр да.

— Не стучи, мен сенден коркпойм. — Айнура тике унчугуп, сөзүн улай берди,— айлыгың не плохой. Эгер жетпесе — пожалуйста деди го. Только мы дураки. Дураки только не могут жить счастливо.

— Только не я,— деди Садык биринчи жолу орусча.

— Несчастный ты, несчастный...

— Бактылуумун мен.

— Ушулбу? Ишинден выгнали. Смотри, как живешь... — деди Айнура колдорун үй-ичине тегерете шилтеп кыйкырып,— сенин курагыңдагы кишилер кандай шикарно жашап жаткандыгын билесиңби?

— Сен кандай ойлойсуң билбейм, мен өзүмдү бактылуу эсептейм. Мен өз идеалымдын жолу менен баратам. Адамгерчиликтеги бийик адилеттикке умтулам. Ушул үчүн азыр өлүп кетсем да өзүмдү бактылуу деп эсептейм. Менин өмүр жолум, жашоонун маңызы ушу...

— Вот как, подлец, ты меня обманул. Мен сени адам деп ойлогон элем. Оказывается ты дурак, больше ничего,— Айнура бетин эки колу менен басып буркурап ыйлап жиберди. Ал стол үстүнө өбөктөдү. Анан көзүндөгү салаалганган жаш менен өйдө боло калып унчукту,— я дура, верила тебе, ты обманул меня. Я хотела быть только счастливой. Ты испортил всю мою жизнь... Ты подлец... Ты негодяй. Я уйду. Не останусь ни одной минуты рядом с негодяем. Тфу!.. — Айнура Садыктын бетине түкүрүп жиберди Садыктын маңдайына ток тийгендей көзүнө от жалт этип, колунун арты менен бир шилтеп, Айнураны жаактан ары тартып жибергенин билбей калды.

— Феодал! — деп бир чар этип, Айнура керебетине көмкөрөсүнөн кулады.

Садык эшикти карс жаап, түндү беттеп чыгып кетти. Ал токтоосуз жүрүп кете берди: май түнү тып-тынч эле. Кээ-кээде гана беймаалга калган шоферлор асфальт жолдо газды аябай берип, моторун улутуп өтүшөт. Садык алардын бирине да кол көтөргөн жок. Ички ою тунжуратып башынан басып, тынымсыз аяк шилтеп кете берди.

Азыр районго барып, райкомго кирип, ишин же нары, же бери кылып бүтүрмөк болду. Ал азыр жанынан тоюп, эмне кыларын билбей баратты. Жол ката мин түргө салып ойлоп көргөн менен, иштин аягын көрө албады.

Атып келаткан жайдын сулуу таңы да анын көңүлүн бөлгөн жок. Дагы үч кыштакты басып өтсө, райондун борборуна кирет.

Биринчи кыштакты аралай бергенинде тээ алдындагы кичине дөбөчөдө ичке мойнун куркуйтуп кыймылсыз турган Тумалайды көрдү. «Азан менен бөтөн айылда кароолго тургансып, эмнеге сороюп турат» деп ойлоду да, ушундай шартта, ушул жерде анын жолугуп калганына кыжыры келип баратты. Көрмөксөн болуп өтө бергиси келди. Бирок Тумалай жөн коет дейсиңби, кыйкырат. «Балким кыйкырбас. Баягы күнкү сөздөрүм сөөгүнө жетип калса, тултуюп жер карап...»

— Эй, Садык укам,— деди Тумалай Садык оюн жыйганча болбой, алыстан эле кыйкырып. — Саарлап кайсы шамал айдады сени? Тынччылыкпы?

Тумалайдын кыялында өткөн жолу кыжы-кужудан кылдай дайын жок сыяктуу эле.

— Төмөн баратам. Өзүңүзчү? — Ал «сиз» деп баштады.

— Ээ бери кел, укам. Бекер жүрөмбү мен!

— И, эмне?

— Э укам, Американы кубалап жүрөм.

— Эмне дейт? — деди Садык токтоп калып, суроолу тиктеп.

— Бери бассаң, бери.

Садык да дөбөчөгө чыгып барды.

Тумалай кол алышып, кулунча кишиней, кыткылыктап күлүп сүйлөдү:

— Американы кууп жүрөбүз. Ал кудай урганың бир күлүк экен, тоого кууп чыгабыз, ойго кууп түшөбүз, эч жеткирбейт. Мына азыр Черик экөөбүз аны эки жагынан тосуп имерип, тетиги жаман тамга киргиздик,— деди Тумалай эскирээк жалпак тамды көрсөтө, ыкшыңдап күлүп. — Келе тамекиден...

Садык сигарет берип, бир аз кыжыры келсе да, Тумалайдын ырайын күтүп, бир топко үнсүз турду.

— Ушу дүкөнгө бир тонно сары май келди,— деди Тумалай тамекисин бир нече жолу соргондон кийин, үнүн басандата берип кубанып,— түндө жылбай баса жаттык дүкөндү.

— И? — деди Садык.

— Черик ушерде азыр, эсептешип, квитанциясын жаздырып атат. «Коенду өз майы менен майла» дейт. Магазинден майды үргүлжү сатып алдык кылып, пулун төлөдүк да майды кайра магазиндин өзүнө өткөрдүк. Төккөн майыбыз үчүн кайра пул берди. Айланайын, мындан оңою болобу? Бар болгону, пулунан биртке кемирээк түшөт экен. Ие мейли, уй саап тыртандап кутулуп кетебиз, биздин да жүзүбүз жарык, өкмөт да ыраазы.

Садык тиштенип үнсүз туруп, анан сурады:

— Акчаны канттинер?

— Э анын жарасы жеңил эмеспи. Үч миң сомго активдерге аванса берилди кылып, ведомость түзө койдук. Кол коюп бериштн. Бүгүн дүкөндөн алган акчаны таратып бере коебуз. Бир күндүк убактына гана күйүштү, эч персе жоготушкан жок.

Садык:

— Ким тапты бул акылды? — деди ичтен түйүлүп.

— Ие, Черктен сура, мындай баатырлык кылышты мага ким койду.

Садык дүкөндү көздөй жулуна басты. Селдейе түшкөн Тумалай да туяктап артынан калбай кошо жөнөдү.

Алар дүкөнгө жетишкенде, Черик Чокоев да өңү кара көк тартып, дарбыздай томолонуп, эшик алдына чыгып калган эле.

— Бер квитанцияны,— деди Садык барганча бою менен. Анын өңүнө каны тээп, кыпкызыл болуп кетти.

— Эмне үчүн берем? Акың жок! — Черик ормоо түштү.

— Бар акым.

— Жок. Сен бизден айдалып кеткен кишисиң. Партиядан да эми айдаласың. Бузукусуң. Мени колхоз, партия уюму ишенип жиберип отурат. Билесиңби, менин кызыл билетим төнтөгүмдө!.. — деп төш төнтөгүн какылап, көтөрүлө күрпүлдөдү. — Сен катыңа да ээ боло албайсың да!..

Садык күйүп кетти. Көзүнө кан уюй түшкөнсүдү. Көкүрөгүнөн араң келип, дарбыздай тоголонуп турган

семиз Черикти алка жакадан алып, бургап жерге бир чапты. Көкүрөгүнө тизелеп туруп, койнунан кызыл билетин сууруп алды да.

— Ушул билетти салып жүрүп, кыларың бу болсо, ме сага!.. — деп билетин чекесине бир чаап, артына шарт бурулуп жүрүп кетти. Тумалай чоң каналдан кандайдыр секирип өтүп, үрккөн тайлактай наркы өйүздө туруп калган эле.

Садыктын көөдөнү күйүп, не кыларын билбей, калчылдап баратты.

Ал райаткомдун председатели Алдосовго кирди.

Алдосов кирпигине кир жугузбай таза, жука кийинген эле. Кара чачын жылтырата тарап, кичине тулкусун бир калыптан былк эттирбей кармап, токтоо көзү менен Садыктын жүзүн тиктеп турган калыбында укту.

Мындан бир нече ай мурда болуп өткөн жылдык отчеттук чогулуштун картинасын, бир жолу атайылап чакыртып сурап, кызыгып укkан эле. Ошонун айрым деталдары боюнча дагы кайра-кайра сурады. Садык өз ойлорун айтканда, кандайдыр эмоционалдуу толкунданууларга жеңдирип ийип жатты. Мындай учурда Алдосов жука жүзүн жыйра жер карап туруп, Садыкты бир аз басынкы абалга келтирип алып, анан жаңы суроолор берди.

Черик Чокоевдин бүгүн май тапшырышы жөнүндөгү окуясын укканда, Алдосов өтө салкын тартып, алда кимге кыжырдангандай да кейипке келип калды. «Менин айтканыма ишенбей тырчып жатабы» деп коопсуду Садык өз ичинен.

— Ишениңиз мага, Шатман Алдосович,— деди Садык алдын алып.

— Айта бер, айта бер. Мен үчүн ал жаңылык эмес,— деди ал Садыкты коштоп. Садык бир жагы жандана түшүп, бир жагы анын оюнун түбүн түшүнө албай калды.

— Жаңы окуя бул. Бүгүн кармадым Чокоевди мен.

— А мен болсо андан мурдатан эле билем.

Алдосов жука кабагын жыйра, стол үстүн тиктеп калды.

Садык аң-маң болуп, жыйынтыкка келе албай турду.

— Сүйлө-сүйлө. Кулак сенде.— Шатман Алдосович көңүлү чачкын унчукту.

— Ушинтип кээде өз көзүң менен көргөндү бирөөгө ишендириш кыйын,— деди Садык күрсүнө тайсалдап.

— Ой, жолдош Балбаков, сен эмне үчүн менин сө-

зүмө ишенбегенсийсиң? Ырас, мурдатан эле билем мен аны. Жогорулатылган пландар бергенбизди да билем. Айрым тармактар боюнча эки эседен аткарууга милдеттендиргенибизди да билем. Аны катырып талап кылганыбызды да билем... Эптеп кутулуу керек да Чокоевдер! Этегин кесип бермек беле?

— Бу кандай? — деди Садык Алдосовдун жүзүнөн тамашанын белгисин да, чындык экенин да кармай албай, маң болуп.

— Несине түшүнбөйсүң? Экономиканын диалектикасын дагы жакшы билсең керек?

— Албетте,— Алдосовдун оюнун кайда кетип баратканын билбей, Садык саал тайсалдады.

— Ашырып жиберебиз деп кыйкырыкты күчөтсө, ашып кетпесин да жакшы билсең керек. Эки эсе толтурабыз деп убада бере салса эле, эки эсе толуп кетпесин да жакшы билсең керек. Экономиканын реалдуу логикасы ушундай го.

— Ананчы!.. Менин оюмун негизи ошол жөнүндө болуп жатпайбы, Шатман Алдосович.

— Мен да сага аны жакшы билем деп айтпадымбы.

— Ой, билсеңиз анан бу кандай акыры? Мен бу маселелерден түк бейкапарсыз го деген элем, көрсө сиз...

Алдосов буга жооп бербей, сигарет жандырды да, ордунан туруп, терезенин түбүнө барды. Сыртка беттеп, тамекисин чеккен калыбында бир аз токтоп калды. Анан бери бурулуп сүйлөдү:

— Айыл чарба планын эки эселеп толтур деп Борбордук Комитет кыйнап жатат деп ойлойсуңбу сен?

Садык жооп бере албай, мукактана түшкөндө Алдосов өзү жай сөз улады:

— Жок. Борбордук Комитет эч качан андай негизи жок нерсеге барган эмес! Барбайт да. Бул ортодогу бюрократтардын — жылуу конторалларда отуруп алышып, калем учу менен цифраларды жазып койгондордун иши... Аны «план» деп экинчи карьеристтердин колдоого алып, кыйкырык-сүрөөнгө айландырып кеткендиктери. Мындай кайдыгер үстүртөндүктөр мамлекет үчүн эсепсиз материалдык зыяндарга, баарыдан да моралдык зор зыяндарга түшүп жаткандыгын билесиңби? Мына өзүң көргөн Чокоевдин окуясын эле алып көрөлү: ошого кол коюп, макул болгон колхоз активдеринин моралдык жактан канчалык төмөн түшүп кеткендигин көрүп турасыңбы? Ошол адамдар бу экономикалык кичине нерсе үчүн өзүн-өзү жок кылып жатат. Адам өз абийирининн

алдында өзү кызарбай калса, бул абдан жаман! Коркунучтуу нерсе. Биздин эртецибиз адамдардын акактай таза моралына негизделиши керек. Бул — алтын-күмүш менен сатып алалбас кымбат нерсе. Бул чындык — биздин өлкөнүн тарыхында сыналган нерсе...

Алдосов үнсүз ары-бери басты. Садык да үн кошкон жок.

— Ашыкча кыйкырык-сүрөөн... «Жаша-жаша, ураа-ураа...» Бу жакшы эмес... бу абдан жаман,— деди Алдосов эмне экендигин ачык айтпай, анан бери карай шарт бурулуп, кыжырдуураак унчукту: — Борбордук Комитет муну билиш керек. Мунун жолун табышы керек. Сөзсүз бир чарасын көрөр деп үмүттөнөм. Ансыз бул жаман. Владимир Ильич партияны башкача үйрөткөн. Чындыкка тике карооо үйрөткөн...

Алдосов бөлмө ичинде кыска-кыска бурула басты да, кайра өз ордуна келип отуруп, тамекисин үнсүз тарта берди.

Балбаков Садык түк күтүүсүз шалдайып калды. Көзүнө күрч жарык урунган адамдын сыңары болду бир алдын. Бийик дөбөчөгө чыга калгандай сезди өзүн. Горизонту кеңий түшкөнсүдү. Бул башына күтүүсүз ойлордун, жаңы жыйынтыктардын түшө башташынан улам беле, же ушундай жогорку жайдан да кандайдыр даражада бирдей көз караштын, жакын пикирдеги адамдын табылып калышынан, ага ушунчалык ачыктыкка жетип калышынан улам беле, айтуу кыйын эле. Ал бир ирмемде кыялына келтирди Алдосовду, анын карааны негедир калдайып демейдекисинен чоңураак элестелгенсиди... Садык заматта аны өзү баягы билгенинен таптакыр башкача адам көрдү. Анын адамдык диапазонунун дагы бир бийик толкунуна күтүүсүз урунган Садык бир жагы таңданып, бир жагы суктана баштады.

Алар көпкө олтурушту. Эми кем сүйлөштү.

Алдосовдон чыккан соң Садык Балбаков көчөдө башы толгон ойлор менен басып жүрдү. Ал өзүн көптөн беркидей, бардык нерседен четте калгансып, өз башын коколой жалгыз сезбей, негедир, өзүн окуянын кайнаган жеринде, доордун дал ортоңку толкунунда бараткан кишидей туюнду.

XXXVII

Садык кайыш түстүү кара дермантин капталган эшикти шарт жаап, райкомдун бюросунан чыкканда, кечки саат он чен болучу. Көзүнө кан уюгандай тунжу-

рап, кабыл алуучу бөлмөдө саал сендиректей түшүп токтоп калды да, анан илгичте турган капрон шляпасын силкип алып, сыртка көздөй ылдам кадам шилтеди. Ар кандай өз иштери боюнча бюрого чакырылып күтүп отурушкан адамдардын айрымдары иштин маңызын билген-билбегенине карабай, адамдык адат боюнча, «эмне болду» деп кызыгып сурай каларын да Садык укkан жок. Анын кулагы да бүтүп, сезими да токтоло түшкөндөй, бир оор абалга келе калган болучу. «Партиянын катарынан чыгарылсын» деген бир кичинекей ой мээсине мык болуп кагылып турду.

Райондун борбору электр нурунан жапжарык болуп, аркы-терки кыймыл али сээлдей элек эле, бирок Садыктын көзүнө эч нерсе илинбей, аалам дымып уюп калгансыды. Ал жол жээктей узап басып кете берди: үйүн көздөй бет алды, алдыда беш километрден ашыгыраак жол жаткан эле. Кыймыл эткен жел да жок, бүркөө түн тунжурап тыпч да, үп да...

Садык буттарын бир калыпта шилтеп, жолду бойлоп баратканы менен ал кыялында дагы эле партбюронун заседаниесинде болуп, андагылар көз алдына дап-даана келип, алар дагы эле биринен экинчиси сөз алып, талашып-тартышып жатышкансыды. Ничкерип суюлуп кеткен кара чачын жылтырата тараган, кичирээк жука жүздүү Шатман Алдосовдун таза кийинип, чыкчыйган кичирээк тулкусу, ал кичинекейлигине карабай, таштай оор салмактуулук менен сүйлөгөнү, ныктүнү, жай кыймылы көз алдында турду. Ал сөз алып сүйлөдү, жана бир нерселерди тактап суроолор берди. Сөз аягын «бул ишке шашылыш жыйынтык чыгаруунун зарылдыгы жок. Кээ бир маселелер түшүнүксүз бойдон калып олтурат. Буларга терең партиялык мамиле керек» деп бүтүрдү.

— Жолдош Алдосов,— деди Бозулановдун кара жүзү ого бетер түнөрө түшкөнсүп, кантсе да ичиндеги кыжырдуу ачуусун билдирбөөгө аракеттенип,— сиз менен биз мамлекеттик планды аткарабызбы же бир хулиган буйрукунун ушак сөздөрүнүн артына айлап-жылдап убараланып жүрө беребизби?

— Милдеттүүбүз көңүл бурууга, реалдуу мамиле кылууга...

— Сиз өзүңүздүн либералдык мамилеңиз менен аны көптүрүп жибердиңиз, жолдош Алдосов. Болбосо Балбаков терим кампаниясына атайылап саботаждык кылган. Терим комбайндарын атайылап токтоткон. Бюро мүчөсү катары ал иш сизге тапшырылса, жеңил жаза-

лап, Балбаковду ого бетер эркетип баса бергенсиз. Либерализм менен партия келише албайт, жолдош Алдосов. Ал — биздин партиялык стилге жат нерсе! — Бозуланов ачуудан саал кылчылдап, мурдунун үстүндөгү сары кыргак көз айнегин колуна ала койду.

— Жолдош Бозуланов,— деди Алдосов да өчөшкөндөй ныктап сүйлөп,— сиз согуштук генерал эмессиз. Партиялык жетекчисиз. Ар убак эле өз субъективдүү пикирлериңизди закон катары эсептей бербестен, башкалардын пикирлери менен эсептешкенге үйрөнүүгө милдеттүүсүз. Пикириңизге каршы пикир айткан кишинин баары эле саботаж деп тамга басып, душман деп сары изине чөп сала бербеңиз. Тим эле уккуңуз келбейт андайларды. Ушу Балбаков да, балким, тим эле күйүп-бышып жүргөн эместир.

— Жолдош Алдосов, бул жерде Бозулановду талкулап жатканыбыз жок. Өзүңүзгө тиешелүү нерсени сүйлөңүз.

— Мен өзүмө тиешелүүнү гана сүйлөйм.

— Жок, сиз көп нерселерге чарпылып жүрөсүз.

— Чарпылсам, демек, ошолор өзүмө тиешелүү нерселер.

— Жок, эсиңизде болсун, райондо райком бар, райондук айыл-чарба бөлүмү бар. Районду башкарууга жетишет экөө. Сиз өз ишиңизди иштеңиз: мончо, калаа жайларды оңдотуп, чачтарачканаларды тартипке келтириңиз, көчөлөрдү шыпыртыңыз.

— Билем мен да азыркы милдетимди. Бирок эсиңизде болсун: улуу Ленин «бийлик Советтерге» деген, революция бийликти Советтерге алып берген... Жок дегенде эсиңизге кээде түшүрсөңүз жакшы болор эле...

Бозуланов айталбай мукактана түштү. Бирок анысын билгизбес үчүн алдындагы бир нерселерди жазымыш болуп алаксыды.

Эч ким жооп бербей, дым боло түштү.

— Куру сөздүн кереги не? — деди сулуу кара мурутун жылтыратып, баятан үнсүз отурган милициянын майору Акунжанов,— Балбаковду актап жатасыз, комиссия текшерди. Мен да болдум. Мен райкомдун бюро мүчөсүмүн, мага ишенишиңиз керек, жолдош Алдосов.

Анын док урганын Алдосов анча жактыра бербей, «кереги жок» дегендей, колун акырын шилтеп койду.

— Комиссияга ишениңиз анда,— деди Акунжанов.

Ага кулак да бербей, Алдосов өз ордуна отурду.

Алдосов бул маселеде өзүнүн катуу турушу менен

иштин натыйжасын өзгөртүп жиберем го деген максатта эмес болучу. Анткени — буга карата Бозулановдун позициясы бекем, бир жактуу экендигин билген. Демек, андай болгон соң Бозуланов өз каалагандай жыйынтыкка келерин да билген. Бул жаңылык эмес. Бюродо болсун, районду башкаруу ишинде болсун, Бозулановдун субъективдүү пикири гана биринчи — чечүүчү ролду ойнойт. Мунун өзүн Бозуланов жетекчиликтеги партиялык активдүүлүгү, өзүнчө эффективдүү иш стили катары эсептейт. Алдосов муну жакшы билсе да катуу туруп, өз көз карашын тике айтып, анан отуруп алды.

Алдосовдун позициясынан улам эреркий түшкөн Садык Акунжановдун «ишениңиз» деген сөзүнө шак этип жооп берип таштады.

— Ишенбейм, сиз адилеттикти табыш үчүн эмес, шилекей досуңуз Балтабаевди коргош үчүн, анын аппонент-терин жалаага жыгыш үчүн иштединиз...

— Отур! — деди Бозуланов катуу унчугуп, Алдосовдун бек мүнөз көрсөтүшүнө тырчып отурган неме,— отур, сенден эч ким сурап аткан жок.

— Сурай турган жер табылат. — Көктүгүнө таянган Садык тез жооп берди.

— Жаз! Баари бир бизге келет. Мына,— деди ал Садыктын жазган катын столдон шарт алып силкилдете,— мойнуца тумар кылып тагын, анан сенин отурар ордуң каерде экенин көрсөтөм!..

Садык жооп берген жок. Жүзүндөгү кандайдыр айтып берүүгө болбой турган сарказм, жийиркенү менен тиктеп турду. Бозулановдун пастыгына, менменсинүүсүнө жийиркенди.

Бозуланов күрп этип токтой калганда, бөлмө ичинде жалгыз ошол гана көзгө урунуп, бир пас дым боло түштү.

— Қана, конкреттүү сунушуңузду айтыңыз, жолдош Алдосов.

— Сунушум: партконтроль, райаткомдун өкүлдөрү катышкан комиссия түзүлсүн, текшерилсин. Жулмалап бүтүрүп коюуга болбойт.

Бозуланов кара жүзүн ал жакка буруп, бир ирмем кекетип токтолуп калды. Қыжыры көөдөнүнө ташып чыкты. Қыялына бир нерсе кылт эткенде, ичтен саал эрээркий түштү; өзүнчө позиция кармаган Алдосовго өзүнүн биринчи секретарь экендигин атайылап дагы бир көрсөтүп койгусу келди.

— Партиянын баштапкы уюму ага сөгүш берүү, кыз-

матынан алуу жөнүндө чечимге келген. Андан кийин да партиянын мүчөсү Чокоевдин билетин суурып алып, башка чапкан. Партбилеттен ыйык эмнебиз бар? Бул — партияга шек келтиргендик. Улуу Лениндин партиясына!..

— Партиянын мүчөсү деп мен партиялык билетти түшүнбөйм. Адамдын ишенимин, иманын түшүнөм. Партиялык билетке жамынып, партиянын атын булгап жүргөндөргө каршы саясий күрөшкө чакырамын!.. — деди Садык.

— Мына саясий душман! Саясий душман катары, ак ниет адамдардын жүзүнө кара сүртүүгө аракеттенген ушакчы катары жана айыпсыз граждандарга мушкөтөргөн хулиган катары белгиленип, коммунисттик партиянын катарынан чыгарылсын жана кылмыш иши тергөө органдарына өткөрүлүп берилсин. Колго саламын!..

Бюронун жети мүчөсүнүн алтоо шарт кол көтөрдү. Бир гана Алдосов столдон баш көтөрбөй, ак кагаз бетине бир нерселерди жазып үнсүз отурду. Бозуланов колун көтөргөн калыбында Алдосовго бир жүз буруп карап алды да, анан катуурааk унчукту.

— Негизинен бир добуштан. Түшүргүлө... Бүттү биринчи маселе.

Садык ордунан туруп, сыртка кетүүгө камынды.

— Токто,— деди Акунжанов капкара мурутун жаныпп,— билетти таштап кет.

Садыктын башына карс этип таяк тийгендей, көзүнөн от чагыла, эндирей түштү. Ошондо гана ал бир ирмем кыймылсыз селдее калып, анан төш чөнтөгүнөн билетин алып, кызыл сукно жабылган узун столдун учуна таштады да:

— Мейли, силерге тапшырам, башка колдон кайра алам...

— Тынымсыз басып келаткан түнкү жолдо көз алдынан ушул абал бир паска да кетпей койду. Ал дагы эле өзүн бүткүл денеси жыйрылып, үстүнөн оор жук басып тургандай сезип келатты.

Түн жарымынан ооган кезде жетти Садык үйүнө. Эшик алдына бир аз токтой калды да, анан дарбазаны каккылады. Эч кандай жооп болгон жок. Ал дагы көпкө каккылады, түк жоопсуз. Кулагын тосуп, бир аз тыңшады. Бирок эч кандай адам шарпысын ала албады. Ошондо гана фарточкадан колун салып, терезенин ички илгичин чыгарып, сыртка карай ачып, үйгө секирип түштү. Электрди жагып жиберди.

Үй ичи аңгырап ээн турган эле: төр жакта бир төшөк жаба салынган кровать, бурчта китеп коюлган этажерка калган... Башка эч нерсе жок — жылан жалагандай. Полдо чачылып жаткан кагаз, газеталардын айрыктары, айрым бир чүпүрөк-чапырак опурулуп иретсиз.

Садык бөлмөнүн ортосунда нес болуп шалдайып туруп калды. Анын көөдөнү да дал ушул бөлмөнүн сыңары аңгырап бош — эч нерсе жок эле. Тунжурап электенген анын көзүнө көптөн кийин гана тээ бурчта жаткан кыйшык така бытыкый чыпта ботинка урунду. Садык эңиле барып, аярлап колунуна алды. Бул уулунун эски ботинкасы эле. Күндө саар менен аңдып жатып, апасы туруп сыртка жөнөгөндө кроватынан оонап түшүп, мышыкча жылып койнуна кирип келип, кужурап бир нерселерди сүйлөп, Садыкты уйкудан ойготчу кичинекей сары баш Саматы келди көз алдына. Анын тааныш жагым балапан жытын эстеди. Аны жыттагысы келди, эңседи. Ал кроватына көмкөрөсүнөн жыгылып калды...

...Садык кирпик каккан жок. Буурул каранғы тарткан бөлмөнүн ичинде чакчыйып шыпты тиктеген бойдон жатты. Көзүнүн кычыктары ачышып турган менен да, нервасы катуу күчөнүп калуудан улам, кирпиги түк илинбей койду. Ал өз күрөшүнүн мындан аркы этабы тууралуу ойлонууга аракеттенди, бирок көзү каранғылашып кетип, бир нече саатка эсинен тана түшкөнсүдү. Ошондо ал ооруп калбадымбы деп чочуп кетти. Орудунан туруп кетейин десе, муундары бошошконсуп, тура албай койду. «Катуу ооруп калбайын. Ал үчүн ушул балекет кооганы бир нече күнгө унута туруш үчүн бир жактарга кетип калайынчы... Бирок каякка? Ата-энемеби? Же жаштыгым өткөн Арстанбапкабы?...»

XXXVIII

Садык Арстанбаптан үйүнө каранғы түшкөндө келди. Бөлмө ичи айрылган кагаздар, эски-уску буюмдар менен апырык-сапырык бойдон иретсиз жаткан эле. Жол ката өз оюна алаксып, жаңы болжоолор, жаңы пландар менен келген Садыктын көңүлү чөгүнкү тарта түштү. Бара-бара көөдөнү демделип чыкты. Керебетинин алкагына өбөктөп, тамекисине күч келтире берди. Бала-чакасын эстеди. Алар менен аз эле мезгил ичинде ушунчалык алыстыкка чейин жетип калгандыгына акылы карап таппай, таң болуп отурду. Уйку соонун

аралыгында өзүн жаман абалда элестетти — эски журтта калган эски буюмга окшотту. Эми эч кимге тиер пайдасы жок, андай мүмкүнчүлүгүнүн баары кайрылбас болуп өтүп кеткендей ишеним ийнинен бекем басып турду...

Эшик тык-тык кагылганда Садык чочуп ойгонуп кетти. Таң атып, үй ичи жапжарык болуп калган эле. Кийим-кечеси менен жатып уктаган Садык шашып кетип, кечеги терден улам уйгу-туйгу болуп саксайган чачын беш манчасы менен салаалап артына бир тароого үлгүрдү, эшикти ачып жиберди. Бет мандайында майда көк гүлдүү көйнөк-костюм кийген Тургунай турган эле. Уюлгуган кара чачын төбөсүнө түрүп, кирпигине кир жукпастай акактай таза, перизаттай көрүнүштө болучу. Садык ишенбегендей шалдая түшүп, көзүн ирмеп-ирмеп алды. Тургунай демейкисиндей жарашыктуу жылмайып жадырабай, жука кабагын саал булут чала, төгүлгөн кирпигин кыбың-кыбың ирмеп, Садыктын жүдөө жүзүнө тигилип турган эле.

— Саламатсыңбы, Садык,— деди Тургунай акырын.

— Саламат... — деди Садык эриндери араң кыймылдап. Анан бир-эки кадам кетенчиктей берип. Тургунай босогону аттап кирип келди.

Экөө бир ирмем тиктешип калышты. Садыктын көзү саал жалтайлай берип, төмөн жылмышып түшүп, полдогу ак-ала кагаздарга, иретсиз буюмдарга урунду. Намызы башына тээп, не кыларын билалбай, жети өмүрү жерге кирип бараткансыды. Садыктын ойгоно түшкөн көр намызын сергек сезе койгон Тургунай, үй ичине түк серп салбай, терезенин түбүндө турган орундукка коомай отурду. Кичирээк капкара редикулин этегинен чыгып турган аппак жумуру тизелеринин үстүнө койду. Анан экөө тең негедир үнсүз болуп калышты бир пас.

— Садык, кечирип кой, оюнда жок кирип келгеними.

Садык эч нерсени түшүнбөй да, эч нерсе деп жооп бербей да үнсүз жер тиктеп турду.

— Башына катуу күндөр түшүп атканын угуп, чыдай албадым. Кечирип кой.

Садык дагы эле эч нерсе деген жок.

Тунжурап үнсүз отура беришти. Көп өттү.

— Мага капа болбо, Садык,— деди тамагы оорута буулуп чыккан Тургунай, өзүн токтото араң жутунуп,— чыдай албадым. Менин келишим жакшы сезимден... — Тургунай аягын араң кошумчалады,— сен ойлобо.

— Жок, жок,— деди Садык эми эсин жыйгандай,— ырахмат, Тургунай, ырахмат.

Алардын сөзү дагы эле тутанган жок. Үнсүз болуп калышты. Садык тамеки жандырып, керебетин ийилте көчүк баскан калыбында чегип отурду.

— Садык,— деди Тургунай көптөн кийин,— оюңда эмне бар?

— Эч нерсе жок.

— Тургунай үнсүз туруп, анан сөз улады:

— Жата бересиңби?

— Анан эмне кылмак элем? Күтөм обкомду...

Тургунай Садыктын жүзүнө ойлуу тиктеп турду:

— Сен адилеттикти ошерден табарыңа ишенесиңби?

— Ананчы...

Анан Тургунай да, Садык да ойлуу болуп калышты.

— Акыйкат күтөрүм Жанузаков дечи... — деди Тургунай шектүү.

— Эмне үчүн, антесиң, Тургунай?

— Сен андан Бозулановго айтар адилет сөз күтпө! Бозулановду бир районго жетекчи кылып, калкалап жүргөн күчтүү кол ошо. Өз оюмча, ишенимимде...

— Эмне үчүн антет?

— Экөө бир айылдан, бир уруудан болушат. Ошон үчүн.

— Сен аны кайдан билесиң. Тургунай?

— Мен эми ачык айтайын сага: Токтор Бозуланов менин эрим болгон да...

Садык жүлүнгө сайгандай дирт эте баш көтөрүп, Тургунайга тигилип туруп калды:

— Ушундайбы, Тургунай? Ыраспы?!

— Ырас, Садык.

Экөө тең бирин-бири тиктешип, үнсүз тунжурап туруп калышты.

— Билбейм, ал эримдин кайда экенин дебедиң беле?

— Антпегенде эми анын кол алдында иштеп жатам демек белем?

Садык ойлуу турган соң кайра сурады:

— Кантип аны менен тил таап, директор болуп кеттиң?

— Мени районубуз кошула электе эле Алдосов көтөргөн директорлукка. Эми даай албайт, мага анын төрт сыры белгилүү.

Экөө дагы унчукпай калышты.

— Ушундай, Садык, мен Жанузаковдун да, Бозулановдун да самынына кир жуугамын. Билем...

— Мен Жанузаков жөнүндө да жаңылыш ойдо жүргөмүнбү, Тургунай? — деди Садык Жанузаковдун чап жаак, куба жүлүн жүзүн көз алдына элестетип. Бирок аны жамандыкка кыйгысы келбей...

— Сенин ал жөнүндөгү ойлоруңду ар убак укканда, араң тиштенип чыдачумун. Бозулановдон да үмүт үзчү эмессиң. Садык, элде уламыш көп бар: «Бир кезде адамдар шакка конуп калып булбул болуп, кубулжутуп сайрар экен да, жерге учуп түшүп, бок чокур имиш» дейт. Ошолор Бозулановдор да. Кафедрага чыгып алса, кыйкырып адилеттик жөнүндө, коммунисттик этика жөнүндө сүйлөйт. Иш жүзүндө жердешин колдогондор, тууганын жактагандар ошолор. Аны колхозчулар кылмак беле? Адилет сөзүндү адилет дебей, акты кара деп, белинди сындыргандар да ошолор. Флюгер... Шамал кайдан соксо, жүзүн ошол жакка бурат. Шартка ынгайлашып алып жашай берет. Ага адилеттик эмес, ошо кызык. Күткөнү жогортон болучу — Буйрук... Ал акпы, көкпү, максаты — аткаруу. Чуу салат, кыйкырыксүрөөн... Бир эсе десе, эки эсе аткарабыз деп кыйкырат. Эки эсе аткаруу үчүн кандай жолго барары түшүнүктүү. Көз боемочулукка баруу керек. Алардын турмуштагы идеалы бирөө гана. Ал — карьера. Ал үчүн жалганга да, адилетсиздиктерге да, баарына барууга даяр. Ушуга ишенесиңби?

Садык ага жооп бербей, үнсүз отура берди. Тургунайдан күтүүсүз укканы жаңылыктар аны таң калтырып, шалдайтып койду.

— Садык,— деди Тургунай, Садык түнжурап түк сөз чыкпаган соң,— сен жөн жата бербесең... Акыйкат асмандан түшө калбайт. Аракет керек...

Садык бир чекитти тиктеген калыбында жөн отурду. Ал эми анын кыялы өз абалына бурулса, бирде тээ башка жактарга кетип жаткан эле. Оюнун бир учу кандайдыр түнжураган түшүнүксүз, оор терендикке малынса, бир жагынан кандайдыр бир жакын нерселерди сезгенсип турду. Бир туруп өзүн түк эч нерседен капарсыз жалындаган учурунда элестетип жиберди.

— Мен кетем! — деди Тургунай.

— Тургунай! — деп чочуп кетти Садык. Заматта акылын жыйып, Тургунайдын көзүнө тиктеп турду. — Тургунай, отур бир аз. Кетип каласыңбы дароо эле?

— Мен такси менен келгемин, күтүп турат, кетейин. — Тургунай сулуу көзүн Садыктын көзүнөн төмөн түшүрүп, ойлуу боло түштү. — Аракеттен. Жатпа...

— Ырахмат Тургунай. Ырахмат келгенинде.

Тургунай тез чыгып кетти.

Садык үйүнөн узаткан жок. Анын көөдөнү бир түрдүү сезимге тирелип толуп чыгып, алда кандай абалда турду. Ыйлагысы келди. Эки көзүнө жаш каканактап толуп чыкты. Ал өзүн араң колго алып, бөлмө ичинде алды-артына басып жүрдү.

Көптөн кийин Садык жүрөгүн үзө тартып карды ачуудан улам акыл жыйып эсине келди. Кечээ эртең менендеи бери наар тата электигин эстеди. Үйүндө татар даам кайда? Ал турсун кыйладан бери чөнтөгүндө сары чака тыйын да жок эле. Шалдайып турду.

Садык Тагайды мастерскаядан тапты.

— Ой, сен кайда жүрөсүң? — деди бети-башы чамбыл-ала кара май болгон Тагай, чалкасынан жатып машинанын курсагын чукулап жаткан жеринен өйдө туруп. Ал эки жагын жалт-жалт каранды. Кең мастерскаянын ичинде эч ким жок эле. Тээ төр жактагы станокто гана бир адам эч ким менен иши болбой, иштеп жатат.

— Жүрөм,— деди Садык акырын.

— Ой, сени Алдосов кечетен бери издеп таппай жүрөт ко. Кечээ жогору өтүп баратып да, кечирээк кайра кетип баратып да бурулду.

— Эмне кылат экен?

— Сенин ишиң боюнча оозмо-ооз сүйлөшөйүн деген экен. Сени таппай мага айтып кетти. Аракеттенсин деди. Ал киши да өз ишин иштеймин деди... Көп нерселер айтты. Жүр, үйгө баралы...

Экөө каналды бойлогон жалгыз аяк жол менен кетишти.

XXXIX

Садык самолетко отургандан тарта жүз түрдүү ойлонуп көрдү жыйынтыгында, ал кантип болсо да, Борбордук партия комитетинин секретарына кирүүгө аракеттенмек болду. Ошол үчүн борборго келер менен өкмөт үйүнө кирүүгө пропуска жаздырып алды. Борбордук партия комитетинин секретары Кубатов бул кездерде борбордо жок экен — анын Москвада экендигин айтышты.

Күндөр абдан кашаң өтүп жатты. Садык күнүгө эки жолу Кубатовдун келген-келбегендигинен кабар алат да, анан көчөмө-көчө кыдырып, бир кезде студенттик

жылдарын өткөргөн издери менен басып жүрө берди. Бирок ал айланасына аңкыйып көз жиберип, андан бери болуп өткөн өзгөрүштөрдү эсепке алып, жаштыктагы айрым окуяларын эске түшүрүп жүргөн жок. Башы толо ойлорго, жүрөгү толгон алда кандай сезимдерге бийлетип, өз ички абалы менен алек болуп жүрдү.

Кубатов менен болор жолугушуудагы сүйлөр сөздөрүн, айтар ойлорун жүз варианттап кайталап, кыска, бирок бардык маселени жеткирүүнүн аракетин ойлоду өз ичинен.

Эртеси күнү Садык Кубатовдун келгендигин укту, бирок төрт күн удаасы менен сагалап кире алган жок: биринчи күнү Борбордук Комитеттин бюросу өттү; экинчи күнү горком, райкомдордун секретарлары жана райкомдун председателдери менен өткөрүлүүчү чогулушта Кубатов доклад жасап, ага жетекчилик кылды: үчүнчү күнү кандайдыр чет өлкөлүк делегацияны кабыл алды; төртүнчү күнү дагы бир кандайдыр маанилүү чарага байланыштуу эч кандай кабыл алууну жүргүзө алган жок.

Бешинчи күнү Кубатовдун Ысык-Көлгө жөнөп кеткенин укту. Эртең Пржевальск шаарына эки-үч райондун бириккен чоң партиялык активине катышат имиш. Андан соң Соң-Көлгө малчылардын слетуна кетет деп айтышты. Кыскасы, бир нече күнгө чейин болбойт экен.

«Эми эмне кылышым керек?» — деди Садык аргасы түгөнүп.

Эртеси таң жара Садык автостанцияга барып, Пржевальскийге жөнөгөн адамдарга кошулуп, таксиге отуруп жөнөп кетти.

Саат он экиде Пржевальскийге барып түшөр менен Садык чогулушту издеп тапты.

Чоң зал ичи жык толгон чарбалык, партиялык активдер эле. Үп. Бүт терезелер, эшиктер ачык болсо да дем кайтарып тер жыттанып, аба оор. Чогулуш жүрүп жатат. Ораторлор биринин артынан экинчиси трибунага көтөрүлүүдө.

Садыктын көзү эң биринчи эле президиумдагы Кайып Кубатовго урунду. Саал арыраак көрүнгөн, сөөксактуу, өткүр көздүү, ак саргыл киши көк ала болуп бараткан чачына салааларын сойлото жаагын таянган калыбында залга көз таштап, сүйлөп жаткан оратордун сөзүн тыңшап отурган эле. Кээ-кээде гана алдындагы ак кагазга бирдемелерди жазып койгонсуйт. Көк чачына сөлү качкан куба жүлүн тарткансып бараткан жү-

зүнө салыштырганда оттуу да, өткүр да учураган алагар көзүнөн Садык түк көз албады.

Бул кишинин сүрөтүн газета-журналдардан көрүп жүргөндүгүн айтпаганда, биринчи жолу бетме-бет келиши. Көкүрөктөгү зор үмүт менен Садыктын эки көзү анын токтоо жүзүндө.

Ал жанындагылардан сурап, Кубатовдун сүйлөп бүткөндүгүн да укту. Эми ичтен чый-пыйы чыгып, кандай кылышын билбей, тынчы кетип жатты. Ал ар кандай ойлойт. Көңүлүнө жаман немелер да, күтүүсүз жакшы мамилелер да түшө калат: «Өзүң сабаттуу эле жигит көрүнөсүң, тартип дегенди билиш керек да. Талаада жүрүп арызыңды угамынбы? Мен кабинетте — өз жайымда кабыл алам», деп койсо эмне болот абалым? Садыктын жүрөгү куушурула түшөт. Ал кайра Кубатовдун жүзүнө тигилет: «Абдан убара болупсуң, мейли эми, кана, айтчы, коош» деп кулак төшөп, анан аки-чүкүсүн сурап, ал турсун, бул ишке абдан маани берип, оорунуу менен карай тургансып кетет...

Жарым саат дем алыш жарыяланды.

Садык жүгүрүп президиумдар жакка өттү.

Узун бойлуу, далысы алга саал эңиширээк, көк чачтуу Кубатовду ээрчиген он-чакты адам короодогу бактын көлкөсүн аралай басышты. Аларга жакын турган милиционерлер да бар эле, Садык аларга өзүнүн жат киши экендигин сездирбөөгө аракеттенди.

Кубатов жанындагы бир адам менен нарылап катар баса сүйлөшүп, кайра бери тартканда Садык тез-тез басып, алардын алдынан чыкты.

— Ассолом алейкум. Мен сизге келдим эле, түштүктөн... — деп Садык саал аптыгып калды.

— Алейкум ассалам,— деди Кубатов, не кыларын биле албай шашып токтой калган Садыктын абалын илгир түшүнө коюп, кол узатып, Садык анын сөөктүү, бирок жумшак колун кармап көрүштү.

— Кош? — деди Кубатов алагар өткүр көзүн Садыктын кан тээп, саал кызара түшкөн жүзүнөн албай. Садыктын бир нече күн даярдаган сөздөрү жадынан кача түшкөнсүп, оюн эң мурун чачкын баштап, анан оңоп кетти.

— Мен үстүртөн эле айтайын,— деди Садык шашып, анан койнунан кагаз сууруп, сөз улады... — баары мына мында да жазылган. Керек нерселерин кеңири түшүндүрүп берем.

Кубатов Садыктан алган кагазды баратап-барак-

тап, бирок окуган жок. Колундагы бош сыяктуу жупуну көрүнгөн кызыл кайыш папкасынын бүктөмүнүн ортосуна салып алды.

— Мени туура түшүнүңүз, өз ызам үчүн, же партиядан чыгарылгандыгым үчүн келип олтурганым жок. Таптакыр башка нерсе үчүн... Он жетинчи жылда эмне үчүн төккөн адамдар канын? Өз укугу үчүн, теңдик үчүн, адилеттик үчүн эмеспи? Зомбулукка каршы эмес беле? — Садык эреркеп кызып кетти. Кубатов Садыкты ынтаа коюп тиктеп калды. Садык мукактана түштү.

Кубатов акырын сөз баштап, Садыктын оюн таптакыр башка жакка бурду: ал эң мурун Садыктын буга чейин кайда иштеп кайда тургандыгын, үй-жайын сурады. Садык кыска-кыска жооп берди.

Кубатов сөлү качкан чарчаңкы ак жүзүн саал тырыштыра берип, кол саатын каранып, ошондон кийин акырын сүйлөдү:

— Жолдош Балбаков, сиз азыр бир жерден жай алып жакшы дем алыңыз. Бул шаарга мурда келгенсизби? — деп кайра суроо берди.

— Жок.

— Анда шаарды көрүңүз. Жакшы дем алыңыз,— анан ал дагы абдан тактагандай, ойлоно калып сөз улады,— эртең саат тогузда коркомго кириңиз. Мен ошерде болом. Анан сүйлөшөлү. Макулбу?

— Ырахмат... Ырахмат...

— Түз эле киребериңиз,— деди Кубатов атайылап баса эскертип. Анан колун коштошууга узата берди. Садык анын сөөктүү колун дагы кыса кармап, токтоосуз артына бурулду.

Көңүлү элеп-желеп болуп, ишинин жарымы оңунан бүтүп калгандай ишенич менен сүйүнүп баратты. Ал Кубатовдун карапайым, жайма-жай мамилесин, өзүнүн жөнөкөйлүгүнө, кең пейил көрүнүшү жөнүндө ар кандай ойлорго келип, кечке чейин кыялдуу басып жүрдү. Ал ар убак жетекчилер деле жөнөкөй адам экенине жүз жолу ишенип-билип турса да, кандайдыр өзгөчө кейп, өзгөчө интонация, кыскасы, сөз менен айтып берүүгө болбой турган, бирок сөзсүз көзгө урунар бир өзгөчөлүк бар экендиги мүнөздүү сыяктуу ойлочу. Бирок Садык азыр андай сырдуу эч нерсени ажырата алган жок — жөнөкөй, токтоо, акыл-эстүү кишини көрдү.

Садык эртең менен шаардык партия комитетинин конторасына кирди. Көп күттүрбөй кабыл алды Кубатов.

Шаардык партия комитетинин секретары үчөө гана болушту.

Кубатов Садыктын кагазын алдына жазды: анын ар кай жери кызыл калем менен бир, кээде эки сызык менен белгиленип, айрым абзацтардын башталышына квач коюлган эле.

Кубатов көк-ала чачын акырын сылаганча, кагазды айрым жерлерин дагы көздөн өткөрдү. Анан кээ бир маселелер боюнча да, же биери «түшүнүксүз» деп да, бир ооз сураган жок, дароо эле иштин жыйынтыгын айтты:

— Жолдош Балбаков, катыңызда бир топ маанилүү маселелер бар экен. Муну бизге билдиргениңиз абдан жакшы. Бирок азыр бул жерде эч нерсе дей албайбыз. Ошол жердин өзүндө караштырып көрөбүз. — Ал терезе аркылуу сыртка бир аз тиктеп туруп калды да, анан ишенимдүү тон менен улады. — Жыйырманчы июнь күнү саат он чендерде райкомдун конторасында күтүңүз. Мен сизди ошол жерден жолуктурайын. — Ал дагы бир нерсе айтууга камынгандай болуп, кайра токтолуп калды да, акырын кошумчалады,— макулсузбу?

— Макулмун.

Кубатов Садыктын баш-аягына бир аз көз жиберип туруп сүйлөдү:

— Качан кайтасыз бул жактан?

— Менин башка ишим жок, Кайып Кубатович, азыр кайтам.

— Макул, анда, жолуңуз ачылсын.

— Ырахмат, агай,— деп Садык эски таанышындай «агайды» кошо айтып, ордунан тура калды.

Кубатов да колун тике туруп узатты.

Көөдөнүнө ишеним толгон Садык артына шарт бурулду.

XLI

Бозуланов сары кыргак көз айнегин өйдөрөөк жылдыра берип сүйлөдү, азыр эле кирип, эсен-соолук сурашып бүткөн Балтабаевге карап:

— Шашылыш чакырткан себебим, жолдош Балтабаев, кече Кубатов телефон чалды. Баягы кудай урган Балбаковду сурайт. Ооэмо-ооз сүйлөшөм дейт. Кайдан болбосун таптырып келип тургула деди. Эртең саат ондо келет. Катуу айтты!..

Балтабаевдин сулуу жүзүнө дүргүп каны тээп, кызарып чыкты. Ал бир ирмем тунжурап токтолуп калды.

— Кубатовго кире алган жок деп келишпеди беле?

— Кимдер айтты эле?

Балтабаев шашып кетип, сырын жашыра албай мукактана түштү.

— Кимдер? — деди Бозуланов такып сурап.

— Мен артына адам койгон элем,— деди Балтабаев бошошо түшүп.

— Эмне үчүн?

— Сактыкка кордук жок дейт.

Экөө бир аз үнсүз туруп калышты.

— Прежевальскийге барып жолугуптур Кубатовго,— деп Бозуланов акырын айтты.

Балтабаев чыдай албай кыжырланып кетти:

— Он беш жылдан мурункубузду чукулайтко бу? «Балтабаев 84 центнерден алыптыр, сен канчадан түшүм алгансын ошондо» деп элдин башын ачытып жазып алат дейт. Архивдерди казып жүрөт имиш. Бу кандай? Жүзүбүздү бир акмак көөлөй береби? Буга эмне райкомдун бийлиги жетпейби?

— Эмне үчүн? Чыгарбадыкпы партиядан, айдабадыкпы ишинен?

— Чыгарбадыкпы дейсизби? Мунунуз, Токтор, камандын азуусун бүлөгөнүнүз. Эми бир качырып сала берсе барбы, сиздин да кардыңыз жарылып калат... Ойлобонуз! Эртең Кубатовго жолукса... жаман! Иш чатагына айланышы мүмкүн!..

Балтабаев ныктай сүйлөп, Бозулановдун саал бозумтул курч көзүнө тигилди. Бозуланов эмне дээрин билбей, бир ирмем токтолуп калды. Анан кайра сурады:

— Эмне кылыш керек?

— Жолуктурбас керек Кубатовго! Кандай гана болбосун алып коюш керек жолдон...

Бозуланов ойлонуп туруп калды.

— Эмне ойлоносуз, сиз аны партиядан чыгардыңыз, өч чечиминизди аягына чейин чыгарышыңыз керек. Ансыз...

Бозуланов дагы эле үнсүз отурду. Балтабаев сөзүн улады:

— Кийинки кездерде абдан кубанычтуу жүрөт дейт. Көрсө Кубатовго жолуккан экен да. Балким, Кубатовдун колдогон пикирин укканбыр? Кубатовдун өзү келем дегени да бекер эместир?..

Бир азга бөлмө ичи дым болуп турду.

— Ошол кубанычы үчүн алиги сулуу менен бакта түнөп жүрөт тура.

— Кайдагы сулуу эле ал? — деди Бозуланов.

— Унутуп каласызбы? Сиздин аялыңызчы — Чекирова Тургунай.

Бозуланов жүлүнгө сайгандай дирт этип, бирок өзүн кайра дароо басып, үнсүз тиштенип калды. Балтабаев да башка сөз кошкон жок.

Бозуланов көптөн кийин телефонду алды:

— Мага Ахунжановду... Ахунжановбу? Тез кел мага.

Бозуланов телефонду карс эттирип рычагына ташпады. Анан экөө тең үнсүз отурушту. Ахунжанов келгенче арадан бир да сөз өткөн жок. Дубал боорундагы сааттын гана чыкылдаганы угулат.

Жылтыраган кара мурутун бурап, сулуу Ахунжанов кирип келди.

Бозуланов өз каршысынан орун көрсөтүп, отура электе унчукту:

— Сен Балбаковдун ишин эмне үчүн созуп жүрдүң? Эмне үчүн түрмөгө албайсың ушул убакка чейин?

— Кантип алам мен?

— Азбы сага ушунча кылмыштары?

— Кылмыштары боюнча прокуратурада иш жүргүзүлүп атат. Аялынын арызы бар. Чокоевдин арызы бар.

Бозуланов аны күтпөй күүлөнду:

— Коммунисттик партиядан ыйык биздин эмнебиз бар? Кызыл билетти жерге чапкан соң, мындан артык кылмыш болушу мүмкүнбү? Экөөбүз башыбыз менен жооп беребиз. Алыш керек аны түрмөгө! Партиянын бирдиги үчүн алышыбыз керек түрмөгө! Партиянын авторитети үчүн! Биз ошо деп иштеп жүрөбүз.

Ахунжанов унчукпай турду. Бозуланов антыга күчөп кетти.

— Бир адам экинчисинин башын жара чапкан болсо, алда качан алар элең түрмөгө. Ал эми бу таш менен миң жолу ургандан оор! Сага ошо гана керек болсо, жасагын аны... Чокоевдин башын жара койгон деп справка ал. Врач керекпи сага! Мен айтып коемун. Чакырт сен Чокоевди. Бүгүндөн калбагын.

* * *

Кубатов парткомдун эшигине саат ондо келип, женил машинадан түштү. Аны коштогон экинчи машина Кубатовду узатып жүргөн областтык жооптуу кызматкер болучу. Кайып Кубатович машинанын эшигин акырын жаап, москол ийиндерин саал төмкөрүлтө эңиш

тартып, тепкичтер менен жай көтөрүлдү. Анын сөөк-саактуу, арык жүзүнөн сөлү качкандай, чарчаңкылыгы сезилип, бирок алагар көзү курч көрүнүп, кыймыл-аракети да чапчаң сыяктуу эле. Ал секретарь кызга баш ийкеп салам айтып, анан шарт эшик ачып кирип барганда, өзүн тартипке келтирип күтүп отурган Токтор Бозуланов креслосунан ыргып туруп, Кубатовго кол узатты. Анан Кубатовго төр жакты жаңсай берди эле, ал төргө баспай, туура жактагы дивандын үстүнө шляпасын таштап, терезенин кош рамкасын сырка карай ачты.

— Кандай иштеринер? — деди Кубатов Бозуланов жакка али бурула элек жатып.

— Жакшы, Кайып Кубатович,— деди Бозуланов саал апкаарый түшүп. Ал баягы Бозуланов эмес, жупуну, алсыз сыяктуу сезилер эле. Кара жүзү саал кумсарып, калың эриндери көгүш тартып, жабылбай турду.

Кубатов ак дасоромолун алып, чаң отурдубу дегендей, көк чачтуу желкесин, жүзүн сүртүнүп, анан Бозулановдун каршысына отурду.

Анан Бозулановго «отур» дегендей акырын кол жаңсай берди. Бозуланов өз креслосуна отурду. Кубатов ичинде кагазы жоктой жалпак көрүнгөн кызыл папкасын жазып жатып сүйлөдү:

— Кана, тоют кантип атат?

— Жакшы. Бизде бул иш бир топ уюшкандык менен баратат, Кайып Кубатович.

— Жакшыңар ушубу, али бир жылдык планыңар толо элек.

Бозуланов саал шашып калды:

— Эки совхоз артка тартып атат, башкаларында дурус.

— Дурусуңар аздык кылат. Быйыл бир жарым, эки жылдык тоют даярдайбыз деп күн мурун үндөө кабыл алып, жар салган өзүңөр, а абалыңар болсо бу. Дагы дурус дейсиңер. Кайда дурус?

Бозуланов апкаарый түшүп, жооп бергиче Кубатов папкасынан кагаздарын жайып сүйлөдү:

— Макул, алар жөнүндө, анын алиги суу чатагыңар боюнча атайын сүйлөшөбүз... Бүгүн саат үчкө башкармалар, директорлор чогулабы?

— Чогулат, Кайып Кубатович.

— Ошондо сүйлөшөбүз.

Кубатов бир кагазды бетине тутуп туруп, анан сурады:

— Кана, алиги Балбаков деген кайда? «Ак-Таш» колхозунун экономисти?

— Жок. Күтүп отурам.

— Мен үч күн мурда өзүңүзгө айтпадым беле, сөзсүз кабарлап коюңуз деп?

— Кайып Кубатович, мен айттыргамын атайын.

— Кана айттырсаңыз?

— Өзү ошондой бир кудай урган неме.

— Кандай?

— Деги жоопкерчиликти сезбеген, өз билгениндей тетири баскан бир кер аяк.

Кубатов көкала чачын сеңселте жалт бурулуп, Бозулановдун кара жүзүнө алагер көзүн кадай берип сурады:

— Кандай кылабыз? Ага сөзсүз жолугушум керек.

— Ким билет, кудай урганды,— деди Бозуланов далысын куушуруп,— колхозго болсо көптөн бери барбайт экен. Анан бекер жүрүп, көрүнгөн жакка чуу сала берет окшойт.

— Анын дооматтарын сиз кандай карайсыз?

— Жакшы эле карайм. Бирок, Кайып Кубатович, негизсиз. Тим эле ушак. Өзү кудай урган бир беймаза адам экен. Деги былтыртан бери ошонун арызы менен жүрүп иштей албас болдук.

— Көп жаздыбы?

— Ооба, тим эле жадатты,— деди Бозуланов жандана.

Кубатов токтоп калды да, анан кайра сүйлөдү:

— Анын койгон айрым кинелери бир топ негиздүүдөй, чындыктын үлүшү жок эмес. Менин оюмча, өзү да аркы-беркини ажырата ала турган тың неме көрүндү эле. Туурабы?

— Ырас, ал өзү бул маселеде бышкан неме. Андыганы ошо болгон соң.

Кубатов ойлонуп туруп кошумчалады:

— Сизге тапшырма, жолдош Бозуланов, кайдан болсо да ал жигитти таптырып келиңиз. Өтө зарыл. Анан мына бул кагаздагы кызыл калем менен сызылгандарга көңүл буруңузчу. Мен сизден бул маселелер боюнча түшүнүктөр алайын.

Кубатов Бозулановго берди Садыктын баягы күнкү арызын. Бозуланов тез-тез көз жүгүртүп, тез сүйлөдү:

— Атайын өзүбүз текшергенбиз, анан обкомдун өкүлү менен бирдикте да текшергенбиз бул маселелерди. Баары курулай сөздөр.

— Жолдош Бозуланов,— деп катуураак унчукту Кубатов. Анын негедир кыжыры келе түшкөнсүдү. — Сиз оозеки жооп бербеңиз мага. Терең ойлонуп, ошолорду жокко чыгарар далилдер менен айтып бериңиз, макулбу?

— Куп.

Кубатов ордунан туруп, терезе жакка беттей басып, сөз сурады:

— Тиги Алдосов барбы?

— Жок эле.

— Экинчи секретарчы?

— Бар.

— Бизге кошуп бериңиз. Азыр тээ дарыянын башы тарапка барабыз. — Плотина куруучу жайга. Москвадан комиссия келген. Биз кайтканча, алигилердин баарын өз колуңуз менен тактап турунуз. Таптырыңыз Балбаковду кайдан болбосун.

Кубатов эңилип шляпасын алды да, сыртка карай басты. Бозуланов кошо чыкты эшикке чейин узатып.

Кубатовдун машинасы алдыга түшүп, аны коштогон эки жеңил машина чимирилип, сай бойлогон жол менен жөнөдү. Кубатовдун башында жаңы плотина, анын эл чарбасындагы ролу, жаңы түшүм, какыр жерлерде пайда болор жашыл кыштактар жөнүндөгү ойлор түрмөктөлүп, иши кылып, анын көңүлү көтөрүңкү баратты.

Кубатов саат үчтө кайтып, райондун чарба жетекчилери менен эки саатка жакын сүйлөштү. Анан Бозулановдун кабинетине кирип, Балбаковдун ишине бурду көңүлүн.

— Балбаковду таптырдыңызбы, жолдош Бозуланов?

— Жок. Анын дайынын эч кайдан таппадык.

Бозуланов баягысындай аптыкпай, Кубатовдун өткүр алаган көзүнө тике бет багып туруп жооп берди.

— Кайда жоголот ал? Өз убадасы боюнча да мага ушул жерде жолукмак эле да.

— Сизге учурады беле мурда?

— Учураган.

Бозуланов сестене түштү саал, бирок үнүн ишенимдүү чыгарууга аракеттенди.

— Ал өшондой, бизге деле көп жолу убадалар берди, бирок эртеси унутуп калмай адаты бар.

— Кана, тиги катты жакшылап карап чыктыңызбы?

— Карадым, Кайып Кубатович. Мындагы доомат-тардын бардыгы текшерилген бизде. Мына, комиссиянын түшүнүк каты, мына күбөлөрдүн көрсөтмөлөрү, түшүнүк каттары, коммунисттердин арыздары...

Бозуланов эсепсиз көп документтерди таштады Кубатовдун алдына. Кубатов алардын айрымдарын көз жүгүртүп, анын баарын нараак жылдырып, ойлуу токтоло калды. Балбаковдун катын кайра алып, өзүнүн кызыл папкасына салды.

— Бул катты мен обкомдо калтырам. Келсе айтыңыз Балбаковго,— дагы токтоло калып кошумчалады,— сиз издетиңиз, эртең тапсаңыз обкомго жөнөтүңүз. Мен кеткенче өз оозунан угушум керек пикирин.

— Балким, ал жалтайлап жүргөндүр.

— Эмне үчүн?

— Өз башынын кылмыш иштери боюнча иш козголуп жатат.

— Кандайча?

— Хулигандык. Айрым адамдарга кол тийгизген. Өз аялынан да арыз бар. Прокуратура отургузуп коюшу ыктымал.

Кубатов ойлуу токтоло калды да, анан чечкиндүү буйрук берди:

— Жок, жолдош Бозуланов, аны отургузбаңыздар.

Кубатов кеч бешимде жөнөдү областтын борборун көздөй. Аны узаткан жеңил машиналар да биринин артынан экинчиси куулдап учуп, райондук милиция бөлүмүнүн имаратынан өтө беришкен ченде кичинекей бийик терезелүү полу асфальтталган караңгыраак бөлмөнүн ичинде жансыздай сулап жаткан Саадык Балбаков көз ачып, өйдө болуп, эсин жыялбай жаткан эле. Анын көздөрү электенип туруп, анан айланасын араң ажырата көрдү. Жаагын жууган кан алда качан тоңуп, дордоюп шишиген эриндерин араң кымтып турду. Жаак соогу зыркырап ооруп, оозун ачууга мүмкүндүк берген жок. Ал жер таяна өйдө болуп, анан дубалга сүйөнө отурду да, башын өйдө көтөрө, темир тордуу кичинекей терезени тиктеди. Анан ал баарын бир баштан эсине түшүрдү...

XLII

Садыктын камакка алынгандыгын укkан Миңбай түнү бою уктай албай чыкты. Жүрөгүн алда кандай бир сезим кысып, аппак кыркма сакалдуу арык жаагын бүлкбүлк эттире катуу тиштенип, өзүн-өзү араң токтотту.

Миңбай эрте туруп, эрте жөнөп, райондун борборуна келип түштү. Ал эч жакка бурулбай, милиция бөлүмүнө барып, Садыкка учуроого руксат сурады. Бирок болбой коюшту.

— Ой, эмне үчүн? — деп Миңбай энтиге сурады.

— Ошондой буйрук берилген.

— Айтчы балам,— деди Миңбай жаш дежур милиционерге кайра суроо берип,— кимге кайрылам? Эң чоңдар ким?

— Майор Ахунжанов.

— Кайда?

— Өзүндө.

Миңбай Ахунжановдун кабинетине кирип барды. Ахунжанов сулуу кара мурутунун астынан аппак тиштерин саал көрсөтө жылмайып, Миңбай менен көрүшүп, ага сылык жаңсап орундук көрсөттү.

— Ой, балам,— деди Миңбай аптыгып,— алиги биздин экономист баланы камакка алыпсыңар, бу кандай кеп?

— Айыбы бар. — Ахунжанов камырабай жооп берди.

— Кандай айыбы бар?

— Анын сизге кереги жок. Сот болгондо угасыз.

Миңбайдын оозуна кеп кирбей, Ахунжановдун сулуу жүзүнө тигиле туруп калды.

— Болуптур... Анда мага руксат бергиле, алын сурап кетейин.

— Жок. Соту болгонго чейин эч ким менен учураштырылбайт.

— Ушунчалык айыбы оорбу?

— Оор — дезорганизатор... саботажник... хулиган.. партияга каршы сөз айткан. Ленин партиясынын билетин жерге чапкан!

Миңбай эмне кыларын билбей, өзүн арак токтотуп:

— Айыбы — тике сөздүгү. Муну өкмөт акыйкаттайт. Айтабыз,— деди.

Ахунжановдун сулуу жүзү кызарып кетти:

— Сиз эмне бизди коркутканы келдиңизби?

— Колуна минтип укук берип койсо, жанына тапанчаны байлап койсо, коркот белең? Бирок эсиңде болсун, балам, өкмөт акыйкат сактасын деп байлаган ошо тапанчаны... Айтабыз айтчу жерге.

Миңбай ордунан туруп баратканда кыжырдана сүйлөдү Ахунжанов:

— Каякта өскөн немесиң? Сакалыңды сыйласа, эркейсиң. Закон сенин сакалынды карабайт. Советтик милициянын ишине шек келтиргиң барбы? Мойнуңду кайрып коет.

Миңбайдын ызасы жүрөгүн жарып кете жаздады, арстананы аттабай кайрылып токтой калды:

— Кайры мына!

— Кайрыйбыз керек болсо. Кеткин чыгып кет, көп сүйлөбөй.

Миңбай аппак кырма сакалдуу ээгин көтөрүп токтой калып, анан ылдам басып чыгып баратып айтты:

— Отуруп калармын сенин жанында! Кетем.

Ал эч жакка кылчайбай райкомдун имаратына барып, экинчи этажга көтөрүлдү. Бозулановдун үстүнө кирип барды.

Бозуланов кара жүзүнө анча жараша бербеген көз айнегин тагынып, телефондун капкара трубкасына бакылдап, кимгедир буйруктар берип сүйлөп жаткан эле. Миңбай зордоп өз демин басып, үнсүз угуп турду. Бозуланов көпкө барып бүттү сөзүн.

Миңбай өз кебин Ахунжановго бергендей суроо менен баштады.

Бозулановдун жооптору да жаттап алгандай, Ахунжановдуку менен тушма-туш чыкты.

— Бул калыстык эмес, бул адилеттик эмес,— деди Миңбай аптыгып,— партия муну акыйкатташы керек да.

— Сиз кай жерде отурасыз? — деп сурады Бозуланов.

— Райкомдо.

— Демек, күмөнүңүз барбы, анын ишине?

Миңбай бир ирмем токтоп калды да:

— Бар күмөнүм... Туура сөз үчүн эмнеге камалат адам?!

Бозуланов калчылдап кетти:

— Анын ишин партия айыптайт.

— Анда мени да айыптагыла. Садыктын жер жөнүндөгү, нан жөнүндөгү ойлоруна ортокмун!

— Теримге каршы саботаждыкты бирге уюштурган-сыңар аны менен!

Миңбай сестенбей:

— Канча жылдан бери иштейсиң кызматта? — деп сурады.

— Анын кереги жок бул жерде.

— Жок. Кереги бар.

— Жыйырма жылдан бери.

— Оо, жакшы. Ушунун канча жылын айлык албай иштедиң?

— Бизде андай жок. Ким канча иштесе, ошончо алат, деген социалисттик принцип бар.

— А-а, мен колхоздо отуз жылдан ашык иштеп келатам. 20-25 жылдан айлык албай, бир тоголок дан ал-

бай иштеген жылдарым болгон. Колхозубуз отуруп калган жылдар өткөн. Мен ошондо эмне үчүн саботаж кылбайм да, эми кылам? Айтып берчи, балам, сен андай билгичил кыраакы болсоң?..

Бозуланов көгүш эрдин былк-былк эттире сөзгө какай түштү да, анан сыр алдырбас үчүн күрпүлдөп үнүн катуу чыгарды:

— Бул башка маселе. Балбаковдуку башка.

— Жок, менимче, анын маселеси, топурактын маселеси. Меники да.

— Ал дезорганизатор... саботажник... хулиган саясы айыпкер...

— Бул кимдин сөзү, балам,— деди Миңбай тиштенип өзүн өзү араң токтотуп,— өзүңдүн сөзүңбү, же райкомдун, бүткүл партиянын сөзүбү? — Миңбай сакалын титирете Бозулановдун жүзүнө тигилип турду.

— Бул — партиянын сөзү! — деди Бозуланов күрп этип.

— Бүткүл партия биз деп ойлойсуңарбы өзүңөрдү Балтабаев экөөңөр? — деп Миңбай шалдайып туруп калды. — Эгер силер бүткүл партия болсоңор, анда партияга айтарым башка. Менин жүрөгүм адилеттик кай жакта болсо ошол жакта.

— Оо, сен партияны айыптаганы жүргөн немесиңби? Бул үчүн жооп бересиң!

Миңбай колун кезеди:

— Мен партия деп адилеттикти түшүнгөмүн. Ошон үчүн ага өткөмүн. А сен мени коркутпа! Адилеттик үчүн мен бир эмес, бир нече жолу өлүмдү беттеп баргамын. Мына, билгениңди кыл, мен кеттим.

Миңбай көчөгө чыкканда тамагын бууган күчтүү сезимден улам ийин кагып, энтигип калган эле. Көкүрөгү жакжайып ачылган ак жегдесин кымтыланып алуу да эсинен чыгып, чоң көчөнүн ортосу менен басып бара жатты. Тратуардагы адамдар да көзүнө илинген жок.

— Миңбай! — деп оң жагынан чыккан үндөн улам, кылчайып токтоло калды. — Сага эмне болду? Адам жүрөр жол кайсы, машина жүрөр жол кайсы, карыгыча ажырата албас болдуң,— деп тамашалап, аппак каш кирпиктүү курбусу Григорий Попов турган эле.

— Ой,— деди Миңбай эми эсин жыя басып,— ой, алиги Садык баланы камап таштаптыр го. Анын аракети ак эмес беле! Ушу да адилеттикпи? Же экөөбүз ушул үчүн күрөшүп, ушул үчүн каныбызды төктүк беле? Кайда адилеттик деген өзү?

— Минбай, бекер күйүкпө, анткенден пайда жок. Мен да уктум.

— Ой, сен да ошону угуп келдиң беле?

— Жок, биерден уктум. Пенсия книжкамды алмаштырганы келген элем.

— А, сен өз шүгүрчүлүгүң мененсиң да эми.

— Эй, Минбай, мени да кошо айыптабасаң.

— Анан эмне шашпа дейсиң? Камап таштаптыр го?!

— Деминди бас. Акыйкатталат али.

— Гриша, сен мени сооротпо! Бул жерде кеп жеке эле Садык баланын камалып калышы жөнүндө болуп жаткан жок. Кеп жер маселеси, топурак маселеси жөнүндө болуп жатат. Дыйкан маселеси жөнүндө болуп жатат. Садыктын сөзү ошо жөнүндө да... А Бозуланов болсо өз оюна бек. Партия камап атат дейт. Айлыкты чоң алат экен, иши болгудай эмес башка менен. А сен дагы 120 сом пенсия алат эмессиңби, кой, жөн жүр деп акылдуусунасың да эми...

— Ой, Минбай, мени да кошо айыптабачы!

— Сен чычалабай угуп турсаң. Мен да карый баштагандан бери бир нерсени көп ойлоно турган болуп кеттим. Алиги өзүң билген Турдубай экөөбүз теңбиз. Колхозго да бирге кирип, бирге иштегенбиз. Кечээ согуш жылында аны шахтыга алып келип, көмүр каздырган. Кийин ошерде кала бергенде наалат кылганбыз: баягы Турдубай чоң сакалын кырктырып, шахтада кала бериптир. Ушерге келип жер тырмаса оокаты өтпөй калат беле, атаңа наалаттын деп. Азыр 120 сом пенсия жазып берип, бошотуп ийиптир. Мына эми сакалын бир боо бакалдай кылып койдуруп алып, кемпири экөөлөп той уулап, эч неменин камын ойлобой басып жүрөт. Же болбосо тиги менин шаардагы досум Сарымсак устаны жакшы билесиң го. Илгертен кесиби — кайышчы. Кийин фабрикада иштечү — өтүкчү болуп, 100 сом пул менен пенсияга чыгыптыр. Көрдүңбү, Гриша, сен өмүр бою тапанча тагынып жүрүпсүң, жакшы, Турдубай чоң сакал көмүр казыптыр, жакшы. Сарымсак өтүк тигиптир, жакшы. Баарынардын пенсияңар бар экен, жакшы! А меники эмне үчүн жок? Мен өмүр бою топурак чеңгелдеп жүргөндүгүм үчүн айыптуумунбу? Адамдарга нан таап бергендигим ага арзыбайбы? Ушу кандай? Кана айтчы, Гриша? Экөөбүз ушул үчүн күрөштүк беле? Же дагы сооротқуң барбы мени?

— Акырын, Минбай. Өзүндү карма,— деди Попов дагы.

— Кармаганда, кармабаганда Бозуланов айтпадыбы айтарын. Дыйкандын таламын айткандыкаясы айыпкер кылып камап отурса, дагы кайсы акылына чакырасын мени?

Попов туруп калып, анан сүйлөдү:

— Бозуланов көптү билер, балким. Бирок Миңбай, ар бир адамдын сөзүн партиянын сөзү деп түшүнсөк, кандай болор эле? Ушул жагын ойго алдыңбы?

Миңбай күйүп кетти:

— Партиянын сөзү деп атпайбы! Партиянын атынан кыйратып атпайбы, ой!

— Сабыр кыла турчу.

Экөө тең үнсүз болуп калышты. Экөөнүн тең учкул кыялы жарышып, бир кездеги жалындуу учурларына — жер үчүн, Совет бийлиги үчүн күрөшүп жүргөн жылдарына кеткен эле.

XLIII

Кийинки күндөрдө Садык тынымсыз жол басты: анын жолу — камалган камеранын ичиндеги беш метр аралык эле.. Бул тынымсыз узак жолдо анын ойлогону жалгыз Кубатов болду. Жүрөгүнүн ар бир согушу да «Кубатов. Кубатов. Кубатов...» деп жаткансыды. Биринчи күндөрүндө көөдөндө кайнаган кыжыры, ызаалуу сезими да акырындап тарап, өз абалы, бул маселелер жөнүндө ойлогондо мурдагыдай күйүп-бышууга жендирбей, терең, калыс ойлонууга мажбур боло берди.

«Мына, ушул жалгыз каранғы бөлмөдө отурганыма бир далай болду,— деди Садык төрт кана кадам асты муздак бөлмөнүн ичинде бурчтан бурчка басып туруп, оюн ичтен жай улантып,— эмне үчүн түштүм мен бул бөлмөгө? Мага азыр жаап жаткан жалаалар чыныгы адамдык абийириме бетме-бет келип баа берсем, кандай?..»

Азыр аның ичинде эки адам, бир нече түшүнүк күрөшүп жаткансыды. Белгисиз бир үн минтип айтты: «Ырас, сен кара иштерден жүз үйрүп гана тим болбой, аны жектеп, ар убак адилеттиктин артынан ээрчип, аны издеп таап, ак жашап өтүү дединг өз жашоонун маңызын. А дүйнө болсо кең. Ал өз агымы менен жылып алга барат. Агым менен калкый берсең, улам алга, улам жаңыга көздөй жыласың. Ал эми анын агымына каршы турсаң, кубаттуу шар сени тоголото коюп жыгып кетет, же кумга ыргытылган балыктай шарпын-

ды менен четке серпип таштайт. Эрте камынсаң, аракетиң болсо ыргып туйлап кайра сууга түшсөң, эстүү болосуң, тынч ага берүүнүн тууралыгына күмөнсүнбөй каласың. Жок, туйлоого кубатың калбаса, тез камыңды алдын албасаң, дал ошол ысык кумда акактап жок болосуң. Дал ошол кубаттуу шар менен четке ыргытылган сен болгонуң жокпу? Ойлочу, сен бул күрөшүң менен турмуштун кубаттуу агымынан эмнени өзгөрттүң? Айнура айткандай, сенин бардык мүмкүнчүлүккө колуң жетип турган жок беле? Балтабаев каалаганыңа барууга да убада бербеди беле? Чын эле ал жашоо сырын билген, жер менен, эл менен тамыры тартышкан адам эле го. Ал да бир нерсени билген үчүн, сени адам деп жам тарткандыгы үчүн айткандыр эле го ошону. Бул татаал, өз өнөгүн бербеген өжөр турмушту бир силкип өзгөртүп коё албаганыңдан соң, эмне үчүн өзүңдүн кыска өмүрүңдү адамча жашап өтүүнүн жолун билбейсиң? Сага өмүр жолу эки берилбейт го? Эмне үчүн сен жок дегенде ушу жалпак бет Жапакча жакшынакай турмуш куруп алалбадың? Үй жайы, алдында минген «Волга»... Сен эмне үчүн анта албайсың? Антүүгө сенин да колуң жетип турган жок беле? Сен үчүн бул «оюн» оңойго түшүп отурабы? Кана сенин бала-чакаң? Кана сенин зор ишенимиңе байланышкан кызыл билетиң? Кана сенин эң эле көп жолдош-жороң? Ал эми бу кымбат курмандыктар менен сенин жетишкениң эмне болду?..»

Садыктын көөдөнүндөгү экинчи бир үн мына мындай унчукту: «Адам суу бетинде эч бир аракетсиз калкып агып бараткан чамынды эмес да. Адам адамдыгы үчүн адам. Анын адамдыгы жеп-ичип, уктап-туруп жүргөндүгү эмес, анын айланасында болгон активдүү мамилеси — бу жаман, бу жакшы деп бөлө билгендиги. Бул адилет, бул адилетсиздик деп көрө билгендиги, ага карата өз катнашын белгилей алгандыгы... Ошон үчүн адамдардын ар бири өзүнүн дүйнөгө көз карашын түзөт. Ошол ишенимде турат, ал аркылуу айлана-чөйрөсүнө, башкаларга таасир этет. Мына ушунун натыйжасында адамдар коому бүгүнкү деңгээлине жетип отурат. Бүткүл ушул жол — адамдардын өз ишеними, өз көз карашы үчүн күрөшүүнүн жолу болгон. Ага аркандай аспектиден, ар кандай тармактардан келтирилген мисалдардын кереги жок. Өз ишеними үчүн отко жакканда да эң мыкты адамдар андан кайтпай кете беришкен. Бири адамдардын узак жашаган, экинчи-

си кыска жашаган. Бири бай жашап өткөн, экинчиси жарды болгон, бири зор болгон, экинчиси көз каранды, бирок ушулар белгилегенби адамдардын турмуштагы ордун? Ушулар белгилегенби адамдар коомунун жылышын? Жок. Албетте, жок. Аны белгилеген нерсе адамдардын ишеними, ал ишеним үчүн болгон күрөштөр билгилеген. Ырас, Садык, сен деле азыр эч нерсени өзгөртүп жибере алганың жок, анткени — дүйнө зор. Бирок сен анын бир кыпыны болсоң да өз ишениминде турасың. Бул сенин адамдык милдетиң... Мына, айталык, кечээги эле согушта бирөө анын биринчи күнүнөн тарта катышып, чегинүүнүн кайгы-капасын тартып, анан колго түштү дейли. Фашисттик концлагердин азаптозогун аралап, анан алардын азаптуу оор мажбурлаган эмгегин иштеди дейли мандайынын терин кургатпай. Анан жеңиштин кубанычын да бөлүштү. Эми согуш азабынын баарын баштан кечирген бул адамга, айталык, эл урматтап белгилеген баатырдык наамды берип, Алтын Жылдызды көкүрөгүнө тагып коюуга болобу? Жок, антилген жок. Ал эми көз ирмемде өз солдаттык комиссиясынын учуна чыккан Чолпонбайды алалык, алигинин ордуна. Алтын Жылдыз да, даңк да анын атына түбөлүк табигый нерсе катары шай келишип калган жокпу? Анын адамдык жүзү дал ошондойчо таанылды. Анын узун, кыска өмүр жашаганынын кандай кажаты бар?.. Ал бул эрдиги менен жеңишти алып келген жок. Жеңишке карата болгон ишеним гана көрсөттү. Жеңиш дал ушундай эрдиктердин учкундарынан жана ишенимдерден куралды. Демек, сен кадамың жөнүндө ушундайча ой жүгүртүп, ушундайча жыйынтыктарга келишиң керек эмеспи? Сенин мындан аркы өмүр жолуң да бул ишенимиңи кандай баалап, ага кандай мамиледе болоруна байланышпайбы, Садык?..»

Аралыкта анын башына мына мындай ойлор келе калат: «Кантип эле мен адилеттикти таба албай калам? Жүрөгүм ишенип турган адилеттикке колум жетпей калабы? Эгер Кубатов да менин акыйкатымды көрбөй калсачы? Жүрөгү солк дей түшөт Садыктын. Ал токтой калат. «Жок! — дейт кобурап угуза айтып,— адилеттикти Кубатов көрүшү керек. Кубатов аны көрөт...»

Садыктын жүрөгү зор ишеним менен дикилдеп сого баштайт: «Кубатов. Кубатов. Кубатов...»

* * *

Жаңы погону жаркыраган майор Ахунжанов сулуу кара мурутун чыйратып, кабинетинде өзү жалгыз эле. Милиционер Садыкты анын үстүнө айдап кирди.

Садык мандайына отурган соң Ахунжанов ага сигарет узатты да, чырт эттире күкүрт чагып, жандыруу га кичи пейил узатты. Садык сигаретти кайра-кайра сорду.

— Сиз эмне үчүн тергөөчүлөргө сурак бербей жатасыз? — деп сылык сурады Ахунжанов.

— Бербейм! — деди Садык токтолбой.

— Эмне үчүн?

— Менин Кубатовго жазган арызым бар. Өз колуна тапшыргамын. Өз оозунан сөз угамын. Анан сурак беремин.

— Ушундай де! — деди Ахунжанов саал кекетип. — Күнөөндү Кубатов кечип жиберерине ишенесиңби?

— Күнөөм жок.

— А Кубатов күнөөң бар деп тапсачы?

— Антпейт.

Ахунжанов тартмасынан кагаз алып, столдун үстүнө таштады.

Садыктын денеси дирт этип, көзү караңгылаша отуруп калды.

Ал кагаз Садыктын Кубатовго жазган арызы эле. Арыздын бетинде эки виза бар болучу, бирок от учуп электенген Садыктын көзүнө тамгалар түк илинген жок.

— Тааныдыңызбы катыңызды? — деп жылмайды Ахунжанов. Анан Садыкка уруксат берди. Милиционер аны өз камерасына айдап жөнөдү. Садыктын муундары бошоп, сендилектеп араң басып бара жатты.

XLIV

Районго обком менен областтык партконтроль уюштурган текшерүү комиссиясы эч бир байкоосуз келди. Комиссиянын мүчөлөрү экиден, үчтөн болуп, өз тармактары боюнча иштерин жүргүзө баштады. Жанузаков болсо сыртынан демейки уполномочен болуп келгендей эле жүрдү. Бирок эки-үч күн өтпөй, иштин жайы элге белгилүү болуп калган соң, көпчүлүктүн делебеси күбүр-шыбыр болуп көтөрүлүп кетти.

Кайдадыр курортто жүргөн Бозуланов комиссия иштей баштагандан кийин онунчу күнү кечке маал ша-

шылыш келди. Ошол замат Балтабаевге телефон чалды. Жанын коерго жер таппай турган Балтабаев женил машинасынын жүз километрдик ылдамдыгына да алымсынбай шашып, эл жата Бозулановдун үйүнө кирип барды.

— Эмне кеп? — деди Бозуланов саламдашкан соң.

— Кеп ошо — комиссиянын мүчөлөрүнүн көбү биздин колхоздо.

— Эмне деп жатышат.

— Азырынча эч нерсе белгисиз. Баары эле жең ичинен...

Бозуланов шүгүрчүлүк келтиргендей болду.

— Ушул учурда сиз жок болуп, комиссияга Алдосовдун кирип калганын карасаңыз. Тагай, Минбайлар Алматыдагы Алдосовго звонить этишиптир, Садыкты камап койду деп... Алдосов келе жатып, ЦКга, андан бери обкомго кирген имиш. Иште козуткан ушул экен... Башка чапкан сайын Балбаковдун кайра күчөгөнү бекер эмес тура.

Бозуланов Балтабаевдин жүзүнө жалт бурула сүйлөдү.

— Жамандык ойлосо, Алдосов кутулуп кете албайт. Менин да ага даярдыгым табылат. «Берү карыса, бир көйлук алы бар» дейт.

Бир пас унчукпай калышкан соң Бозуланов кайра сурады.

— Колхозчулардын түрү кандай?

— Билбейм,— деди Балтабаев бир аз ойлуу,— жаман... Баягы Тагай, Камилжан, Минбайлар, кыязы, айрымдарды күрбөтүп аткандай.

— Алардын кылары ошол экендигин баягыда эле байкагамын. Алдын алыш керек.

Ичтен аябай кысылган байкатпоого аракеттенген Балтабаев эми мойнуна ала сүйлөдү. — Мен шашып калдым. Алар эле болсо мейли го. Алиги Алима кызыбыздын да түрү бузуктай.

— Эмне дейт?

— Э, сурабан, мени беттен алса болобу, бактысыз кылдың деп...

— Ал эмнеси?

— Билбейм.

— Айтпайсыңбы, өзүндүн мойнуна шорпо төгүп аласың деп.

— Болбойт антсем. Көзүндө жаш... Эми Жанузаковго барып жүрөт дейт.

— Алиги бузукту эр кылып алам деп жүргөндүр?

— Ким билет? Тиги Чокоевди парторгдон алган чогулушта аны жакалагандардын бири да ошо болбодубу! Мага асылганын айтың.

— Эмне дейт? Чокоевди ким алды парторгдон?!

— Э кокуй! Сиз укканыңыз жокпу али? Мен чаап келсем, аялыңыз жөн кое тургула, тынч дем алып келсин деп койбодубу,— деп энтиге сүйлөдү Балтабаев. — Алдосов барып шашылыш чогулуш өткөрбөдүбү?! «Партияга татыксызсың, закон алдында жооп бересиң» дебедиби. Катуу...

— Эмне экен айыбы?

— «Партиялык принципиалдуулугун жоготкон. Көз боемочулуктар уюштурган» дейт. Кыскасы, баягы Балбаковдун айткандарын кайталайт. Ал акмак арызын баягыда обкомго таштаган экен. Анын экономикалык закондуулук деген балээсин обком туура таап атат имиш...

Балтабаев салбырап бошошуп турду.

— Тың бол,— деди Бозуланов сыр билдирбей,— планды толтуруп атасыңбы? Пара жегениң жокпу? Демек, камыкпа! Текшерүү деген боло келген.

Балтабаев саам дем ала түштү.

— Мына турабыз, мени да биерге ишенип койгон. Бизсиз чечип коюга эч кимдин акысы жок!

Балтабаев Бозулановдун жүзүнө ишеним менен тиктеп турду.

Бозуланов эми кеңеш берип сүйлөдү.

— Сен жатпагын. Алиги как баш чалды баш кылып, өзүң тилге ал. Берки Тагай менен Камилжанды мага жиберчи.

— Парторг болгон соң Тагай башкача пейил күтүп калган...

Бозуланов кыжырдана жаагын кабыштыра тиштенип турду.

* * *

Текшерүү башталгандан көп өтпөй, «Ак-Таш» колхозунун баласынан тарта абышкасына чейин ушул маселе менен жашай баштады. Айрымдары «Балтабаевдин ишин текшерип атат имиш десе, дагы бири, о кокуй Балтабаевге тиши өтөт беле, анын ишине каршы тургандарды жазалайт имиш, Садыктын артынан Тагайды баш кылып, дагы бир тобун алып кетет имиш» — деп күбүрөйт. Эл дүрбөй баштады. «Ой, эмне үчүн? Ай-

табыз билгенибизди!» деп көө бирлери комиссиянын адамдарын издеди. Билсе да билмексен болуп тымпыйгандары баарыдан көп...

Тумалай болсо жанын коерго жер таппай калды. «Садык мени урганда Тумалай күбө деп Черик айтыптыр. Бүгүн-эртең сени да сурашат окшойт» деген сөз бирөөдөн укkан соң, аяк-бучкагы жерге тийбей, жүрөгү чыгып калды. Ошону эле сураган болсо, «урган, же жок» деп жооп берип басып кете бербейт беле? Жо-жо! Мунун тамыры нары жакта. Тумалайдын өз оюнча ал «ушуну менен бар же жок болот». Айта берейин десе, Балтабаевден коркот. Ал көз алдында урабас аска тоо болуп турат. Эртең эле терисин тескери сыйрып алат. Айтпай кутулуп кетейин десе, чындыктан коркот. Өзү болбосо башкалар далилдеп берип коюшу мумкүн. Эртең эле Садык чыгып келсе... Тагайчы? Элчи?

Тагай күн сайын жумуштан соң комиссиянын ишинин жүрүшүн, ага карата ар бир коммунисттин, ар бир колхозчунун мамилесин байкап турду. Ал тынган жок.

Тагайга Тумалайдын кечетен бери жок экендигин, комиссияга ал керек болуп жаткандыгын айтышты:

Тагай түз эле Тумалайдын үйүнө кирип барды. Анын толмоч, жоош аялы эми жатууга камынып аткан эле.

— Жеңе, Тумалай акем кайда? — деди Тагай салам-дашып бүтпөй жатып,— Чынын айтыңыз.

— Чынын айтпаганда жашырып коет белем,— деди Тумалайдын аялы түк камырабай,— тээ «Кош-Арыкка» качып кеткен. — Тумалайды кантип барып таап алууга боло тургандыгын аялы айтып берди.

Жүз километрден ашуун аралыктагы Тумалайга Тагай түн катып машина менен жөнөдү.

Эрте күздүн түнү мемиреп конур. Кыштактар уйкуда.

Тумалайды эшик алдындагы чарпаяда бийик жаздаңып уктап жаткан жеринен тапты.

— Ой-ой,— деп Тумалай энтигип чочуп кетти.

— Бас,— деди Тагай машинаны көрсөтүп.

— Баспайм. Менин өз эрким, сенин ишиң канча? — деп Тумалай эң алдын Тагайга кыргыйдай тийди.

Тагай Тумалайдын жакасынан мууна чапчып кармап, жаш баладай кыкылдата силкип туруп айтты:

— «Билбейм дединг кутулдуң» деп кутулуп кете албайсың! Кыңк этсең өлүгүңдү машинага салып кетемин!

Тагайдын тиштери кычырай түштү.

— Айланып кетейин, Тагай, жинди болдуңбу? — деп

Тумалай жалбаргыча шашты. — О барайын. Айланайын, барайын деп атпаймынбы.

Дал ушул түнү Байдылла Балтабаевдин үйүндө да Муса баштаган бир нече адам бар эле. Ар кимиси ар кайсыны айтты. Баарына даяр экендиктерин билдиришти. Байдыллага кайрат кошушту. Бирок Балтабаев алардан тез кутулуп, өзү жалгыз болушун каалап турду. Келгендер менен тез коштошту. Ал жатып уктай алган жок. Бүгүн-эртең мененки Шалпыктын жоругунан соң ал өз тынчтыгын жоготкон.

Кече күнү Шалпыкты кечке маалкыга чакырткан эле, келген жок,— эртең менен келди. Жаңы «Москвич» машинасын өзү айдап, Балтабавдин эшик алдына токтоду. Балтабаев аны төр жакка олтургузуп, алдына дасторкон жайдырды. Шалпакты эркелете тамашага чалып, кыткылыктап күлгөн да болду.

— Шалпык,— деди Балтабаев дагы бир ирмем ойлуу токтоло калып,— мына азыр жаман болбой калдың, эл катарына кошулдуң, эми жамандык-жакшылыкта кепке тартабыз, кеңешке тартабыз. Мындан ары калыс сөздүү, өткүр көздүү болушуң зарыл. Ушинтип-ушинтип барып адам элге баш-көз болот, аксакал болот...

Балтабаев нуска сөздөрдөн бир топту айтты. Шалпык болсо жалпайып отурган калыбында сөз маңызын так ажырата албай, бирок үнсүз угуп турду.

— Адам кээде чайпалат экен, Шалпык. Өйдө-төмөн кетет экен. Ошондо жакшы сөз, жакшы кеңеш жөлөк болот турбайбы. Мына сен да олку-солку болдуң. Туугандын топурагы алтын дейт, колтугундан алдык, кайра ордуна кондурдук. Аялың өлүп кемидиң эле, кемтигиңди толтурдук. Азыркы аялың жаман келин эмес, балдарың жетимсиребей, жакшы болуп калыптыр. Ушунун баарысын билишиң керек.

— Билем, албетте билем!

— Сен бир жамандын сөзү менен оңколоп барып оңолдуң.

Балтабаевдин оюнун түпкү маңызына жете албаса да Шалпык маңыроо баш ийкей берди.

— Ошол жөнүндө «жолуман тайгылтканы чын» деп жазып бергин. Чыңды чын дегенден адам жаман болбойт.

— Кимге? — деп Шалпык сестейе түштү.

— Бүгүн-эртең сурап калышса...

— Ким бузду деп?

— Алиги бузуку Балбаков бузду да сени...

— Балбаков мени бузган жок,— деди Шалпык сөз маанисине түшүнөр замат оюн чукул кайрып. — Менин көзүмдү ачты ал. Ырахмат дейм мен ага.

— Эй, антпе,— деди Балтабаев кабагын түйө. — Ал — кылмышкер. Азыр түрмөдө олтурат. Сен актаганың менен да аны закүн кесип жиберет. Тулупка мөөрөгөн уй болуп жүрөсүң сен...

— Айыбы эмне экен?

— Айыбы көп. Аны сурап эмне кыласың? Сен менин айтканымды уксаң боло. Тетиги төрт бөлмөлүү үйдү, тетиги минип келген машинаңды Балбаков эмес, мен алып бердим го сага? Элден мурдараак алып бердим го.

— Балбаков болбосо ушунун баары жок болучу. Ал келе электе он жылдан кой артында жүргөн менин эмгегимди көрүнгөн пайдаланган экен. Мына мен деле 120дан козу, 4 килден жүн кыркып алат экенмин го. Мени деле чогулушта мактаса болот тура! Ырахмат Садыкка — камалса да менин укугумду өзүмө таанытып койду. Соту каерде болот анын? Мен сөзсүз барамын. Сотуна чакырткыла деп Жанузаковго да айттым.

Балтабаевдин жаман кыжыры келди. Демейки убак болсо Шалпакты башка-башка чаап, «Сыйырды сыйласаң, акурга чычат» дейт, атаңдын арбайы...» деп, төрүнөн кууп чыгар беле, ким билет?

Шалпыктан соң кечке чейин Балтабаевдин көкүрөгүндө дүмпүйүп, түпөйүл жарадай болгон бир нерсе кетпей койду. Бул жорук Балтабаевди өз алдына эсепсиз көп суроолор коюга мажбур кылды. «Ырас эле, кана кече күнкү айтканды түк эки кылбай жанда турган адамдар? Эмне үчүн Шалпык минтет? Эмне үчүн Алима жүз үйрөт? Эмнелерди иштебедим эле мен ал үчүн? Баба дыйкандай болгон Миңбай, Мамажандар эмне үчүн баягыдай эле жанымда турушпайт? Ушулардын баарын эле алиги Балбаков бузуп кетти беле? Мына азыр Садыкты булардан бөлүп коюшту го...» Ырас, Балтабаевдин ишениминде ал сөзсүз айыптуу, сөзсүз закондон сырткы иштерди иштеген. Ал өз жазасын сөзсүз тартышы керек. Бирок башкалар эмне үчүн Балтабаев ойлогондой, чындыкты ал көргөндөй көрүшпөйт? Же алардын минтип отурушуна реалдуу башка себептер бар беле? Болсо эмне эле ал?

Балтабаевге уйку бербей ойго салып отурган дал ушул акыркы суроо эле? Бара-бара бу суроонун маңы-

зына аргасыздан көзү жете баштады. Мурда уйкусу келбеген көп нерселерди өз купулунда мойнуна аргасыздан алып жатты. Садыкты... анын күрөштөрүнүн айрым учурларын көз алдынан бир-бирден өткөрдү. Ошондо ал абдан оор абалга келди. «Эмне кылуу керек? Эмне кылуу керек?» деген суроо башына миң жолу кайталана берди.

Көп отурду. Акырында өзүн колго алып, кескин жыйынтыкка келди. «Жок! Мен өз жолуман эми кайтууга эч мүмкүн эмес...»

Анткени терең кетип калган, алыс кетип калган. Эми андан кайтуу деген сөз өз башын байлап берген менен барабар болчу. Мына ушуну эстегенде, Балтабаевдин көзү пардай ачыла түштү.

Тиштенип үнсүз отурду. Өзүн-өзү кайраттандырды. Жаңы жыйынтыктар издеди. Жаңы жыйынтыктар тапты. Ал Садыкты бул жолу биротоло тээп ташташы керек. Қылмыштары боюнча анын сөзсүз кесилишине жетиши зарыл. Бу — башкы максат. Анан ал баарын өзү кайра баштайт. Бүгүн көзү жетип турган түшүнүктөр менен баштайт. Бирөөнүн айтуусу, көрсөтүүсү менен эмес, өзү башташы керек, өзү...

Балтабаев жеңилдене түштү. Дымагы көөдөнүнө жык толуп чыкты. Ал обдулуп ордунан тура калды.

XLV

Тургунайдын бир айдан бери жабык турган эшигине чакмак каптал такси иңирде келип токтоп, ичинен жарашыктуу, таптаза кийинген Тургунай, анын артынан өзүнө куйгандай окшош кара чачтуу кызы Жамалкан чыкты.

Тургунай караңгылык уялап турган үйүнө кирип, электрди жагып жибергенде, үй ичи жарк этип жайлуу жадырап турду. Минтиши кийинки күндөрдө Тургунайдын көөдөнүн кысып аптыктырган кош кубанычынан беле, же үй ичинин табитинен, тазалыгынан беле, айтуу кыйын эле. Тургунайдын кубанычынын бири — эки жыл бою ооруканада жүргөн Жамалкандын эң акыркы операциясынын ийгиликтүү өтүшү — аны минтип өзү менен кошо ээрчитип келип отурушу болсо, экинчиси — Садыктын иштеринин оңунан чыгып келатышы эле...

Тургунай чай кайнатып ичип, демин басууга аракеттенди. Чайдан соң көптөн бери бош турчу кроватына Жамалканды жаткырды. Бирок алкымын бува то-

луп турган кандайдыр бир сезим ага тынчтык бербей койду. Алда качан өткөндөрү түштү эсине... Бир туруп бетин баса, эчкирип ыйлагысы келди. Бир туруп мандай жарыла каткырып күлгүсү келди. Кимдиндир кучагына жыгылгысы келди. Эркелегиси келди. Бирок...

Тургунай канчалык токтоолук кылууга аракеттенгени менен да чыдай албады. Калем-кагаз алып, кат жазууга отурду:

«Азизим Садык!

Сенден мурда озунуп кат жибербеске кубатым жетпес... Бул кат менен сага билдирерим: Жанузаковго кирдим. Ал киши элдик контроль менен обкомдон түзүлгөн текшерүү комиссиясынын ишин аяктап калганын айтты. Мени менен көпкө сүйлөштү. Баарын айттым. Билсин алардын тамыры каяктан келе жаткандыгын. Ал киши «комиссиянын ишине сиз да үлүшүңүздү коштуңуз» деп ырахмат айтты. Жанузаков мен мурда ойлогондой эмес, башка түшүнүктөгү адам экенине ишене баштадым.

Садык биз жоготкон акыйкаттын изилденип отурушу мени чексиз бактылуу кылып койду. Мен сыймыктандым. Таза адилеттиктин жашап турганына сен көз ирмем күмөнсүнбө. Чыдай тур. Сенин акыйкатың, балким, тез эле жарк этер, жаным...

Азизим Садык, жел урган камгактай күтүүсүз түштүшкө ыргытылган биздин тагдырыбызды зор турмуш кайрадан бетме-бет алып келди. Төгүлгөн бактыбыз кайрадан мелт-калт болуп алдыбызда турат. Эми биз түбөлүк бирге болобуз. Сен менин жанымда болгонуңда гана турмуш мага канчалык кызык, канчалык терең боло тургандыгын мен өз башым менен өткөрүп ишендим. Менин турмушумда мага сен бергендей сонундарды эч ким бере албастыгын мен кадиксиз түшүндүм.

Султаным Садык, бул сөздөрдү сен жазышың керек эле мага. Бирок мен тайманбай озунуп жазып отурам. Анткени, бир кезде сен мындай кымбат сөздөрүңдү мага тартуулагансын... Ошон үчүн менин бул жоругумду айып көрбөссүң! Зарыгып күтөм — сенин Тургунайың»

Катты көк конвертке салган соң Тургунай, негедир, буркурап ыйлап, алакандары менен бетин басты. Анын көз алдынан алда качанкы учурлары — сүйүү бактысына балкып, эртеңи бейиш элестеп турган чагында Садыктан күтүүсүз айрылган кездери, өмүрүнүн андан кийинки кескин бурулуш учурлары кинолентадан өткөндөй, жалпылдап өтүп жатты.

...Биринчи учурларда Тургунай Садыктан терең көңүлү калып жүргөнүн эстеди. Апасы өлүп жаткан күйүттүү күндөрдө мектеп директору чоң баш Қапар Шайыковго барып Садыкты сураган. «Кетти, бизге экинчи кайрылып келбейт» деди Қапар калың кабагын жыйрыган калыбында. «Силер кетирдиңерби, же өзү ошенттиби?» деди Тургунай тактап сурап. «Сен мектепти бүткөнүңө эки күн болбой, өз агайыңа ишенбей калдыңбы?» деп каарыды Қапар.

Тургунай кеңиреп көпкө туруп калып, анан чыгып кетти. Ал кош күйүттөн өзүн таптакыр жоготуп койгон эле. Өлүм да коркунучтуу эмес эле ага бул күндөрү...

Ошол шартта өз тоюн таштап качып кеткен соң, жакшы адамдардын аркасы тийип, шаардагы педагогдорду даярдоонун бир жылдык курсуна кирип калган учурларын эстеди. Анан мугалимдер институтуна өткөн..

Ырас, ал жаш эле. Баарына дал ошондойчо ишенди. Садык жөнүндө да. Анын атын эстесе, өзүнүн тебеленген адамдын баасын эстейт. Ызаланат. Ошон үчүн анын атын мүмкүн болушунча эрте унутууга аракеттенди...

...Ал шаардан институтту бүтүп, бир айылда мугалим болуп иштей баштаган учурун эстеди. Қубанычы койнуна батпайт. Мындан аз эле жыл мурда өзү мектептин окуучусу эле, эми болсо мугалим. «Байкуш апам тирүү болсо, кандай гана болор эле?» деп арман кылат ичинен.

Дал ушундай шартта ал Садыкты эстей турган болду. Аны түк унута албастыгын мойнуна алды. Аны сурамжылады. Бирок анын эч бир дарегин таба албады. Анткен менен жүрөгүндөгү зор үмүт көпкө чейин өчпөй жашап жүрө берди.

Аны бат эле мугалимдер комсомол уюмуна секретарь кылып дайындап коюшту. Окуп келгенине карабай, карапайым эле анда. Бир күнү эртең менен директор: «Сабагыңды бүткөн соң районго жөнөгүн» деди, анда кандайдыр бир чогулуш болорун айтты.

Көп өтпөй жеңил машина келип токтоп, эки адам кирип келишти. Бири колхоз раиси, экинчиси шыңга бойлуу, кара тору жигит болчу. Райкомдун секретары экен. Жашы отуз, отуз баш чамасында. Жаштыгына карабай токтоо. Мектеп абалы боюнча пикирлешип, аягында айрым кеңештер айтты.

— Агай районго кетет экен азыр. Сен, Тургунай, булардын машинасына түшүп ал,— деди директор.

Ошентип Тургунай райкомдун машинасында зуулдап кетип баратты.

— Атым Токтор Токторович,— деп райком жигит күлкү чыгарып, анан Тургунайдын да жөн-жайын териштире сурап бара жатты. Узак жолдо оюн-чынга салып, ырдап да жиберди.

Андан кийин да ар кандай шартта жолугуша калганда, баш ийкеше саламдашып жүрүштү.

Кышка таянган кеч күздө Тургунай районго келип, кайра кетүүгө шашып жүрсө, бей тааныш киши ага келип, сизди райкомго чакырып жатышат, биринчи секретардын өзүнө деди. Тургунай түшүнө албай, бирок аргасыз кирди. Райком жигит өзгөчө ачык көңүл кабыл алды: ордунан туруп, мандайына жакын отургузду да, мектептин абалынан, өз иштеринен сурап өттү. Кеп кыябына байланыштуу студент кезиндеги бир окуясын айтып күлдүрдү.

Тургунайдын жолоочу машина менен азыр кетерин укkан соң:

— Шашылбай эле коюңуз, кечирээк машина менен жеткиздирип коем,— деди.

— Жок, ырахмат.

— Ырахматыңызды анан айтарсыз, уялбаңыз,— деп жатып, аны көңүүгө аргасыз кылды.

Алар күн батканда жөнөштү.

— Тургунай,— деди жигит тике сөз баштап,— эң алдын эскертерим, мени Токтор деп эле өз атыман жакын киши катары айта беришиңизди суранам. — Анын үнү мурдагысынан өзгөрүлүп чыкты. Ал жай сүлөп, өзү жөнүндө, өз үй-турмушу жөнүндө да айта баштады. Анын сөздөрү ушунчалык таасирдүү, ушунчалык ишенимдүү болучу. Тургунайды бир паста бүтүндөй өз турмушунун арасына тартып, аны менен дайыма бирге болуп, көзү менен көрүп жүргөндөй ишсиимге жеткирип салды. А дегенде Тургунайдын башына ойдо жок нерселер келип, тынчсызданганы бекер болду: Токтор бир ооз да ашык сөз аралаштырбай, чын көңүлдөн акылдуу, жүрөктөгү гана өз оюн айтып жатты. Ошондо гана Тургунай анын бойдок экенин, аялы менен көңүлү келишпей, ажырашып кетишкенден кийин үч жылдан бери бой жүргөнүн биринчи жолу укту. Эч нерсе деп сөз кошкон жок. «Мен бул үчүн аял жылдызын эмес, өзүмдүн... өзүмдүн азоо жүрөгүмдү, эч бир жанга жибибей жүргөн таш боор жүрөгүмдү тилдөөчүмүн. Кээде үй-бүлөлүк бактымды эстеп, мен андан кур кол калсам керек —

деп ага күмөнсүп каңырыгым түтөп кетер эле. Жок, анда мен жаңылган экенмин. Менин бактым бар экен, анын жаркырап күйүп турганын көрүп турам — ал сенсиң! Сен мени бактылуу кыл, Тургунай. Биз түбөлүккө бактылуу болобуз. Мен бул сөздөрдү сага бир күндүк көңүл ачуу үчүн айтып жаткан жерим жок. Бул жүрөк сөздөрүм.. Сенин биринчи жалт тиктеген көз карашыңдан укмуш өткүр, укмуш сулуу көзүңдү көрдүм, анын тереңинен түгөнбөс терең жанган бактымды көрдүм...»

Тургунай кирпигин төмөн төгүлтүп, унчукпай турду.

Аялдар данк сүйгүч болушат. Бакыттан даңкты жакшы көрүшөт, эңсешет. Тургунай кантсе да, укмуштай көтөрүңкү кыялдардын арасында калды. Ал өмүрүндө кыялына албаган укмуштудай сыпайы турмуш бир кадам гана алдыда турган болучу. Болбосо ал кыз го, шаарда окуп жүргөн кезинде да, андан мурда да, кээсинин байлыгы бар, кээсинин жүрөктү солк эттирер чырайы бар жигиттер сөз алып, кыялга толгон таттуу каттар жазган, жалбарган, жүрөгүн ачып көп-көп убадаларды берген. Бирок бирине да жүрөгү солк этип, кош кыял болгон эмес. Андан көрө терс жооп берүүнү, көңүлгө албай коюну сыймык катары, өз баркын көтөрүүнүн жолу катары баалап, өз билгенин кое бербес катуу мүнөз болуп көрүнүүгө аракеттенүүчү. Ал эми бул жолу ага эмне болду? Тажрыйбалуу баш кайсы жүрөк кылына тийип, комуз кылындай күүгө салып кетти. Же кыздын антип кыялданар учурунун жетип калганынан беле? Ырас, жашы жыйырмадан алда качан кыңкайды, окууну болсо бүтүп келди. Кантсе да алдында өз очогуна, өз төшөгүнө ээ болуу милдети турган жок беле? Демек, андай болгон соң, мына, алдына толук баалуу турмуш келип турат. Адамдар өмүр бою жакшы жашап өтүү үчүн, жакшы турмушка жетүү үчүн күрөшүшөт. Дал ошол чындыктар анын алдына келип турган жокпу? Эмне үчүн келип турган жок? Тынч үй-турмуш, кооз үй-жай, ысык чай, көңүл ачарга алдында «Победа» — шаар-кыштак бир кадам, баарынан башкысы — данк, кайда барса сый-сыпат, урмат... Ооз учында баарыбыз да булар жерге кирсин, баарыдан бакыт деп койгонубуз менен чынында бакыт да ушуларга ирегелеш эмеспи? Бул чындыкты калп эле танганыбыз менен ар кимдин жүрөгү өзү билет. Макул ал да ошолорго кошулуп, бул жерге кирсин деп эле койсун. Анын бактысы чынында эле эр менен, айталык Токтор менен

эмеспи? Бактысы — алар бири-бирин урматтап, турмуштун узак сапарында бири-бирине таяныч-жөлөнүч болушу керек.

Мына Тургунайдын алдында оподой да, татаал да эки чечим турган болучу: оп-оңойлугу — ал бир ооз гана сөзү менен толук баалуу турмушуна ээ болуп калар эле, ал эми татаалдыгы — ал буга терс жооп берип, белгисиз тагдырынын жолу менен — балким, бактылуу, балким, бактысыз жолу менен кетүүгө тобокел кылышы керек эле.

Кыз ойго чөмүлө берди...

Канча ойлонгону менен да баарын турмуш чындыгы жеңди. Алар жазга жакын баш кошуп алышты.

Тургунай жаңы үйүндө бакыттан башка эч нерсени сезген жок. Жаңы окуу жылы башталгандан тарта сабак алып, иштей баштады.

Үйдө Тургунайдын кылар иши аз. Баары жетишет, баары белен. Сабагынан соң жылуу сууга кол салат дегенди унуткан: үйдө кызматчы аял бар. Токтор болсо ар убак иш менен. Кээде күндөп-түндөп конторасынан, же колхоздордон кайтпай калат. Райондун миң тамыр турмушу анын буйруктарысыз алга жылбайт. Андан бошосо областка, кала берсе, чоң борборго чогулуш, семинарларга катышып, анталап, он күндөп үйдө болбой калган учурлары көп. Бирок Тургунай зерикпейт, эрмеги — китеп. Андан калса чоң китепканада иштеген Зейнеп эже деген бар. Ал эстүү аял. Эки бетинин отунан каны качып кубарыңкы, бирок сулуу жан. Кесиби башталгыч класстын мугалими экен, бирок азыр үй шартына байланыштуу алыс чыга албай, ушул китепканада иштеп калыптыр. Күн өткөн сайын өтө жакын болуп кетишти.

Жылдар айланып өтүп жатты. Тургунай мектепте аз гана болуп, калган учуру үйүндө. Дагы эле Зейнеп эже менен жакын, негедир ал кийинки кездерде кескин өзгөрүп кетти. «Зейнеп эже, эмне үчүн сиз арыктап кеттиңиз? Бир жериңиз ооруйбу?» — деп сурап калса, ал сыр алдырбай: «Жок, эч жерим деле оорубайт» деп оозу бош жооп берет.

Ошондон бир айга жакын убакыт өткөн соң Зейнеп Тургунайды үйүнө конокко чакырды». «Сүйлөшүп отуруп кетсең, Тургунай?..»

Тургунай алардын үйүнө кирип барып, өзү эс тартып өскөн үйүнүн, кыштактагы өз үйүнүн жытын, анын абасын, анын жупунулугун сезди. Ырас, үй ичи абдан

жупуну көрүндү Тургунайдын көзүнө. Бул чын эле ошондойлугунанбы, же өз үйүнүн шаан-шөкөтүнө көнүп калганынанбы, Тургунай аны оюна алган жок.

Зейнеп бечара Тургунайдыкынан көп жолу сый-сыпат көрүп жүргөн эмеспи, уялган окшойт. Эч болбосо бир жолкусун кайтарайын дегениби, атайын тамак-аш жасап, убараланган эле.

Алар бир стакандан шампанский ичишип, майдалап сүйлөп отурушту. Бир убакта Зейнептин күйөөсү Ташы аке кирип келди. Зейнеп анын келишин күтпөсө керек.

— Сага эмне болду? — деп ыңгайсыздана түштү.

— Эмне болмок, эле, эрте жаз, менин газ суумду эч ким ичердей эмес, үшүдүм, лавканы жаап баса бердим.

Ал жай сурашып, бир топ убакыт өтүп кетти.

— Сени эми жумуш жагына бар,— деди Зейнеп,— Тургунай экөөбүз ээн-эркин сүйлөшүп отуралычы.

Зейнеп анын келишине ыңгайсыздана түштү.

— Мен эмне, Тургунай менен сүйлөшө албаймбы? Бир пас болсо да жанымдан кетпечи дечи элең бир кезде, эми ушинтип калчу болдуң, карып баратат окшойм. Жок, али кайратым бар. — Ташы тамашага чалып, тигилерди күлдүрдү.

— Ташы аке, отуруңуз,— деди Тургунай.

— Жок, мен сыртка чыгайын. Мен жөн эле...

— Антпеңиз, эч нерсе эмес, бул бойдон чыгып кетсеңиз, мейманыңыздын көңүлүндө кир калбайбы? Же мен капа кылып койдумбу сизди?

— Жок-жок, айланайын Тургунай! — Ал дароо отуруп, тамекисин жандырып, соруп-соруп алды.

— Мен Зейнеп эжени бир тууганымдай жакын көрөм. Көңүлүңүздө эмне болсо, өз кишиңиздей ачык сүйлөшүп отура бериңиз. Менин суранарым ушул.

— Эмнени айтам? Элдикиндей укмуш сонун өмүр баяным деле жок. 43-жылы мына бул колумдан ажырап согуштан кайттым. МТСке директор болуп иштейсиң деп милдеттендиришти. Жок дебедим, анткени мен согуш душмандын каарын сезип келгемин. Мына Зейнеп билет, кандай гана оор шарттарда иштебедим...

— Зейнеп эжем менен качан таанышкансыз,— деди Тургунай анын көңүлүн көтөрүп коюш үчүн.

— Согуш башталар алдында үйлөнгөнбүз. Мен анда МТСте механик болуп иштечүмүн, а Зейнеп болсо мектепте. Согуштан кийин балалуу болдук. — Ташы тамекисин кайра-кайра соруп, унчукпай калып, анан сүйлөдү,— ошентип элүүнчү жылдарга чейин МТСтин

ишин жетектедим. Ишибиз бара-бара алга кетип, алдынкылардан болуп калганбыз. Анан күтүүсүз чагылган урду төбөмөн. Ишимден да, партиялыгымдан да четтедим. Балдарды багыш керек экен, кийин өзүң көргөн жерде газ суу сатам... Мына ушул менин өмүр баянным.

— Эмне үчүн антет? — деди Тургунай ишенбегендей.

— Билбейм...

Ташы дагы баягы кейпине келе түштү. Уюлгуган күчтүү ички сезими жүзүнөн билинип турду. Ал ордунан туруп, эшикке чыгып кетти да, ошол бойдон кайра кирген жок.

Эмне үчүн анткениниң себебин Зейнептен кийин укту Тургунай: көрсө, Ташы согушта батальону менен курчоодо калат. Бирок алар багынып беришпей согушушат. Ташы ошондо жарадар болгон соң колго түшүп кетип, андан айрым жергиликтүү адамдардын жардамы менен туткундан качып, биздин жакка өтөт....

Байкоосуздан кагылышкан бул турмуш чыныгы Тургунай үчүн айрыкча бир таасирдүү окуя болбодубу. Адегенде анча маани бербей үстүртөн караса да, бара-бара анын айланасында Тургунайдын ою турмуш таранка тармактана берди. «Эмне үчүн? Эмне үчүн»...

XLVI

Кандайдыр кеңешмеден кийин Токтор он беш күнгө жакын убакыттан кийин үйүнө келди. Анын жүзүндөгү баягы киргил тарткан чарчаңкылык өчүп, кана уктаган уйкудан ойгонгондой өңү тазаланып, жүзү сулуу тартып калган. Анын үрөйүнөн ыраазылыктын кубаныч-тын тамгасы окулат. Анткени район негизги чарба болгон пахтачылыктын планын бир нече жылдык төмөндөөлөрдөн кийин быйыл толтурлган, ал эми мал чарбачылыкта негизги тармактары жаман эмес. Ошондон улам кеңешмеде анын атына, анын жетекчилигине жакшы сөздөр жамгырдай жаяган болчу.

Ал Тургунайды маңдайынан, эки бетинен өөп, анан тамтуң баскан Жамалканды көтөрүп, үй ичинде аркытерки басып жүрдү. Көптөн бери бүгүн үй-бүлөсү менен бирге олтуруп тамак ичти. Анан ал кимгедир телефон чалып, далайга чейин сүйлөштү, ырахмат, ырахмат» деп анын куттуктоолорун алып жатты. Алар бир сааттан кем эмес сүйлөштү. Анан үйдүн адреси боюнча өзүнө келген каттарды ачып, бир-бирден окуй башта-

ды. Ушул сатта дагы телефон чалынып, кимдир бирөө менен кызуу аңгемеге өттү. Сөз арасында кыткылыктап күлүшүп, кээ бир жерлеринде Тургунайга түшүнүксүз туюк-туюк унчугушат. Токторго карата биринчи жолу аялдык кербезденүүсү, кыжырдануусу, бир жагы ардануусу туулду. «Мен анын жооптуу ишин сезем, ошон үчүн баарын кечирем, Анын каалоосун айттырбай түшүнүүгө аракет кылам. Ал эми Токторчу? Эмне үчүн ал менин көңүлүмдө эмне бар экендигине, оюмда эмнелер болуп жаткандыгына кызыкпайт? Он беш күндөн бери бүгүн келди, бирок эмне үчүн аял, бала үчүн бир күнкү кечесин бербейт? Ал үчүн үй-бүлө экинчи катардагы нерсеби? Үйдө баары жетишет. Ошон үчүн баары бүттү дейби? Аялга ошо гана жетишет дейби?»

Бул оюн Тургунай Токторго билдирген жок. Анткени ачуу менен катуу кетип калышы мүмкүн эле. Өзүн токтотту.

Кийинки күнү кечинде тамактан соң, Токтор адатынча жаңы газетанын номерин алып, эми бетине жайганда:

— Токтор, мен бир нерсени сенден сурагым келет,— деди Тургунай.

— Сура.

— Согушта эрдик деп эмнени айтат?

Ал газетаны бүктөп жайына коюп, кайдыгер сүйлөдү.

— Тургунай, бул баланын суроосу эмеспи?

— Мейли, ошентсе да.

— Эрдик деген — ал эл-жер үчүн, жанын, канын аябай күрөшкөндүк, ыйык милдетин туура түшүнгөндүк. От жүрөктүк.

— Эл аларга кандайча караган, эзелтен?

— Албетте, урмат менен! Ал талашсыз.

— А сен өзүң кандай карайсың?

— Кызыксың, Тургунай! Кылымдар бою келген элдин чындыгына ким башкача сөз кошо алмак?

— Сен өзүң эмне үчүн башкача ойлойсуң?

— Качан?

— Дайыма.

— Айтпайсыңбы далилдериңди? Качан? Кай жерде? — Токтор ордунан туруп, бир эки кадам бери басты. Тургунай акырын үн чыгарып, баса айтты:

— Ташыны кызматынан алып таштаганында. Аны далай жыл көчөдө сандалтып койгонуңда. Бул чындыкпы?

— Тургунай, эрдик менен Ташынын кандай байланышы бар? Ал душмандын курчоосунда калган, туткунда болгон...

— Балким, ошондо эрдик кылгандыр? Эрдиктин эрдигин көрсөткөндүр. Антпесе бир колун бергенине карабай, душмандын колунан чыгып кете алар беле? Аларга кыңк эткис кул болуп кетпейт беле?

— Аны көрүп турган эч ким жок, Тургунай.

— Көрүп тургандан көрө, чындыктын өзү сүйлөгөнү артык эмеспи?

— Тургунай, өзүнө тиешеси жок нерсени сүйлөп эмне кыласың,— Токтордун өңү ого бетер түнөрүп, жаак эттери чуңкурая түштү,— сенин да менин да ишим эмес.

— Эмне үчүн андай? Сен анын тагдырын чечип жаткан соң, кантип бир ооз билип коюуга эмне үчүн кызыкпадың? Акыл менен баа бербедиң.

— Анын көп себептери бар. Терең себептери.

— Мен да билем.

— Билсең эмне, айт?

— Коркконсуң, мансапкорсуң! Чындыктын жүзүнө тике карай албайсың!

Ал Тургунайдан муну түк күткөн эмес, бир жагы Тургунайдын саламаттыгынын тазалыгына күмөнсүгөндөй сестенип, тегерете тиктеди да, бет мандай келип, эки ийнинен кармады:

— Тургунай, сен соосуңбу?

— Кадырың жан болсун, соомун. Болгондо да эң сонун соолуктум.

— Бир нерсе ичтиң беле? — Ал какшыктады.

— Ооба, сенин сөөлөкөтүңө мас болгон элем.

— Эмичи?

— Соолуктум.

— Себеби?

— Себеби анын баары жалган экен, ак эмес экен. Мен ага мас болуп жүрүптүрмүн...

Токтор жаагын кабыштыра тиштенип, сурдана арыбери басты. Өзүнүн кайнаган ички ачуу сезимин эзелтен өзүнө тиешелүү болгон токтоолук менен басып, мин-тип кошумчалады.

— Айтарың эле ушу Ташы жөнүндөгүбү? Аны мен сага түшүндүрдүм окшойт.

— Башка да бар.

— Эмне ал, айт?

— Ал Сатымкул жөнүндө. Бул да коркоктук эмеспи? Токтор ага сөз айта албай буула түштү.

Мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы Акимов менен мектеп директору Парманов Сатымкулдун ортосундагы талаш-тартыш тагаалдашкан. Албетте, анын бир танабы Токтордун колунда болчу. Анткени, ансыз райондун бир да иши бүтпөк эмес, экинчиден, Акимов жебиреп сүйлөп, күн-түн анын колтугунда... Сатымкулдун өз ишин Токтор аркылуу курал кылып пайдалана алды ал. Анткени Сатымкул жалпыга милдеттүү окуу законун турмушка ашыруу боюнча райондук активде, чогулуштарда райондогу абалды айтып, анан конкреттүү сунуштар берүү менен бирдикте, райкомдун алдында адилеттүү сындарын тайманбай айтты. Зал дым боло түштү. Өзүнөн төмөндөгүлөрдөн сын сөз угуудан жат болуп калган Токтор араң отурду, жыйынтыктоодо ыракмат билдиримиш болду. Бирок... бирок ал моюнга алуунун, «ырахматтын» натыйжасы башкача бүттү. Ички кыжырына аптыккан Токтор уктай алган жок. бийлигине таянып киргизе бергендиги үчүн, жана ата-

Окуу-тарбия ишине текшерилбеген методдорду өз тегине байланыштуу маселелер каралып, райкомдун бюросу Парманов Сатымкулга партиялык жаза берип, мектеп директорлугунан бошотуп жана аны мындан чакыртып алуу жагы областтык ОНОдон суралып, чечим чыгарылды.

Мунун баарын Тургунай билип турган. Баарынан да күйүтү, баарыдан көп ички күрөштү ал баштан кечирген.

— Коркоксуң дегенди сен кандай түшүнөсүң? — Токтор ачуусун күч менен токтотуп унчукту.

— Кең мааниде да, тар мааниде да...

— Кандайча?

— Адилеттик, адилетсиздик алдында бир ооз сөз кошо албагандыкты... Мындагы негизги нерсе — өз постунду, өз аброюнду сактап туруу. Ал үчүн райондун жылтыр эткен топчусуна дейре өз көкүрөгүнө кадап алуу, ошону менен өз абалынды бекемдөөгө, ар кандай курмандыкка барууга, керек болсо, өз үй-бүлөндү, мени да чалууга даярсың. Коркоктук дегенден мен мына ушуну түшүнөм.

— Тургунай, эмне сүйлөп жатканынды билесиңби?

— Билем. Коркоктук дегендин тар мааниси ушундай.

— Кең болгондочу?

— Дагы башка болмок... Мындан да кеңирээк мааниде болмок.

— Тургунай, мен сага: буга окшогон нерселер менен аралашпагын деп кеңеш берем. Акылынды жый!

— Эмне үчүн? Эмне үчүн айланабыз толгон адилетсиздиктер... Ленин түзгөн заман, ал берген укуктар, эркиндиктер мындай эмес эле го...

— Сен убараланган иштер булар эмес...

— Жок, буларды мен терең билгим келет. «Эмне үчүн мындай?» деген суроо ар убакта башымда болот? Эгер түпкү себебин биле албасам...

— Тургунай, сен мени туура түшүн. Мен сени сүйөм, сөзүмдү уккун.

— Айта бер сөзүндү.

— Сен үй-бүлөнүн эсесин. Анчалык курулай чарпылуу сага жарашпайт, пайдасыз да. Сен өз турмушуңа жакын, өз алдыңдан туш келише турган нерселер жөнүндө ойлонгунун деп оң кеңеш берем.

— Сенин оюңча, мен универмагдардын витриналарындагы маникен болушум керек тура? Маникендер кийимдердин нускасын сатып алуучуларга көрсөтүү милдеттерин аткарышат, а мен сенин гана керегиңе жарап, сенин аялың деген гана милдетти аткарышым керек тура... Жок! Турмушта бирөөнүн көлөкөсү болбостон, өзүнчө инсан, өзүмчө көлөкөм бар адам болгум келет, турмушка беттеп өз алдымча, өз түшүнүгүм менен баскым келет. Турмушта эмнени билбесем, ошонун баарын билгим келет... Турмушта маникен болгум келбейт...

Тургунай менен Токтордун ортосунда жаракa ушинтип башталды. Бул түк бүтпөс жаракa эле. Токтор болсо, бул жаракага кызы Жамалканды данакер кылууга аракет кылып көрдү. Балким, ал өз авторитетинен чочулап ошентти беле, аны ким билет? Анткени Тургунайдын кетип калышы анын райондо түзүлгөн ыйык баркын бир бакана төмөн түшүрүп кетиши мүмкүн эле, А балким андай эместир, Токтор чын ниети менен бирге жашагысы келгендир. Бирок Тургунайдын башында ең эле көп ойлор жашап жүрө берди. Күн-түн ага тынчтык бербеди. Жепжеңил келе калган шаан-шөкөттүү турмуштун эмне экенин, анын түпкү маанисине түшүнө баштады. Ал Тургунайды жадатып жиберди. Андан да башкасы, Тургунай зор максаттар менен өз алдынча жашагысы келди... Ал турмушта жеке бай-дөөлөттүү жашоодон башка да адам сыймыктанар, адам суктанар нерселер бар экенин түшүнө баштады. Турмушта адилеттик деген эмне, муну өз көзү менен көрүп, өз

акылы менен ишенгиси келет. Адилеттиктин, чындыктын бар экенине күмөн кылган жок. Бирок... негедир анын ошол турмушунун айланасында башка көрүнүш сыяктуу сезилди... Чындыкты издеп тапкысы келди. Ошон үчүн турмушка барууну чечти, кайнаган турмушка барайын деди... Бир кезде Тургунайдын алдына турмуш опоңой да, татаал да эки жолду тартуулап турган болчу. Кийин болсо экинчи менен кетүүнү чечти. Токторго кош айтып, Жамалын жетелеп жүрүп кетти...

Тургунай ушулардын бардыгын эстеди. Бул Токторго, Токторлорго (демек, Бозулановдорго), ал аркылуу өз айланасынан сезген айрым адилетсиздиктерге карата жүрөгүнүн бунту болчу.

Мындай тобокелчилик Тургунайдын көрт башындагы бактысыздыгы да, бактылуулугу да болчу. Бактысыздыгы — ал кооз үйүн, кымбат буюмдарын таштап чыгып кетип, алыскы тоо кыштактарындагы аскы топурак дубал үйлөрдө, бирде ач болуп, бирде жыртык кийип, жалгыз кызын кыйынчылыктар менен атасыз өстүрүп келатат... Бактылуулугу — турмушка өз ишеними, өз чындыгы менен жашоого өттү...

Тургунай өмүрүнүн ачуу-таттуу учурларын кыялынан өткөрүп, төшөгүндө көз жашын тыя албай жатты. Бул бир жагынан турмуштан көргөн өйдө-төмөндүктөргө, алда кимдерден көп тарткан кемсинүүлөрүнө күйүү болсо, экинчи жагынан эртецки жаңы бактысына кубануунун көз жашы эле... Алдыда — өмүрүндө бирден бир сүйгөн адамы Садык менен болор жаркын турмушу...

XLVII

Садык эл жата тапты Тургунайдын жаткан жерин. Аалам толгон айдын сүт нуруна чайкалып, бейкут мемиреп жатат. Тээ алыскы ак карлуу кыргыз тоолорунун элеси үрүл-бүрүл көзгө чалынат. Бирок Садык эч нерсени көргөн жок. Ал чөк түшүп, жаңы мүрзөнүн топурагын чеңгелдеди. Анан эңилип барып, дөбөлөнгөн боз топуракка мандай тийгизди. Топурак саал салкын эле. Ным жытын сезди, топурак жытын сезди.

Садыктын бүткүл денеси таш болуп, мандайын топуракка тийгизген калыбында тура берди. Сыртынан караганга ал бир нерсени тыңшап тургансыды. Балким, чын эле тыңшап тургандыр. Бирок мүрзөдөн эч кандай шарпа угулган жок.

Убакыт өтүп жатты.

— Жүр, иним, жетет эми, баары пайдасыз,— деди жанатан четирээкте турган Ташы инвалид, бир аз коркураган үнүн басаң чыгарып. Садык ошондо гана эсине келип, жанындагы адамды, өзүнүн кай жерде турганын эстеди. Бир эки кадам артына кетенчиктеп чегине берип, кайра токтолду.

— Жакшы адам эле, раматылык,— деди Ташы, укпай калар жан бардай катуураак унчугуп. Садык Ташынын жүзүн жарыкта көрө элек. Айдын жарыгы түшүп турган анын жүзүнө көз кыры чалдыгуу менен «баягы колунан кара мээлейи түшпөгөн инвалид Ташы экен го» деп бир кезги Тургунайдын айткандары эсине түштү. Ташынын оор тагдырын ачынуу менен айткан сайын: «Биз бир туугандай болуп калганбыз. Мен ар убак алардыкына барып турам» дечү Тургунай. Кийинки жылдарда РТСтин алдындагы механизаторлордун даярдоо курсунда тарбиячы-мастер болуп иштей тургандыгын да укkан.

— Мастерскаядагы балдарга жасатып, мүрөөсү үстүнө ушу белгини койдурдум. Өлгөн соң андан башка тийгизер пайдабыз барбы? Колдон келгени ушу болду,— деди Ташы жөткүрүп сүйлөп.

Ошондо гана Садыктын көзү мүрзө үстүндөгү бозомук карангылыкка сиңип турган карайткыны аран ажыратты. Колун акырын узатып барып, темир кабырчаны кармалады. Эч нерсени ажыратып көрө алган жок.

— Кеттик үйгө, иним,— деп экинчи жолу кайталап Ташы артына бурулду.

— Мен бир азга мында калайынчы, Ташы аке.

— Э койсоңчу, иним. Келесиң дагы, эртең менен...

Садык анын артынан кыйылып аран басты.

Кенири жарык бөлмөгө кирип отурушкандан кийин Садык Ташынын жүзүнө биринчи жолу карады. Бет сөөгүнүн чүкөлөрү оркоюп чыгып, жаак эттери шылынган бу кишини Садык бир жерден көргөндөй болду. Жок, чынында ал көргөн эмес, бар болгону Тургунайдын сөзү боюнча аны көз алдына болжолдуу элестеткен.

Анын аялы Зейне менен да ал биринчи жолу жүзмө-жүз келишти. Денеси эми жайылып толуп, элүүгө таяп калса да, өңүндөгү аялдык сонундугун кое берө элек Зейненин жүзү эски тааныштарыныкындай жылуу учурады.

Алар өз ара сүйлөшүп, көбүнчө тунжурап отурушту.

...Ошол күнү Садыктын иши обкомдун бюросунда каралып жаткандыгын билген Тургунай аябай тынчсыз да, шашып да жүргөн. «Экөөбүз кошо барабыз, Садыктын бактысы жарк этип онунан болсо, алып келебиз,— деп Зейнени үйүнөн ээрчите чыккан Тургунай мектептеги иштерин бүтүрө албай жүрүп, көчөгө түш ооп кеткенден кийин чыгышты алар. — Такси кармайбыз, ансыз автобустан автобуска которулуп жүрүп кечигебиз» — деп, Тургунай өткөн таксилерди жандай жүгүрүп кол көтөрдү. Бирок кыштак жолунда такси тез эле боло койгон жок.

Тээ жогорураактагы буфеттин алдына келип токтогон таксиге Тургунай толунку салмактуу денесин жеңил алып жүгүрүп кетти. Энтиккени басылбай, таксистке эңилүү менен, анын жанындагы Черикке көзү урунду. Мойну ичине тартыла кара көк болуп семирген Черик ыйлап алган болучу, мас эле, анысын Тургунай байкаган жок. Эси-дарты Садыкта турган неме энтигип сурады.

— Эмне болду сага?

Черик көзүн аңтара берип, тигинин жүзүнө бир тигилди да тааныдыбы, же тааныбадыбы, иши кылып, алын сурап жаткандан улам, жакын санашкан киши катары көрдүбү, кантсе да, өңгүрөп ыйлап кое берди.

Тургунай шашып кетти.

— Садык кана? Садык!.. — деди.

— Садык?.. Садык өлдү... — деди Черик унулдап ыйлап,— өлдү... Өлмөк эле өлдү...

— Эмне дейт? — жүрөгү солк эте түшкөн Тургунай башын таксинин терезесинен кайра тартып алып,— кайда өлдү?

— Түрмөдө!.. Билбейсиңби? Түрмөдө... Өлгөндө да жаман өлдү...

Ушул учурда буфеттен бир шише алып чыгууга үлгүргөн шериги, таксинин эшигин карс жапты. Такси катуу умтулуп, күүлдөп жөнөй берди.

«Өлдү!.. Өлдү!..» — деген сөздөр Тургунайдын кулагына даана угулуп баратты. Аны азыр Черик кыйкырып баратты беле, же мурдагы айтылган сөздөрдүн кайталануусу беле, Тургунай ажырата алган жок. «Өлдү» деген Чериктин Садыкка карата айтылган эң жаман сөзү — каргышы болчу, анын ички каалоосу болчу, Садык үчүн өлөрчө катуу алган соккусуна өкүнүү болчу. Бирок муну бүткүл ички сезими Садыкта турган Тургунайдын жүрөгү калдастап калганда, Чериктин касты-

гын эстен такыр чыгарып, өзүнчө кабыл алды. Жүрөгү эркинен дирт эте түштү — ритминен жаңыла түштү...

Бул мезгилде жанына жете келген Зейне «Эмне дейт? Ким экен ал?» — деп айтып жаткан сөздөрүн да Тургунай укпан жок. Эки-үч кадам алга басып баратып, көзү каранғылаша берип, күп этип жыгылып түштү.

Коркуп кеткен Зейне колтуктан ала, башын көтөрдү. Тургунайдын жүзү купкуу болуп, таноолору кыпчылып кеткен эле... Эл заматта тегеректей калды...

Баятан башын сала тиштенип олтурган Садык мунду угуп тамагын бууган сезимден улам, бир аз өзгөргөн каргыл үн менен араң унчукту.

— Эмне болуп кетти? Түшүм эмеспи? Ушундай да болобу деги?..

Бул суроого ал эч кимден жооп издеген эмес эле, тим эле ички күйүтүнөн жаны кыйналган учкундары эркин бийлеп, оозунан чыгып кеткен... Буга Зейне чын жүрөктөн жооп издөөгө аракеттенди, анткени негедир, аны адамдык жукалык бийлеп, Тургунайдын жанында жүрүп, ага бир жамандык кылып койгондой туюнуп, өзүн кандайдыр бир ыңгайсыз абалда сезип жатты. Ошон үчүн өз оюн айтууга шашты.

— Жүрөгү жарылып кеткен дебедиби доктор. Күтүүсүз кабардан.. Анан калса, таксиге жетем деп жүгүрүп келбедиби эткел неме...

Садык бул ойго кошулган жок. Башын төмөн салып тунжурап отурду.

Ырас, Тургунайдын жүрөгү айрылып кеткендиги чын эле. Бирок жүгүрүп келгендиги үчүн эмес... Анын жүрөгү закалуу болучу. Кыска өмүрдө ал өз башынан эң эле көп кечирген адилеттиктер менен адилетсиздиктердин, жакшылык менен жамандыктардын бардыгын назик жүрөгү аркылуу өткөргөн... Анын жүрөгү ошончолук назик болучу, ошончолук таасирленгич эле. Ошон үчүн ал өз башы менен тарткан, көзү менен көргөн адилетсиздиктерден кайдыгер кала алган эмес, назик жүрөгү аларга таасирленген, закаланган... Андайлар менен ал секелек кыз чагынан эрте жолугушкан: алар — он эки жаш курагында атасы белгисиз себептер менен кимдир бирөө тарабынан өлтүрүлүп, сууга таштапып жиберилген окуясынан баштап, он жети жашында Садыкты сүйүп, бирок ал эч бир «жоопсуз таштап кетип» ал үчүн директору Капардан өз таза сүйүүсү үчүн адилетсиз сөздөрүн укпан учурлары, эски салт боюнча сүйбөгөн жанга зордоп берип, алардын торун үзүп ка-

чып чыгып, дарыя ортосунда асма кайыгынын тарткычын түшүрүп жиберип, артынан жете келер куугундан коркконунан жалгыз тростту карман, саландап бутун дарыя суусуна тийгизе, эркектер өтө алгыс чапчандык менен өйүзгө өтүп, өз башынын эркиндигин куткарып кеткен учурлары: андан кийинки Токтор менен башталган сырткы кооз, бирок ичи адилетсиздикке толгон турмушу, ага каршы моралдык оор күрөштөрү, андан кийинки жылдардагы мектеп турмушундагы формализмге каршы жүргүзгөн күрөштөрү, кээде андан алган адилетсиз соккулар, кийинки жеңиштери, кызынын узакка созулган, жанын кыйнап чекке жеткирген оорусу, дагыдагы толуп жаткандар болучу, анын баары назик да, күчтүү да таасирленгич да жүрөгүн каржалдырган. Аны закалдырган. Ошон үчүн кийинчерээк мурдагы жеринен кетүүнүн экинчи себеби да тоолуу жерлерде иштей албай доктордун кеңештери боюнча өрөөнгө которулганы болучу... Кийинки саналуу күндөрдө көп жылдар саргартып сагынткан кызы айыгып кайтып, өмүрүнүн сүйүүсү Садыктын келишин саат санап күтүп, жүрөгүнө кубаныч сезимдери сыйбай, өзгөчө көтөрүңкү абалда жашап турган учурда жаман ооздон балт этип күтүүсүз чыккан көпөл адилетсиз сөз анын жүрөгүн ток ургандай тенге бөлүп өттү — байкоосуз Тургунайдын жүрөгү солк дей түштү — айрылып кетти... Акылдан сезим ылдамдык кылып, өзүн колго алууга үлгүрбөй калды. Такыр жолдо күп этип үстөсүнөн жыгылганын да өзү билген жок...

Ошол күнү Садык салынган төшөгүнө жатпады да, уктабады. Таң атканча бөлмө ичинде тынымсыз басып чыкты.

Таң жарганда сыртка чыгып, Тургунай менен «кошташууга» барды. Жапжаңы саргыч топурагы эшилип жаткан дөбөчөлөргө келип токтоду. Анын желке тарабына орнотулган темир кабырчанын бетинде Тургунайдын сүрөтү ак куудай мойнун саал текебер бура, ууртунан жарашыктуу жылмая, Садыкты баягысындай эле тиктеп турган эле. Садык анын бет мандайына токтоп, жансыз немедей катып калды. Ал Тургунайдын жылт этип күлкү учкуну учуп чыкканы турган укмуш сулуу көзүнө, ирмелип кетүүгө даярдай төгүлгөн кирпигине, уюлгута төбөсүнө кооз түргөн чачына, сырдуу жылмаюу катылган көш ууртуна тиктеп турду. Шашк этип демейки таанышкүлкүсү чыгып кетүүгө даяр сыяктуу... Кычыктарына жаш толуп, бир аз боз чала түшкөн Са-

дыктын көздөрү сүрөттүн алдына болот тамгалар менен жазылган жазууну араң-араң окуду.

«Чекирова Тургунай — Эл Агартуунун отличниги. 1930-1964-жылдар».

Ушул учурда арт жактан Ташы да жетти, анан Жамалканды колтуктап Зейне — Жамалкан буркурап ыйлап келатты...

Садык аны ооруканада биринчи көргөнүндө арык эле, купкуу эле. Азыр өңүнө кызыл жүгүрүп, толмоч тартып, көзгө токтомдуу, жарашыктуу да кийинген... Ийрисине эт, сүйрүсүнө сүт толуп дегендей, балакатка жеткенинде апасына куйгандай окшош сулуу жан болоруна төгүлгөн каш-кирпиги, айрыкча жоодур кара көздөрү, айтегерек жүзү өзү эле күбө болот.

Апасынын сүрөтүнүн алдына жеткенде Жамалкан жүлүнгө жетердей буркурап ыйлады. Ал боз топуракты кучактап, өксөмөк болду эле, бирок Зейнеп колуктап өйдө тартып, ага мүмкүнчүлүк бербеди, өйдө кармап турду. Жамалкандын күйүттүү ачуу үнү Садыктын чучугуна чейин жетип, жүрөгүн ийне менен сайгандай каршы-терши тепчип жатты.

— Апа! Айланайын апа, мени таштап кайда кеттиң?.. Мен эми кантем?.. Кантип жүрөм мен сенсиз? Айланайын апа! Атыңдан айланайын апа, мен эми кетем алыска.. Кантип таштап кетем сени?.. Мен сени сагынып келбедим беле. Айланайын, апа, мен кантем? Кантем... Апа! Апа...

— Кайрат кыл, балам,— деп Зейне өзү кошо ыйлап жатты.

Ушул сыяктуу сценаны Садык белгилүү адабий чыгармадан окуган эле. Кайра-кайра окуган — кооздугу үчүн окуган. Анын мынчалык оор экендигин башынан чындап өткөргөн эмес. Азыр ал Жамалкандын андан наркы сөздөрүн угалбай, кулагы чып бүтүп, көзү электене, жүрөгү күйүттөн түтөп кетти. Тамагы буулуп, араң дем алып калды...

Күн жайыла жөнөштү алар автобуска отурушуп. Садык обкомго барып, ишинин кабарын толуктап укмак. А Зейне болсо Жамалканды өз төркүнүнө — атасына жеткирип келиш үчүн узатып жөнөдү.

Жолката Жамалкан көзүнөн жашы тыйылбай ыйлап жүрүп олтурду. Садыктын ички абалы андан дурус эмес болчу — жаактарын гана кабыштыра тиштенип, барар-барганча жерден көзүн алган жок.

Автостанцияга жетер менен обкомго телефон чалып, күтүүсүз кабар укту: «Ак-Таш» колхозунда бүгүн жалпы чогулуш чакырылып, андан өзүнүн каты эл менен бирдикте талкуулана тургандыгын, обкомдон атайын адамдар келгендигин, ал Эми Садыкты эки күндөн бери издеп таппай жатышкандыктарын айтышты. Чогулуш башталууга эки гана саат калгандыгын, ага сөзсүз үлгүрүүсү зарыл экендигин эскертишти. Ал эми аралык үч сааттык жол. Садык аябай шашып калды.

— Кош эми, айланайын Жамалкан, көп чөгө бербе. Жакшы өс,— деп андан нары, негедир, антыга түштү. Минтиши жөнөөгө шашылып калгандыгынан улам беле, же башка сезимден улам беле, айтуу кыйын эле. Садык сөзүн арап улады. — Тагдыр ушул экен... Өмүр жолубуз эми ушинтип эки жакты көздөй кетти. Болбосо биз... — Анан ал бетине суу сепкендей селт эте түштү. — Бир агайым бар эле деп кез-кезде эстей жүр. Катташып да турабыз. Бактылуу бол, айланайын, кош...

Жамалкан эч нерсе деген жок — анын жообу көз жаңы болду.

Садык алардан бөлүнүү менен, далдактап көчөгө чуркап чыгып биринчи жолуккан таксинин алдын туура тосуп, кол көтөрдү. Таксист жаш жигиттин «минтип тосууга болбойт» деген сөзүн кулагына да илген жок. Ага жалбарып жиберди: бара турган районун колхозун айтты.

— Жеткир мени, айланып кетейин, иним, ушунчалык зарыл, ушунчалык шашылыш, садаган кетейин...

— Эмне кеп? Жаналгыч куун келаткан жокпу? — деп жаш таксист бир жагы Садыктын абалына таң кала, бир жагы тамашага чала сүйлөдү:

— Кээде өлүмдөн да оор, андан катуу учурлар болот. Жашсың, көрөсүң, айланайын...

Чакмак каптал көк такси шаардан үзүлө чыгып, тасмалдай созулуп жаткан майлуу асфальт жолдо жүз километринен жазбай учуп келатса да, Садык үчүн үлүл болуп жылып калгансыйт. Анткени ал үчүн баары тунгуюк — эмне болуп жаткандыгын ачык билбейт. «Эки күн илгери мени ушул үчүн — арызым жалпы чогулушта талкуулана тургандыгы үчүн бошотуп жиберишкен тура. Бирок мен алдын ала даярдык көрө албай калбадымбы. Түрмөнүн эшигин аттай электигимде бактысыздык... жүрөгүмдү тереңине чейин жаралаган бактысыздык алдымдан чыкпадыбы. Эми мага баары бир — өлүп кетсем да, Тургунайсыз турмуш мага кызыксыз. Би-

рок, бирок адилеттикке жетүү — милдет. Мен ага жетишим керек. Ансыз, ансыз — менин өмүрүм желге учуп кеткен болор. Мен азыр үлгүрүүм керек. Эл алдында өз чындыгымды айтышым керек. Анан, анан эмне болсо да мейли...

Садык мындан бир нече күн илгери обкомдун бюросунда болгондорду уккан эмес, андан али да кабары жок.

XLVIII

Эртең менен башталган обкомдун бюросу түш оой аяктап келатты. Бюро катуу өттү — партиялык жана чарбалык турмушка карата болгон эки түрдүү көз караштын кагылышында өттү.

Районду текшерген мамлекеттик комиссиянын жетекчиси — областтык элдик контролдун башчысы, обкомдун бюро мүчөсү Аюпов — комиссиясынын иши тууралуу кеңири түшүнүк берип, анда райондук партия комитетинин биринчи секретары Бозулановдун иш стилиндеги субъективизмди айтты, кемчиликтер боюнча айыптоолор койду...

— Райондун турмушун диктатордук жол менен башкарууга өтүп алган,— деди ал сөзүн токтото улап,— цифра үчүн, мөөнөтүнөн мурда бүтүү үчүн күрөшүүнү гана максат кыла баштаган. Ал үчүн штурмовщиналар уюштурулган...

Аюповдун толмоч ак жүзүнөн каны качып, бирок өзүнө мүнөздүү ораторлугу менен мүдүрүлбөй сүйлөп жатты.

— Чарбага карата алдыңкы көз караштар колдоого алынган эмес.

Анан ал Балбаков Садыктын чарбаны илимий-экономикалык негизде куруу боюнча койгон пландарынын орчундуусун талдап айта баштады. Анын кандайча четке кагылгандыгына токтолду...

Жанузаков маселенин ушул жерин абдан кунт коюп угуп, кайра-кайра суроолор берип тактады. Айрым маселелерине ордунан тура калып, Алдосов да жооп берди.

— Садык Балбаковдун пландарындагы өзгөчө белгилей кетер бир нерсе — анын ой жүгүртүүсүнүн бир учу илим негизине малынып турса, экинчи учу чарбанын реалдуу мүмкүнчүлүктөрүнө келип такалат. — Ал оюн дагы да жеткире албай жаткандыгына өкүндү. — Башкача айтканда, ал, колхоздун бүгүн жумшалган бир сому же болбосо, бир сомдук эмгегинин акыбети

эртең беш сом болуп кайтышын, жерге дыйкандын жеке кызыкчылыгын бекем байланыштыруу жолдорунун төрт тарабын изилдеген. Мына, анын иштеринин эң маанилүү жактары. — Алдосов өз канагаттануусун билдиргендей, бир мүнөт токтоло калып, анан сөз улады. — Бирок... бирок муну айрымдар колдоого албай коюшту, ал турсун тетири мамиле кылышты. Ал ырас жолдоштор! Ошон үчүн биз бир маселеге бул жерде туура баа беришибиз керек. Ал терс мамиле кылгандар андай каршылыктарын колхоздук түзүлүштү жек көргөндүгү үчүн же анын өнүгүшүнө ачык саботаж кылыш үчүн жасап жатышкан жок. Бар болгону бул иштердин илимий табигатын түшүнбөй коюшту. Ачык айтканда түшүнүүгө кудуреттери жетпеди. Демек, доордун талабынан артта калгандыктарын, бүгүнкү бийиктиктин талабынан төмөн экендиктерин көрсөтүштү. Эски «чапан» эски «өтүктөрүн жаңырта албай келатышкандыктарын ачык демонстрациялашты. Бул өтө өкүнүчтүү. Андай болгон соң обкомдун бюросу бул маселелер боюнча чечкиндүү жыйынтыктарга келиши керек. Ансыз кеч болот...

Алдосов жалындап сүйлөгөн сөзүн андан ары улай берди. Анын кичинекей тулкусу, шапалактай көрүнгөн кичинекей жүзү турду адамдардын карегинде.

Сулуу жүзүнөн каны качып, терезенин түбүндө отурган Балтабаевдин кулагына эми эч нерсе түшпөй, бүткүл сезими өз ички абалында болуп калды. Өзү жөнүндө Алдосовдун айткандары кулак учунда кайталанып жатты.

— Балтабаевдин чарбачыл адам болгондугу талашсыз. Бирок анын бир кезги «көкүрөк» менен башкарып келгени, иш методу бүгүнкү күндөгү илим жана техникага негиздеген чарбанын духуна туура келбейт. Илимий экономиканын закондору негизинде чарбанын өнүгүшүндө, колхоздун демократияга, адамдардын граждандык укугуна тийгизген зыяндары көбүрөөк андай методдун. Ошон үчүн аны чарба жетекчилигинен биротоло алуу — максатка ылайык!..

Ал эми Черик Чокоев жөнүндө айтар сөз таптакыр башка: партиялык бийик идеал, коммунисттик принциптүүлүк анда жок. Андайларга партиянын катарында орун болушу мүмкүн эмес...

Комиссиянын ишинен мынчалык терендикти күтпөй, өтүп кетүүчү текшерүүлөрдүн бири катары санап, кайраттуу отурган Бозулановдун жүрөгү созуна каптала түштү. Ал обдулуп кол көтөрө, сөз берүүнү суранды.

Бозуланов адегенде эле комиссиянын айрым жыйынтыктарына, жалпылоолоруна макул эмес экендигин билдирди. Кээ бир айыптоолорду обкомдун адресине жаба салууга аракеттенди.

— Биз төмөнкү органдарбыз — жогортон болгон буйруктарды аткардык. Биз буга милдеттүүбүз... — деди Бозуланов түтөп.

«Комиссиянын ишине катышуусунан пайдаланып, айрым иштерге туура эмес багыт, туура эмес информациялар берген» деп Шатман Алдосовду бекем кармады. Анын иштери боюнча терс нерселер таап, жалаага жыгууга аракет жасап көрдү.

Жанузаков чачын салаалап артына тарап коюп, сөзүн жай баштады. Анын көп нерселерди ичине алган сөзүн кунт коюп угушту.

— КПССтин Борбордук Комитети, анын кийинки учурда болуп өткөн Октябрь Пленумунун чечимдери биздин социалисттик чарба турмушунун жаңы доорун баштады! Биздин бүгүнкү өнүгүү доорубуздун негизги тенденциясы туура экендигин белгилөө менен, Ленин партиясы, биздин түзүлүштүн табигаты илим диалектикасынын закондоруна бек таянуу менен гана иш алып баруусу тийиш экендигин көрсөттү... Ал үчүн өтө зарыл болгон бир билимди тез жана терең өздөштүрүүнү коюп отурат партия: ал илим айрым адамдар ойлоп жүргөндөй ошол иш менен колу байланган адистерибиз үчүн гана эмес, партиялык жана чарбалык жетекчилерибиз үчүн да, катардагы жумушчуларыбыз үчүн да, карапайым дыйкандарыбыз үчүн да зарыл экендигин баса белгилеп отурат. Ал илим — Экономика илими!.. Социалисттик коомдун ар бир мүчөсү экономика логикасында ой жүгүртүүгө көнүгүшү керек. Партиябыздын бүгүнкү күндө алдыга коюп отурган зор милдеттеринин бири мына ушундай... Илим, практика иштеп чыккан тажрыйбаларды көзгө илбөөчүлүктүн зыяндарын партия атайы баса белгилеп көрсөттү. Волонтаризмди айыптады...

Баары дым болуп угуп турушту.

— Мына биз, бир райондун турмушун карап, партия айыптаган айрым бир терс көрүнүштөрдүн күбөсү болуп отурабыз, жолдоштор. Алдыда татаал жана оор күрөштөр тургандыгы көрүнүп турат. Ал күрөштөрдүн авангарды биз — коммунисттербиз. Ал эми,— деди Жанузаков сөзүн ишенимдүү улап,— бул райондун кээ бир партиялык жана чарбалык жетекчилери массадан алыс

калып, демократизмге жецил баа карай баштаган... Өзү жетекчилик кылган участоктордо өз каалоосундай башкаруу жолуна өтүп, ага каршы чындыкты сүйлөөгө бел байлаган адамдар «ушакчы» деп кысымга алынган, куугунтукталган... Ага мисал катары чыныгы коммунист Садык Балбаковдун ишин көрсөтүүгө болот...

Бозуланов да Балтабаев да баштарын төмөн салган калыбында катып калышкан. Арткы бурч тарап гана күбүр-шыбыр болуп жандана түштү. Ал бурчта бул иш боюнча обкомдун бюросуна чакырылган «Ак-Таш» колхозунун актив-коммунисттери отурушкан эле. Алардын арасында: карт Миңбай, жаңы парторг Тагай, жаш коммунист Камилжан жана Алима менен Шалпыктар да бар болчу.

Жанузаковду негедир, ички сезими бийлеп кетип, сөзүн көтөрүңкү улады.

— Чыныгы коммунист Садык Балбаковдун партиялыгын бүгүн калыбына келтирип, аны чарбалык жана партиялык жетекчи кызматтарга пайдалануу бюрого сунуш кыламын!..

Миңбайдын карт жүрөгү калыбында тайдай туйлап, токтоно албай кетти: ал бюродо турганын унутуп, чор алаканын карсылдата, кол чаап жиберди.

— Айрым адамдардын эркн боюнча ал камакка алынган. Бул үчүн жооп беришет... — Кыжыры бийлеп кеткен Жанузаков өзүн зордоп колго алып, бир аз суунуга аракеттенди.

Бюро бул маселе боюнча өз финалына жетти: Бозуланов менен Балтабаев чарбалык иштерде жиберген каталыктары үчүн партиялык катуу жаза менен жазаланып, «кызматынан алынсын» деген чечимге токтолду. Черик Чокоев болсо, партиялык принципиалдуулугун жоготкон» деп табылып, партиянын катарынан чыгарылды...

Бийик адилеттиктин салтанаты адамдардын жүрөгүн солкулдатты — баарынын делебеси көтөрүлүп кеткен эле...

Бюродон чыгуу менен Садыкка жолугууга ашыккан Миңбай шаардын көчөсүндө жаш бала сыңары ылдамдай басып бара жатты...

Бир нече саат издеп жүрүп түрмөнүн эшигин тапканы менен Садыкты таба албай калды — бүгүн түрмөдөн бошотулган Садык Тургунайдын өлүмү жөнүндөгү кайгылуу кабарды алып, шашылыш түрдө ошол жакка жөнөп кеткендигин айтышты. Ээлигип энесине жү-

гүрүп келип, бирок аны үйүнөн таппай, буулугуп турган эрке бала сыңары чалдын тамагы алда неден буулуп, каңырыгы түтөп, көзүнө жаш тегеренип кетти... Минтиши жазгы гүлдөй жадырап толуп турган сонун аял Тургунайдын өлүмүнө болгон ачынуудан беле, же оор азап-тозоктордун тосмолорун каржалбай жеңип өтүп, Садык оор жоготуулар менен жетишкен адилеттикке болгон кубанычтан улам беле, айтуу кыйын эле...

XLIX

...Чакмак каптал көк такси «Ак-Таш» колхозунун маданий дворецинин алдына келип токтоду. Садык таксинин эшигин ачып чыкты да, төш чөнтөгүнөн бир тутам документтерин сууруп алып жатып сурады:

— Айланайын иним, атың ким эле?

— Айтпадым беле, агай бая эле Жоробек деп,— деди ал жымшык көздөрүн ого бетер жумулта жылмайып.

— Менин көңүлүм биерде эмес, иним.

Шашкандан улам колдору калчылдаган Садык документтердин арасынан бир кагаз акчаны буйдалып жатып сууруп алып, таксинин эшигинен төрт бурчтуу терезесинен колун карыш бою киргизе сунуп, Жоробекке узата берип унчукту:

— Ырахмат, айланайын, дагы жолугушабыз.

Анан артына бурулуп, далдандап жөнөй бергенде, таксист терезеге эңкее берип чакырды:

— Сдачыңызды алыңыз, агай!

Садык ылдам бараткан калыбын токтотпой, мойнун бура берип унчукту:

— Ырахмат, жолугушуп калbarбыз.

Далдактап кетип бараткан Садыктын артынан карап туруп, таксист өзүнчө тандана күнк этти:

— Соо немеби деги...

Анан машинасын турган жеринен катуу ынтылып, дуулдатып айдады.

Садык энтигип кирип барганда жети жүз орундуу залдын ичи адамдарга жык толо экен. Дубал сүйөнө аңкайып сөз тыңшап, тике тургандар да эсепсиз көп болучу. Садык тар ортолук менен кырлана басып өтүп барып, алдыңкы катардагылардын бирине жармакташа отурганда, күбүр-шыбыр зал ичин жандуу аралап кетти... Бул психологиялык абалды сергек байкай койгон кыраакы Алдосов танапис жарыялап жиберди.

1966-1967-жылдар.



2

китеп

ЫЙЫК ТОПУРАК



Мээрбан апамын жүзүнө арнайм. *(Автор)*

БИРИНЧИ БӨЛҮМ

ТОПУРАК ЖЫТЫ

I

Адам ата менен Умай эненин тукумдарынын бири — Акпай аттуу адам өтөт. Ал өзүнүн токсондон аша жашаган узак өмүрүндө топурак чеңгелдеп, тер төгүп, ак мээнети менен нан таап жеп, бала-чакасын багып, ак жашаган дыйкан экен. Анын колундагы негизги абзалы жыгач буурсуну, ага чеккен кош өгүзү болот, эрте жаздан кеч күзгө чейин анын каңылжаарын өрдөп, көңүлүнө кубаныч, көкүрөгүнө дем берген жагым жыт — топурак жыты эле.

Бир кезги жайкалган кара сакалы куунун канатындай аппак болуп, жашы эңкейлегенде гана эгиз уул көрөт: аттарын — Боко, Чоко деп коет. Балдарына жети-сегиз жашынан кошбаш жетелетип, кетмен сабын карматып, жер чукулатып, мээнетке көндүрүп, топурак жытына каныктырат. Кабыргасы ката элек болсо да буурсун сабын карматып, кулак байлап суу жыктырып, орок ордуртуп, «опмайдалап» эгин бастыртып, кырман чечтеп, кызыл көтөргөнгө үйрөтөт. Оро казып, дан көмүшүп, унааларга жампалап эгин жүктөп, тегирменде опурулта ун тартып, ай тегерек кызыл нан жаап жегенге да көнүгүшөт.

Албетте, бул иштер балдар үчүн кубаныч болгон эмес — кабыргасын кайрылткан оор эмгек эле — акактаткан аптап, чучукка жете какшаткан суукта алар менен кошо жүргөн. Улам борбоюн көтөрүшүп, өспүрүмдүккө бой тартышкан сайын ар кандай таттуу кыял

ээрчитип, кооз турмушту, көз көргүс алыс жактарды да эңсебей коюшпай турган. Бул жагынан Чоко өзгөчө кыялкеч эле... Бирок да булардын ыман-жанын атасы Акпайдын топурак, жер, Баба-дыйкан туурасындагы таңкаларлыктай жомоктору, уламыштары байлар эле. Топурак жыты, анын нары жагындагы бүтпөс маанилери, адам өмүрүнө, анын тагдырына тике байланыша турган жашырын сырлуу кереметтери туурасында айткан анын жандуу, элестүү аңгемелери балдардын көңүлдөрүн агартып жубатат. Топуракка, анын жытына болгон балдардын кумарын улам терендетет.

Ай артынан айлар, жыл артынан жылдар алмашып, Акпай чалдын өмүрү эскирип баратканда, эки уулун кашына чыкырды да тагдыр чындыгын айтты:

— Уулдарым, менин казатым жакындап келатат. Ажалдан качып кутулган адам түк болбойт. Ошон үчүн аз болсо да керез-муразымды угуп койгула. — Чал ак кылкандуу саксайган каштарын жыйра, көпкө чейин ойлуу токтолуп калды да, анан жай кобурап улантты. — Менин колумда элчилеп кап-кап топтолгон байлыгым, жайыт толгон малым, сандык толгон пулум жок. Менин бар байлыгым — ушул алакандай айдоо жерим. Бу да мага атаман мураска калган. Ушул жерди чукулап, ак мээнетим менен өмүр бою нан таап жедим, энелерди бактым, силерди төрөтүп-өстүрдүм. Ак жашадым: эч качан алдамчылыкка, карасанатайлыкка барганым жок. Эң башкысы — мен топуракка (ошол алакандай айдоо жериме) калыс болдум. Калыстыгым ушулкти: ошол жеримди сүйүп айдадым, эгин септим, сугардым — жандуу адамдай алпештедим... «Эр мээнетин — жер жебейт» деген макал бар. Жер менин мээнетимди, ак эмгегимди эч качан жеген жок: жайнатып түшүм берди, ал түшүм мага, андан калса, силерге өмүр болду. Ошентип, ушул шапалактай айдоо жерге байланыштуу менин каным, өмүрүм уланды, ал өмүрүмдүн мындан аркы улантуучулары мына силерсиңер. Силердин тагдырынар да ушул жерге байланыштуу уланат. Жер тагдырынан өз тагдырыңарды эч качан болбөгүлө, жерге кайдыгер карабагыла, антсеңер жер да силерге кайдыгер болуп коет, анда оңбой каласынар. Дал ушул силердин мындан аркы тагдырыңарга тике байланышар жерди — шапалактай өз жеримди силерге, уулдарым, мураска калтырам.

Акпай чал сөзүнүн ушул жерине жеткенде, ойлуу жер тиктеп токтоло калды. Сомодой болуп жетилиш-

кен жаш жигиттер — Боко менен Чоко да атасынын жайкалган сабдал сакалын тиктешип, «дагы эмне дээр экен?» дешип турушту. Бирок чал шашкан жок. Анын соолуп бараткан чөлмөктөгү суудай жылтыр көздөрүнүн кирпиктери гана ирмелет.

Чал көк тамырлары ийри-буйру болуп чыккан сөөктүү арык колдорун көтөрө, бет алдына жаңсады.

— Тигине, шапалактай жерим. Тээ наркы бака терекке чейин созулат. Кыскасы, биз жети атабыздан тарта дыйкан адамдарбыз. Ошол дыйканчылык менен тукумубуз уланган. Муну эч качан унутпагыла, ыйык дыйканчылыкка эч качан кайдыгер карабагыла. Менин алдымда ант берип койгула — ал мага гана эмес, жети атаңардын арбагы алдында да берген антыңар болсун... — Чал энтигип, балчагай манжалары менен чеңгелдеп, бир ууч топурак алды да, эки уулунун алаканына бөлүп салып, анан буйрук берди:

— Топуракка мурдуңарды үч тийгизип, жытын искегиле.

Балдары дал ошентишти.

— Топурак жытын сездиңерби?

— Ооба.

— Ооба,— дешти балдары баш ийкешип.

— Сезсеңер, эмне экен ал? — деп кайрып сурады.

— Эмне болмок эле, топурактын жыты экен.

— Ошонун жытынан эмнени көрүп, эмнени түшүнүп турасыңар?

Балдар, «чалдын деги-карды сообу?» дегенсишип, бирин-бири кыйгач тиктешти. Анан жооп беришти.

— Топуракты түшүнүп турабыз.

— А мен,— деди чал ишеним менен сүйлөп, топурактын жытынан дүйнөдө теңдешсиз ыйыктыкты түшүнөм. Топурак — өмүр, топурак — дары... Бир ууч топурак — бир муштумдай алтындан кымбат.

Балдар чалдын бул сөздөрүнө өтө терендете маани да бербей, андан эч кандай бир даана — көзгө түшөр чындыкты да көрө алышпай, көңүлсүз бирин бири тиктешип коюшту.

Чал кобурап сөз жөнөттү:

— Мен топурак баасын дал ошондойчо түшүнөм: мен үчүн бир муштумдай алтындан бир ууч топурак кымбат... анткени, алтын бир кертимден кертилип алтуруп жок болот, ал эми топурак жылдан жыл айланып түшүм берет, байлык берет... — Чал сөзүнүн ушул жерине жеткенде селт этип токтоло калды. Көңүлүндө

алда качантан чала унут болуп, баасыз нерседей күцүрт жүргөн нерсе кыялына түшө калган эле. Оор эмгектен улам адатка айланып, көп күлбөгөн адаты бар неме негедир, жадырап жылмайып туруп айтты: — Жадымдан көтөрүлүп кеткен экен, менин силерге калтырар дагы бир болор-болбос мурасым бар...

Балдары көздөрүн алайтышып, чалдын кубарган тырыш жүзүнө тигилип калышты.

— Ал эмне?

— Деги айтыңызчы.

— Ал,— деди чал кол шилтеп,— айгыр аттын башындай сулп алтыным бар!

— Эмне дейт! Каякта? — деп жиберди Чоко энтигип.

— Тамашаңызбы, чыныңызбы, ата? — деди Боко да танданып.

— Чын,— деди чал сакалын жай сылап,— мен өлөр алдымда эки көзүмдүн кара чечекейи болуп артымда калар балдарыма жалган айтар белем?

— Неге анын жыргалын көргөнүңүз жок, ата?

— Анткени мен алтынды иштетип көргөн жан эмесмин, ошон үчүн ал мага ашык баш нерсе сыяктуу туюлган. — Чал жылжая берип улады сөзүн. — Андан калса, адамдар алтын үчүн биринин башын экинчиси кесип алат эмеспи. Ошол алтын үчүн кара башымдын курман болуп кетишин каалаган эмесмин. Андан көрө, алтындан баалуу алакандай жеримден ак нан өндүрүп жеп, силерди өстүрүп, өмүрүмдү ак жашап өткүм келген. Мен ошентгим.

Чалдын мындан аркы сөздөрү көңүлүнө түшпөй бараткан Чоко, аптыгып сурады.

— Сиз аны кайдан тапкансыз, ата?

— Кайып-каскагынан,— деди чал.

— Кайып-каскагынан дегениңиз кандай? — деп такыды Боко.

Чал башын жай-жай ийкей берип сүйлөдү:

— Мен аны бир жактан уурдап, же атайын издеп таап келген эмесмин — дал ушул шапалактай айдоо жеримдин дал ортосунан тапкамын.

— Кантип?

— Кандайча?

Чал боз чалган көздөрүн кыбың-кыбың ирмеп, ойлуу туруп, анан сөз улады:

— Эрте жазда буурсунумду чөгөрө салып, ушул жеримди айдап жатсам, кошумдун тишине «кырт» этип бир катуу нерсе урунду — өз тишиме таш тийгендей

мандайым тырыша түшүп, кайрыла калып карасам, ырас эле казандай кара таштын чети көрүнө түштү. Аны аран ачтарсам, жанынан табактай аппак таш көрүнөт. Аны да ачтардым эле, астынан жалт этип сары алтын көрүндү — чондугу айгыр аттын башындай бар экен. Ордунан копшоп ачтарганым менен, көкүрөгүмө жеткире дал көтөрө алганым жок.

— Эмне үчүн?

— Оор бекен?

— Ооба, оор экен, чамамда сегиз-он чекседен[1] кем эмес...

— Ойбо-ой! — деп жиберди Чоко энтигип. — Каякта азыр?

— Үйдөбү? Биздин жаман төлөнүн кай жагында? — деди Боко таңданып.

Чал балдарын токтотту да жай сүйлөдү:

— Мен алтынды күндөп-түндөп ойлоно бердим: «Бул алтынды кудай мага кай жактан берип отурат, сүйүп берип атабы, же маскаралаппы? Менин жети атам алтын кармап көрбөсө — бул алтын алардан мага калган мурас эмес. Андай болсо, бул алтын кимдиндир бирөөнүн байлыгыдыр. Бирок бир адам мынчалык алтынды кайдан топтоп алмак эле? Мүмкүн эмес. Андай болсо, бул алтын эсепсиз көп адамдардын мандай теринен, а балким, каны-жанынан жаралган алтындыр. Мен акыр аягында жыйынтыкка келе албай, убактынча өз ордунда көмүлө турсун деп, алтынды ошо ак-кара таштар менен кайра корумдап, өз ордуна жаап койгомун. Өмүр бою ойлондум, бирок аны кандайча пайдалануунун жолун таба алганым жок, антүүгө көңүлүм күбөлүк бербеди. Ана-мына дей берип, жылдан жылдар айлана берип, сакалым да агарып кетти.

— О кокуй-а! Кудай берген кенчти пайдалана албай, кайран өмүрүңүздү кууратып өткөргөн турбайсызбы,— деди Чоко өкүнүч менен баш чайкап, бирок ал алиги алтынды өз көзү менен көрүп туруп, анан ишенүүгө шашты.

— Эмне үчүн өмүрүмдү кууратып өткөрөм? Мен өмүр бою өз кенчимди каздым — ал менин алакандай айдоо жерим болгон. Ошол түгөнбөс кенчимдин берген ырыскысы менен өмүрүмдү уланттым. Дыйканча жашадым. Мен өз өткөн өмүрүмө өкүнбөйм, балам. Кудайга шүгүр дейм.

---

[1] *Чексе* — азыркы 6 килограмм.

— Алтынды пайдалана албай калганыңызды айтып жатпайбы, ата. Сиз ага терикпеңиз,— деди Боко чалды жооткотуп. Ал чалдын жомоктоткон сөзүнө бир ишенсе, бир ишенбей турган эле. Анткени, чал бир нерселерди жомоктотуп сүйлөгөндө, ошону тике күтүп турсаң, анын сөзүнүн маңызы каймана чыгып, башка бир нерсеге сабак сөз айтылып калчу. Азыр да ошондойбу деп ойлоду ал. Бирок бул жолу андай болуп чыккан жок.

Чал алтындын көмүлгөн жерин көрсөттү. Эки уулу кара терге жууна казышып, айгыр аттын башындай сары алтынды ным топурактын арасынан сууруп чыгышты.

Көп өтпөй чал көз жумду. Аны эки уулу эл салты боюнча урматтап, топурак койнуна беришти. Эми алардын эң татаал маселе — ата мурасын бөлүп алуу маселеси турду. Ар кимиси өз ичинен санаадар — түнкүсүн көз ирмебей, уйкудан безишет. Атасынын айтуусу боюнча эки мурасы тең — шапалактай жеринин топурагы да кенч, айгыр аттын башындай сары алтыны да кенч, бирок кайсынысынан кайсынысы артыкча? Ырас, топурак дан берет, дан болгон соң жан сактайсың, анткен менен ал табигаттын ырайына баш ийет: жаан-чачын мол болсо, суу шаркырап келип турса, дыйкандын бактысы ошо; ал эми күн чакчайып төбөдөн тиктеп, кээде боз чалган чаң жаап, асмандан бир тамчы жамгыр түшпөй турса, ал дыйкандын шору, бүткүл жай бойку мээнети текке кетип, күзүндө кабын куру колтуктап, кышкысын ачтан өлүшү мүмкүн. Ал эми аттын башындай сулп алтын — ал колдогу даяр байлык, аны менен бу дүйнөнүн баарын сатып алууга болот. Алтын: нан да, пул да, зор бийлик да, бу беш күндүк жалган дүйнөнүн шаан-шөкөтү, жыргал сыйы да, анын көркү болгон кооз кийим-кече да, сулуу аял, ыр-бий да ошонун ичинде. Бирок атасынын айтуусу боюнча, алар менен кошо, бактысыздык, өз жаны, өз башы да турушу мүмкүн.

Мына ушулардын баары эки жаш адамды тунжуратып ойлорго сала берди. Ар кимисинин оюнда өз каалоосу бар, бирок биринен бири жашырып, сыр кылып сактап айтышпайт, ичтен ойлуу тунжурашат.

Мурас бөлүшөр күн жетти, айылдын аксакал, көк сакалы, жаманы менен жакшысы бүт чогулду. Бу салт үчүн союлган койдун эти желип, бата тартылган соң, Боко менен Чокону эл алдына чыгарышты. Экөө кол куушура жүгүнүшүп, аксакалдарды беттеп токтолушту.

Журт аксакалы комдоно берип, жаш жигиттерге сөз таштады:

— Боко менен Чоко! Атаңардын жаны о дүйнөгө кетти. Анын арбагын унутпагыла, ага жүгүнө жүргүлө. — Журт аксакалы токтоло калып, маселенин чордонуна өттү. — Атаңар бир адам эле, анын балдары силер эки адамсыңар, эки башыңар бар, эми үйлөнүп-жайланып, өз тиричилигиңерди өзүңөрчө кыласыңар. Бала-чакаңар болот, ар киминер өз гөй-гөйүңөр менен жашайсыңар. Бирге жашай албайсыңар. Ошон үчүн атаңардан калган персенин баарын ыраазылык менен тепетең бөлүп алышыңар жакшы. — Журт аксакалы дагы токтоло калды. Тигил эки жигит да, эл да сөз аягын күтүп турушту. Тигил сөз аягын улады. — Биз атаңардан калганын таразалап көрдүк: негизги мурасы — алакандай айдоо жери менен, айгыр аттын башындай сары алтыны экен. Жерине аркан салып, алтынын таразалап бөлүп аласыңарбы, же алакандай жерди парчалап бөлбөй, бириң келки бойдон алып, экинчиңер алтынын бүт аласыңарбы, ойлонуштуруп чечкиле. Силердин пикириңерге карап, биз, эл калыстары, бүтүм чыгарабыз. Кана, сөзгө көчкүлө, жигиттер?

Боко да, Чоко да ички күчтүү абалдан чарт жарылып кетердей абалга келишип, тиштенип, араң-араң турушат. Боко болсо, Чоко сүйлөсө дейт. Тилдери күрмөлбөйт.

Эл да ошондой абалда жалындайт.

— Боко,— деди журт башы,— сен бир пас болсо да мурдараак кара жерди, такандап, мурдараак көз ачып, жарык дүйнөнү көргөнсүң. Ошон үчүн сен сүйлө. Кана, кулак сенде!

Боко жерге чөк түшө, көпкө апкаарып, анан калтаарып араң сөз сүйлөдү.

— Менин эбим бир аз жогураак, ошон үчүн мен жети атам кылган кесибин улантып, жер айдап, эгин эгип, дыйкан болсом дейм. Миң кайталап ойлонуп көрсөм да, алтын менен кылар ишимди түк көз алдыма келтире албадым. Ал эми Чоко чыйрак, кыялдуу... көз алдына жок дүйнөнү да келтире алат, ошол ойлор анын башына кайдан түшөрү мени таң калтырат. Эгер алтын анын колунда болсо, анын кыялы, балким, дагы он эсеге артып, мүмкүн алтынды ал өзүнө да, башкага да пайдалуу иштерге жаратышы мүмкүн. — Ал Чокого кылчайып, өтүнүч менен суранды. — Иним Чоко, сен мага капа болбой, ошол алтынды сен ал.

Чоко сөз сурабай, жерге дүмп эттире тизе таштап, кош колун көкүрөгүнө алды, кубанычтан энтигип, араң сүйлөдү:

— Ырахмат, Боко! Мен сага ыраазымын. Аягы мага оор болобу, жеңил болобу, кантсе да, атамын ошол алтынын мен алайын, иштетип көрөйүн..

Эл дуулдап бата берип жибериште.

Ошентип, Боко кош өгүзүн жетелеп, буурсундун сабын кармап, атасынын алакандай жери менен калды. Ал эми Чоко болсо, айгыр аттын башындай алтынын комдолгон төөгө жүктөп, калааны көздөй бет алып кетти.

Жадыраган жаздар келди. Күтүргөн күздөр өттү. Кычыраган суук кыштар алмашты. Кээде заман тарыды: каатчылыктар, аччылыктар өтүп жатты; кыйраткан согуштар болду, көз жаштар төгүлдү, кара оору адамдарды камыштай солойтуп кырган кезендер да болбой койбоду. Бирок ушул алааматтардын эч бириси Чоконун көзүнө түшүп, көкүрөгүн өйүткөн жок, анткени ал эли тумандай каптап көп, мунаралуу кооз имараттарынын минабарынан аңкылдап азан угулган чоң шаардын эң көрүнүктүү адамдарынын бирине айланган, чексиз байлыкка ээ болгон адамдарынын бири болгон. Анын төпкичтери акак таштан чегилип, алдына ыран килемдери төшөлгөн зор үйлөрүндө шарактаган шандуу музыка, жарым жылагач — буралган кара көз сулуу кыздардын бийлери. Адам канындай кыпкызыл шарапка кызыган Чоко кызыл кымкап желеттерин желбегей жамынып, кыз-жигиттердин созолонгон ырларын тыңшайт. Дасторкон көтөргөн кулдар, нөөкөрлөр, негр кыздар нан-чай ташышып, кым-куут түшүшөт.

Чоконун айланасында күмүш кемер курчанган бай балдары, көздөрү жалжылдаган сулуу аялдар — күн сайын төшөгү жаңырат... — Анын атак-даңкы, байлыгы, жылдан жылга айланып, Чыгыш шаарларына улам нарылап тарала берди. Ал турсун анын ченде жок азаматтыгы, марттыгы, келишкен сымбаты, күч кубаттуулугу падыша кызына да жетти. Ханша кыз аны атасынын ордосуна чакыртып көрүп, жактырып да калды. Ошондон улам аны падышанын ынактарынын бири катары ордого алдыртты. Муну менен Чоконун мартабасы да бийиктеп кетти. Ал турсун ал падыша кызына үйлөнүп, отуз күн оюн, кырк күн тоюн да өткөрттү.

Күнү-түнү шаан-шөкөттүн арасында калган — оозунан кызыл шарабы түшпөгөн Чоко эми бүт дүйнөнү

унутуп калды: бир тууганы Бокону оюна да алган жок, анын турмушу өз кол алдындагы жүздөгөн кулдарынын турмушуна окшоп элестеп калды, ал турсун андан да төмөн болуп, кээ кээде ал эмдигиче ачтыктан, оор турмуштан алда качан өлүп калса керек деп жыйынтыктайт. Ал өз оюн бүтпөй алдына кылкылдата кызыл шарап куюлган аяк келет, оң тизесине ханыша олтурат эркелеп келип.

Дал ушундай көз ачпай дуулдаган жылдардын биринде падышанын жерине кубаттуу жоо селдей каптап кирип, ордосу менен бирге, бүткүл өлкөнү тыптыйпыл кылып чапты — талап-тоноп, катындарды олжолоп, малжандан эч нерсе койбой талады. Чоконун баягы айгыр аттын башындай сулп алтынынын калган жарымы да кошо кетти. Өзүнүн колу-бутуна — мурдагы падышанын ынактарынын бири катары кишен, мойнуна зоолу салынды.

Ошентип, анын өмүрүнүн азап-тозоктуу, адам чыдабастай оор экинчи жарымы башталды. Мына ошол бүтпөс оор жылдарда гана көзү ачылат, эл-жери, ага-тууганы, атасынан калган шапалактай айдоо жери, анын топурагынын жыты, атасы айткан керез-мурастары кайрадан жаңырып, акыл-эсинен өтүп жатты... Анын арманы, кусалыгы артыла берип, жүрөк зилдеген сары ооруга да айланып кетти. Отурган жери караңгы зындан, төбөсүнөн гана болор-болбос мунарык жарык түшөт. Бирок ал кыялында туулуп-өскөн жеринде — өзү көргөн ай шоолалуу, жайкалып эгин бышкан тилкелерде, адыр-түздөрдө...

Кусалыгы күчөгөндөн күчөп, баш көтөртпөс жүрөк оорусунан улам сөөгү гана калып арыктап, буту-колун тарта албай калганда, аны зындандан сууруп алышып, ит-кушка жем болор токойго ыргытып ташташты. Аны өлүп калды, түк баш көтөрбөйт деп ойлошкон болучу, бирок анын алсыз сары оору жүрөгү али болор-болбос согуп жаткан эле.

«Аллах-уй! Аллах-уй!..» — деп секирип, ийнин жаба күчүктөнгөн кара чачтарын саксандата, шылдыр таягы менен жер сайгылап келаткан дервиш, кыңылдаган үндү угуп, токтоло калды. Аяк-быягына андоо таштап, жолдон обочо жаткан бир карыпты көрдү да, жанына басып келди. Кооптуу тиктеп туруп, анан унчукту:

— Оо, кудайдын пендеси! Сен неге карыпсың? Ай талаада неге жатырсың?

Жылуу үн кулагына жеткен Чоко көкүрөгүнө дымак

байлап, баш көтөрүүгө аракеттенди, бирок жүрөк кагуусу начарлоодон улам, муундарынан каруу качкан неме өйдө боло алган жок. Ошондо дервиш анын башынан жөлөп, жамбаштатып отургузду.

— Кана,— деди сакал-чачы өскөн дервиш,— ким деген жансың?

Чоко дервиштин жумшак мамилесине муюду, башынан өткөргөн бүткүл тагдыр жолун — кантип тагдыр сапарына чыкканын да, кантип бактысыздыктарга дуушар болгонун да, эң аягында сыздаткан жүрөк ооруга чалдыгып, өлүм оозунда тургандыгын да көзүндөгү жаш менен айтып берди...

Дервиш бу карыптын татаал тагдырына тан берип, баш ийкеп, тунжурап турду. Анан анын арык колдорун сурап, билегинин тамырын кармады: бирде оң колунун, бирде сол колунун тамырын тыңшады. Аягында көздөрүн жуумп ойлуу турду да, анан өз башын калдандата көп маанилүү чайкады:

— Жашырбай айта бериңиз,— деди дервиштен зор ырайым күткөн Чоко, анткени анын өмүр оту, өз кыялында, өчүп бараткан эмеспи. — Мал боломбу? Же тагдырымдын жеткен чеги ушубу?

Үнсүз дервиш анын билектерин дагы бир сыйрадан кармап, каккан тамырларын бирде өйдөтөн, бирде төмөнтөн тыңшап, аягында бир аз чечкиндүү айтты:

— Мал болушуң мүмкүн. Бирок да...

— Оозуңа май, шейх! Деги оорумдун аты эмне?

Дервиш дагы токтоло калып, анан айтты:

— Ооруундун аты — кусалык.

— Эмне? «Кусалык» дейсиңби?

— Ооба. Жер-сууңа, эл-журтуңа, тууган жериндин абасына болгон кусалык...

— Ой имандуу шейх! Бул айткандарың менин акылыма күбөлүк бербей турат. Мен алар тууралу дегеле толгонуу тарткан эмесмин.

— Аа,— дервиш биринчи жолу болор-болбос жылмайып,— сен дөөлөткө мас болуп турганда, алар тууралу түк ойлонгон эмессиң. Ал эми шордуу болуп, зынданга түшкөн соң, бүткүл иман-жаныңды, акыл-сезимиңди ошолор бийлеп, ошолор чырмап турган. Ошондон улам жүрөгүң кысылган, бара-бара сары ооруга — бүтпөс кусалыкка айланган.

— Ой, ыйык шейхим, жер-суу, эл-журт, аба-асман мына азыр да айланамда турбайбы. Ошо кара жерди басып отурбаймынбы.

— Аа,— деди дервиш көз жума, башын жай-жай экчеп,— тууган жердин топурагы, деген ал башка. Сен ошол топуракка жетсең, ошонун жытын кана жыттасаң, менин күмөнүм жок—айыгып кетмексиң.

Чоко буркуран ыйлап жиберди:

— Эми мен ага жетпейм го. Бутум шилтенбей, алдан тайып калдым го. Ушинтип, ай-талаа, ара жолдо өлөмбү?

Шейх да тунжурап, жер тиктеди.

— Сооп издеген ыйык шейхим, мен ай-талаада ыман айтарга кишим жок бейыман өлүм кетпейин. Сөөгүмдү ит-куш сүйрөбөсүн. Мени өз колуң менен узатып, ташка корумдап кет.

Дервиш көпкө ойлуу отурган соң, Чокого кылчайып сурады:

— Кайсы тараптан чыккан жансын?

— Маверенахр тараптан.

— Оо,— деп дервиш комдоно түштү. — Мен да ошол тараптанмын. Сооп издеп, Меккеге бет алып баратам, Ыйык Кабаа ташына баш урунуп, намаз окуп, кайра кайтсам дейм. Бул узак-катаал сапарымда эмне болуп, эмне жок деп, тууган жеримдин топурагынан бир чымчым түйүп алган элем. — Дервиш колтугунун терецин-деги ич чөнтөгүнөн кичинекей түйүнчөк алып чыгып, ачкагандай кана-кана жыттап, канааттангандай терең улутунду. Анан Чоконун алдан тайып кер сары жүзүнө тигилип туруп унчукту. — Ушул тууган жерибиздин топурагынын жарымын сага бөлүп берейин. Ошону жыттап көр, балким, кубаттанып кетерсиң. Анте албай калсаң да муну жыттап жатып өл — жеңил өлөсүң...

Дервиш топурактын жарымын түйүп, Чокого берди:

— Жытта! — деди.

Чоко терең жыт тартты: боз чалып бараткан эки көзү жандана түшүп, терең үшкүрүп жиберди — алда качан жоготкон кубаты өзүнө кайта түшкөнсүдү. Сүйүнүп кеткен Чоко чөк түшө калып, дервиштин этегин өпкүлөп, жалбарып жиберди:

— Айланайын шейхим!

— Мага жалбарба,— деп дервиш этегин тартып алды. — Мен сага соопчулук үчүн бердим тууган жерибиздин топурагын. Сен тууган жердин топурагына жалбар, ошонун кереметтүү касиетине жалбар. Ошонун ыйыктыгын бир саатка да унутпа. Кептин түнкү маңызы мына ошондо жатат...

Дервиш менен Чоко токойдо түнөп калышты. Саар

менен кубаты өзүнө кадимкидей кайтып, ордунан тике тура калган Чоко, дервишке карай жалбарып суранды:

— Ыйык шейхим, эми эмне кылайын? Кааласаңыз кызматыңызды кылып, куржунуңузду көтөрүп, ошо Кааба ташка чейин барайын.

Дервиш көзүн жума, ойлонуп туруп айтты:

— Меккеге баруунун сага кереги жок.

— Эмне үчүн! — деп Чоко чочуп кетти.

— Сенин иман-жаныңдын ага даярдыгы, ыкласың жок. Кокустан эле «барам» деп жатасың. Минтип ажы кылуунун эч кимге пайдасы жок. Ажыга барууга ыклас кылуу — баарыдан мурда өз ички ыман-жаныңды тазалоо деген сөз. А сенин ыман-жаның таза эмес...

— Эмне үчүн? — Чоко калтырап кетти.

— Сен кокустан табылган алтынды алып, эсепсиз көп күнөөлөр иштегенсиң: бирөөнү кордогонсуң, бирөөгө зордук, бирөөнө бийлик кылгансың, никесиз катын-кыз менен зинакордук кылгансың. Атаң ошо алтынды таап алып, бирок өмүрү өтүп кеткенче пайдаланган эмес, күнөөкөр болуп каламбы, ыманым карайып кетеби деп корккон. Ал өз жерин, топурагын сыйлаган, ошону айдап-сээп, нан таап жеп, ак жашаган. А сен ниткениң жок, ак-караны ылгабай жаман жолдорго түшүп кеткенсиң,

Чоко буркурап ыйлап жиберди:

— Анда мен эмне кылам, ыйык шейхим?

— Сен ата жериңе кайт. Топурак чеңгелдеп, ата кесибиңди улант. Ыйык жерди мурдакыдай жерибей, топурак жытын сүй. Ошондон өз бактыңды изде. Аз болсо да ошол сага ак бакыт болот, ошо жеген наның халал болот. Ошондо өз өмүрүңдү татыктуу жашаган болосуң. Ошо ак мээнетинден табар байлыгың көбөйсө, уялбай анын ырахат-жыргалын көр. Ал эми кокус келер алтын-күмүштү, баш айлантар бийик мансапты эсебе, өз эмгегиңдин акыбетинен андай жакшылыктар болуп калса, андан тайсалдаба.

— Кысқасы, өз өмүрүмдү кайра башташым керек тура.

— И, тупа туура. Ак мээнет менен башта. Ошол ак мээнеттен, мейли, байлыгың ташып кетсин, анда сени эч ким айыптабайт: адамзаттын адеби да, шарияттын шарымы да...

Чоко кайып-каскагынан жолуккан шейхи менен коштошкон соң, күнү-түнү арыштап жүрүп, ай айланып, жыл тогошкондо, тууган жерине жетти. Атасынан ала-

кандай айдоо жерине келди да топуракка колун тыга чөңгөлдөп, көмкөрөсүнөн жыгылды, бир кездеги — бала чагында сезген топурак жыты каңылжаарын өрдөп уруп турду, анан мемиреген терең уйкуга кетти...

— Оо, карып! Оо, чочун! Башыңды көтөр! Менин жеримдин топурагын чөңгөлдөп, неге жатасың? — деген үндөн улам селт баш көтөрүп, өзүн баягы чагындай күч-кубатка толо түшкөндүгүн сезди. Баш көтөрүп, бет мандайында көк ала сакал адам жана анын оң-сол тарабын да эки кер мурут жигиттердин тургандыгын көрдү.

Көк ала сакалчан өз бир тууганы Боко экендигин бүшүркөдү. «Боко» жапжаш эмес беле, кара муруту үлбүрөп эми чыкпады беле» деп ойлоду. Ошондо өз сакалына биринчи жолу көңүл бура, сыйлап көрүп, алар да алда качан эле көк ала болуп кеткендигин көрдү — андан бери эсепсиз көп жылдар өтүп кеткендигин эми биринчи жолу мойнуна алды. Ордунан ыргып, Боконун мойнун кучактады:

— Боко! Бир тууганым! Карымдашым, Кандашым...

Боко да Чокону эми тааныды. Экөө көпкө чейин өбүшүп-жытташкан соң, Боко эки жагына кылчайып, кара мурут жигиттерди көрсөттү:

— Бу менин уулдарым: Бөкө менен Төкө, Шайыр, Байыр аттуу кыздарым да бар. Алардын ар биринин уул-кыздары да бар. Кыскасы, мен азыр он бешке жакын уул-кыздардын чоң атасымын. Ушул атадан калган шапалактай айдоо жер бизди бакты, бизди өнүктүрүп-өстүрдү, тагдырыбыз ушул топурак менен эриш-аркак болду. Кудайдын топурагына ыраазыбыз... Кана, Чоко, сенин уул-кыздарың? Сен айгыр аттын башындай алтын менен, зор бак-таалай артынан кетпедиң беле?...

Чоко ошондо гана үй-бүлө, уул-кыз жөнүндө эсине алды. Капырыгы түтөп сүйлөдү:

— Мен эми баарын кайрадан баштайм. Атамын алакандай айдоо жеринен мага тиешелүүсүн бер.

— Ал,— деди Боко; айдоо аянтын кол жаңсай көрсөтүп,— бизди тамырыбызда дыйкандын каны жүрүп турат. Демек, бактыбыз топуракка байланыштуу. Жер көп. Менин уулдарым жаңы дыңдар ачышкан... Көп топуракты сүйүп, анын керемет күчүн пайдалана билүүдө. Топурак баарын берет: нанды да, бак-таалайды да. Көп анын керемет жытын сезе билүүдө.

Боко жерден бир кокуч ным топурак алып мурдунун учун матыра, кана-кана жыттады да, Чоконун көйнөгүнө толтура салды:

— Жыттачы, Чоко, кандай гана кереметтүү жыт эмес бекен? Сен муну унутуп калганың жокпу? Аны унутсаң, анда сен дыйкан баласы, бүткүл ырыс-кешигиңден, бак-таалайыңдан ажырап бүткөнүң ошо.

Чоко ным топуракка мурдун тыга жыттап туруп, магдырай түштү, анан көзү ымыр-чымыр болуп, борпуган айдоо жерди кулачтап, көмкөрөсүнөн жыгылып түштү.

II

Бул уламышты Садык Балбаков балачагында өз атасы — тыртайган арык Балбак чалдан уккан. Көп-көп түндөрдү уйкусуз өткөргөн: бул окуялар көз алдынан элестүү чууруп өтүп турган, аны бул жомоктун терең философиялык маңызы эмес, дал ошол жандуу окуялары кызыктырган. Бара-бара башына турмуш ташпиштери оорлоп түшкөн сайын, борбуюн көтөрүп, кыз артынан жүргөн жылдарында, жогорку окуу жайында окуган чактарында, армиялык кызмат кездеринде, эң аягында Балтабаев менен өткөргөн драмалуу күрөштөргө жык толгон убактарында — азайган, кыялынын багыты бу жомоктун маани-маңызынын тээ көмүскө тараптарына кеткен. Балтабаев менен болгон кызыл камчы, көк союл күрөштөрүндө ит талаган түлкүдөй абалга келип, көрбөгөн кордуктарды көрсө да, эң аягында моралдык жеңишке ээ болуп, мында иштөөгө түк көңүлү калбай, баштан кечиргендерин эстесе жүрөгү титиреп, алгачкы учурларда, «эми быякты желкемдин чуңкуру көрсүн» деп жөнөп кетип, борборго барып, Академияда иштеп, диссертациясын коргоп, «экономикалык илимдердин кандидаты» деген илимий наамын алган соң, көңүлү бир жаңсыл абалга жеткендигинен уламбы, кантсе да, алиги жомокту көп-көп жолу кылт эттире эсине түшүрүп, ал тууралуу ар тараптуу ойлор жүгүртө берүүгө адаттанып кеткен.

Анын мындай өнөкөтү беш жылдык ажырашуудан соң «С» районунун райондук партия комитетинин биринчи секретары Шатман Алдосов менен болгон аңгемелешүүлөрүнөн кийин ого бетер күчөдү.

Алдосов менен Садык мейманканада жолугушту — ал жолугушуу кезектеги республикалык партиялык пленумдардын бирине келгенде болгон. Бул жолугушууга Алдосов өзү инициатор эле: ал академияда иштеген, ошол пленумдун ишине катышып жаткан окумуштуу

адамдардын биринен Садык Балбаковдун телефон номерин тапты, анан кайра-кайра телефон чалып жүрүп, өзүн да тапты. Анан мында чакырып алды.

— Садык,— деп жай сүйлөдү Алдосов, адаты боюнча ар бир сөздү тактап.— И-и... Качкы. Убада мындай эмес эле го. Кабарлашып турмак эмес белең биз менен. Таптакыр дайыныңды билдирбей кеттиң го? Бирок мен башкалардан акмалап сурап, ал-абалыңды угуп жүрдүм: кандидаттыгыңды ийгиликтүү коргоп алганыңды да уктум, академияда сектор башчысы болуп иштеп жаткандыгыңды да айтышкан. Бирок мен өз дарегиңди түзүк билдирбей кеткениңе таңмын.

Садык ыңгайсыздана түштү.

— Шатман Алдосович, кечирип коюңуз. Мен... Мен эч качан силерди унутканым жок: «Ак-Таш» колхозу, анын адамдары, өзгөчө сиз, дагы башкалар, ар убак эсимде турдуңар. Айыл чарба боюнча өкмөтүбүз менен партиябыздын көп токтомдору, чечимдери чыгып жатат. Ошолорду окуган сайын силердин турмушуңар көз алдыма келет, ошол токтомдордун иш жүзүнө ашырылышын силердин турмушуңар, шартыңар аркылуу элестетем.

— Анткениң абдан жакшы,— деди Алдосов зыңгырап жай сүйлөп,— бирок убада мындай эмес эле го? — деп кайталады.

Мунун себеби тээ алыста. 1964-65-жылдардагы партиябыздын октябрь жана март пленумдарында айыл чарбага жетекчилик кылуудагы лениндик принциптер орой бузулгандыктары белгиленип, жетекчиликтеги илимий негизге таянбаган волюнтаристтик метод катуу айыпталып, жетекчиликтен далай волюнтаристтер кеткен. Ошондо башкалардын катарында «С» районунун партиялык комитетинин биринчи секретары Токтор Бозуланов, «Ак-Таш» колхозунун башкармасынын төрагасы Байдылла Балтабаев өз кызматтарынан кетишкен — туура эмес иш стилдери үчүн, партиянын атынын атынан зомбулуктар жүргүзүшкөндүктөрү үчүн, өз кызыкчылыктарына пайдалангандыктары үчүн, өкмөт менен партия ишенип колдоруна берген бийликти чегинен ашыра пайдалангандыктары үчүн, айланасындагы бүт турмушуна бай-манаптык мамилелери үчүн кызматтарынан кетишкен, катуу партиялык жазалар алышкан...

Ошондо алардын ордуна жаңы адамдар келишкен: «С» райондук партия комитетинин секретарлыгына

Шатман Алдосов шайланган. Ал өз учурунда, райондун жаңы жетекчиси катары, чарбаларга жаңы перспективалар ачылып жаткандыгын эске алып, алардын башына жаңы адамдарды коюу максатын көздөгөн. Ал ошондо «Ак-Таш» колхозунун башкармасынын төрагалыгына — Бозуланов менен Балтабаевдин зомбулугуна дуушар болуп, ак иши үчүн партиядан чыгарылып, түрмөгө отургузулуп, антсе да тилекке жараша, пленумдардын чечимдерине жараша пайда болгон жаңы шамалдын деми менен, өз чындыгын таап, партиялык калыбына келтирилген Садык Балбаковду коймок болгон эле. Бирок Садык бул сунушту кашайып четке кагып, макул болбой койгон: «Мен ушул «Ак-Таш» колхозунун экономика тарыхына, бүгүнкү эсеп-кысап жагдайларына, анын эртеңки перспективаларына байланышкан даярдыктарымды, изилдөөлөрүмдү илимий жактан жалпылап, диссертация коргошум керек. Балким, бул илимий тажрыйба, мен биерде бир колхозго жетекчи болуп тургандан көрө, көптөргө илимий пайдасын тийгизер. Анан ойлонушуп көрөм» деген. Мына андан бери беш жыл өткөн. Бирок Садык ал убадасын аткара элек болучу, «Ак-Таш» колхозуна, райондук партиялык жетекчиси Алдосовго жолуккан да эмес, кат да жазбаган. Азыркы «айыптоо» сөздөр мына ушул жагдайда жүрүп жаткан.

Садык сөз тизгинин бир аз башка жакка буруп жиберүү аракетин көздөп, экинчиден, чындап эле кызыгуу менен сурады:

— Камилжандын иштери кандай?

Алдосов бир аз ойлуу боло түшүп, анан саал көңүлсүрөөк айтты:

— Дурус эле, бирок биз күткөнчүлүк эмес. Кыязы, бир аз жаштык кылып атабы дейм.

Биерде сөз Камилжан Мамажанов туурасында, аны жетекчи катары жүргүзгөн иштери жөнүндө бара жаткан эле, себеби — Садык ошондо Алдосовдун сунушуна көнбөй, борборго баса берген соң, райондук партия комитетинин сунушу боюнча, Камилжанды «Ак-Таш» колхозунун башкармасынын төрагалыгына шайлашкан. Азыр анын иши туурасында — колхоз башкармасынын төрагасы катары жүргүзгөн көп тармактуу иштери туурасында сөз бара жаткан.

— Кантип эле жаштык кылсын? — деди Садык биринчи секретардын бул оюна макул болбой, жаш жетекчи Камилжандын кызыкчылыгын колдоп. — Анын

жашындагылар бир колхоз эмес, бүтүндөй бир мамилекетти башкарып жатышпайбы.

— Аның ырас,— деди Алдосов кичинекей денесин адатынча тыкан алып ордунан туруп, мейманканандын кенен бөлмөсүндө бурчтан бурчка жай басып жүрүп.— Бирок, кантсе да, тажрыйбасы аз, теориялык билими да жете бербейби дейм...

— Жок,— деди Садык Алдосовдун оюн тике колдобой,— Менин оюмча, Камилжан көп окуган жигит, көптү билет.

— Макул, ошондойдур,— деди Алдосов, ичтен кысылып, бир нерсени тактап айта албай.— Ким билет, табийгатынан бир нерсе жетпейби... Кыскасы...— Ал токтоло түшүп, сөз аягын бүтүрүүнү, кыязы, зарыл көргөн жок.

Экөө тең бир азга унчугушпай калышты. Тунжурап көпкө отурушкан соң, тынчтыкты Садык бузду.

— Кеп, менин оюмча, Камилжанда эмес. Айрым «катуу колдуу» жакшы башкармалардын «күчү» менен чарбаларды бир силкип ондоп алабыз деп, кайра колхоздук түзүлүшүбүздү жаман жолдорго түртүп алган жокпузбу: колхоздук демократияны, көзгө албай тепсетип, адамдардын граждандык укуктарын каалагандай кылып чектеп... Ушундай волюнтаристтик стилдер жашап келбедиби...

— Аның ырас дечи. Бирок да минтип, кең жайыктарга, айкын жолдорго дагы эле чыгып кете албай отурбайбызбы. Арттабыз. Кээде Европанын кичинекей мамлекеттеринен, өлкөбүздүн кубатына салыштырганда, ат чабым артта турган өлкөлөрдөн, айыл чарба абалыбыз артта болуп отурбайбы.

— Ырас, эң сонун токтомдор чыгып жатат. Ураандар ташталууда. Бирок, менин оюмча, кеп анда эмес, Шатман Алдосович.

— Эмнеде? Сен эми окумуштуусуң. Окумуштуу-экономист катары эмнени айта алар элең?

— Менин бекем ишенимимде, Шатман Алдосович, мунун баары — жылдан жыл өтүп, он жылдыктар өтүп айыл чарбабыздын көтөрүлө албай жатышы — жер менен биздин эмгекчи адамдардын, болгондо да дыйкан адамдардын ыман-жандык, адептик байланыштарынын үзүлүп калгандыгында деп ойлоймун. Башкача айтсак, адамдардын дыйканчылыкка жүрөк оту менен болор байланыштарынын үзүлүп калгандыгында...

— Себеби?— Алдосов кызыга түшүп, Садыкты көз-

төрө чалып сүйлөдү. — Сен Маркстын «Капиталын» жазданып, Лениндин экономика боюнча илимдерин тике — ийне-жибине чейин өздөштүрүү аракетинде жүрөн адамсың. Ошон үчүн ошол «үзүлүп» калуунун түпкү себептерин айтчы... Ырас, бул маселелер боюнча менин өз көз караштарым да бар, бирок да сеникин — окумуштуу-экономисттин, андан калса, чоң практиктин ойлорун билүүм абдан кызык мага...

Садык дивандан туруп, терезени беттеп, түнкү шаардын келбетин — электр лампочкаларынан турган чексиз «океанды» тиктеп, көпкө чейин үнсүз туруп, анан ошол турган абалында сүйлөдү.

— Анын түп тамырлары, менин оюмча, тээ алыстан — революциянын алгачкы жылдарынан, анан жыйырманчы жылдардан башталатко.

— Кандайча? — деп Алдосов анын желкесине жакындады.

— Улуу Ленин кол койгон эң алгачкы Декреттердин бири жер жөнүндөгү декрети болгон эмеспи. Бул декрет менен жерди жеке менчик түрүндө пайдалануу жок кылынып, жер мамлекеттик менчикке айландырылган. Бирок да жер менен, мал менен элдин байланышы үзүлбөс үчүн, Ленин жерди, анын мүмкүнчүлүктөрүн кооперативдик жол менен, ТОЗ (товарищеская обработка земли) болуп, артелдешип пайдаланууну киргизген... Мында НЭП саясаты да дал ушуга байланыштырылган, башкача айтканда, коллективдүү эмгек менен бирге, ага ар бир жеке адамдын кызыкчылыгы да бириктирилген. Ошол жеке кызыкчылык ар бир адамды жерге бекем байланыштырып турган. Ал эми кийинчерээк колхоздор уюштурулуу менен, адамдардын жерге болгон жеке кызыкчылыктары, индивидуалдуу инициативалары чорт кыркылып ташталып, коллективдүү эмгектер гана калтырылган. Башкы формада айтар болсок, адамдардын жүрөк каны менен жерге байланышы — аларды жерге тартып турган кызыкчылыктары — закон менен жокко чыгарылып, адамдардын жер менен болгон ыман-жандык, адептик, намыстык байланыштары биротоло өчүп калган. Жер менен ар бир адамдын байланышын ураандар, курулай энтузиазм менен, бара-бара коркутуп-үркүтүүлөр менен, ал турсун, камап-соттоолор менен (эмгек минимумдарын толтуруу, нормалар аткаруу, айыл чарба артелинин үлгүлүү уставын бузгандыгы үчүн айыптоо ж. б.) иш жүргүзүүгө туура келип калган. Мындай аракеттер адам-

дардын жер менен болор табийгый байланыштарын биротоло алыстаткан. Карапайым түшүнүк менен айтканда, жер эрсиз жесир сыяктуу болуп калган. Менин оюмча, бул биздин түзүлүштүн эң жаман багытка кеткен жолу, таптакыр перспективасыз багытка бет алган коркунучтуу жагы болгон.

Бөлмө ичи тыптынч. Сырттан кобур-собур үндөр угулат.

— Бул ойлоруң менин өз түшүнүктөрүмө жакын,— деди Алдосов, дагы нары-бери басып туруп. — Бул үзүлгөн коркунучтуу абалды улаштыруунун жолун сен кандай деп ойлор элең, Садык?

— Адамдардын ошол жерден үзүлгөн ыман-жандык байланыштарын кайра улоонун жолдорун издешибиз керек, анын аракеттерин жүргүзүшүбүз зарыл.

— Мындай мүмкүнчүлүктөрдү партиябыздын мындан беш жыл илгери болуп өткөн март пленуму берген жокпу?

— Теориялык жактан, пленумдун токтомунун пункттарында берди, бирок турмушка ашыруу жагы артта кала берип олтурат. Бул да өсүп баратпайбы. Бул биздеги жаман өнөкөт.

Бир нече мүнөткө экөө тең үн-сөзсүз отурушту.

— Эмнелерди жүзөгө ашыруудан баштоо керек эле деп ойлойсуң сен? — деди Алдосов тынчтыкты бузуп. — Башкача айтканда, жер менен адамдардын жүрөк отун кайрадан байланыштырыш үчүн... Биз дыйкандардын сезимдерин ойгото албай, аны жер менен бекем байланыштырбай отуруп, бүткүл өлкөнүн масштабында айыл чарбанын кординалдуу да, түбөлүктүү да маселелерин чечишибиз кыйын. Дыйкан жердин ээси болсун, ал үчүн күйсүн, жүгүрсүн...

Экөө эки креслого терең-терең чөгө олтурушуп, сөз сүйлөшпөй, ар кимиси өз ички ойлору менен болуп калышты.

— Бул айтууга оңой, бирок анын конкреттүү жолдорун табуу кыйын болуп жатпайбы.

— Ырас,— деди Садык жанданып,— биз шашылыш түрдө — тарыхый шарттар жетиле электе эле — столдо отуруп, жаза салынган токтомдор менен, анан аны иш жүзүнө ашырыш үчүн бийлик күчтөрү менен, дыйкандардын жер менен жылдап түзүлгөн ыман-жандын байланыштарын бир-эки жыл ичинде, кылыч менен кыя чапкандай үзүп салбадыкпы. Андан бери жарым кылымдан көп убакыт өттү. Дыйкан көптү унутту. Эми

аны кайра улаш үчүн, менин түшүнүгүмчө, көп-көп мезгилдер, ондогон жылдар талап кылынышы мүмкүн...

Түн тереңдеп баратат.

— Ырас,— деди Алдосов ойлуу шылкыйып,— айыл чарбабыздын абалы терең кризисте десек жаңылышпайбыз. Бул боюнча жашай берүүгө болбойт. Жаңы жолдорду табуу керек. Бул маселеде социализмдин мүмкүнчүлүктөрү бүтүп калган жок.

Садык негедир жасалма күлдү. Анан сөз улады:

Сиз менен менин түшүнүктөрүм, бул маселе боюнча, бир топ жакын. Аныбыз мындан он жылдар илгери эле, мен «Ак-Таш» колхозунда экономист болуп иштеп жүргөн жылдарда эле, белгилүү болгон. Бирок да көптөр ушул күндөргө чейин бул маселени өздөрүнчө түшүнүп жүрүшпөйбү. «Айыл чарбабыздын абалы начар, бул боюнча алга жыла берүүгө болбойт» деп койсоң, сени «социалисттик түзүлүштүн душманы», «колхоз турмушун жек көрөт» деп моюнга ярлыктар тагып, керек болсо, каматып таштаган учурлар толуп жатпайбы, ошондой куугунтуктарга түшүп, көргүлүктөрдү көрүп, арың кутулуп чыкканымды жакшы билесиз го, урматтуу Шатман Алдосович.

— Эки катын чогулса, ар ким өз арманын айтат» дегендей кылып, өз арманыңды — Балтабаев менен Бозулановдон көргөн кордуктарыңды жаңыртып отурба — ошолор сыяктуу эле айыл чарбанын маселелерине «даздравствует, ура» деген көз караш менен, курулай энтузиазмдер менен жашап жүргөндөр колхоздордун, бир райондордун, болбосо, биздин областтын рамкасында эле бар дейсиңби? Андай типтер тээ биздин өкүмөтүбүздүн башында тургандардын ортосунда да болуп жатпайбы. Кеп мына ошондо: андыктан, өз оюңду ачык айтууга, кемчиликтерди ачык сындоого чектер коюлуп олтурат. Бул — абдан жаман: улуу Ленин болжогон демократия мындай болууга тийиш эмес эле го деп ойлойм. Күйүнөм...

Садык буга эч нерсе кошкон жок. Үнсүз гана отурду. Алдосов буулугуп улады сөзүн:

— Ураа-ураалар менен, макулдашуулар менен көзгө сайган кемчиликтерди жашыра берүүлөр менен, коомчулукту алдоолор менен алга кете берүүгө мүмкүн болсо, анда далай бийиктиктерге көтөрүлүп кеткен болбойт белек.

— Муну, Шатман Алдосович, алдыңкы акыл-эс ошо жыйырманчы жылдардын акыркы жылдарында эле,

коллективдүү чарбалар түзүлө баштаганда эле, жер менен дыйкандын байланышы үзүлүп кетерин айтышкан. Бирок эл душманы катары ярлыктар алышкан. Далай асыл баштар авактарда чирип кетишкен. Элүүнчү жылдарда да айтышкан, кемчиликтерди көрсөтүшкөн, бирок да колдоолор табыша алышкан эмес. Мына дагы да демагогия үстөмдүк кылып келатат. Качан бир чындыктын жүзүнө тике карап, аны түшүнөөр экенбиз.

— Чындык арабызда жүрөт. Бирок аны көрө албай, даяр стандарттардан кутула албай, карскандын ичиндеги тыйын чычкандын сыңары тынымсыз жүгүрүп жатабыз. Ошонун канча көп айланышын биздин ийгиликтерибиз деп, эсепсиз көп цифраларды, сандарды жазып, кыйкырып айтып, өзүбүздү өзүбүз алдап жашай берүүгө өнөкөттөнүп кеттик. Болбосо, кайталап айтам, бу социализмдин мүмкүнчүлүктөрү бүтүп калды деген сөз эмес...

— Албетте, жок.

— Демек, өз турмушубузда өзүбүздү өзүбүз алдабай, баарына терең, сын көз менен кароо зарылдыктары туулат. Мына ушул жөнөкөй, бирок биздин турмушубузду жаңыча көрөр мүмкүнчүлүктөргө көнүгө алар бекенбиз, кеп мына ошондо.

Экөө түн жарымы ооп кеткенге чейин көп-көп маселелер боюнча сөз козгошту, талашышты — көп маселелерде пикирлери жакындашты, дагы башка маселелерде экөө өз-өз ойлорунда калышты.

Алдосов Садыктын турмушка, айыл чарбага карата өзүнчө да, терең да көз караштары бар экендигин мурда эле билчү, эми анын мүмкүндүктөрү, ишенимдери терендегендигине күмөнсүгөн жок. Ушундай адамдардан райондо көп болушуп, ага таянып райондо партиянын саясатын жүзөгө ашырса, жаман болбосун ичтен эңсеп отурду. Ошол үчүн сөзүнүн эң аягында Садыкка өз талабын койду, сунушун айтты.

— Балбаков, менин сага коер сунушум бар.

— Ал кандай? — деди Садык, алагар көзүн жай-жай ирмеп.

— Сен бизге баргын.

— Академиячы, илимчи?

— Илимди сенден башка жолдоштор деле жүргүзө берсин. Сенден илимге мыктылары да көп. Ал эми сен, менин оюмча, илимпоздуктан көбүрөөк практиксиң, ошон үчүн сен айыл чарбанын тике турмушу үчүн абдан керексиң.

— Каякка барам?

— Дал ошол өзүң жакшы билген «Ак-Таш» колхозун жетектөөгө барасың.

— Камилжанчы?

— Камилжан окууга кетет. Партиялык мектепке жиберебиз. Анын окушу зарыл болуп жатат.

Садык бул сунушту такыр күтпөгөн эле, бир ирмем ойлуу боло түштү.

— Мени андагы эл кабыл алабы? Себеби, мен жүргүзгөн «тополондорду» — көбү менин, күрөшүмдү «тополоң» деп түшүнүшкөн эмеспи — туура түшүнгөнү бар, түшүнбөй жүргөндөрү да бар...

— Эл түшүнөт. Ошондо эле сени көбү туура түшүнүшкөн. Түшүнбөгөнүнө түшүндүрөбүз.

Садык токтоло түшүп айтты:

— Илимде эле кала берсемби дечүмүн...

— Менин оюмча, сенин ордуң, бир кезде өзүң айткан жомоктогу Чоко сыяктуу, топуракта — дыйканчылыкта... Азыр дыйканчылык — биздин өлкөнүн алдындагы татаал фронт. Биздин негизги «согуштук күчтөр», тажрыйбалуу «офицерлер» ошол фронтто болуусу зарыл болуп отурат. Муну сен өзүң да жакшы көрүп турасың.

— Ырас, күн сайын радиону бурап, газетанын бетин ачып, айыл чарба абалына кызыгам: кээде өкүнөм, кээде кубанам, кээде кыжырданам. Натыйжасыз «ураа-ураалар» жадатты го.

— Демек, сен айыл чарбасыз жашай албайсың, Садык. Сен ошол үчүн жаралган адамсың. Сен ойлонгун. Мен сенден жооп күтөм.

Экөө орундарынан тике тура, бек кол кысышты.

Мына ушул жолугушуудан тарта, Садыктын башынан алиги өз атасынан уккан Боко менен Чоко тууралуу жомок кыялынан кетпейт — жүз түрлөнүп аң-сезимине түшө берет — аны улам жаңы ойлорго чакырат.

Аягында Садык чыдай алган жок. Академия менен коштошуп, чемоданын көтөрүп, самолет менен учту да Алдосовго барды. Алдосов аны сүйүнүп тосуп алып, «Ак-Таш» колхозуна алып барды: колхозчулар аны бир добуштан колхоз башкармасынын төрагасы кылып шайлашты...

Андан бери туура он беш жыл алмашты.

Азыр ошо он беш жыл илгери, колхоз башкармасынын жаңы шайланган төрагасы катары, өз ишин эмнеден жана кантип баштаганын эсине бир бирден түшүрүп отурду Садык Балбаков.

Ал өз ишин колхоз активисттерин, айыл аксакалдарын чакырып, эртеңки максат, жаңы өрүш кандай болуу керек экендигин кеңири талкуулоодон баштаган.

Кычыраган кыш. Терезелерге муз тоңуп, түн түшкөн калың, жомоктогудай кооз токойлордун элестерин калтырат. Мына ушул абалды эске алып, Садык колхоз дворецинин кичи залына күчөтүп от жактырып, уядай жылуу абалга келтиртти. Анан элдердин келишин күтүп, залдын ичинде аркы-терки басып турду. Биерде нелер гана болуп өтпөгөн: Садык өз ишенимдерин коргоп, Бозуланов менен Балтабаевдин кубаттуу күчтөрүнүн алдында жалындап сүйлөгөн, бирок сөзүн, өз ойлорун өткөрө албай, партияның катарынан да чыккан, түрмөгө түшүп калуу «себептерин» да дал ушул залда даярдаган... Мына эми дагы да ушул залга келип, көпчүлүк алдында өз ишенимдерин, максаттарын койгону отурат — ал ойлорун колхоз активисттерине, ал аркылуу айылдын калың элине жеткире алабы, же жокпу?..

Кичи залга эл дүрбөп кире баштады, Садык кол узата аларды утурлады. Булардын ар бири менен кийинки, өзү колхоз башкармасынын төрагасы болуп шайланган күндөрдө, ар кандай шартта, чарбанын ар кай жерлеринде жолугушкан, ал-абал, эсен-соолук сурашкан, бирок да өз жандары, максаттары туурасында кеңири ой бөлүшө элек.

Эң алдыда — ак сакалын жайкалткан Миңбайчал. Анын жашы жетимиштен алда качан ашып кетсе да, адатынча көкүрөгүн керип, салмактуу басышы баягысындай — кабыма чапанынын жакасы жакжайып, ак жегдесинин төмөн көздөй созулган ачык жакасынан төшүнүн ак аралаган жүндөрү көрүнөт. Ошол ачык төшүн кыш суугу да кымтылата албаптыр.

Анын артында семиз Тагай: ал мындан 5-6 жыл илгеркиден алда канча жооное түшкөндөй, бирок өзү жооной-гон менен кылган иши баягы эле бойдон экен — колхоздун техника боюнча башкы инженери, башкача айтканда чарбанын ошол тармагы боюнча колхоз башкармасынын төрагасынын орун басары. Ал белгилүү механизатор Алима Қадырованы ымаалап колтуктап кирди.

Алима Садык менен болор алгачкы жолугушууга атайлап маани бергенби, кантсе да, чачтарын келиштирип тарап, желке тарабына уюлгутуп түйүп, жука эриндери болор-болбостой эндик коюнуп, каш-кирпигин бираз-бираз боегондой. Өткүр кара көздөрү жылт этип, тээ тереңинде алдакандай сырлар жаткансыйт. Садыкты татуу жылмаюу менен тиктеп, байкалар-байкалбастай баш экчеп, кербезденип койду.

Алардын артынан кыркма сакал Мамажан-Бува кирди.

Анан кара сакал Муса. Анын сакалынын актары алда канча көбөйө түшкөндөй.

Садык буларга жай көрсөтүп, бир-бирден отургузуп жүргөндө, Алтын жылдызын тагынган Байдылла Балтабаев кирип келатышы Садыкты ичтен саал дүрбөлөңгө салып койду. Ал бу кишини келбейтко деген эле, атайылап чакырткан да эмес болчу. Ал Садыктын колун бек кармаган бойдон бир ирмем токтолуп калды: Садыктын кичирээк көздөрүнө, токтоо тартып калган, көп сырлар каткансыган жүзүнө тигилип, минтишинде ал жакшылык ойлоп жатты беле, же бир шойкондуу ойлор башында беле, Садык ажырата алган жок. Ал Байдылланын жүзү баягыдан бырышы көбөйө, көздөрү болор-болбостой боз чала баштагандыгын байкоого болот эле: «Кантсе да карылык жакасына жармаша баштаган экен го», деп ойлоду Садык өз ичинен. Анын үстүнө Байдылла ээгине учтандыра сакал-мурут коюп, алышы, баягы жалындаган кейпинен өзгөчөлөнүп койгон сыяктуу.

Анын артынан баягы чепендеген Тумалай — калп эле каткырып, Садыктын колдорун кыскан менен, «эмне дейт, эмне жок» дегенсип, жалтаң көздөрү Байдылла жакка бурулат. Эң аягында дарбыздай томолонгон баягы Черик Чокоев кирди. Ал элчилеп Садык менен кызуу учурашпай, дулдуюп кабак түйгөн абалында, терезенин түбүндөгү жашыл дукаба капталган креслого барып отурду. Моюн улабай ийнине жабыштыргандай башын араң буруп, эки жагына сарасеп таштап койду.

Дагы бир топ абышкалар да бар эле: аларды Садык сыртынан жакшы билсе да, мурунку жылдарда көп сырдашып, жакындашууга мүмкүнчүлүктөрү болгон эмес. Алар: Чокмок, Назар, Дөңбаш, Токтор, Төрө, дагы башкалар. Буниса, Чыныгүл Дурия, Салия сыяктуу кемпирлердин да келип калышы Садыкты ар кандай ойлорго салып жатты: бир тарабынан кубанса, экинчи тара-

бынан кооптондуруу туудурат — «ушулар бир жакшы үмүттөр менен келип отурушат. Мен алардын үмүтүнө татыр бир нерселер иштеп берип, аларды кубанта алам-бы, же колумдан эч нерсе келбей, аягында ушул үмүт-көр элдин жек көрүмчүсүнө айланамбы?...»

Кеп колхоздун бүгүнү, эртеңи жөнүндө болду: кем-чиликтер айтылды, ошону менен бирге, колхоз эконо-микалык турмушу жагынан бир топ жогорулап бара-ткандыгы да белгиленди.

— Бул,— деп астын сызгандай белгилеп айтты кол-хоз башкармасынын төрагалык милдетинен бошонуп, азыр Москвадагы коомдук билимдер академиясына эки жылга окууга жөнөтүлүп жаткан арык Камилжан. — Бул өкүмөтүбүз менен партиябыздын кийинки жылдар-да айыл чарба боюнча көрсөткөн камкордуктарынын на-тыйжасы. Мен биерде мындан беш-алты жылдар илге-ри болуп өткөн партиябыздын токтомдорун айтып жа-там: маселен, 1964-жылкы Октябрь Пленуму айыл чар-бага жетекчилик кылуудагы лениндик стилдин, прин-циптердин бузулгандыгын катуу айыптады — ал айыл чарбага жетекчилик кылуудагы волюнтаризм болучу. Өлкөнүн чарбасы илим-тажрийбалар иштеп чыккан жакшы нерселерге таянып жүргүзүү ордуна, айрым адамдардын башка түшкөн постулаттар аркылуу жүр-гүзүүгө өтүп кетилген. Мунун өзү экономикалык за-конченемдүүлүк менен өнүгүүгө зыяндар тийизип, ал турсун өлкөнү кедерине түрткөн. Советтик демократия, адамдардын укугу, зарыл болгон ар кандай коомдук жана жеке адептик нормалар тепселген.

— Ал абал айыпталбадыбы, дагы эмнесин кайталай-сың, Камилжан? — деди Черик, жашыл креслого уяда-гы балапандай жайлуу чөгүп отурган абалында. — Ан-дан көрө окууңа качан жөнөп кетериңди айт.— Бул кө-рүнөө кубаныч менен какшыктагандык эле.

Камилжан арык узун мойнун Черик жакка буруп турган бойдон улады сөзүн:

— Мен дал ошону айтып жатам, Черик. Дал ошол айыптоолордун артынан бизге атактуу март пленумунун чечимдери келди, башкача айтканда жаңыча өнү-гүшүбүзгө өрүш берген чечимдер...

— Ооба, зор бурулуш болду, жаңы өрүш болду деп чуу салган элек, бирок да...

— «Бирогу» жок, Черик. Март пленуму бизге чоң нерселер берди: колхоздорду ар кандай тушоолордон бир аз болсо да куткарып, өз проблемаларын өзү чечүү

маселесин койду,— башкача айтканда жогортон болуучу диктовкаларды азайтууну койду; колхоз-совхоздор өндүргөн эгинди мамлекеттин сатып алуу баасы жогорулады — мунун өзү чарбалар экономикалык жактан тезирээк көтөрүлүүгө өбөлгөлөр түздү; ал эми ашыкча өндүрүлгөн азык-түлүктү өкүмөт бир жарым эсе кымбаттатып ала турган болду — бу да чарбалар үчүн пайдага түштү; эмгекчилер үчүн материалдык-моралдык кызыктыруу шарттарына бир аз жол ачты. Дагы дагы толуп жатат. Менин оюмча, ушулардын баары коллективдүү чарбалардын өнүгүү тарыхында бир кадам алга жылгандык болду.

— Ушуну менен баары чечилип калды демексиңби, Камилжан? — деди Тумалай, сүйрү башын Балтабаевдин жонунан соксоң эттирип.

— Жок! — деп кыжырдуу кыйкырды Камилжан.— Ырас, адегенде бу токтомдун чечимдери менен айыл чарбанын бүткүл маселелери толук чечилип калды деп кыйкырган учурларыбыз болгон. Бирок да баягы эски адаттарыбызга, аша чаап, аша сүйүнүп кеткен экенбиз. Азыр биз муну түшүнө баштадык. Иштер баягы кедерине кетти.

Сөз улам көбөйө берди.

Бир убакта Миңбай чал сөз сурабай эле ордунан турду. Ээгин кырланта коюлган кыркма ак сакалдуу ээгин өйдө көтөрө берип, ойлуу сүйлөдү:

— Садык, сен эмне үчүн келдиң бизге башкарма болуп? Жөн эле башкарма болуппу, же бере турган нерсең —жаңылыгың барбы?

— Мен. Мен... — деп күтүүсүз Садык мукактана түштү.

— Сен мукактанба,— деди Миңбай чал, тигинин абалын туура түшүнүп. — Менин айтайын дегеним мына бу: биздин ушу «Ак-Таш» колхозунун уюшулганына жарым кылымдан ашып баратат. Ушул жылдарда ондогон башкармалар келип кетишти: баары мен жыргатам деп мактанып келди, экинчиси — унчукпай куржунун толтуруп кетүүнүн аракетинде жүрдү, бирин район жиберди, дагы бири шаардан келип-кетип иштеди, кыскасы, айта берсең, ар бири өзүнчө санат. Мейли эми, өткөн өттү, кеткен кетти. Эми сен да ошолордун бири болуп келдиңби, же башка бир жаңылык менен, биздин турмушту өзгөртө алар жаңы ойлоруң менен келдиңби?

— Туура, туура! — Балтабаев Алтын жылдызын жарк эттире, креслодо копшолуп койду.

Садык ойлуу токтолуп, эмнеден баштарын акылында санжаптап жатты.

— Ойлорум, бар, албетте...

— Айт-айт. Эң башкысын айт.

— Эң башкысы,— деди Садык, кичи залдын шыбына илинген кооз люстра тарапка көз таштап. — Жер менен дыйкандын үзүлүп калган байланыштарын уласам дейм. Улай алар бекемин дейм. — Ал токтоло түштү. — Албетте, бул дароо эле боло калчу процесс эмес, көпкөп, балким, ондогон жылдарды, зор-зор маселелерди, бир колхоздун рамкасында, мамлекеттик планда да чечүүнү талап кылган маселе.

Далайлар бул абстракттуу ойдун ток этер конкреттүү маңызын түшүнбөй калышты.

— Ой, адатыңча тумандатып, теориялатпай, так айтпайсыңбы,— деди Тумалай чырк этип.— Үзүлүп калганы эмнеси? Аны улай коем дегениң эмнең?

Садык шашылган жок: жай сүйлөп, өткөн жолу борбордогу мейманканада Шатман Алдосовго айткан ойлорун — жер менен дыйкандын кан-жаны менен болгон байланышы — миң жылдар бойлоп түзүлгөн байланышы — коллективдүү чарбалар түзүлгөн соң, жерге жеке менчик токтотулуп, ал турсун, дыйкандын жеке кызыкчылыгы да жоготулуп, жер дыйкансыз жесир калып калгандыгы туурасындагы ойлорун айтты.

Садык жактыра бербегендердин чачы тик туруп, ага саясы айыптар тагып жиберүү жагын да ичтен ойлоп калышты.

— Ой, сен, Садык,— деди Черик, ордунан тура калып, моюнсуз жыкжыйган ийнин кайр-кайра кысып,— демек, сен коллективдүү чарбалардын — колхоз-совхоздордун түзүлүшүн жаңылыштык болгон, партия жаңылган деп түшүндүргүң барбы?

— Черик,— деди Садык, токтоолук менен сүйлөп,— сен тим эле жыра тартып, тескери бурмалаба. Мен жер менен дыйкандын ыйык байланышын — кан-жаны менен болгон байланышы үзүлүп калгандыгын айтып жатам.

— Дагы да түшүнүксүз,— деди Тумалай коштоп.

— Шашылбагыла. Түшүндүрүү аракетин кылам,— деди Садык, москоол ийиндерин күүшөй берип сүйлөп,— Жер элдик деп аталат, ал бай-манаптардын жеке менчигинен алынып, мамлекетке өткөрүлгөн. Бирок ошону менен жер чыныгы ээсиз, кожоюнсуз калган. «Айда, сеп, план толтур. Давай-давай...» Ал эми жер үчүн кам көр-

гөн дыйкан, аның эртеңки тагдыры үчүн жүгүргөн киши аз. Анткени, жер жеке аныкы эмес, ошон үчүн анын келерки жылы көп түшүм бериши үчүн да жан күйүп жүгүргөн дыйкан жок, болсо да, жакшы башкарма менен жакшы бригадир... Бирок алар деле, көбүнчө, жогортон болгон ур-токмоктон улам, эптеп план толсо экен деп ошентип жүрүшөт — ансыз кызматынан түшүп калышат, жазаланып калышат.

Кыскасы, ушул өңдөгөн жылдарда «жакшы башкарма», «жакшы бригадирлер» менен алыска бара алганыбыз жок. Ар бир дыйкандын жеке кызыкчылыгы ойгонуп, күнү-түнү өзү жүгүрбөгөндөн кийин бекер турбайбы... Демек, терең жаңылыштыктар жиберилген.

— Деги ошо сен айткандай кылууга болобу?

Алима четтен шынк этти. Анын көңүлү ырас эле маселеге ошончолук күйүп тургандыктан улам беле, же эптеп Садыктын көңүлүн өзүнө бурдуруу беле, ажыратуу кыйын эле.

— Мен да ошол маселени силердин алдыңарга коюп жатам. Ошонун жолун табууга болобу? Кантип табабыз деп жатам.

— Деги ошоной учурлар болгонбу? — Тумалай соксоң эттире баш көтөрүп сүйлөдү.

— Болгонун көргөн жок белең, Тумалай? — деди бир аз кыжырдана түшкөн Миңбай чал. — Жаш чагыбызда шапалактайдан өз жерибизди чукулап, эптеп көбүрөөк түшүм алсак деп жүргөн учурларыбыз болгон. Же жалганбы?

— Болгон-болгон,— деди Токтор төшүндөгү согуштук ордендерин шылдыратып. — Бирок анда жеке кожо элек да. Колхоз-совхоздорун уюштурула элек эле да, Миңбай-аке!

— Ооба. Дал ошондой кызыкчылыкты бүгүнкү жер менен бүгүнкү колхозчу дыйкандын ортосунда түзүүгө болбойбу, ошонун жолун издесек деп атпайбы тиги Садык. Же мен жаңылып жатамбы, Садык?

— Тупа туура, Миңбай аба!

Бурчтан кыт-кыт күлкү чыкты, анын артынан үн угулду:

— Анда колхозду таратып, жерди талап-бөлүп алалы.

Садык ошол жакка карап, бул сөздөр Байдылла Балтабаевдин оозунан чыгып жаткандыгын көрдү.

— Байдылла аке! — деди Садык, байкатпай, бирок ныктап сүйлөп. — Колхозду таратып, жерди талап-

бөлүп алуу маселесин коюп жатканым жок. Колхозду да таратпай, жерди да «талап» бөлүп албай эле, тим эле акыл-эс менен үй-бүлөгө, звеного, кооперативдешкен топторго ондогон-жүздөгөн гектар жерлерди узак мезгилдерге бөлүп берип, ошол адамдардын жерге болгон ыйык кызыкчылыктарын жандандырса болбос беле деген маселени коюп отурабыз.

— Ошондо эле өзгөрүү болуп кетерине көз жетеби?

— Аны айтуу кыйын: бирок да адамдардын жерге болгон ыйык байланыштары ойгонушу мүмкүн беле деген ишеним туулат, анткени алар жерден канчалык түшүмдү көбүрөөк алса, өз жеке чөнтөгүнө да ошончолук пайда көп түшөт.

— Анда жекечилик аракет күчөп кетпейби? Ал биздин социалисттик түзүлүштүн табийгатына каршы келип калбайбы?

— Бекер! — деди Садык эми чечилип,— социализм дегенди, анын мүмкүнчүлүктөрүн догматикалык түшүнүк менен карооо жарабайт. Биздин коомдук түзүлүш жаңы, анын мүмкүнчүлүктөрү чексиз көп, ошолорду туура пайдалануу да, изденүүдө турат кеп.

— Анда эмне, колхоз администрациясы бекерчи болуп калабы?

— Жок! Ал дыйкандарды техника менен, күйүүчү майлар менен, жер семирткичтер менен, башка уюштуруучулук маселелери менен камсыз кылат. Туурабы, Тагай? — деп Садык жоон Тагай жакка түз бурулду. Муну такыр күтпөгөн Тагай ыкшалып жооп бере койгон жок.

Садык аны күтпөй, өз оюн улай берди.

— Кыскасы, ошондо жердин да ээси болот, ал — дыйкан, ал эми жалпы иштин кожоюну да болот, ал — колхоз башкармасынын төрагасы.

— Ырас,— деп Тагай, кечигип болсо да өз оюн кошуп коюуга ыкшалды. — Азыр биз сөз үчүн эле жер элдики деп коебуз, чын-чынында эл жерден үзүлүп калган. Ошону кайрадан байланыштарын табууга, аны ээлөө жолдорун изденип, ойлорго чакыруу — бу жакшы кеп.

— Тупа туура. Жер менен өз тагдыры, өтө конкреттештирсек өз кызыкчылыгы бекем байланышпаган адам— ал жерге мандикер сыяктуу эле мамиледе болот. Ал жерден болор түшүм үчүн, андан өзүнө ошончо пайда түшөрүн ойлобой, эптеп иштин көлөмүн көбүрөөк аткарууну, ошол аркылуу айлыгын алууну, ал үчүн трак-

тору оң болуп, норманы көбүрөөк аткарууну болжоп калат: ал ишинен түшүм көбөйүп жатабы, ал үчүн күйбөйт — эмне болсо ошо болсун, таш айдаса да кылган ишинин көлөмү көп болсо болгону. Бул — абдан жаман. Бул — абдан коркунучтуу. Бул — дыйкандар миң жылдап түзгөн жерге жеке кызыкчылыктын жоголгону. Мындагы эң жаман нерсе: дыйкан бара-бара дыйкандык психологиядан ажырай берет, ал, айталы, тим эле бир иш менен, жерден түшүм алуу кумарынан ажыраган робот-кызматкерге айланып калат...

— Ой, Садык,— деди Тумалай, ортолуктан сороюп баш көтөрүп,— Ырас эле, жер элдики дей беребиз. Бирок да ошо чынбы?

— Кеп ошо жөнүндө баратпайбы.

— Мен согуштан кийинки бир жылдарда, колхоз эмгек күндөрүбүзгө дан да, пул да бере албай калган учурда «жер элдики» деген сөзгө эркеп барып, айдалбай бош жаткан жерди бир аз айдап, эгин эгип койсом, кийин бышарда мени өзүбүздүн башкармабыз сотко берип, мени эки жыл түрмөгө кестирип ийбедиби: «айыл чарба артелинин уставын бузду» деп... «О кокуй, ошо түшүмдү да силер алгыла, жанымды тынч койгула»,— десем болушкан жок. Шорлоп отуруп келдим.

— Ой, Тумалай, сен аны айтасыңбы, айыл чарба артелинин уставынан ашыкча мал кармагансың деп, мени да, мага окшогон дагы бешөөнү камап ийишпедиби,— деди олбуру чоң Төрө аксакал.

— Ооба-ооба,— деди Тумалай башын ийкендетип,— ошондон кийин бош жерге кетмен көтөрүп баспас, жүгөн салып ат жетелебес болгонбуз.

Садык какагандай туруп калып, анан кыйналгандай сүйлөдү:

— Ошондой өйдө-төмөндүктөр болуп келген, дал ошонун өзү дыйкандардын жерге, малга болгон ыманжандык байланыштарын биротоло шал кылган... Кеп ошону — ошо ыйык дыйкандык сезимдерди кайра тирилтүү маселелери жөнүндө болуп жатпайбы. — Садык токтоло калып, анан улады сөзүн. — Бирок бул маселе — өтө оор маселе. Аны бир чечим, же токтом менен чечип салууга болбойт. Көп-көп мезгилдерди талап кылуучу процесс.

Четте отурган Миңбай кайрадан жанданды:

— Койгон ойлоруң, максаттарың абдан орчундуу экен, Садык. Бирок муну жүзөгө ашыруу жагдайы кан-

дай болор экен, азырынча көзүм көп жете бербей турат. Ошого инкан барбы?

— Ой,— деди Тумалай, Балтабаев кулагына бир нерсени шыбырагандай болгон соң,— Садык, ушунун баарына — ошо сен ойлогондорду жүзөгө ашырууга — өкмөт руксат береби? Бул айткандарыңын көбү эскичиликке, жеке чарбачыл психологияга чакыруу эмеспи?

— Ал жагын дагы көп-көп такташабыз. Балким, көп жылдап такташабыз, Тумалай-аке.

Садык менен активисттердин жолугушуусу түн жарымына чейин созулду: Садык өз ойлорунун четин чыгарды, тигилер өз ойлорун кошушту, бирок конкреттүү бир бүтүмдөргө келе алышкан жок. Бар болгону алардын аң-сезиминде жаңы ойлор, жаңы сунуштар, түшүнүксүз маселелер пайда болду. Алар кандай чечилет: чечилеби, жокпу, али белгисиз.

Садыктын тунжураган ойлору ого бетер терендей берди. Ал азыр өзү да эч нерсени так болжой албайт.

IV

Айыл чарба кызматкерлеринин областтык чогулушунан Садык Балбаков көңүлү чөгүңкү да, ойлуу да чыкты, анткени, чогулуштун жүрүшү аны таң калтырды: областтык партия комитетинин биринчи секретары Жанузаковдун бир жарым саатка созулган доклады, областтагы чарбанын жалпы абалын анализдөөгө арналуу менен, ичи толо баразман, цифралар болду, анын доклады эсепсиз көп жолу дуулдата кол чабуулар менен тосуп алынып турулду. Садык башкарма болуп иштей баштаган бир жылдан бери эң эле көп коңшулаш райондордо, көп-көп колхоз-совхоздордо болду: дурустары да, үлгү алууга боло тургандары да бар экендиги, ошондой эле материалдык жана маданий турмуш деңгээлдери жагынан эң эле начарлары да көп экендигин — ооба, көп экендигин өз көзү менен көрбөдү беле, акылы менен тааныбады беле?.. А бүгүн эмне үчүн ошол жүрөк өйүткөн абалдар туурасында эң эле аз айтылып, «жаша, ура!» деген мактоолор көп айтылат?

Эмне үчүн тажрыйбалуу партиялык кызматкер — областтын жетекчиси Жанузаков ошого барат? Ал мындай эмес эле го. Же бүгүнкү шарт андан ошону талап кылабы? Аны өзгөрүүгө азыркы атмосфера аргасыз кылганбы?

Мындан беш-алты жыл илгери айыл чарба саясатыбызда бурулуш жасалганда, ал аябай кубанбады беле? Баары жакшыга токтоосуз бет ала тургандай көрүнгөнсүгөн эле го... Андан кийинки жылдарда газета-журналдар, радио-телевидениелер чоң жетишкендиктер туурасында күн-түнү жар салып жатышпады беле?..

Садык чогулуштан чыкканда эрте жаздын жамгыры нөшөрлөп төгүп турган эле. Асфальт жолдор чайпалып, тасмадай созулуп жатат. Башкарманын шоферу дуңкуйган кара жигит, эч бир сөз айтпай, бет маңдайына тикийген бойдон, баранкасын жай-жай имерген болот. Жол тайгак — ошон үчүн ылдамдыкты ашырган жок.

Садык үнсүз келатып, кыялында баягыда айыл чарба делегациясы менен бирге — академиянын өкүлү катары — батыш европалык бир нече өлкөлөрдө болгонун эстейт: Голландиянын, ФРГнын фермерлеринде болгон, алар жерди, мал чарбаны кандай рационалдуу, өнүмдүү пайдалана алышкандыгын көргөн. Маселен, Голландия биздин өлкөнүн кубатына, элинин санына, жер аянттарынын кендигине салыштырганда, бардык багыт боюнча бизден, кыргызча айтканда, ат чабым алыста, бирок да мал чарба азык-түлүгүн алышы, жердин түшүмдүүлүгүнө жетишүүлөрү жагынан, бизден бир нече эселеп жогору кетишкен. Айталы, уйлардын айрым тукумдары жети миң, он миң литрге чейин сүт беришет. А бизде, маселен, Садык өзү азыр башкарып турган колхоздо — райондо алдыңкы чарбалардан деп эсептелген чарбада — сүт үч миң литрди араң-араң түзөт. «Эмне үчүн мындай? Эмне үчүн?..» дейт өз ичинен терең өкүнүч менен. Анан алардын мал багуу шарттары менен өздөрүндөгүнү элестеткенде, өзүнөн өзү уялып кетти. Анда ар бир уйга берилүүчү рациондун өзү ар бир уйдун биологиялык, психологиялык (эгер минтип айтууга мүмкүн болсо) өзгөчөлүктөрү эске алынат — ошого карап рационду ылгап беришет. Компьютерлер кылдат иштеп, алардын ар биринин температурасынан бери билдирип турушат.

«Бизде эмне үчүн антүүгө болбойт? Эмне үчүн биз ошондой өндүрүмдүүлүк үчүн күрөшө албайбыз? Мал чарба, жерди иштетүү боюнча «таш кылымынан» качан жогорулайбыз? Буга эмне айыптуу? Биздин шалаакылыгыбызбы? Же чарбаларды рационалдуу уюштура албагандыгыбызбы? Же жер-сууга, бүткүл материалдык мүлккө коомдук мамилебиздин туура эмес түзүлгөндү-

гүнөн уламбы? Же башка бир биз али билбеген, билип жете элек бийиктиктер барбы? Же социалисттик жаңы коомдук түзүлүштүн мүмкүнчүлүктөрүн туура пайдалана албай жатабызбы? Ага тажрийбабыз, акылыбыз, илимибиз азырынча жетпей жатабы? Бирок ушул абалыбызды билип-көрүп туруп, эмне үчүн бүгүнкүдөй чогулуштарыбызда уялбай «ураалап» мактанабыз?»

Жамгыр жууган асфальт жолдо Садык раистин жеңил машинасы чымын-куюн болуп келатат.

* * *

Садык калың креслого чөгө олтуруп, эки чыканагы менен тизелерин таяна, башын кош колдоп мыкчып, тунжураткан терең ойлорго кетти. «Мен эмне үчүн үйбүлөлүк турмушумда бактысыз болуп калдым? Жазмыш мени мынчалык неге катуу жазалады? Мен ар убак ак жашоону, адамдарга, алардын ичинде, өзгөчө аялдарга назик да, кылдат да мамиле жасап өтүүнү өмүр бою — боз жигит чагымдан тарта максат кылып, ошондойчо кадамдар таштап жашабадым беле? Бирок мен эмне үчүн мындай болуп калдым?»

«Несчастный ты, Садык... Никогда ты не сможешь быть счастливым! Потому что ты дурак. Ты не можешь и не знаешь как жить...» Ушул сөздөр кулак учунда орусча бойдон кайталанып турду азыр. Бул сөздөрдү ал Айнурадан — мурдагы аялынан — көп жолу угуп жүргөн, бирок эч качан аны көңүлүнө түйүп, өз турмушунун чындыгына жакындатып караоону ыраа көргөн эмес. «Кебинде контролу жок, сөзүндө пурду жок Айнуранын жеңил ой сөздөрү» деп койчу. Бирок да бүгүнкү турмуш чындыктары бул сөздөргө аргасыз бир кайрылып, ага калыс ой жүгүртүп көрүүгө аргасыз кылып олтурат.

Бул сөздөрдү ал Айнурадан эң акыркы жолу мындан бир нече жылдар илгери эле уккан — укканда да зер-зеверине — чучугуна жетердей кордоо, кемсинтүү дымагы менен айтылганда уккан. Азыр Садык ошол учурду көз алдынан бир бирден даана, ошондогудай элестүү кылып өткөрүүгө аргасыз болду.

...Садык көп жылдар бойлоп эч бир курорт-санаторияларга барган да эмес, барууну эңсеп максат да кылбаган эле. Ал эми мындан үч жыл илгери, академияда иштеп жүргөн жылдарында, профсоюзга келген дем алуу үйлөрүнүн жолкаты ага тийип калган. «Болгондо

да касиеттүү Ысык-Көлдүн жээгиндеги дем алуу үйүнө экен, сөзсүз барам» деп жөнөгөн.

Ыйык Ысык-Көл ажарына чыгып турган июль айынын башкы күндөрүнүн бири эле. «Чолпон-Ата» дем алуу үйүнө түн ичинде келип жайгашкан Садык таң үрүл-бүрүлдө жээкке чыкты: таптаза аба, дем тартсаң көөдөнүңө тирелип, жаныңды сергитет; жыбырап толкундаган көл тараптан болор-болбос салкын шапата согот: тээ алыста аппак пароход жай каалгып желип өтүп баратат; жээкте кызгылт-сары кум опурулат, эрте ойгонгон бирин-серин адамдар бар. А күндүзү болсо, мында адамдар батпай, көл көркүнө келип, толкуп турду. Садык керели кечке сууга түшүп, үшүгөндө кум үстүндө чубактап жатты.

Азырынча ал ар кимге бир жабышып, жолдош-жоро табууга да ашыккан жок. Ал өзү жеке ойлуу жүрүүнү жактырат. Азыр да, күн батууга жакындап келатканда, «Голубой Иссык-Куль» санаториясынын территориясындагы бир скамейкада буттарын кайчылаштыра, кечки көлдүн чексиз созулган бетине канааттануу менен көз таштап отурду.

Бир убакта ал шаңк этип күлгөн аял күлкүсүнөн улам кылчаң бурулуп, жапжаңы ак «Волганын» рулунан түшүп жаткан тегерек жүздүү, шыңга аялды көрө, жүрөгү солк этип чочуп кетти: көз алдында бир кезги өзүнүн аялы Айнура турган эле... Анын баягы саал болтогураак жүзү саал жышылып, андагыдан алда канча сулуу көрүнөт — бою да шыңга тартып, аппак балтырлары мурдагыдан толуңкураактай, соорулары былкылдайт.

Айнура да Садыкты дароо эле тааныды: машинасынан берилеп басып, Садыкты беттеп токтоду да, бир аз мыскылдуудай, жасалма жылмайып, баш экчей берип унчукту:

— И-и, Садык, сен да мындасыңбы?

Садык демейки адаты боюнча элпек тура калып, колун жогору тарапка жаңсай берип сүйлөдү:

— Мынабу дем алуу үйүндөмүн...

— А биз,— деп Айнура колун төмөнкү зор имаратты көздөй жаңсады,— бу санаторияга келдик.

Экөө бир азга тиктеше түшүштү.

— Самат жакшы жүрөбү? — деп Садык, өз уулунан кабар алууга ашыкты.

— Конечно,— деди Айнура дагы эле илгерки адатынча орусча сүйлөп,— Взрослеет... Хочешь увидеть?

— Ананчы! — деп Садык сүйүнүп кетти.

— Значит, помнишь его...

— Өз уулун унутуп калган ата болобу? — деп ыза-лана түштү Садык.

— Анда отур машинага,— деди Айнура басып барып «Волгасынын» эшигин ачып,— Саматка апарам сени...

— Самат мындабы?

— Говорят же тебе, садись!

Садык машинанын арткы креслосуна жайгашты.

Айнура рулга олтуруп, машинасын ылдам от алдырды да, аерде турган аялга карай, көз кыса, жылмайып айтты:

— Менин Сашкама айтып кой, бир аз кечигип келем...

Айнура машинаны куулдатып айдап жөнөдү. Садык өз ичинен ойлонуп баратты «Атасынын машинасы бекен, же отставкадагы полковникке эрге чыкты деди эле, ошонуку бекен?..»

Айнура өзүнчө эле көтөрүлө сүйлөдү:

— Бул «Волганы» Сашка мага свадебный подарка кылган...

— Сашка ким? — деди Садык такып.

— Ким болмок эле? Менин эрим...

— Ой,— деп жиберди Садык,— алтымыштан алда качан ашкан отставкадагы полковник болсо, аны Сашка дегениң кандай?

— Кхи... — деп койду Айнура. — Ал мен үчүн Сашка... Мен үчүн кымбат. А сен жапжаш болуп туруп, мени бактылуу кыла алганың жок.

— Кантип бактылуу кылды ал?

— Мына машина,— деп Айнура кыска сигнал берип койду. — Төрт комната үйгө ээ болдум. Шаркырап аккан сайдын боюнда дачабыз бар... Үйдү да, дачаны да модалуу буюм-кечелер менен толтуруп бере алды ал... Слава богу, сберкнижкабыз дагы куру эмес...

— Оо,— деп Садык атайылап суктанып койду.

— Ушунун баары — мениki... Саша ооруп жүрөт, жакында эле онкологиялык больницадан чыкты. Кыязы ал — рак...

Садык эмне деп үн кошушун билген жок.

— Айтмакчы,— деп сөз улады Айнура,— Саша биздин Саматты да усыновить этти.

Садыктын жүрөгү зырп этип кетти.

— Эмне үчүн антет?

— Тим эле. Наследствосунун баары ага калат. Жаманбы?.. — Анан кыткылыктап күлүп, машинаны жол жээктете барып, каранғы бак түбүнө токтотуп, өзү сыртка чыкты да, кайра арткы креслого келди. — Балким, анын зыяны сага деле тийбес...

— Мага зыян-пайдасы кайсы?

— Сен дагы эле тентиреп жүрө бермек белең? Деги бир адамча жашоону ойлойсуңбу?

Садык не дээрин билбей туруп, анан сүйлөдү:

— Адамча эле жашап жүрөм.

— Ушубу жашаганың? Карыганыңча үстүнө калканч үйүң жок. Мүлкүң жок.

Садык чыдай албай кетти:

— Аны-мынуңду коюп, мени Саматка жолуктур. Мен аны көргүм келет. Он үчкө толду. Беш-алты жыл бою көргөнүм жок — көрүүгө мүмкүндүк бербейсиң. Атасыз бала кандай болуп өсөөр экен?..

— Көрөмүн десең мени ук.

— Эмненди угам?

— Сашканын болор-болбос өмүрү калды...

— Ну?

— «Ну» дегенинди кой. Адамча жашайлы.

— Эмне? Мени ошо чалыңдын сасык дүнүйөсү менен бактылуу кылам дейсиңби?

— Өзүң таба албаган соң, мен тапканга макул болуп, мыңк этпей жашоого тийишсиң!

— Ха-ха-ха!.. — деп Садык, жинди болуп кеткендей жасалма каткырды. Анан оюн токтоо улады. — Сен, Айнура, ошентип жашай аласың. А мен антип жашай албайм. Сөзүндү токтотуп, мени Саматка апаргын.

Айнуранын ачуусу ташып чыкты:

— Ал сенин балаң эмес! — деп кыйкырды — Ал Сашканын баласы. Ал аны өз уулундай багып жүрөт. Мопед алып берди, андан соң — мотоцикл... А сен Саматка эмне сатып берип койдуң? Өз ыштанынды бүтөй албай басып жүрөсүң го?

Садык кулагын жапырды:

— Макул. Мени Саматка жолуктурчу, анан кетейин.

— Самат ушул көл боюндагы пионер лагерлеринин биринде. Ал ойноп жүрөт. Мен ага сени өлүп калгандыгыңды ишендирип койгомун. Сен мени азыр уккуң келбеген үчүн мен да сенин ага жолугушунду каалабайм. «Эшегине жараша тушагы» деген макалды мен да билем. Жогол, Садык шүмшүк!

Айнура машинанын эшигин ачып жиберди. Садык

шарт чыгып, бак аралап жөнөдү. Артынан Айнуранын чырылдап тилдегени угулуп жатты.

— Дурак ты! Не умеешь.. Олух!

V

Жай саратандын аптабы дем тарттырбай буулуктурат, үп, ысык керимсел бетке урат. Садык машинада тасмадай созулган узак жолдо чымын-куюн болуп кетип баратат. Тегеренип артка калып жаткан эгин, пахта талааларына Садык көзүн жумулар жумулбастай арац ачып, машинанын ачык терезеси аркылуу чарчаңкы көз таштайт. Сыртынан бир караган адам ал уктап баратабы деп ойлойт. Жок, ал уктап бараткан жок: «ушул керимсел дагы көп күндөргө созулуп, эккен-тиккен эгиндердин баарын күйгүзүп жибербесе экен» деп ичтен кооптонот. Экинчи дагы бир кооптоонуусу азыр райондук партия комитетинин мындан бир-эки жыл илгерээк шайланган жаңы секретары Текетаев менен беттешет, маанилүү маселелер тууралуу — өз колхозунун эртеңки перспективалары тууралуу макулдашат: ал киши мунун жаңы ойлоруна макул болобу, жокпу, али белгисиз. — Садык дал мына ушундан кооптонот.

Садык «Ак-Таш» колхозуна раис болуп шайланган-дан берки эки жылда райондук партия комитетинин биринчи секретары Шатман Алдосов менен иштешип, анын иш стилине, чарбачылыгыбыздын келечегине карата анын көз караштарына көнүгө түшкөн эле. Ал ар кандай өз ойлорун (чарбачылык боюнча) Алдосовго тайманбай айтып, анын кеңештерин уга алчу, кээде анын ойлоруна макул болбой четке какчу. Ыман-жаны чыныгы демократиялуулукка сугарылган Алдосов раис Садыкка өз бийлиги менен, же тажрийбалуулугу менен кыр көрсөтүп, кантсе да, өз эгоизмин (анда ал жок эле) биринчи планга чыгарып, ошонусун бекемдеп коюуга жетишиш үчүн аракеттенүүчү эмес. Садыктын жаңы ойлорун кайра-кайра тактап укчу, суроолор берүүчү: ошондон соң ал ойлорду колдоого алчу, антпесе, «Садык, бул ойлорун ырас эле кызыктай, бирок да шашылба, дагы ойлон, ошондон соң бир жыйынтыкка өзүң да келерсиң, экөөбүз тең кайра макулдашабыз» деп, Садыктын көңүлүн көтөрмөлөп, анын аракетин, инициативасын колдоп коер эле.

Мына, күтүүсүз шарттарда Алдосов жогорку партиялык инстанция тарабынан жаңы уюшулган област-

ка партиялык уюмдун биринчи секретары кылып жиберишти — Садык үчүн таптакыр күтүүсүз окуя болгон. Мейли эле го. Текетаев болгондо анын ордуна: баары бир ал да партиялык посттордо иштеп келиптир, баары бир тажрыйбалуу адам экен (башка бир тоолуу райондо көп жылдан бери партиянын райондук комитетинин биринчи секретары болуп иштеп келген дешет). Бирок да, ал да коммунист болгону менен, биздин доордо туулуп, биздин доордо өскөнүнө карабай, бир максат үчүн иштеп жүргөнүнө карабай, анын бийлик алып жүрүүдөгү стили, ыкмасы турмуштун түйүн маселелерине карата көз караштары Алдосовдукунан таптакыр башкача экен... Балким, мунун турмушка, адамдарга, доорго болгон көз караштары, методдору туурадыр. Ырас эле кээде: «Алдосовдун турмушка болгон мамилелеринде либерализм бар, пассивдүүлүк бар» деген баалар угула калчу. Муну Балбаков бир кездерде Бозулановдун, Балтабаевдин, ал турсун обкомдун биринчи секретары Жанузаковдун оозунан да, жаңылбаса, уккан. Бирок Садык Алдосовдун партиялык жетекчи катары иш стилинен да, турмушка мамилелеринен да андай белгилерди өзү көргөн эмес, көрсө көргөндүр, бирок да Алдосовду өз купулунда чыныгы партиялык жетекчи катары эсептегендиктен, ага карата ар убак симпатиясы боло тургандыктан, кантсе да, ал тууралуу жаман ойлорго баргысы келчү эмес... «С» районунун райондук партия комитетинин жаңы секретары менен кучакташып сиңишип, анын сунуштарын, көрсөтмөлөрүн Алдосовдукундай кабыл ала албай жаткандыгынан улам, дароо эле ички каршылыгы ага карата туулат — анын личностуна эмес, берген сунуштарына, көрсөтмөлөрүнө, айрым иштерге берген бааларына, тарсылдатып команда бергендигин жактырбайт. Кыязы, ошо стилин өз инициативалуулугу, активдүүлүгү деп түшүнөт ал.

Экөөнүн ортосундагы алгачкы катуу кагылыш райондук «сельхозтехниканын» мастерскаясынын ишине байланыштуу болуп өттү. Анын кыскача тарыхы мына мындайча болгон эле: «Ак-Таш» колхозу үч «Кировец» тракторун ремонтко берген, алар ремонтту бүтүргөн соң, колхозго документациясын жиберип, ар бир трактордун ремонту үчүн 3500 сомдон карыз болгондугун, аны тапшырып анан тракторлорду алып кетүү жагы эскертилген. Узун бойлуу жаш бухгалтери Касым апкирип берген бул кагаздарды кайра-кайра окуп, таң

калып отуруп калды Садык: «Ой, бу бир жаңы трактордун баасына жакын акча го? Бу эптеп эле колхоздорду талап жештин жолу эмеспи...»

Садык муну көпкө чейин ойлонуп отурган соң, партком дун секретары Камилжан Мамажановду чакыртты (айтмакчы, Камилжан КПССтин коомдук илимдер академиясынын эки жылдык курсун былтыр ийгиликтүү бүтүп келгенден кийин ушул колхоздун парткомунун секретарлыгына шайланган. Камилжанды райондук партия комитетине инструктордук орунга жиберүүнү болжошкон эле, бирок Камилжан чарбада иштөөнү каалап, өз суранычы менен биерге келген. Буга Садык каршы болгон эмес — кантсе да көп жылдан берки пикирлештеринин бири экендигин эске алган — кайра аны биерге үгүттөгөн: «Иште, үйрөн. Андан калса, картаң ата-энендин кашында тур. Бара-бара такшалсаң, райондук партия комитети сени биерге байлап койбойт» деген).

Садыктын трактордун ремонту тууралу нааразылыгын, анын күтүүсүз жыйынтыгын угуп, ничке узун мойнун кылжың эттире, арык жүзүн тырыштыра, Камилжан ылжайып күлүп калды.

— Албайбыз тракторлорду,— деди Садык чечкиндүү.

Камилжан бул иштин экономикалык, моралдык маанилерин Садыктан кеңири билген соң, башын ойлуу ийкендетти.

— Андай болсо, Садык Балбакович, партком сиздин оюңузду жана жыйынтыгыңызды колдойт. Бекем колдойт... — Камилжан кичинекей башын бир ийнине кыйшайта туруп, анан үн кошту. — Бирок буга «сельхозтехниканын» жетекчилери, райатком, райкомпартия кандай карар экен?

— Кандай карашса, ошондой карашсын. Бирок биз экономика закондорунун негизинде өз ойлорубузду далилдеп берүүгө, аны коргоп алууга аракеттенишибиз керек. Менин бекем ишенимде, бул тим эле моралдык маселе эмес, материалдык талап-тоноо болуп саналат.

Мына, азыр Балбаков Садык ушул маселеге байланыштуу райондук партия комитетине чакырылып отурат. Керимсел соккон чексиз талааларды как жарып, райондун борборун көздөй чимирилген жеңил машинасында жай чайпалат ал.

Биринчи секретардын кеңири бөлмөсүнө Садык кирип барганда, узата коюлган узун столдун тээ наркы

башында отурган Текетаев ордунан козголуп, Садыкты утурлай басты: анын аккөпшөк жүзүнө жылмаюусу жарашып, шишимик көздөрү жумула түштү. Кебездей жумшак эткел колдору менен, Садыктын манжалары жоон, алакандары катуу колдорун кыса кармап, анан бир паска кое бербей, ал-жай сурашып турду.

— Рахмат, Сапар Текетаевич,— деп Садык, ага элпек да, кичипейил да жооп берүү аракетин кылды. Анан ал жакында эле Текетаев айыл чарба делегациясынын составында Украина областтарында болуп келгендигин, анын натыйжаларын сурады. Текетаев ага кыска да, тез жооп берип, андагы чарбалардагы абал, жаңылыктар тууралу көбүрөөк айтуудан көрө, делегацияны баштап барган Кубатов жөнүндө көбүрөөк айтып жатты: ал кишинин банкеттерде сүйлөгөн сөздөрүн, жүрүш-туруштарын, тигилерге берген замечаниелерин канааттануу менен айтты — ал киши менен буга чейин да көп учурларда бирге болгон учурларын сыймыктануу сезимин аябай айтты. Муну менен Садыкты тан калтырып шаштыра коюу, балким, сүрдөнтүп коюу аракетин көздөдү беле, Садык ажырата алган жок.

Баятан биринин сөзүнө экинчиси баш ийкеп, жасалма күлүшүп, бири бирине элпек көрүнүүгө аракеттенип жатышкан немелер күндөлүк турмуштун курч маселелерине өтүшкөндө, экөө эки уюл болуша түшүшкөндүктөрүн өздөрү да байкабай калышты.

— Жок! — деди Садык кесе айтып. — мен «Сельхозтехниканын» мастерскаясынан үч трактор албаймын.

— Ой, бул эмне деген өлөрмандык? — деди Текетаев.

— Өлөрмандык алар тарапта болуп жатпайбы, болбосо, трактордун ремонту жаңы трактордун баасына турабы? Ошон үчүн биз, колхоз башкармасы, колхоз парткому менен бирдикте, ал машиналарды алуудан баш тарттык, анын ордуна 3800 сомдон, б. а. 300 сом кошуп, жаңы тракторлор сатып алууну чечтик.

— Себеби эмнеде?

— Себеби, жолдош Сапар Текетаевич, дал ошондой эле тракторлорду колхоз мастерскаясында, тигилердикинен да сапаттуураак ремонттордон чыгардык эле, алардын ар бири үчүн жумшаган каражаттарыбыз 700, 900 сомдон ашкан жок... Андай болгон болсо, биз, колхоз, эмне үчүн ар бир трактордун ремонту үчүн тигилерге 3500 ссомдон — жаңы трактордун баасынан саал эле азыраак акча төлөөгө тийишпиз?

— Закон, расценка ошондой болгон соң, кааласаңар да, каалабасаңар да төлөйсүңөр да!

— Жок. Андай адилетсиз закон болууга тийиш эмес. Мындай «закондорду» ар бир ведомство — ал мамлекеттик ведомство, демек алар элдик...

— Токтоңуз, Сапар Текетаевич, мен экономист катары андай ойлой албайм. Ар бир нерсенин реалдуу чындыгын көрүшүбүз керек. Буга ар бирибиз үйрөнүшүбүз зарыл, биз буга ар бирибиз милдеткербиз.

— Сиз, Садык Балбакович, эмнени тумандатып жатканыңызды мен реалдуу көз алдыма келтире албай жатам. Менин оюмча, биз мамлекетибиз үчүн иштешибиз керек.

— Макул, азырынча,— деди Садык колун өйдө көтөрө, кызуулануп бараткан тигини токтотуп. — Мен дагы эки конкреттүү мисал келтирейин. Анан талашалы.

— Макул, айтыңыз,— деп Текетаев, олтурган креслосунун артына чалкалап жөлөндү.

— Сиз келе электен бир жыл илгери мен райондук «Сельэлектр» уюмунун ишине экономист катары көңүл бурдум. Биерде да дал жогоркудагыдай махинация экен: алар бизге көрсөткөн кызматтарынын чыныгы баасынан, бизден эки эселеп, балким, үч эселеп көп алышат экен. Мен аларга да андай акыны төлөбөй коёюн деген элем, бирок алар бизди опоңой эле жазалап алышат тура: биздин механикалык мастерскаябызга, уй саан агрегаттарыбызга, кыштагыбыздагы материалдык-маданий объектилерибизге ток берүүнү токтотуп, биздин колхозубуздун турмушун токтотуп коё алышат экен, ошону менен бизге, зор материалдык зыяндар келтирет. Ошон үчүн биз аларга өзгөчө катуу мамилелерге бара алганыбыз жок — бул убактынча гана... Бара-бара алар менен биз чындап эсептешебиз — тээ жогорку органдарга чейин кайрылабыз, комиссия чакыртып, маселени тактатабыз: алар бизди чак түштө каракстай беришпесин.

— Мен конкреттүү эч нерсе түшүнгөнүм жок,— деди Текетаев, эткел көпшөк ийиндерин кысып.

— Дагы бир мисал,— деди Садык, өз оюн шашылыш берүүгө аракеттенип,— Райдоротдел биздин кыштакты көздөй үч километрге созулган асфальт төшөп берди.

— А биз ырахмат айта элекпиз.

— Себеби?

— Себеби: биз, колхоз, өз күчүбүз менен үч кило-

метрге асфальт төшөдүк. — А наркы жагынан салыштыра келсек, биз аларга, колхоз өзү салган жол наркына караганда, үч эсе кымбат төлөөгө тийиш экенбиз...

— Мамлекеттик курс ошондойдур.

— Жок! — деди Садык, кесе айтып,— Андай болуу тийиш эмес, эгерде андай болсо, бу адилетсиздик, экономисттик тил менен айтканда, бу — законсуздук. Аткарылган жумуш бизде, социализм жагдайында, бирдей бааланууга тийиш.

— Айтарыңыз не?

— Айтарым: ар бир ведомство өз закондорун, өз расценкаларын түзүп алып, топурак чеңгелдеп, нан, май, сүт, эт, дагы башка материалдык зарыл байлыктарды өндүрүп жаткан дыйкандардын чөнтөгүнө кол салып жатышат. Ошолордун чөнтөгүнөн бир эсе иши үчүн үч эседен акы алуу аракеттерин жүргүзүп отурушат. Өкүмөтүбүз жердин өкүмүн көбөйтүш үчүн, дасторконубузда наныбыз жайнап көп болсун үчүн — жер менен дыйкандын мүдөөсү үчүн миллиарддаган акчалардын баары жерге, дыйкандардын колуна жетпей, ара жолдогу — жер менен дыйкан эсебинен, эптеп көбүрөөк жулуп алуу үчүн күрөшкөндөрдүн чөнтөгүнө кетип жатпайбы. Ошолордун ар бири каптын түбүн кеңирирээк тешип, байлыктан өз чөнтөктөрүнө мүмкүн болушунча көбүрөөк куюлтуп алуу үчүн аракет кылышып атат. Мына бул эң жаман жорук: бизди бага турган жер, аны ийдирип саап ала турган — топурак чеңгелдеп, тер төккөн дыйкан экинчи планда калып, жогортон келаткан өкүмөттүк байлыктар эң мурда ошолордун ар кандай «закондору», расценкалары» аркылуу өтүп, ошолордун чөнтөгүн толтуруп, калган-катканы гана жерге, аны иштеткен дыйканга саркынды болуп кана жетип атпайбы. Мен мына ушуга каршымын: экономист катары да, тим эле адам катары да, кала берсе, чарба жетекчиси катары да... Менин жүрөгүмдү ооруткан —түбөлүк мааниге ээ болор маселелер мына ушулар. Буларды сиз да түшүнөр бекенсиз, жогорку инстанциялар алдында ушул адилеттиктердин кызыкчылыгы үчүн үн кошо алар бекенсиз деп, көңүлүмдөгү сөздөрдү жашырбай айтып отурам.

— Бул курулай доомат болуп жүрбөсүн? — деди Текетаев.

— Жок! Мага жалбарып келип, «эми кол коюп кое бербейсизби... биз да өкүмөттүн кызыкчылыгы үчүн иштеп жатабыз да» деп кээде мени алдоого аракеттен-

се, экинчилери мени, бүт колхозду, сотко берип, биздин закондордун атынан өз максаттарына жетүү аракеттерин жүргүзүп жатпайбы. Ал максаттарына жетип да жатышат.

— Закон айтса, демек, алардыкы туурадыр.

— Менин бекем ишенимимде, ал закондор бир кездерде туура болсо да, бүгүнкү шартта эскирген, аларды же алып таштоо керек, же кардиналдык түрдө жаңыртуу зарыл... Ансыз...

— Оо,— деп, Текетаев мыскылдагандай жасалма күлдү. — Дымагыңыз абдан чоң тура, жолдош Балбаков. Сиз өзүңүздүн орбитаңыздагы иштер туурасында убара болбойсузбу. Закондорду өзгөртө турган атайын жогорку органдар бар эмеспи...

— Ошолорго биз таасир этүүгө, зарыл маселелерди эстерине салууга — практиктер катары эстерине түшүрүшүбүз керекпи, же тапкан айлыгыбызга сүйүнүп жүрө беришибиз милдетпи?

Текетаев саатын карана, оозун чоң ачып эстеди да, ордунан козголду.

— Жолдош Балбаков,— деди жай,— мени маанилүү иштер күтүп турат. — Бекер сөздөргө убакыт кайда?

Садыктын жүрөгү солк этип, тиштери кабыша түштү:

— Жолдош секретарь! — деди өзүн токтотуп: — мен «бекер» сөздү коюп отурганым жок. Мен биерде жер тагдыры — башкача айтканда дыйкан тагдыры жөнүндөгү маселени коюп олтурам. Бул маселени терең чечпей туруп, биздин социализм алга кетиши кыйын...

— Социализмге шек келтирип, саясы ката кетпе, жолдош Балбаков, ага мени да кошо тартууга аракеттенбеңиз. Кудайга шүгүр, саясы жактан ондогон жылдар бойлоп партия мени такшалдырган. Кайталайм: бекер сөзгө баш оорутпай «Сельхозтехниканын» мастерскаясынын тракторлоруңарды ремонттоп берген акыларын төлөгүлө, доротделдикин да төлөгүлө. Ансыз башыңыз менен закон алдында жооп бересиз, Балбаков.

Садык ордунан шарт турду:

— А мен төлөбөймүн!

Текетаев менен жылуу коштошпой эле сыртка бет алды.

— Сизди ушунчалык караңгы адам деп ойлогон эмес элем, бир колхоздун тагдыры колуңузга берилгенине карабай, түшүнүгүңүз ушу болсо, биз кантип иштешер экенбиз?

Бу сөздөрдү астананы аттап баратып укту Садык.

VI

Бир аптадан бери кар бороилоп жаап көз ачырбайт, Төмөн көздөй бет бурсаң, бороон бети-башынды жалмалап, коюн-колтугуңа муздак ызгаарын сойлотот.

Мындай күндөрдө дыйкандар жылуу үйлөрүнөн чыгышпай, ныксырап укташат. Ал эми малчылардын мээнет-азабы аябай арткан учур болот эмеспи. Ушул жагдайды эске алган раис Садык колхоз парткомунун секретары Камилжанды, башкы зоотехник Бактыбайды (ал илимдин кандидаты) алып, бир жума бою мал кыштаткан жакынкы малчыларды кыдырды: алардын эсен-соолуктарын сураштырды; үй-жайларын жылуулоо, тамак-аш, кем өксүктөрүн толуктап берүүнүн аракетин жүргүздү; жем-чөп менен дагы да толуктоо аракетин кылды. Шалпык, Аттокур сыяктуу белгилүү койчулар менен, уйчулар-саанчылар менен маектешти.

Мына азыр эл жата атынан араң түшүп, үйүнө кирсе, бейиштин төрүндөй жыпжылуу, эшик-төрү шыпырылып таптаза, меш үстүндө даяр тамак-ашы, ысык чайы өз-өз орундарында турушкан экен. Садык жеңилдене чечинип, тамак-ашын жеп, ысык чайдан ичкен соң, денеси жайыла, өзүнө келип, көңүлү да алда канча көтөрүлүп чыкты. Ал сигарета жандырып, беш-алты соргон соң, коридор бойлой жай басып барып, Дурия кемпирдин эшигин какты:

— Эне! Дурия эне! Мен Садыкмын. Эсенсизби?

Дурия кемпир эшикти ачып, жалбара сүйлөдү:

— Келдиңби, айланайын Садык? Эсен кайттыңбы? Мал-жаныңар аман бекен?

— Баары жайында, эне! Биерде тынчтыкпы?

— Кудайга шүгүр, айланайын. Баары өз жайында.

— Мени эч ким сураган жокпу?

— Жок! — деп алып кемпир, анан шашып калды. — Пошточу сага кат-кабар апкелген эле, аны столдун үстүнө койгомун.

— Ырахмат, эне, аларды көрдүм.

— Айтмакчы,— деп кемпир шашып сүйлөдү. — Алиги Алима келин бир-эки жолу келип сурады.

— Кайсы Алима? — деп Садык тандана түштү.

— Алиги даңктуу Алиманарчы. Трактор айдап, пахта комбайн айдап жүрөтко...

Садык кемпирге ырахмат айтып, өз бөлмөсүнө барды да, Алиманын бул жоругун түшүнө албай, таң кала баштады: «Эмне үчүн ал эки-үч жолу мени издеп

келет? Мени менен тез жолугушуу ага ушунчалык зарыл болуп калды беле? Болбосо, күндө эле конторада иште жолугушуп туруучу эмес беле? Сөзсүз үйгө келип жолугушардай өзгөчө иши бар беле? Же тим эле баягы...»

Садык Алиманын бул кадамын жеңил-желпи нерселерге жоруганы менен, жүрөгү негедир ага күбөлүк бербей, өзүнөн өзү кабатырланып тынчы кете берди. Аягында телефондун трубкасын алып, номерлерди терди.

— Ало... Ало... Алимасыңбы?

— Ооба,— деди Алима акырын унчугуп, үнү саал каргылдай.

— Мени издеген экенсиң?

— Ооба, издегемин.

— Зарыл иш мененби?

— Ооба, абдан зарыл.

— Анда айт. Кулак сенде.

— Жок, телефон менен айтууга болбой турган нерсе.

— Капырай,— деп коопсунду Садык. — Ошнчолук эле маанилүү маселеби?

— Абдан... Өзүң дайыма айтып, өтө ыйык баалан сүйлөгөндөй адам тагдырына байланышар нерсе.

Садык трубканы кармаган бойдон бир топко туруп калды. «Эртең сүйлөшөбүз анда...» дейин деди, бирок да эми түн бою уктай албасын эстеп, сөзүн акырын улады.

— Мен аерге барууга болбойт — колу-коңшуңар бар. Анда сен келе аласыңбы? Биерге, мага?

— Сөзсүз келем,— деп Алима сөзүн бүтүп-бүтө электе трубканы коюп койду.

Садык трубканы кармаган бойдон, өзүн унутуп, көпкө чейин сороюп туруп калды.

Көп өтпөй эле, Алима эшик какпай кирип келди. Садык анын бороондо кар болгон шубасын чечүүгө жардамдашып, аны илгичке илди. Алиманын баягы сыр катып турчу көздөрүнө тике карады — андан демейдегидей жалт этип сыр катып тургандыкты таба алган жок.

Садык өзгөчө бир нерсе болгондукту далысы менен сезип, Алиманын көңүлүн көтөрүп коюу үчүн, мандайынан, эрдинен өөп койду, анан колтуктап барып диванга отургузуп, өзү анын мандайындагы калың диванга чөгө көчүк басты. Тынчсыздануу менен сөз кошту.

— Ии, сүйлө, Алиш... Эмне кеп, эмне сөз?

Алима адатынча таттууланып жадырап күлгөн жок.

Анан сулуу жүзү ойлуу тарта түшүп, капкара каштарын жыйра, мукактануу менен сүйлөдү:

— Мен бир өлүмдөн калдым.

— Эмне болуп?

Алима дагы кыйлага сүйлөбөй калып, анан сөз улады.

— Шаардан келатып, авариянга дуушар болдум — өз жеңил машинам менен...

— Кантип?

— Ушул кар жолдо буксовать этип, анан сыйгалынып барып, каптал ылдый оңко-чоңко ала салып кеттим.

— О кокуй-о-ой. Жанында ким бар эле?

— Уулум. Уулум Талант.

Алима эки бетин алаканы менен басып, буркурап ыйлап жиберди. Садык чачын сылады.

— Аның деги эсенби? Талант эсенби?

Алима сөз сүйлөй албай буулугуп, башын ара ийкеди. Садык тура калып, жылуу чайдан пиялага куюп, оозуна тосту.

— Ич. Уурта.

Алима чайдан бир нече жолу ууртаган соң, акылын ара пештеди.

— Кудайга шүгүр, ырысым бар экен, уулум эсен-соо калды. Адегенде көпкө чейин эсине келе албай жатты.

— Кайриет, кайриет,— деди Садык тынчсызданып.

— Бу турмуштагы медерим... Жападан жалгыз уулумдан ажырап кала жаздабадымбы.

— Өзүңчү?

— Өзүмдү кудай алат беле,— деп Алима бу турмуштан алда качан кечкен жанча, колун терс шилтеп койду.

— Кой, антпе.

— Кардын калыңдыгы — бизди сактап калды окшойт: машина адегенде карды көпкө чейин сүрүп барып, анан оңко-чоңкосунан кетпедиби.

— Кудай жар болгон экен — бактың бар экен,— деп Садык, дагы жакшы эмне кошорун билбей, карбаластап калды.

Демейде тамеки тартпаган Алима сигарета сурады Садыктан. Садык тандана түштү.

— Тамеки тартчу эмес элең го?

— Ооба. Бирок ушул окуядан бери, негедир, тартып жатам. Ичимде тынчсыздык... Түнкүсүн кирпик какпайм.

— Кызык,— деди Садык ийин кага кудайга шүгүр-чүлүк айтпайсыңбы, уулуң экөөңөрдүн эсен-соо калганыңарга.

— Ар нерсе оюма түшө баштады. Тээ Анжиян тараптагы менин эң жакыр ортагым — менин бу турмуштагы эң жакын адамдарымдын бири, үйүндө отуруп эле, мүрт кетип өлүп калыптыр.

— Ээ бечара, жайы жаннатта болсун.

Алима терең улутунуп коюп, анан сөз улады.

— Анын го эри бар экен, бир уул-бир кызы атасынын колунда калды. А мен мүрт өлүп кетсем, жалгыз уулум кимдин колунда калат? Эрим да жок, күйөрман жакын тууганым да жок...

— Койсоңчу, Алима? Сен жапжашсың, он гүлүндүн бир гүлү эми ачылган жубансың.

— Бирок өлүм жаш-карыга бирдей: «Өлүм каш-менен кабактын ортосунда» деп коетко биздин кыргыздар.

— «Ар бир жаздыкта өлүм бар» деп Чыгыштын улуу акыны Саади айтканы ар убак менин эсимде жүрөт.

Экөө тең бир азга өз-өз ичтеринен ойлуу боло түшүштү. Дубал боорундагы сааттын «чык-чык» этип, убакытты эсепке алып жатканы гана угулуп турду.

— Сенин баландын атасы — сенин ажырашып кеткен эриң каякта?

— Албы?.. — деп Алима Садыктын жүзүнө тике карады да, али көзүнүн жашы толук кургай электигине карабай, жинди болуп каткырып кое берди. — Ха-ха-ха! Ха-ха-ха. Ха-ха-ха!..

Садык: «Мунун акылы-эси жайындабы?» дегенсип кооптоно ордунан тура калды. Алима күлкүсүн арап токтотуп, Садыкты өз ордуна отурууга чакырды. Садык ийин кыса, танданууусун ачык билдире, өз ордуна — креслого отурду.

— Менин уулумдун атасын билгиң келеби? — Алима чындап сурады.

— Албетте, мен билип койсом, сен зыян тартмак белең. Айткың келбесе, мейли, айтпай эле кой.

— Айтам! Сен аны сөзсүз билүүгө тийишсиң.

— «Сөзсүз» дегениңдин мага кереги не? Аны менин билиш-билбесим, орустар айткандай, мен үчүн «не холодно, не жарко».

— Жоок!.. — деп Алима өзгөчө үн созо унчукту. — Сен үчүн бу: «очень жарко!»

— Алима, табышмагынды койчу: айтсаң айт, айт-

пасаң кой, кудай жалгагыр.. Сенин баландын атасынын мага кандай кереги бар? Билгим да келбейт.

— Жок! Билишиң керек! — Алима дымагы менен өмгөктөдү.

— Болуптур, кааласаң айт: ал кайда?

— Ал — мына! — Алима Садыкты сөөмөйлөп көрсөттү. Садык буга анча маани берген жок.

— Тамашанын да учуру болбойбу. — Садык көңүлсүз ордунан козголду эле. Алима этегинен силке тартып, ордуна отургузду.

— Сен! Садык, менин уулум Таланттын атасысың!

— Эмне!? — деп Садык, жүлүнгө сайгандай дирт этип кетти.— Оозуңа карап сүйлөчү, Алима.

Алима ордунан тура калды — тиштери кычырап кетти.

— Сени мен айыптабайм, Садык! Бирок өзүң дайым сөзүңө кошуп сүйлөгөндөй, адам болгун! Жамгырлуу түндө өз каалоом менен өзүм басып келгенимди мен да унутпайм, жыпжылуу төшөгүңө менин ууздай аппак денемди кучактап жатканыңды, таттуу минуталарды сен да унутпагын. Сен мени сүйө белең, же жокпу, ал башка кеп. Экөөбүздүн көп жылдардан берки эр, аял катары жакын мамилелеribизге кудайдын караңгы түндөрү да, көк асман да күбө.

Садык абдырай түшүп, апкаарып сүйлөдү.

— Сен «тээ Анжиян багытындагы бирөөгө эрге тийдим» деп жоголуп кетип, анан бир жылдан кийин «эримден ажырашып кеттим» деп кайра келбединг беле?

— Ошонун баарын сен үчүн — сенин аброй-баркың үчүн жасагамын, угуп жатасыңбы, Садык? Сен үчүн...

— Ал эмне дегениң? — Садык акылын пештей албай калды.

— Сен биерге жаңыдан раис болуп келсең, анан мендей жесир катынды туудуруп койсоң, биерде сенин баар кала беле? Сенин карышкырдай ыркыраган душмандарың — Балтабаев, Черик, Тумалай, дагы башкалар — сага ырахмат айтышып, жөн калтырышат беле? Сени моралдык жактан кыйратып, болбосо, эси жок балдарды уюштурушуп коюшуп, сабап-токмоктоп кетирүүгө да барышпай коет беле? Мен мына ушул сенин бактысыздыктарынды көрүп туруп, алиги амалга баргамын. Эң башкысы — менин жашым өйдөлөп баратканы, мага бала керек болучу. Кудайга шүгүр, азыр алты жашар уулум Талант бар. Бул үчүн өзүмдү да, сени да айыптабайм, тим эле бул чындыкты, сен билип

койсоң экен деп келип отурам. Анткени бул чындыкты жалгыз биле турган ортагым — мени Анжиян тарапка алып кетип, төрөтүп, кайра жөнөткөн ортагым өлүп калбадыбы. Мен бу чындыкты өлүп кетсем, ким айтат деп чочуп кеттим. Ошон үчүн сага келдим — кептин түпкү маңызы мына ушу...

Садык акылын жоготкондой, шалдырап отуруп калды. Сигарета жандырып, үздүксүз кайра-кайра соро берип, аптыгып да кетти. Алима болсо, эмне сөз чыгар экен дегенсип, көпкө чейин былк эткен жок.

VII

Үйдүн арткы терезеси жыгач таяк менен карс-карс кагылганда, Садык селтең баш көтөрүп, ордунан тура калды да, терезенин буу каптап нымдашкан бетин сүрткүлөп, сыртка үңүлдү: таңкы үрүл-бүрүлдө эки адамдын элесин араң ажыратты.

Садык дубленкасын шашылыш жамына, сыртка жүгүрдү: «ушул бороондуу түндө таң атпай менин тереземди кооптуу тынчсыздык менен каккылаган ким? Ушунчалык эмне зарылчылык туулду экен? Деги тынчтыкпы?» деген күлүк ой анын башынан чагылгандай тез ойноп өтүп кетти. Садык тигилерди беттеп жеткенде, колуна таягын кармап, аялын жана итин ээрчиткен койчу Шалпык экендигин ажыратты. Ал тиги тоо тараптан борпоң карды жойкундап түшүп келиптир — буттарында жапкак — болбосо бул бир жарым метрден ашып бараткан улуу карды кантип басып келмек?

— Шалпык-аке? Эмне болуп кетти? — деп, коонтуу шашкалактап сурады Садык.

— Эмне болгонун көрүп турбайсыңбы,— деп Шалпык адатынча колдур сүйлөдү. — Таягымды сүйрөп, аялым менен итимди ээрчитип келдим.

— Кой короонуз эмне болду?

— Кой короо жок — бүт кырылып калды.

— Эмне дейт?! — Садык кыйкырып жиберди.

— Дал ошондой,— деди Шалпык үшкүрүп, боз калган көздөрүн кар баскан улуу тоолор тарапка чарчаңкы жиберип. — Чычкак козу да калган жок...

— Эмне үчүн? — деп кыйкырды Садык, баарын бир ооз сөз менен, дал ушул секундаларда билүүгө ашыгып.

— Жут алды... Азыркы 40 градустук сууктарда отучөбү жок — бүт кырылып калды. Жумаштын короосу да бүт кырылды.

Шалпык ызаалуу кекете сүйлөдү. Анын ички оор абалын — суук аябай өтүп калганын эми эске алган Садык аны колтугунан ала, үйгө көздөй тартты. Садык бак-бак унчукту:

— Дурия эне! Тез туруп, чай кайнатыңыз.

Жылуу үйгө киришсе да, жылуу тондорун чечпей Шалпык менен анын жаш аялы диванга жөлөнүштү.

— Чөп-кашекти дурус эле даярдап короокорго жакындатып жыйып бербедик беле! Бирок кыш минтип төртүнчү айга созулуп баратпайбы.

— Жыйып берген чөп-кашегиңерди үч ай бою жеп түгөттүк. Жем-чөптүн камы таптакыр бүткөндүгүн кабарлаганыбызга он күн болду. Андан бери эч нерсе жеткирип бере алганыңар жок.

— Биринчиден, Шалпык-аке, апара койгонго бизде да камылга түгөнгөн, экинчиден, бул кыямат бороончапкын башталып кетпедиби. Машина, унаалар менен тоо арасына жетүүгө таптакыр болбой калды. Вертолет болсо бу тумандарда силер кыштаган капчыгайларга коно албасын жакшы билесиз го, Шалпык-аке. — Садык айыптуу жер тиктеди. Сигарета жандырып, кайра-кайра соро берди.

Ушундан төрт күндөн кийин гана бороон басылып, анан акырындап туман тарап, тоо арасындагы уй тилиндей өрөөнчөгө вертолет менен барып конууга аракеттеништи. Баары бир айрым капчыгайларда, зоокаларда боз тумандар каалгып жаткан болучу. Терең капчыгайларды как жарып учуп баратканда, вертолеттун күркүрөгөн кубаттуу үнүнөн, чимирилген парапарынан чыккан катуу шамалдан улам, тигил боорлордун ар кай жерлеринен, кар жерлеринен кар тозоңун чаңыткан кар көчкүлөр кетет.

Садыктын жанында башкы зоотехник Бактыбай бар. Шыргыйдай узун арык неме адатынча кабак чыта ойлуу.

Мынчалык алыскы катаал тоо өрөөнүнө мал кыштатып отурушары кызыкчылыктан улам эмес, аргасыз аракеттерден улам болучу: мал түмөндөп көп; мал жайыт, пычан жай жетишпейт, шапалактай мүмкүнчүлүк бар болсо, аны колхоз пайдаланууга аргасыз, анткени, жогортон берилген план боюнча, колхоздо ондогон миң гектарларга созулган пахтачылык менен дан эгинчилик бар, андан тышкары, 40 миңге жеткен кой, миңдеген уй, жылкы чарбалары да бар.

Вертолет өрөөнчөнүн орто аянттарынын бирине то-

зоң карды туш-тушка чаңытып үйлөп, жердин бадалчөбүн чыгара келип конду. Шалпык айыптуудай башын жерге сала, келгендерди өз короосуна баштап кирди: чоң дарыянын жайык жээгинде бадырайып жаткан таштардын сыңары, уяң жүндүү ак койлор аркытерки түшүшүп, бири карга көмүлүп, экинчиси жарым-жартылай ачык бойдон бадырайып жатышат, кээ бирлери жерге оонап жыгылбай эле бүк түшкөн абалда, тумшугу менен жер сайып, тырп этпей катып калышкан.

Садык короого кирип келген бойдон, азат бою тик тура, тиштенген абалда катып калды. Кошо келишкен башка адамдар да дал ошондон башка абалга келе алышкан жок, бир нече минуталарга өлүү тынчтык өкүм сүрүп турду.

Узун кызыл ыргай таягынын бир учун карга сая, экинчи жоон башына эки алаканын үстү-үстүнө коюп, ага сөөктүү ээгин жөлөгөн бойдон тунжурап калган койчу Шалпык козголо берип, бир нерсе айтууга үнүн колдур чыгарды эле, Садык колун кескин көтөрүп, «Токтот!» дегендей ишарат кылды, Шалпык тасмасы үзүлгөн үнжазманын сыңары үнүн чорт үзүп, кыймылсыз туруп калды.

Андан аркы атактуу чабан Аттокурдун короосунан да дал ушундай көрүнүштүн күбөсү болушту.

Вертолет менен ал жерден учуп, бир нече капчыгайды кырлап кетип өткөн соң, баш-аягы бир тай чабым келердей жайык талаанын үстүнөн чыгышты. Бул жерде колхоздун жүз элүүгө жакын кунажындары кармалып, жай күндөрү караган-чердин араларынан чалгы, кол орок менен, түздөрдөгү бир аз чөптү ат кошилкалары менен оруп топтолгон чөп болжолдогу үч айга жетти. Буларга кошумча тоютту, ар кай коңшулаш колхоздордон карызгалап таап, эми жеткирүүнүн аракетинде турушканда, алиги эки жумадан ашык созулуп кеткен балакет кызыл бороон башталбадыбы...

Бул жактан түк кабар боло элек — алар эсен-аманбы же алар да койчулардай кырсыктарга дуушар болуштубу — Садыктын жүрөгүн өйүтүп келаткан маселе мына ушу.

Тай чабым келердей жайык талаанын үстүнө жакындашып, анда жайылып жүрүшкөн үйларды көргөндө, вертолеттогулар бири-бирине кол жаңсашып «кудай шүгүр, мал эсен экен» дегендей кейипте, саал жандана түшүшкөндөрү байкала калды. Садык да ошол терезеге келип, көз тикти.

Кар тозоңун өрөөндү толтура тумандаткан вертолеттон чыгышканда, бадалар даана көрүнүп, аларга жакын жүргөн уйлар орундарынан жылышкан жок, бири да вертолеттун күүсүнөн үркпөн жок. Садыктар уйларга жакындашты, бирок күтүүсүз капилетти көрүшкөндө, жүрөктөрү оозуна капталып калды: бетиң кургур-ой, мындайды ким көрүптүр, кардан башы чыккан бадаларды жалмалоого жайылган алсыз ач уйлар бир нече күндөн берки 40 градустан өткөн сууктарда турган-турган жерлеринде эле, андан ары козголууга дараметтери жетпей, муз болуп, зоңкоюп-зоңкоюп катып калышкан экен — албетте, жыгылгандары да бар, бирок баарына келген бир апаат — эки метрдей улуу карды жиреп барган бойдон баары музга айланышкан...

Садык баш болуп, баары катып калышты. Сары сакал падачы өзүнө ээ бербей агып кеткен көз жашын ааарчып, бир нерсени айтып жатты, бирок аны эч ким укпан жок.

Убакыт өтүп жатты.

Тээ төмөнкү тарапта калдайган кара туман пайда болуп, бүгүн эле ачылган асманды кайрадан чүмкөп калуу коркунучу туулганда гана, вертолеттун учкучу тигилерди эскертип, кечикпей учуп кетип калуу жагдайын айтты. Вертолеттун кубаттуу параларынан чыккан шамалдан кар тозоңу өрөөнчөнү дагы каптап, күркүрөгөн добуштун күчү менен, тигилер кайрадан асманга көкөлөп чыгып кетишти. Учкуч машинасын терең капчыгайдын ичинен чыгарбай, төмөнкү тараптагы кең өрөөндү беттеп салды.

VIII

Колхоздун жалпы чогулушу күүлдөп катуу өтүп жатты. Балтабаев тукурган топтун бир нече өкүлдөрү бул кырсыкты — мал кыштатуунун ийгиликсиз бир жылында колхоздун 40 миңдей коюнун бир нече миңинин кырылып кетишин колхоз тарыхында кем окуялардан болгондугун белгилешүү менен бирдикте, мунун баарына колхоз раиси Балбаков — анын колхозго иштиксиз, өзүмбилемдик менен жетекчилиги деп кайра-кайра белгилешти. Иштин терең жагдайын терең түшүнө албаган далайлар бул ойлорду туура деп колдошту. Ал эми колхоздун айрым активистери, көбүнчө чарба адистери, ошондой эле Миңбай чал баштаган карапайым колхозчулар раис Садык Балбаковду колдоп сүйлөштү,

алардын далилдери: колхоздун 2 миң гектарга жеткен пахта аянттарынын түшүмдүүлүгүнүн туруктуулугу, ал турсун жогорулап бараткандыгы, бир нече миң гектар аянттагы дан эгинчиликтин жакшырган абалы, өзгөчө бригадалык, звенолук ички эсеп-кысап киргизилип, бул иш бара-бара карапайым дыйкандардын кызыкчылыктарын арттырып, колхоздун перспективасына чоң үмүттөнүүлөрдү туудуруп жаткандыгын айтышты. А бирок мал кыштатуудагы быйылкы чоң кырсыкка жеткенде, раисти колдой албай, тамагына сөөк тыгылган жанча какап жатышты.

Дал ушул маселенин түйүнүн Садык Балбаков өзү нече сүйлөдү:

— Урматтуу дыйкандар! — деп өз сөзүн зор ички сезим менен баштады ал. — Бу чогулушта далайлар чыгып сүйлөп, кээ биригер мени колдодуңар, көбүңөр жараксыз раис катары бааладыңар. Бул ойду чогулуштун алдында сөз сүйлөгөн райондук партия комитетинин биринчи секретары жолдош Сапар Текетаевич Текетаев биринчи болуп айтты.

Көпшөк ак жүздүү Текетаев моюн буруп, бүтүгүрөөк көздөрүн Балбаковдон албай тиктеп турду.

— Макул, мен жараксыз раисмин. Кээ бирлер менин жалпы ишимди жактоо менен бирге, мал чарбачылыгында быйыл кышта биз дуушар болгон кырсыкка жеткенде, эч нерсе айталбай какап калып жатасыңар. Ал эми мен болсо, бул маселеде өзүмдү таптакыр айыптуу сезбейм!

— Бир нече миң койдун кырылып калышычы? — деп тээ бурчтан күрп этип кыйкырды Черик.

— Бир нече миң кой — ал бир нече миң куурай эмес! — деп экинчи бурчтан Аттокур башын соксоң эттирди.

— Аттокур туура айтат! — деп үн салды кара сакал Муса.

Алдыңкы катарда отурган аппак сакалдуу Миңбай артына кылчая калып кыйкырды:

— Тарт тилинди, Муса!

Муса атасынын кыжырлуу сөзүнө туруштук бере албай, ордуна лук этип отуруп калды.

Балбаков бул секундаларда өзүн өзү дагы да жакшылап колго алып, өз оюн жай улай берди.

— Биздин колхоздо 40 минден кем эмес кой бар. Калган уй, жылкы, төөлөрүбүздү да кой башына айландырып эсептегенибизде 70 миң башка жакын кой өс-

түрүп жаткан болобуз. Эми ошончо баш малга жетер жайытыбыз, пычан жайларыбыз барбы? Колхозчулардын менчик малдарын да эсиңерден чыгарбагыла!

Садык жооп издегендей токтоло калды. Эчким жооп берген жок. Ал өзү улады сөзүн:

— Жок! Мынчалык жайыт да, пычан жай да жок. Биздин ар бир баш малга 10-15 сатыхтан жайыт жана пычан жай туура келет. Бу шапалактай аянттын чөбү менен бир малды багып алуу таптакыр мүмкүн эмес дебейин, абдан кыйын. Кыйындын кыйыны. Буга терең ой жүгүртүп, ойлогулачы...

— Мурда багылып эле жүрбөдү беле! — деди кимдир бирөө.

— Ооба,— деди Садык шашпай. — Биринчиден, мал мындан бир далай аз болучу — мен бу колхоздун экономикалык тарыхын изилдеп илимий эмгек жазбадымбы — жогорудан берилген пландар боюнча малдын саны улам артып жатат. Экинчиден, мурда жайыттар бүгүнкүгө салыштырганда, алда канча жакшы болучу — азыр жайлоолордун кунары учту — чөптөрдү бышырбай, уругун жерге түшүрбөй малдар жеп, чөптөрдүн чыгышы начарлоодо. Көп малдын туяктары жер кыртышын кырчып, зор-зор аймактарда эрозиялар — такырлар пайда болууда.

— Ой, ошентип кутулуп кете беребизби?

— Жок! айыптуулар жооп бериши тийиш,— деди Садык кебелбей.

— Ким айыптуу, ким? — Бирөө ачуу кыйкырды.

— Жогорто отуруп алып, асмандан болжоп план түзүп жаткандар! — деп Садык да кыйкырды.

Көпшөк беттүү сапар Текетаевич ордунан тура калып, столду калем менен такылдата берип сүйлөдү.

— Жолдош Балбаков! Планды өкүмөт менен партия берип жатат. Эл алдында өкүмөт менен партияга шек келтирүүгө тийиш эмеспиз!

— Ырас, бирок ошо өкүмөт менен партиянын башында да сиз менен биздей жандуу адамдар отурушат, жолдош Сапар Текетаевич!

— Өкүмөт менен партиянын жетекчилерин эл шайлаган, демек, аларга сөз тийгизүүгө акыбыз жок!

Садык ойлуу токтоло калып, анан сөз улады.

— Улуу Лениндин көрсөтмөлөрү боюнча кайсы рангадагы болсо да, жетекчилерди сындоого болот деп айтылган эле. Эгерде антүүгө мүмкүн болбосо, бүгүн шарт башка болуп калган болсо, анда сөзүмдү токтоттум.

Садык түшүп кетүүгө камынды эле, бирөө суроо таштап, жооп беришин талап кылып токтотту:

— Эмне кылуу керек, абалдан чыгыш үчүн?

— Көрүп турбайсыбы. — деди Садык ийин кыса.

— Ачык сөз уккубуз келет! — деди дагы башкасы.

Садык кайрыла калып айтты:

— Менин оюмча, жер-эненин мүмкүнчүлүгүнө жараша малдын санын азайтуу керек. План жогортон болбой, ар бир чабандын мүмкүнчүлүгүнө жараша дал ушул жерде түзүлүү керек!

— Бул өкүмөт менен партиянын план-директиваларына каршы провокация, жолдош Балбаков! Пландарды кыскартып, элди ачарчылыкка дуушар кылабызбы? Биз азык-түлүктү кайдан өндүрөбүз аларга?

— Интенсификация аркылуу буга жетишишибиз керек, жолдош биринчи секретарь! Экономиканын закону мына ушуну талап кылат. Мал чарбачылыгын өнүктүрүүнүн экстенсивдик методу перспективалуу эмес. Муну биздин прогрессивдүү ой жүргүзө алган окумуштуу-экономисттерибиз, алдыңкы мал чарба практиктер алда качантан эле айтып келатышат. Бирок да чарбачылыкка жетекчилик кылуудагы айыпталган баягы волюнтаристтик метод улантылып келатат. «Ураа!» Малдын башын арттырабыз!», «Малдын башы үчүн орден, данк, сыйлык алабыз!..»

— Малдын башысыз анын азык-түлүгү да жок эмеспи.

— Бирок материалдык шарт болгон соң, минтип кырылып да калат турбайбы.

— Бул социалисттик мал чарба саясатыбызга көрүнөө тескери ташбуркат, жолдош Балбаков?

— Жок! Жолдош секретарь. Сиз угуп турунузчу: республикабыз боюнча ар бир койдун салмагы 15-18 киллограммдан тапшырат экенбиз. Ал эми жакшы багып, эккөнүн жем чөбүн бирөөнө берип, жакшы семиртип, 30-35 килограммдан тапшырууга болбос беле? Таза тукум, өзү чоң койлордун жүнү да чоң. Экономист катары, практик катары да айтарым бул: демек, жыл өткөн сайын койдун башынын санын көбөйтүш үчүн эмес, анын азык-түлүктүүлүгү үчүн күрөшсөк пайдалуу. Биздин экономикалык өнүгүшүбүздүн прогрессивдүү багыты муну талап кылат. Ансыз мындай кырсыктар боло берет. Сөзүм бүттү.

Садык кафедрадан түшүп кетти. Эл шатырата кол чаап жиберди. Текетаев муну күткөн эмес эле, жыйын-

тыктоого сөз сүйлөп, бир нече миң койдун кырылып кетиши эч кимди — өкүмөттү да, партияны да — бу айыптын баарын Садык райиске — стандарт адат боюнча анын чарба ишин уюштура албаганына жүктөп, аны колхоз башкармасынын раистигинен бошотуу сунушун кол көтөрүүгө салды. 600-700 адамдын адегенде 50 чактысы кол көтөрүп ийип, алар бара-бара кайра түшүрүп, 15-20 чакты эле адам калды. Башкалары көтөрбөй коюшту, ал турсун «Балбаков раис бойдон калсын!» деп кыйкырышты.

Текетаев өз оюн өткөрө албай койду. Андан чоң ал райондук партия комитетинин бюросунда да зордоп Балбаковду партиядан чыгарууга араң жетишти, бирок да ал чечим обкомдун бюросунда жокко чыгарылып, Садык партиялык башка жаза менен өз ордунда калтырылды...

IX

Быйылкы кыш кыска, бирок терең карлуу болуп, эң жакшы өттү: мал чарбада өлүм-житим болбоду: эл арасында оору-сыркоо, тумоо-бучкак болгону жок. Ошондон улам колхоздогу жазга даярдык да ойдогудай: башкы инженер Тагай колхоз мастерскаясындагы техникалык жабдууларды жакшы уюштуруп, үч жүзгө жакын автомашинаны, трактор, эгин комбайнын, пахта терим комбайны, дагы башка айыл чарба шаймандарынын ремонтун кыш бою сапаттуу колдон чыгарууга жетишти. Жоон Тагай күшүлдөп дем алып, көп сүйлөбөй, сыртынан экөө көрүнгөнү менен, ички дүйнөсүндө ал абдан татаал адам: өз граждандык жоопкерчилигин, эл алдындагы өз милдетин абдан жакшы түшүнөт, көңүлүнө жаккан нерсе болсо, көкүрөгүн ачып колдойт, ал эми көңүлүнө жакпаса, аны коркутуп да, алдап да сөзгө келтире албайсың — кашаят да, өз билгенин иштеп басып кетет; баарыдан анын иштиктүүлүгү, сыртынан жоош көрүнгөнү менен, ички активдүүлүгү — аны зор авторитетке, эл арасында ишенимге бөлөйт.

Раис Садык да техника жагынан өз орунбасары болуп эсептелген Тагайга ишенет, бул багытта анын ойлорун, сунуштарын өз ишинде жетекчиликке алат, бул багытта өз керт башында жаңы ойлору туулуп калса, Тагай менен кеңешет, анын кошумчаларын, же макул эместиктерин оюна бекем түйөт.

Тагай жана анын механизатор-дыйкандарынын кыш бою жүргүзгөн ак иштеринин натыйжасы катары бы-

йылкы жазгы талаа жумуштары тыкан да, сапаттуу да аяктады: эки миң гектарга жеткен пахта аянттарына алты күн ичинде чегит эгилип бүттү; жазгы дан эгиндери да ашыгы менен айдап-себилди; кара эгиндин абалы да жаман болгон жок; жашылча, сабзават эгиптигүү жагы да булардан кем болбоду...

Малдардын негизги бөлүктөрү жазгы жайыттарга көчүрүлдү.

Бул учур Фергана өрөөндөгү колхоз-совхоздор үчүн чарба иштеринин бир жаңсыл боло түшкөн учуру катары саналат — адамдар көкүрөк кере дем тартышып, ал турсун, чарбалар аралык той-тамаша, оюн-шооктор уюштурушуп, улак тартыш, балбан-күрөш, дагы башка салт-санаа расмдерин өткөрө башташат — мындай абал жаш-карыга да, карапайым дыйкан менен чарба жетекчилерине да тиешелүү.

«Волганын» баранкасында эки колу карышып, түнкү асфальт жолду теше тиктеген бойдон, ички ойлору менен тунжурап келаткан Садык, өз колхозунун алгачкы кыштагын аралай бергенде, парткомдун секретары Камилжандын короосунда электр лампочкалары жаркырап, эшик алдында эл кым-куут болуп жүргөнүн көрдү. «Түн жарымында эмне деген тополоң бу? Камилжандын үйүндө той-тополоң бар беле? Андай болсо мен кантип укпай калдым экен? Аны мага Камилжан неге айтпай коет? Же ал менден ушинтип сырын жашыра турган болуп баратабы?.. Балтабаев Байдылланын таасири буга да өтүп жатабы? Кантип эле? Неси болсо да токтоюнчу».

Садык «Волгасын» жол боюна бура тартып токтотуп, машинадан чыга калганда, кимдир бирөө аны утурлай басып каршы алды.

— Эмне кеп? — деп озунуп сурады Садык.

— Ээ, раис, иш чатак. Камилжандын аялы муунуп өлүп калыптыр...

— Эмне?—Садык кыйкырып жиберди.—Рабиябы?..

Садык астананы чечкиндүү аттап, ичкери кирип барганда, баягы өзүнө тааныш узун бойлуу кагалес, ар убак каштарына осмо коюп жүрчү Рабия керебетинде суналып өлүп жаткан экен... Рабиянын баягы сулуу жүзү ого бетер сулуу болуп калган сыяктуу...

Узун бойлуу арык Камилжан ак сүлгү менен көз жашын аарчынып ыйлап отурган экен. Садыкты көрүп ал эрээркегендей эчкирип ыйлады.

— Рабиядан ажырап калбадымбы, Садык аке...

— Эмне болуп кетти, Камилжан? Эмне?..

— Билбейм... — деди Камилжан уркуйган арык сөөктүү ийиндерин кысып. — Билбейм, асынып өлүп калыптыр.

— Анысын көрүп турам, эмне үчүн минтип отурат сенин аялың?

— Билбейм... — деп он жолу кайтарып кашайды Камилжан.

— Акыл-эстүү жаркылдаган жарың бар эмес беле? Тилинен сөз, колунан иш келген неме эле го. Сени терең урматтап-сыйлап, таза сүйүүсүн байкачу элем мен.

— Мен да дал ошондой түшүнчүмүн. Биз мектеп жашынан бири-бирибизди кыйышпастай сүйүшчүбүз. Иман-жаны акактай таза жан эле. Мен ансыз турмушумду бактылуу, кызык элестете алчу эмесмин... Мен эми бул дүйнөдө кантип жалгыз жашайм?..

Камилжан эчкирип кайра ыйлай баштады. Садык аны эмне деп жубатышын билбей, тамеки соруп, үнсүз үңкүйүп отурду. Садыктын башында мына бу ойлор турган эле. «Эмне үчүн мындай болуп кетти? Камилжандай татыктуу эри аны өз жанындай сүйсө, өзү болсо он беш жыл бойлоп эң алдыңкы пахта теримчи катары урмат-сыйга ээ болуп отурса... Жаңылбасам орден-медалдары да бар эле... Алдыңкы пахта өстүрүүчү звенонун башчысы эле — бара-бара мындан да көп урмат-сыйга, балким башкалар эңсеген Алтын Жылдызга да жетиши мүмкүн болучу го... Үй турмушу да жакшы болучу — мебель, анын жасалгалары, ал турсун женил автомашиналары... Дагы, дагы. Баарыдан да уулу менен кызычы... Жаңылбасам кызы он жаштарга, уулу беш-алты жаштарга барып калган болучу. Өзү көп нерсени билген, адам өмүрүнүн кымбат баасын баалай алган сергек да, көп окуп, көптү билген жан эле го. Мүнөзүнүн ачыктыгы, чечкиндүүлүгүчү: мурда тамекиде, кийин пахтада иштеп жүргөн жылдарында жогорку билим алууну да чечип, Камилжан менен бирге айыл чарба институтунун агрономия бөлүмүнө кирген. Жайкы сессиялардын биринде окуудан кайтып келатышканда, бир жагы оюнга, бир жагы чынга салып, шаардан такси менен Камилжандын үйүнө келип түшүшкөн, тамашакөй Рабия жоолугун чүмкөнө салынып, аны Камилжан ала качып келген сыяктуу чала-була ыйламыш болуп төргө отурган. Буга ишенген Камилжандын апасы сүйүнүп жүгүрүп башына жоолук салып күйпөлөктөнөт. Аңгыча келиндер дуулдап жарышып,

Рабияны төркү үйгө тартышат. Эми Рабия тамаша сөз экендигин айтып, бул үйдөн качып чыгып кетүүгө аракеттенсе да, аны курчагандар көшөгө тартышып үйдөн чыгарбай, бата беришип, мал союшуп, той баштап жиберишет. Рабия ыйлап-сыктап да бул үйдөн чыга албай калат, ошентип Камилжан экөөнүн эрди катын катары ойлогон максаттары болжолдорунан эрте башталат. Болбосо алар институтту бүткөндөн кийин той өткөрүп, баш кошобуз дешчү. Жылдар өтүү менен алар окууларын бүтүшүп, дипломдуу агрономдор да болушту. Акыркы жылдарда Рабия колхоздун участкалык агроному болуп иштейт, ошондой эле ал пахта звеносунун башчылыгын да таштаган эмес. Терим мезгилинде ал терим комбайынын минип, эң алдыңкы механизатор теримчилер менен тең тайлашып, ондогон, жүздөгөн тонналаган ак пахта терчү... Кыскасы, бул дүйнөдө ал татыктуу жашап жаткан, жашай берүүгө бардык шарттары бар эле... Ушулардын баарын, жарык дүйнөнү таштап, өз эркы менен баарын кыйып жиберүүгө аны эмне түрттү? Ушунчалык оор нерсе аны басып турду беле? Аны эч ким — эң жакын көргөн, сүйгөн эри да, аны курчаган эл, анын ичинде ушул айылдын башчысы болуп турган мен да байкаган эмес белем? Бул өзүнчө бир коркунучтуу суроо эмеспи...

Дал ушул учурда туш-тушунан сары, кызыл, көк жалындарын жылтылдаткан милиция машинасы, анын артынан «медициналык тез жардам» машинасы жете келип токтоду.

Көп өтпөй доктурлардын машинасы Рабиянын сөөгүн салып, жанына Камилжанды отургузушуп, жүрүп кетишти. А милиция кызматкерлери болсо, биердеги шартты алгачкы байкоолорго алышып, адамдарга кээ бир суроолор беришип, укканларын кагазга түшүрүшүп жүрүштү.

* * *

Рабиянын сөөгүн салт боюнча урматтап-сыйлап көмүштү. Бул жагынан баары өз-өзү жайында, баары түшүнүктүү. Ал эми гүлдөгөн сонун жаштыгы бар, очор-бачар үй-турмушу бар, таза сүйгөн татыктуу эри Камилжандан тарта пайгамбардай салабаттуу кайнатасы Мамажан-Бува баштаган кайын журту, ушул эле колхоздун экинчи башында бир айылда ажырыктай тамырланышкан ооматтуу төркүн-төсү бар Рабия эмне үчүн муунуп өлүп калды?.. Ага эмне жетпейт эле? Бул турмушта

кандай кемчилиги бар эле? Аны өлүмгө кандай зор нерсе түрттү?

Бул жагынан эл ичинде күбүр-шыбыр көп: ар кандай болжоолор, ар кандай жоромолдор, ар кандай имиштер. Алардын ичинен бир күмөнсүүлөрүнүн учугу Камилжандын кызыл камчылыгына, көржемелигине, кызганчаактыгына, дүнүйөпараздыгына барып такалат. Бул жоромолго Садык тап-такыр кошулбайт — ал Камилжан менен Рабиянын үй турмушунда он-он беш жылдап катышып, ысык-жылык чайларын ичип, жакшы-жаман сөздөрүнө ортоктош болуп жүргөн — Камилжан Рабиясын жанындай жакын, тамчы суудай таза сүйөрүн да билет, эрди-катындын бири бирине мамилеси киши суктанардай эле ысык өз зоогу түшчү. Мындай ынтымак турмушка жакшы ыңгайды Камилжандын жумшак, токтоо мүнөзү түзө турган. Ал эми буга Рабиянын чечкиндүү, өз айтканына кайтпаган бекем мүнөзү, шаңкылдаган күлкүлүү ачык мүнөзү эп келишип, экөөнүн турмушу же өтө кашандап калбай, же өтө кызуулап кетпей, тең салмак тапкандай, өз турмушунда кебелбей жай айланып турчу.

Дагы бирлери Рабиянын кайната-кайненесине байланышкан, төркүн-төсүнө байланышкан имиштерди да чыгарышпай коюшкан жок.

Дал ушундай шартта-түнөргөн бүркөө түндө кубаттуу чагылган ийрек-буйрак асман сызып, жарк эткенде, ой-тоо, адыр-түз, бак-дарак көз алдыга даана тартыла түшкөндөй — Рабиянын колу менен кеңири жазылып, шакек-сырга, билерик-мончок сыяктуу алтын-күмүш кооздук буюмдарына кошуп түйүп, аспияттап бекитип койгон каты табылды.

Биерде ар бирибиз Рабиянын катын өз алдыбызча окуп, ар кимибиз өз деңгээлибизге жараша ойлорго келип, өз түшүнүктөрүбүздүн чеги боюнча жыйынтыктарга келишибиз талап кылынат.

Кат мына мындайча жай да, салмактуу да башталган.

«Замандаштарыма!»[1]

Урматтуу менин замандаштарым! (Замандаштарым, албетте, эркектер менен аялдар...) Бул катымды мен көбүнчө, аялдарга — уул-кыз төрөп, аларды өстүрүп б. а. улутубуздун, мамлекетибиздин, андан ары алып

[1] Романдагы жардамчы кейипкердин бири Рабиянын «Замандаштарыма» деген каты автордун өтүнүч-суроосу боюнча басылды. Анткени, гезиттик стилде жазылгандыктан андагы цифралар менен автордук божомолдорго «Адабият» басмасы жооп бербейт.

айтсак, бүткүл адамзат күчүнүн уланышынын эртеңин даярдаган ыйык жандарга — арналат....

Бүгүн биздин өлкөдө жашап жаткан аялдар зор бактылуу заманга дуушар болдук. Кылымдар бойлоп аялдарды кемсинткен мусулман дининин салттарынан кутулуп, эркектер менен тең укукка ээ болдук. Күң болуудан, күндөш болуудан, токол болуудан кутулдук. Бул — улуу Лениндин бизге, аялдарга берген улуу белеги, улуу укугу. Мындай улуу укуктарбызды пайдаланып, биз, аялдар, материалдык байлыктарга да, маданий байлыктарга да жетишип жатабыз. Муну менен бийик бийлик тепкичтерине да, илимдин терең сырларына да, адам баласынын башын айландырган атак-даңктарга да жетишип жатабыз. Турмуштарыбыз жалпы жолунан мурдагы карапайым ата-бабаларыбыз баштан кечирген турмуштардан ушул күндөрдө Чыгыштын көп өлкөлөрүндө көп элдер тартып жаткан караңгы, оор жашоо шарттарынан, салыштырууга болбой турган жогору, аш-оокатыбыз бар, ачтан өлбөстөй болдук, кийим-кечебиз бүтүн, жылаңач калбастай... Бул жагынан алсак өкмөт менен партиябызга, анын жүргүзүп жаткан саясатына ыраазыбыз.

Бирок... бирок адамдын бактылуулугу курсагынын ток, кийиминин бүтүн болушунда элеби?.. Башкаларды билбейм, мен бул маселеге өзүмчө карайм, ошон үчүн үнүмдүн бардыгынча кыйкырып: «Жок!.. Жок!... Дагы да жок!..» деп, миң ирет кайталай алам. Эмне үчүнбү?.. И-и, бул башка маселе. Анда угуп тургула: менин курсагым ток, кийимим бүтүн, жакшы үй-бүлөм да бар, жергиликтүү советтерге бир нече ирет депутат да болуп шайланып келатам, коомдук ордум да бар, дагы башкалар... Сыртынан карасаңар баары жайында... Ал эми ичинен карасаңар мен терең бактысыз аялмын... Меникиндей бактысыздыкты эч бир аялдын башына салбасын. Эң башкысы: мен бул жарык дүйнөгө аял болуп төрөлгөнүм менен, аялдык улуу миссиямды аткара албай калдым — балдар төрөп эне болуп, аны адамдык балакатка жеткирүү бактысына ээ боло албай калдым... Төрөбөс болуп калдым, биздин элдин эски баасы менен айтканда, «туягы канабаган, куу шыйрак» болуп калдым. Ооба, ошентип, бул аялдар үчүн кандай терең бактысыздык, бүткүл өмүрүнө созулган оор, азаптуу психологиялык жүк экендигин эркектер болжой алышар бекен?..

«О кокуй, сени, Рабия, бир уул, бир кызың бар эмеспи, кызың тогуз-он жаштарга, уулуң беш-алтыга кадам

коюп баратпайбы демексиңер. Ал ырас. Эки баланы — уулум менен кызымды — бактым, өстүрдүм, тарбиялап жатам. Бул үчүн мен өз аракетиме, белгилүү даражада өз өмүрүмө да ыраазылык айтууга акым бар. Бирок... бирок да, мен өмүрүмдүн акыркы минуталарында, ошол балдарга да, жалпы элге да чындыкты — адам катары кашкайган адилет чындыкты айта кетүүгө тийишмин: ал балдар Камилжан экөөбүздүн каныбыздан имерилип, менин жатынымды жарып чыккан балдар эмес... Мен жыйырмадан ашып-ашканга чейин эле эки жолу боюма болуп, эки жолу тең ооруканада төрөгөмүн... Бирок менин терең бактысыздыгымды ушундан көр, экөө тең өлүк түшкөн... Мен мындай болорун бүткүл тулкум менен алдын ала айткан тажрыйбалуу акушер-врачтын болжоосу боюнча түшүнгөмүн. Ошон үчүн өз акылым менен ойлоп, жана да ошол врач аялдын кеңеши боюнча, жаңы төрөлүп, бирок энеси таштап кеткен «нокотек» балдардан (бир ымыркай кызды) телчитип алгамын... экинчи жолу уулумду да ошенткемин. Мен төрөткенага чандайып ай-күнүмө жетип кетип, кайтканда биринчисинде айдай кызды, экинчисинде ак уулду кучактап кайткамын. Муну мени менен байкуш Камилжандан башка эч ким билбейт, бир тууган кайнене кайнаталарым да, эң жакын төркүн-төсүм да...

Ким болсо, «эмне үчүн мындай болуп калды экен?» деген суроону бербей койбойт. Ырас эле мен да алты саным аман, эч бир аялдан кем эмес аялмын, эркек менен төшөктө жатышым да, ага кошулушум да жайжайында... а бирок да төрөй албайм. Айтмакчы, ошол эки жолу өлүк төрөөдөн соң, биротоло төрөбөс болуп калдым: мурдагыдай өлүү болсо да — боюма болуудан биротоло калдым. Жатыным куурап калгандыгын бүгүнкү медицинанын жетишкендиктери далилдеди... Ырас, төрөбөй калган аял жалгыз эле мен бекемин, андайлар толуп атышат: бири кыз чагында ойсондоп жүрүп, бир жолку мас болгонунда, ала тарп жигиттерге алданып, боюна болуп, андан кутулуш үчүн ар кандай эмчи-домчу кемпир-кесектерге пул төлөп, боюнан алдырат, анан төрөбөс болуп калышат. Экинчи бир жаш аялдар, «Төрөсөм фигурам бузулат, жаштыгымдын доорун сүрүп, анан деле төрөп алсам болот. Же болбосо, бир таштанды баланы багып алуу колуман келбейби?» — дешип, жеңил ойлуулукка барышат, анан төрөбөс болушат. Буларга — наалат!.. Дагы башка аялдын өз эркине баш ийбеген, кээ бир

шарттардан улам ооруп, турмуштун аргасыз ысыксуугунан улам — төрөбөс болуп калат, буларга «байкуш» деп бооруң ачыйт, кейийсиң... Мындайларга арга жок. Ал эми мен эмне үчүн — мен сыяктуулар азыр жүздөп-миңдеп саналышат — төрөбөс болуп калам, эмне үчүн менин жатыным куурап калат, эмне үчүн мен аялдык улуу бакыттан — аялдын жарык дүйнөгө келгендеги улуу миссиясынан — бала төрөп бала өстүрүү, балакатка жеткирүү сыяктуу улуу бакыттан ажырап калам?.. Мен эмне атайылап ичимди кууруп, биротоло күйгүзүп кетер уу дары жутуп жибердим беле? Жок, мен атайылап анткен эмесмин, бирок ошондой уу дарыны күндөп-түндөп, бала чагымдан бери алып жатканымды, акырындап бул денемди уулап жаткандыгын мен түк оюма да, кыялыма да алган эмесмин. Ал эми мен жашаган турмуш шарты, мен күн санап жыттаган аба, ичкен суу, мен өмүр бою чеңгелдеп иштеп келаткан топурак ууланып жаткандыктарын ошолор аркылуу менин жаш денем да кошо ууланып жаткандыгын, ким оюна алып көюптур?

Мен алты-жети жашымдан тарта, биздин ушул колхоздун тээ тоо аралаган участкасындагы айылды — ар убак тамеки эгип өстүргөн айылда эрте кечте атам экөөбүз апама жардам берип, сары тамеки арасында аны үзүп-тизип, аны кургатканга жардам берип өскөмүн, кийин мектепте окуй баштаган жылдарымда 10 ай сабак окууга милдеттүү болсок, бизде алты ай гана окуп, калган төрт айды каникулду кошуп тамекиде иштегенбиз... Мугалимдерибиз бизди күндөп-түндөп ээрчитишип, тамекиде же пахтада иштетишип жүрүшкөн... Бирок алар тамеки жаш адамдарга оору, өлүм алып келерликтерин такыр айтышкан эмес... Тамеки деген ал эмне? Ал — уу тура! Ошол уунун арасында аялдар күндүндөп иштешет: боюна бүткөнгө чейин да, боюна бүткөндөн кийин да... баланы төрөгөндө да, аны чоңойтуу жылдарында да... Анан алты-жети жашар баласын тамеки иштерине тартат: жулдурат, тиздирет, куураган куу тамекини кучактатып көтөртөт — кыскасы, дем тартса да уу... Ушундан соң жаш денеңин бара-бара кандай ууланып бара бererин айтып отуруунун, зарылдыгы барбы?..

Макул, бул табийгый өсүмдүк экен, болгондо да тулкусунда ар кандай уулуу заттар бар, анын адамга зыянпайдасынын өлчөмүн айтып отурбайлы — кыргызча айтканда кудайдын көрсөткөнчөлүк болуп жаткандыр. Ошо-

пусуна адамдар канааттанып, насибинче түшүмүн көрөбүз деп жатышабы? Жок. Ошо уулуу тамекинин уусун дагы да көбөйтөлү, ал аркылуу анын түшүмүн арттыралы деп, тамеки өскөн жерине да (топурагына да) анын көчөтүнө да, бутактап-жалбырактап чыккан өсүмдүгүнө да уу дарыларынан үстөккө-босток сээп жатышпайбы... Бул уу дарылар тамеки түшүмүн көбөйтүү менен бирге, адамдардын саламаттыктарын, өмүрлөрүн кыйып, майыптарга айлантып жатпайбы... Адамдар эмне үчүн булар тууралуу ойлоп коюшпайт, сестенип коюшпайт, кайрадан күн-түнү туйтунуп, уу дарыны тамекилерине көбүрөөк себишип, көбүрөөк оору, өлүм, бактысыздыктар алыш үчүн күчөнүп жүрүшөт? Эмне ан-сезимдүү адам баласы булар тууралуу ан-сезимдүү түрдө ойлоп коюуга кудурети жетпейби?..

Андан соң мен — Камилжанга баш кошкон он жети жашымдан бери — ак пахта аянттарында иштөөгө, арбын түшүм алуу күрөштөрүнө киришип кеттим...

Бутафост, дуст, азот, хлорофос дагы-дагы көптөгөн дарылар себилген топурактарды кечип, алардын жытын таң саардан кара кечке чейин искеп, ошолорду сиңирген пахта гозолорун жегенелеп, чаап, сугарып, чеканкалап дефиляциялап, пахта буласын терип, мол түшүм үчүн, ашыра толтурулган план үчүн күрөшүп жүрүп өмүрүмдү өткөрүп келатпадымбы... Ошол күрөштөрдө даңк үчүн, орден-медаль үчүн, мактоо сөздөр үчүн болгон күрөштөрдө бүткүл өмүр-бактым өрттөнүп — жатыным куурап — түбөлүккө мөмөсүз даректай куурап жатканым андагы менин тажрийбасыз жаш башым кайдан билди дейсиң? Ал эми муну көрүп-билип турган тажрийбалуу адамдар (жетекчилер), «ушундай кылып уу сепсеңер түшүм көп болот» деп шыктандырып «акыл» үйрөтүшкөн окумуштуулар эмне үчүн алардын зыяндуулугун айтып коюшкан эмес?..

Ырас, тамеки аялдар менен балдардын эмгегине таянуу менен, сыртынан жеңилдей көрүнүмүш болуп, «опоцой» миллиондогон сом пайдалар келтирет экен... Бирок анда ууланып өлүп жаткан балдардын өлүмдөрү, аялдардын төрөбөс болуп калыштары миллиондогон сомдон кымбатка түшүп жаткан жокпу?.. Ошол иштерди жетектеген адамдар «алдыңкы тажрийбалар» үчүн, илимий «чоң ачылыштары» үчүн, «жаша, ураа» деген сый-сыпаттарга жетиш, жаңы бийик кызмат орундарына жетиш үчүн башкалардын — калың элдин — бактысыздыктарга дуушар болуп жатышкандыктарына көз

жумдулуктар кылып коюшкандыктарын не деп түшүнсө болот?..

Булар, макул, учурдун сүрөөнүндө мактоолор, сыйсыпаттар алып, «жакшы адамдар», «пайдалуу адамдар» деген наамдарга, керек болсо Алтын Жылдыздарга чейин жетишип жатышыптыр, ал эми чыныгы адамгерчиликтин атынан алардын кадамдарына баа берер болсок, кандай болот? Жүзүкаралыкпы, караниеттикпи, же адамгерчиликтин ыйык жүзүнө чыккынчылыкпы, болбосо, убактынча өз пайдасы үчүн адамдын ыйыктыкты, ак ниеттүүлүктү, адамдын ак милдетин өтөөнү булгагандыкпы?..

Мен бнерде жалгыз өзүмдүн бактысыздыгым үчүн күйүнүп, башкаларга жалаалар жабууга аракеттенип, ашыкча күйүп-бышып жатканым жок: мендейлер азыр жүздөп эмес, миңдеп, балким миллиондоп саналып калышты... Бу тууралуу менин колхозумдун, же районумдун жетекчилиги гана эмес, бүткүл элимдин, ал турсун бүткүл адамдардын акыл-эси коопсуу жүзүкаралык менен ойлоно турган учурлар жетип келип отурган жокпу?..

Мен дал ушул жерде, жакынкы эле жылдарда, дал ушул менин кыштагымда болуп өткөн бир зор бактысыздыкты айтып берүүгө милдеткермин, мени буга адамдык абийрим түртөт, антпесем менин адамдык эки жүздүүлүгүмдү өз адамдык абийрим болбосо, бүткүл мындагы ата-энелердин ошондо зыркырап көзүнө жаш алган жүрөктөрүнө кайгы төгөргөндүктөрүн — адамдык абийирлери да кечирбес...

...Ошол жылы күз жылуу болуп туруп алды: андан калса пахтадан көп түшүм алсак деп үмүттөнүүдөн уламбы, кантсе да, пахталарга сууну аябай кое беришкендиктен, пахталардын жалбыректары куурап, косектери көбүрөөк ачылуунун ордуна, жашыл түстөрү ого бетер жашыл тартып, жашандап туруп алды. Октябрь айы башталып калган болучу, ал эми ноябрь айы катаалдашып кыш түшүп калышы күтүлөт деген метеорологиялык прогноз билдирген соң, райондук партия комитетинин биринчи секретары Сапар Текетаев шашылыш түрдө чарба жетекчилери менен чогулуштар өткөрүп, бир тал пахтанын буласын кышка калтырбоонун аракетин жүргүздү; ал үчүн пахта аянттарын дефиляциялоо жолдору менен козолордун жалбыректарын кууратып түшүрүп, аларды терим комбайндарын салууга даярдоо, ал эми косектер да куурап, пахта буласы ачылсын үчүн, уу заттарды көбүрөөк чачуу буй-

руктарын берди, «эгер буга ким күмөндөсө, же аны иш жүзүнө ашыруудан чектелип, болбосо ал чараны кечиктирсе, ал адам мейли жетекчи болсун, пахта терим сыяктуу чарбалык саясы компаниянын душманы катары закон алдында, партия мүчөсү болсо партбилети менен жооп берет» деп зынарлады...

Эки күн өтпөй пахта талааларынын үстү менен кош канаттуу «АН — 2» самолеттору тынымсыз каршы-терши учушуп, артынан аппак чаң, кээде жамгырдай себилген суюктуктар чачылып, айылдардын үстү менен кайкып кайрылып жүрүштү. Жапжаңы ак «Волганын» үстүнөн түшпөгөн Текетаев бригадалардан бригадаларга, колхоздордон колхоздорго өтүп, улам жаңы динамикалык буйруктарын берип, пахта терүү планын толтуруу, ашырып жиберүү аракетин жүргүзүп жүрдү...

Арадан үч күн өтпөй эң алдын жаңы төрөлгөн балдардын көздөрү кызарып түйрүлүп, анан тамактары кырылдап, ооздорун балапанча ачып-ачып жан берип жатышты. Анан мындай апаат бир-эки, кийин бешке чейинки балдарга жармашты — балдар энелери менен участкалык ооруканаларга толуп, анан колхоз конторасын да ооруканага айландырып жиберишти. Врачтар күн-түнү уктабай иштешип, наристелердин өмүрү үчүн күрөшүп жүрүштү. Сапар Текетаев менен уполномочен самолеттордун иштешин контролдошуп, канча тонналап химикаттар чачышкандыктарын белгилешип, аз чачкан учкучтарды кысмакташып, жазалап жүрүштү: «Давай-давай!» деген сөздөр алардын ооздорунан түшкөн жок. Ак халатчан ак ниет врачтар жүздөгөн балдардын өмүрлөрүнө араалжы болушуп, бир эле биздин айылдан алтымышка жакын наристелердин өмүрлөрүн колдон чыгарып жиберишти... Жаңыдан көз жарган жапжаш энелердин, көп бала өстүрүп жүрөгү ого бетер жумшарган тажрийбалуу энелердин айыпсыз шоргологон көз жаштарынын чеги болмок беле? (Текетаев менен алиги уполномочен бул маселеге анча деле маани бербей, план үчүн күрөшүп жүрүштү).

Бул күтүүсүз трагедиянын жаңырыгы айрым адамдар, алардын телеграммалары аркылуу облуска жетип, ал жерде шашылыш түзүлгөн комиссия составында медиктер, юристтер, партиялык-советтик кызматкерлер, депутаттар болгон комиссия келип, күндөп-түндөп изилдөө иштерин жүргүздү: бул трагедия уу заттардын даярдыксыз, ашыкча жана туура эмес себүүнүн натыйжасы катары квалификацияланды...

Бирок да борбордон Кубатов баштаган адамдардын шашылыш учун келиши трагедияны квалификациялоонун руслосун башка жакка буруп жиберди — кандайдыр бир эпидемия каптап өткөндүгү, ал «климаттык шарттарга» байланыштуу болгондугу ырасталды... Ошентип трагедия жепжеңил да, опоңой да жабылып салынды. А бирок, муну менен энелердин агып жаткан көз жаштары тыйылган жок, жүрөктөрүн өрттөп кеткен күйүттөрү өчкөн жок... Ал көз жаштар ушул күнгө чейин улантылууда, жүрөк күйүттөрүнүн жалыны алардын өзөгүн ушул күндөргө чейин өрттөөдө, куйкалоодо... Мен алардын көз жаштарын көргөндө өзүмдү жүзүкара, алдамчы катары сезем, анткени — ошол текшерүү комиссиясынын составында мен дагы бар элем, жергиликтүү депутат катары... Бирок мен да адамдык абийир менен энелерге чындыкты — алардын наристелери уу химикаттардан ууланып өлүшкөндүктөрүн айтып бере алганым жок, жалган жыйынтыкка — кандайдыр бир эпидемия болуп өткөн, климаттык өзгөрүүлөргө байланыштуу...» деген жыйынтыкка кол койдум. Коюуга мени жалпы кызыкчылык үчүн деп түртүштү, экинчиден бул трагедиянын социалдык-саясий жана укуктук маанилерине жеткире баа берүүгө анда менин кудуретим, түшүнүгүм жеткен эмес экен. Бул айыбымды эч бир кечирүүгө мүмкүн эмес тура. Мен аны жылдар өтүү менен тереңдете түшүнүп отурам... Көрсө бул кадамым түк кечиримсиз айыбым экен. Мен ошол энелердин жүзүн көргөндө, этим дүркүрөп, бетим чымырайт. Мындай айыбымдан күнү-түнү кутула албас болуп кеттим мен кийинки жылдарда. Көзүмдү жумсам, наристелердин өлүмдөрү тартылат көз алдыма. Бул бактысыздыктарды бардык адамдарга айткым келет. Бирок менин үнүмдү угар эч ким жок, менин үнүмдү бүгүнкү шарт эч кимге жеткирбейт да, жеткирүүгө шарт да жок. «Жаша, ураа!..» дегендерди гана угабыз. Анын артынан биз да «жаша, ураа!» дешибиз керек... Бул эмне деген шумдук?.. Болбосо биздин укугубуз, милдетибиз, дагы башкаларыбыздын баары законубузга, Конституциябызга жазылган эмеспи... Бирок турмуш чындыгында аларыбыз жок. Бирөөнүн эркн менен ушул жерине уу сеп десе, мен аны себүүгө тийишмин — жок, антүүгө болбойт, ал менин өмүрүмө, менин бала чакамдын өмүрүнө зыян деп айтууга тийиш эмесмин. Айтсам айыптуумун... Айткандыгым үчүн «социализмдин душманы» аталам. Мен жана менин бала чакам тим эле

уугуп өлө берүүгө тийиш, же адамдар оору болуп, аялдар мен сыяктуу жатыны куурап, төрөбөс болуп кала бериштери милдет. Үнсүз-тилсиз макулук болууга тийишпиз, бир чыртылдап учкан чымчык...

Айтмакчы, чымчык демекчи, мен өз чындыгымды далилдеш үчүн, дагы бир чындыкты — чымчыктын чындыгына байланышкан бир чындыкты айта кетишим керек болуп отурат биерде. Антпесем мен тим эле өлөрмандык кылып, быштыны чычты кылып жаткандай көрүнүшүм мүмкүн.

Маселен, ушул Фергана өрөөнү бак-шактуулугу менен, сан-түркүн жемиштери менен, ошол бактарында кооз сайраган булбулдары менен данктуу болгон. Башкача айтканда Фергана өрөөнү — Орто Азиянын бермети... Биердин улуу суфий акындары булбулдун кооз үнүн макташкан, аны аял сулуулугуна салыштырып ырдашкан. Ар бир бакта, ар бир шакта безеленип үн жарыштырган акын булбулдар жашашкан... Азыр ошол булбулдардын миң кубулжуган кооз үндөрүн ошол атактуу Фергана өрөөнүнөн, анын жемиштүү бак-шактарынын ичинен жолуктура албайсың...

Эмне үчүн мындай? Мында эч кандай чоң сыр жок: пахта менен тамекинин түшүмүн көбөйтүш үчүн уу заттарды чектебей сээп жатабыз. Ошол уулардан булбулдун кооз үнү бүтүп, өздөрү кыргын табышты, же эптеп өлбөй калгандары, мен сыяктуу жатындары кууран, туубас болушту... Ошентип кооз Фергана өрөөнүнүн кооз бактарында бүгүн «мынк» эткен булбул жок. Алиги «план» үчүн, «процент» үчүн деп чаап жүрүшкөн ашынган «патриоттор» бул трагедияны да бир мүнөткө эстерине алып коюшабы?..

Бир кездерде отоо чөптөрдү куурата турган химиялык уу заттар «табылды» дегенде, далай дыйкандар тебетейлерин асманга ыргытышып кубанган экен. Муну менен бүгүн пайда тапса да анын зыяны он эселеп, жүз эселеп түшөрүн, ошол ууларды сунуш кылган «окумуштуулар» аны пайдаланган «дыйкандар» акылына алып коюшту бекен? Ошол уу заттардын «күчү» менен ушул эле Фергана өрөөнүнүн асыл жериндеги далай кооз гүлдөр, көп-көп дары-дармек болучу өсүмдүктөр, пайдалуу курт-кумурскалар биротоло тукум курут болуп кеткендигин окуп билдим... Эне жер, анын бизге ак мама болуп сүтүн берген топурагы жылдар өтүү менен — ушул кийинки жарым кылым ичинде эбегейсиз ууланып жаткандыктарын уктум, илимий китептерден жолуктур-

дум... Өлкө боюнча статистикага караганда ар бир гектар жерге 30 килограммдан гана жер семирткич берилет. Ал эми биздин Орто-Азияда 480—600 килограммга чейин жеткен, же өлкөбүздүн орточо эсебинен 15—20 эсеге чейин ашкан... Мунун баары «Жер берекесин арттыруу, Планды ашыра толтуруу...» деген курулай сүрөөндөр, жалган ураандар менен жабдууланып келген... Мындай алабарман аша чабуулуктун бүгүн бере койгон «пайдасынан», мындан кийинки ондогон, балким жүздөгөн жылдарга кетер зыяндарын эч ким оюна алып койбойт. Аны айтып койгон адам мамлекеттик пландын, ал турсун биздин социалисттик системанын душманы катары айыпталат, куугунтуктарга алынат... Мындай «ярлыктардын» далайын өз көзүм менен көрдүм, кулагым менен уктум... Өзүм да колум жеткен нерселерди айттым, жергиликтүү советтин депутаты катары сүйлөдүм. Бирок жетекчилер менин бул ак оюмду — Эне-жерге ачынган оюмду — туура ой катары кабыл алышкан жок. Менин акыл-эсимдин жайында экенине күмөнсүштү...

Көрөр күнүбүз, ичер суубуз жер менен... Жерсиз, топураксыз киерге кийимибиз, жээрге наныбыз болбойт, кыскасы, жашоо, өмүр жок... Ошол ыйык жерге болгон бейпарбаа мамиледен улам мелики сыяктуу адамдардын бактысыздыктары туулду... Бул эмне болуп калыптыр!.. Дал ушул өмүр берип турган ыйык жерди курумшудай куйкалап, карападай быркыратып, жер жүзүнөн жандуу жашоону жок кылып салыш үчүн адамдар атом бомбаларын көбөйтүшүүдө — жарыша жан үрөшүп, биринен экинчиси өтүп кетүү аракетинде жүрүшөт.

Деги каякка баратабыз, адамдар? Кайдасынар, топурак жытына мас болуп, андан дан өндүрүү аркылуу жан өндүрүп алган дыйкандар!? Эмне үчүн Жер-энени туш-туштан тооруган кара ниеттерге каршы чыкпайсынар?.. Эмне үчүн Жер-эненин ак сүтүн берген мамасын — топурагын коргоого — мындан аркы муундарга аны таптаза өткөрүп берүүгө көкүрөк тосуп чыкпайсынар? Бул — деги эмне деген кайдыгерлик?.. Кайдасынар?.. миңдеген жылдык жер менен эриш-аркак байланышкан дыйкандык сезимдер? Кайдасынар, жер менен бек чырмалышкан дыйкандын жүрөк оттору, керек болсо канын төгүп, «жер» жазданып кете берген ыйык ишенимдери?.. Кайдан туулуп жатат бүгүнкү жерге болгон кайдыгерлик сезимдер?.. Дал ошол — акыркы

жарым-кылым аралыгында дыйкандар сезиминде туулуп, улам тамыр алып бараткан — жерге болгон кайдыгерликке каршы — протест катары өзүмдүн гүлгүн өмүрүмдү — жерге болгон кара мамилелердин натыйжасынан улам бактысыз болуп калган эң кымбат өмүрүмдү кыямын... Менин бул кадамым, балким, эссиз кадамым, өзүн дыйканмын деп ойлоп, топурак чеңгелдеп күн өткөргөн адамдын жүрөгүн солк эттирип, жер тагдырына көңүлүн кылдай буруп койсо, мен бул катаал чечимге келген кадамымда, өз өмүрүмдүн маанисин бекер кеткен жок деп түшүнөмүн...

Менин бул кадамым үчүн мени курчаган адамдарды да, саясатты да айыптабагыла. Жерге болгон кайдыгерликке көңүл буруп, ойго чөккүлө.

Кошкула, менин замандаштарым... Кош жарык дүйнө... Мени койнуңа ал, ыйык топурагым!.. Кандай болсо да сенин таламыңды талашып, асыл жанымды кыйып, түбөлүк койнуңа баратам...»

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

МУЗЕЙ

I

«Көкөй кести» күүсү муңканат.

Жазгы бак түбүндөгү кеңири чарпаяда кемпир-чалдар уй мүйүз тартып отурушат. Чымчыктар чырылдап, уялар салуу менен алек. Токтор ортодо комуз чертип, карылар тунжурашып жер тиктешип, өз-өзүнчө ойлуу... Алардын арасында Миңбай, Чокмок, Чыныгүл, Салия, дагы башкалар бар. Кемпирлер да эриндерин шалп эттире шыпшынышып коюшуп, демейки адаттарындай күбүр-шыбыр да жок, үнсүз.

Комуз күүсү бир нече жолу кайталанган соң, Тумалай, Назар, Нуриялар кирип келишти. Эски калпагын колуна кармап кирген Тумалай үшкү башын соксоң эттире салам айтты, бирок анын саламын эч ким алик алган жок. Отургандардын бүт көңүлү күүдө болуучу.

А Токтор болсо, көкүрөгү толо согуштук ордендерин шыңгыр эттире, оолжуп күү черте берди.

— Ой, Токтор ошо комузунду кыңылдатпай токтотчу! — деди жактырбай,— же комузчу болуп аттанып кетпедиң.

Токтор комузун токтотуп, Тумалайдын арык жүзүнө тигиле айтты:

— Мен аттанып кетейин деген эмесмин, бирок уккан адамдарга өмүр бою чертип берип келатам. Күүнү түшүнүү керек.

Тумалай арык манчаларын сербең эттире терс шилтеп коюп айтты:

— Эмнени түшүнөбүз. Же анындын маанисин айтып бербейсиң.

Тумалайдын артындагы Назар эчкинин куйругундай сакалын сербең эттирип коюп, Тумалайды колдоду.

— Тумалай туура айтат: чертсең, айтып черт!

Ак сакалын ээгине кыркалата кырмалап, кокончо койдурган Миңбай сөзгө аралашты:

— Эй, Назар, комуз күүсүн жүрөк менен сезет. Тунжурап отуруп угат. Билсең комуз күүсүндө, айтып черткенден, анча көп сырлар бар.

— Ооба-ооба,— деп какшыктады Тумалай. — Сен, Миңбай аке, ошон үчүн тунжурап калган турбайсыңбы. Ырас, антүүгө жөнүң бар.

— Ооба, Токтордун күүсүн тунжурап отуруп уктук. Тээ, алда качанкылар эсибизге түштү,— деди Миңбай ойлуу жер тиктеген бойдон.

— Пай-пай! — Тумалай жасалма күлүп, артындагыларга кылчайды. — Ой, Назар, ой Нурия, биз ошол жыргалдан куру калган турбайбызбы.

— Ой, Тумалай, сен каздай каркылдап, өз сөзүңдү эле бекемдебей, «эмне себептен тунжурадыңар» деп, сурап койбойсуңбу,— деди пар жаздыкка өбөктөп отурган олбурлуу Чокмок абышка.

— Макул, Чокмок аке, сурайын, эмне кеп? — деди Тумалай жалтайлап.

— Биз азыр парторг Камилжандын өзүнөн чыгып келатабыз,— деди Чокмок карыя, чыканактаган жаздыгынан бери бурулуп.

Тумалай бир аз буйдала түштү:

— И-и? Бир адисе болуп кеткен жокпу?

— Болду. Чоң адисе болуп атат,— деди Чокмок ишенимдүү.

— Айтпайсыңбы, жарыктык, маалкатпай.

Чокмок сөзүн салмактуу улады.

— Карылар Совети менен парткомдун кошмо чогулушу болду. Зор маселе талкууланды.

— Деги уксак болобу? — Тумалай чарпаяга отура кетти.

— Тумалай туура айтат, уксак болобу? — деп Назар Тумалайды колдоду.

— Болот, — деди Чокмок токтолуп. — Уксацар мындай...

Чокмокко ыктай отурган кемпири Чыныгүл сөзгө аралашты:

— Ай, Чокмок, сен шашылба, абышкам. Биерде карыялар кеңешинин төрагасы Миңбай аксакал отурат. Ошо киши айтсын, антүү — ал кишинин милдети.

Чокмок дароо ынгайсыздана түштү.

— Ырас айтасың, Чыныгүл. Койдум-койдум байбичем.

Назардын кемпири Нурия Чыныгүлгө өкүнүчтүү айтты:

— Чокмок акенин сөзүн оозунан сууруп, жакшы кылбадыңыз, байбиче.

— Нурия, сен ага кейибей эле кой, ар ким өзүнүн сөзүн сүйлөгөнү жакшы,— деди Чыныгүл.

— Ай, катындар! — деди Тумалай шиш башын соксоң эттирип. — Базар курбай, дейди сөздү токтоткула.

Миңбай карыя адатынча жай козголуп, ойлуу сүйлөдү.

— Колхоз музейин түзүү үчүн чечимге келдик!!

Тумалай чочуп сурады:

— Музей!? Айылга музейдин кереги не?

— Капырай... — деди Нурия кемпир, түшүнө бербесе да Тумалай аяшын колдоп.

— Деги музейдин мааниси кайсы экен? — деп сөз кошту Назар.

Миңбай жай калыбынан жазбай сүйлөйт.

— Мааниси абдан зор, элибиздин басып өткөн жолу андан күзгүдөй көрүнүп турат. Кыскасы, анын маанисин бир сөз менен айтып берүүгө болбойт — көп сөз керек.

— Андай болсо, кол кабыш кылалы. Деги аянбайлы дедик,— деп Миңбайдын байбичеси Бүниса кемпир да сөзгө аралашып койду.

— Ай, Бүниса жеңе, баш-аягын ойлонолу. Шашпаңыз,— деди Тумалай, адатынча тайсалдап, мындан бир балакет чыгып кетпегей эле дегенсип.

— Айталы, өз айлыбыз жаңы заманга чейин кандай эле? Бүгүн кандай болду? Кимибиз ким болдук? — деп Миңбай сөз улай берди.

— «Кимибиз ким болдук» дегени кандай? — деп кызыкты Тумалай.

— Ой, таразаланганы кандай? — деп Назар да этияттанды.

— Андай музейиңер табышмактуу го,— деп тайсалдады Тумалай.

— Тумалай туура айтат, түшүнүксүз, табышмактуу,— деп эски адаты боюнча Назар Тумалайды сокур колдой берди.

Садык, Төрө, Салия, Дуриялар кызуу сүйлөшүп киришти. Эң артында ойлуу баскан узун моюн Камилжан да бар.

— Ой, раис иним, Садык, ырас келбедиби. Камилжан-парторг, сенин келгениң да жакшы,— деди аларды утурлап баскан Назар.

— Эмне кеп, Назар аке? — деди Садык аны беттеп токтоп.

Сөз тизгинин Назар жулуп кетти:

— Миңбай аксакалдар «музей ача турган болдук» деп билдиришти.

— Же өздөрү жакшы билишпейт,— деп Тумалай сөз кыстарды.

Назар озунуп сөз улады:

— Тумалай туура айтат, өздөрү жакшы билишпейт.

Миңбай чал токтоо унчукту:

— Биз билип айтып жатабыз, а силер түшүнбөй атасыңар.

Кыжы-кужуну туура түшүнгөн Садык сөздү өзү алды:

— Түшүнбөй турган эч нерсеси жок: карыялар Совети менен партком «Колхоз музейин курабыз» деген чечимге келди, колхоз администрациясы аны колдоду. Музейдин имаратын куруш үчүн азырынча бир миллион сом акча бөлдү.

Назар таңдануудан, өңгөчүн тартып жиберди:

— Бир миллион дейсиңби, Садык?

— Ооба. Неге таңданасыз? Колхозубуз жылына бир нече миллион таза киреше алууга жетишип калды. Эми өз музейин куруп албаска эмне? Имарат эки, балким, үч кабаттуу болот.

Назарды колтуктаган Нурия кемпир таңданды:

— Айланайын, деги анда эмнелер турат?

Садык кемпирге эңиле берип түшүндүрө баштады:

— Элибиздин бүткүл өнүгүү тарыхы турат. Ал тарыхый жолдогу көп-көп жакшы адамдарыбыздын кылган иштери, күрөштөрү, төгүлгөн кандары, анын себептери турат.

— Капырай, ал кандайча?

— Айталы, музейдин бир бурчунда буурсун менен чычырканак мала турса, тиги бурчунда кубаттуу бүгүнкү трактор, автомашина турат. Оң бурчунда илгерки кедейдин алачыгы турса, тиги бурчунда бүгүнкү дыйкандын стандарттуу үйү менен жеңил машинасынын макеттери турат. Кармаган буюмдарыбыз да, кийген кийимдеригиз да болот. Садык токтоло калды. — Анан ошол катуу күрөш жолундагы мыкты адамдардын иштери тууралуу, төгүлгөн кандар тууралуу кеңири маалыматтар, документтер болот. Киноочерктер тарттырып коебуз, радио маектер магнитофонго жазылып коюлат. Ар кимдин өз колу менен жазылган же оозу менен айтылган сөздөрүн даярдатабыз. Эң аягында колхозубуздун өнүгүшүнүн көркөм тарыхын жаздырабыз. Ушунун баары музейде болуп, өткөн турмушубузду жарык кылып турат.

— А тигилер болсо «ким ким эле, ким болду» деп коркутуп атышпайбы,— деди Назар, чокчо сакалын сылап.

— Туура-туура! — деди Садык бекемдеп. — Айталы, жаңы заман келди, аны ким кандай түшүндү, кандай кабыл алды, ага кандай кызмат кылды? Ким жаңырды, ким эски бойдон калды? Ушунун баары тарых музейибизден көрүнүп турушу керек.

— Оо, кудай ургандар,— деди Тумалай шектенип,— кыйын иш экен мунун,— токтолуп, сөз улады. — Түшүнүктүү. Ал эми үстүнкү кабатында эмне болот?

— Анда кооздук музейи болот, Тумалай аке,— деди Садык.

— Анын маанисн кандай? — танданып сурады Назар.

— Алтын-күмүш, акак-таштардан жасалган кымбат баа кооздук буюмдардан тарта, сүрөт, скульптура, музыка, кыскасы — көз жоосун алган кооздуктар турат. Миллион-миллиондогон сом акчага сатып алабыз.

Назар буга макул эместей желкесин кашынды:

— Азыр кардыбыз ток, колхозубуз оңолуп баратат. Чалдар пенсия алабыз. Бирок бирибиз кароол, бирибиз мурап, үчүнчүбүз бакчы болуп иштейбиз. Ошого каннет кылып, кудай деп жөн жата бербейлибиз?

— Жөн жатпайбыз, Назар аке,— деди Садык бекемдеп. — Адамдардын ыман-жанын тарбиялоо максаты турат мында. Ансыз алыс бара албайбыз.

Назар жин ургандай каткырды:

— Ой, ошо сүрөттөрдү көрсөк эле акылыбыз өсүп кетеби? Ха-ха...

— Ха-халабай угуңуз, Назар аке,— деп зекитип токтотту Садык. — Жаңы заманды алтын-күмүштү көп топтогон адамдар курган эмес. Чөнтөгүндө акчасы жок, бирок ички дүйнөсү кең адамдар курган. Лениндей рухий дүйнөсү зор адам башында турган.

— Оо, Ленин! Акылмандардын акылманы,— деп жиберди Минбай.

— Ошон үчүн партиябыз адамдардын ички дүйнөсүнүн кең болушуна кам көрөт: музейлер түзөт, театрлар ачат, кинолор тарттырат, ырлар чыгарат, китептер жаздырат, маданият-спорт дворецтерин курдурат. Кыскасы, адам баласы кара курсагы үчүн гана жашоого тийиш эмес! Адам баласынын башка жандыктардан айырмаланган улуулугу — анын рухий дүйнөсү — кеп мына ушунда! Эми түшүнүктүүбү, Назар аке?

— А үчүнчү кабатындачы? Анда эмне болот?

— Үчүнчү кабатында 500—600 адам батардай зал, дагы башка бөлмөлөрү болот. Анда колхозубуздун элдик театры болот. Жаштар спектаклдер коюшат, кинолор көрсөтүшөт. Ырдап-бийлеген, музыка ойногон жаштар өнөрлөрүн көрсөтүшөт. — Садык токтоло түшүп, анан айтты: — Музейге «алгачкы комсомолец» деп, сиздин сүрөтүңүздү да коюшубуз мүмкүн.

Назар жаш баладай делгире түштү:

— Ой, анда Тумалайды унута көрбөгүлө! Ал алгачкы комсомол ячейкасынын секретары болгон... Кийин райондо иштеген. Кеп көп.

— Оо, ушундайбы, Тумалай аке?

— Туура, туура... — деп Тумалай жер карап шылкыйды.

— Туура, туура... — деп эл коштоп кетти.

Садык күлүп сүйлөдү:

— Анда Тумалай акенин сүрөтүн сөзсүз илдиребиз.

А Назар кол чаап жиберди:

— Аа, кайран досум Тумалай, жаша, жаша! Экөөбүздүн сүрөтүбүздү жаштар суктанып карашат тура!

Тумалай Назарды капталга нукуп, нары түрттү:

— Сен неге адыраңдап кол чабасың?

Назар өз кубанычын кое берген жок.

— Сүрөтүбүздү илгени атса, сүйүнбөйсүңбү?

— Сүрөтүңдүн астына эмне деп жаздырасың? — деди Тумалай.

Назар сестене түштү:

— Эл... Эл эмнени жаздырса, мен да...

Тумалай кыжырдуу унчукту ага:

— Эл кылган ишин жаздырат. А сен эмненди? Комсомол билетинди өзүң кайра тапшырып ийгенинди жаздырасыңбы? Кийин кулакка тартылып, камалып кеткенинди жаздырасыңбы? Же кече согушта...

Нурия кемпир Тумалайдын оозун баса калды:

— Ай, Тумалай эл угат. Унчукпа?

— Эриң өзү кол чаап, кыйкырып атпайбы,— деди Тумалай ызалуу.

Дал ушул мүнөттөрдө мойнуна илген магнитофонун бакыртып, өспүрүм Улан кирди, ал шыргыйдай узуи. Чокмок абышка менен Чыныгүл байбиченин шаардан келген небереси. Улан Чыныгүлгө кылчайды:

— Бабушка, мен сени издеп жүрөм. Ачкыч керек.

Чокмок карыя Уланга тике карады:

— Элге саламың кана, Улан неберем?

Улан чекесин тырыштыра, колун шилтеп койду.

— Мен чарчап бүттүм. Келе ачкычты.

Улан сыртка бурула берип, кирип келаткан Чолпон аттуу биерлик кыз менен беттеше түштү. Чолпон болсо, мындагы Миңбай чал менен Бүниса байбиченин небереси.

— Саламатсыздарбы? — деп Чолпон ыйбаа менен салам айтты, мында отурган карыяларга. Анан Садык менен Камилжанга баш ийкеди.

— Саламатчылык. Э, Чолпон, тиги кеткен кайсы өспүрүм? Чоочун го? — деп сурады Садык, Улан кеткен жакка баш экчеп. Биринчиден, тамашага чала, экинчиден, Садык ырас эле Уландын кимдигин билген эмес.

— Билбейм, Садык агай,— деп Чолпон, ыйбалуу ийин кысты.

— Комсомол комитетинин мүчөсүсүң да, мындагы өспүрүмдөрүндү билбейсиңби, Чолпон?

— Ал бала биздин неберебиз,— деди Чокмок чал жооп берип,— шаардагы үйүнөн келди. Бир топко чейин жүрөм дейт. Мен айлыбызда биротоло эле калсаң деп суранып атам. Таанышып каларсыңар.

Чолпон Бүниса кемпирге кайрылды:

— Таене, ачкычты бериңизчи. Аптекамды ачайын. Дары-дармек күткөндөр зарыгып калышты.

Бүниса кемпир Миңбай чал жакка ишарат кылды:

— Ачкыч таятанда.

Чолпон таятасын беттеди, чал ачкычты курунан чечип берди. Чолпон коштошуп кетти.

Садык саатын каранып, бир аз шашып калды.

— Мени конторада күтүп калышпасын, кетейин. Л сиздер, абышка-кемпирлер, музейге кошо турган салымыңар тууралуу ойлонгула. Өткөн-кеткендин баарын койбой көз алдыңардан өткөргүлө: каерде жакшылык, каерде жамандык болгон эле? Эмнени туура иштеп, эмнеден ката кетиргенбиз? Кайсы иш адилеттик болгон эле да, кайсы иш адилетсиз болгон эле? Ушунун баары музейде байкалуу керек. Эч нерсени жашырууга тийиш эмеспиз. Бул биздин эртеңкибиз үчүн, небере-чеберелерибиздин ак, адилет, даана болуп өсүштөрү үчүн зарыл. Ансыз биз, чындыкты чындыктай көрсөтпөсөк, өз эртеңкибизге, бала-чакабызга кыянаттык кылган болобуз. Бул маселени дагы көп жолу талкуулайбыз. Ойлонгула.

Садык коштошуп чыгып кетти. Бир азга тынчтык өкүм сүрдү.

Миңбай чал ордунан ойлуу козголуп, кобурап жай сүйлөй берди.

— Алыскы сапарга бет алган жолоочу бийик белеске чыкканда, бир токтолуп, басып өткөн жолуна кылчайып көз таштайт. Анын сыңарындай, алдыбыз токсонго жакындап, артыбыз алтымыштын кырынан ашып, өткөн жолубузга көз таштаганы турабыз. Ар кимибиз өз өмүр жолубузду кантип басып өттүк? Кимибиз ак болдук, кимибиз көк болдук? Кыскасы — ар кимибиз өз адамдык абийирибиз менен бетме-бет келгени турабыз. Ошол ыйык абийирибиз өз өмүрүбүз жөнүндө кандай өкүм чыгарат? Өмүрүбүздү кандайча баалайт? Аны биз өз музейибизге өз муундарыбыздын көрүшүнө уялбай кыла алабызбы? Же кайран өмүрүбүздүн желге учкан учурлары да болгонбу? Бизди тунжуратып ойго салар нерселер — мына ушулар. Азыр үй-үйлөрүбүзгө тарап, ушулар тууралуу ойлонушалы.

II

Үй ичинде Бүниса менен Миңбай. Бүниса алтын-күмүш менен кооздолгон кийимдерин кийип, бой тумар баш болгон кооздук буюмдарын тагынган. Ал эми Миңбай чалдын бутунда куур чокой, үстүндө самтыраган жыртык кийимдер. Бул экөө мындан жарым кылымдан көбүрөөк мурдагы кейиптерине келип алышкан.

— Хи-хи-хи. Кейпиңди карачы, Миңбай. Хи-хи-хи. — Бүниса кемпир чалын мыскылдоо аракетин кылат.

— Эми хи-хи-хилеп шылдыңдагың барбы? А ошондо кантип көзүңө түшүп калдым эле? Ошол жагын да эсиңен чыгарып койбочу,— деди Миңбай чал.

Бүниса кемпир дароо ойлуу абалга келип, анан сүйлөй баштады:

— Бир жолу атаман сен тууралуу жаман сөз уктум: «Ушу жаман кедей комсомолго өтүп, актиптер менен сүйлөшүп жүрөт имиш. Ыңкылаптан кийинки бир жылдарда балчайбектердин аскеринде жүргөн имиш дешет, ыраспы, жалганбы, ал жагын айталбайм. Өзү анысын танат — Атам ойлоно түштү. — Ашканадан чыккан чаяндай болуп, минтиши,— бизге жаман» деп ызырынды. Эртең менен сыртка чыкканда сени карасам, кийимиң самтыр болгону менен, Миңбай, өзүң сурайылдай жигит экенсиң.

— Ха-ха-ха! Анан эле күйүткө түшүп калдым дечи, байдын кызы Баян сулуу?

— Сүйүнбөй эле кой, анткен эмесмин,— деди Бүниса кемпир.

Миңбай байбичесинин жүзүнө кооптуу тиктеди:

— И-и! Мени өмүр бою алдап жүрөм дечи? — А жүзүн терс буруп, нары басты. Кыркма сакал ээгин жогору көтөрө, тиштенип калды. — Ырас эле шаардык Исмаил сүткөрдүн көрөр көзү болгону турасың, мени тоото белең. Мен да бир аңкоомун да.

Бүниса кемпир кыткылыктап күлдү.

— Хи-хи-хи. Чочуба, абышкам. Тынчтыгым кийин кеткен.

Миңбай чал ишене бербей, байбичесинин жүзүнө суроолуу тиктеди.

— Качан? Кайсыл жерде?

— Атам сени басмачыларга байлап берди го, өлөрчө сабатып жатты го, ошондо.

Булардын небереси Чолпон кирип келип, таятасы менен таянесинин кейиптерин мурда өзү көрбөгөн, кийим-кечелерине таңдана тиктеп, астананы аттаган бойдон токтоп калды.

— Таене! Бул эмнелер? Капырай,— деп таңданды Чолпон.

Бүниса кемпир тырышкан жүзүн ого бетер тырыштыра жылмайды.

— Таңданба, Чолпон! Ушул кийимдерибизди колхоз музейине өткөрүп берели деп жатабыз. Парторгубуз Камилжан да, райисибиз Садык да суранды. «Ким элелер, ким болдунар? Ошону кийинки муундар көрүшсүн»

дейт. Азыр ошол кездеги кийген кийимдерибизди кийип көрүп, өзүбүзчө жаштык чактарыбызды эске түшүрөлү дедик. Сен буга таңданба, неберем.

— Сиз кийгендер кайдагы кооз кийимдер, таене? — Чолпон суктана тиктеп туруп, анан таятасы жакка жүз бурду, кыйкырып жиберди, — Ии, таятамдын кейип кантет? Уят эмеспи? Хи-хи-хи. — Чолпон алакан чаап күлдү.

Бүниса кемпир түшүндүрүп кирди:

— Бир кезде биз экөөбүз дал ушундай эки бөлөк адамдар болуучубуз: мен зор байдын кызы элем, эл эркелете «Баян сулуу» деп айтышчу мени. А таятаң болсо, менин атамдын малайы эле.

— Мага алар тууралуу айткан эмес элеңиз го?

Бүниса Чолпонду жубата сүйлөдү:

— Сен мурда жаш элең. Эс тарткан соң аптекачылыкка окуп, шаарга кеттиң. Эми уксаң болот. Баарын айтып берем.

— Айтууга болбосо, айтпай эле коюң.

— Айтпай турган нерсе жок. Уксаң: менин атамдын короо-короо малдары, сугат жерлери болгон. Эшигинде чайрекерлер, мендикерлер иштечү. Пахта, шалы, зыгыр, күнжүт эктирип, түшүмүн шаардык Ысмайыл деген сүткөргө өткөрчү. Сүткөр аларды өз ишканаларында кайра иштетип андан ары чайкап саттырчу.

— Ишканалары да бар беле? — Чолпон таңданып сурады.

— Ооба. Лата заводунда пахтаны чигитинен тазалатчу. Май жубаздарында алиги эгиндердин майын чыгартчу. Ак жубаздарында шалыны күрүчкө айландырчу. Ал турсун бөз, шайы токуй турган ишканалары да бар эле.

— Оо, Фабрикант турбайбы?!

Бүниса кемпир өз сөзүн узата берди:

— Ошо кубаттуу адам менен байланышың абдан чындоо үчүн, атам мени 16 жашымда 55 жаштагы Исмаил сүткөргө төртүнчү аялдыкка берген.

— Оо! Ушундайбы? Буржуйка да болуп калдым деңизчи, таене?

— Кандай десең да болот.

Чолпон эзелки ачык, шайыр мүнөзү боюнча кыйкырып жиберди:

— Ай да, таене! Кымбат кийимдер, алтын-күмүштөр баары бардыр сизде?

Бүниса кемпир ойлуу жер тиктеп, башын ийкеди.

— Туура айтасың, баары бар эле...

Чолпон тамашалуу көзүн аңтарып, кыялдануу белгисин көрсөттү.

— Мен азыр сизге суктана баштадым. Кудай ошо байлыктардын анча-мынчасын эле мага берген болсо, кандай гана бактылуу болор элем!

Бүниса кемпир жасалма күлүп, какшыктуу баш ийкеди.

— Эмне, андай болбой калдыбы?

— Байлык канчалык көп болсо, ошерде жырткычтык да ошончолук күчөйт экен.

Чолпон мунун маанисин түшүнө бербей, таңданып сурады:

— Эмне үчүн?

Бүниса кемпир ойлоно түшүп, анан сүйлөдү:

— Исмаилдин мага чейинки аялдарынан үч кызы, эки уулу бар экен. Тим эле бирин бири жарып салууга даяр. Ушунун баары мурас үчүн, атасынын артында калар байлыгы үчүн...

Чолпон таенесинин бырыштуу ак жүзүнө тиктеп туруп айтты:

— Ошол чоң байлыктан сизге да тиешеси бар беле, таене?

— Албетте! — кемпир ойлоно түштү, анан айтты. — Бирок жүрөгүмдө башка нерсе турчу, байлык эмес...

— Ал эмне эле, таене?

— Албы? — деп Бүниса кемпир бир аз мукактана түштү. — Ал тээтиги абышка — сенин таятаң болучу. Миңбай анда кара тору жаш жигит эле.

Чолпон шашып сөз кошту.

— Ал малайыңар тура, кулуңар тура?

Бүниса кемпир ойлуу токтоп, анан ишенимдүү айтты.

— Антсе да анын азаматтыгына берилип калгамын.

Кемпир көзүн жумуп, тунжурай түштү. Анын боз чала баштаган көз алдынан алда качанкы окуялар чубашып өтө баштады.

* * *

...Баканга керип байланган жаш Миңбайды эки басмачы сабап жатышат. Андагы шөкүлөлүү кыз Бүниса аркы дубал бурчунан шыкаалап тиктеп турган.

Быжыгыр кара сакалдуу кор башы эки басмачыны токтотту.

— Сен, Миңбай, активдердин чогулушуна катышкан

турбайсыңбы, комсомолсуң да. Бизди бай-бийлерди, жер-суудан мал-мүлкүбүздөн биротоло ажыратабыз деп камданып атышат имишко. Туурабы?

— Мен эч нерсе билбейм. — Миңбай азаптан онтойт.

Канталаган көздөрүн жалтылдаткан корбашы ызырынып сурайт:

— А мен билем! Кулакка тартылуучу адамдардын тизмесин, алардын жер-суусун жазган имиш. Кимдерди тизмеледи? Кимдердин жерин алмак болду?

— Корчубай корбашы, мен аны билбейм,— деди Миңбай онтоп.

Корбашы ого бетер күчөндү.

— Жакшылыкча айтсаң, бир куржун алтынды алып, сени жан жигитим кылып, Меккеге жөнөп кетем. Биерге сасыган кул болуп жүрбөйсүң. Ыйык ажы болуп кайтасың, адамдар этегиңди өбөт, алдыңда жүгүнүшөт — бүт өмүрүң урмат-сыйда өтөт.

— Ажы болбойм, жөн эле адам болом,— деди жаш Миңбай.

Корбашы баягы оюн кайталайт:

— Анда тизмени айтып берип кутул. Ансыз мен сени кыйнап өлтүрөм, анткени — сен балчайбектердин кызыл аскеринде кызмат кылгансың.

— Өз өкүмөтүмдүн сырларын айтууга акым жок,— деди Миңбай тиштенип.

Корбашы аны мыскылдуу кекетти:

— Комсомолсуң да ээ? — Басмачыларга кайрылды. — Бир аз жөн койгула, ойлонсун. Бизге азыр анын өлүмү эмес, сөзү керек. Ошондо да айтпаса, башын кесип, тиги аңгекке көөмп салабыз.

Басмачылар байлануу Миңбайды таштап, наркы үйгө кирип кетишти.

Шөкүлөлүү кыз негедир буулугуп, өзүнчө кобурады. Ал зомбулукту, тиги Миңбайдын тартып жаткан азаптозогун көрүп турган. Кыз эңилип, байлануу жигитти шапа-шупа бошотуп жиберди.

Миңбай аксап туруп, кызды тиктеп калып, эңилип таазим эттн:

— Ырахмат, Баян сулуу. Адамгерчилигинди эч качан унутпайм. Кош сулуу.

Кыз ажарлуу жылмайып үндөбөдү.

Жигит жыла басып, көздөн далдаланып кетти...

* * *

Бүниса кемпир бир паста алыска кеткен кыялынан кайтып, мандайында сөз күтүп турган кагаздай жука, ак жүздүү небереси Чолпондун курч кара көздөрүнө тигилип туруп, сөз улады:

— Кийин Исмаил суткор кичи зайыбы катары мени ээрчитип Турцияга качмак болду. Жаңы заман аны кекиртектен алып, муунта баштаган эле — жер-жерлерде кедей-кембагалдардын бийлиги ожалып бараткан.

— Чет элгеби? — деп Чолпон чочуп кетти. — Чет элге качам дедиби?

— Ооба, чет элге. Бирок мен анын алтын-күмүшүнүн баарына түкүрдүм да түн ичинде качып чыктым — эркекче кийинип. Тоо арасынан — басмачыларга каршы күрөшүп жүргөн Миңбайды издеп таптым. Тез эле баш коштук. Оор турмушту акырындап жеңе баштадык. Мен жаңылган эмес экенмин, алтын-күмүшсүз да бактылуу болдук, дыйканчылык менен нан таап жедик, бала-чака өстүрдүк. Мына сен сыяктуу ондогон небере-чеберелердин чоң ата, чоң энелери болдук.

Бүниса кемпир да, Чолпон да ойлуу токтоло калышты.

— Кой, кемпир көп жоораба,— деди Миңбай чал тынчтыкты бузуп,— Мен алыш башына кетейин. Мурапка азыр бир пас тынч отуруу кайда.

— Мейли, кет. Сууңду, дагы бирөө жыга тартпасын.

— Музейге берер буюмдарыңды тартиптештире бер. Раис Садык менен парторг Камилжанды баш кылып, музейчилерди чакырабыз.

Чал сыртка бет алды. Аны ээрчип, Чолпон да кетти.

Бүниса буюмдарын илип-түздөп жүрүп, өзүнчө сүйлөнөт:

— Бу кийимдерди кийбегениме канча гана жылдар өтпөдү?.. Антсе да буларды көргөнүмдө, ошондогу жаштыгымды көрөм. Кайран гана гүлгүн жаштыгым...

Дал ушундай учурда Тумалай кирип келип, салам айтып, Миңбайды сурады да, анан тиги кийим-кечекти көрүп, тандана түштү.

— Ой, Бүниса жеңе, баягы кийимдериңизди илип жаштыгыңызды эстеп атасызбы? Тиги Миңбай акемин кийимдериби? Ха-ха-ха! Бирөө көрсө уят эмеспи?

— Эмнесине уят болсун? Музейге даярдап атабыз. Сен өзүң эмне даярдап берейин деп жатасың, Тумалай?

Тумалай калпагын алып, соксойгон башын кашылап туруп айтты:

— Мен баш-аягын ойлойм. А сиз тим эле кыйкырып атпайсызбы, музей түзөт экенбиз деп, демек — сиз даярдай бериниз.

Бүниса кемпир тандана түшүп, Тумалайдын куба жүзүнө тигилди.

— Ал эмне дегенин? Түшүндүрө айтчы, кудай жалгагыр.

Тумалай кабак бүркөп, ишенимдүү айтты:

— Минтиш күнөө болот. Кудай эмнени ыраа көрсө, ошого шүгүр келтиришибиз парыз. Ал — кудайдын амири. Эми аны пенделердин алдына сүйрөп чыгып, не кылмакпыз? Бири «а» дейт, бири «бу» дейт, мунун өзү бизди күнөөгө батырат.

Бул жагын эсине албаган Бүниса тандана түштү:

— Ушундайбы?

Тумалай жандана калды:

— Ананчы! Биз мусулман пенделерибиз, жеңе. Аны түк унутууга болбойт. — Тумалай дубалга сүйөнө отурду. — Андан калса, сиз байдын кызы болгонсуз, сүткор Исмаилдын көрөр көзү элеңиз, ушулардын баарын жаштарга көрсөтүүдөн кандай пайда табасыз? Өзүңүздүн бүгүнкү кадыр-баркыңызды өзүңүз булгап албас бекенсиз? Небере-чеберелериңизди бирөөлөр, балким, мыскылдаар. Жаман сөздөр чыгарыштары да мүмкүн. Ойлонуң, Бүниса байбиче, ойлонуң.

Бүниса көпкө чейин туруп калып, анан көбүрөп айтты:

— Ырас айтасын, Тумалай. «Эл оозу — элек» дейт. Бир тешигинен болбосо, бир тешигинен сөздөр чыгып кетиши мүмкүн да. Кой, күнөөгө батпайын. Музейи курусун.

Тумалай жандана түштү, кемпирди колдон ала силкилдетти:

— Мына-мына жеңе, эми акылыңызга келдиниз. Ха-ха-ха!

Тумалай дагы далай сөздөрдү жоорап-маарап айтып, коон башын соксоң эттире сүйлөп, көптөн кийин кетти.

Бүниса кемпир дагы ойлонуп, анан бекем жыйынтыктады:

— Тумалай туура айтат, өз этегимди өзүм ачып, шерменде боломбу? Кой, музей-пузейинди койдум.

Кемпир буюм-кечесин жыйнаштырып, баягы эски чоң чабаданына шашылыш тыга баштады.

III

Дурия кемпир төрдө чалгы менен тери өндөп отургында, босогону аяр аттап, Тумалай кирип келди, бир нерсе айтууга батына албагандай, селейип токтоло калды.

— Ии, Тумалай, кел. Неге токтодуң? — деп баш көтөрдү Дурия.

— Алда качан унут болгон ишти кылып, тери өндөп отурганың кандай, Дурия? Таштасаңчы ушуга окшогон ашыкча мээнетинди. Дүкөндө кийим-кечелик чыт азбы?

Дурия өз ишин токтотпой, Тумалайга кескин жооп берди:

— Парторгубуз Камилжан тапшырды: жакшы тон, өпкө жабар, жаргак шым, малакай тигиңиз — музейге коебуз дейт. Ата-бабабыз пайдаланган кийим-кечегибиз дейт.

Тумалай өзүн күчтөп, жасалма каткырды:

— Ха-ха-ха! Сен тоту кушсуңбу?

— Ал эмне дегениң, Тумалай? Раис Садык да айтты.

Тумалай арык манчаларын кылычтап сүйлөдү:

— Тигине, Бүниса «музейинерге илгерки кийим-кечелерин бербейм» деп тике айтыптыр. Миңбай чал үгүттөй албай, жалбарып отурат, ха-ха-ха. Ал көптү көргөн кемпир. Бекер анткен жок! Сен да ойлон, Дүрүш.

Дурия таңдана тиктеп, кызыга сурады.

— Эмне үчүн Бүниса байбиче антиптир?

— Бир билгени бардыр да. Андан өзүң сурап ал. — Тумалай кайсандап, анан ишенимдүү айтты. — Раис айтса, парторг айтса дароо көнөсүң. А мен айтсам, көнбойсуң. — Тумалай таарынгансып терс басты.

— Сен эмене айттың эле? — деп таңданды Дурия.

— Көңүл ишинен сөз айтып жүрбөймбү.

— Эмиби? Карып бүтүп, кайнап-соолуганыбыздабы?

Тумалай актанууга аракеттенди:

— Көптөн бери эле айтып келатпайымбы. Кээ бир түндөрдө, Дүрүш, кирпик какпай таң атырам: аны ойлойм, муну ойлойм, аягында сени ойлойм. А сен түк жумшарбайсың. Билсең, Дурия, бала өзү менен экен, карышын жаны өзү менен экен. Өх!

— Аябай буулуккан окшойсуң, Тумалай?

— Жалгыз иним шаарда. Барып калсам, бапырап кабыл алышат. Бирок бир-эки күн арак чыдайм. Кайра кайтам. Жалгызчылыгым кайра башталат.

— Атаны байкуш ай, арманың аттын башындай бейм.

— Қагылайын Дурия, «эки жарты бир бүтүн болсок» дейм. Жалгызчылык жаныма батты.

— А менчи? Жалгыздыкты 40 жылдан бери — Курманым согушта каза болгондон бери тартам. Менин шорум сеникинен кем эмес экенин көрдүңбү, Тумалай? — Дурия бышактап ыйлап жиберди. Кууланган Тумалай тигинин башын кучактап, тигиге кошо бышактады.

— Мен сени кыз чагыңдан бери... Же жалганбы?

Дурия шишимек көздөрүнүн жашын сүртүндү.

— Чын, Тумалай, чын...

Тумалай өткөндөрүн жаңыртып эске салууга аракеттенди.

— Айлуу түндө бак ичинде турган жок белек?

— Ырас, турганбыз, Тумалай, турганбыз.

— Баары чын болсо, бүгүн неге макул эмессиң?

— Ошонун баарына сен чыккынчылык кылгансың, Тумалай! — Дурия жанында коомай отурган Тумалайды түртүп жиберди. Тиги жыгылып кетти эле, Дурия тура калып, төшүнөн тээп туруп, чалгысын кезеп ызырынды. — Алдамчы Тумалай? Мойнуңду кыя чабайынбы ушул курч чалгы менен?

Тумалай жалтактап коркуп кетти:

— Ай-ай! Сабыр кыл, Дурия! Кудай бар...

Дурия кажынып унчукту:

— Кудай мени күнөкөр кылбайт. Пенделер айыптабайт. Ошондо сен арамга чыгарган ак сүйүүм үчүн өлтүрсөм болмок. Бирок... — Дурия чалгысын ыргытып, шолоктоп ыйлай баштады. Тумалай аны соолакка өттү.

— Қагылайын Дурия! Дүрүш. Ыйынды койчу.

Дурия көз жашын тыя албай, өпкө кага сөз улады:

— Шерт бузуп, молдонун кызына үйлөнүп кеттиң.

Тумалай желкесин кашыгылады.

— Себептери болуп...

Дурия ызалуу таңдана түштү:

— Өлүп калсаң гана себеп болмок. Тирүү жүрбөйсүңбү?

Тумалай актануунун жолун таппай, жандалбас кылды.

— Ошо... Ошо...

Дурия анын сөзүн бөлүп кетти.

— Сенин жашырын үйлөнүп алганыңды угуп, басмачылардын молдосунун кызына... күйүттөн улам... — Дурия ошо мүнөттөрүн эми кайра көз алдына келтиргендей тунжурай түштү. — Мен өлүүнү чечтим. Шар-

кыраган тоо суусуна бой таштап өлүүнү чечтим. Камшатка барып турдум. Салкын суунун шапатасы бетиме урат. Мен жаратылышка наалыш айтып, акыркы үнүм менен кыйкырдым. «Адамдардагы алдамчылыктардан көңүлүм калды. Ак сүйүүмдөгү ишенимден тайдым. Бул дүйнө мен үчүн капкараңгы болуп кетти». Дарыяга бой таштап өлүүдөн башка жол калган жок мага. «Кош, адилетсиз дүйнө!» Чыңырып дарыяга бой таштап жибердим. Ак көбүктөнүп мөңкүгөн муздак тоо суусуна шалп эттирип түшкөнүмдү бир билем. Андан наркысын билбейм...

Дурия токтоло калып, терең үшкүрүп жиберди.

— Ай-ай, Дүрүш, көксүң да. Анан, анан?..

Дурия көпкө чейин тунжурай түшүп, анан сөзүн улады.

— Бирок дүйнө мен ойлогондой капкараңгы эмес тура. Көзүмдү ачсам, кара мурут жигиттин кучагында турам. «Кагылайын карындаш, гүлгүн өмүрүңдү кыйба! Жашоо үчүн күрөшүү керек. Кааласаң, мына менин жигиттик ысык кучагым» дейт. Ал — менин Курманым экен. Кыскасы: экөөбүз баш коштук. Колхоз малын багып, алыскы жайлоолордо сонун турмушубуз өттү. Эки кыздуу болдук. Анан согуш башталып, кайран Курманым жоо бетинде каза таппадыбы... — Дурия терең үшкүрүп жиберди. — Качанкы унут болгондорду козгодуң. Эми ошондогу чыккынчылыгыңдын себебин айтчы, Тумалай?

Тумалай дароо тайсалдады:

— Кой, Дүрүш. Эми кимге кереги бар?

— Мага кереги бар! Алиги музейге жазып беремин: «Мени Тумалай ушинтип бактысыз кылган, убадасына туруксуз бетпак болгон» деп жазып беремин!

Тумалай чочуп кетти:

— Кантет. Жинди болгонсуңбу. Дүрүш?

— Сопсоомун. Жаштарга сабак болсун.

— Бирок аны айтууга болбойт.

— Айтууга болбос нерсе жок!

Тумалай шылкыя түштү.

— Себеби бар! Куран кармагамын, касам ичкемин!

— Дал ошонун себебин айтсаң!

Тумалай Дурияны ишендирип ийиш үчүн, арык манчаларын тарбайтып, эки колун көккө сунду. — Оо, көк асман, өзүң сакта! Мен куран алдындагы антымдан тайып кетпейин! — Тумалай эптеп кутула туруш үчүн, тура калып, сыртка качты. Дурия артынан кыйкырды:

— Тумалай, сен эми кутулуп кете албайсың. Мен сени баарын айтууга мажбурлаймын. Кара жер, көк асман мен тарапта! Акыйкат мен жакта...

IV

Чокмок кары менен анын байбичеси Чыныгүл ат жабдыктарын, килем-алакийиз буюмдарын керегеге илип, тартиптештиришип жүрүшөт.

Чыныгүл өзүнө өзү суктангандай сүйлөйт:

— Кандай кымбат буюмдар! Ушулар экөөбүздүн колубуздан чыкканына ишенгим да келбей кетет, абышка. Тим эле көз кайкыйт.

Чокмок буюмдарды эми көргөнсүп, тегерете тиктеп туруп айтты:

— Демек, өмүрдү бекер өткөрбөгөн экенбиз, байбичем.

Сырттан магнитофонун кыйкыртып Улан кирип келди. Ал кубанычтуу. Ийректеп укмуштай бийлей баштады. Чал-кемпир күлүп тиктеп турушту.

— Өх! Чарчадым, чаңкадым. Эй, товарищ бабушка! Максым алып чык! Бабушка!

Чокмок ишин токтотуп, Улан небересине тике карады.

— Бабушкаң «бутум» деп отурат.

— Анда, дедушка, сен куюп чыга койчу. Бол!

— Антиш өз колуңдан келбейби? Өзүң кире койбойсуңбу ичкери?

Улан чоң атасынын сөзүн жактыра берген жок.

— Аябай кераяк адам экенсиң, дедушка. — Улан ичкери кирип, кесе көтөрүп чыгып, аптыгып жутту. — Өх, жаным кире түштү.

Ал чөнтөктөрүнө колдорун тыгып үй ичинде нарыбери басты. Анан кемпир-чалдын буюмдарын көрүп, жийиркеничтүү тиктеп туруп айтты:

— Бу эски заразный седлолорду үйгө алып кирип эмне кыласыңар? Тфу! Вонючие...

Чокмок небересин эми көргөндөй көпкө тиктеп, анан айтты:

— Кереги бар. Колхоз музейин уюштуруп атат. Ар ким өз үлүшүн кошот. Биз бабушкаң экөөбүз ат жабдыктарын, килем-алакийиз даярдоо милдетин алдык.

— Эмне үчүн силер антесиңер?

— Ат жабдыктарын даярдоо, килем токуу илгертен биздин өнөрүбүз болгон.

— Силер өмүр бою дыйкан болдук дебедиңер беле?

Сөзгө арык Чыныгүл аралашты:

— Дыйкан болгонбуз, усулубуз да болгон. Дыйканчылыкты жүргүзүш үчүн эсепсиз көп буюм-кече, курал-жарак керек болгон. Аны дыйкан адамдардын көбү өздөрү жасап алышкан.

— Ай-ай-ай! Эми эски буурсундарды, седлолорду, мына бу эски кийиз-килемдеринди музейге коёсуңарбы?

— Ооба. Тиги кетмен, орокту да коебуз.

Улан мыскылдуу каткырды:

— Ха-ха-ха! Аны ким көрөт?

Чокмок чал ишенимдүү айтты:

— Эл көрөт. Силерге окшогондор — эски турмушту көрбөгөндөр көрүшөт.

— Жийиркенишпейби?

— Неге жийиркенет? Өткөнүн, бүгүнүн салыштырат.

Улан өзүнчө кейинген болуп, тармал чачтуу башын чайкады.

— Ай-яй-яй! Айыл адамдары карангысынар. Музей уюштурууну да билбейсиңер.

— Кана, жакшы билсең, айтып берчи? — деди Чокмок.

Улан толкундануу менен айта баштады.

— Музей деген сонун болуу керек. Адамды таң калтырсын. Шикарный буюмдар зарыл. Маселен, Африкалык жыландын терисинен жасалган сумкалар, япондук магнитофондор. Тээтиги...

Чокмок чал какшыктады.

Оо, жакшы-жакшы. Индиядан бир пил сатып келип да байлап койсок ээ?

Улан ырас эле ишенип, чалга кол узатты. Аны силкилдетип жатып чочуп кетти:

— Эй, дед, манжаларың эмне болгон? Бүкүрү го?

— Э, балам, мен да тап күрөшүнө катышкамын.

— Оо! Басмачылар менен кармашкансыңбы?

— Ооба, кармашкамын. Башка коогалуу шарттар да болгон...

Улан заматта өзгөрүлүп, кыжырлуу сүйлөй баштады.

— Эх ты, дедушка, ошондо сен боксту жакшы билсең, басмачылардын көргүлүгүн көрсөтмөксүң! — Улан ринг абалына келип, абаны муштады. — Бокс: раз, раз, раз. — Энтигип токтоло калды. — Мына! — Санай баштады бир, эки, үч, төрт, беш. Мына! Беш басмачы сулап калмак, калганы дыр коюп качмак. Баатыр болмоксуң! Дедушка, орден алмаксың. Кап!..

Кемпир-чал күлүп турушту. Анан чал сөз кошту.

— Орденди дыйканчылыкта иштеп эле алгамын.

Улан нары бери басып туруп, анан ээр-токулганын жанына токтолду.

— Дедушка, ушу седлонун бирин атка кийгизип бер-чи, мен атка отуруп алайын.

Чокмок чал өкүнүчтүү баш чайкап, аргасыз күлдү.

— Ээрди кийгизбейт, токуйт. Атка адам отурбайт, минет.

Улан бу сөзгө маани бербей, башын экчеп койду.

— Баары бир чорт эмеспи.

— Черт эмес, асман жердей айырмасы бар. Кыргыз-ча сүйлөсөң, таза сүйлө: оку, үйрөн.

Шаардан келген бул небересинин жорук-жосунуна таң калып отурган Чыныгүл кемпир акыры сөз кошту.

— Атаң Болот сендейинде эле, көп окуп, көптү бил-чү. Мына эми окумуштуу. А сенин окууга көңүлүң де-ги жок окшойт. Улан балам?

Улан сүйүнүп кеткендей, токтоосуз жооп берди:

— Кылдай да. Папам тарых факультетине өткөрдү. Китептерин ачсам, миң жылдар мурда өткөн окуялар... адамдар... Бүгүн мен аларды тирилтип жибере албаган соң, окуп-жаттап эмне кылам? Ошентип китепти жаап салып, ышкырып басып кеттим. Туура кылыптыр-мынбы, бабушка?

Кемпир эмне дешин билбей, аргасыз тиктеп турду. Улан сөзүн улады.

— Кийинки жылы мамам жүгүрүп жүрүп, инженер-лик факультетке өткөрдү. Формулалар, диограммалар, схемалар... Алардан эмнелер чыгарына көзүм жетпе-ди. Башым челек болгондо, туруп кеттим. Туура кылып-тырмынбы, дедушка?

Чокмок чал ойлуу тиктеп калып, анан айтты:

— Окуудан кол үзсөң, деги көңүлүң эмнеде?

Улан ылжыйып күлүп, тике сүйлөдү:

— Үйлөндүрүп койсоңор дейм, дедушка.

Чал эң алдын күлүп, небересинин уят-сыйытты, ий-менүүнү билбегенине таң калып, анан чындап сурады.

— Катында багып алууга кудуретиң жетеби?

— Мамам менен папам, анан силер турбайсынар-бы — дедушкам менен бабушкам — төртөөңөр сүйгөнүм экөөбүздү багып албай, өлүпсүңөрбү?

Чокмок кабагын түйдү. А кемпир аргасыз сурады:

— Макул, сүйлөшкөн кызың барбы?

— Любоюн машинага басып келсек болот да, ба-бушка.

Чокмок чал кыйкырып жиберди:

— Болбойт! Катын алуу — отун алуу эмес! Мен сени, эгер бул кыштакта кала берсең, кыргыздын салты боюча үйлөндүрөм. Зордоп ала качууга болбойт. Ал — алсыз жаман жигиттин иши. Кыздын көңүлүн жеңе албагандар ала качат. Андай арсыздарды аябай согуу керек!

— Ала качуу да элибиздин салты да.

Чокмок кыйкырып жиберди:

— Бекер айтасың! Кызды зордоп ала качып кетсе, эки айылдын, эки уруунун арасында зор жаңжал чыккан — эр өлгөн.

— Анда ала качууну ким чыгарган?

Чокмок чал көкүрөгүн муштап жиберди:

— Мага окшогон чала сабат активдер чыгарганбыз.

Улан чоң атасынын ачууланган жүлжүгүй көздөрүнө тигилди:

— Капырай, ал эмне дегениң, дедушка?

Чокмок кызуулануп айта баштады:

— Жаңы заман келген соң, эскичиликке каршы күрөшүү керек десе, биз жакшы-жаман салтыбыздан баарына күрөшкөнбүз. Маселен, динге каршы күрөш десе, диндин зыяндуулугун элге түшүндүрүүнүн ордуна, такаба адамдарды камаганбыз, кооз мечиттердин имараттарын кыйратканбыз. Уул үйлөө, кыз узатуу сыяктуу элибиздин жакшы салттарына да чабуул койгонбуз.

Чал мүдүрүлгөндөй токтолуп калып, анан саал токтоо сүйлөөгө өттү.

— Көрсө: акылман Ленин жаман салттарга каршы күрөшкүлө, жакшыларын өркүндөткүлө деген экен. — Чал ойлуу токтолду. — Ырас, анда байлардын кедейлерге бербеген кыздарын ала качканбыз. Аны колдоого аргасыз элек. А бүгүнкү жаштар эмне үчүн ала качууга тийиш? Андай арсыздарды согуу керек! Ошолордун бири сен экенсиң, Улан неберем... — Чал диртилдеп кетти.

— Ой, анда мен катынсыз каламбы? — деди Улан ырас эле чочулап.

— Татыктуу адам болсоң, сенден кыз качпайт, сени ээрчийт.

V

Нурия Назарды жулкулдатып үйүнө сүйрөп кирип, ачууланып кыйкырды:

— Карыганча акылың кирбес болду го? «Музейге

сүрөтүм коюлат экен» деп, элдин көзүнчө кыйкырасың да? Тумалай капталыңдан нукубаса, таза шерменде болмоксуң!

Назар актанууга аракет кылды:

— Ой, Нурия, сен Тумалайга жам тартпа. Ал кыйраткан жок!

— Кыйратпаса дагы өз этегин өзү ачпай, тим турат экен. А сен эмнеңди койдурмаксың? Комсомол билетиңди өзүң кайра тапшырып ийгениңдиби? Же минткениң жалган беле?

Назар башын шылкыйта, желкесин кашыланды:

— Ырас. Өкмөт жаңы саясат — НЭП саясаты деп, байып кетүүгө руксат берип ийбедиби. «Комсомолчулар менен партиячыларга байып кетүүгө руксат жок» дешкенинен, «ушу комсомол билетинен көрө, 30—40 кой багып алганым пайдалуу эмеспи» дебедимби. Кийин азабын тарттым го. Көрсө, кысталакты, жаңылган экемин. Эми өкүнөм, Нурия байбичем.

— И-и, анан! — деп кыстады семиз Нурия.

Назар ойлуу сөз улады:

— Анан байып кетип, кулактарды тап катары жойгондо, камалып кеттим.

— И-и, билет турбайсыңбы,— деп табалады Нурия.

Назар семиз Нуриясын кучактамак болду.

— Кекетпечи. Авактан бошогон соң, колхозго кирдим го.

Нурия аны ары түрттү:

— Мен колхозго кирип алган үчүн аргасыз кирдиң. Болбосо, дагы бир жакка качып жүрүп беришиң мүмкүн эле.

— Антмек эмесмин. Кекетпе!

— И-и, андан кийинки жоруктарыңчы?

— Эч кандай жоругум жок!

Нурия зекип тиктеп туруп айтты:

— Согуш жылдарында качкын болуп кеткениңчи?..

Назар Нуриянын оозун алаканы менен баса калды.

— Кантесиң, Нурия? Бирөө укпасынчы.

— Түштөн кийин намыстанбай эле кой. Элдин баары эле билет.

Назар желкесин кашыланды.

— Ырас, жан ширин экен, согушта өлүп калбайын деп, качып бергеним чын. — Назар кайра жанданып сүйлөдү. — Бирок бир жылдан соң эмгек батальонуна жөнөп кетпедимби.

Нурия зекип туруп айтты:

— Мен ажырашам деп коркуткан үчүн ошенттиң. Болбосо сен...

Назардын айласы түгөнгөндө Нурияга жалбара сүйлөдү.

— Токточу эми, Нурия. Биртке мээмди тоокчо чукулап жеп, биротоло бүтө турган болдуң го.

Нурия аны аяган жок, кайра кыстап сурады:

— Сүйлө, музейге эмненди айтып бермексиң?

Назар сестене түшүп, кайра сурады:

— Тиги Миңбайлар эмне жазат болду экен? Эмне беришет экен?

— Миңбайлар, Чокмоктор байлар менен басмачылар менен кармашып күрөшкөн. Жер-сууну, мал-мүлктү тап душмандарынан тартып алабыз деп кан төгүшкөн. Колхоз уюштурушкан. Дыйканчылыкта өмүр бою талыкпай иштешкен. Ордендери бар...

Назар сөз табалбай ойлуу токтолду. Анан терезе аркылуу сыртка карап, боору эзиле күлдү.

— Ха-ха-ха! Тиги сен мактаган Миңбайды карасаң, карыганын билбей, кемпирин имере тартып өөп атат. Ха-ха-ха! Кемпирин таарынтып алган бейм, ха-ха-ха.

Нурия анын себебин түшүндүрө сүйлөдү.

— Кемпири Баян сулуу мезгилиндеги кооз кийимдерин музейге бербейм деп атыптыр.

Назар таңдана тиктеди.

— Бүниса «баарын беребиз» деп кыйкырып атпады беле?

— Бир адисе болуп, эми айнып атат имиш.

— Ошентсе эле карыган кемпирин эл көзүнчө өпкүлөй береби? Бу шарияттa күнөө.

Нурия мыскылдуу айтты:

— А сен жигит чагында да өпкөндү билген эмессиң.

Назар чочугандай, эткел кемпиринин кызыл жүзүнө тигилди.

— Ой, мен өпкөндү билген үчүн уул-кыздуу болдук да.

— Кыз чагымда да өбө алган эмессиң.

Назар мукактана түштү. Коптуу тиктеди.

— Атаң кудалап, мени көшөгөгө киргизип бергенге чейин жүзүмдү көрбөсөң, кайдан жүрүп мени өпмөк элең? Хи-хи-хи.

— Астапыралда! — Назар өзүн аран токтотту. — Муну менен айтарың не?

Нурия жай да, ойлуу да улантты оюн.

— Айтарым: азыркы жаштардай эркин сырдашып,

алдын ала кимдигинди билген болсом, сага өлсөм да тиймек эмесмин.

Назар жаны чыгып кетердей чекчейди:

— Ушундай де? Мен да сени алганыма өкүнүп жүрөм. — Ал нары бурулуп басты.

— Эмне үчүн? — Нурия артынан ээрчиди.

— Теги пас жердин кызына үйлөнгөнүмө өкүнөм.

Нурия кемсине түштү, ызасы башына тээп чыкты.

— Ушундайбы? — Анда ажырашып эле алалы?

Назар жактырбай:

— Көк ала сакал болгонумдабы?

Нурия күчөп өмгөктөдү:

— Ажырашып, сакалынды куудай агартамын эми.

Назар артыкчылыгын көрсөтүп, басмырламак болду.

— Талагынды бербей койсом кантесиң? Ха-ха-ха!

Нурия андан бошошкон жок.

— Ошол элеби? Анын жолун мен опоңой табам.

Нурия жулунуп жөнөдү эле, Назар чочуп алдын тосту.

— Айланайын Нурия! Карыганда мени үйүрдөн калган карт айгырдай кылбачы. Айтканың менен болоюн, айдаганың менен коноюн.

— Анда үйдөн жылбай отур. Музейге бир неме берем дебейсиң.

— Жоок, мен жолдош-жородон акыл сурайын. Алар музейге эмнелер жазып атышат, билейин. Анан мен да...

— Сен эч нерсе жазбайсың. Сенин акмакчылыктарыңды жазып, илгеркибиз аз келгенсип, бүгүнкү жаштарга дагы бир жолу шерменде бололубу? Уул-кыздарыбыз, небере-чеберелеribиз намызга жыгылышпайбы?

Назар өз ишенимин кое берген жок.

— Ой... Ошо менин жаңылыштыктарым бүгүнкү жаштарга чоң сабак болот...

Нурия буркан-шаркан түшө баштады:

— Сенин ошо сабактарың кара жерге кирсин. Эстесем эки бетим кызарат.

— Мен эркекминби, жокпу? «Барам» дедимби, барам!

— Сен алда качан эле эркек болбой калгансың... — Нурия эрин колдон жетелеп бурчка отургузду. — Былк этпей отур көргүлүгүндү көрсөтөм.

Назар бууракандап жибергенин өзү да билбей калды.

— Өмүр бою сенин кулуң болдум, кор болдум.

Нурия сыртка кетип, эшикти бек жаап, чоң кулпту илди.

VI

Бак түбүндө Чолпон менен Улан экөө. Экөөнүн ымаласы жакындашып, сүйлөшүп отурушат. Уландын мүнөзү өзгөрүп, бир аз толкунданып да калгандай.

— Мен апамдын жалгыз уулумун да — апам менден эч нерсени аябайт. Эл американский джинсинин бирөөнө жетпей жүрсө, апам мага үчөөнү сатып берди. Мен импортный туфлийлерди гана кийем.

Чолпон алдыртан жылмайып, суктанып койду:

— Оо, укмуш!

Улан дагы эркин түштү.

— Өткөн кышта миң сомго дубленка сатып берди апам.

Чолпон какшыгын ачыкка чыгарды.

— Мен сага суктана баштадым, Улан.

Улан да ачыкка өткүсү келип, саал энтигип сүйлөдү:

— Апам экөөбүз үчүн баарын жасайт: беш бөлмө үйүбүздүн экөөнү бизге бөлдүрүп, кооз мебелдер менен толтуруп таштайт.

Дал ушул учурда Уландын шаардан келген досу Бекет көрүнүп, бирок сөз тыңшаш үчүн бакка далдаланды.

— Ушундай дечи?.. — деп Чолпон, кызыга баштагансыган түр көрсөтүп койду. Улан чындап ишенип, көтөрүлүп баратты.

— Апамдын вкусу абдан жогору! Сени жарашыктуу кийимдерге ороп, королева кылып коет.

Чолпон ачык какшыктады.

— Оо... Көзүм электене түштү.

Улан бүт картасын ортого жаюуга шашты.

— Жеңил машинабыз да бар.

Чолпон нары басып, кыйналыңкы унчукту.

— Өх! Думугуп кеттим.

Улан мунун түз маанисине түшүндү.

— Эмне думуктуң, Чока?

— Мещанствонун атмосферасынан...

Улан баятан берки какшыкты эми түшүнүп, саал этияттанды.

— Эмне, сенин жакшы кийингиң келбейби?

Чолпон токтоосуз жооп берди.

— Келет. Бирок күнү-түнү аны зарлап ойлобойм.

Улан өз оюн бекемдөөгө аракеттенди.

— Адам жакшы кийип, жакшы жеп өтүү керек да. Же...

Чолпон өз оюн бекемдөөгө аракеттенди.

— Адамдын идеялы буюм-кече болуп калса, ал алыс барбайт.

Улан суроолуу тиктеп, анан сурады:

— А сен идеалың эмне?

— Адамча жашап, адамча өтүү.

Тиги буга дароо эле макул боло койгон жок.

— Бул сөздөрүң өтө абстрактуу.

Кыз жигитти үгүттөп, өз оюна ишендирүүгө аракеттенген жок.

— Түшүнсөң, түшүнбөсөң да — ошо. — Чолпон нары басты.

Улан кыздын артынан ээрчиди.

— Айтмакчы, пахта теримн башталганда, терим комбайнын айдайм дединби? — Башка сөзгө алаксытмак болду, ыңгайсыз абалынан чыгып кетүү аракетин жасап.

— Ооба, айдайм. Өткөн жылы да айдагамын.

— А аптекачы? Аптекарсың го?

Шерик кызым ишпеп турат.

Улан ойлуу токтоп, анан айтты:

— Эмне, даңк алайын дейсиңби?

— Тим эле, турмушка такшалуу...

— Түшүнбөйм, кыйналуунун кереги не?

— Неге кыйналам, деним сак. Башымда ой. Жүрөгүмдө эңсөөлөр... — Чолпон нары басып, өз жүрөк ырын ырдай баштады.

Кайдасың эңсегеним, кайдасың сен?
Көкөлөп бийик учсам табамбы мен?
Жүрөгүм кусаланат күтүп күн-түн,
Белги бер, мейли көктөн, мейли жерден...

Жөнөйүн издеп учуп, шамал минип,
Өтөйүн деңиздерден көктү тилип.
Жазарсың сен да жылуу кучагыңды,
Аңкаткан эңсөөмду калсаң билип.

Сыркоомдо дабаа табаар жетик кайда?
Көкөйдүн сырын ачар тетик кайда?
Түткүндап кыялымды кусаланткан,
Мен күткөн белгисиз жан кайсы жайда?..

Чолпон ырын токтотуп, бирок баягысынан да ойлуу болуп калды.

— Кетем,— деди кыз жөнөп.

— Кайда барасың, Чолпон?

Чолпон узап баратып, кылчайып айтты.

— Мастерскаяга, терим комбайнынын ремонтуна

катышып атпайымбы. Башкы инженер Тагай агайыбыз күтүп калбасын. Ал киши абдан талаптуу. Бирпас кечиксем кечирбейт.

— Мен да барсам болобу? — деди Улан күтүүсүз жерден.

Чолпон маани бербей сүйлөдү:

— Анда кылар ишиң жок. Анда — техника...

Улан кызды узатпай, өз оюн айтып калууга шашты.

— Техникадан кабарым бар, апам шоферлукка окуткан. Ишенбейсиңби? — Қолтук чөнтөгүнөн кагаздарын сууруп алды. — Мына күбөлүгүм.

Чолпон бир ишенсе, бир ишенбей, кызыкчылык үчүн, кайра басып келди.

— Оо, бул ишиң мага жагат. Дурус-дурус.

Уландын сүйүнүп кеткени байкалат эле.

— Ремонтуна жардам берем. Чока. Мүмкүнбү?

Чолпон ойлуу боло түшүп, анан кескин айтты:

— Жок. Ким кандай түшүнөт.

Улан ичи сууп, сыртынан мустарап боло түштү.

— Макул, кете бер.

— Кетпегенде, сага байланмак белем.

Чолпон эми айланчыктабай, тез-тез басып кетип калды.

Қыз кетери менен бактын далдасынан сөз тыңшаган Бекет чыкты. Ийнине түшкөн узун чачын силкип, Уланды тике эле адамсынтпай сөз баштады.

— Улан болбой куруп кал десе. Қыштактык мырканын алдында «жардам берейин» деп жалбарасың да? Көнбөй койду го? Жүр, кетебиз шаарга. Башка кыз таап берем сага.

Улан өскүлөң кашын жыйырды.

— Сенден кыз сураганым жок го, Бекет?

— Эмне, ушу мырканы сүйүп калдыңбы? Ха-ха-ха.

— Ал жагын териштирбечи...

Бекет күрпүлдөп, буйрук бере сүйлөдү:

— Биротоло кетебиз шаарга. Даярдан.

Улан тигиге тик карап туруп, анан ойлуу айтты:

— Чоң атам мында биротоло кал деп суранат.

Бекет муну түк күтпөгөндөй, бейпарбаа сүйлөдү:

— Қыштакта зеригип өлбөйсүңбү?

Улан ойлонуп калып, анан жер тиктеп турду.

— Экөөбүздүн шаарда калганыбыз деле кайсы, Бекет?

Бекет сестене түшкөнсүдү.

— Заводдун станогунан корксок, бир объектиге

түнкү кароол болуп алсак да, кыздарды киного чакырууга жетет. А мында ошо кыз да жок.

Улан бул ойго дароо макул болгон жок.

— Неге жок? Азыр эле ырдаган Чолпонду укпадыңбы?

Бекет жактырбай, терс кол шилтеди.

— Э, кой. Азыр минтип ырдабайт. Азыр ритмдердин заманы, диң-диң-диң. — Бекет кыйшандап бийледи. Анан токтоло калып айтты: — Айтмакчы, Айдар жездемдин кошунасы Шарапат деген кыз менен таанышып калдым. Фермада саанчы экен. Ойсондоп мага жам тартып калды. «Ушу кыз менен тил тап, үйлөндүрүп коем» дейт жездем. Анын максаты, мени да, кыштакка биротоло калып калса дейт. Кыз мени бир күнү фермасына ээрчитип барды. Шаа мүйүз уйларды саайт экен, түк коркпойт. Ошо уйлардын жоон моюн эрин көрүп, жүрөгүм чыкты. Көздөрүн аңтарып тиктейт.

Улан шакылыктап күлдү.

— Ха-ха-ха. Уйлардын эри дебейт, өгүз дейт аны.

Бекет буга күбөлүк бербеди.

— Жо-ок! Башкача айтышты.

Улан ойлоно калып, анын оюна кошулду.

— Айтмакчы, бука дейт. Бука.

— Ооба-ооба. Тогуз мөөрөйт экен. — Бекет буканы тууроого аракеттенди. Мө-мө-мө!..

— Ха-ха-ха! Буканын өзүндөй. — Улан күлкүсүн токтотуп, анан айтты. — Ошо Шарапат менен жакындаш.

— Сен өзүң жакындашпа алиги Чолпон менен. Ага алаксып, тер жыттанган чалдардын арасында биротоло калып кетесиң. Угуп жатасыңбы, кыштакта калып кетесиң.

— Неге тер жыттанат дейсиң? Маселен, дедушкам бир күндө намазга деп, беш жолу жуунат экен: бети-башын, буту-колун. Ал турсун... — Бекеттин кулагына шыбырады, экөө тең аңги каткырышты. Ха-ха-ха!..

VII

Бак түбүндө колхоз ардагерлери, жаштар аркытерки отурушат: Миңбай, Бүниса, Чолпон, Чокмок, Чыныгүл, Тумалай, Дүрия, Назар, Нурия, Төтө, Токтор, Салия, дагы башкалар бар.

Садык ойлуу басып сүйлөп жатат. Баары ага берилишип, үнсүз угуп жатышты.

— Мындан бир нече жыл илгери,— деп улады ал сөзүн,— карыялар Советин түзгөндө, чынын айтыш керек, биз, колхоз администрациясы менен колхоз парткому, кичирээк эле максат койгон элек, Ал-ахвалыңардан кабардар болсок дегенибиз. Азыр бул Совет зор абройлуу уюмга айланды. Партком менен колхоз башкармасы өз ишинде Советке ар убак таянат.— Садык салмактуу улай берди. — Карыялар Совети өлүм саптарын тартиптештиргендигин партком менен администрация өзгөчө белгилейт. Адам өлсө, калп эле «күйүп кеткен» болушуп, кыйрап ичип, мас болгон учурлар көп боло турган. «Кара ашына» деп жылкы сойдурушуп, үчүнө деп кой, жетисине деп торпок, кыркына деп тай сойдурушчу. Анан жылдыгына деп дагы бир согум. Үч айына деп дагы үч мал. Ушул ысырап чыгымдын баарын кийин дагы ашын беребиз» деп, 30—40 кой сойдуруп, 30—40 жерге конок алышып, улак тарттырып, байге чаптырып күрүлдөткөндөрүчү! — Садык ачуудан аптыга түштү. — Ой, бул көрүнөө талоон эмес беле?!

Көкүрөгү толо согуш ордендерин шылдыраткан жоон Токтор сөз кошту:

— Садык, сен дагы бир нерсени айтпай калдың. Өлгөндүн «доороңуна» деп бир тайын, «ыскатына» деп бир килем, молдонун «куранына» деп бир ала кийиз, пулун алганычы.

Токтордун жанында отурган анын байбичеси Салия сөзгө аралашты:

— «Жыртышы» деп, «каргышы» деп, катындарга шапалактайдан манат, атыр, самын тараткандарычы!

Берки башта отурган кыркма сакал Миңбай аксакал кыжырданып унчукту.

— Мындай жоруктар биздин мусулман динибизде да, анын хадис китебинде да, элибиздин мурдагы салттарында да болгон эмес! — Миңбай чал күчтүү ички сезимден бир ирмемге энтигип токтоло калды да, кайра улады сөзүн. — Кыргызда бир акылдуу макал бар, «Чала молдо дин бузар» дешет. Азыр быкбырдай кайнап пайда болгон жаман — зыяндуу салттардын баары ошолордун ойлоп чыгаргандары. Болбосо, өз набын ойлоп, ошолордун туулушуна түртүп атышат. Биз, аксакал-көксакалдар, ошолорго каршы күрөшүүбүз керек.

Баятан ойлуу отурган Тумалай шиш башын соксоң эттире козголуп коюп, сөзгө аралашты.

— Ырас, Миңбай аке, баарына каршы күрөшүп атасыңар. Сурайылдай адамдарыбыз өлсө да, мал да

сойбой, элди да чакырбай, туз көмгөндөй көмүүгө да чакырып жатасыңар. — Арык Тумалай жеңил козголуп, чөк түшө, сөзүн улады. — Болуптур, ошо силер айткандай эле кылалы. А бирок да бир элди экинчи элден ажыраткан салт-санаалары, жорук-жосундары, расми-тартиптери болот эмеспи. Бир эл экинчисинен ушулары менен, кулк-мүнөзү менен ажыралып турганы кызык да. Миңбай, муну сен да ойлоп кой.

Миңбай аксакал да бирөө бутунан чалгандай, сөзүнө мүдүрүлө түштү. Оозуна сөз кирбей калып, анан улады оюн:

— Ой, Тумалай, биз жаман-жакшы салтты ылгашыбыз керек.

— Эл чыгарган соң жаман салт болбойт. Ошо «жаман» деп бөлүп койгонубуздун да жакшы жагы болот экен. Аны бара-бара турмуш көрсөтөт тура. Же унутуп калдыңбы, Миңбай аке?

Миңбай мукактана түштү.

— Ырас, Тумалай, экөөбүз жаңы турмуш курууга катышкан адамдарданбыз. Мезгил талап кылган соң, көп нерселерге тыюу салганбыз, көбүн талкалап жоготконбуз.

— Ооба. Ошондо экөөбүз мезгилдин сокур кылычынан болгон экенбиз... каякка шилтесе, ошол жакка шилтенгенбиз — акты да кескенбиз, көктү да кескенбиз. Учурунда экөөбүз эл-журтка ак иштер өтөп жатабыз деп ойлоп, ошол иштерибизге шыктанганбыз. Көрсө, биз...

— Ой,— деп күпүйгөн жоон Төрө сөзгө аралашты. — Силер кап кайдагы майда-чүйдө катын талашыңарды айтып, убакытты алып атасыңар?

— Төрө, сен күпүлдөбө,— деди Тумалай кебелбей. — Ошол майда-чүйдөдөн чоң турмуш куралат. Бир элдин элдиги билинет, турмуш өзгөчөлүгү көрүнөт.

— Бээрде маанилүү маселе боюнча сөз болуп атат. Ошого тиешелүү баа-баркы бар сөздөн сүйлөгүн.

— Мындан баа-барктуу сөз жок, Төрө. Мен өз улутумдун маселесин айтып жатам. Конституциябызга жазылган укуктарыбыз туурасында айтып жатам.

Төрө кылычтай кесип күрп этти.

— Конституциябызды, Тумалай, кудайга шүгүр, сенден кем эмес билермин деп ойлойм. Ырас, конституциябызда ар ким кандай динге жүгүнсө өз эркн, ага эч ким тыюу салбайт деп жазылган. Ал эми өлгөн адамдын баарына эле ондогон малдар союлуп, эсепсиз көп —

ашык баш ысыраптар жасай бергиле деп жазылган эмес да. Маселени бир биринен ажырата карасаң, Тумалай.

— Түшүнөм, Төрө, түшүнөм. Сен биерде акылдуусунба. Экөөбүздүн акылыбыз бир бирибизге белгилүү. Биерде мен эмнени ойлоп жатам, а сен эмнени айтып жатасың — экөө бири биринен алыс. Ар ким өзүнүн түшүнүгүнө жараша, башынан өткөн тажрыйбаларына байланыштыра ой жүргүзөт.

Төрө саал ызалана түштү.

— Сен акылдуусунба, Тумалай!

— Акылдуусунбайм, бирок да турмуш менин башыма көп нерселерди салган.

Назар булардын арасына сөз кыстарып, адатынча Тумалай досун жактай сүйлөдү.

— Тумалайга каршы сүйлөп, салт-санаабызды бүт жок кылалы дейсиңер. Болуптур. Бирок да... — Назар мукактана түшүп улады кебин. — Мен, маселен, өмүр бою иштедим, азбы-көппү, мал-пул топтодум. Эми өлгөнүмдө ошолордун акыбетин көрөмбү, же жокпу?

— Акыбетин дегениң кандай? — Төрө тактап сурады.

— Мен өлгөн соң, кара ашыма жылкы, үчилигиме кой, жетилигиме тай, кыркыма, жылдыгыма, үч айттыгыма ошо малдарымды союп, эл чакырып бата алып, тиги дүйнөдө ошол бата-дубанын акыбетин көрөмбү?

— О кокуй оой,— деп бирөө маскаралады.

— Топтогон дүйнөң болсо, артында калган бала-чакаң, небере-чеберелериң убайын көрөт.

Назар арык тизеси менен какыр жерди чөгөлөй калып, бакылдап сүйлөдү:

— Биринчиден, ар бир адамдын ырыскысы өзү менен кошо төрөлөт деген кеп бар. Андай болсо менин балдарым, неберелерим, өз ырыскыларын өздөрү табышат. Менин мал пулум аларга мүлк болуп бербейт. Экинчиден, меникине окшогон мурасчылары жоктор кантет? Мал-пулун ай талаага калтырып, сооп акыбетин тиги дүйнөдө көрбөй, топурак алдында кала береби?

— Ой, Назар! Сен эмне деп дөөдүрөп жатасың? — деди Миңбай.

— Дөөрүгөнүм жок! — деп кыйкырды Назар. — Маселен, мынабу Тумалайга окшогондордун мал-пулу тууралу айтып жатам: мунун бала чакасы да жок, күйөрмандары да жок.

Миңбай жооп бергенден мурда Тумалай жакка жүз

бурду. Ал үнсүз жер тиктеп отурган эле. Миңбай ойлонуп туруп, ичине көп маани кошпостон, тесселдей сөздү айтып койсом деп камданды.

— Тумалайдын андай мусапыр болуп калышына ким күнөөлүү дейсиң. Өзү да, өзү.

Тумалай жылт жүз буруп, Миңбайды зекий тиктеди. Анан бир ирмемге тиштенип калды, арык жаагы бүлк-бүлк эте, тарамыштары түйүлө түшкөндүгү көрүнүп турду. Ушул «мусапыр» деген бир сөздүн ичинде эсепсиз зор маанилер бар эле: Тумалайдын акылы да, акылсыздыгы да, бактысы да, бактысыздыгы да, өмүрүнүн кубанычы да, трагедиясы да — анын бүткүл өмүрү, ал басып өткөн тарыхтын татаал жолу да бар сыяктуу болучу.

Тумалай үмүтсүздөй боз чалган күчсүз кичине көздөрүн кыбың-кыбың ирмеп, Миңбайдын байкоосуздан, бирок Тумалайдын өзү үчүн жүрөгүнө урулган канжардай шара тилип кеткен сөзүн көөдөнүнө сыйдыра албай, ага жооп берер татыктуу сөз, ой таба албай, бир мүнөттөй таш болуп ката түштү. Анан жай кыймылдап, акырын унчукту:

— Миңбай, сен эл аксакалысың. Сакалың күнгө агарган эмес, көптү көргөн элең — ошон үчүн агарган эле. Сен менин өмүрүмдү, ырас, көрүп жүрүп өткөн болучусуң. Ошонун баарын туура көрүп, туура түшүнүп келген го деп ойлочумун. Бирок сен бирде анын көп жактарын — менин эркиме баш ийбес жактарын — түшүнө алган эмес экенсиң. Ошон үчүн «мусапыр болуп калышы үчүн ким күнөөлүү дейсиң, өзү да, өзү» деп отурасың. Ошонун менен менин жүрөгүмдү биротоло жара тилип таштадың. Сен мен ойлогондой адам эмес экенсиң. Көрсө, бу турмуштун оомал-төкмөл учурларына байланыштуу көз караштарыбыз эки башка тура. Сен, балким, мен азыр ойлогондон башка адамдырсың, бирок мен да сен тууралуу аргасыздан башкача ойлой баштадым. — Тумалай өңү кубарган бойдон ойлонуп туруп, күтүүсүз бир сөздү айтып жиберди. — Ырас, сенин турмушуң кийин түз жол менен кетип, андыктан замандын катаал бурумдарынын баарын унутуп койгон экенсиң. А эми башкалар турмуштун андан да катаал, андан да чиеленишкен айлампаларына түшкөндүгүн, өз оюнча, анын өзүнүн акылсыздыгы катары, татыксыздыгы катары түшүнүп жүргөн турбайсыңбы. Ошон үчүн бутундун бармагынан байланып, түндүккө керилип, башынды төмөн саландатып, өтүп оозундан куюлуп, эсиң-

ди жоготуп, өлүм менен өмүрдүн аралыгында калган учурларында — ошондо бир райымдуу кол келип, сенин тушоонду кесип, өлүмдөн куткарып жиберген шарттарынды да унутуп калган турбайсынбы. Болуптур, пендебиз да пендебиз...

Мындай сөздү өмүр бою Тумалайдан күтпөгөн Минбай жүлүнгө сайгандай дирт этип, кыйкырып жиберди:

— Тумалай! Тумалай!.. Сен эмне деп жатасың? Сен менин өмүрүмдүн ошол кайгылуу учурун кайдан билесиң? Айт, Тумалай, айт?

Бирок Тумалай сөз айтпай, өйдө турду да, этегин кагынып, терс жөнөдү.

— Тумалай! Тумалай, токто!.. — деп кыйкырды Минбай.— Кудай жалгагыр токто!

Тумалай болсо токтолгон жок.

VIII

Түн. Жай түнүнүн коңур жели согот. Асманда санмин жылдыздар алда кимден сырлар катышкансышып, жымындашат. Кыштак мемиреп уйкуда. Ар кай жерден ачк-ачк этип ит үрөт.

Тумалай чочойгон кичине үйүнүн бет мандайындагы бай түп терегинин алдына коюлган чарпаясында — бийик жазданган жаздыгына сүйөнүп, жылдыздуу асманды тиктеген бойдон, үнсүз жатат. Бака теректин жалбырактары шыбырашат.

Тумалайдын жүрөгүн алда кандай бир күч мыжыгып, үзө тарткандай ноютат. «Мусапыр» деген бир сөз — бүгүнкү кары-жаштар менен Садык раис өткөргөн жыйында уккан сөз мээсине болот мык болуп кагылып турат. «Ырас эле мен өмүрүмдүн аягында эмне үчүн мусапыр болуп калдым? — дейт ал ичтен сызылып. Өзү менен өзү эки адам болуп сүйлөшөт. — Же менин өмүрүм эне курсагынан ошондойчо төрөлгөн беле? Жараткан мага мындан башка тагдырды ыраа көргөн эмес беле? — Тумалай арык манчаларын кайчылаштыра, коондой сүйрү башынын алдына төшөп, жаздыгына чалкалап өбөктөгөн абалынан жазбайт. Ал оюн араң жылдырат. — Жок, мен жаралгандан андайча төрөлгөн эмесмин. Менин ата-энелерим да бүгүнкү мендей абалда болушкан эмес. Атам өз ыман-жанында кудай деген такыба адамдардан болучу. Дал ошол ишенимдерин жүрөгүндө бек сактоо менен, бүт өмүрүн топурак чеңгелдеп, дыйканчылык менен өмүр өткөн — жерден нан таап, бала-чакасын баккан, курсагын тойгузган. Сары

жапсардын жарымын ээлеген жери болуп, ал жеринин жарымын суу басып, жарымы кайраакы эле. Ар убак ошо жерине суу чыгаруу, андан кырман толтура кызыл көтөрүүнү эңсеп, жатса-турса кыялданып, ошо тилектерин иш жүзүнө ашырар учурларына ишенип, ал учурларды көз алдына элестетип, ошондон каниеттенип, эртеңки жакшы жашоосуна кадиксиз ишене турган. Кыскасы, атамын бүт үмүт-тилеги, ишенимдери ошол өз менчик жерине байланыштуу. «Жер... топурак... суу...» деген сөздөр оозунан түшпөйт эле.

Бирок атамын жеринен башка малы да боло турган, эки жуп кош өгүзү, үч-төрт саан ую, беш-алты жылкысы, отуз-кырк коюсу, дагы башкалары... Малды көбөйтүп жиберүүгө атамын, анын туугандарынын да мүмкүнчүлүктөрү бар болучу, бирок да: жайыт да, тоют кемчил деп өкүнүшөр эле. Андан калса, малдын гөй-гөйү көбүрөөк, кыш оор түшүп калса, жуттан өлүшөт, кышын-жайын саксаңдап артынан калбай, мээнети күч. Ошон үчүн атам малын көбөйтпөй чектеп, андан көрү үмүт-ишенимдерин жерине байланыштыра турган.

Бош боло калса, ар убак атына минип, сары жапсардагы жерине барып, башынан аягына чейин жойлоп бастырып, андан нары кетип, тээ капчыгайга жетип, андан бери капталдата бастырып келчү — кыялында жүргөн келечектеги суу келтирер арыгынын «нугу» менен бастырып келчү.

— Ээ, Нуркул,— деп тааныштары сурап кала турган. — Неге сен капчыгайга чейин барып, кайра каптал коктуну жойлоп, сары-жапсардагы жериңе чейин келесиң?

Атам чакчасын алып, наспайынан тартып, анан саал дудалактана сүйлөчү.

— Илгери үмүт да... Ушу сары-жапсардагы жерлериме (кайракы жагына) суу жеткирип алсам дейм. Антсем, жеримдин топурагы семиз эле, түшүмгө кенчилип эле калбайт белем.

— Аракеттен,— дейт тиги тааныш. — Бээнди союп, ашар өткөр. Ой-түздөгү баарыбыз келели, арыгыңызды чаап беребиз. Илгеркиден келаткан салт — ошо.

— Ээ, Касымбай,— дейт атам өкүнүп,— антүү менин деле акылымда турат. Бирок кара жылгадан өтө бергенде эки жерде кереге таш бар. Мындан кантип арыгымды өткөрөрүмдү ойлосом, заманам куурулуп кетет.

— Ырас, ырас,— дейт Касымбай баш ийкеп,— Жалама ак таш... Кесип өтүш кыйын.

Бирок атам ишеничтүү айтат:

— Кандай кыйынчылык болсо да чыдап, мал-пулумду бүт сарп кылып болсо да, сары-жапсарга арык чыгарышыбыз керек. Өзүмүн жеке алым жетпесе, инилерим Ашым менен Ташымды да бул ишке кошом. Алардын жерлерине да суу керек да: эгиндерин сугарыш үчүн да, жайыттарын сугарыш үчүн да.

Дал ушундай — атам арык чыгарууга аракеттенип калган жылдарда ыңкылдап жүрүп, Ак падыша кулады. Анын ордуна Кеңеш өкмөтү орноду. Бирок бийлик адеген эле жылдардан күчөп кете албады, бу бийлик бей-бечара, кедей-кембагалдардыкы имиш дегени менен, иш андай боло койгон эмес. Бийлик дагы эле бай-бийлердин колунда: жер-суу, мал-байлык дагы эле аларда. Бир учурда айылды Кеңеш бийлиги башкарып калса, бирде басмачылар басат. Басмачылар басканда байлык-аштыкты, мал-жанды талайт, келин-кыздарды олжолойт, Кеңеш бийлигине жан тарткандарды атып-тоноп жок кылышат. Кеңеш бийлиги орногон соң, алар да «продразверстка» деп, оролорду ачтырып, каптагы дандарды өлчөп тарттырып, арабалап ташып кетишет. Адамдардын да дыйканчылыкка кызыкчылыгы өчө түштү. «О кеңеш деле ондурбайт окшойт. Ашыкча данybызды зордоп тартып кетет экен. Андай болгон соң, ашыкча эгип-сээп убара болуунун эмне кереги бар? Андан көрө өзүбүзгө аштык эгип, калган жерлерди мал жайыты кылып таштаганыбыз оң тура...» Ошентип, атамын өз жанындай көргөн сары-жапсардагы жерлерди бир-эки жылдап айдалбай чөп басып, мал жайыт болуп кала берди. Дыйкандардын кеңешинин бийлигине болгон ишенимдери кыйла тайып, ындындары өчө түштү. Атам бармагын тиштене, негедир күңгүрөнүп, сөгүнүп, эртели-кеч сары-жапсарды аралата ат бастырып, айдалбай жаткан жерлерине ичи күйүнөт, терең ушкурунөт.

Жылдан жыл санап, эл арасында, базарларда дан таңсык болуп, ал турсун, аччылык өкүм сүргөн мезгилдер да болуп калды. Эл арасында көз жаш...

Дал ушундай шарттарда дыйкандарды кубанткан бир ажайып кабар айыл-кыштактарды шаңк этип аралап өттү: «Ленин НЭП деген жаңы саясат баштаган имиш. Анын шарты боюнча, эл эгин-тегинди алы жетишинче эге бериши тийиш экен, түшүмдүн белгилүү гана өлчөмүн өкүмөткө өз наркы менен берип, калган данды дыйкан каалаган жериндеги базарларга, башка

жерлерге сатып ала берет имиш. Демек, канчалык түшүм алсак, өкүмөткө да, элге да, ар бир дыйкандардын өзүнө да пайдалуу экен. Жаша кеңеш өкүмөт!.. Жаша Ленин...» деп кыйкырып сүйүнүп жүрүшкөндөрүн айтпа. Дал ушундай шарттарда баягы ындыны өчө баштаган атам да кубанып, ал турсун күнү-түнү уктай албай, дыйканчылык чарбасын жакшыртуу аракетине киришти: эки иниси Ашым менен Ташымды чакырып, тике кеңешке өттү: «Атадан калган Сары-Жапсарды үч бөлүп алган элек, эми буга суу чыгаралы — кантип болсо да капчыгайдан суу алып чыгышыбыз зарыл — ошондо түшүмгө кенчилебиз. Суу эле болсо Сары-Жапсардын жери, садагасы кетейин, асыл жер... топурагы тим эле тизеден күңкүйт. Ошондо экиден кош өгүздү төрттөн кош өгүзгө жеткиребиз. Ушул багыттагы мыкты дыйкандарга айланабыз.

Ошентип, атам Нуркул баштап, абаларым Ашым менен Ташым биригип, капчыгайдан арык чыгарууга киришишти, ошондо он жаштагы менден тарта, үйдөгү аял-кыздарга чейин атам арык чабууга чекти. Эрте жаздын нымдуу топурагын оё чаап, өзү капталдата арыктын нугун белгиледи, калгандар жапырт кетмен, белкүрөк, менен кириштик. Атам базарга чаап: кетмен, белкүрөк, балта-тешени дагы көбөйттү кереге-таштын ташын чыкылдатып кертип өтүш үчүн темир чукулуктар апкелди. Мандикер да жалдады.

Кыскасы, бир айлык катуу аракеттен соң Сары-Жапсарга арык чыкты. Алышка суу байлар күнү атам капчыгайда — алыш башына — ак боз бээ алпарып союп, эл чакырып түлөө өткөрдү. Атамдын ошондогу кубанычын түк унута албайм, өлгөн жети атасы тирилип келгендей, алардын арбагына кайра-кайра куран окутат, алардын арбагынын атынан ушу арыкка суу жакшы чыгып кетишин тиленет. Сары-Жапсардын жерине кудай кызыр жиберип, түшүмү улам жогорулай беришин суранат.

Ырас эле, дал ошондой болду: атамын да, абаларымдын жерлерине да көйкөлүп көк жашыл эгиндер өстү: атам да, абаларым да жай бойлоп бир арык суугa ээ болушуп, тизелерине чейин түрүнүшө колдорунан кетмендери түшпөй, кулак байлап, суу жыгып жүрүштү: күз күндөрүндө кош-коштоп кырман чечтешип, кызыл көтөрө башташты — казан да май, чөмүч да май дегендин дал өзү...

Мындай абал дал жети жылга созулду: атамын кам-

палары толо дан, жайыты толо мал — өкүмөткө да милдеттенме боюнча белгилүү өлчөмдөгү данын тапшырат, малын өткөрөт, калганын каалаган жайларына алпарып сатат — чөнтөк толо пул, дасторкон толо нан. Атам кудайдын кудуретине ыраазылык билдирип, жеринин келечегин дагы көп нерселерди күтөт: түшүмү улам артып, мал туягы көбөйүп, биердеги белдүүлөргө теңелип, ал турсун ашып кетсем деп, күнү-түнү күңгүрөнөт, кыш күндөрү жерине көң ташытып, кеч күздөн тарта өз арыгынан суу жайып, өзүнө тиешелүү Сары-Жапсардын айдоолорун да, жайыттарын да нымга каныктырат.

Дал, ушинтип, атамын дыйкандык арааны ачылып, дымагы, кудурети улам жогорулап бараткан шарттарда жер ысла келди: землемерлер ала жыгачтары менен алчандата арыштатып жер өлчөшүп, ар бир кожолукка алты танаптан жер калтырышып, калганын жерсиз кедей-кембагалдарга тартып алып беришип, ашкан көп бөлүгүн ГЗУга «Государственная земляная управленияга» өткөрүп алып жатышты.

Сакалдуу атамдын көздөрүнөн жашы мөлт-мөлт этип, жаш баланын сыңары буркурап ыйлап отурду.

— Кеңеш өкмөтүнүн кылары ушул беле? Бу жерлерим жети атамдан калган боор этимдей кымбат; баасыз байлыктарым эмес беле? Бул эмне деген шумдук? Ушундай зомбулукту ким көрүптүр, ким угуптур? Адам баласынын тарыхында ушундай зордук деги болгон беле? Жер биздики эле го, биздики — дыйкандардыкы эле го? Жерден ажыратканча ушул жерге бизди — бүт дыйкандарды тирүүлөй көөмп жибербейсиңерби? Жерибизден ажырагандан көрө, өлгөнүбүз артык!

Атам жер өлчөгөн комиссия мүчөлөрүнүн алдында жыгылды. Бирок да алардын колунан эмне келмек эле — жогортон болгон бийлик, бийлик тапшырмаларын аткарып жүргөн немелер да: атамы а деп, бу деп алдап-соолаган болушту, бирок ал жубатуулар атамын жүрөгүн өрттөп турган күйүтүнүн алдында арык аттап, суу кечтиби?

Ошентип, атам жер-суусунан ажырап, күн-түнү үйкудан безип, үшкүрүк менен таң атырчу болуп кетти — бир жылга айланбай, атамын кара сакалы буурул тартып кетти. Ой тообой, жер күйүтүнүн күчү ай!

Бул эзүүчү тап өкүлдөрүн — кулактарды чектөө саясатынын иш жүзүнө ашырылышы керек экен.

Мен ал учурда он беш-он алты жаштарга толуп,

комсомолго мүчө болуп өтүп, жалындап турган учурум. Ошон үчүн жеринен ажыраган атамын дыйкандык улуу күйүтүн, анын күйүп көмүргө айланып баратканын кайдан билем? Кайдан баалай алам? Биз комсомолдук чогулуштарыбызда «революция, пролетариат, Кеңеш бийлиги тап күрөшү, Улуу Ленин, большевиктер...» деп сүйлөйбүз. Революцияга, жаңы Кеңеш бийлигине кызмат кылыш үчүн жалындап сүйлөйбүз. Пролетариат бийлигинин кызыкчылыгы үчүн кара башыбызды сайып кызмат кылууга даярбыз деп, бирөө талап кылбаса да ант беребиз. Керек болсо ага ата-энелерибизди курмандыктарга чалууга да даярбыз.

Көп өтпөй, андай катаал учурлар да келди.

Атам өз учурунда мени мечитке берип, молдодон дарс алгамын: эжелеп окуп, ыймек тартып жазганга да жарап калган элем, ошон үчүн комсомолдук иштеринин жөн-жайын тездетип өздөштүрүп кетүүгө мүмкүнчүлүктөрүм болду, анын эң башкыларынын бири кыргыз тилинде газетанын чыгып калышы эле, биз — жаштар, ал газетанын ар бир номерин койнубузга салып, ичиндегилерин бүт окуп, ырларын жаттап, анан экинчибизге беребиз — бу газета биз үчүн кең дүйнөгө карай коюлган дарча болду десек да болот.

Комсомол жаштар ичинен сабатым болгону үчүн мен кыйласынан пешкадаммын: онтолоп болсо да китеп-газета окуй алам: райондон келип сүйлөгөн ополномочундардын оозун тиктеп угуп жүрүп, чогулуштарда уялбай сүйлөгөнгө да көнүктүм. Мунун өзү мени көпчүлүктүн көзүн түшүрдү, этектен келген бир чоң айылдагы комсомол ячейкасына секретарь кылып шайлап кетти. Мунун өзү менин төбөмдү көккө жеткирип таштады: кеңеш бийлиги үчүн, балчайбектердин иши үчүн башымды сайып кызмат кылам дейм. Жери тууралуу атамын күйүттөрү мени мурда бир аз кейитип калып жүрсө да, эми алардын баары жаңы бийлигинин кызыкчылыгына салыштырганда, кыпындай көрүнбөй, барабара ал мага таасир этүүсүн таптакыр жоготуп, ал турсун кызыл ашыгымдан да келбей калды. Кыялым бийликтерге учат: биздин турмушту кирсиз таза да, балдай таттуу да, өз келечек абалымды көкөлөтүп бийик да элестетем. Комсомолдун чогулуштарында дал ушундай ишеним, ушундай эргүү менен сүйлөйм. Өз курбалдаштарымды таң калтырып — газета-китептер окуй алган мен түшүнүктөрүм жагынан алардан алда канча бийикмин.

Ушул учурларда мени жаңыдан уюшулган Автономиялуу республикабыздын борборуна үч айлык курсқа — жаш комсомол кызматкерлеринен жиберилишим, шаар турмушун көрүп канығышым, ар кандай саясы, илимий темаларда лекциялар, аңгемелер угушун мени — кыштакта сабатсыз дыйкан үй-бүлөсүндө туулуп, жайдак турмушта өскөн мени — рухий жана илим-билим деңгелим жагынан жаңы бийиктиктерге алып чыгып кетти. Ырас курстан кайткан соң мени кыштагымда калтырышкан жок, райондук комсомол комитетинин аппаратына алышты. Менин милдетиме үгүт-насаат жагы тийди: айыл-кыштактарды кыдырып жаштар менен, улан кыздар менен чогулуштар өткөрөм, жалындап сүйлөйм. Мен курактуу улан-кыздар ооздорун ачыша, менин жүзүмө тиктешет. Мен аларды жаңы турмуш курууга катышууга чакырам, чейректер, күл жигиттерди, күц жүргөн кыз-келиндерди өз укуктарын толук жеңип алууга үндөйм, илим-билимге шыктандырам. Жаңы турмуштун айкын келечектерин алардын көз алдына келтирип берүүгө аракеттенем...

Мен өз аткарар иштеримде райондук партия комитетинин кызматкери Сарык уулу Чокмокко таянам, себеби, ал ушул биздин айылдан эле, жердешим катары, менден беш-алты жаш улуу ага катары ошого имерилем, билбеген маселелерим боюнча ага кайрылам. Ал туугансынып, колунан келер жардамын, кеңешин аябайт. Анын атасы Сарык-уста деген адам өз өнөрү менен — боз үйдүн сөөгүн жасаган жыгаччы катары да, ат жабдыктарын жасаган кайышчы катары да, ат жабдыкка алтын-күмүш чапкан, кыз-келинге сырга, билерик, шакек, дагы башка жасалгалар жасаган зергер катары да белгилүү болгон, ошону менен бирге аштык айдап, мал күткөн дыйкан да болучу. Анын уулу ушу Чокмок атасынын чот-керкисин, балка-дөшүсүн кармаган усулдуу бала болуп да өскөн, бирок кийин Совет бийлиги келип, сабатын ачып алган соң бала окутуп, мугалимдик кылган. Бара-бара көзгө түшүп, партия ячейкасына секретарь болгон, андан соң районго — партия комитетине кызматка алынган. Ошентип, райондогу зор ишенимим: ишенимде да, илим-билимге карай түшүнүк жолумда да таянарым ошол Чокмок Сарык уулу. Партия менен өкмөттүн жүргүзүп жаткан саясатынын багытын, анын бүт маңызын ошо Чокмок-акенин түшүнүгү аркылуу түшүнөм.

Чокмок Сарык уулу, мен — Тумалай Нуркул уулу сыяктуулардын турмушундагы эң татаал учур башталды: партия кулактарды чектөө саясатынан аларды тап катары жоюу саясатына өттү. Биз, Чокмок Сарык уулу жана мен сыяктуулар, конуп-түнөп айыл-кыштактарда болуп калдык, жаныбызда куралдуу солдаттарыбыз, милиционерлеribиз да бар. Эң мурда кулакка тартылар адамдардын тизмелери айыл-кеңештеринде өтө жашыруун чогулуштарда талкууланып жатты.

Эң кызык да, өтө жооптуу да, ошондой эле, менин урук-туугандарымын турмушундагы өтө чечүүчү маселе менин алдыма коюлду: өз атам жана анын бир туугандары, демек менин абаларым Ашым менен Ташым да ошо кулакка тартылуучулардын тизмесине кирип-кирбей кылтылдап турду. Менин чечкиндүү позициям бул маселени же ак, көк кылып коюуга тийиш болучу — мен күнү-түнү ойлоном: атам баш болуп, абаларымдын кулакка тартылбай, демек, жер-суусунан ажырабай, орто дыйкан катары — жумушчу пролетарияттын пикирдеши, анын союздашы катар калышы жалпы «пролетардык кызыкчылык» үчүн пайдалуубу, анткени, атам да абаларым Ташым менен Ашым да өтө көп жерге, көп малга ээ болушкан менен аларга жарды-жалдап иштетип жүрүшкөн адамдар эмес. Жер-суусун, мал-пулун өз күчтөрү, өз үй-бүлөлөрүнүн аракети менен жүргүзүп келатышкан адамдар. Ырас, кийин НЭП саясатынын беш-алты жылдык натыйжасында аздап байып да кетишти, бирок да ошол шарттарды эске алуу менен, аларды кулакка тарттырбай алып калууга аракеттенсе да болот. Мен ушул адамдардын өз каны, өз тууганы, ошондой эле чындык үчүн күрөшкөн комсомол катары аракеттенсем, ал маселе үчүн тээ жогорку жактарга чейин түшүндүрүү аракетин жүргүзсөм болмок.

Бирок да менин башымда башка бир ойлор турат: мен комсомолдун мүчөсүмүн, өкмөттүн азыркы саясатын жүргүзүү жактан чоң күчтүн — комсомол деген чоң армиянын катарында турам. Мен пролетариаттын бийлиги үчүн, демек, башымды сайып күрөшүүгө тийишмин, бул үчүн мен комсомолго өткөндө ант бергемин, б. а. ошол ишенимге ишенгедигим үчүн, ага берилгендигим үчүн өткөнмүн. Ошо комсомол күрөшкөн идеал кандай? Ал — келечек коммунизм... анда баары адилет, баары тең, баары жайында болууга тийиш: атама да, абаларыма Ашым менен Ташымга да, алар-

дын бала-чакаларына да жакшы болоруна мен комсомолдун мүчөсү катары күмөнсүбөйм. Демек, атамдардын, абаларымдын кулакка тартылып кетиши, убактынча аларды убайымга салса, аларга деле жаман болбойт, анткени, антиштери менен алар да коммунизмдин эртеэрээк келишине өз үлүштөрүн кошкон болушат, жалпы кызыкчылыктын атынан алсак, аларда азамат болуштары мүмкүн. Бул пайдалуу маселени алардан терең, жакшы көргөндүгүм үчүн өз тарыхый ордумда мен да азамат болорум чын.

Кыскасы, мен атам баш болуп, абалрымдын кулакка тартылышы үчүн тизмеге киргизилишине зор патриот катары макул болдум: аларды кулакка тартпай, орто дыйкан катары калтырып коюу маселеси үчүн күрөшкөнүм жок. Мен пролетардык иштин жалпы кызыкчылыгы үчүн чыныгы комсомол мүчөсүнүн азаматы катары кадам жасадым деп эсептедим. Ошентип, алардын кулакка тартылар тизмеге киришкендиктерин мен сыр катары терең сактадым: туугандарым коопсунушса да, активдер арасында өз уулубуз Тумалай бар эмеспи, ал алигидей тизмеге бизди киргиздирбейт, киргизебиз деп калган ченде да, ал бизге астыртан кабарлайт дешип, бул капилет келер өз бактысыздыктарынан тынчсызданышкан жок.

Күз келип, эл жайлоолдон түшкөн кезде, райондо түзүлгөн комиссия — ичинде бул айылдык Сарык уулу Чокмок жана мен болгон чоң комиссия кулактарды тап катарында жоюш үчүн өкмөт менен партия тарабынан берилген чечимди иш жүзүнө ашырыш үчүн, күтүүсүз жерден биздин айылга келип түштүк. Бизди узатып келишкен куралдуу аскер жана куралдуу милиция кызматкерлеринин күчү менен эзүүчү таптын өкүлдөрүн — бай-кулактарды тап катары жоюу саясаты иш жүзүнө ашырууга киришип кеттик. Бул адам баласынын тарыхындагы өзүнчө бир катаал чара болучу: бай жана өз оюбузча кулак деп эсептеген адамдарды токтоосуз камакка алып, анан алардын жер-суусун, мал-жанын, байлык-мүлктөрүн бүт бойдон ортого зордоп тартып ала баштадык, адамдар бүт үмүттилегин бириктирген өкүмдүү жер-суулары — «жети атамдан мураска келаткан мийзамдуу байлыктарым» деген мүлктөрү; ошондой эле короо-короо койлору, үйүр-үйүр жылкылары, жайыт толгон төөлөрү, үйлары зордоп конфискацияланып, алардын баарын элдики, мамлекеттики болду деп эсептелип, күтүрөтүп топтоп,

кедей-кембагал, кул-күндөргө кайтарттырып, өзүбүзчө чуу түшө бердик.

Бул малдарды, жерлерди өткөрүп бериш үчүн шашылыш түрдө колхоздор, совхоздор уюштуруу зарылдыктары туулду: биз ал татаал милдеттерди уюштурууга кириштик; эл чууруп эле колхоздорго кире беришкен жок — кооптонушту, коркушту, дагы эмне болуп кетет деп этияттанышты; биринчи колхозду эптеп уюштуруп, ага беш-он кедей-кембагалдарды аран үгүттөп киргизип, анын башына сабаты бардай Миңбайды башкарма кылып, ошо бай-бийлерден, кулактардан тартып алынган малдарды, жерлерди бердик, бирок алар «бул акжол эмеско, бу жерлер, малдар тигилердин мүлкү эмеспи, ал ата-бабасынан келаткан мүлкү, биздин аларды алышыбыз макүрөө, ал турсун кызылдай күнөө деп, дин жолу менен жооруп тайсалдашты. Биз аларды «бу алардын мандай тери эмес, бу байлыктар силердей чейрекелерди, кул-күндөрдү, томаяктарды иштетүү менен табылган байлыктар, демек силердин байлыгыңар» деп үгүттөө аракеттерин жүргүзүп жаттык.

Жер-суусунан, мал-мүлкүнөн, бийлигинен ажырап жатышкан тап өкүлдөрү да жөн жатышкан жок: малдарын кырып-жоюу; байлык-мүлктөрдү, короо-сарайларды, эгин-тоюттарды күндөп-түндөп өрттөп жоготуу аракеттерине өтүштү. Кыш жарымына жетпей, жемчөп бүт ысырап болуп, малдар бөө түшүп кырылууга дуушар болгонун көрүп ала бер, кайран мал...

Саботаждык күндөн күнгө күчөй берди. Акыркы бул каршылыктарды басуу үчүн, бай-манап, бий-кулактарды зордуктап турмуштан четтетүү саясаты башталды: аларды кылмыш үстүнөн кармалгандары соттолуп атылды, камалды, андан калган массалык бөлүгүн сүргүнгө жөнөтүү аракеттери жүргүзүлдү... Бул айтууга оңой, бирок аткарууга ушунчалык оор, ушунчалык ташбоорлук иштер эле. Көз жаш, арман, муң... Кыскасы, бу дүйнөдө адам баласы үчүн оор эмне бар болсо, ошонун баары бар болучу. Мунун баары зомбулук, кара күч, зордук, ырайымсыздык менен гана иш жүзүнө ашырылууга мүмкүн экен.

Кулакка тартылгандарды, алардын эң жакын балачакаларын кошуп, бир күнү таң саардан айыл кеңешинин кенсаларынын алдына куралдуу аскер, куралдуу милиция кызматкерлеринин күчү менен топтодук: аларга кулактарды тап катары жоюунун эң акыркы натый-

жасы — аларды кайдадыр алыскы жактарга сүргүнгө айдап жиберүү экендигин — райондон келген уполдомочундардын бири кыйкырып айтып чыкты... Ошондон соң алиги кулакка тартылгандардын колдору артына байланып, анан алдыңкы арабаларга отургузулду: качып берүү болбосун үчүн, же күч менен каршылыктар көрсөтүшпөсүн үчүн, аларды далыларын тийиштире кошоктоштуруп байлашты, анан арабанын жыгачтарына таңышты. Катын, бала-чакаларын арткы арабаларга отургузушту.

Бул байлангандардан мага кандаш жакын тууган-дарым: атам, анан Ашым абам бар, (ал эми Ташым абам болсо, жакында эле камакка алынган соң, кароолго коюлган эки солдатты өлтүрүшүп, түн ичинде бир тобу качып кетишиптир. Алар тоо арасындагы басмачыларга барып кошулушкан имиш деген анырт сөздөр угулган...) Дагы бир топ айылдаштарымды жакшы тааныйм: алардын ичинен мага курдаш, бала чактан мага көңүлдөш өскөн Назар да бар: ал бир кезде мени менен чогуу комсомолго өтүп, кеңеш бийлиги үчүн, аялдардын эркиндиги үчүн, элдин сабатсыздыгын жоюу иштерине активдүү катышып калган жаштардан болучу. Бирок кийин НЭП саясаты күчөп, адамдарга жерди эркин пайдаланып, дыйканчылыгын күчөтүүгө, мал өстүрүүгө мүмкүндүк берилген шарттарда: «комсомолчулар менен партиячыларга байып кетүүгө руксат жок экен, ошон үчүн мен комсомол болгондон көрө, 40-50 кой багып алганым пайдалуу эмеспи» деп, комсомол билетин кайра тапшырып, баюуу жолуна түшүп кеткен болучу. Мына эми кулакка тартулуучулардын тизмесине кирип калган. Атасынын картандыгы эске алынып, аны мында калтырышат, анын 21 жаштагы уулу Назар сүргүнгө жөнөтүлүп жатат.

Атаман кийинки төрт-баш жыл ичинде агарып кеткен сакалы ылдый жаш куюлат: ал башын чайкап, Сары-Жапсардагы ата-мурас жерлерин, ага өз мандай тери менен чыгарган арыгын, бирок жери өзүнөн зордоп тартып алынгандан бери кара сойлок, шыбак басып айдалбай жаткан аянттарын тиктейт, андан наркы мал жайыт кылып келген ар бир жылга-жыбытка чейин кыйбай карайт. Максат-тилегине, өмүр-келечегине биротоло өрт кетип, чатырап баары күйүп, көмүрү менен күлү калгандыгы, эми ал үчүн бул дүйнө түбөлүккө карангы болуп, жаш баладай солкулдап өпкө тартып, арабада ыйлап отурат.

Мен бая эртең менен эле атамын түнөргөн жүзүнө тике багууга такаатым калбай, жүзүм кара болуп, ошо кара жүзүмдү бирпас болсо да атам менен абамдан, Назар курбумдан жашыра туруш үчүн, айыл Советинин кеңсесине кире качмакмын: азыркы көрүнүштүн баарын мен, сүткө тийген күчүктөй жалтайлап, терезе аркылуу тиктеп турам, уу-чуу, ый, кимдиндир ашатып сөккөнү угулат. Дагы бирөө оңкулдап ырдап алган.

Киндик каным тамчылап,
Тамган жерим, кош эми.
Балапан башым жетилтип,
Баккан элим кош эми.

Жети атамдын арбагын
Каткан жерим, кош эми.
Тунук булак сууңду
Таткан жерим, кош эми.

Топурагым бир чымчым,
түйүп кетип баратам.
Тагдыр салып капилет,
Күйүп кетип баратам...

Мындай да шумдук болобу,
Өңүмбү же түшүмбү?
Акыйкат качып, табылбай...
Ишенбейт көңүл, капырай...

Тап күрөшүнүн түпкү маңызы эмнеде экендигин мен ошондо түшүндүм, туташ коллективдештирүү деп биз көтөрө чаап жүргөн ураандын маңызы эмнеде экендигин түшүндүм. Жүрөк титиреткен айрылуулар, көз жаштарга, өзгөчө, өз атамдын, Ашым абамдын сакалдары ылдый куюлган көз жаштарга туруштук бере албадым: ээрдимди кырча тиштеп, андан да алапай таба албаганымда, жылаң баш боло калып, дубалды сүзүп-сүзүп, темтеңдеп барып, жерге чалкамдан түшүп жатып калганымды билбей калыпмын.

— Тумалай! Тумалай!... — деп кимдир бирөө жакамдан алып, жулкулдатып жатканда гана көзүмдү ачып, электенген бозомтук тараганда, Чокмок акенин жүзүн таанымдым.

Сүргүнгө айдалгандар алда качан кетип, уу-чуу да басылып, күн батууга жакындап калган экен.

— Тумалай! Сага эмне болгон? — Айт! — деп кыйкырат Чокмок акем.

Мен ошондо гана башымдын эки-үч жери жарылып, андан аккан канга кийим-кечем чыланып кеткенин байкадым. Бирок мен алардын ооруксунуусун деле анча-

лык туйганым жок. Андан жүрөгүмдө от болуп күйүп турган өкүнүч, аёо сезимим алда качан күчтүүдөй болучу, анткени, атамдын эрте агарган ак сакалы ылдый куюлган көз жашы, көз алдымдан түк кетпей турат. Мен өз оюмдан кайтпай өңгүрөп ыйлап жибердим.

— Шордуу атам. Байкуш атам... Мен сени ушунчалык азап-тозокторго, бактысыздыктарга түртүп жибердим беле? Сенин аталык ыйык жүзүңө менин балалык жүзү каралыгым ушунчалык оор болгон беле? Мен асынып өлөм...

Чокмок абам мени карылуу колдору менен кош ийинимден ала силкилдетип, жекирип тилдей баштады.

— Сен эмне деген адамсың? Бул бактысыздыкты атаңа сен өзүң жалгыз алып келдиң беле? Муну тап күрөшүү алып келип жатат. Сен комсомолсуң, демек, пролетариаттын солдатысың. Сен берилген саясы тапшырманы аткарып жатасың! Сен саясы күрөшчүсүң! Сен азаматсың!

Мен токтоло түшүп, акылымды пештедим.

Чокмок акем мага жетекчи катары талабын айтты:

— Сен комсомолсуңбу? Же кулактарга жам тарткан немесиңби?

— Албетте, комсомолмун.

— Анда жашыңды тыйгын. Мойнуңа тагылган милдетиңди аткаргын. Болбосо, азыр комиссиянын мүчөсүлүгүнөн чыккынчы катары кууп жиберем да, анан районго барганда комсомолдук ишиңди каратып, душман элемент катары комсомолдон чыгартып, түрмөгө алдыртамын.

Менин жүрөгүм алкымыма каптала түштү.

— Антпеңиз агай. Мен революцияга кызмат кылам.

— Кылганың ушулбу? Жолдош Сталин — «Улуу бурулуш» деп макала жарыялап, бүткүл комсомол кубанып жатат. А сен «атам-атам» деп бырбыңдайсың? Атаң эмне экен? Ал тап душманыбыз, ал кулак, кулактарды тап катары түп тамырынан жок кылмайынчы, социализмдин жеңиши болбойт. Муну сен парзыңдай билгин. Жолдош Сталин бизди мына ошого чакырып жатат.

«Сталин» деген сөздү укканда чыйрала түштүм. Антсе да ичимде ийрилип турган нерсени Чокмок акеге айттым:

— Менин оюмча, менин атам кулак эмес эле. Ал орто дыйкан эле болучу. Мен ошого күйүнөм.

— Ага күйүнбө. Өкмөттүн саясаты аны акыйкаттап алат: ким кулак, ким орто экендигин тактайт.

Ошентип, атаман ажырап калдым. Ал байкуштун көз жашы — ак сакалы ылдый куюлган көз жашы — түк көз алдымдан кетпейт, жандуу бойдон элестейт: тигине ал жаш баладай боор кага солкулдап ыйлап, арабага таңылган бойдон улам алыстап кетип баратат.

Тумалай чокчойгон кичине үйүнүн бет маңдайындагы байтүп терегинин алдына коюлган чарпаясында — бийик жазданган жаздыгына сүйөнүп, жылдыздуу асманды тиктеген бойдон, дагы эле үнсүз жатат.

IX

...Тумалай ачгемесин улантат.

«Ийгиликтен баш айлануу» деген Сталиндин макаласынан соң, туташ коллективдештирүүдөгү — айыл айылдары, район райондору, облус облустары менен колхоздорго тартуу, бүт мал-мүлктөрүн тоокторуна чейин зордоп ортолукка тартуу, муну менен «коммунизмди биротоло куруп алууга ашыгуу» жаңылыштык деп белгиленди, анын ичинен жиберилген каталардын ичинен, орто дыйкандарды да, аша чабуу менен, кулактыкка тартуу, ошону менен бирге, жердин чыныгы өз ээлеринен ажыратып салуу барып турган жаңылыштык деп табылды. Ошон үчүн орто дыйкандардын иштери кайра каралып авактардан, сургүндөрдөн кайра кайтарып жиберүү, алардын зордоп тартып алынган жерсууларын, мал-пулдарын кайтарып берүү иштери белгилүү даражада жүргүзүлө баштады.

Мындай кабардан кийин, райондук комсомол комитетинде — райкомолдо иштеген Тумалай, атасынын аваста өлүп калгандыгын угуп, бир нече күндөп мөгдөп ыйлап, үйүнөн чыкпай жатып калды: ал атасынын жүзү алдында өзүн айыпкер, баткерден сезет. «Орто дыйкан өз атамды каратып туруп, «пролетардык кызыкчылыгы үчүн» деген өзүмдү өзүм алдаган сокур ишенимим менен, анын тагдыры үчүн күрөшпөй, кулакка тарттырбай, эсен-соо сактап кала албадым, ал үчүн күрөшкөнүм жок. Демек, менин жүзүм кара, атамын арбагынын алдында жүзүм кара...» Сүргүнгө айдалганда, арабага таңылып, ак сакалы ылдый көз жашын куюлтуп ыйлап отурган атамын кайгылуу жүзү түк көз алдыман кетпейт. Мен түн тынчтыгым кетип түйшөлөм. Башыма күтүүсүз ойлор да келип-кетпей

койбойт: «Атам үчүн өч алып, анын арбагы алдында өз жүзүмдү актасамбы?.. Туугандарым алдында өз күнөөмдү өзүм, керек болсо, канымды төгүп, актап алсамбы?..»

Мен мындай тумандуу ойлорумдун аягына чыгып, бир жыйынтыкка келе элек күндөрдө, баары мен күтпөгөндөй болуп чыкты: түн ичинде уктап жатканымда, мандайыма тапанча, тамагыма бычак такап туруп, көзүмдү, колу-бутумду байлашып, «кыңк десең өлөсүң», деп, бир нече адамдар мени түн ичинде атка мингизип, алып кетишти, таскактата ат чаап, бир нече сааттык жолдорго узап кеттик. Бир жерге жеткенде мени аттан түшүрүшүп, колумдан жетелеп, бир үңкүрдө экенимди сездим, үңкүрдүн тээ бир бурчунда алоолонтуп от жагып коюшкан, экинчи бурчта паңыз чырак бүлбүлдөп, үңкүр ала көлөкөлөнөт. Басмачылардын туткуну болуп калганыма ошондо гана ишендим.

Менин тунара түшкөн көздөрүмө корбашы болуп кеткен Ташым абамын каардуу жүзү, заары чыккан курч көздөрү урунду. Мени анын бет мандайына чөк түшүрүп коюшкан. Мен коркконуман энтигип калдым.

— И-и, Тумалай баатыр! — деп зекип какшыктады сабдал сакалдуу Ташым абам, демек корбашы — биердегилердин ханы, бийи, закончусу, дагы башка чексиз бийликтер өз колундагы адам.

Мен жооп айталбай калтаарый калдым.

— И!, Ата безери! Колума түштүңбү! Сен, өз атаңы өлүмгө түртүп берген Тумалай-комсомол, менин алдымда — өз Ташым абандын алдында, өз атандын бир тууганы алдында, канчалык оор күнөөкөр экенинди сезесиңби?

Коркунучтан менин оозум кургап, тилим күрмөөгө келбейт.

— Өз атасын өлүмгө түрткөн сендей, карабет болобу?

— Алла-талла алдында күнөөкөр? — деди Ташым корбашынын катарында отурган эчки сакал арык молдо жука эриндерин эпилдетип. — Бала үчүн атадан ыйык эмне болууга тийиш? Бала атанын бир тамчы канынан жаралат, демек — ата балага өмүр берген жан, анан аны ымыркайынан үстүнө үйрүлүп түшүп багып, чоңойтуп, балакатка жеткирет. Ыман-жанын кошо берет. Ушундай ыйык атага кара санаган уул кудай алдында кандай гана күнөөкөр экендигин жакшы билесин го, Ташым-бек!

— Билем, молдо. Ошон үчүн мен түн ичинде төрт жигитимди жиберип, бул ымансызды уктап жаткан жылуу төшөгүнөн бастырып алып келдирттим. Мен мунун терисин тирүүлөй тетирисинен сыйрып, катуу жазалап өлтүрүүдөн мурда, бир топ маселелерди тактагым келет.

— Туура, туура,— деди молдо чепенден,— тиги дүйнөгө жөнөтүүдөн алдында, анын ыманын тазалаш керек, анткени бу, Тумалай — мусулман пендесинин баласы капырлардын кемсомолуна өтүп, ыманы карайып кеткен. Ошон үчүн солк этпей, өз атасын өлүмгө кыйылышына кызмат кылган. Аны бу боюнча тиги дүйнөгө — алланын алдына жөнөтүүгө болбойт, антип барышы андагы ата-энесине, тууган-туушкандарына залакалуу болот...

— Мен сизди түшүндүм, молдом. Демек, бу боюнча о дүйнөгө жөнөтүүгө болбойт дединзчи.

— Жок-жо. Бул мусулман пендесинин баласы болгон соң, ыманы тазаланып кетсин. Түбөлүк тиги дүйнөдө ымансыздар толууга тийиш эмес.

— Мунун карайып кеткен ыманын тазалайбыз, молдом.

Менин ыманымды кандайча тазалашаарын азырынча түшүнбөйм.

— Сен Тумалай, ырайыңдан кайтасыңбы, жокпу? — деди Ташым корбашы, төргө алоолонто жагылган от чагылышып, анын көзү жалт эте түштү, ал жырткычтай сүрдүү көрүнүп кетти мага.

— Анысы кандай? — деп мен, биринчи жолу арак үн чыгардым.

— Сен балчайбектердин айтканына ишендиң, кемсомолго өттүң. Кемсомол, кемунус дегендериң «кудай жок» дешет экен. Сен ошол ишенимдерге баш урганың үчүн ошо кемсомолго өттүң, демек, ыман-жаныңды ошолорго бердиң, ырай-жүзүң менен ошолорду ээрчип кеттиң. Ошол ырайыңдан эми кайтасыңбы, жокпу?

— Мен ачык түшүнбөй турам: мен бар болгону заманды талабын аткардым да...

— Аа, сен ошентип түшүнөсүңбү? Анда сен эмне үчүн биздин миң жылдап келаткан мусулман заманынын талабын аткарбай, жети атаң баш уруп келген ыйык динибиздин жолун жолдобой, капырлардын жолун жолдоп кеттиң?

— Жаңы заман бей-бечарага эрк берип жер-суу берип, теңчилик куруп атат. Эл ээрчип атат. Анан мен да.

— «Эл» дейсиңби? — деп кекетти Ташым, көкүрө-

гүнө жайылган сабдал сакалын титирек баса,— мен, тиги молдо, мынабу жүргөн жигиттер эмне үчүн ээрчибейт? Сенин атаң эмне үчүн ээрчиген жок?..

Мен мукактана түштүм.

— Атам... атам...

— Тарт тилиңди! — деп кыйкырып жиберди Ташым корбашы. — Сен менин о дүйнөгө кеткен ыйык туугамды «ата» деп айтышка актыгың жок! Сенин тилиң да, дымагың да күнөөкөр. Ага сөзүң тийип, аны булгабасын. Ал капырлардын колунда өлүп, шейит болду, анын жаны жанатта. Анын арбагы аппак кийинип, күнүгө түндө түшүмө кирет, түшүмө эмес, кээде ушул үйкүргө да кирип келет. Балким, ал о дүйнөгө кеткен маркум сага да көрүнөр. Ошол өлүмгө атаңды сен түрткөнсүң, демек — дили карасың... — Корбашы жиндене түштү. — Ички дилиң гана эмес, сырткы кейпиң, кийген кийим-кечең да капыр болуп кеткен! Карачы! — Ал менин тармал кылып койдурган чачымдан чапчып, силкип-силкип жиберди да, мен чыңырып ийгенимде, белине асылган бычагын сууруп алып, төбө чачымды шарт кесип алды. Төбөм «тыз» этип, бетим ылдый кызыл каным жая берди. Тиги, балким, менин чачымды эле кесип алайын дегендир, бирок алакандын отундай төбө терим кошо кесилип кеткен экен.

— Курмушу! — деп кыйкырды молдо.

Жигиттер алоолонгон отко курмушу күйгүзүп келишип, төбөмө басышып, канымды токтотушту, анан башымды элечек орогондой ороп таңышты.

— Адегенде мунун шайтанын каккыла. Анан мен муну менен катуу сүйлөшөм! — деди корбашы.

Нөөкөр жигиттер мени кызыл камчыга алышып, керип-сабап жатышкандарын бир билем, анан акыл-эсимден тандым.

Канча саат, канча күн жатканымды билбейм, бир убакат көзүмө бозомук жарык урунуп, бара-бара үңкүрдүн тиги башындагы күйгөн от экендигин ажыраттым. Кыймыл этсем сөөк-денем сайгылашып, чучугума жетердей ооруу бүткүл денемди тепчип өтүп турат. Өз эркимден тыш онтоп жаткан экенмин. Төбөмдүн шапалактай терисин шылып кесип таштагандыктан, башым тулуп болуп шишип кетиптир.

— Суу... суу... — дедим шыбырап.

—Суу керекпи? — деп кимдир бирөө кыйкырып сүйлөп, бет алдыма оро-пара келди. Көзүмдү жыртып ачып, аппак кийинген, аппак сакалдуу адамдын элесин ажы-

раттым. — И-и, уулум Тумалай, абалың тың го. — дейт. Көзүмди бардап ачып, таңдана түштүм.

— Атаңмын. Нуркулмун... — дейт алиги элес шыбырап. Мен абдырай түштүм: «Өңүмбү, же түшүмбү? Ушул ирмемде, кече Ташым корбашы абам:

«Атаңдын арбагы ушул жерде жүрөт, мага келет. Балким, сага да жолугуп калар» деген сөзү — анда кулак учуман оюн катары кайып өткөн сөздөрү кылт эсиме түшүп, жүрөгүмдү титиретип жиберди.

— Ме суу. Жутуп жибер. Өзүңө кел, анан сүйлөшөм. Бирок эсиңде болсун, ырайыңдан кайт. Ич, ич...

Мен сууну какап-чакап тартып жибердим: муздак суудан улам, ичимдеги өрттөнгөн жалын өчүп, көзүм дааналана түшкөнсүдү, бирок атамын элеси ошол замат үңкүрдүн караңгы тарабына сиңип, жок болуп кетти. Менин бүткүл ички дүйнөм түйүлүп, алда кандай абалда калдым, бул көрүнүштүн чын-жалганына баа бере албай, аптыгып аң-тың болом.

Бир убакта бир нече жигиттер келишип, менин сөөксаагым, бүт денем сайгылашып ооруп жаткандыгына карашпай, колумдан-бутумдан сүйрөшүп апарышып, үңкүрдүн бир караңгы бурчундагы атайын орнотулган түркүккө эки-кол, эки-бутумду эки жакка керишип, бекемдеп байлап коюшту. Жаным кыйналып, өлөрчө катуу оорунун запкысын тартып жатсам да, ичим от болуп ысып, кардым ачат.

Бир убакта Ташым абам — корбашы абам бет маңдайыма коюлган күрсүгө отуруп (жанында эчки сакал арык молдосу да бар), мени суракка ала баштады:

— Эмне көрдүң, Тумалай кемсомол? Эмне болдуң? Мага айтар акыркы сөздөрүң барбы?

Менин тилим күрмөөгө келбейт.

— Ташым аба, айланайын аба, мени өлтүрсөңөр да кыйнабай өлтүргүлө.

— Мен сени өлтүрүп күнөөкөр болгум келбейт. Мен сени ырайдан кайтарып, сообуңа калгым келет.

— Менин ырайдан кайтып-кайтпаганым кимге тың?

— Өзүңө — өзүңдүн ыманыңа.

— Мейли, мен ымансыз өлсөм да кыйнабагылачы?

— Жок, сени ымансыз өлтүрүп, жети атабыздын ыйык жүздөрүнө, андан калса, өз атаң Нуркулдун такыбаа жүзүнө түшүргүм келбейт.

— Эмне кылышым керек?

— Ырайдан кайт. Келме келтир.

Молдо чепендеп кошула калды:

— Илалаиха иллалла мухамодра сухрала де.

— Мен ошону миң жолу кайталаганда эмне чыгат?

— Сен аны тил учунда айтпа, дилиңде айтасың. Дилиң менен мусулманчылыкка буруласың.

— Мен ошентип бурулгандан не пайда?

— Көп пайда кыласың, сен кемсомолдун райондук жетекчилеринин бирисиң, сенин айткандарынды бүт аймактын жаштары угат. Ошолордун баарын акырындап, ырайдан кайтарасың — ыман-жанын мусулманчылыкка бурасың.

— Ошондон эмне чыгар экен?

— Баарыңар Кеңеш өкмөтүнүн бийлигине — капырлардын бийлигине каршы болосуңар. Элди ээрчитесиңер: эл бүт көтөрүлөт, ошентип, бизден зордоп тартылып алынган жер-сууларыбызды кайрадан кайтарып алабыз. Капырларсыз ыйык мусулманстанды курабыз.

Тумалайга күндө атасынын аппак кийинген элеси бет маңдайына тартылат. Ал да дал ушул Ташым корбашынын айткан сөздөрүн кайталайт, молдо айткан о дүйнө жагдайын эскерет. Тумалай көнбөйт, бирок алиги күрсүлдөгөн балбан жигиттер эсин оодарганча уруп-согуп жазалашат.

Бир айдай убакыт өтүп, Тумалай азап-тозоктон, кыйноолордон жинди болуп кетүүгө жакындады. Анткен сайын атасынын арбагы андан катуу иштерди күттү. Молдо менен Ташым корбашынын айткандарына — мусулманчылыкка чакыруусуна макул болуусун мажбурлады. Тумалай бүткүл өмүр жолун, эс тарткандан беркисин көз алдынан өткөрүүгө, аларды акыл-эсанде кайра таразалап чыгууга аргасыз болду: «Ырас эле мен атамын «Бисмилла рахман рахим» деп мени колуна алган сөздөрүн угуу менен акыл-эсим башталбады беле? Оокат ичүүмдү баштоодо да ушул сөздү жат айтууга үйрөтпөдү беле атам. Апам байкуш оозунан да ушул сөздөрдү күн сайын жүз кайталап айтып жүргөнүн угар элем го. Мага жакын башкалардын сөзүндө да ушул сөздөр болор эле да... Кийин мечиттеги мактабда окутушту: эжелетип алиппе окутушуп, он эки жашымдан намазга жыгышпады беле. Беш маал жуунуп, атамын артына отуруп, жайнамазга чекемди тийгизип, кудай сөздөрүн жамыратып жат айтуучу эмес белем. Өзүмдү ымандуу, пакиза сезүүчү элем го. Ошенткендигим үчүн мени атам да, апам да сүйүүчү. Эжелерим мага суктана тиктешчү — кудай жолунда бараткан бактылуу инибиз деп суктанышчу... Анан эмне болду? Анан —ак падыша

кулаптыр» деген кабарлар угулуп, бир-эки жыл айланбай, жаңы «бийлик келди: эл уу-дуу, өзгөчө жаштар... алардын арасында «кемсомол» деген сөздөр пайда болду: күн сайын чогулуш, мектеп ачылып, жаңыча окугандар... көп өтпөй мен да кемсомол болдум. Башкалар «жаша» десе, «жаша» деп, «ура» десе «ура» деп, элге аралашып кеттим. «Комсомолмун» деп ат чаап кыйкырып, жогортон эмне айтылса, ошону аткарышууга катышып жүрдүм. Күндөн күн, айдан ай, жылдан жыл өтүү менен, мен кудайды да, куранды да унуттум. Андан эмне таптым? Ишеним өзгөрдү — иман-жанымда башка адамга айландым. Балчайбектердин айтканына ишендим, алардын иши үчүн кара башымды да саюуга даяр боло турган жаңы ишенимдерге жетиштим. Эми ошол ишенимдердин түбү мага, менин ата-энеме, туугандарыма эмнелер берди?» Мен тунжурап жатам. Аягымда мына бу кашкайган чындыктарды моюнга алууга аргасыз болдум: «Атам асыл жеринен, аргымак аты менен ак сүт берген малынан ажырады, аягында алтын башы кай жактарда калды? Эми атамдын арбагы, ал ырас эле бар болсо, мага эрте-кечте көрүнүп жатканы чын болсо, мени кечиреби? Канткенде кечирет ал мени? Ташым абамын, кудай сөзүн сүйлөгөн молдонун айткандары чын болуп жүрбөсүн?..»

Мен тунжураган ойлордон ойлорго чөгө бердим.

Эртеси күнү мени Ташым-корбашы абам менен эчки сакал арык молдонун алдына алпарышканда, мен көз жаш менен бүк түшүп, тообо кылып, келме келтирип, ырайдан кайткандыгымды, эми мен кудайдын кулу, мукамбет пайгамбардын үмөтү болуп өтө турганымды айтып, буркурап ыйлап жибердим.

— Макул, мен эми биротоло силерге калам: айтканыңар менен болом, айдаганыңар менен көнөм. Өл десеңер өлөм. Жаныңардан чыкпайм,— деп жибердим.

—Сени биерде жаныбыздан чыгарбай кармап, башыбызга урабызбы? Сен кайра кетесиң. Райондогу ошол кемсомолдук ишинде иштей бересиң.

— Кантип? Кантип... — деп мен түшүнбөй апкаарыдым.

— Дал ушинтип, мурда кандай болсоң дал ошондой болуп. Бар болгону сен бизге өкүмөт, бийердеги бийликтер эмне иштеп жатышат, ошолорду астыртан кабарлап турасың. Бизге сенин ошол кызматың керек.

Мен шалдая түшүп көп нерселерди так түшүнө бербей, токтоло калдым.

— Сен шалдайба,— деди Ташым абам. — Айылда коргонуу отряддарын түзүшкөн имиш. Ошолорго канча мылтык берилген? Ал мылтыктар кимдердин колунда? Райондогу ГПУнун баштыгы алиги Григорий Бопбоп деген ачендик орус — баягы Андрей Бопбоп деген төрө орустун ак кирпик баласы кай жерде жатат? Үйүн куралдуу солдаттар коргойбу, жокпу? Тараган колхозду кайра уюштурушкан Миңбай кедей менен Райондон келген ополдомочун Чокмок Сарык уулу кантип иштешет, кай жерде түнөшөт, ушулардын баарын бизге тактап берип турасың.

Мен көзүмдү чекчейте, маң болуп туруп калдым.

— Көзүңдү чекчейтпе,— деди корбашы абам. — Сен ушуларды иштөө менен, өз атандын алдында жүзүңдү актайсың, мунун баары ислам үчүн, атаңдын иманының салаватгыгы үчүн кызмат кылганың болот.

Корбашы Ташым жүктөгөн эсепсиз көп милдеттердин ичинен эң оору молдонун кызына үйлөнөсүң, атаң бу молдого белкуда түшүп баталашкан, куран кучактап антташкан, атаң мага келген сайын ошону эскертип, мени милдеттендирип атат дегени болду.

— Аба, аба...— деп мукактана түштүм.— Эмне үчүн антесинер? Ал кыз менен менин кылар иштеримдин кандай байланыштары бар?

— Сени көзөмөлдөп жүрөт. Сен берген кабарларды бизге жеткирип турат. Сен кыйшайып кетсең, аны да айтып турат. Андан калса, ата осуятың ошо.

Мен ого бетер аптыктым:

— Аба! Айланайын аба! Менин сүйлөшүп жүргөн кызым бар эле.

— Алиги кемсомол кыздарданбы? Алардын иманы бузулган. Атаң аларды каалабайт. Ушу молдонун таза кызын аласың. Бүгүн кашык сууга нике кыябыз. Сөз бүттү.

Мен андан артык каршылык кыла албадым: каршылык кылганым менен да, алиги жигиттерине өлөрчө сабатып, өз айткандарын баары бир жүзөгө ашырарын билип турам.

Ошентип, көп өтпөй Зайнап аттуу кара далы кызга нике кыйышты. Бардык иш, сөз, басмачылар туурасындагы маалыматтар, эч кимге билинүүгө тийиш эмес. Мага куран кучактатышты. ант алып, касам ичиришти. Кыскасы, мен басмачылардын райондогу тыңчысына айландым. Антпеске чарам жок: башым кетет, а менин өлгүм келбейт, жашагым келет...

Мен районго он-он беш күндөн соң келип, иштей баштадым: жоголгон күндөрүмдү үйлөндүм деп жоотконоттум. Ырас эле жаш аялымды көчүрө келгенмин.

Ар бир жумада бардык абалды айтып, аялым Зайнаптан корбашы абама кабарлар жөнөтөм, аялым атасынын төркүлөп барган болуп, алиги кабарларды жеткирет, кайра кайтарда, алардын тапшырмаларын мага ала келет. Менин жөнөтөр кабарларым: райондук ГПУнун башчысы ак кирпиктүү Григорий Попов кайда? Анын карамагындагы кызыл аскерлер, кыргыз атчандар дивизиону кай тарапта жүрүшөт? Кайсы айылда жаңыдан ыктыярдуу коргонуу отряддары түзүлдү? Аларда канча мылтык, канча пулемет бар? Кайсы корбашыны алар талкалашып, кайсынысынан өздөрү талкаланышты? Кайсы басмачылар кай жерге чабуул коюп, кайсы колхозду, дүкөндү, же гарнизонду талкалап-талап кетишти? Мен булардын баарын райондук комсомол комитетинин жооптуу кызматкери катары ГПУ кызматкерлери менен байланыш аркылуу, райондук комсомол жана партия комитетине түшкөн маалыматтар аркылуу билип алам. Ушул максатта мен ГПУнун башчысы Григорий Попов менен да таанышып алдым: ал кишини биздин айылда туулуп, ошол жерде өскөндүктөн, жана да айлыбыздагы кадырман адам Миңбай менен достук мамилелери болгон үчүн, мени да жакшы кабыл алат. Ак кирпиктерин кыбың-кыбың ирмеп, мага комсомолдун жооптуу кызматкери катары жакшы мамиле кылат: басмачылардын кай жерде экендиктери, алардын күрөштөрү, талап-тоноп, кан төгүп жатышкандыктары туурасында кейиш менен айтат. Бул маалыматтардан керектүүсүн Ташым абам менен Молдо кайнатама жөнөтөм.

Менин берген маалыматтарыма таянуу менен — ГПУ тарабынан алар 50 беш атар мылтык, бир нече тапанча (Миңбай менен Чокмок үчүн) алгандыктарын, мылтыктар кимдерге тапшырылгандыгын, бул ыктыярдуу отрядын командири ким экендигин билдирген элем. Биздин айылды бир түнү Ташым корбашы абамын басмачылары чаап тыр. Мен өз абам Ташым өз айлын мынчалык катуу чабатко деп түк ойлогон эмесмин: он алты киши — алиги беш атар мылтык алгандар өлтүрүлүп, Миңбай-Чокмокторду баш кылып, бир нечесин тоо арасына алып кетишкен экен. Айдашып кетишкен малдар, өрттөгөн үйлөр канча?..

Мен ичтен түйүлүп, жинди болуп кетүүдөн өзүмдү өзүм араң токтотом: «Ой, мен басмачыларга тыңчы бо-

луп, ушунча кишинин канына, кыйраган үй-жай, жоготулган мал-пулга зыян келтирдимби? Мен мунун баарын эмне үчүн жасадым? Атамын арбагы үчүнбү? Ал мындан кандай сооптор табар экен? Ташым абам биз капырларга зыян келтиребиз, балчайбектерди жоготобуз, колхозду таратып, жер-суубузду — ата жерибизди кайра тартып алабыз дебеди беле. Мунун баарын мусулманчылык үчүн иштейбиз дебеди беле. Анын кылган мусулманчылыгы ушулбу?» Мен тунжурап жатам. Бирок эч нерсени айкын көз алдыма келтире албайм, ошон үчүн так жыйынтыктарга да келе албайм. «Мен эмне үчүн буларды иштедим? Өзүмдүн кара жанымды сакташ үчүнбү? Ушул кан, бактысыздыктар менен ыманжаным тазаландыбы? Же ыман-жаным: тетирисинче, карайып кеткен жокпу?..»

Менин ички дүйнөмдү тынчтыгы биротоло кетти: түн ичинде аттанып: тоо арасындагы Ташым корбашы абамды көздөй бет алдым, кечигип болсо да алиги бактысыздыктарга араалжы түшөйүн дедим.

Мен салам айтып, үңкүрдөгү Ташым абамдын алдына кирип бардым.

— Ии, кел, Тумалай! Түндөп аттаныпсың, балким, бир жаңы кабарлар менен келгендирсиң. Сүйлө.

— Менин сөзүм бу, Ташым аба,— дедим мен ички күчтүү сезимимден аптыгып,— Мен сизден, сиздин жигиттериңизден, муну күткөн эмес элем.

— Ии, эмне кеп?

— Сиз өз айлыбызды чаап, белден кан төгүпсүз го?

— Мен өкүмөтчүлөрдү жазаладым, капырларга кызмат кылып, ыманы карайып кеткен кудайсыздарды жазаладым.

Мен сөз таппай, дудалактана түштүм.

— Кантсе да бу өз айлыбыз, каны төгүлгөндөр өз тууган-уруктарыбыз эмес беле?

— Ха! — деп корбашы абам, менин али бала бойдон экендигиме кейигенсиди. — Кеп ошондо бекен? Биерде ыман-ишеним жөнүндөгү зор маселе чечилип жатат. Капырчылык менен мусулманчылык эч качан келише албайт. Сен билбейсиң, Тумалай кемсомолум, ишеним үчүн, демек, дин үчүн Азирет Али чалиярыбыз кылычын кынынан сууруп, динге кирбеген өз туугандарын да — арабдарды да, парсыларды да, башкаларды да, отко, сууга табынгандарды да аяган эмес. Мен ошо ыйык диндин да, менин Алла-таала кудайым да айыптабайт. Мен ыйык согуш — газават согушун жүргүзүп атам.

Бул күрөшүмдө өлсөм шейитмин, тирүү калсам шапаатмын... Сен балалыгыңды таштагын, Тумалай!

Мен шалдырап отуруп калдым. Кыскасы, корбашы абамын ишенимдери алдында менин ишенимдерим арык аттап, суу кечпей калды. Эң аягында мен али өлтүрүлө элек Миңбай раис менен Чокмок ополномочунду, дагы беш-алты активдерин бошотуп кетүүнүн аракетине өттүм.

— Миңбай менен Чокмокту, анан тиги беш айыл активин бошотуп бериңиз.

— Ии, өзүңдүн башыңды сурабайсыңбы? — деп какшыктады корбашы абам, көзүнөн заарын чачыратып, төшүнө жайылган сабдал ак сакалдары дирилдеп.

— Сурабайм өзүмдүн башымды. Аларды өлтүрөр болсоңуз мени да өлтүрүп коюңуз.

— Ии,— деп кызыкты корбашы,— жаныңдан тойдуңбу? Же алар менен киндигиң туташпы?

— Алярсыз мен сизге кызмат кылып бере албайм, себеби, булар өлсө, ордуна башка адамдар келет, мен алар менен тил табыша аламбы, жокпу, кудай билет. Андан калса, бул экөө тең бүт өрөөнгө аврейлуу адамдар. Буларды жок кылсаңыз, балким, таманыңардан от күйөт.

— Эмне үчүн?

— Алиги ак кирпик ГПУ — Григорий Попов досу Миңбайдын каны үчүн, жакын адамдарынын бири Чокмоктун каны үчүн өч алат.

— Мен өч алуудан коркпойм. Мен да башымды өлүмгө сайып коюп чыккан адаммын.

— Сиз антпеңиз. Ишим алга жылсын десеңиз, бардык кабарларды билип турам десеңиз, буларды соо калтырыңыз. Тим эле качып кетти кылып, бошотуп ийиңиз. Аны ким бошотконун өздөрү да билбей калышсын. Мен тууралуу да билишпесин. Аларды бошотпойм десеңиз, азыр мени да атып таштаңыз.

Мен корбашы абамдын алдына чөк түшүп, төшүмдү ачтым.

Ачууланган корбашы тапанчасын сууруп алды эле, Молдо, демек, менин кайнатам, ортобузга түшө калды.

— Бек! Бек, иштин кызыкчылыгы үчүн, Тумалайды соо коюңуз. Кудай ишин жүргүзүп жатабыз, кудай үчүн ырайдан кайтыңыз.

Молдо ырас эле кудай иши үчүн ошентти беле же кызы жесир калбасын дедиби, кантсе да корбашыны көндүрдү. Ал Миңбай менен Чокмокту бошотуп жибе-

рүүгө макул болду: качып кетти кылып, өзү да билбеген болуп бошотту. Жигиттери калп эле кое бердик деп өлтүрүп койбосун деп, өзүм бети башымды жоолук менен таңынып кошо чыктым. Үңкүрдүн тээ тереңиндеги бир бурулушунда экөө тең — Миңбай менен Чокмок шыйрагынан асынган бойдон, ооздорунан өтү куюлуп, эстери ооп, өлүм алдында турушкан экен. Аларды бошотуп, алы кеткен немелерди темтендете айдап, караңгы түн менен узатып жиберип, өзүм алардан мурда кыштакка жетип, алардын келер жолун күттүм...

Ошентип, Миңбай менен Чокмоктун өмүрлөрүнө аралжы түшкөнмүн, эми Миңбай мени «Мусапыр» деп кордойт... — Тумалай терең улутунду да, ордунан туруп, түңкү бакты беттей басты.

* * *

Садык Тумалайдын буга чейин өзүнө белгисиз болгон өмүрүн, тагдыр жолун укkан соң, терең адамдык сезими ойгонуп, Тумалайдын бир кездеги жеңил баадай көрүнгөн сөздөрү үчүн ичинен изиркенектенүүсү жоюлуп, аны бир жагынан аёо менен да, экинчи жагынан ал түрлүү толкунда олку-солку болуп, бирде ак ишке, бирде кара ишке кызмат кылган эки жүздүү адам катары санап, кыжыры туулуп, бирок биротоло жыйынтыктап салууга болбостугун ойлоп, өзүнчө тиштенип отурду.

Садык Чокмок менен Миңбайдын мындай тарыхын алар Ташым корбашынын колуна түшүрүп, үңкүрдө шыйрагынан байланып, баштарын төмөн салаңдатышкан боюнча, оозунан өттөрү куюлуп, өлүм менен тирүүлүктүн аралыктарында турушкандыктарын, аны кандайдыр бир кайып кишинин колдору туткундан түшүнүксүз абалда бошотуп жибергенин укkан. Ошол өмүр бою өзүнө да түшүнүксүз бойдон калып келаткан окуясын качандыр бир кезде Чокмок чал өзү Садыкка айткан.

— Садык,— деген Чокмок абышка тырмактары бузулган, манчалары кыйшык-мыйшык бүткөн колдорун ушалап отуруп,— мен биерде «эрдигимди» — өлбөй калганымды мактанайын деп отурганым жок. Алиги түшүнүксүз сыр мени өмүр бою ойлорго салат: Ташым корбашы менен анын молдосу — менин өмүр бою келаткан душманым, кармап алышканы чын, шыйрагымдан байлап, үңкүрдүн караңгы жерине асып коюшканы

чын. А бирок неге алар — алар болбосо, бир белгисиз жан, бизди бошотуп жиберишкен? Алар тап боюнча да — алар эзүүчүлөр, а мен аларга каршы күрөшкөн «балчайбек», дин боюнча ишенимдерибиз таптакыр башка — алар ислам дининин ыйык жолу үчүн күрөшкөндөр, а мен алардын айтуусунча «капырмын». А бирок алар ошондо мени — эси ооп жаткан мени неге жазасыз бошотуп жиберишкен?

— А балким,— деди Садык да таң калып,— ал адам сиздерди — Миңбай абам экөөңүздөрдү тааныган кишидир?..

— Анда эмнеге эрте-кийин бизге айткан жок?

— Балким, жаңы бийликке жан тарткан немедир?

— Анда эмне үчүн биз жакка өтө качпайт?

— Жан кыюуну күнөө санаган такыбаа немедир?

— Анда эмне үчүн басмачыларга кошулуп, бей-бечараларды талап, адам өлтүрүп, никесиз катындарды олжолоп, күнөөлөргө батып жүрөт?

Садык да шалдая түшкөн анда:

— Ырас эле түшүнүксүз. Бу чын сыр экен.

Чокмок ак чачтуу башын кашынды:

— Мага да өмүр бою сыр болуп келатат. Бу сырдын түйүнүн качандыр бир күнү билинеби, же гөрүмө чейин түшүнүксүз бойдон кетеби, билбейм. Билишим зарыл эле, бирок кантип?..

X

Дал ушул жарым кылым убакытка чейин созулган «сырдын» түйүнү бүгүн Садыктын колунда. Буга Чокмок менен Миңбайлар кандайча карашар экен? Ыраазылык мененби, же ызаа, кыжыр мененби?

Садык буларды биле албай калды.

Чокмок Тумалайдын жүлжүйгөн көздөрүнө тике тиктеп унчукту:

— Тумалай, ушунун баары чынбы?

— Иманыңыздай ишенип кое бериңиз.

Чокмок быртык-тыртык жоон манжалары менен Тумалайдын сөөгү чыккан арык ийиндеринен чапчыды.

— Биздин өмүрүбүзгө араалжы түшкөнүнө милдеткербиз. Бирок... бирок... — Чокмок мукактана түштү. — Бирок сен анда басмачылар менен байланышкан турбайсыңбы.

Тумалай жер тиктеп туруп айтты:

— Ырас, байланышкамын, бирок кандай шартта...

ырас мен өлөр алдында куран кармаганмын, касам ичкенмин.

— О кокуй күн оой,— деп жиберди Миңбай чал. Сенин шоруң динчилдигиңде да тура. Сенин ушундай шорунду учурунда байкабай калганыбызга да өкүнөм.

Тумалай баш көтөрүп унчукту:

— Силерди өлүмдөн алып калгандыгым үчүн кордойсуңарбы?

— Тумалай,— деди Чокмок чал кыжырдуу. — Мени ошондо басмачылар өлтүрүп салганда да бул дүйнө кемип калбайт болучу. Биерде сөз: улуу чындык, адилеттик жөнүндө баратат. Ошо адилеттик менен чындык болбой калса, адам дүйнөсү бузулуп кетиши мүмкүн. Кеп мына ошондо!

Дурия кемпир тиги тараптан кыйкырды:

— Жок! Кеп анда эмес. Мен да кечээ күнү ошентип ойлогонмун. Байкуш Тумалайды аяса болот тура дегенмин. Ал муунуп өлүп калбасын деп, сыйыртмагын талашкамын. Көрсө...

Дурия кемпирдин көз алдынан кечээ күнү Тумалайдын үйүндө — Тумалай экөөнүн ортосунда болуп өткөн кичинекей окуя жандуу элес менен жылт-жулт этип өтүп кетти:

...Тумалай өз үйүнүн төрүндө сулк жатканда, Дурия кирди.

— И, Тумалай, сулк жатыпсың, табың айныган жокпу?

— Табым айнып, этимин ысыганы сага керек беле?

— Жок кокуй. Этиңди ысытып башыма урайымбы?

— Тигини, кылгылыкты кылып коет да...

— Деги жазганым не, айтчы, кудай жалгагыр?

— «Бактысыз кылдың» деп эл көзүнчө жулунбадыңбы.

— Сен деп тагдыр-бактымды жоготкомун. Сырыңды билсем дегенмин.

— Шашпасаң өзүм деле айтып берет элем го.

— Канча жолу ыйлап сурангамын, сырыңды айтканың жок.

— Сен да мага «тием» дегениң жок, неге сыр ачам? Эми антпесең билгенинди кыл.

— Ал эмне дегениң, Тумалай?

— Мен өлөм. Муунуп өлөм.

— «Өзүн өзү өлтүрсө, кудайга күнөөкөр» делетко?

— Кудайына да ишенбей калдым азыр.

— Эмне жин тийди сага?

— «Кудайдын куранын кармап сыр түйдүң. Муну ачсаң, жаның чыгып кетет» дешкен. Мына, сырымдын ачылганына да далай болуп баратат, бирок жаным чыгып кеткен жок. Кыязы мен өмүрдүн көп мезгилинде өзүмдү алдап жүргөнгө окшобоймунбу.

— Антпе, сенин алданып келгенинди эл кечирет.

— Элди кой, өзүнөн өзүң уялганың азап экен. Мен андан өлүп гана кутулушум керек. Тумалай сыйыртмак түйүлгөн жипти алып жөнөдү. Дурия Тумалайдын артынан жүгүрүп асылды.

— Айланайын Тумалай, өлөкөрбө, айтканың менен болоюн: тий десең тийейин, түй десең түйөйүн.

Тумалай өжөрлөнүп, белинен курун чече, күрсүгө чыгып, шыптагы карыга илүүгө аракеттенди. Экөө курду талашып жатып, күрсүдөн куланышып, кийиздин үстүнө жыгылышыты...

— Көрсө, Тумалайдын чыныгы сырын мен билбептирмин. Мен аны динге убактынча алдаткан тура, ошон үчүн аны кечирсе болот деп, артынан жүгүрүп, сыйыртмагын талашам деп, күрсүдөн жыгылганбыз. Антсе да Тумалайга ыза болгон эмесмин, аны кектеген да эмесмин. Бир кезде мени алдап, молдонун кызына үйлөнүп алганын да кечирмек болгомун. Көрсө, Тумалай өзү комсомол деген атка жамынып, чынында басмачылардын тыңчысы болгон тура! Анын шыбышы менен айылыбыздагы сурайылдай жигиттер басмачылардын колунан каза табышкан да. Демек, ал кан ичкич жүзү каралардан болгон турбайбы. Биз анын бул жоруктарын ошол бойдон жазып, биз уюштуруп жаткан музейге коебуз. Муну элдин баары,— жаш-карылар, уулкыздар, тааныш-бейтааныштар көрүшсүн, Тумалайдын жүзү каралыгы айлыбыздын тарыхында калсын. Ал эмне болуп калыптыр аны биз закон алдында...

— Токто, Дурия,— деп кыйкырды Миңбай. — Сен долулана бербе. Биз муну тактайбыз.

— Сен өз жаныңды тиги сактады деп, анын жүзү каралыгын жашырасыңбы, Миңбай карыя?

— Кыйкырба, Дурия. Өкмөттүн кагаздарында ал окуялардын баары жазылган. Алар архивде турат. Аны өз көздөрү менен көрүп, жүрөгү менен сезгендер да табылат.

— Ким? Ким? — деп кыйкырды Дурия.

— Ошол учурда ГПУнун начальниги болуп иштеген, басмачылар менен кармашкан, аягында аларды бүт жок кылган Григорий Попов деген бар. Ал азыр биз-

дин райондо жашайт, пенсионер... Согуш жана эмгек ардагеринин райондук советинин төрагасы. Биз ошондон тактайбыз.

Кыжы-кужуну аран токтотушту.

Ырас эле Григорий Попов бул окуяны түп тамырынан бери жап-жарык кылып, дап-даана кылып берди: ал эң алды менен тубаса ак кирпиктерин кыбың-кыбың ирмеп, көпкө чейин тунжурап ойлонуп калды, анын бет маңдайында отурган кыркма сакал Миңбайдын жүзүнө, андан аркы көпшөк кызыл жүздүү очойгон жоон чокмок чалдын көздөрүнө өз көздөрүн наштардай сайылта тиктеп туруп айтты. (Садык булардын сөзүнө аралашпай, жөн гана угуп отурууну максат кылды).

— Ушунча жылдардан кийин бул маселелерди чукулоо силерге эмне үчүн зарыл болду?

— «Чукулоо» эмес,— Миңбай балалык кезден берки досу Григорий Андреевичке, Миңбай үчүн дагы эле «Гришага», жилкинип сүйлөдү. — Адилеттикти сактоо үчүн зарыл болуп жатат, анткени биз колхоздун, демек өз айлыбыздын, анын жер-суунун тарыхын келечек муундарга акыйкат сүйлөп тура турган музей куруп жатабыз. Ошон үчүн керек болуп жатат сенин калыс сөздөрүң!

Григорий Андреевич тээ бала чагынан аппак чачтарын салаалай тарап, ойлоно сөз улады.

— Андай болсо, Тумалайдын басмачыларга байланышып кеткени да чын: ичтен аларга тыңчы болуп, сыр жеткирип туруп, айылдагы ыктыярдуу коргонуу отрядына сокку урдуруп, жыйырмага жакын айыл активисттеринин өлүмүнө себепкер болгону да чын. Ошону менен экөөңөрдү Ташым корбашынын өлүмүнөн сактап калганы да чын.

— Ой, Гриша! — деп Миңбай энтиге түштү. — Сен да ал окуяны ошондо билип турдуң беле? Демек, сен да басмачыларга байланышкан тыңчы белең? Анда, бүгүн сени биз...

— Миңбай! — деп кыйкырды Григорий Андреевич,— сен адатыңча кызуу кандуулукту таштай элек турбайсыңбы! Сөздү ук, анан оолук.

— Макул, угайын, бирок...

— Уксаң ушу: Тумалай жапжаш бойдон комсомол активисти болуп аттанып, Совет бийлигинин өз айылында чыңдалышына чоң үлүшүн кошкондугу чын. Ак жүрөктүгүн ушундан көр, өз атасын кулакка тартышка билиминин жетишсиздигинен улам, андан калса, ошол

кезде жүрүп жаткан жаңылыш саясатынын — туташ коллективдештирүү деген өтө чапма шарданы менен, өз атасын — орто дыйкан атасын кулакка тарттырып алгандыгы да чын Кийин адилеттик такталып, атасы актталган, бирок авактан чыкпай өлүп калган. Мунун өзү Тумалайдын ички дүйнөсүнө зор таасир эткен; ал ошол мезгилде Совет бийлигин жүргүзүп жаткан жер-суу саясатына, коллективдештирүү саясатына ичтен күмөнсүү көз менен карай баштаган. Дал ушундай ички олку-солку шарттарында аны корбашы абасы колго түшүрүп алып, өлүм менен, дин менен коркутуп, өзүнө тыңчы кылып алган, жаш Тумалай минтип басмачыларга, динге кызмат кылуу менен, атасынын алдындагы, тууган-уруктарынын алдындагы өз жүзүн актап алууну ойлогон. «Капырлардын» бийлиги кыйрайт, кудай аларды өзү каргайт, ошентип мусулманстан курулат» деген үгүттөргө ишенип кеткен учурлары болбой койгон эмес. Ошентип, кыскасы, басмачыларга жарым-жартылай ак кызмат кылууга өтүп кеткен.

— Созбо! — деди Миңбай обдулуп,— бизге ушул жери керек болчу. Башканын кереги жок бизге.

— Шашпа, Миңбай! — деп жилкиди Григорий чал. — Бирок анын берген шыбыштарына таянуу менен өз айылын басмачылар чаап, жыйырмага жакын өз айылдаштары, кээ бир туугандары да курман болуп кеткен соң өзүн кудайы алдында, тигилердин төгүлгөн каны үчүн күнөөкөр сезип, айылы алдында өзүн жүзү кара болгондугун мойнуна алып, түндөп тоодогу басмачыларга жетип, Чокмок менен Миңбай экөөңөрдү өлүмдөн өз колу менен алып калган: «Ушулардын жардамына таянбасам, силерге кызмат кыла албай калам» деп аларды белгилүү даражада ишендирген, балким, алдаган, «Уурунун бир бети кара, айгактын эки бети кара» деген кыргыздын макалы бар эмеспи. Тумалай дал ошондой эки бети кара абалында калганын сезет, ошондон тартып, күпү-түнү уктай албай, ичтен өрттөнүп түйшүктөнө берет. Акыр аягында ал мага, андагы райондук ГПУнун башчысына, Григорий Андреевич Поповго келет.

— Эмне деп келген, ошол жерин айт бизге!

— Шашылба, Миңбай. Айтам, баарын эми жашырбайм.

— Бирок ушу убакка чейин жашырып келген турбайсыңбы.

— Анын себептери болгон.

— Кандай?

— Шашылба,— деп Григорий стол үстүн алаканы менен тарс эттире кагып жиберди. — Аны мен сөз жүзүндө жашырып жүрсөм да, ГПУнун кагаз документтерине жашырган эмесмин. Алар органдын архивинде сакталуу.

— Эмне үчүн сөз түрүндө жашырдың эле?

— Тумалайдын башын өлүмдөн сакташ үчүн!

— Неге?

— Негенди коюп, угуп тур, Миңбай. Тумалай ГПУга кирүү менен өз абасы Ташым корбашынын бүт абалын: кай жерде жайгашканын, канча күчү, куралы, адамы бар экендигин, кыскасы, кантип жана кандайча бүт колун колго түшүрүү маалыматын берген. Анын тике жетекчилиги менен бу корбашынын бүт колдорун колго түшүргөнбүз.

— Оо— деп жиберди Миңбай,— Тумалай бу жолу тескериснинче чыккынчылыкка барган экен да!

— Миңбай, кыйкырба! Бу жолу чыккынчылыкка барган эмес, Тумалай жаңы бийликке жардам берген. Балким, жүздөгөн кишилердин өмүрүн сактап калган, анткени, ал жакшы шарттарды бизге жеткирбесе, аралыкта катуу согуштар болмок, аларда далдаланып жүргөн байкуш кедейлерден да, бизден да — кызыл аскерлердин составынан да, ыктыярдуу отрядын мүчөлөрүнүн арасында да курмандыктар болмок. Биз Тумалайдын жакшы маалыматтары боюнча басмачыларды курчап колго түшүрдүк: адашып жүргөн бей-бечараларды кое бердик, кээси биздин отрядга кошулушту, тоо арасындагы басмачыларга каршы күрөштөргө өтүштү. Ошентип, Тумалайдын аракети зор пайдалуу болду, муну өкмөт менен партия баалап, аны комсомолдон партиянын катарына алды, анан комсомолдун райондук комитетинин секретары кылып көтөрдү.

— Оо,— деди Миңбай, тээ бир кезде Тумалайдын кызматы улам жогорулап, көтөрүлүп бараткан сырларын түшүнө албай жүргөн учурларын эми эстеп. — Көрсө, Гриша сен жардам берип жүргөн турбайсыңбы.

— Ырас, мен да жардам бердим: бийлик алдында Тумалайдын ак, пайдалуу иштерин кызуу колдой бергемин.

Эми үчөө тең бир нече мүнөттөргө, негедир, ойлуу токтоло түшүштү — кимдир биринен жаңы сөздүн чыгышын күтүшкөнсүп, бирок, оңой менен эч нерсе чыга койгон жок.

Тынчтыкты баягы ачык мүнөз Миңбай чал бузду.

— Ошо сен көтөрмөлөп кызматка жазып, кызмат-аврой тактап жогорулаткан Тумалай учкун алдында камакка алынып кетти го?

Ойлуу отурган Григорий Попов жүлүнгө сайгандай дирт этип, Миңбайдын жүзүнө тигилди, анан тиштенип унчукту:

— Ооба, кийин, отуз жетинчи жылы, эл душманы болуп кармалды. Бирок, Миңбай, сен бул маселени ал басмачылар маселесине байланыштырба — ал өзүнчө таптакыр башка маселе. — Попов ак кирпиктерин кыбын-жыбын ирмеп, жер тиктеген бойдон көпкө чейин токтолуп, анан сөзүн ойлуу улады. — «Отуз жетинчи жылдын» шойкондуу капшабына, аргасыз шарттарда басмачылар менен байланышкан Тумалай эмес, өзүнүн тап душманы, анын ичинде басмачыларга каршы күрөшүп келген Чокмок сары уулу да дуушар болгон. Туурабы, Чокмок?

Чокмок очойгон чоң денесин жай козголтуп, көпшөк жүздүү башын жай-жай ийкеди.

Попов саал кызуулана сүйлөдү:

— Сен жакшы билсең керек: ал кездеги райондун партия комитетинин белдүү кызматкери Чокмок Сарык уулу партиянын катарынан чыгарылып, авакка отургузулганын. Аны тетиги быртык-тыртык бүткөн манжаларын көрүп турасыңбы? Ошону үчүн ал отко күйгүзүп алган эмес. «Эл душмандарын» табабыз деп Ежов аттуу ички иштер комиссариаты тарабынан чыгарылган «активдүү сурак» деген ыкма менен сурак жүргүзүлгөндө, тырмактарын кычкач менен сууруп алышкан. Уруп-сабап, эсин оодарышып, аягында өз каталарымды мойнума алам, деп зордоп жаздырышкан, анан муну өлүм жазасына тарттырып жиберишкен.

— Билем,— деди Миңбай жер тиктеп.

— Туурабы? Сөз кошуп койчу, Чокмок,— деди Григорий Попов талап кыла сүйлөп.

— Ооба,— деди Чокмок олбурлуу чоң денесин ордунан жай козголтуп. Анан көпшөк кызгылт жүзү ар жеринен былк-былк этип турду. Ал жер тиктеген бойдон сөзүн кобурап улады. — Эмнеден күнөөкөр болгонумду өзүм да билген эмесмин. «Эл душмандары менен байланышыпсың. Эмне деп сүйлөшкөнсүң? Айт дешет, кыйнашат, кордошот, адам чыдабастай жазалоолор... Мага адам чыдагыс азап-тозоктордун эмне кереги бар эле? Акыры: «Кыйнала бербей өлөйүн» де-

дим. Өзүлөрү каалагандай жазган кагаздарына кол коюп бердим.

Садык бир кезде Тумалай өзүнүн өпкөдөй кызгылт каптама тиштерин — таңдайы менен кошо жазалган тиштерин сууруп алып, өзүнүн тумшугу алдына тоскондугун: «Сен акылдуусуңба, мына мындайларды да көргөнбүз» деген сөздөрүн эми эстеп, ичтен кайгырып турду.

Чокмок чал тиштенип үнсүз, көк-ала тарткан быжыгыр сакалы дир-дир этет.

Попов кызууланып сөзгө аралашты:

— Тумалайдын абалын да ошондойчо элестетип кое бер.

— Мен да билем мындай оор замандар өткөндүгүн — өзүм «отуз жетинчи жылдын» капшабына тике тартылбасам да... — Миңбай кабак түйдү.

— Болуптур да анда, бүгүн Тумалайды эмне үчүн айыптадынар. Ал далай жакшы адамдардын башына түшкөн апаат болгон, мезгилдин катасы болгон...

— Билем. Мен анын басмачыларга байланышканына таңданам.

— Шарт ошондой кылган аны, атасы ак жерден өлүп отурса... Жер-суудан, мүлкүнөн тим эле ажырап... Тумалай аргасыздан дин алдында, кудай алдында кечирим сурануруга мажбур болгон. Андан калса, басмачылар кармап алып, өлүм менен коркутуп, кыйноо менен мизин кайтарып, аны өз кызматтарын кылдыруурга мажбурлашпадыбы.

Миңбай жер тиктеген бойдон ойлуу токтолду.

Көптөн кийин Григорий Попов сөз улады:

— Миңбай, биздин өлкөдө революциянын жеңиши тарыхый зарылдык болгон. Социалисттик коомдун өнүгүшүнүн негизги тенденциясы, менин ишенимимде, туура багытта өнүгүп келатат. Бирок да бул өнүгүү жолубуз кыртыксыз болду дегендик эмес, тетирисинче, жолубуз өңгүл-дөңгүл болду, анткени, биздин коомдук түзүлүштүн өзү-жеке менчиктин жоюлушу, адамды адам эзүүнүн жоюлушу, тең укуктуулук, дагы башка коомдук мамилелер мурда адам тарыхынын өткөн жолунда түк болбогон, көрбөгөн, ошон үчүн жаңылыштыктар, трагедиялуу пайттар болушу сөзсүз болуучу нерселер эмеспи. — Попов ойлуу токтоло калып, анан улады сөзүн. — Мен андайлардын далайын өз көзүм менен көрүп, өзүм күбө болуп турбадымбы. — Попов дагы токтолуп, анан сүйлөдү,— мен ак падышанын

офицери болгонмун, дүйнөлүк биринчи согуштун азап-тозокторун аралап өттүм... Андагы төгүлгөн канды, бүлүнүүлөрдү, кайгы менен кара иштерин бир бирден терип айтып отурбайын — анын бүгүн кереги жок, кайталасам жүрөк ооруйт. Ошон үчүн большевиктердин үгүтүнө ишенип, аларды ээрчигенмин, анткени, большевиктер согушту токтотууну, Россияны согуштан чыгышын, ошонун натыйжасында элдеги оорчулуктарды, каатчылыктарды жоготуунун жолдорун издешкен. Ошол большевиктердин артында борбордук Россиянын көп шаарларында өтүп жаткан революциялык кандуу кагылыштарга катышканмын. — Попов дагы токтоло калды, анан сөзүн улады. — Революция жеңди. Анда да кандар төгүлдү: эзүүчү тап байлыгын, бийлигин да жөн эле бере койгусу келген эмес, эсепсиз көп адамдардын каны төгүлгөн. Бирок эмгекчи эл Ленинди, анын большевиктер партиясын ээрчиген, анткени, Ленин жана большевиктер калың элдин кылымдар бою эңсегендерин — жерди, эркиндикти өз колдоруна берген. Ошон үчүн кыжырданган эзүүчү тап Совет бийлигин мүнтүп өлтүрүү үчүн саботаж уюштурушту: завод-фабрикаларды кыйратышты, мал-жанды кырышты, дан-нандарды бербей катышты. Ошондо биз — большевиктер продотрядлар (азык-түлүк) уюштурушуп, помещик менен байлардын, кулактар менен соодагерлердин каршылыктарын курал-жарак менен сындырып, мал-жанды, эгин-дандардын ашыкчаларын тартып алып, каршылык көрсөтүшкөндөрүн атып салдык. Бирок да, биз тарабынан жиберилген зомбулуктардын терс жактары жылдар айланбай эле көрүнө баштады, эл ашыкча эгин экпей, ашыкча мал бакпай коюшту — баары бир большевиктер зордоп алышат экен дешти. Мындай абал өткөндөгү ачарчылыкты ого бетер күчөттү. Ошондо улуу Ленин продразверстканы (азык-түлүктү зордоп алуу компаниясын) токтотуп, продналогду киргизди — эл эгинди эгип, малды багып, белгилүү өлчөмүн гана мамлекетке өткөрүп, калганын базарга сатууга, байлыгын көбөйтүүгө мүмкүндүктөр алышты. б. а. элдин жерге, малга болгон жеке кызыкчылыгы арта берди — муну НЭП (новая экономическая политика) деп аташкан.

«О кокуй, Ленин бийликке жетип алган соң, капитализмди кайрадан реставрация кылып атат, адамдардын байып кетишине шарт түзүп салды деп, Лениндин, анын партиясынын душмандары чуу салышты, бирок

Ленин алардын «чуусуна» кулак салган жок. Дыйкандардын, жалпы эле эмгекчи элдин жерге, малга болгон кызыгуулары артып, дүйнөлүк согуштан жана граждандык согуштан кыйраган өлкө экономикалык жактан тез эле көтөрүлүп бара жатты..

— Гриша,— деп Миңбай чал да сөзгө аралашты. — Сен неге элге белгилүү тарыхты жоорап айтып жатасың?

— Менин айтайын дегеним белгилүү тарых эмес! — деп кыйкырды ак кирпик Григорий чал. — Мен буга байланыштуу өз жеке түшүнүгүмдү айткым келет.

— Айт-айт,— деди Миңбай чал тайсалдап.

— Көрсө, улуу Ленин эмгекчи адамдардын коомдук кызыкчылыктардан тышкары, жеке кызыкчылыктарын, демек, дыйканчылыкка, мал-чарбачылыкка бекем байланыштырган экен... Ошондон көп жылдар өтпөй, коллективдүү чарбаларды шашылыш, тарыхый даярдыксыз түзүү менен эмгекчи адамдардын ошо жалпы кызыкчылыктарын кийинки бийлик жетекчилери орой түрдө кырка чаап ташташкан тура. Эл жерден көп түшүм алсам, өз жеке чөнтөгүмө да ошончо пайда түшөт деп, башы менен башмалдак атып иштөөдөн четтей баштады, көрсө, коомдук кызыкчылыктын өзү гана адамдарды жерге, малга табигый шыктарын көпкө кармап албайт экен да... Андан калса, жерди, малды биле турган жер ээлери, мал ээлери жерден ажырады, жер-суу ну билгичтик менен ээлеген кулактар массалык түрдө жоготулду, аз келгенсип, аларга кошуп жери менен жаны бирге орто дыйкандардын далайы да кулакка тартылып кетти, аша чапкан саясатчылар аларды таптакыр жоготуп жиберишпедиби. Ошентип туура өнүгүшүбүз менен бирге, жаңылыштыктын артынан жаңылыштык улантыла бербедиби. Мына алардын эң трагедиялууларынын бири шойкондуу «отуз жетинчи жыл» болбодубу. Баятан бери айталбай кайпытып-куйпутуп айткандарыбыздын дал өзү ушу эмеспи...

— Ырас, ошол,— деп шылкыйды олбурлуу Чокмок чал, анын көз алдынан өз өмүрүндө баштан кечирген зомбу адилетсиздиктер, зарыгып тапкан акыйкаттар биринин артынан экинчиси чубашып өтүп баратты: алар аны «эл душманы» катары аваккa алынышы, адам баласы чыдагыстай уруп сабоо, тырмактарынын алдына мык кагып, кээде кычкач менен тиштерин сууруп алышкан «активдүү суректар»... жан чыдагыс азаптардан көрө өлөйүн деп, «баарын мойнуна алып» кол коюп

берген учурлары, анан өлүм жазасына тартылышы, анан тээ алыскы түндүктөгү алтын кенине иштөөгө айдалышы, андагы ач-жылаңачтыктан болгон өлүм-кыргындар... дал ошондой шарттарда фашизмдин биздин өлкөгө кол салышы... Чокмок өз жеке ызасын унутуп, өлкөнү коргоого катышуу үчүн, ошондо түзүлө баштаган «штрафтык батальонго» жазылышы... Кийин Сталинград алдындагы катуу кармашта катышып, «смертниктер» катарында (аларды ошентип аташкан) чыныгы эрдиктерди көрсөтүү менен командованиенин көзүнө түшүшү, күжүрмөн орден-медалдарга татыктуу болушу... Кырк төртүнчү жылы катуу согуштарда оор жараланып, бир жылдай госпиталда жатышы, акыр аягында зор жеңиш менен жүзү жарык өз айлына кайтышы, андан кийин топурактан кол үзбөгөн дыйкандык сүйүктүү кесибин улантышы — булардын баары азыр көз алдынан жандуу да, элестүү да жалпылдап өтүп жатты...

Григорий Попов чалдын үйүндө көпкө олтуруп, көп жаңы нерселерди укkан Садык үйүнө кайткан соң түн тээ тереңдеп кеткичекти уктай алган жок: ал негедир Тумалайдын баштан кечирген турмуш жолун бир бирден көз алдынан өткөрүп, андан улам ичтен толгонуп, анан өзгөчө татаал да, өйдө-төмөн да кеткен, жалпы алганда трагедиялуу турмуш жолуна ачынып, андан улам жүрөгү ооруна адамгерчилиги ойгонуп, анан турмуштун узак жолундагы айрым кадамдарына тиштенип кыжырданса, айрымдарына аргасыз макул болуп, кээ бирлерине аны аёо менен баш чайкап, өзүн ошол оор, адилетсиз жүктөр баскандай кыйналып-кысталып жатты. Ал «эл душманы» болуп узак мөөнөттө тээ авакка кесилип, жыйырма жылга өмүрүн — ак, өмүрүн тээ алыскы Сибирь түпкүрлөрүндө жер казып, токой кесип, өлүм менен өмүрдүн аралыгындагы өмүрүн бой өткөрүп жүргөн учурларын эстегенде, Садык төшөгүндө толгонуп кетти... «Оо, жараткан, ушундай мезгилдерин да өткөн экен ээ?..» деп угуза сүйлөп жиберди. Алар партиянын XX сьездинен кийин Тумалай кечигип болсо да жоготкон адилеттигин тапкандыгын, айыпсыз адам катары авактан бошотулуп, ал турсун, ошол жыйырма жылдан берки айлык маяналарын бүт алгандыгын эстеп, Садык өзүн өзү ичтен жубатуу аракетин кылды, бирок да кеп акчадабы? Эң башкысы анын өмүрү, болгондо да ак өмүрү азап-тозокто, бактысыздыкта, арман-муң менен өтүп кетпедиби. Мындан

улуу трагедия болобу? Ай-яй-яй!.. Садык терең үшкүрүп жиберди. Анан өз оюн улады. Кээ бирлер, «Бир кезде жалындап комсомол болуп чаап жүргөн, кийин партиянын катарына өткөн Тумалай эми динчил болуп кетиптир» деп жатышат. Макул, минтиши жамандыр... Бирок да Тумалайда антүүдөн башка эмне калды? Ал жаңы бийлик үчүн ак кызмат кылып, керек десе өз орто дыйкан атасын да курмандыкка чалып отурса, башын сайып басмачыларды колго түшүрүп, жүздөгөн адамдарды бөөдө өлүмдөн куткарып, башын сая ак кызматын көрсөтүп жаткан адамды бийлик эң аягында авакка салып, азаптуу суракта отуз эки тишин чагып, аз келгенсип, жыйырма жылдап түпкүрлөрдө, лагерлерде кармаса, ал эмнеге ишенүүгө тийиш эле?.. Ал үчүн бала чагында мечиттерде окуткан дин ишенимдерине кайтуудан башка чындык менен адилеттикти ошо курандан, акыйкат жыргалчылыкты тиги дүйнөнүн бейишинен күткөндөн башка эмне калган эле?.. Демек, бүгүн Тумалайдын динчил болуп кетиши үчүн анын керт башын айыптап отурушубуз акыйкатчылыкка жатабы?.. Эң аягында Садык аргасыз жыйынтыктарга келүүгө мажбур болду: Ырас, Тумалайдын мүнөзүндө, турмушка көз караштарында жеңил-баалыктар, үстүртөндүүлүктөр, башкача айтканда, бейпарбаалыктар бардыр, бирок да, анын тагдыр жолу ушундай трагедиялуу жыйынтыктарга чейин жетип калууда өз жеке мүнөзү, т'шүнүктөрү айыптуу эмес, жок, албетте, жок? Ал үчүн мезгилдер... Биздин эл, биздин дыйкандар басып өткөн жолдор, тарыхыбыздын субъективдүү себептерден улам болуп өтүп турган олку-солку учурлары да айыптуу... Шордуу Тумалай сенин тагдырына ачынам. Эч ким, эч бир урпактарыбыз сеникиндей трагедиялуу тагдыр жолунда эртең да, андан аркы узак жолдорубузда да дуушар болбосун.

Садык өзүнөн өзү күңгүрөнүп жатып терең уйкуга кеткендигин байкабай калды.

Эртең менен Дурия кемпир адатынча нанүштөсүн дасторконго коюп, анан Садыкты ойготту. Садык чала уйкудан улам ачышкан көздөрүн муштумунун арты менен сүрткүлөп, уйкусун таратып, анан ордунан жай туруп, жай кийинди, бети-колун жуунду.

Чай куюп берип отурган Дурия кемпир андан чыдамсыздык менен сөз күттү, бирок Садык ойлуу көрүнүштө чайын иче берди. Ичи бышып кеткен Дурия кемпир акыр аягында тынчтыкты бузду:

— И, Садык балам, сүйлөчү. Кечээ кеткен иштерден кеч кайттыңар го? Аягы кандай болду?

Садык кемпирдин көпшөк ак жуумал жүзүнө тигиле багып, андан сыр издегендей тиктеди да, жай жооп берди:

— Баары жайында.

— Жайында дегенің кандай? Тумалайдын басмачыларга тыңчы болуп жүргөнү чын бекен же жалган бекен Садык оозуна салган май токочуң бурчундата көпкө чайнап жуткан соң, чайынан дагы бир жолу уурттан, «айтсамбы, айтпасамбы» деген кейипте аран сүйлөдү.

— Чын экен, Дурия эне, чын экен.

— Оо, жүзүң кургур Тумалай,— деп жиберди кемпир,— канча адамдардын канына калганын көр. Кудай казабынды берер. Кудай деп сопусунуп, беш убак намаз окуйт имиш дагы...

— Эне,— деди Садык күүлөнүп бараткан кемпирди токтотуп. — Тумалай жыйырмадай адамдын канына сөбөнчи болсо, жүздөгөн адамдардын сообуна калып, адашып басмачыга кошулуп кетишкен көп-көп бей-бечаралардын өмүр-тагдырына араалжы да болгон экен. Ошон үчүн аны бир беткей эле каралап, каргап-шилей бергенибиз жарагыдай эмес.

— Эмне үчүн? Өкүмөт аны «эл душманы» деп жыйырма жылдай аванта кармаганычы? Ал эмне бекер бекен?

— Бекер экен, эне. Бекер экен...

— Кантип? — деп кемпир чай пияласын дасторконго койду.

— Тим эле... Ошол «эл душманы» деген неме дегеле болгон эмес экен.

— Кандай? Анда ал сөз асмандан түштүбү?

— Асмандан деле түшпөптүр. Айрым бир акмактардын башынан чыгып, бирок кыпындай өрт тутангандай, кең өлкөбүздүн туш-тушуна каптап, жайылып, миң-миндеген адамдардын өмүрүн, болгондо да ак өмүрлөрүн, ак тагдырларын жалмап кеткен турбайбы... — Садык силкине баш чайкап, бошогон чай чынысын дасторкон үстүнө чимирип жиберди. — Кандай гана кайгылуу, кандай гана өкүнүчтүү шойкондор өткөн. Айтып отурсаң, бүгүн да жүрөгүң титирейт.

— Ошентип Тумалай айыпкер болбой калабы?

— Ооба, Дурия эне, байкуш Тумалайда не жазык? Ал мезгилдин курманы болгон тура. Демек Тумалай

эмес, мунун баарына, ошо каардуу, бизче айтканда, шойкондуу мезгил айыптуу. Сиз муну туура түшүнүңүз.

— Анда биз Тумалайды айлыбыздын тарыхын көрсөткөн музейге жазбайбызбы?

— Эмне үчүн? — деп кылчайды, трюмо алдында галстугун байланып жаткан Садык,— жазабыз! Дурия эне, сиз Тумалай акеге карап көп эле чыйрыга бербеңиз. Өткөндө, эл көзүнчө, «мени бактысыз кылгансың, ак сүйүүмдү тепсегенсиң» деп аны жакадан алдыңыз. Минткенииниз, менимче, туура эмес.

Дурия кемпир дендароо боло түштү. Ошондо Садык ага эң акыркы кеңешин айтты:

— Сиз эне, Тумалай абага болор мамилеңизди кайра карап, ага адамча мамиледе болсоңуз жаман болбос эле...

XI

Чолпон кирип келип, Садыктын оюн бузуп жиберди. Садык кызды утурлай басты.

— Кел, Чолпон! Аптекаңа кирип, абалыңды да сурай албадым. Дары-дармегиң жетиштүүбү?

— Азырынча жетиштүү, агай. — Кыз шайдоот, ойлорун тартынбай айтат.

Садык кызга сактаган ойлорун айта баштады.

— Ырас келип калбадыңбы, Чолпон. Сага жолуксам деген элем — комсомол комитетинин мүчөсү катары. Азыр музей түзүүгө кызуу киришип атабыз. Бирок адамдардын мамилеси бир кыл эмес. Сен байкайсыңбы?

— Байкап атабыз, агай. Маселен, Тумалай абама барып, музейибизге комсомол тарыхы боюнча бөлүм, экспонаттар даярдап атабыз. Сиз алгачкы комсомол ячейкасынын секретары болгон экенсиз. Ошолор тууралуу айтып бересиз, сүрөтүңүздү да илебиз десек, «Мен сүрөткө түшүп, ал жерге илдирүүгө акым жок» деп этегин кагынып туруп кетти. А Нурия эне чалы Назарды «Музейге эч нерсе бербейсиң» деп, үйүнөн чыгарбай камап коюптур.

Садык кызга контр суроо берди:

— А өз таенеңдин мамилесин билесиңби?

— Ооба билем,— деди кыз ойлуу тиктеп,— Баян сулуу аталып жүргөн кезиндеги кооз кийимдерин, бойтумар-мончокторун музейге бербей жатат. Алгачкы учурларда «берем» деп өзү айткан. Кыязы, бирөө терс үгүттөгөн, коркуткан.

Садык баш ийкеп, анан өз оюн кошту:

— Булар эски заманда, дин таасиринде өсүшкөн. Опоңой бузуп коюга болот. Демек бул иште комсомол уюму да катуу иштөө керек.

— Макул, комсомол уюмунда да кеңешели, талкуулайлы.

Чолпон кетүүгө камынды.

— Чолпон, мага жумуштап келдиң беле? — деп сурады Садык.

Чолпон бир аз кысталыңкы абалда айтты:

— Ооба, агай... — Бирок оюн бүтө алган жок.

Садык муну байкап, утурлап суроо таштады.

— Комбайндын ремонтун аяктадыңбы?

Кыз баш ийкеди. А Садык болсо жактап-коштоп койду.

— Оо, тез бүтүптүрсүң го? Жардам бериштиби? Кимдер?

Чолпон дагы да аны ыңгайсызданып жооп берди:

— Инженер агай, Тагай-аке. Анан шаардан келген Улан...

Садык күтүүсүз жаңылык уккандай өзгөрүлө түштү.

— Оо, дурус жигит көрүнөт? Анда слесарь болуп ритесин колхоз мастерскаясында. Мен башкы инженерге — Тагайга айтайын, иш берсин.

— Ал слесарь болгусу келбейт. Шофёр болсом дейт.

Садык кызыгып сурады:

— Өтөсүнө чыкса эле берели. Чоң атасы да суранган.

Чолпон ийнин кыса, жер тиктеп унчукту.

* * *

Бак түбүндөгү отургучта Бүниса менен колхоздогу аптеканын башчысы Чолпон — экөө олтурушат. Алар баятан бери бир маселе боюнча талашып-тартышышты.

— Мени үгүттөбө,— деди Бүниса кемпир чечкиндүү,— айланайын Чолпон дебедимби! Ошол оюмдан түк кайтпайм: кудай алдында күнөөкөр болгум келбейт; атамын арбагынын алдында баткерден болгум келбейт. Ал аз келгенсип, эл алдында шерменде болгум келбейт... Сага түшүнүктүүбү бу сөздөрүм?

— Сизге эмне болду, таене, түшүнбөйм,— деди ак жүздүү чырайлуу Чолпон, ничке иймек каштарын кере тандanып.

— Түшүнбөсөң, чоңойгондо түшүнүп аласың,— деди кемпир кесе.

— Мен, таене, бөбөк эмесмин. А сиз бөбөк болуп

атасыз: алгачкы күндөрдө музейдин ишине катышууга сүйүнүп, Баян сулуу кезиңиздеги кийимдериңизди, шөкүлө-шуру, бойтумарларыңызды даярдап атпадыңыз беле? Анан эле кандай адисе болду, түшүнбөйм.

— Адам ойлойт, өзгөрөт. Бүгүнкүсүн эртең танат. Мен да ошенттим, акыретти ойлодум...— деди кемпир терс бурула.

— Акыретиңизге анын кандай тиешеси бар, таене?

— Кудай кай турмушту ыраа көрсө, пендеси ошого шүгүрчүлүк келтирүүсү парз экен. Аны башкалардын алдында сүйрөп чыгуу, «мына көргүлө» деп чуу салуу зор күнөө дейт. Мен ошо күнөөлөргө баргым келбейт.

— Таене, бу сөздөр, негедир, сиздикине окшобойт,— деди Чолпон.

— Бу кудайдын амири...— Кемпир кесе айтты.

Чолпон кемпирдин каңгаал жүзүнө тиктеп туруп айтты:

— «Атамын арбагы алдында, баткерден болгум келбейт» дейсиз, мен мунуңузга дегеле түшүнбөйм. Анын биерге кандай жагдайы бар?

— Бар! — деди кемпир кыйкырып,— атамын көзү тирүүсүндө эркине каршы туруп, ал мени Исмаил сүткорго токолдукка берген жеринен качып, ушу таятаңа келип тийгемин. Атам минтишимди каалаган эмес: Демек: атамын көңүлүн калтыргамын. Эми анын арбагын да нааразы кылайынбы?

— Дал ошол бай атаңыздын төрүн, Исмаил сүткордой эриңиздин алтын-күмүшүн, өз сүйүүңүзгө, ал кездеги самтыр чапан таятама — Миңбай кедейге кеткениңиз сиздин бийиктигиңиз! Сиз байлык-бийликтен адамгерчиликти, өз башыңыздын эркиндигин жогору койгон бийик адам турбайсызбы. Сиздин өмүрүңүз — бүгүнкү жаштарды ойлорго чакыра турган өмүр. Ошондой сонун өмүрүңүздү, «Күнөкөр болосуң» деп койгон бир диничилдин сөзүнө ишенип, жокко чыгаргыңыз келеби?

Бүниса кемпир бир аз ойлоно калып, бирок да мурунку күүсүнөн жазбады:

— Арам куу десе, мени алдаганын көр.

— Таене,— деди Чолпон берилүү менен түшүндүрө сүйлөп,— мен сизди алдасам да бүткүл элди алдай албайм да! Анткени музейди бүткүл эл көрөт. Демек, музейге татыктуу адамдардын аттары, алардын өмүр жолдору, иштери, сүрөттөрү коюлат.

— Тигини, тигини...— деп кемпир дагы эле кекселенди.

— Жаңы заманга чейин, жаңы заманды курууда, анан бүгүнкү күндө да биздин жер үчүн, айлыбыз, аймагыбыз, балким, бүт элибиз үчүн көп жакшылыктар кылган адамдардын аттары гана музейде болот.

Кемпир бир аз ишенсе да баары бир этияттанды:

— Бүгүнкү билимдүү көп окуган жаштар сабатсыз кемпир-чалды оңой алдайсынар. Бирок мен алданбайм, ойлоном...

Чолпон саал жандана түштү.

— Ойлонуңуз, мен өз таенемди чындыкка ишендире албасам, кантип комсомол комитетине барам? Кантип парткомубуздун секретары Камилжан менен рансибиз Садык агайдын алдына барам?

Кемпир үнсүз туруп кетти. Чолпон өз ордунда ойлуу отуруп калды. Ал өзүнчө калган соң, ичтен кобуранды. Биз кээде «дин жоголду», «эски түшүнүктөр бүттү» деп жеңил ойлоп коёт окшобойбузбу... Эң алдыңкы түшүнүктө деп ойлоп жүргөн таенемдин бу жоругун карачы. Кезеги келгенде, зарылдык туулганда аң-сезимине сиңгендер өз ишин иштеген тура. Айла канча? Ишеним... Дин... Буларды зордоого болбойт. Антсең ыза болот». Бир ирмем токтоло калды Чолпон. «Карачы, адамдардын ишеними үчүн күрөшүү, кандай гана татаал...»

* * *

Колхоз башкармасынын төрагасынын кенирн кабинетинде ранс Садык көптөн бери Төрө менен маектешип олтурат. Колхоздун бул эски активи Төрө жашы алтымыштан улам арылаган сайын очоюп семирип кеткен. Ал козголуп койсо, алдындагы отургуч кычырайт.

— Кыскасы, Төрө аке, партком жана администрация колхоз музейин түзүүгө зор маани берип киришип атат. Колхоз ардагерлери менен сүйлөшүүдө өзүңүз да катышкансыз. Иштер жаман эмес, аз-аздап алга жылып атат.

— Аа, түзүк-түзүк,— деп Төрө, сакалы тарачтап кырылган болток беттеринин ар кай жерлерин былк-былк эттирет.

— Сизди да ошол маселе боюнча чакырттым.

— Коош. Кулак сенде, Садык.

— Кана, жаңы музейибизге карата сиздин жеке салымыңыз эмне болмок?

Төрө эткел ийиндерин кысты.

— Мен кайдан билем?

— Өмүр бою жерден кол үзбөгөн эски дыйкансыз, сизде пикир болбосо, кимде болот? — деди Садык аны бекем кармап.

Төрө ырас эле сөз маңгытын түшүнө берген жок.

— Деги четин чыгарчы, менин вазийпам кайсы болмок?

— Сиз колхозубуздун өнүгүшүнүн согуштан кийинки абалын жазып берсеңиз дейм. Анан өз оозунуз менен магнитофонго окуп бересиз. Кийинки муундар аны ар убак коюп, угуп жүрүшкөндөй болушсун.

Төрө алибеттүү тулкусун так көтөрүп, ордунан тура калды.

— О кокуй, болбойт. Жазбайм.

— Эмне үчүн жазбайсыз? Чочуп кеттиңиз да?

Төрө актанууга шашты.

— Мен иштедим, бала-чака бактым, башканын кереги не?

Садык буга макул болбой, тигини бек кармады:

— Жоок! Сиз тим эле коңулда күн өткөргөн адамдардан болгон эмессиз. Эл башкаргансыз. Башкарма да болгонсуз.

Төрө күрөктөй чоң алакандуу колун терс шилтеди:

— О кокуй, башкарма болсом, колхоз эптеп уюштурулган учурларда болгомун. Колхоз чар тараптуу чатыран өнүгө баштаганда, билимим жетпей, согуш алдында өз эрким менен башкармалыктан бошоп кеткемин. Согуштан кийин топурак чеңгелдеп, дыйканчылыкта иштегенмин. Жер-суу алганда алгачкы кара таман кедейлердин бири болгомун. Башкармалыктан көрө, мен топуракка жакын элем. Топурак жыты менен өмүр өтөгөн адаммын.

— Бизге дал ошол өмүр бою топурак чеңгелдеп өткөн карапайым дыйкандын пикири керек. Кутулуп кете албайсыз.

— Жок-жок! Ал учурду жаза албайм.

Садык кабак түйө, талаптуу сүйлөдү.

— Бул иш — оюн эмес. Сиз жаш бала болбоңуз.

Төрө күйпөлөктөнүп унчукту:

— Айланайын, Садык, ал учур колхоз турмушундагы эң жаман учуру эмеспи! Кантип аны жазам?

Садык дагы да бекемдеп кармады:

— Дал ошону жазып бересиз. Ошол жаман учурду...

Төрө биротоло кыйнала сүйлөдү.

— Тигини! Кантип жазып берем? Жыл бою иштеп

500—600 эмгек күн таап, бирок жыл аягында беш тоголок дан, беш сом пул албай, кабыбызды куру колтуктап, ачкайып калган учурларыбыз болуп атпадыбы? Бала-чаканы багып алуу да кыйынга турган учурлар болбодубу? Адамдар колхозду таштап, айлык төлөй турган зоот-фабрикаларга, токой чарбаларына, суу чарбаларына качышты. Же жалганбы?

— Тупа туура, аксакал! — деп бекемдеди Садык.

— Туура дейсиң, бирок мени отко түртөсүң. Оюнуңбу, чыныңбы?

— Ха-ха-ха! Чыным, аксакал, чыным!

— Сен каткырба, Садык. Ошондо колхоздун айдалбай калган жерлери, бош жайыттары канча болор эле. Бирок ошол жерлерден бир аз айдап, бала-чаканы багыш үчүн эксең, же мал күтүп алсаң, чөп орсоң, «Айыл чарба артелинин үлгү уставын бузду» деп, сотко берип, кестирип атышпадыбы? Башканы коёюн, айланайын Садык, өзүм тээ алыскы ээн колоттун бир бурчуна, гөр оокатка кереги тиет деп, бир аз жер айдап, буудай эгип нойсом, аны таап алышып, соттошуп, мени үч жылга кестирип ийишпедиби. Отуруп келдим...

— Анын баарын билем, Төрө-аке.

— Мени алдабачы! Андай замандарды кайдан билмек элең, сен анда жаш бала элең да — булардын баарына кайдан акылың жетмек эле?

Садык тигини ишендируу аракетин кылды.

— Адистигим боюнча экономистмин. Анан өз колхозубуздун өнүгүү жолун изилдеп, илимдин кандидаты болдум. Бүгүн бу колхоздо раис болуп иштейм. Кантип билбейм?

— Ат омуроолотуп уруп-согуп, кордоп иштеткендерин да билесинби?

— Билем. Билем, аксакал.

— Билсең айтчы, эмне үчүн ошондой иштер болгон? Кеңеш өкмөтүнүн бийлигинде ушундай болууга тийиш беле?

Садык дароо жооп бере албай, ойлонуп калып, анан сүйлөдү.

— Ошол убактарда айрым бир жогорку жетекчилердин башынан, социалисттик системанын табийгатына туура келбеген, туура эмес көрсөтмөлөр чыккан: колхоздорду «катуу колдуу» башкармалар ондойт имиш деген... Аларга ашыкча бийликтер берилген. Мисал биздин Балтабаев Байдылла сыяктуу билими тайкы, менменсинген башкармалар адамдарды сабаган, камаган.

Колхозчу дыйкандардын граждандык укуктарын баскан, колхоз демократиясын тепсеген... Совет бийлигинин табийгатына таптакыр туура келбеген зомбулуктарды жасашкан. Андайларды жогорку бийликтегилер колдогон.

— Ой, дал жүрөгүмө баткандарды айтып атасың го, Садык?

— Ал турсун, ошо жогортон буйруктар беришип, атайын көз боёмочулуктар уюштурушкан: бүтпөгөн ишти «бүттү» деп жаздырышкан... болбогон ишти «блоду» деп жаздырышкан... Өкүмөттү, элди алдашкан.

Төрө күтүүсүз кубанычтан апкаарып калды.

— Ой, ырас эле бекер раис болбогон окшойсуң, Садык?

Садык жеңил мактоого баа бербей, өз оюн уланта берди:

— Жер шарты, колхоз мүмкүнчүлүктөрү менен эсептешпей, жогортон команда беришкен: буудайды коюп, жүгөрү эк; пахтаны коюп, «түкүн эк» дешкен. Пландан ашкан эгин болсо, аны да «төгө бер» дешкен. «Өзүбүз орденге жетсек болду...» «жаша-жаша», «ураа-ураа» делген... Ал эми элдин курсагы менен, журттун абалы менен иши болушкан эмес...

Төрө башын чайкап, үшкүрүп жиберди.

— Пай-пай-пай. Ушундай күндөр өткөн. Бирок буларды кантип коркпой жазабыз, Садык? Кынк эткен сөзүңдү өз каалооң менен айтып жибердең, соттотуп, карматып ийишчү эмес беле?

— Ал мезгил жок, азыр. Жаза бериңиз.

— Кой, айланайын, менин башым экөө эмес. Карыган чагымда бала-чакамын, неберелеримдин алдында тим өлөйүн. Айласы түгөнгөн Садык баш чайкап, кейий сүйлөдү:

— «Мал-пулумдан ажырап калбайын» деген чыныгы дыйкандык психологияны көрүп турам. Ал үчүн мен сизди айыптабайм. Бирок, бир нерсени эске албайсызбы: Партия бул жаңылыштыктарды өзү ачып, өз документинде «Айыл чарбасына жетекчилик кылууда Ленин-дик принциптер бузулган» деп жазды. Анан чарбаларды илимий негизде уюштурууну сунуш кылды. Жогортон командалар берүүгө тыюу салынды. Адамдарды ат омуроолотуп эмес, жеке кызыкчылыктарын ойготуу менен иштетүүгө багыт берди.

Төрө түлкү тебетейин колуна алып, көк чачтарын кашылап турду.

— Ырас, андай экенин сезип, билип турам. Бирок

антсе да... Кантип колум барып жазам? Мени жөн эле койбойсуңбу, Садык?

Садык аргасыздан каткырып күлдү.

— Ха-ха-ха! Дагы эле тайсалдайсыз. Сиздин абалыңызды түшүнүп турам. Бирок азыр авал бир топ өзгөргөн: айыл чарбага да, жеке адамдарга болгон мамилелер да. Иштердин саясы жактары да, материалдык жактары да өзгөргөн. Азыр РАПО дегендер, коллективдүү ижара дегендер түзүлүп жатат. Бул ыкмалар боюнча түшүм үчүн күрөшөт. Жыл аягында ошо нак түшүмгө карата дасмия алышат. Бүт район, бүт коллектив аракети түшүм үчүн жүрөт.

Төрө желкесин кашынып туруп сүйлөдү:

— Ким билет? Мында деле өйдө-төмөндүктөр көп дешет го.

Садык тигинин кууланышына күлдү.

— Ха-ха-ха. Баарын билет турбайсызбы? Ырас, өйдө-төмөндүктөр бар. Жаңыча иштөөгө көнүгө албай жатабыз. Ведомостволук тосмолор, психологиялык тосмолор дегендер болуп жатат. Ошолорду жеңүүдө турат кеп.

— Ой, мындай өзүмчүлдүктөргө каршы күрөшүүгө болбойбу?

— Болот, аксакал. Партиябыз ошол өзүмчүлдүктөрдү жоюш үчүн, айыл чарбага тиешеси бар көп чараларды жүзөгө ашырууда.

Төрө коштошуп чыгып кетти. Садык ойлуу. Кыялы алда кайда учат. «Согуш, тынчтык күндөрүндө кандай гана мезгилдер өткөн жок. Алардын ар бири адамдардын иман-жанынан, психологиясынан окулуп турат. Карачы, байкуш Төрө аке көптү билген адам. Бирок жалтак кылып төрөгөн беле? Жок, албетте, жок. Ушундай катаал мезгилдер элибиздин башынан өтпөдүбү? Бир ооз сөз үчүн адамдын кара башы кеткен учурлар болгон...»

XII

Эшик алдындагы мажүрүм талдын түбүнө коюлган чоң чарпаяда бул короонун ээси кыркма сакал Миңбай чал, анын байбичеси каңгаал Бүниса кемпир, алардын бет маңдайында олбуру чоң Чокмок чал, анын арык байбичеси Чыныгүл төртөө кеңири жайылган дасторкондо чай ичип өлтурушат. Булардын биерге чогулганынын зор себеби бар. Алар кудалашсакпы деген ак ниетте чогулушкан.

Бир топко ойлуу токтоло калышкан соң, Миңбай чал кеп улады:

— Чокмок менен Чыныгүл байбиче, Чолпон неберебиздин башын сурап келгениңер бизди кубандырат. Бир аймактын топурагын чеңгелдеп, бир алыштан суу ичип, бир жайытта мал багып өскөн адамдарбыз. Сөөктөмүр болуп калсак, абдан кубанабыз.

Бүниса кемпир Миңбайдын оюн кубаттады:

— Ооба, ооба, кубанабыз.

Арык Чыныгүл кемпир сүйүнүп, сөз тизгинин чойду:

— Ак жообуңар болорун жүрөгүм сезчү.

Бүниса кемпир коопсуган оюн кошту:

— Биз го сүйүнүп жатабыз. Бирок кеп эки жашта.

Чыныгүл кемпир тигилерди ишендирүү аракетин кылды:

— «Чолпон экөөбүз кино көрдүк» деп калат го Улан.

— Антсе жакшы. А Чолпон андайды айтпайт,— деди Бүниса кемпир.

— Булардын мындай кобур-күбүрүн укпаган Чолпон ичкертен чай алып чыгып, кайра ичкери кетти.

— И, Чокмок, ал ысык чайдан, ысык нандан,— деп кыстайт Миңбай.

— Базир, Миңбай, алып атам,— дейт олбурлуу Чокмок чал.

Бир убакта рюкзагын жонуна колтурмачтаган Улан кирип келди, ал тердеп-тепчип, ал турсун энтигип калыптыр.

— Бабушка, мен силерди издеп жүрөм,— деди Улан кирген эле жерден. Чыныгүл кемпир уяла түшкөнсүп, Уланга кайрылды:

— Э айланайын Улан, кайда шашылдың эле?

Улан тигилерге көңүл бурбай, энтиге сүйлөдү:

— Мен кетем. Ачкычты бергиле. Кийим-кечемди бүт алайын.

Олбурлуу Чокмок чал чочуп кетти:

— Э кокуй, эмне адисе болуп кетти?

Улан эч нерсеге маани бербей сүйлөдү:

— Мамам биротоло келсин деп чакыртыптыр, кетем.

Чокмок чал ныктап кеп айтты:

— Сен биротоло мында калам деп, бизди сүйүндүрүп жүрбөдүң беле? Садык раис да сага ишенип, «Москвичти» бергизбеди беле? Адам адамдык убадасына туруу керекпи? Кана сенин адамдык лабизиң?

Улан чоң атасы Чокмок чалдын сөзүнө маани бербей сүйлөдү:

— Өзүм да мамамды сагынып калдым.

Чыныгүл кемпир күйүп-быша кеп кошту:

— Эмгиче мамандын мамасын сагынсан, сен ким болосуң, айланайын неберем?

Улан чоң энесинин сөзүнө маани бербей, сөзүн улады:

— Ушундай шарт болуп калды, ал жагын тескеп эмне кыласыңар? Кетем. Кош, дедушка. — Улан кол сунду эле, чоң атасы Чокмок колун бербеди. Чалдын көз жашы негедир чууруп баратканын көрүп, Улан чочуп сурады:

— Ыйлап атасыңбы, дед?

Арык Чыныгүл кемпир титиренден, бирок өзүн өзү аран токтотту.

— Ооба, чоң атаң ыйлап жатат. — Кемпир да ыйлады. — Биз биерде сенин камыңды көрүп жүрсөк, а сен...

— Ха-ха-ха! Карылар жаш баладай болуп калат экен. Болбосо буларды ким ыза кылды? Ыйлап жатышкандарын көр, ха-ха-ха!

Миңбай чал Уландын жеңил ой жүзүнө тиктеп туруп, айтты:

— Сен!.. Сен терең ыза кылып отурасың. Сен...

Улан ийнин кысып, тандана калды:

— Мен жаман сөз айтканым жок аларга.

Миңбай чал бул ирмем ойлонуп калып, анан улады сөзүн:

— Анда угуп ал. Чоң атаң Чокмок тим эле жашыктыгынан ыйлап жаткан жок. Чокмок — бул турмуштагы адилетсиздик менен адилеттиктин арасынан аралап өткөн киши. Кыйноо-азаптарды да көргөн. Өлүм жазасын да көтөргөн. Окко жыланач көкүрөгүн тосуп да барган. Бирок ал эч качан ыйлаган эмес — ал ушунчалык чыдамкай да, намысчыл да адам болгон. Мына эми ыйлап отурат. Эмне үчүн? — Миңбай токтоло калды. — Анын себеби бар. Сен келгенден бери чоң атаң аябай сүйүнүп жүргөн: «Кудайга шүгүр, балдарыбыз шаарга кетсе да, бирден неберебиз кайтып келип, билимибизди алып калмак болду» деп.

Улан дароо кооптонду:

— Ой, силерде кайсы билим бар? Дедушкам ийренденип аран жазат. Болгондо да эскиче — арапча...

Миңбай Уландын көздөрүнө тигилип туруп айтты:

— Бизде ыйык, улуу илим бар!

Улан жеңил баа каткырды:

— Китеп окуй алышпайт да, илим дешет, ха-ха-ха!

Миңбай анын күлкүсүн токтотуп туруп сүйлөдү:

— Ооба, китеп окуй албайбыз. Бирок биз бир нерсени билебиз. Чарпаяга отурган жеринен кең талаага кол сермеп унчукту. — Топурактын жытын сезебиз! Ушул топуракка эгин эгип, дүйнөдөгү ыйык нерсени — ак панды өндүрүп алганды билебиз! Ыйык ак панды! — Дасторкондон панды алып жыттады. — Буркураган жытыңдан айланайын нан! Топурактан өнгөн нан!.. Баарыбызга жашоо берген касиеттүү топурак. Сенин сыр-ыңды билгенге сыймыктанабыз. Дыйкандыгыбызга сыймыктанабыз!..— Чал бир аз токтоло, ички кызый түшкөн демин басып унчукту. — Ошол улуу кумарыбыз-небере-чеберелерибиз алып калышса деп тилейбиз, сабыркайбыз. Тигине, ошол үмүт-тилектеринен ажыраган чоң атаң Чокмок ак сакалы ылдый жаш куюлуп ыйлап отурат! Анткени анын жети атасынан тарта дыйкан болушкан. Биринен экинчисине өтүп отуруп, аларда зор тажрыйба топтолгон. Табийгаттын өз белгилерин карап туруп, быйыл кыштын кандай түшөрүн, жаздын кандай келерин билишкен. Ошого карап мал тутушкан, эгин эгишкен. Ошол улуу илимин укум-тукумуна өтпөй калабы деп, дедушкаң күйүл ыйлап отурат.

Улан чоң атасынын көз жашынын себебин укканда бир аз сестене түштү окшойт, колундагы колтырмачтаган рюкзагын жерге түшүрүп, не дешин билбей, абдырап токтой калды.

Чыныгүл кемпир арык жүзүнөн жашын сүртүнө, араң сүйлөдү:

— Биздин үмүт отубуз жалтылдап күйүп келаткан-да, суу сээп өчүргөндөй кылмак болдуң го. Турмуштан үмүтү үзүлгөн киши өлүп калат дечү эле. Дедушкаң экөөбүздү гөрүбүзгө түртүп кетмек болдуң.

Миңбай чал Уланга кекетип сүйлөдү:

— Чал-кемпирге кандай сый көрсөтүп жатканыңды өзүң түшүнүп атасыңбы, акылман небереси?..

Чолпон ичкертен чыгып, Уландын жүзүнө ачуу тиктеди. Баятан Чолпондун мында экенин оюна албаган Улан ыңгайсыздана түштү.

Чолпон өзүнчө сөз улап жиберди чоң атасы Миңбай чалга:

— Улан силердин ыйык билимиңерди түшүнөт дейсизби, таята? Жоок, Ал үчүн, анын досу Бекет үчүн дүйнөнүн бийиктиги башка жакта — чет элдик джинсиде, магнитофондо, жеңил машинада, аларды да силердей дедушкалары, мамасы менен папасы сатып беришсе.

«Алма быш, оозума түш». Анткени, алардын ички рухий дүйнөсү шал болуп калган. Аны топтоп, бир максатка да бура алышпайт. Андыктан алар туруксуз да, коркок да!

Улан тандана түштү:

— Чолпон чактап сүйлө!

Чолпон тайманбай беттеди, өткүр кара көздөрү жалтылдап кетти.

— Неге чактап сүйлөйм? Мен сенин дал өзүңдү айтып жатам! Туруксузсуң! Мага эмне деген убадаларыңды айткан жок элең? Садык агайгачы? Дедушкаң менен бабушкаңачы? Эми кетмек турбайсыңбы?

Улан ыңгайсыздана түштү:

— Чолпон, уксаң, себептери бар.

Чолпон сөздү анын оозунан жулуп кетти:

— Билем себебин, коркоксуң! Өз эркиңе өзүң ээ боло албай, эски досторуңдун коркунучу алдында морт сынып отурасың! Алардын эркине багынып, кетмек болдуң. Рухиң минтип башка бирөөлөргө кул болуп калганын мен билген эмесмин. Жаңы туулган айкын максатың үчүн күрөшө албагандыгыңды көргөн соң, мен сенден жийиркене баштадым!..— Чолпон сөөмөйлөп чоң жолду көрсөттү — Жол тигине, жөнөп кеткин! Жөнө!

Муну такыр күтпөгөн Улан алдастап калды:

— Чолпон! Чока...

Чолпон жекирип жиберди:

— Сүйлөбө! Сөзүңдү уккум келбейт! — Таенеси Буниса кемпирге кылчайды. — Таене, мен аптекага кеттим.

Чолпон жөнөй бергенде Улан алдын тосту. Бирок Чолпон андан ачуу кыйкырды:

— Эмне, жол кирээңе акчаң жокпу, чал-кемпирдин чөнтөгүн аңдып келген окшойсуң? Аларды кыйнаба. Ме! — Чолпон чөнтөгүнөн акча алып, Уландын төш чөнтөгүнө тыга салды. — Жол ката Бекет досуң экөөнөр ичер виноңорго жетет. Тоспо эми жолумду!..— Чолпон Уланды өз жолунан четке түртө, чыгып кетти.

Улан рюкзагын сүйрөй, Чолпондун артынан жүгүрдү:

— Чолпон! Токто! Сөзүм бар. Сөзүм...

* * *

Чарпаяда Токтор «Көкөй кести» күүсүн чертип отурду. Аның көкүрөгү толо согуштук орден-медалдар. Ичкертен Салия чыкты. Аның көкүрөгүндө «Баатыр эне» медалы бар. Бул кары адамдар алтымыштын кырын

аттап калгандыктарына карабай, көрүнүштөрү жаштай, кыймыл-аракеттери чапчан.

— Э Токтор, эртеден бери арман күү черттиң го, сага эмне болду? Арман-муңуң козголдубу? Антсе ал эмне?

Жапалдаш бойлуу семиз Токтор комузун токтотуп, ойлуу сүйлөдү:

— «Музейибиздин согуш бөлүмүн түзүүгө сиз башчы болуп бересиз» дейт парторгубуз Камилжан менен райисибиз Садык экөө. Ошондон улам өткөндөр чууруп көз алдыма келди. Арманым козголду. Согуштун азаптозоктору, төгүлгөн кандар түшөт эсиме. Алда качан согушта шейит болушкан достор...

— Түшүнүктүү. Бирок согуш тууралуу айта берсе түгөнбөйт го, кайсы бирин айтасың? — деди кичинекей тулкулуу Салия.

— Ырас, ал алааматты айтып бүтүрүү мүмкүн эмес. Антсе да өз класташ курбуларым туурасында айтсам дейм. Ошолордун тагдырына байланыштырсам дейм. — Токтор ойлонуп калып, анан айтты: — Эсиңдеби, Салия? Ошондо биздин айылдан биринчи жолу онду бүтүп жаткандар он бала, жети кыз эмес белек. Кандай гана көтөрүңкү кыялдарда жүргөн эмес элек? Оо, аттиңай, делгиребиз, алыстарды, эртеңдерди эңсейбиз.

— Эсимде, Токтор,— деди кичинекей Салия ойлуу токтолуп. — Окусак, турмушубуз кирсиз болсо дечүбүз. Жамандыктар тууралуу түк ойлоп койбойбуз, аны өзүбүзгө ыраа да көрбөйбүз. — Салия токтолуп, анан сөз улады. — Байкуш Шүкүрүм ичтен өтө кыялдуу жигит эле. Ал инженер, мен врач болууну эңсечүбүз.

Токтор ордендерин шыңгырата берип, терең улутунду.

— Андай кыялдар бизде да бар эле. Мен агроном болуп, элге нанды көбөйтсөм дегем. Алиман мугалим болмок...

— Ошол таттуу кыялдарыбызды каргыш тийген согуш ташка чапкан айнектей быркыратарын оюбузга кайдан алабыз?

— Ошентти. Быркыратты. — Токтор дагы бир жолу үшкүрүп койду. — Алиги класташ он өспүрүмдөн жалгыз гана мен аксап кайттым. Сабыр фашисттердин концлагеринде мээсине жасалган эксперименттен соң, акыл-эсинен түбөлүк ажырап, мал сыяктуу бир макулукка айланып кайтты. Калган сегизинин баштары Европанын ар кай жеринде калды, бүгүн биз алардын

домбойгон мүрзөсүн да таппайбыз. Артында уул-кыздары да калган жок. Согуш аларды жапжаш бойдон изсиз жалмады.

Экөө тең бир кыйлага чейин үнсүз-сөзсүз отурушту. Анан Салия оор үшкүрүп, Токторго өтүнүчтүү кылчайды.

— Сага оор болбосо, күнүлөбөсөң, Токтор, менин Шүкүрүмдүн акыркы минуталарын дагы бир жолу айтып койчу.

Токтор чыдамсыз толгонуп кетти.

— Салия, «күнүлөбөсөң» дебе. Эгерде кан согуш болбосо, сен Шүкүрүң менен кошулмаксың. Ал эстүү жигит эле, сөзсүз бактылуу болмоксуңар. А мен Алимам менен бактылуу болмокмун. Ал үчүн биз айыптуу эмеспиз да. Эми сен антип сурап, менин жүрөгүмдү оорутпа.

— Албетте, кечир! Мен экинчи жолу антпейин,— деди Салия.

Токтор жер тиктеп токтолуп калып, анан обдула сүйлөдү:

— Сенин Шүкүрүң менен Сталинграддын алдындагы катуу согуштарда жолугушуп калдым. Кырк экинчи жылдын эң оор күз айлары эле, аалам аңтар-теңтер болгондой, алаамат жүрүп турат. Асманда самолёттор, жерде танка, замбирек, бомба — кара жер аңтарылып, жер-эне күйүп жатат. — Токтордун көз алдына ошол учур элестеди...

Мунарык жарыкта каска кийген эки куралдуу солдат көрүнүшөт. Түндү жарып, «катюшалар» учуп, бомбалар күркүрөп жарылат. Пулеметтор «сайрайт».

Окопто эки солдат сүйлөшүп жатышат.

— Э, Токтор! Көптү көрдүм, эки жолу жараландым. Мына, фронтко үчүнчү жолу түштүм...

Солдаттын бири ушул Токтор болчу.

— Оо, такшалган жоокер болгон экенсиң, Шүкүр.

Ак жүздүү сулуу Шүкүр баягыдай күлкүчү эмес, каардуу.

Өлбөсөң, сени да такшалдырат согуш. Аны коюп, тылды айтчы: бозо ичип, ат чаап жүргөн кыгыздар согуш шартына көнгүдөйбү?

Токтор токтоосуз жооп берди:

— Көнбөгөндөчү! Он жашар баладан тарта, 90 жаштагы чал-кемпирлерге чейин эмгекте — бүткүл турмуш фронт релсасына коюлган. Каатчылык, аччылык... Бирок эл мөгдөп калган жок. «Бардыгы фронт үчүн» деп күн-түн иштеп атышат. Баш көтөргөн жан жок,

Шүкүрдүн ак жүзү кубарып, башын өкүнүчтүү чайкады.

— Байкуш эл, көнгөн экен да. Эми өзүндөн айтчы?

Токтор жай да, көңүлсүз да айта баштады:

— Мени 42-жылдын башында Грозный шаарындагы согуштук окуу жайына жөнөтүштү. Бирок биз жеткенде ал шаарды немецтер бомбалап, бизди кайра кайтарышты. Айылга келдим. Эми Алима экөөбүз: «Дагы кайра көрүшөбүзбү, жокпу?» дедик да, баш коштук. Алты айдан соң мени дагы жөнөтүшкөндө, Алиманын боюнда калган. Кийин уул төрөп алыптыр.

Тегерек беттүү ак жуумал Шүкүрдүн жүзүнө кан тээп чыкты.

— Оо, Токтор! Ата болуп калган турбайсыңбы? Куттуктайм! — Шүкүр ошол замат ойлоно калды. — А мен анте алганым жок. Байкуш менин Салиям кандай? Жүрөбү? Эл катары оорчулуктарга көнө алдыбы?

Токтор ишенимдүү айтты:

— Коштун сабын кармап, мал багып иштеп жүрөт.

Шүкүр өкүнүч менен жер тиктеп, аялуу башын чайкады.

— Байкушум, Мени кайтат деп да үмүттөнсө керек. Ушундайбы?

Токтор анын минтишине дароо каршы чыкты:

— Ал эмне дегениң, Шүкүр? Үмүтүбүз бар.

Шүкүр терең үшкүрүнүп койду.

— Ээ, Токтор, бу согуш өтө каардуу. Колтугубузга чейин кирип келди. Эми кууп чыгыш үчүн да көп-көп курмандыктар керек. — Шүкүр ойлонуп туруп айтты. — А балким, тирүү да каларбыз.

* * *

Токтор кыялынан кайтып, жанында отурган Салияга бурула сүйлөдү:

— Ошондон көп өтпөй мен колумдан жараланып, санчастка түштүм. Жарадар көп экен: бирөө онтойт, бири бакырат, үчүнчүсү жан берип жатат. Кыскасы, заманаң куурулат. Аттиңай...

Салия баш чайкап, көз жашын сүрттү.

— Атаны байкуштар-ай.

Токтор сөзүн улады.

— Колумду таңып, кроватка жаткырышкан соң, жанымдагы башы-көзү таңылган бир жарадар «Токтор, Токтор!» деп шыбырайт. Чочуп кеттим. Жүзүнө

ұңулсөм, Шүкүр экен. Оор жараланыптыр. Жакшы сүйлөй да албайт. Анын жараланган шартын башка бир орус солдаттан уктум. Көрсө, алардын батальону курчоодо калып, штабга кабар жеткирип, алардын буйругун алып келүү зарыл болот. Дал ошол жоопкерчиликти Шүкүргө тапшырат командири. Ал штабдан кайтканга чейин таң атып кетип, душмандын огунун астында калат. Ачык талаада бир нече жеринен жараланганына карабай, тура калып жүгүрүп, Шүкүр буйрукту жеткирип жыгылат. Оор жарадар болгон. Антсе да ал бүткүл батальондун кыйрашын сактап калды дейт.

Салия көз жашын дагы көлдөттү.

— Байкуш, Шүкүр. Анан эсине келбедиби.

— Келди,— Токтор кейиштүү сүйлөдү. — Бирок керээзин гана айтты.

Салия үйрүлүп кайра сурады.

— Керээзин? Эмне деп айтты?

* * *

Токтор акылын башкара албай, кыялы менен тээ ошол кездеги согуш талаасындагы учуруна кетти. Артиллериялык конанаданын каардуу үндөрү кулагына угулат. Бет алдында жарадар Шүкүр, ал араң сүйлөйт.

— Токтор. Мен адам болбойм... Сен кайтып калсаң, менин Салияма айт. Өлдү де.

Токтор жылдыздуу пилоткасын ондоп кие, күйпөлөктөндү:

— Антпечи, Шүкүр, айыгып кетерсиң. Үмүтсүздүк кылбачы.

Шүкүр бир аз токтоп, анан энтигип араң сүйлөдү.

— Токтор, кыялга алдангым келбейт. Сөзүмдү ук: биз окууну бүтүп жатканда сенин Алиман, менин Салиям болуп Арстанбаптын тунук дарыясына чөмүлгөнүбүз эсиңдеби? Туш-тушубуз жаңгак токойлору...

— Эсимде, Шүкүр.

— Ошондо кыздар «суу муздак экен» деп качышканда, биз аларды кубалап кармап, кучактаган бойдон сууга бой урганбыз, эсиңдеби?

— Эсимде, Шүкүр, эсимде.

— Анан чоң жалпак таштын үстүндө күнгө кактанганбыз, тамактанганбыз, ырдаганбыз... Аларды да унутканың жокпу?

— Баары эсимде, Шүкүр.

Шүкүр негедир ойлуу токтолуп калып, анан айтты:

— Сен өлбөй барып калсаң, ошо Арстанбаптын сайына барып, сууга чөмүлгүлө, баягы жалпак таштын үстүнө отургула. Мени эстегиле, ырдагыла, ыйлагыла! Кан согушту каргагыла...

Жаш солдат Токтор чыдай албай күйпөлөктөдү.

— Антпечи, Шүкүр! Сабыр кылчы.

— Анан байкуш Салиямдын жашын тыйып, сооротқула, көңүлүн көтөрмөлөгүлө. Силердин жаныңарда ал сумсайып жалгыз калбасын...

* * *

Токтор кыялынан кайтып, биердеги абалына келди. Салия көз жашын тыялбай, өпкөлөп олтурду.

— Өз оор жараттарын унутуп, мени эстегенин көр, атаны байкушум-ай!

Токтор анын сөзүн бөлдү.

— Ананчы! Мен жети жолу жараланып, Берлинге чейин жеттим. Жараланганда ар убак Алиманды эстээр элем. Сүйгөн жар баарынан жакын болот экен.

Салия жашын сүртүнүп, кайрат жыя айта баштады:

— Сенин Алиман да уул төрөп алганына карабай, ар убак сени эстечү, сени айтчу.

Токтор терең үшкүрүнүп койду.

— Алимам уул төрөп, жакшы кылган экен. Бирок аягы жаман бүткөн тура.

Салия тылдагы абалдан айта баштады.

— Ал бактысыздык Алиманын ооруп калганына байланыштуу болбодубу. Болбосо ал каатчылыкты эл катары көтөргөн. Бирок төрөй албай, өлүм алдында калган бир келинди күзгү жамгырда араба менен түндөп ооруканага жеткирем деп, жолдо чапанын ага жаап, өзү жамгырда калып, өпкөсүнө суук тийгизип алып, сүзөктөп жүрүп өлбөдүбү.

Токтор тамагын бууган сезимин, көз жашын араң токтотту.

— Кайран гана Алимам. Байкуш апамы айтсаң. Алима өлгөн соң наристе небересинин өмүрүн сактап калам деп, өз төркүнүнө жөнөгөн тура. Бирок ай талаада кышкы бороонго калып, аччылыктан буттары шилтенбей, небереси экөө тең кан жолдо каза табышыптыр. Айланайын алтын апам, ак сүтүн берген айдай апам. Токтор көз жашын тыя албай, баш чайкап, андан аркы оюн булдуруктап араң улады. — Мен жүзүн көрбөгөн көөдөк наристем... Пай-пай-пай!.. Кан согуш тылда да,

фронтто да көкөйүбүздү кести го. Жүрөктөрдү тилип-тилип жаралады го. Ал жарааттар өлүп кеткенибизче айыгар эмес-ов.

Колуна комузун алып, «Көкөй кести» күүсүн кайталап, муңканып бир нече жолу кайрыды. Анан кайратын жыйып, кайра сөзүн улады.

— Эң башкысы эл-жерибиздин эркиндигин коргоп калдык. Бирок эчендеген адамдарыбыздан ажырадык. Боору бүтүн адам калган жок: сен Шүкүрүндөн, мен Алимамдан ажырадым. Алардын керээзи үчүн Арстанбап суусуна барып кириндик, жалпак таштын үстүндө олтурдук. Ырдадык, ыйладык... Анан жоготкон жарты-дан бактыбызды бириктирип, бир бүтүн бакыт куруп ала алдык. Он бала өстүрдүк. Сен «Баатыр эне» болдуң. Уул-кыздарыбыз чарбада, өнөр жайларда иштеп жатышат. Илим жолунда иштегендери да бар. Экөөбүз топурактан кол үзбөй, дыйканчылыгыбызды улантып келе жатабыз. Кыскасы, адамча жашоодон тайганыбыз жок, байбичем! Биздин сыймыктанар жерибиз мына ушунда.

— Ооба, абышкам, абийирибиз таза,— деди Салия жаш сүртүнүп.

— Ырас, согушту жеңиш менен аяктадык. Мына биздин сыймыктанар ишибиз. Дал ошолордун баары биздин музейибизден көрүнүп туруу керек.

Токтор аксакал комузун алып, «Көкөй кести» күүсүн муңкантып кайрый берди.

XIV

— Чока, сага эмне болду? — деди Улан өскүлөң каштарын жыйра.

— Эмне болуптур?

— Өзүңчө сүйлөнүп жүрөсүң го?

— Ойлонуп жүрөм, Улан.

— Эмнени?

— Турмушту. Турмушта жашаган адамдарды, алардын кадамдарын, көз караштарын ойлоном. Эмне үчүн адамдар бирдей шартта, бир заманда жашаса да, алардын түшүнүктөрү, ишенимдери ар башкача?

— Маселен кандай? — деп кошумчалады Улан.

— Маселен таенемдин, маселен, сенин...— Чолпон зекип кайталады. — Сенин!

— Ал эмне дегениң, Чока? Неге ачууланасың?

— Мен сенин замандаш курдаш катары санап, ко-

лумдан келер жардамымды көрсөтөйүн десем, а сен...— Чолпон саал серпиле нары басты.

Улан кыздын артынан ээрчиди.

— Ырахмат, Чока, ортого түшүп, «Москвич» фургондун шофёрлугун алып берүүгө жардамдаштың. А мен ал ишенимди актоонун аракетин кылам. Буга ишенип коё бер.

Аракетиң мени таң калтырат.

— Ал эмне дегениң, Чока? — Улан жооп күтпөй, оюн улады. — Ырас мен өмүрүмдө колума оор жүк алып көргөн жан эмесмин. Азыресе сенин алдыңда, Садык агайдын алдында, чоң энем менен чоң атамдын алдында уятка калбайын деп, аракет кылып атам. Фермадан сүт, кымыз ташуу, механизаторлорго тамаш-аш жеткирүү милдетин жүктөшкөн эле. Колуман келишинче аткарып атам. Саанчылардын ырахматын да алып жатам, механизаторлордун аш-оокатын кечиктирип коюп, сөккөнүн уктум, бирок иренжип калганым жок, Чока.

Чолпон ишене бербегендей Уландын жүзүнө тигилди:

— Саанчылардын ырахматын алганың чынбы?

— Ананчы! Ишенбесең сура — деди Улан ишенимдүү. Чолпон аппак билегиндеги саатын каранып, анан сурады:

— Азыр убакыт канча?

— Он болду,— деди Улан токтолбой.

Чолпон Уланды утурлай басып сүйлөдү:

— Мен сенин бригадириң эмесмин, Улан. Бирок сенин жоопкерсиздигиңе таң калам.

— Ал эмне дегениң, Чолпон? — деп Улан чочуп кетти.

— Мен азыр эле келатып бир жумуш менен Фермага кирип калсам, саанчылар сени каргап отурушат. Саркы саандын сүтүн алигиче алып кетпепсиң. Ирип кетпегей эле деп коркушуп, флягаларын сайдын муздак суусуна салып отурушат. Андан калса, бала бакчалар, ашканалар, мектептер, дүкөндөр, механизаторлор сүтсүз калышпадыбы? Бул ишиң кандай зор жоопкерчилик экенин түшүнүүгө кудуретиң жетпейби, Улан.

Улан саал энтиге, шашып калды:

— Кудуретим жетет, Чолпон. Мени биротоло кеңкелес ойлобо! Машинамда бир нерсе дүңкүлдөп калганынан, мастерскаяга апарсам, башкы инженер Тагай агай көрүп, бузугу бар экен» деп слесарга берди. Слесарь оңдоп атат азыр. «Саат он бирде келгин» деди. Дагы бир саат бар, жөнөйм.

Чолпон анын жообуна ишендиби, же тетирисинче ишенбедиби, кантсе да кетүүгө бет алды.

— Шашпачы, Чока сөзүм бар.

Чолпон анын оюна көнбөй, узап баратып айтты:

— Аптекамды ачам. Эл күтүп калат.

Чолпон жүрүп кетти.

Улан шалдайып туруп калып, өзүнчө күңкүлдөдү:

— Ушу кызды түшүнбөйм, мага жакшылык кылганы жүрөбү, же тескерисинчеби?.. Кээде астыртан жылмайгансыганын байкасам, кээде сыртын салгансыйт. Мен үчүн бу кыз табышмак болуп баратат.

Дал ушул учурда көтөргөн магнитофонун бакыртып, Бекет кирип келди. Магнитофондун үнүн басандата берип, адатынча күрпүлдөп бакырды:

— Оо, Улан дос! Кандай? Сени көрүү да кыйын болуп калды го?

— Иш менен болуп, атпайымбы, Бекет,—деди Улан маанайы төмөн болуп.

— Оо, менин славный досум! Сен шаарда биз менен кошо эркин куш элең. Эми сени жаман «Москвич» — фургонго чынжырсыз байлап салышыптыр го! Ха-ха-ха! Бедный мой Улан. Я тебе не завидую. Ха-ха-ха!.

— Жөнү жок карсылдабачы, Бекет,— деди Улан жактыра бербей.

— Кантип карсылдабайм? Экөөбүз шаар шартында, таптаза турмушта өскөн жаштарданбыз. Кантип кыштактын жумушуна башыңды байлап аткаңа таңданам. Окумуштуу атаңдын, врач апаңдын тапкандары сага аздык кылабы? Же өзүң көбүрөөк табармын деп ойлойсуңбу?

— Аз тапсам да өз көзүм менен көргүм келет. Баарын өз мойнум менен тарткым келет.

— Сырттан карасаң деле көрүнүп турбайбы? Же башка бир шайтан түрттүбү сени? Ха-ха-ха! — деди Бекет табышмактаткысы келип.

Чолпон унуткан сөзүн Уланга айтканы келаткан эле, бакылдап жаткан Бекетти көрүп, каршыдагы бадал артына далдаланып калды.

Тигил эки дос кызды көрүшкөн жок, өз сөздөрүн уланта беришти.

— Эч кандай шайтан... Баары өз көңүлүм менен...

Бекет жасалма каткырды:

— Аныңа мен ишене бербейм. Кыязы сени аптечкачы кыз арбап койду окшойт, ха-ха-ха...

Улан бул ойго токтоосуз каршы турду.

— Арбабайт. Тим эле адамча мамиле кылат ал ма-га. Мен да ага этияттык мамиле жасайм.

Бекет тигинин оюн башка багытка бурууга аракетенди.

— Демек, кагажый баштадым дечи?

Улан токтоосуз каршы турду.

— Неге кагажыйм? Тескерисинче үч күн илгери областтан дары дармек алып келдик.

Бекеттин кызыгуусу дароо арта түштү:

— Ии, өзү сурандыбы?

— Жок, парторгубуз Камилжан агай кошуп берди.

— И, анан, и? Сүйлөштүңөрбү?

— Ананчы! Антип-минтип жүрүп кеч кайттык. Таш-Мойнокко жеткенибизде, нөшөрлөп жамгыр жаап, сайдан сел жүрүп кетиптир. Наркы жээкте түнөп калдык.

Бекет күтүүсүз кызыктын учугун тапкандай ыкшыңдап күлдү.

— И-и, «Москвичтин» ичиндеби?

— Ооба.

— И-и! Эң кызыгын айт, жашырбай айт.

— Эмнесин жашырмак элем? Сүйлөшүп отурдук. Андан-мындан, көргөн-билгендерибизден.

— Хи-хи-хи. Эң аягын айт. И, и!

— Эң аягы — моюндашып уктап калыппыз. Ойгонсом, кыздын чачынын жагым жыты мурдумду өрдөйт. — Улан кыялдуу берилип сүйлөдү. — Калп эле уктамыш болуп жата бердим. Бир убакта Чолпон ойгонуп мени түрткүлөдү. Жолубузга түштүк.

— Эчтеме болгон жокпу? — деп Бекет үрпөндөдү.

— Ооба.

— Дурак ты! Ай талаадан моюндашып жаткан кыздан эч нерсе өндүрө албапсың. Ай-яй-яй. Болгондо да эч нерсени билбеген кыштак кызынан.

— Бекет, сен Чолпонду жеңил баа ойлобо,— деп Улан ойлуу токтоло калды. — Бул кыз менен мамиле баштагандан бери көп нерселерге жаңыча мамиледе болууга, жаңыча ойлонууга аргасыз болуп жатам. Өз алдыма көп суроолорду коём, жооптор издейм.

— Кандайча? Ал эмне дегениң?

— Маселен, өз турмуштук кадамдарымды тараза-лоого аргасызмын. Ушул убакка чейинки кадамдарым туура болдубу, татыктуубу? Жашоодогу өз ордум тууралуу ойлоном.

Бекет кызыктуу эч нерсе таппагандай, колун терс шилтеди.

— Дурак ты! Кыштактын бир кызынын таасиринде сенин сентименталдуу болуп кеткенинди көр. Жашоодо оптимист болуу керек: дай мне музыку, дай мне сладость, вина, дай мне ласки красивых женщин!

Магнитофонун басты. Ритм музыкасы башталып кетти. Бекет ийректеп бүгүнкү күндүн бийине түшө баштады. Уланды тартты. Тигинин көөнүн таштай албай, ал да кошулду.

Сырттан арык Камилжан кирип, күлүп, кол чаап турду. Аны көргөн Чолпон да бактын далдаасынан чыкты. Бийчилер тиги экөөнү бийге тартышты. Камилжан өз ата салты болгон өзбекче бийин бийледи. Бий күчөй берди.

* * *

Кыштактын чоң жолунун боюнда тармал чач Бекет турду. Комбинезон кийип, ишке шашкан кейипте өтүп бараткан Уланды токтотту.

— Улан, сени үч күндөн бери күтөм го. Кетишибиз керек эмеспи? Же дедушкандан акча алалбай жүрөсүңбү? Канча берди?

Улан муштумун алга суна, үч бармагынын түйүнүн көрсөттү.

— Мына сага акча!..

Бекет ызырынып, тигинин колун кагып жиберди:

— Дурак!.. Ал эмне дегениң?

Улан тиштенип туруп айтты:

— Сен акмактын азгырыгына алданып, кемпир-чалды да, Чолпонду да капа кылып алдым. Өлүм жазасын кашкайып тосуп алган чоң атамын баягы күнкү көз жашы — өмүр бою эсимден чыкпайт. Сага азгырылганыма өкүнөм.

— Сени азгырганым жок, талаптуу буйрук беремин!

— Ошол талабыңа жалкактык менен мамиле кылып, иттин арткы шыйрагындай болдум. Өзүмдүн ким экенимди өзүм көрдүм.

Бекет жасалма каткырды:

— Ха-ха-ха! Кандай адам экенсиң?

— Татыксыз адам экемин. Ушул жашыма чейин өз адамдык мүнөзүмө, турмуштук бекем көз карашыма өзү ээ боло албапмын. Байкуш экемин. Сүлдөр экемин.

— Көзүң заматта кантип «ачылды»?

— Өз мүнөзү, өз ишеними бар адамдарга кагылышып ачылды?

— Ушундай тездиктеби?

— Ооба, «Улуу идеялар, зор илимий ачылыштар күтпөгөн жерден, күтүүсүз шарттарда көз ирмемде жарк-журк этип туулушу мүмкүн» дешет, мен түк ишенчү эмесмин.

— Чын бекен?

— Чын экен.

— Эми сенде өзгөрүш болобу?

— Уже болду.

— Анда кандай болот?

— Эми мен өз башым менен, өз айкын максатым менен жашайм. Ал үчүн күрөшөм! Керек болсо башымды саям.

— Оо, түшүнүктүү: эми биздин айткан менен жашабайсыңбы, же өз каалаганымдай кетем, коркпойм дейсиңби?

— Ооба, өз каалаганымдай кетем, коркпойм. Ошо коркоктук адамдын татыксыз сапаты экен. Ушу күнгө чейин силерден коркуп, басынып жүргөнүмө өкүнөм. Өткөн кайран өмүрүм.

Бекет тигинин ойлорун кайра тактагысы келди:

— А бизчи? Бизди таштайсыңбы?

Улан тигинин ормойгон жүзүнө тике карап туруп айтты:

— Айтпадымбы, «коркуп басынып жүргөнүмө өкүнөм» деп. Эми силерде эч кандай ишим болбойт. Мен силерден түбөлүккө айрылыштым.

Бекет бекем ишеним менен какшыктады:

— А биз тим эле кала беребизби?

Улан темирдей өз эркин айтты:

— Кааласаңар өлтүргүлө, бакыргыла. Мен коркпойм.

Бекет далысын дүңкүйтө тигини карап басты.

— Эй эсиңди жый. Каның таамп калып жүрбөсүн.

Улан кыжынып кыйкырды:

— Коркутпа! Сенин каныңды тамызар закон да бар.

Бекет өзүн тээ жогорутан кармады:

— Эрдемсинбе! Мына муну жыттачы? — Ал муштумун тигинин мурдуна такады. — Кан жыттанат!

Улан анын муштумун өз колунун арты менен кагып жиберди. Экөө мушташып кетишти. Улан жан аябай кармашты. Бирок адис Бекет аны бокс кылып коюп жатты. Тиги жыгылды. Бекет аны аябай тебе баштады.

— Коркпойсуңбу? Жалынбайсыңбы? Жалын! Жалбар!

Улан жерде жатса да, ишенимдүү үн менен, кыжыр менен кыйкырып жатты:

— Коркпоймун! Жалбарбаймын!

XV

Чыныгүл кемпир менен Салия килем, чырмалган кооз чий, ала кийиздерди жайгаштырып жүрүшөт. Салия он баланын энеси болуп, көп нерселерди көргөнүнө карабай, суктанып сүйүнөт.

— «Чыныгүл чебер, Чыныгүл уз» деп эл илгертен атыңызды бекер тарпи кылып жүргөн эмес экен да, байбиче. Мынабу килемге түшүргөн көчөттөрүңүздү караңызчы! Тим эле акыл жетпестей. Чеберлигиңизге бали!

Арык Чыныгүл кемпир күлүп сүйлөдү:

— Салия, көп мактабачы. Мага көзүң тийип кетип, абышкам Чокмок жесир калбасынчы. Хи-хи-хи.

Салия дароо өзгөрүлө сүйлөдү:

— Антпесин. Чокмок абам жакшы адам. Жаныңызда жүрсүн.

Чыныгүл кемпир ойлуу токтолуп, моюнга ала сүйлөдү.

— Жакшы да, жаман да өтөт, Салия. Бу жалганда түбөлүк калган ким бар? Эң башкысы — жаман-жакшылыктын баарын көтөрүп, адамча жашап өтүүдө турат. Артында жаман сөз калбай, бала-чакаң сени эстегенде уялбагандай болушса... Артында, жок дегенде, колундан чыккан ишиң калса...

Салия шашып калды. Ал сөз тизгинин башка жакка бурсам деди.

— Коюңузчу, Чыныгүл эже. Ушундай өнөрлүү колуңуз кантип жерде калсын? — Кооз кылып чырмалган чийди кармалады. — Караңызчы, чырмалган чийиңиздин көчөтүнө тим эле көз кайкыйт. Бали-бали. Шакирт келиндериңиз да мактап жүрүшөт.

Чыныгүл кемпир саал сыймыктана сүйлөдү:

— Музейге коюлат деген соң, бүт өнөрүмдү көрсөтөйүн дебедимби. Бир жагынан келин-кыздар кызыгып шакирт кирип атышат. «Чыныгүл деген чебер энебиз чырмаган чий экен, ал токуган килем экен» деп неберечеберелерибиз айта жүрөр дедим. Садык раис өзү ошентип үгүттөбөдүбү. Өмүрүн берсин, айланайындын, бардык ишке көзү жетип турат. Элдин башчысынын ошондой көзөм болгону жакшы.

Чокмок чал баштаган Садык, парторг, Камилжан, дагы бир-экөө кирип келишти. Садык илинген буюмдарды көпкө тиктеп, көтөрө чалды:

— Бали-бали, байбичелер! — Анан ал олбурлуу Чокмок чалга кылчайды. — Чокмок аба, Чыныгүл энемдин

чеберчилигине баа бере аласызбы? Же «жакыкы суу-пун баркы жок» кылып жүрөсүзбү?

— Бу чеберчилиги болбосо, мен буга үйлөнмөк эмесмин!

Чыныгүл кемпир да туз кошуп сүйлөдү:

— Тигини! Мен да сага тиймек эмесмин: эгерде ат жабдыкчыл усталыгың болбосо... Дагы да мыкты дыйканчылыгың болбосо...

— Райондо иштеген чоңдугум үчүн тийген эмессиңби?

— Кадырың жам болсун, аткен эмесмин.

— Чыныгүл апа, сиздин буюмдарыңызды нече комиссия менен бирдикте көрүп, жактырбадыкпы,— деди Садык, залдын төр тарабына басып. — Мага Дурия байбиченин, анын шакирттеринин буюмдарын көрсөтүңүздөрчү.

Салия аларды залдын төр тарабына илинген буюмдарга баштады.

— Алар тигилер.

Садык ал буюмдарды көргөндө толкунданып кетти.

— Оо, мына баасыз буюмдар! — Көрпө жакалуу тонду Чокмокко жамындырып, ары-бери бастырды. — Атаңдын көрү, жарашыгын айтың! Ата-бабабыз жайкалтып ат үстүндө кийген асыл кийими.

— Жылуулугучу,— деп кубаттады Чокмок чал.

Чыныгүл байбиче көтөрө чалып мактады:

— Байкуш Дурия жесирдин колу каухар экен. Бали!

Садык сөз улоого шашты.

— Баарынан маанилүү жери: элибиз миң жылдык жолунда тапкан бул зор өнөрү унут болуп кетүүгө тийиш эмес!

Чыныгүл кемпир сөзгө аралашты:

— Ырас. Эки жыл илгери карыялар Советинде бул маселени талкуулап көрсөк, жаш келин-кыздардын ичинен эч ким терини ашатып, өндөп, бычып-тигүүнү билбейт экен. Ошондо үйрөт деп Дурияга тапшырганбыз.

Садык өкүнүч менен баш чайкады:

— Ай-яй-яй. А биз дублёнка издеп, шаардан шаар кыдырабыз. Складчылар менен сатуучуларга «жеңгетайын» арбын берип, араң сатып алабыз. Ал эми ата-салт өнөрүбүздү адамдарыбыздын бир мууну өтө электе унутуп, аны жерге көөмп салганыбызга эч кимибиздин кабыргабыз кайышпайт. Ай-яй-яй. Биз жакшы жетекчилер эмеспиз. — Садык Камилжанга кылчайды. — Камилжан, партком да, администрация да бул иштерди

колго алышыбыз зарыл. Пахта планын ашыра толтурабыз. Кой чарбасын өнүктүрөбүз» деп эле чаап жүрө беришибиз болбос. Элдик чеберчиликтерди: өнөрлөрдү, усулдарды да сактап, ал турсун өркүндөтүүгө милдеткербиз. Ансыз бизди, Камилжан, тарых кечирбейт. Карачы, адамдарыбыздын колдорунан эмнелер гана келбейт. Тигине, Чокмок абам жасаган ээр-токум, ат жабдыктары. Муну кайсы дүкөндөн таап ала алабыз?

— Жок, таппайбыз.

— Көрдүңбү? «Колдо бар алтындын баркы жок» деген элдик акылман макалдын маанисн мына ушунда турат.

— Ырас!

— Ырас болсо, биз ушулардын өз ич ара өркүндөшүнө эмне үчүн көнүл бурбайбыз, шарттар түзбөйбүз, уюштурбайбыз.

— Ырас.

— Ырас эмес, Камилжан, бул тим эле зарылдык. Ойлончу: жакшы ээр токум кимге керек эмес? 40—50 миң кой баккан малчыларыбызга да, тоолуу жерибиздин ар бир үйүндө жылкы, өгүз, эшек сыяктуу унаалары бар. Аларга ээр-токум керек да. Болбосо, тиги Дурия эне баштаган келин-кыздар музей үчүн жасаган ичик, тон, малакай, жаргак шымдарды карачы. Алар музей үчүн эле керекпи? Эмне үчүн аларды бекем бириктирип кооперативдер түзбөйбүз? Алардын буюмдарын дагы чындап уюштырууга, саттырууга шарттар түзбөйбүз? Бу биздин колхоз үчүн да, ар бир чебер үчүн да пайдалуу иш эмеспи? Айтмакчы,— деп Садык Салия эненн издеп беттеди. — Баягы күнү сиздикинен, Салия эне, укмуш жабылган патир нан жедим. Ар бири табактай чоң, бетине сейдана себилип, кооз. Даамын айт. Сиз эмне үчүн чалыңыз Токтор аке экөөнөр, дагы бир эки адамды кошуп алып, нан, патир, шарман жаап, зарылган адамдарды камсыз кылып турбайсыздар? Салия күлүп унчукту:

— Анда тойго деп жапкан элек.

— Макул. Ошо той кылгандарды да камсыз кылгыла. Тим эле дасторконубузда аппак дандыр нандары, калдайган патир нандар, домпойгон ширмак нандар турса жаманбы?

— Албетте жакшы,— деди Чокмок чал сөзгө аралашып. — Илгери жыйырманчы жылдарда ошентип ар түрдүү кооперативдер түзгөнбүз. Ал улуу Лениндин НЭП саясатынын жылдары болучу. Ар ким өз мүмкүнчүлүк-

төрүн иштеп, калың элдин керектөөлөрүн камсыз кылуучу, кийин, Лениндин көзү өткөн соң, андай кооперативдерди «Бу жекечилик, бул жол байып кетүүгө, демек,— капитализмге апарат» — деп жоюп жиберишкен.

Чокмок чал ошол учурларды көз алдына келтирип жаткандай, көпкө үнсүз болуп калды.

— Андайлар бүгүн да табылат. Мен бул иштердин четин чыгардым эле, биздин эле райондун партуюмунун жетекчиси менен «Жекечил психологияны өркүндөткүң барбы? Андай иштер социализмдин табийгатына туура келбейт. Партиялык катуу жазага тартылсын» деп коркутту.

Баары бир ирмем токтоло калышты.

— Ошондой-ошондой,— деп Чокмок чал баш ийкеди.

— Жок! Андай эмес, аксакал,— деп Садык ишенимдүү айтты. — Биз өз колхозубуздун, демек, өз айылыбыздын элинин муктаждыктарын кеңири камсыз кылыш үчүн, майда кооперациялар түзөбүз. Менин оюмча да, социализм ар кимдин мүмкүнчүлүктөрүн кысууга тийиш эмес. Демократия кең болууга тийиш. Кыскасы, өз кооперацияларыбызды түзөбүз. Калганын көрө жатабыз...

* * *

Бактын чети. Шылдыраң аккан арык суусунун күүсү угулат. Булбул сайрайт. Бактын тереңинен күлкү угулуп, Улан менен Чолпон кубалашып чыгышты. Кыз күлүп, бактарды аралап качат. Улан кызды араң кармап өптү. Анан экөө дөңгөлөккө катар отурушту. Улан булбул үнүн улап, аны көргүсү келип, шактардын арасына шыкаалады, бирок көрө алган жок.

— Жалбырактар калың экен, такыр көрүнбөйт,— деп өкүндү ал.

— Булбулдун үнүн уксаң болду да. Өзү көрксүз эле бир чымчык.

Улан мойнуна ала сүйлөдү:

— Түк көргөн эмесмин. Шаарда булбул кайда? — Ойлуу токтоло калды ал. — И, айтмакчы, шаардан кат алдым — Бекет досуман.

Чолпон бу кабарга кызыга түштү.

— «Досуң» сени өлөрчө сабап кетпеди беле?

Улан ойлуу токтолуп, анан күлө сүйлөдү:

— Бирок мени багынта албаганына көзү жеткен окшойт. Достугун кайрадан улантсам дегенби, же башка да максаты барбы, ким билет.

Чолпон таң кала сүйлөдү:

— Деги эмне жазыптыр, айтчы?

— Айылды боктоп жазыптыр. «Скучный айылды таштап, тез келгин» деп, буйрук бериптир. — Койнунан катты алып, айрым жерлерине үнсүз көз жүгүрттү. — Айтмакчы, «шаардан Шарапатты жолуктурдум» деп жазат. Шарапат машина менен уй сааштын бир айлык курсуна кеткен эмес беле. «Ресторанда болдук» дейт. «Акчам жок эле, бирок тобокел кылып бардым» деп мактаныптыр. Аябай ичип, мас болуп калган экемин, кыз акчасын төлөп, кетип калыптыр, а мен кызды таап бергиле» деп, тарелкаларды жерге урган экемин, милиция соолуктуруучу жайга алып кетип, 15 сутка жатып чыксам болобу» деп сөгүнүп жазыптыр.

— «Бекер сокат болсо, өлмөк бар» деген экен да.

Улан мыскылдуу күлүп койду.

— Бирок ал: «Шарапат вилка кармашты билбейт экен, бизче ийрсңдеп бийлей албайт экен. Айыл кызына тук үйлөнбө» деп мага акыл айтыптыр.

Чолпондун кыжыры ташый түштү:

— Ошо «вилка кармашты билбеген кыз» ал жеген май, сүт, этти өндүрүп жаткандыгын билет бекен? Арсыз. — Кыз катты алып, тытып нйди.

Улан ойлуу токтолуп, анан аргасыз моюнга ала сүйлөдү:

— Бекетке аны ойлонуу кайда? Ушул көз караштар менде да бар болучу. Аны бүгүн мен тана албайм.

Чолпон аны дароо түшүнө бербей, кайра сурады:

— Ал эмне дегениң?

Улан ойлуу жер тиктеп, анан чындыкты айтты:

— Көз караштарыбыз шай келишкен үчүн достошуп жүргөнбүз да. Кыялыбызда өзүбүздү жогору санап, менменсинээр элек. Анткени экөөбүздүн өзгөчө түшүнүктөрүбүз, ишенимдерибиз бар да. Ошо гана туура көрүнчү.

— Шаарга кеткиң келеби, чынынды айтчы? — Чолпон такып калды.

Улан токтолбой жооп берди:

— Андай учурларым болгон — сени менен түшүнүшкөнгө чейин. Азыр шаар эмес, экөөбүздүн эртеңкибиз жөнүндө көбүрөөк ойлоном. Негедир жүрөгүм элеңжелеп...

Чолпон ойлуу туруп айтты:

— Менин кыялым сеникиндей романтикалуу эмес: өз үйүбүз, бактуу корообуз болсо дейм. Бир күчүк, бир мышык багып алсак дейм.

Улан өзүнчө оолжуп күлдү:

— Ха-ха-ха! Шаардык кыздар ит-мышыкты сүйүшөт.

— Ит-мышык айылга керек: мышыксыз кабыңарды чычкан тешет, итсиз короого ууру кирет. Эң башкысы үй.

Улан ишенимдүү айтты:

— Үйдүн аракетин кылабыз.

— Бирок көп-көп акча керек. Билесиңби, Улан?

Улан эки алаканын алга сунуп сүйлөдү:

— Мына менде эки кол, сенде эки — төрт колубуз бар. Ушу колдор менен кыш кыябыз. Пайдубалын салууга карылар баш-көз болушат. Достор менен ашар өткөрүп, дубалын көтөрөбүз.

Чолпон кыялдуу токтоло калып, анан айтты:

— Балким, колхоз даяр үйлөрүн берет:

Улан буга күмөнсүнбөдү, антсе да башка оюн билдирди:

— Берери чын. Бирок чоң атаман уккан бир сөз — Чыгыш элдеринин акылдуу сөзү — дайыма башымда турат. Ал акыл сөздө адам бу дүйнөдө үч нерсени аткаруу милдет делет экен: биринчиси үйлөнүү, экинчиси үй салуу, үчүнчүсү бак тигүү. Демек, бул үчөөнү аткаруу менин милдетим.

— Кызык...— Чолпон кыялдуу басты. Анан арыктагы сууга кол чайкап отурду.

Улан күтүүсүздөн өз оюн ортого ачык таштады.

— А сенден күтөрүм: 5 кыз, 5 уул төрөп берсең.

Муну күтпөгөн Чолпон чочуп кетти.

— Тигини! — деп жиберди өзгөчө бир сезим менен.

Улан өз оюнун себептерин айтууга ашыкты.

— Мен жалгыз бала болуп өскөмүн, чоң энемин бүгүн жактырбай айтуусуна караганда, менин мамам «фигурам бузулат» деп, менден соң атайылап төрөбөй койгон экен. А мен балдарым көп болсо дейм.

Чолпон Уландын бетине суу чачып, бак аралай качты. Улан артынан кууп кетти.

Бактын сол тарабынан кызуу күлкүлөр угулуп, Дурияны кубалап Тумалай кирди. Дурия бактарды аралай качат. Тумалай аны араң кармап бетинен өпкүлөп, дөңгөчкө тартып отурду. Тумалай демигип, күрсүлдөп жөтөлдү. Дурия кочуштап келип суу ууртатты. Тумалай өпкө кагып демикти.

— Өх! Өлүп кете жаздадым, э.

— Алыңа карап иш кылбайсыңбы?

— Өмүр бою колума тийбей, эми тийсең, аянамбы?

— Өлүп кетсең эмне болот?

Мүнөзү күтүүсүздөн өзгөргөн Тумалай оюн-тамашага салып, элдик ырдан бир шыңгыл созолонтот.

Дурия тигини орунсуз жоругунан уялып, алаканы менен оозун басты.

— Зоңкулдаба. Эл укса уят.

Кубанычтуу Тумалай өз оюн коё берген жок.

— Ашыглык отуна күйүп жүргөн адам ырдайт. Аны эч ким айыптабайт. Отуна күйүп жүрөм, Дурия! — Имере тартты. Дурия ойкуштанып көнбөйт. — Экөөбүз жашыбыздан сүйүшкөнбүз. Аны сен да, мен да унута албайбыз,— башын экчейт. — Эми турмушубуз жакшы болот, Дүрүш. Баягы оттой сүйүүбүздү улантабыз.

— Ошо оттой сүйүүнү сен таштап кеткенсиң. — Дурия бышактады.

Тумалай Дуриянын жүзүнө күмөндүү тиктеп туруп айтты:

— Кече келип, парторг да, райисибиз да, Миңбай, Чокмок баштаган карылар да баарын кечирдик дешпедиби? Сен бүгүн жаратымды кайра жаңыртасыңбы? Анда менин муунуп өлгөнүм артык. — Ордунан тура жөнөдү. Дурия алдын тосуп жалбарды:

— Кагылайын Тумалай, эми ал сөздү түк оозума албайын. Алсам майнеке болоюн. Бир жолу мага ишенип кой.

Дурия Тумалайдын алдына чөгөлөй калды. Көз жашын көлдөтүп ийди.

— Болду. Кечирдим, Дүрүш. Атасынын көрү «Бир күндүк өмүрүң болсо, түштүгүнө жорго мин» дешет. Малдарымды пулдап, бир «Жигули» сатып аламын. Сен үчүн... Сенин калган өмүрүңдү куунатып өткөрөм, Дүрүш.

— Апей, аны ким айдайт? — деди жашын тыя элек Дурия.

Тумалай соксойгон коон башын экчеп сүйлөдү:

— Өзүм үйрөнөм. Ошондо жаныма сени отургузуп, кыштакты жарып өйдө-төмөн айдайм. «Бүүп-бүүп» эттирип коём. Дос-жар сүйүнүп, душман күйүнүп турсун. «Атаңа бали, Тумалай» дешсин. Ишенесиңби, Дүрүш?

Дурия кыялдуу туруп калып, анан баш ийкеди.

— Ишенем. Сен азамат жигитсиң, Тумаш.

Тумалай тигинин кулагына шыбырап, катуу каткырды.

Дурия карылыгын унутуп, тээ жаш чагындай ойсоңдоду.

— Хи-хи-хи. Койчу, Тумаш. — Бетине суу чачып, Дурия качты. Тиги кууп, артынан түштү. Күлкүлөрү тыныбай, бакка терендеп кетиштн.

Кечиккен жаз эле...

Кенен зал. Кооз кийинишкен бүт карылар: Миңбай, Төро, Чокмок, Назар, Токтор, кемпирлер: Бүниса, Чыныгүл, Салия, Нуриялар көзгө түшүшөт. Алда кандай жаңылыктар күтүшкөндөй. Тумалай, Дурия, Чолпон, Уландар жок. Раис Садык отургандарга карап сүйлөп жатат. Парткомдун секретары Камилжан арык мойнун кыржыйта үнсүз отурат.

— «Карысы бардын ырысы бар» деген акыл сөз бар элибизде,— деди Садык жай да, ойлуу да сүйлөп. — Сиздер бар үчүн, карылар, айлыбыздын да, жаштарыбыздын да ырысы бар. Анткени, силердин тажрыйбаңар, жүрүш-турушуңар, уят-намыстуулугуңар, адамгерчиликтүүлүгүңөр, кыскасы: жакшылык-жамандыктарыңар биригип, бизге нуска! Ошого катарыбызды түздөйбүз.

Карылар менен кемпирлер бул ойду колдоп кетиштн.

— Ырахмат, раис Садык!

— Ырахмат, Камилжан парторг.

— Ырахмат, айланайын жаштар!

Садык көп буйдалбай, өз негизги оюн улай берди.

— Кийинки муундар жакшы нускаңарды улантат.

Назар кары ишенимсиз күңк-мүңк этип койду.

— Азыркы жаштар биздей боло алышпайт.

Садык Назар кары жакка жүз буруп, анан оюн улады.

— Туура эмес, Назар аке! Ар бир доор өз муунун күүшөйт, түктөйт, актайт. Силердин ишиңерди биз, орто муундун өкүлдөрү, улантканбыз. Эми ошо эстафетаны үчүнчү муундун өкүлдөрү,— Чолпон, Уландар, Шарапаттар алып жатышат. Бүгүн турмуш алардын башына силерге, бизге салгандай сыноолорду салса, алар да көтөрө алышат. Мен буга күмөнсүбөйм!

Назар ишенимсиз копшулуп койду.

— Бирок, акыл айтсаң угушпайт.

Садык анын оюн улады.

— Жакшы акылды укпаса, албетте, жаман. Бирок аксакал деп эле улуунун сөзүн бардык убакта иргебей уга берүүгө болбойт. Анткени карылардын арасында эскичиликтерден арыла албагандары да, дин ишенимдеринде жүргөндөрү да бар.

Нурия кемпири Назарды капталынан нукуп, ызырынып күңкүлдөдү.

— Тумалай экөөңөрдү айтып жатат.

Садык кыйлага токтолуп калып, анан сүйлөдү:

— Ырас, айрым карылар сабатсыздыктан улам, айрым бир жаңылыштыктар да жиберишкендир. Ал убактагы турмуш, мезгил ошондой татаал да, кайгылуу да болгон. Бирок алар кан төгүп, Совет бийлиги үчүн урушкан, эзүүчүлөрдү тап катары жоюп, колхоздорду уюштурушкан. Зор ийгиликтер менен бирге, зор жаңылыштыктар да жиберишкен. Алар фашизмди өз уюгунда талкалашкан. Социалисттик түзүлүштү сактап калуу менен бирге, бүт Европа элдерин кулдуктан куткарып калышкан. Ушул зор иштерге кары муундар, орто муундар өз салымдарын кошушкан...

— Кыскарт, Садык! — деп эскертти Төрө аксакал.

Садык ошондо гана башка чаралар бар экенин эстеди.

— Хуп, Төрө-аке! Ошентип, карыялар, бүгүн биз колхоз музейинин ачылуу салтанатына катышып олтурабыз! Буга бир-эки жылдан убараландык, эмгектендик. Музей айлыбыздын маданий жана рухий турмушун борборлорунун бирине айланды. Музейден биз азыркы турмуш жолубузду, анын өйдө-төмөндөрүн, кубанычтуу кайгылуу жактарын көрөбүз. Азыркы чар тараптуу турмушубузду көрөбүз, эртеңки келечегибизге ой жүгүртөбүз. Бул зор окуя партиялык уюм менен колхоз башкармасынын массаны тарбиялоодо жүргүзүп жаткан көп кырдуу иштеринин бири. Музейди түзүүгө бүт эл, парт уюму, комсомол уюму, карыялар Совети катышты. Ырахмат, карыялар! Жаштар!

Күпүйгөн жөөн Төрө дагы тарк этти:

— Садык кыскарт! Қыз-күйөөлөр күтүп калышты.

Садык сөзүн жыйынтыктоого шашты.

— Акыркы сөзүм бул: Музейдин ачылыш салтын тойлоо менен бирге, комсомол уюму жана Карыялар Совети даярдаган нике тойлоруна да катышабыз! — Садык сөзүн чорт үзүп, үзүктөй чоң Төрөгө кайрылды. Төрө турган ордунан сыртка кылчайып кыйкырды:

— Қыз-күйөөлөр киришсин!

Нике кийимдерин кийишкен Чолпон менен Улан кириштн. Элге карай онду-солду жүгүнүшүп, таазим кылышты.

Миңбайдын байбичеси, Бүписа аларды алкады:

— Қудай жалгасын. Эңкейсең эгизден төрө, айланайын. Алдыңар агарсын, артыңар көгөрсүн. Алганыңар менен көшо карыгыла!

Тыяктан Тумалай менен Дурия кириштн. Дурия ойсоңдойт, Тумалай уялат.

Назар ордунан тура калып кыйкырды:

— Аа, кайран досум Тумалай! Куш боюң бек болсун! Эр жигитсиң, уялба! А кайран досум, сага сукта-нам! Сенчилеп күйөөлөгөнгө кудай жеткирсе кана! Аттиңай, аттиң! — Нурия нукуду. Тиги ойдолой түштү. Нурия Назарды жакадан алып сыртка тартты.

Төрө таркылдап кыйкырды:

— Назар, чатагыңарды үйүнөргө кылгыла! Биерде музей ачабыз! — Сыртка кыйкырды. — Музейге Ильичтин шамын жаккыла! Пульт!

Жука көшөгөнүн артынан электр жарыгы жарк өткенде, үч кабат кооз имараттын кең терезелеринен, эшиктеринен жарыктар жаркырады. Кызуу кол чабуулар... Төрө сыртка кыйкырды.

— Музыка! Салтанаттуу музыка!

Салтанаттуу кече өз ажарына кирип кетти...

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

ЖАРАТЫЛЫШ — ЖАШОО ҮЙҮБҮЗ

I

Кечке тынымсыз иш үстүндө чарчап, үйүнө кеч кайткан Садык жеңил тамактанып, эми жатууга кам урганда «тройка» деп аталган кызыл телефону өжөрлөнүп шыңгырады: Садык чочуп кетти; анткени, бу телефонго райкомдон, же обкомдон, ал турсун ЦКдан гана чалышат.

— Ало! — деп трубканы кулагына тосуу менен, бул коңгуроо обкомдон экендигин билди. — Ало, мен угуп жатам. Ооба, мен Балбаков Садыкмын.

— Кайырлуу кеч, Садык Балбакович! — деди таанып үн. — Мен Григорьевмин, Иван Федорович..

— Таанып жатам, Иван Федорович, Сиздин да кечиңиз кайырлуу болсун.

— Кандай? Баары жайындабы?

— Кудайга шүгүр, жаман эмес.

— Анда, Балбаков, угуп ал,— деди Григорьев адатынча салмактуу сүйлөп. — Эртең менен жолдош Жапузаков барат. Саат он ченде. Конторунда туруп күтүп

ал. Ал киши ошентип айтты. Үч райондун малчыларынын жайлоодо өтө турган слётуна байланыштуу... Түшүнүктүүбү?

— Түшүнүктүү,— деди Садык шашып. — Бирок ал киши бүрсүгүнү саат ондо келмек эмес беле? Жолдош Жанузаков мени менен ошондойчо келишкен эле го. Эртең ЦКнын секретары жолдош Кубатов келет. Ошону аэропортто тосуп алып, анан бүрсүгүнү ал кишини баштап барам деген болучу.

— Ооба. Бирок ал шарт өзгөрдү.

— Эмне үчүн?

— Жолдош Кубатов бүгүн өзү Жанузаковго телефон чалып, силердеги малчылардын слёту тууралуу көпкө сүйлөшкөн соң, жаңыча чечимге келишти: эртең жолдош Жанузаков барып, слётту уюштуруунун абалын көрүп, кем-өксүгүн ал жерде толуктатмак болду. Жолдош Кубатовду биерде башкалар тосуп алып, бүрсүгүнү түздөн-түз слётко узатып барышат. Кыскасы, эртең менен саат ондо жолдош Жанузаковду күт. Түшүнүктүүбү?

— Түшүнүктүү.

Григорьев телефонду таштады. Садык телефонду кармаган бойдон бир азга ойлуу туруп калган соң, аны рычагга койду да, бөлмө ичинде аркы-терки басып, саар менен Жанузаковду тосуп алуунун майда деталдарын ойлоду. Анан төшөгүнө тез жатып, кана уктап алуунун аракетин кылды.

Садык күндөгүдөн эрте туруп, колхоз мейманканасына барды да, анын кароолуна тапшырды — канаттуулар фермасынан бир короз күрп апкелип, саат тогуз-он ченге бышырып-даярдоосун. Өзү жайлоого жөнөр кем-өксүгүн, айрым эсеп-кысаптар жазылган кагаздардын — отчёт үчүн — бухгалтериядан даярдатты. Эсепсиз цифралар менен «самоотчет» бербесе, азыркы жетекчилер ыраазы болбойт эмеспи.

Саат тупа туура ондо Жанузаковдун сүттөй аппак «Волгасы» колхоз конторасынын алдына туура тартып токтоду. Аларды күтүп ары-бери басып турган Садык жеңил жетип, ак машинанын капкасын шарт тартып, анын дем болуп кеткен ичинен Жанузаковду колтуктап чыгарды, эсен-соолугун, саламаттыгын сураштырды.

Куба жүлүн арык Жанузаков баш ийкеп, рахмат айтып, боз пиджагынын топчуларын бошотуп, бет маңдайындагы бактын түбүндөгү калың көлөкөнү көздөй басты. Көкөлөп бараткан күн аптабы тамга баскандай куйкалап турат.

— Кандай? Ал-ахвалыңар?

— Ырахмат, агай,— деп жиберди саал шашып Садык. Ал Жанузаковду мындан жыйырма жылдай илгери көргөндөн бери эле ушинтип «агай» деп кайрылууга адаттанып калган. — Баары жайында.

Жанузаков чөнтөгүнөн «Беломорканал» папиросун алып, бирди жандырды да, бир нече жолу соргон соң, акылын саал пештеди окшойт. Садыкка карап, кылчайып унчукту:

— Кана, жөнөп кетүүгө даярсызбы?

— Ооба, даярбыз.

— Кана, анда кеттик .

— Макул, бирок бир аз чай-пай ууртап алсаңыз боло...

— Жок! — деди Жанузаков,— мен азыр эле чай ууртап чыктым.

Ал ак «Волгасын» көздөй басты.

— Агай, «Волганы» мында калтырасыз. Мен мында эки «УЛЗ» даярдатып койгомун. Ансыз жайлоонун катаал жолунда «Волга» менен кыйыныраак болот.

Бу тууралуу эми башына келген Жанузаков арык жүзүн саал тырыштыра, шляпасын колуна алып, көк аралаган кайраттуу чачын салаалап артына тарап койду. Анан токтоосуз макулдугун билдирди.

— Макул анда. Даярдат машиналарыңды.

— Даяр. Тигинде турушат.

— Кеттик анда,— деп Жанузаков кадам таштап, андан кайра машинасына басып, андагы жукарак кара кайыш папкасын алып, анан шоферуна бир перселер айтып, ана обкомго жөнөп кете берүүгө буйруду. Ошондон соң Жанузаков алдыңкы «УЛЗ» га олтуруп, өз жанына Садыкты алды. Арткы машинада колхоз парткомунун арык секретары Камилжан. Эки машина куушуп, алыскы жайлоону көздөй бет алды.

Кең өрөөндү как жарган кара жол менен, шамалды беттеп кетип баратышат. Биринин артынан экинчи кыштакты аралап өтүшөт.

Бир кезде түгөнүп, ойкуп-кайкып кыя жолдор менен жооп кара белге чыгып токтошту. Андан ары тоо-токой, жылга-капчыгай — тоо башталат.

Жанузаков кыранга токтогон машинадан чыгып, тоонун жашыл чөптөрүн аралап басып жүрдү. Аба таптаза да, салкын да — көөдөндү толтура дем тарттырат. Сан түркүн гүлдөр. Ак, кызыл көпөлөктөр делдектеп учушуп, гүлдөрдөн гүл тандап конушат.

Жанузаков кайра келгенче, арык Камилжан каныңдагы өзбектик эпчилдиги менен, кырандагы байтүп жаңгактын көлөкөсүнө кийиз төшөп, үстүнө дасторкон жайып жиберди. Дасторкондо аппак дандыр наны, өрүкмейиз, бир канистр кымыз, бир-эки бөтөлкө минералдык суу куюлуп, ортолугунда бүтүн бышырылган дардайган корооз күрт жатат.

Балбаков Жанузаковду утурлай басып, дасторконду көздөй ээрчитип келди. Муну түк байкабаган Жанузаков дасторкон четине токтоп, бир аз тандана түштү.

— Ой, ушунча да камдуу болор белеңер?

— Тиерде сиз ичпей койгон чайды балдар алып алышкан экен. Жол али алыс, бир аз шам-шум этип албасак болобу,— деди Садык алакандарын ышкылап.

Жанузаков Садыктын кызылдуу толмоч жүзүнө, күлүңдөп сыр каткан көздөрүнө тиктеп туруп, арык жаактарын тырыштыра жылмайды да тамашага чала, сөөмөйүн кылычтап, кекетип койду:

— Ай куу жигитсиң да, Балбаков.

— Кечирип коюңуз, агай,— деп Садык жупулуланды.

Арык Камилжан канистрден чыныга кымыз куюп, аны Садык урматтап Жанузаковго узатты. Анан корооз күрпүнүн этин жиликтеп барчалап жиберди. Камилжан шапылдап нан сындырат.

Жанузаков чыныдагы кымызды мелт-калт кылып, бир төпко кармап турган соң, оозуна апарып, жай-жай ирмеп, жарымына чейин жутуп жиберди, анан чынысы дасторконго коюп, күрпүнүн бир жилик этин кармап, бир сындырым ак нан менен, майдалап чайнап жеп отурду.

Ал өскүлөң каштарын саал жыйра, тээ алыскы кең өрөөнгө көз таштайт. Өрөөндүн ар кай тараптарында кararган бактуу кыштактар жатат. Ортосунан дарыя жарып өтүп, анын оң-сол тараптары — эгин талаалары: буудай да, пахта да, жүгөрү да — дагы дүйүм эгиндер эгилген. Андан ары, тээ бозомук мунарыкка сиңип турган караан — шаар.

Өрөөндү көпкө карап отуруп, көзү талыгандай болгондо, Жанузаков кайрадан дасторконго карады: алигиден өзгөчө нерсе — бир бөтөлкө коньяк ачылып, андан жарым стакандай куюлуп, Жанузаковдун алдына коюп коюлган эле.

— Ой, бул эмне? — деп чочуп кетти Жанузаков.

Садык элпек сөз улап жиберди.

— Агай, жол узак, өйдө-төмөн. Аябай кыйналасыз. Бир жүз грамм алып жиберсеңиз жаман болбос эле.

Жанузаков бир ирмем ойлонуп калып, анан стаканды шарт алып, эки ирмем жутту да, оозуна эт салып, аны чайнап жатып унчукту:

— Мага болду. Тиги парторг жигит экөөңөр да бир жүздөн алып жибергиле.

Тигилер ошентишти.

Жанузаков эттен аз-аздан тиштеп жеп отурду. Анын көздөрү дагы эле алыскы кең өрөөнгө тигилет.

— Атандын көрү-ай, биздин жерлердей — Фергана өрөөнүндөй жер барбы...— Ал негедир көтөрүнкү сезим менен сөз баштап жиберди. — Көп жерлерди көрдүм. Чет жерлерде да болдум, иштеп да жүрдүм. Бирок биздин жерлердей жер аз. Же бул менин аша патриоттугумдан уламбы, билбейм,— Жанузаков тамашалуу күлүп коюп, сөз улады. — «Фергана Орто Азиянын бермети» деп бекер айтылбаса керекко. Эмнелер гана өспөйт биздин жерлерде: ак буудай, ак пахтадан тарта, эсепсиз көп жемиштерге чейин, коон-дарбыздан тарта дары чөптөргө чейин...

— Ырас, биздин жерлер, анын топурагы алтын турбайбы,— деп Садык тигини коштоп койду.

— Ушундай алтын жер биздин элдердин үлүшүнө туура келгенине кудайга шүгүр,— деди баятан сөз кошпогон арык Камилжан сөзүнө бир аз болсо да туз кошуп коюуга аракеттенип.

Бул тамашаны, кыязы, Жанузаков укпан жок, анткени, ал өрөөндөгү дыйканчылык белгилерине, сугат пункттарына көз таштап, ойлуу турган эле, ал өзүнчө кобурап сөз улады.

— Бардык нерсе жаратылыш менен, анын ичинде күн көргөн адам менен байланышта башталган.

Садык адегенде Жанузаковдун сөзү кай багытта, эмне тууралуу кетерин ажырата албады, бирок да ал сөзсүз жерге байланышарына күмөнсүнгөн жок. Анткени ал, Жанузаков, кесиби боюнча агроном. Андан калса, дыйкан үй-бүлөсүндө туулуп, дыйканчылык менен оозанып чоңойгон. Мындан кийин да, армиядан соң, өз өмүрүн дыйканчылыкка байланыштыра улантқан. Ал турсун элүүнчү жылдарда чет элдеги дипломатиялык корпустарда иштеп жүргөндө да, анын иши ошо дыйканчылыкка байланыштуу болгон: же консультант катарында, болобсо ошол өлкөнүн дыйканчылыгынын өзгөчөлүктөрүн үйрөнүүчү атайын адис катары...

Жанузаков өйдө туруп, пиджагын ийиндерине желбегей салына, көк жалкын чөптү тизеден кечип, нары-

лап басты. Аны Садык жандады. Бирок Жанузаков көп сүйлөбөй, ичтен оор ойлор менен байланып, жанында басып жүргөн Садыкка эч кандай сөз сүйлөгөн жок. А Садык болсо Жанузаков жөнүндө ойлоп баратты — анын башына кайдадыр бир жактан уккан «Кубатов түшүп, анын ордуна Жанузаков болот имиш» деген айың сөз кылт эте түштү. Садык бул ойду же жактаашын, же жектешин билбей, үнсүз баса берди.

Алар кыйладан кийин жолго чыгып, тоо аралай сапарларын улантышты.

II

Жанузаков кечке машина менен кыдырып, мүмкүн болгон жерлердеги үч райондун айрым малчыларынын абалы менен таанышкан соң, малчылардын эртеңки салтанаттуу слетко даярдыктарынын кээ бир учурларын көрдү. Садыктын сунушу боюнча, ушул «Ак-Таш» колхозунун малчыларынын үйүндө түнөп калууга макул болду.

Бая түштө эле Садыктардан бөлүнүп кеткен Камилжан Жанузаков менен Садык баштаган меймандарды кондуруу үчүн, бир боз үй менен чатыр-палатканы жаңаша тиктирип, чай-пайын даярдап, өзү күтүп отурган. Кең жайлоонун далай өрөөндөрүн, далай малчылардын малдарын кыдырып чарчап кайтышкан меймандарды парторг Камилжан менен бу колхоздун башкы ветврачы Бактыбай Садыровдор тосуп алышты.

Бактыбай Садыров — шыргыйдай узун бойлуу, бирок ширидей катыңкы, жарашыктуу кара муруту бар, көп сүйлөбөгөн, ар убак ойлуу жүргөн адам. Жашы элүү бештерге келип, Садыктан далай улуу экендигине карабай, экөө көптөн ынак, анткени, экөөнүн тагдыры белгилүү даражада окшош болгон — бул да Садыкка окшогон бунтар мүнөзүнөн мертинген... Садык ал мертиништерден эртерээк кутулуп кетүүгө жетекчиликтеги волютаризмге сокку урулган шарттарда айрым адамдардын аркасы тийип, мүмкүндүк алып кутулуп кеткен болсо, Бактыбай да ошондой сокку алды, бирок ал андан ушул күнгө чейин ачык кутулуп кете албай куугунтукта, болбосо ал республикадагы ветеринария илимининн таланттуу өкүлдөрүнүн бири. Ветеринария илимдеринин кандидаты, азыр ал доктордук диссертациясын аяктап, ошол илим үчүн, аны практикада өз колу менен иштеп, өз көзү менен көрүш үчүн колхоз-совхоздордун

жандуу турмушуна аралашып иштөөнү чечкен. Ошол үчүн ал ушул «Ак-Таш» колхозуна башкы ветврач болуп иштөөгө келгенине он жылдан ашып баратат. Бактыбай «мертингенде» илимдеги өз көз карашы үчүн мертинген, зомбулук, волюнтаризм анын белин сындырып кеткен, бирок ал ошол илиминен, б. а. ошол көз караштарынан алиге чейин кайткан эмес, аны ушул докторлук диссертациясында далилдөө, далилдей албаса, ошол ишенимдердин артында өлүү ишениминде жүргөн көк адам. Анын мына ушул болоттой бек ишенимдерин урматтаган Садык өзү бу колхозго раис болуп калган соң, тигинде окумуштуулар чөйрөсүнөн өз ишеними үчүн четтетилип, көчөдө каңгып калган Бактыбайды колхоздун башкы ветврачы болуп иштөөгө чакырган.

Кечки тамакты ичишкен соң, боз үйгө жанаша тигилген чатыр-палаткага Жанузаковду жалгыз жаткырышты, кенен жатып, тынч уктап алсын дешти. Ал эми боз үйдө Бактыбай, Камилжан, Садык баштаган өз адамдардан тышкары, райондук айыл чарба бөлүмүнүн башчысы Кадыров, анан айрым колхоз-совхоздордун ветврач, зоотехниктери болуп, он чакты адам жатмак болушту. Эки капшытына эки паныз чырак илинип, үй ичи күңүрт жарык. Ал эми толгон ай тоо башынан көкөлөп, ой-түздү сүттөй жарыгына бөлөп турат. Алыстан айгыр аттардын алышкандары угулуп, короочу иттер аңкылдап үрүшөт.

Чатырда жаткан Жанузаков, негедир, түйшөлүп уктай албай жаткандыгын куу Садык сергек байкап атты. Уйкусу качкан ага бир нерсени жеткирүү аракетин ойлоду, ошон үчүн Бактыбай Садыровго байкатпай, аны сөзгө тартты — анын ойлорун өз оозунан Жанузаков уксун деди.

— Баке,— деди Садык акырын кобурап,— мынабу мал чарба адистери сиз тууралуу ар кандай жакшы сөздөрдү да, ушак-мушактарды да угушат экен, бири туура түшүнсө, экинчиси алда кандай ойлоорун ким билет? Сиздин тиги мал чарба институтундагы уу-чуунуз, анан сиз аягында аерден четтетилип, бүгүн минтип, окумуштуу экендигиңизге карабай, колхозго келип калганыңызга эмне себеп?

Бактыбай кичине кара мурутун сылап, ойлуу көздөрүн жай-жай ирмеп турду да, борс этип күлүп коюп сөз улады:

— Ал дал бүгүн силер биерге чогулуп, эртеңки слетко талкуулайбыз деп отурган жайыт, жайлоо маселеси-

не байланыштуу болгон. — Бактыбай керегеге илинген папкасын алып жатып сүйлөдү. — Мен республикалык партиялык уюмдун Борбордук Комитетинин биринчи секретарына кат менен кайрылганмын. Мына ал каттын бир копиясы — Садыров портфелинен эскирген сары кагазды сууруп, аны өйдө көтөрүп койду. — Мен бул катты жыйырма жыл илгери жазгамын. Карагылачы, каттын кагазы да саргайып эскирди, ал эми менин ошол пикирлерим, көз караштарым эскирген жок.

Садыров негедир, өз эркинен тыш терең үшкүрүп койду. Мында ал бул каты үчүн өлөрчө куугунтук жеп, көрбөгөнү гөр болгонуна өкүндү беле, же ошол асыл максаты алиге ишке ашпай жүргөнүнө арманы беле, айтуу кыйын эле.

— Ошол катыңызда эмне жазылганын билсе болобу? — деп өтүндү райондук айыл чарба бөлүмүнүн башчысы Кадыров.

— Эмне үчүн болбосун? — деп Садыров кайра сурады. — Мен муну жетекчилер, окумуштуулар, адистер, ким кааласа ошо окуса деп жазгамын.

— Анда мазмунун айтып бербейсизби?

— Угуптурунуз,— деди карамурут Бактыбай ондоно калып,— Кыргызстан тоолу өлкө, ошондуктан жайытыбыз да көп деп мактанып жүргөн республикабызда бар болгону 9 миллион гектерга жетип-жетпеген мал жайытыбыз бар. Бул көппү, же азбы?.. Ошол аянтты эми 9 миллион 858 миң койго, 1 миллион 110 миң уйга, 276 миң жылкыга, 362 миң эчкиге бөлүп көрүңүз? Зээн кейитерлик жыйынтык келип чыгат. Анан ошол 9 миллион гектар жайыттын бардыгы тең эле мал оттоого ылайыктуу дейсизби? Аска-зоолуу, карагай-чердүү апай беттери канча? Шагылы куюлуп, шакырап агып жаткан суусу канча? Чаптуу жерлеричи?.. Демек, бизде табигый жайыт менен мал башынын ортосундагы тең салмактуулук сакталбай калган. Ал экөөнүн эсебинде пропорция тоголуу керек. Биз негедир эле маселенин ушул жагын эсепке албай жатабыз. Ошондон улам жайыт маселеси азыр республикабыздагы эң ири жана өтө тез чечилүүгө муктаж маселелердин бири болуп чыга келди: жайлоолордун кунары кетти, жайыт такырайып, табигый чөптөрдүн түшүмү жыл сайын кескин төмөндөөнүн ичинде. Булактары соолуп, арча менен бадалдары азайып, улам жайдак тартууда.

Момундай бир сары эсепти эсибизге салып коюуга тийишпиз: биздин республикабызда азыр мал жайытта-

рындагы табигый чөптүн түшүмү кургак массага айландырып эсептегенде, бар болгону араң эле эки центнерди түзүп калды. Демек, бул мындан 20—30 жыл мурдагы учурларга салыштырганда алда канча төмөн деген сөз.

Адам баласынын айрым учурларда дагы эле экосистемага ойлонбой туруп чар-жайыт, ысырап кылып сарамжалсыз кийлигише берүүсү кийин-соң орду толгус кырсыктарга дуушар кылышы табигый нерсе. Мындай бир мисалды алалы: бир учурларда Римде май менен шарапка, Мисир менен Карфагенди курулуш материалдарына карк кылып турган Жакынкы Чыгыштын тагдыры эмне болду? Кишилердин бейкамдыгынан улам азыркы тапта ал жерлер кумдуу чөлгө айланды.

Демек, биз жайыт жерлерди азыртадан илимий жактан терең изилдебей туруп, баш-аламан пайдалана берсек, анда акыры кейиштүү болуп бүтөөрүндө шек жок.

Мындай олуттуу маселени чечүүдө республикалык, партиялык, советтик уюмдар, анын ичинде Кыргызстан Илимдер Академиясынын тийиштүү институттары, Мамлекеттик агро-өнөр жай Комитети бир катар иштерди жүргүзүп жаткандай. Жайыттарды өздөштүрүү деген ураан али да күн тартибинен алына элек...

Садыров бир ирмем ойлуу токтолуп, анан сөз улады:

— Албетте, аны бапестеп кармоо жана билгичтик менен пайдалана билүү боюнча республикабызда кыйла иштер жүргүзүлүп, толгон-токой маанилүү маселелер көтөрүлүүдө. Бирок кептин баары — алар акырына чыга иштелбей, ал эми иштелген чаралар чара боюнча кагазда калып жаткандыгында. Же мен жогоруда эскерткендей, жайыт жерлер илимий жактан терең изилденбей туруп эле «өздөштүрүлүп» жаткандыгында.

Мындай бир мисалга кайрылалы: жайыттарды өздөштүрүү керек десе эле биз аларды тикендүү зымдар менен бөлүп-бөлүп тосуп коёбуз, же малга арбын тоют даярдайбыз деп жайлоону айдап, эгин сээп киребиз. Албетте, бул бир беткейлик жана маселени туура эмес түшүнгөндүк. Айталы, бир учурларда Суусамыр өрөөнүн өздөштүрмөкчүбүз деп, анын ала-шаласын чыгарып айдап, жер кыртышын жыртып кирдик. Антип биз бир нерсени эске алган эмес экенбиз: көрсө, тоо өрөөндөрүнүн кыртыштуу топурагынын жер бетиндеги калыңдыгы 10—20 сантиметрче гана болот экен да, анын асты жагы таштак-кумай экен. Кийин ошол айдалган жердин көпшөк бош топурагын тоонун шамалы учуруп кетип, какыран ташы чыгып калды. Эми ал жерлер кыртыш

байлап, кайрадан табигый жайыт болгуча эң кеми жүз жылдар керек.

Бул ката илимдин тегерегинде «илимпоздор» делип, көкүрөктөрүн ургулашып жүргөндөрдүн кесепетинен болгон иш. Муну биз, окумуштуулар, мойнубузга алууга тийишпиз.

Садыров жай кыймылдап, сигарета жандырды. Анан аны бир нече жолу соргон соң сөз улады:

— Болбосо, чөп чыкпай такырайып баратат деп, Соң-Көл жайлоосуна кадимки жер семирткичтерди чачтык. Акыры эмне болду? Пайдалуу курт-кумурскалар менен көпөлөктөрдү мындай коюнуз, илбээсиндер залал тартышты. Жаз менен күзгү кара жамгырда жер семирткичтер суу менен кошо көлгө куюлуп, балыктар зыянга учурады.

— Демек, жайлоо жайыттарын табигый калыбында сактап калыш ойдун чордонунда туруу керек демексиз да.

— Ооба, биринчиден, жайлоо жайытынын маселелерин илимий негизде чечүү керек. Экинчиден, мал башын ыгы жок эле көбөйтө бербестен, продуктуулугун жогорулатуу максатка ылайык болор эле. Эл бекеринен: «Койдун эки ооз болот, бири башында, бири бутунда»,— деп айтышпаса керек. Азыр жайлоонун такыр болуп баратканынын дагы бир себеби, ошол түмөндөгөн кой чөптү туяктары менен эле кырча басып, тепсеп коюп жатышат. Мен мындай бир кызык фактынын айтып берейин. Албетте, бул эске тутуп коючу нерсе. Мурда адамдар жайытты пайдаланууну примитивдүү, бирок эң эле пайдалуу ыкмасын өздөштүрүп алышкан. Алар ар бир малдын жей турган өз-өз чөптөрү бар экендигин жакшы билишчү. Ошондуктан жайлоого көчүп келишкендеринде жандык малыбы, кара малыбы баарын бирдей күргүштөтүп жайыттарга жайып жиберишчү эмес. Тартиби менен, же азырынча айтканда эшалондоп жайышкан. Жайытка адегенде жылкыларды чыгарышкан. Жылкы жарыктык өтө сыпаа келишип, чөптү тандап жешет да, жерди көп тапташпайт. Алар ал турсун кой, өзгөчө уй жайылган жердин чөбүн жешпегени кызык көрүнүш. Ошондон кийин гана койду, анан уйларды кое беришкен. Дагы бир кызыгы, жайлоодо төөнү көлүк катары гана эмес, санитар катары да кармашкан. Анткени төө жайлоодогу тикендүү чөптөрдү жеп, алардын азыркыдай коолап кетишине мүмкүнчүлүк беришкен эмес. Тикендүү отоо чөптөрдүн уругу быша электе жеп түгөтүшкөн.

Көрдүңбү, ата-бабаларыбыз жайлоо жайытын дал мына ушинтип сактап келишкен.

Дагы бир нерсе — алар азыркы малчыларга сары журт болушуп, жайды жайлата бир конушка олтура беришпеген. Журт которушуп улам төргө өйдөлөшүп, а жердин уламкы бышкан чөбүн улам жешип, чөп кубалап конушкан. Антип алар оту тосуган жерге жаңы чөп кайрадан акырындап чыгышына шарт түзүшкөн.

Садиров сигаретасынын калдыгын кереге түбүнө өчүрүп, анан сүйлөдү:

— Эгер жайлоого чыгып калсаңыз, азыр дагы жантайма беттердеги эски арыктардын нугуна күбө болосуз. Аны эл эмнегедир эле «Калмак арык» деп атап коюшат. Алар ал арыктардан булак суусун чыгарышып, ошол жүлүндөй суу менен жайыттарды сугарышкан.

Албетте, азыр шарт да башка, өлчөм да башка. Азыр адам акылын айран кылган техниканын заманы. Бирок кантсе да жайлоого болгон ошол камкордук эми негедир эле кайдыгерликке айланып баратканына бир чети жүрөгүң тыз этет.

Көп учурларда чөп бышып калган күз маалында түтүнү көккө бурап бөксө жайлоолордун өрттөнүп жатканын көп эле көрүүгө болот. Адамдар анысын эски чөптү өрттөсө, жазында ордуна жайкалып шибер чыгат деп ишендиришет. Бирок ошол өрт менен кошо табылгы, арча, чычырканак, караган сыяктуу бадалдарды жалмап кетип, тоо жыланач каларын, ал эми ошол бадалдар жер алдында суу топтоп, бассейин жасап, анан ал бассейинден булактар чыгып жатканын капарларына да алып коюшпайт. Кайдыгерликтин мына ушундай кесепетинен азыр тоо булактары биротоло соолуп, жайлоо каксоо тартты. Бир учурда көйкөлүп өсчү чөптөр эми бийик тескейлердин беттеринде гана калып, мал жайыты тарыды. Бөксө жайлоолордогу атчан адам бойлобогон балтыркандарды эми издеп да таппайсың.

Садыров бир топко сүйлөбөй калган соң, акыры оюн кошумчалады:

— Албетте, жайлоону жалаң гана мал жайылчу жайыт деп майда мүдөөнүн алкагына карабоо керек. Жайлоо — бул, өсүмдүктөр менен айбанаттар дүйнөсү. Анын байлыгы да, кооздугу да мына ошонусунда. Ал барыдан мурда да мына ошонусу менен кымбат, кызык.

Бийик тоо кыркаларынан орун алган жайлоо жерлериндеги анын толуп жаткан башка ар кандай фаунасы менен флорасын айтпаганда да, а жерде сейрек учуроо-

чу жана жоголуп бараткан желиндүү айбанаттын 17, куштардын 31, өсүмдүктөрдүн 35 түрү кездешет. Демек, жайлоону коргогонубуз — бүтүндөй табиятты коргогонубуз, өзүбүздүн өмүрүбүздү коргогонубуз...

Ошондуктан табигый жайлоо жайыттарын мурдагы калыбына келтирүү, аны бапестеп сактоо иши — ал айрым ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын, же айрым гана кишилердин жекече иши болбостон, биздин ар бирибиз үчүн милдеттүү болгон жалпыбыздын ишибиз.

Биз эми жайлоо жайытынын пайдасы жөнүндөгү өз ара үгүт-насыят иштерин азайтып, аны коргоо, калыбына келтирүү боюнча жоопкерчиликти күчөтүүгө, сөздөн ишке өтүүгө мезгил небак жетти. Антпесек эртең кеч болуп калат.

Тиричилик эволюциясы эң жөнөкөй нерседен өзүнүн эң татаал формаларына жеткенге дейре, болжол менен 3,2 миллиард жылды зарптады. Ошол узак эволюциянын жүрүшүндө ар кандай формаларынын ортосунда туруктуулук байланыштар жана корелятивдик тең салмактуулук пайда болду.

Биз эми ошол кылымдан кылымдарды артып өсүп-өнүгүп келген ажайып кооз дүйнөнү бүлүндүрүүгө, анын тең салмактуулугун бузуп-жарууга эч кандай акыбыз да, укугубуз да жок. Жаратылыш — жашоо үйүбүз. Жашап турган үйүн адамзат бүлүнтүүгө тийиш эмес.

Садыров сөзүн бүткөнүн билдиргендей, папкасын бурчка таштап, чөнтөгүнөн сигарета алды да, «чырт» эттире күкүрт чагып жандырып, аны удаа-удаа соруп отурду. Беркилер да бир нече мүнөткө үнсүз болуп калышты. Дал ушул учурда Жанузаковдун чатырында да «чырт» этип күкүрт чагылганы угулуп, анын да папирос жандыргандыгын Садык айкын байкады. «Демек, ал Бактыбай-акенин сөздөрүн баш-аягына чейин угуп жаткан экен» деп ишенди.

— Катыңызга жогортон эмне деп жооп алган элеңиз,— деп сурады Кадыров.— Деги оң болдубу?

— Оң болсо бүгүн биерде отурмак белем.

Кадыров бул жоопту түшүнбөй калды.

— Мунунузду кандайча түшүнсө болот?

— Кандайча түшүнсөңөр, ошондойчо...

Бул райондо кийинки жылдарда гана иштей баштаган Кадыров буга макул болгон жок.

— Бу кеп эмес, ачык айтпайсызбы?

— Ачык айтсам, менин оюм, көз караштарым тээ жогорку инстанцияга такыр жакпай калыптыр. Четине колдоого албаган резолюция коюп, институбузга жиберген экен, ал жерде катым талкууланды. Талкуу эмес, жазалоо болду, кошоматчылар: «Консерватор», «эскичил», «алдыңкы илимий көз караштан артта калган», «окумуштуулук перспективасы, потенциялы жок» ал турсун «бүгүнкү туура чарбалык-илимий көз караштарыбызга, туура бараткан чарбалык перспективаларыбызга көрүнөө саботаждык, провокатордук» деген сыяктуу эсепсиз көп ярлыктарды мойнума илип, «институттун жалпы илимий багытына мунун көз карашы тике карама-каршы, демек, бул институтта анын калышы жалпы максатка ылайыктуу эмес...» деген жыйынтык менен мени көчөгө чыгарып таштады Бир нече жылдан күрөштүм, бирок өз чындыгымды далилдөөгө мүмкүндүк таба албадым Ошентип, сандалып калган учурумда, кудайга шүгүр, калыс адамдар да бу дүйнөдө бар экен, Садык чакырып келип, колхоздун башкы ветврачы кылып иштетип жүрөт. Максатым бул илимий көз карашымды иш жүзүндө далилдөө, анан өлсөм арманым жок.

Садыровдун каңырыгы түтөп кетти. Ал сигаретасын кайра-кайра соруп, тамагы буула аптыга түшкөндүгүн үй ичинде жаткандар ачык байкашты, ошол үчүн тигиге дагы суроо беришпей, ар кимиси өз ички ойлору менен болушуп, тынып калышты.

Дал ушул учурда чатыр ичинен Жанузаков жөтөлүп, төшөгүнөн тура, сыртка чыкты да, какырымыш болуп, анан үн салып Садыкты чакырды:

— Балбаков!

— Ов!

— Уктаганың жокпу?

— Жок.

— Анда бери чыкпайсыңбы?

— Макул агай! Азыр.

Садык кийинип сыртка чыкканда, Жанузаков чатырдан алыстап басып бараткан эле. Ал боз пиджагын ийиндерине желбегей салынып алган. Садык ага жандады.

— Түн укмуштуудай кооз... карачы. Абанын жагымдуулугун айт. Айдын да толгон учуру экен.

Жанузаковдун ички абалы козголонку экендигин байкаган Садык, анын ошол абалына ылайык сөз издеди.

— Карасаңыз тиги үрүл-бүрүл көрүнгөн тоолорду. Тим эле асманга тирелгенсишет.

— Да-да... — деп Жанузаков созуп койду. Анан экөө

үн-сөзсүз баса бериштн. Тээ наркы кой короосунан алар-ды көздөй короочу ит үрдү күрсүлдөп.

Бир убактан кийин Жанузаков күтүүсүз сөз сүйлөдү:

— Малчылардын эртеңки жыйынында алиги Садыровуң сөз сүйлөйбү?

Жанузаков Садыровдун баятан берки сөздөрүн толук угуп жаткандыгына Садык эми күмөнсүгөн жок.

— Сөз берсеңиздер сүйлөшү мүмкүн.

— Сөз беребиз.

Садык ойлоно түшүп, анан айтты.

— Эртең жолдош Кубатов болот да биерде.

— Болсо эмне экен?

— Билесизби, агай,— деп жиберди Садык. — Өз учурунда Садыров өз ойлорун, мал чарбачылыгыбызга карата көз караштарын жолдош Кубатовдун атына жазган, бирок ал кишиге жакпай, анан бул ойлорун институтта четке кактырган да.

Жанузаков үнсүз баса берип, анан айтты:

— Сүйлөсүн. Айтсын. Көз караштарынын негизги өзөктөрүн кыскачалап айтсын.

— Макул. Макул, бирок... — деп тайсалдады Садык.

— «Бирогу» жок. Айтсын! — Жанузаков кыжырдуу кесе айтып, ошол жерден шарт бурула басты да, токтолбостон чатырга кирип, жатууга кам урду.

Садык чатырдын оозунда сороюп туруп, тиги жаткан соң өзүнчө ойлуу нары басты. Ал Жанузаков тууралуу ойлонуп бара жатты. «Кызык адам». Көптү биле турган адам... Кайсы маселе болбосун терең түшүнөт. Айыл чарба тууралуу мен түшүнгөндөрдү бүт билет, ал турсун, менден да терендетип түшүнөт. Муну мен көп жолу пикирлешүүлөрдө байкадым го. Мени ал көп жолу калпыс кадамдарымдан сактап келет. Балтабаевдин озуусуна түшүп, ал мени өзү айткандай, «жаңгактай чагып» коерго менин пикирлеримди, көз караштарымды туура түшүнүп, ошол угуп, кыязы, ал позициясын Кубатовго билдирип, байкатпай мени жактап түшүндүрүп, ошон үчүн анын колдоого алышына жетишип, анан мени түрмөдөн бошоттуруп, партиялыгымды калыбына келтирген. Ал эми өткөн жылы республикалык чоң чогулушта айткан сөздөрүм, пикирлеримчи?.. Кубатов баштап, акырегинен ычкыр кашатына чейин орден-медаль тагынгандарга да жаккан эмес.

Мени «колхоз түзүлүшүнүн душманы», «саботажник» деп жарыялашты. Ошондо, Кубатов, дагы башкалар менин тагдырымды биротоло чечмек болушканда, Жану-

заков бек турган тура: «Аракетчил, издемчил, ага мүмкүндүк бериш керек. Балким, анын айткандарында да бир маңыз бардыр. Андан калса, анын сөздөрүн Москвадан келгендер да угуп, жазып кетишти. Эми аны жок кыла салсак, бу сынды куугунтукка алгандык болот» деп баарын эскерткен тура. Муну тиги обкомдун секретары, ЦКнын бюро мүчөсү жолдош Алдосов да коргоп кеткен экен. Болбосо, менин теримди тетири сыйрып, жок кылып коюш кыйын беле?

— Садык чатырдан алыстап басып кетип, өз оюн улантты. — Партиялык жетекчи катары кыраакылыгы да, ошого жараша түшүнүктөрү да кең. Жер, анын алыскы тарыхы, бүгүнкү тагдыры, эртеңки жөнүндө бүгүнкү айткандарычы? — Садык сигарета жандырды. Анан улады оюн. — Мына, азыр эле Садыровдун республиканын кой чарбасы, жайлоо жөнүндөгү ойлорун угуп, ага толгонуп, уктай албай сыртка чыгып, «Садыров ошол ойлорун эртеңки чогулушта айтсын» деп түркү берип жатканын карачы. Демек, Садыровдун бул көз караштары буга жаккан, ошон үчүн «айтсын» деп жатат. — Садык ойлонуп калып, анан улады оюн. — Бирок бу слетко Кубатов катышат да. Садыровдун бул ойлору ага жакпай, кошоматчыларды артынан салып, жыйырма жылдан куугунтуктарда кармап жүрбөйбү. Эртең чыгып ичинде буккан ойлорун жүрөгү менен айтып, малчыларды өз ойлоруна чакырып койсо, Кубатов биротоло жинденип, байкуш Садыровду мындан да жаман күндөргө кириптер кылбас бекен?.. — Садык тунжурап баса берди. — Же Кубатов андай кылбас, мага кылгандай жакшылыгын кылар. Мурда аны көрө албас душмандары чагымчылап, анын көз караштарын жамандап көрсөтүп коюшкандыр.— Садык эки анжы болуп, кайсы багытка ишенерин билбей жатты. Көп запкы көрүп келаткан неме Садыровду аяйт. Андан калса, партиялык кызматкерлер «Партия ушинтип эсептейт. Борбордук Комитет тигиндейче эсептейт» деп ооз толтура сүйлөйт, өзүн бүткүл партия катары көрсөтүүгө үйрөнүп алышкан, кантип ага каршы тура аласың? Каршы турсаң эле «бу менин жеке пикириме каршы турду» дебейт. «Партияга каршы турду». «Борбордук Комитетке каршы турду», «Бу партияга каршы киши», «саясы жагынан жеткилең эмес...» деп, ярлыктар тагып коюшат, партиялык документтерге жаздырышып, басма беттеринде согуп, бүтүндөй бекем коомдук пикирлер түзүп салышат. Анан башыңды ташка уруп, ак экенинди, өз пикириндин туура экенин көрсөтүп

берчи, ошон үчүн Бактыбай Садыровичке айтып көрөйүн: кааласа сүйлөсүн, «жок» деп тайсалдаса өзү билсин...

Садык дагы эле басып жүрөт. Жайлоонун салкын түнү мемиреп жатат. Ал эми анын ойлору ичтен дагы эле улануууда. «Жанызаков менин Балтабаев менен болгон күрөшүмдүн маңызын жактаган экен, кийинки жылдардагы республикалык чогулушта айткандарым да ага жагыптыр. Мына эми Садыровдун жайыт проблемалары туурасындагы ойлору да жагат экен. Андай болсо, ал эмне үчүн ошол маселелерди обкомдун секретары катары, республикалык парт уюмдун Борбордук Комитетинин бюро мүчөсү катары ачык койбойт: республикалык аренада болсун, союздук аренада болсун?.. Же ал өз кара жанын, креслосун сакташ үчүн жүргөн немеби? Жок, жок!.. Жанузаков андай адам эмес. Кыязы, бу — мезгилдин талабыдыр. Ошондой кынк этпес мезгилдерге, «жаша, ураа» менен жашап, көрсөк көрмөксөн, билсек билмексен болуп, «ал» десе алып, «жул» десе жулуп, ооруган жериң барбы десе, «жок» деп жашай бере турган мезгилге туура келгендирбиз. Ырас эле ошентип жашап атпайбызбы? Ошонтип жашагандардын колу жогору болуп жатпайбы. Мына мен, эмнеге жеттим? Мына Садыров, ак ниети менен агымга каршы барсам деп, эмнеге жетти? — Садык оор жүк баскандай кыйналып кетти. — Мейли, баарыбыз эле ошентип, агым кайда жылса, ошол жакка кошо калкып, күн көргөнчө өтүп кетели, бирок адилеттик, чындык деген кай жактарга кетет? Адамгерчилик, анын абийири перселер бизди айбанат дүйнөсүнөн ажыратып турган ыйык перселер кайда кетет?..»

III

Аркайган ала тоолордун башынан жай күнү аркан боо көкөлөп курч аптабы менен бүткүл ааламды көлбүтүп калган чакта, жайлоонун учу-кыйры көрүнбөгөн жашыл түздүгүнө кызыл-ала кийинишкен эр-аялдар, кары-жаштар туш-туштан атчан-жөө самсып келип, бал аарынын сыңары кыжы-кыйма болуп чогулуп жатышты. Күн чайыттай ачык. Конур шапата жортуп, жан сергитет.

Булар бир нече райондун малчыларынын слетуна чогулуп жатышкан малчылар, мал чарба адистери, бул жыйынга атайын чакырылган артисттер, район-райондордон келген өнөрпос адамдар... Булардын арасында

Кубатов, Жанузаков, Текетаев дагы башкалар болушкан партиялык-өкмөттүк жетекчилер да бар. Алар үчүн ай-талаадагы көк майсан чөптүн үстүнө стол, стулдар жайгаштырылып, үстүнө микрофондор орнотулуп, магнитофондор коюлган, алардын үнү шаңшып бийик чыгып, мындагы жүздөгөн атчан-жөө адамдарга жакшы угулсун үчүн, ар кай жерге орнотулган момуктардын башына күчтөндүрүлүүчү радиолор орнотулган.

Чогулуш али ачыла элек болсо да эгек-жени саймаланган кызыл-көк дукаба желет жамынышкан, күмүш кемер курчанышкан, суусар бөрктүү эки ырчы (артистерден) эки келишкен айгыр аттарга минишип, эл аралай бастырышып, үн созуп ырдап жүрүшөт.

Ырчы малчылар менен кошо «агайларын» ашыра мактап, ошолордун камкор жетекчилиги алдында мал чарба дүркүрөп өсүп жаткандыгын ырчы толкунданып айтып жүрдү. Анын оюн андан жашыраак ырчы улантты.

Аптап биротоло курчуган ченде жыйын ачылды: жөөлөр алдынкы катарга сүрүлүшө, көк чөпкө көчүк басышты, алардын артындагылар чөгөлөшүп, андан кийинкилери тике турушту. Ошондон соң атчандар ат тизгинин тартыша, кырка турушат. Ак калпактар бадырайып көзгө түшөт.

Ушулардын бет мандайындагы узун столдо жетекчилер, коноктор.

Саал эниш тарткан Кубатов өйдө тура, микрофондун алдына токтолуп, малчыларга арнап жаздырган докладын конур үн менен окуп кирди. Мында республикадагы мал чарбасынын дүркүрөп өсүп жаткандыгы эсепсиз көп цифралар, салыштыруулар, проценттер көрсөтүлүп, аргументтер менен далилденип жатты.

«С» райондук партия комитетинин биринчи секретары көпшөк ак жүздүү Сапар Текетаевич улам кол чаап баштап, баш экчей элди кошо тартып, улам-улам кайталанган кол чабуулар менен докладчынын маанайын, эргүүсүн көтөрүп турду.

Докладчы кой чарбасын өнүктүрүү жагынан биздин республика союзда үчүнчү орунга туруктуу чыгуусу зарылдыгын, ал үчүн кой башынын санын дагы бир нече миллионго көбөйтүү милдети жергиликтүү партиялык жана өкмөттүк жетекчилик тарабынан алдыга бекем коюлгандыгын айтты. «Дагы да санын көбөйтүүбү? — деп четте шылкыйып отурган Садык ичтен оюн улантты. — Бирок бизде ал үчүн жайыт барбы, кышкы тоютка чөп жетишеби? Же баягы жылдардагыдай жут-

ка чалдыгып, койлорубузду короо-короосу менен кырып ала берсек мейлиби? Мен экономист катары ойлор болсом, эмне үчүн кой чарбасынын продуктуулугу үчүн күрөшпөйбүз? Ошондо эл үчүн да, өкүмөт үчүн да пайдага турбайт беле. Же баразмандуу цифралар, куру кыйкырыктар баарынан зарылбы?

Кубатов өз докладын «малчылар дагы да зор ийгиликтерге жетээрине» ишенгендигин билдирип, партия менен өкүмөттүн атынан дагы бир жолу жакшы калоолор айтып бүтүрдү.

Атайын ала келишкен, арт жакка тизип койгон үйлөмө аспаптардын оркестри баркылдап тоо жаңыртып, салтанаттуу куттуктоо музыкасын аткарды. Баш жагы шляпадай кайрылып, улам ичкерип бараткан жагы ажыдардай болуп музыканттын мойнуна оролгон сары жез аспаптарды жаш балдар таң калышып, ооздорун ачып тиктешет.

Андан кийин алдыңкы малчыларды орден-медалдар менен сыйлоо аземи башталат; сыйланган ар бир адам чакырылып, анан көкүрөгүнө орден же медалды Кубатов өз колу менен тагып, анан жүзүндөгү жаш баланыкындай сүйүнүчү менен сыйлангандын колун бек кысып, көпкө чейин кое бербей, кайра-кайра силиклдетип жатты. Ар бир малчыга сый берилген сайын, музыканттар үйлөмө аспаптарын таркылдатып үйлөшүп, салтанаттуу мотивдеги музыка менен коштолот.

Бул салтанат бүткөн соң, докладды — чын чынында бул региондогу мал чарба проблемаларын — талкуулоо башталды. Көбүнчө докладдагы салтанаттуу тонду ого бетер көтөрмөлөп кубаттоо, оптимистик убадалар, өкүмөткө, анын жетекчилерине, жергиликтүү жетекчилерге ырахматтар айтуу, ыраазылыктар билдирүү болуп жатты. Ар кимдин сөзү маанисине, койгон маселелерине каралбай эле, механикалык мүнөздө кол чабуулар менен коштолот.

Бул регион үчүн гана эмес, бүткүл республика үчүн тиешелүү болгон мал чарба проблемалары тууралуу, жаратылыштын биердеги шарттары үчүн малдын тукумун тескөө, ошондой эле жайлоо, кыштоо, тоют, жана да мал чарба азык-түлүктөрү жөнүндөгү «Ак-Таш» колхозунун башкы ветврачы Садыров Бактыбайдын сүйлөгөн сөзү өзгөчө таасирдүү болду, бирок да бул маселе боюнча көптөн көндүм болуп калган адамдардын көбүнө түшүнүксүз, бир жөөлүгөндөй нерсе болуп угулса, ошон үчүн кээ бирлери «ой, бул эмне деп келжиреп атат?»

дешип, бирин бири колтукка түртүштү, андайлардын башында мал чарба проблемалары эмес, сөздөр эртеөөк бүтүп, оюн-тамаша башталса деген каалоолор турган эле. Кээ бир тажрыйбалуу адамдарды, айрым жетекчилерди ойго салып койду. Бирок да ошо «жетекчилердин» бири да чыга калып, ошо чындыкка жакын, өтө зарыл ойлорду, проблемаларды улантып айтып, «ой бу ырас эле маңызы бар ойлор экен» деген жок. Тээ баягы Тумалайдын принциби боюнча, «Билемин дедиң тутулдуң, билбеймин дедиң кутулдуң» деген позициядан «бир балакетине калбайын, чондордун каршылыгына тийип койбоюн» деп, үңкүйүп-үңкүйүп жер тиктешти.

Ал эми Садыровдун бүт ойлору Кубатовго түк жаккан жок, анткени — ал бул ойлорду мындан жыйырма жылга жакын илгери жаш окумуштуу Садыровдун катынан окуган, каршылыгы келген, ошон үчүн өзүн уга турган окумуштуулардын күчү менен, анын бул пикири «илимге каршы пикир» дедирип, түбүнө жеткире талкалаткан. Ошон үчүн Кубатов өз ичинен кыжырланды: «Бул пикирди биерде малчылардын адасына, ким кайталап атат? Бул илимден куулган Садыровду дагы мал чарба проблемаларына аралаштырып ким апкелип отурат? Балбаковбу? Же Жанузаковбу?..» Кубатов кыжырлуу жүз менен Балбаковду бир, Жанузаковду бир тиктеп койду. Анан ал жарыш сөздөрдү токтотууга ишарат берди.

Чогулуш салтанаттуу музыкалар менен аяктады.

Көп өтпөй тамаша башталды.

Жөө күрөштөр, бука тартыштар, кыз куумайлар, тыйын энмейлер кыйкырыксүрөөндөр менен абдан көтөрүңкү өтүп жатты. Кыйкырыктар мээ жарат.

— Карма эле карма!

— Көтөр эле көтөр, азамат!

Майрамдык бул шаан-шөкөттүү салт оюндарынын ичинен Садыкка өзгөчө таасир эткени эр оодарыш болду, анткени ага чыккандардын бири ушул «Ак-Таш» колхозунун жылкычысы Дубана аттуу сербейген кара сакалдуу адам эле. Садык бул жоош көрүнгөн чугу чагыраак катардагы жылкычыда мындай мүмкүнчүлүк бар экендигин түк күткөн эмес, болгондо да аны эч ким «энишке түшүп бер» деп айткан жок. Тигил район тараптан Түркбай аттуу — кийинки бир нече жылдан бери эч кимге эниш бербеген аппак жүздүү, толмоч, ар бир билеги сокбилектей жоон келген отуз беш-кырктар аралыгындагы жигит жаргак шым кийип бел курчоодон жогору

жагын жыпжыланач калтырып, чоң чум кара аттын үстүндө ортого чыгып, нары-бери бастырып калган соң, бул район ага кимди саларды билбей калышты. Болжол жүрүшкөн эки эңишчил жигиттин бири ооруп калдым деп аттанбай, экинчиси караан жашырып бир жакка жоголуп кеткен экен, ага-буга асылышуу менен он-он беш мүнөттөй убакыт өтүп кетти.

Түркбай балбан чум кара атынын оозун силке, ортолукта нары-бери бастырып, бир колу менен ишарат кылып, сылай-сылай камчыланса, бир колу менен салаалап аттын жалын тарап, манчаларына илээшип чыккан кылдарды жумгактап оозуна салып, кычыратып чайнайт.

— О болгула эле болгула! Балбандарды чыгарбайсыңарбы же жокпу? — деп тигил райондуктар кыйкырышат.

— Балбанынар болбосо, багындык деп башынарды ийгиле да, соорунду бизге өткөргүлө.

Берки тарап дагы эле күйкөлөктөнүшөт, бирок эч кимди табышпайт. «Батасын берип, соорунун өткөрүп береек бейм» деп калышканда, акыл-кенеш аксакалдарга жакын бастырып барып Дубана-аке, камчысын көтөрө, жай унчукту.

— Ылайык көрсөнөр, мага бата бергиле. Ушул Түркбай балбан менен бир беттешип көрөйүн.

Тургандардын көбү чочуп кетишти.

— Кантет? Жалганынбы, чынынбы?

— Чыным,— деди Дубана чечкиндүү.

— Ой, Дубана, сени кайсы шайтан кытыгылап атат,— деди боз атчан бирөө,— ким менен беттешеринди билесиңби?

— Ооба, Түркбай балбан менен.

Дубананын чугу чак болгону менен, атка аябай чыйрак, ашкан улакчы-чабандес экенин билген бирөө, оюн-тамашага чалып, Дубананы көкуттүбү, же ырас эле ага ишендиби, кантсе да, барк-барк этип унчукту.

— Дубананын да атасы уулум деп туудурган, апасы уулум деп өстүргөн. Түркбайды деле бир эне тууган Чыкса чыксын Дубана! Эки түркүк тирешет, бири тайыйт. Тайып кеткен киши өлбөйт, жерден кагынып кайра турат. Дубана жыгылса, жер көтөрөт, чыга бер, Дубана!

Дубана атынан шарт түшүп, сырт кийимин бел курчоого чейин чечип, кең жаргак шымды кийгенде, жогору жагы арык болуп, төмөн жагы парпайып, кызык көрүнүп калды. Баятан көмөлдүрүктөп, кош басмайылдап токуп, жулкунтуп кармап турушкан атактуу Тору кашка

итты алдына тарта беришкенде, Дубана үзөңгүгө бут кое, куштай жеңил ыргып, ээрге конду. Анан ал элге бурула, эки алаканын жая, бата тилеп жиберди. Эл дуулдат бата тартты.

— Аллаху акпар! Ак жолуң ачылсын!

Дубана тору кашкага камчы басып, элирте чаап ортого чыкканда, баятан чыйрыгып турган Түркбай балбанга жакындаша түштү. Түркбайдын аппак эткел денеси калдайып чоң көрүнүп, анын каршысындагы Дубананын ширидей кара арык денеси, салыштырмалуу түрдө алганда, сөөмөйдөй эле көрүнгөнсүп калды. Эки балбандын жүздөрү да бири биринен кескин айырмаланат: сакал-мурутун жылмалап кырдырган Түркбайдын көгүш ак жүзү толмочтонуп, ай тегерек тартат, эки бетинин отунан каны тамардай кыпкызыл: ал эми Дубананын күрөң тарткан териси сөөктөрүнө катып, ар бир мууну билинет, билектери да кичине, ээгине койдурган чокчо сакалы сербейет, аз келгенсип, сол ийининин сөөгү чоркоюп бери түртүп, колу төмөн бүткөн — жаштыгында улакта чыгарып алып, ошол бойдон майпар бүтүп калган, колу колтугунан жетээрлик өйдө көтөрүлчү да эмес.

— Алгыла эми, азаматтар!

— Алгыла!

— Жакындашкыла! — деп эл чуу түшүп кыйкырышат. Элдин пикири да даана угулуп атат.

— О кокуй, ушу кейпи менен Дубанадар эмне эңишке чыгат? Тиги дардайган неме колдорун жулуп албайбы.

— Өзүнө ишенген үчүн чыккандыр да,— дейт бирөө.

Балбандар аттарын моюндап, чаап, онго-солго ойкуштатышып, чандырларын кызытып алышкан соң, аркы-терки бастырыша, бири бирине жакындап келишти. Мурдатан эңишке көнүгүшкөн аттар да токтолуп калышпай тегеренишет. Балбандар да камчыларын кулагынан тиштеп, колдорун бошотуша, бүркүттүн сыңары бири бирине тап беришип, бир нече жолу чапчышып да кетишти, бирок колдоруна даана киргизе алышпады. Бир убакта шап-шуп дей түшкөндө эле Дубананын ширидей кара ничке билеги Түркбайдын аппак жоон манчалуу колдоруна кирип калган экен, ал кара атынын наркы жамбашына оодарыла калып, түйүнчөк болуп тартып, Дубананын колун ээр кашка басуу үчүн, бир-эки жолу аракеттенип, саал-саал жерден баса албай калды.

— Ал эле ал!

— Тарт эле тарт!

— Ата уулу болсоң тарт! — деп тигил өйүздөн чуу түшкөн кыйкырык көтөрүлөт.

Берки өйүздөгүлөр тиштенише, онтоп жиберишип, кыжырдуу унчугушат.

— Дубана! Кантесиң!

— Жаның барбы?

— Қаап! — деп жиберди Садык. Тигинин эңишке өзү ээленип чыгып алганына өкүнүп жатты беле, айтуу кыйын эле.

Дубана силкип жатып колун араң сууруп алып, ушунун баарына тору кашка айгыр күнөөлүдөй ага үстүкөбосток камчы басып, ойку-кайкы бура, жыйынды бир тегеретип чаап чыкты. Саал дымактана түшкөн Түркбай балбан андан да өткөрө, ойку-кайкы буруп чапты, чоң кара атын.

Балбандар кайра беттеше келишкен соң, дагы көпкө чейин кармаша алышпай, ар кандай маневрлер жасашып убараланып жүрүштү. Үйрөнгөн эңишчил айгыр аттар туяктарын астындагы көк чөптү майкандап, чексиз тегеренип жүрүшөт.

Бир убакта кандай болгонун эч ким билбей калды: Дубананын майпар колунун манчалары Түркбайдын ак колунун манчаларына жармаша түштү, Түркбай балбан күтүүсүз жоруктан чочуп кетти — колун тез жулуп алуу аракетин кылып, кайра-кайра силкип жүрдү, бирок Дубана колду коё бермек турсун, Түркбайды улам берилетип. оң көлу менен анын жоон ак билегинен алып, улам ээр кашка жакындатып тартып жатты.

Тигил өйүздөгүлөр кыйкырышат.

— Ээ, Түркбай! Сага эмне болгон?

— Силк, колуңду силкип сууруп ал!

— Кайда кеткен сенин ат көтөргүс күчүң? Буга окшогон ширидей чалды эмес, (сакалы бар үчүн айтып жатат) сурайылдай жаш жигиттерди бир силкип, ээрге жеткирчү эмес белен!

Берки өйүздөгүлөр чуулдашат:

— Ал, колуңдан айланайын Дубана, ал!

— А жаныбарым Тору кашка, чимирил!

Ырас эле, адамдай эстүү тору кашка ат аракет кылып, кара аттын артына айланып кетүүгө аракет кылып жатты, айланып да кетти. Эми Түркбай балбандын колу артына кайрылып калды: эки ат бир жакка баштаныша жандана түшүштү. Дубана теминип кыйкырды — эми ат кең талааны көздөй жүгүрүп баратышты.

— Артка, жаныбарым тору кашка, артка!

Дубана каргылданган үн менен кыйкырды, ырас эле тору кашка бурулуп, тиги ат да аргасыздан кошо бурулуп, жыйынды көздөй жүгүрүштү. Бул мезгилдин ичинде беш-алты мүнөт убакыт өтүп кетти.

— Дубананын колу талып калды, эми тигинин билегин чыгарып жиберет,— деди кимдир бирөө.

— Чыгарбайт! Чолок колуна кирип калыптыр, анысы кычкач чыгарбайт! — деди экинчиси ишенимдүү.

Аттар жыйынга жакындаганда, Дубана үзөңгүсүнө сол буттап тура калып, оң буту менен Түркбайдын ээринин тарагын тээп, тигинин артына кайрылып калган колун, ызгыттай чыңырып туруп тартты. Бул жолу Түркбай балбан туруштук бере алган жок: чалкасынан оодарылып барып, үзөңгүдөн оң буту тайып, көк чөпкө оңколдок ашып жыгылып, жүгүргөн аттын күүсү менен эки-үч томолонуп кетти.

Дубана Тору кашкага камчы баса, тээ алыс жак менен кайытып чаап, кээ кезде «А доңуз!» деп атын эркелете кыйкырып, анан жыйындын ортосун аралай чапты. Бул учур токтой калган кара атына шап минген Түркбай балбан Дубананын артынан куюндатып чаап жөнөдү — ызаланган ал тигини аттан жаш баладай кучактап алып, атына өңөрүп барып, жерге урмак болгон эле.

— Ой! Ой! Бул эмне деген жорук! — деп берки өйүздүн атчандары Түркбай балбандын алдын тосушту. — Бул эмне деген наамарттык?

Тигил тараптагылар да камчы үйүршө, чаап чыгышып, чатак чыгып кете жаздады. Атчан жүрүшкөн беш-алты милиционерлер ортого түшүшүп, араң бас-бас кылышты.

Садык таң калуудан энтигип турду: биринчиден, Дубанадан мындай эрдикти, күчтү түк күтпөгөн болсо, экинчиден, өз колхозунун жылкычысы мындай район аралык зор намысты алып отурушу колхоз раиси Садык үчүн зор сыймык эле. Ал жадырап күлүп, жоро-жолдошторунун, колхоз-совхоз жетекчилеринин, райондон, областтан, тээ борбордон келгендердин куттуктоолорун алып, өз терисине батпай сүйүнүп жүрдү.

Дубананын бул жеңишинин сырын Садык анын өз оозунан кийин билди: көрсө, Түркбай эңишке түшкөн тамашаларда Дубана аке анын бир бошоң жерин көрөт. Түркбай эңишкенде колун муштум кылып түйүп албай, дайыма манчаларын жазган бойдон кармайт экен. Анын

ушул кемчилигин Дубана аке байкап жүргөн тура. Анан бүгүн өздөрүнөн балбан чыкпай калганда, тобокелге салган себеби да ошондон экен: ал майпар колунун кычкачтай манчалары менен тигинин оң колунун сөөмөйү менен ортонун бириктире алып кетиптир. «Бу майпар колумдун манчаларына тийген нерсени эч качан чыгарбайм,— деп Дубана аке ээгиндеги сербейген сакалдарын кашылап, кыт-кыт күлдү. — Экинчи бир нерсе,— деди ал сөзүн ойлуу улап,— менин ишенгеним Тору кашка айгыр болбодубу. Бул жаныбардын үстү ушунчалык омоктуу, тим эле аскага бекем жайлашып алгандай болсун. Андан калса, ал эчишке адис болуп бүткөн: сен тиги балбан менен жакшылап билектешип алган соң, ал мөцкүп жаныңдагы атты толорсуктап кажып бүжүрөтүп, анын тиги тарабына айланып кетүүгө аракеттенет, анткен соң ар кандай тиги балбандын колу кайрылып калат эмеспи, аны антара тартып албай жаның жокпу? Кыскасы, бул эчиште Тору кашка айгырдын орду чоң болду».

Дубана жылкычынын бул эчиштеги ийгилиги Садыктын көңүлүн көкөлөтүп көтөрүп кетти. Ал алдыда боло турган ат байгени, андан кийинки көк бөрү тартышты көрүп, ал турсун өзү да ат даярдатып, галеге кирмек болду эле, дал ошол учурда көпшөк ак жүздүү Сапар Текетаевич аны четке тартып, үнүн басандата, бирок буйрук бере сүйлөдү:

— Балбаков, сен азыр биерди таштап, тез жөнөгүн да Кара-Үңкүр тараптагы мал жайыттарына баргын. Бир аздан соң, Кайып Кубатович менен Жанузаков аттанышып, ошол багыттагы малчыларда болмок болушту. Анан токой чарбасынын мейманканасында түнөп калышат. Кечкиге чай-пай даярдаткын. Жөнө.

— Ошолор менен кошо жөнөсөм болбойбу?

— Жок! Андагы айрым бир көзгө түшө турган жаман иштерди көздөн далдалаткын. Ураан-сураандар илдиргин. Жылкычы, койчу, саанчы адамдарың жакшыраак кийинишип, бизди уятка калтырышпагандай болушсун.

— И, түшүндүм,— деди Садык какшыктап,— Потемкин кыштактарын түз дебейсизби?

Ызадан Текетаевдин көпшөк жүзү бүлкүлдөп, шишимек бүтүк көзү биротоло жүлжүйө түштү.

— Сен буйрукту, болгондо да райондук партия комитетинин буйругун, кыжың-кыжыңсыз аткарганга качан үйрөнөсүң?

— Туура иште жогортон болуучу буйруксуз да аткарабыз. Ал эми буга окшогон орунсуз буйруктун пайдасы кайсы?

— Кантип орунсуз? Борбордук Комитет менен обкомдун секретары баратышпайбы? Булар сен үчүн оюнбу?

— Оюн эмес, бирок биздеги абалды алар кандай болсо, ошондойчо көрүшсүн да. Мен аны пардаздап-кооздоп көрсөткөндөгү пайдасы кайсы?

Көпкө созулган кыжы-кужудан соң Текетаев Балбаковду жөнөөгө мажбурлады.

Садык көңүлсүз жөнөп кетти.

Жайлоодогу салтанаттуу той уланып жатты.

IV

Садыктын жеңил машинасы артуу-мартуу ашууларды ашып, кээде таштан ташка согулуп, ак көбүктөнө шаркырап, жыландай ийрилген тоо суусун бойлоп, биерде бычак менен тилип жасалгандай терең капчыгайларды аралап келе жатты. Улам төмөндөгөн сайын жаңгак жемиштүү токойлорду тепчип аралайт. Кээде алма, алча, долоно, даректуу жапсарлар учураса, кээде майда бадалдуу таштак тумшуктар жолугат. Түн түшкөн жаңгактуу токойлор күн нурун жерге өткөрбөй чумкоп астында өскөн көк чөп үлбүрөп алсыз, да, назик да. Эки адамдын кучагы жетпестей жоон жаңгактар 30—40 метрге чейин асман челишип, 300—500 жылдык сырлар сактап, үнсүз каалгышат. Бадырайган жемиштери бутак учтарында кээси үч, кээси беш кошмок болуп турушат, алардын бышып, жерге кызылдалып түшүштөрүнө али эки жарым-үч ай убакыт бар.

Бир жайдагы түн түшкөн жаңгак токойлоруна киришкенде, Садык машинасын токтоттуруп, сыртка чыкты. Токой дым түшүп, сыр катандай мемирейт. Ар кай жерден алакүү, пактек үн салышат. Тээ төр тарапта карга какылдайт. Кызыл тоңкулдактын куу жыгачты тынымсыз чокуп жатканы угулат. Негедир үркөн ала көчүк эки элик чөптөрдүн башы менен тең секириште, куюндашып өтүп кетишти. Алардан төмөнүрөөктөн бир үйүр жапайы доңуздар бийик балкамыштарды жапыра жүгүрүшүп, сай жакка бет алышты. Эсепсиз көп жашыл, кызыл, көк гүлдөргө бал аарылары менен көпөлөктөр учуп конушуп, өз тиричиликтери менен тынымсыз алек. Тээ аскадан учушкан эки бүркүт көк асманда шаңшышат. Бет мандайдагы борчук керегe таштардан бирине

экинчиси кезек бербей, кекиликтер сайрашат. Садык сокмо жол менен капталдай басып, жүктөй таштын астынан чыгып жаткан көз жаштай тунук булакка туш келди. Кол чайкап, бир нече жолу кочуштап жутту. Муздак суу өзөгүн муздатып, көңүлүн көтөрдү.

Ал улам нарылап басып, асман тиреген бай түп жаңгактардын зор кубатына баа берип, ал жаңгактын ар бир даанасы асыл баалуу да, дарылык касиеттери да бар экендигин эстегенде, көңүлү саал көтөрүлүп, көөдөнүн жакшы сезими тээп баратты. Ал ушундай керемет жаратылыш арасында туулуп, ошол жайларда өскөндүгүнө бир чети кубанса, экинчи чети сыймыктанды.

Күн батарга жакын Кубатов менен Жанузаков жана да аларды узаткандар келишти. Түн түшкөн токой ичине салынган бир нече жыгач үйлөр меймандарга даядалып коюлган эле. Жетекчилер эки бөлмөлүү люкстарга жайгаштырылып, үч райондун партиялык комитеттеринин секретарлары бир-бир бөлмөгө киргизилди. Калгандары ар бир бөлмөгө бирден-экиден орношторулду.

Көп өтпөй эле Кубатов өз бөлмөсүнөн чыкты: ал бая кийип жүргөн костюмун чечип, спорт костюмун кийинип алган экен, андан улам ал баягы алтымыш жаштагы чарчаңкы адам эмес, жапжаш жигиттей көрүнүп калыптыр, кыймыл-аракеттери да шамдагай, чапчаң сыяктуу. Айланасындагы укмуш кооз токойлорго, бет мандайындагы ак чокулуу, аска тоолорго суктангандай тиктеп туруп калды.

Садык андан саал обочороок жерде бир аз жалтайлап турду. Сергек Кубатов Садыктын мындай абалын байкай койдубу, же аны сөзгө кошкусу келди беле, кантсе да, аны сөзгө өзү тартты:

— Ии, Балбаков абалың кандай?

— Ырахмат, агай. Өз алынча.

— Бас бери.

Кубатов капталда казылган жол менен басты. Садык ызат көрсөтүп, андан бир-эки кадам артта келатты эле, тиги колун жаңсап, жандаша басууну сунуш кылды. Садык жандаша басты.

Кубатов улам токтоло калып, айланасындагы зор жаңгак даректарын тегерете тиктеп, анан суктана бир сөз айтып, кадамын кайра улантат. Садык ушул шарттан пайдаланып, бул токойлор тууралу көңүлүндө жүргөн ойлорун негизги чордондорун айтып калууга аракеттенди. Ал адегенде саал сүрдөп, сөздөрү чачкын чыкса

да, бара-бара аны ички сезими бийледи — оюндагыларын тайманбай айта берди: бул токойлордун колхоз-совхоздорго узак мезгилдерге пайдаланууга берилген участкаларын да, түбөлүк пайдаланууга госакт менен бекитилип берилген участкаларын да алып, токой чарбаларына — токойдун чыныгы ээлерине берүү зарылдыгын айтты; токойлорду мурдагы калыбына келтирүү зарылдыгын айтты; аны мамлекеттик пландар боюнча карт-жашына карабай кыюуну токтотууну айтты; дагыдагы толуп жаткан токой проблемаларын айтты ал.

Кубатов үнсүз баса берди. Бир убакта Садыкты беттеп токтоп, аны биринчи жолу көрүп жаткандай жүзүнө тигилди да, акырын сурады:

— Сен, Балбаков, кимсиң? Колхоздун башкармасысыңбы, же токой чарбасынын директорусуңбу?

— Колхоздун башкармасымын,— деди Садык шашып.

— Анда ошо өз колхозундун маселелери тууралуу айтпай, эмне үчүн токой маселелерине күйүнөсүң?

Садык адегенде апкаарый түшүп, анан жай айтты:

— Ушу токойлордун абалы жакшы болсо, бизге суу жакшы болот. Ошондо даныбыздын да, пахтабыздын да түшүмү мол болот экен. Бак-дарагыбыз бүрдөп, мөмө-чөмөбүз дасторконго толот экен. Ошондо малыбызга да: жакшы экен — жем-чөбү болот экен. Токойдон аба тазарып, өмүрүбүзгө пайда болот экен — бала-чака оорусыркоодон чет өсөт экен...

Садык ушул жерде токойлор арасында кийинки жылдарда эчки совхоздорун уюштурушуп, «О кокуй, эчкинин тыбыты алтын баалуу кымбат. Экономикабыз көтөрүлүп атат. Азыр Оренбургдун пуховой шалдары биздин эчки-биздин жүнүнөн болуп жатат» деп, төш кагып мактанууга өтүп жаткандарга өтө тике каршы экендигин айтты. Эң аягында ал кызууланып, колдорун шилтеп да жиберди:

— Бул жаңгак жемиштүү токойлор дүйнөдө бирден бир экенинен тышкары, мына өсө турган эндемикалык даректар бар, б. а. дүйнөнүн эч бир жеринде жолукпай турган. Булар келечек муундар үчүн да, илим үчүн да зарыл. Ошолорду эчкилер кажып, тукум курут кылып атышат.

Садыктын мындай тайманбаган ойлору Кубатовго анча жага бербеди, кыязы. Ал үнсүз баса берип, кайра сурады:

— Макул. Токойлорду сенин колхозундан алып, токой чарбаларына берип коелу дейли. Анда сен 40—50 миң

коюнду, кара малдарыңды кайда багасың? Башка колхоз-совхоздор кантишет?

— Кеп ошондо, агай. Ушу токой аянттарын кошо алганда да малыбызга жайыт, чөп орук жок. Аз!

— Көрдүңбү? —деди Кубатов табалагандай.

— Ооба, көрүп турам. Кеп ошондо, жайыт, чөп орук жай болбогон соң, мен башкарган колхоздо 40—50 миң баш мал кармоонун кандай зарылдыгы бар? Аны азырак кармап, бирок анын азык-түлүгүн арттыруу үчүн күрөшпөйбүзбү дейм да. — Садык токотоло калып айтты — Көп болгон менен кээде жем-чөпсүз, короо-жайларсыз продуктуулугу төмөн, жуттан улам кырылып калган учурлары жок эмес.

Кубатов дагы кадамын токтотуп, Садыктын кызылдуу жүзүнө тигилди.

— Бул үчүн жем-чөптү жеткиликтүү даярдабаган сен күнөлүүбү, же башка бирөөлөр күнөөлүүбү?

— Ар бир малыбыздын башына 20—30 сотых жер туура келет экен, бул аянттагы чөптүн тамырын кошо жулуп алып жыйнасак да бир малга бир жылга жетпейт экен да.

— Биз тээ түндүк райондорунан чөп, саман даярдап алууну уюштуруп жатпайбызбы.

— Ырас, ага,— деди Садык, бирок ызалануу тону менен улады сөзүн. — Жүздөгөн адамдарды жөнөтүп, командировочныйлар төлөп, камыш-кумуш, саман даярдатабыз. Аларды тайлатып, анан поезд вагондоруна салып Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан республикаларынын территориялары аркылуу эки миң километрдей жол жүргүзүп алып келебиз. Мында ар бир центнер самандын наркы канчага турарын билесизби? Минтип баккан малдын бир килограмм эти, сүтү, жүнү канчага кымбатка турарын билесизби? Экономикалык мындай кымбатка турган продукциянын кимге кереги бар?

Кубатов сөзгө какай түшкөнсүдү:

— Эмне сунуш кылар элең? — деп жиберди ал.

Садык токтоосуз айтты:

— Малдын башын кескин азайтуу керек дейм. Анын азык-түлүктүүлүгү үчүн күрөшүү керек. Азык-түлүгүнүн арзандыгы үчүн күрөшүү керек...

Кубатовго бул ой, кыязы, жакпады.

— Короо-сарайларың жетпейт. Сен сыяктуулар, албетте, ошентип айтышат. Короо-сарайларды даярдоого кызыкчылыгыңар аз. Ошон үчүн малдын өлүмү көп.

Ырас, агай. Бирок райондогу курулуш-ремонт уюм-

дары бир жылда бир-эки колхозду да камсыз кыла алышпайт. Ал эми өзүбүз курууучуларды таап курдурсак, закон бизди соттойт экен. Бир-эки колхоз башкармасы кесилип кетишти — финансылык закондорду бузган деп айыпталып.

— Жеп-ичип коюшкандыр.

— Жок. Бир тыйын да өзүнө алышкан эмес. Коомдук малга кам көрүш үчүн күрөшүшкөн. Бирок да 8—10 жылдан кесилип кетишти. Ошон үчүн малыбыз кырылса да, өз кассаларыбызда миллиондогн сом акчаларыбыз турса да, биз, колхоздор, өз каалаганыбыздай өз акчаларыбызды жумшай албайбыз.

Кубатов укмаксан болуп баса берди да анан өз оюн улап койду.

— Закон деген закон. Биз өкмөттүк закондорду так аткарууга милдеттүүбүз. Партия бизден ошону талап кылат.

— Кайып Кубатович, мен бир нерсени түшүнө албайм.

— Эмнени?

— Закондор бизге кызмат кылышы керекпи, же биз, ар бирибиз, оң кадамдарыбыз үчүн да, закондун зомбулугуна калып, анын курманы болушубуз керекпи?

Кубатов суроолуу тиктеп, Садыктын дени-кардынын соо эместигине күмөнсүнгөнсүдү.

— Айтарың не? Биздин коомдук системага күмөнсүүң барбы?

—Жок. Бирок да биздин эскирген айрым закондорго күмөнсүүм бар. Закондор мезгилдин өзгөрүшүнө байланыштуу өзгөрүп турушу керекко деп ойлойм. Болбосо, карагылачы, көп нерселерибиз, турмушубуздун тилке-тилке жагдайлары стандартка, стереотиптерге айланып баратпайбы. Ушинтип жашай берүүгө болобу? Инициатива, өз алдынчалык дегендерден бүт ажырап, тоту куш болуп калдыкко. Жогортон айтылгандарды эле күтүп, ошону кааласак, каалабасак да күтүп отура берүүчү макулуктарга айланып кеттикко.

Мындай сөздөрдөн Кубатов чочуп кеткендей болду. Ал Садыктан бөлүнгүсү келди. Садыктын жүзүнө тике карап туруп айтты:

— Балбаков, сен абдан чарчап калган көрүнөсүң. Азыр барып жатып аябай уктап, жакшылап дем алчы. Эртең да көп жумуштарың бар.

Кубатов шарт артына бурулуп, Садыктан бөлүнүп кетти.

Садык өз ордунда сороюп туруп калды. Кубатовго дагы көп ойлорун айта албай калганына, токойлордун тагдыры тууралуу эч нерсе укпай калганына өкүнүчү көөдөнүнө толуп чыкты...

V

Быйылкы күзгү жыйым-терим өнөктүгүн колхоз раиси Садык Балбаков менен парткомдун секретары Камилжан Мамажанов абдан динамикалуу уюштурушту: мында колхоздун башкы инженери жоон Тагайдын ролу да абдан чоң болду — ал өз механизаторлору менен кол алдындагы эгин чабуу комбайндарынын, пахта терим комбайндарын, ошондой эле жүздөгөн автомашиналардын, башка техникалардын жыйым-теримге карата ремонтторун абдан сапаттуу жасатып, катарга койдурган. Ошого ишенишкен колхоз жетекчилери пахтанын теримин баштоого да шашылышкан жок, анткени — райондук жетекчилер, анын ичинде райондук партия комитетинин биринчи секретары Сапар Текетаевич Текетаев, пахтанын теримин бешинчи сентябрдан деп бүт райондун чарбаларына буйрук берген: бүт мекемелер жабылып, анда иштеген адамдар, бешинчи класстан жогорку бүт мектеп окуучулары пахта терүү, тамеки тизүү, башка эгин-тегиндерди жыйноого тартылсын деп.

Ал эми «Ак-Таш» колхозунун жетекчилери минтүүгө шашылышкан жок: пахта жакшы ачылып, комбайн теримин баштоого чейин жөн коюшту; мекемелерин да жабышпады, мектеп окуучуларын да тартышпады.

Күндө бир убак бүт райондун чарбаларын кыдырып чаап, «давай, давай» деп жүргөн Текетаев болсо, Садык Балбаковдун жоругу — райондон берилген буйрукту кыцк этпестен аткаруу ордуна, теримди баштоону кечиктирип отурушу — күйбөгөн жерин күл кылып жиберди.

— Бул бүткүл райондун ишинин алга кетишине атайылап жасаган саботаждык эмеспи? — деп кыйкырды Текетаев. Анын көпшөк ак жүзүнүн ар жери былк-былк этип, ички дүйнөсү ачуудан бүтүндөй түйүлүп калгандыгынан кабар берип турду.

— Жолдош Сапар Текетаевич! Райондон, областтан, андан нарытан туруп алып, кыйкырып буйруктар берип, чарбаларды иштетүүдөн, чын-чынында алардын чарба турмуштарын дезорганизовать этүүдөн качан кутулабыз?

— Сага партиянын буйругу дезорганизовать эткендик болуп туюлабы?

— Көрүнгөндүн башынан чыккан буйруктарды мен партиянын буйругу деп түшүнбөйм! Биз өз чарбабыздын өзгөчөлүгүн, ритмин өзүбүз билебиз: качан баштап, качан бүтүү өз ишибиз болууга тийиш. «Биерге отур, биерге жат, муну ич» деген опекалардан качан кутулабыз? Райондук партия комитетинин кызматкерлери биздин чарба жумуштарбызга команда берүүлөрүн коюп, качан өз жумуштарын иштешет?

— Партиялык жетекчиликти сен танасыңбы- Сага ал керек эмеспи? — деп кыйкырды Текетаев.

— «Бүгүн эк, эртең сугар, бүрсүгүнү ор» деп бизге — чарбачыларга мөөсүл боло берүү — партиялык жетекчилик эмес, жолдош Текетаев!

— Анда эмне, сенин оюнча? Айтып берчи, биз, партиялык кызматкерлер, билип алалы — деп какшыктап демитти Текетаев.

— Аны өзүңүз ойлонуз. Алдыңкы партиялык жетекчилерден үйрөнүңүз. — Садык өз машинасына отуруп, пахта талааларын аралата, артынан буруксута чаң көтөрүлтүп, жүрүп кетип калды.

Пахта кырманындагы адамдардын көзүнчө ичтен сыпып, мустарап болуп туруп калган Текетаев да өз машинасына олтуруп, районду көздөй куюндатып жүрүп кетти. Ошол күнү кечинде эл баягы раис Байдылла Балтабаевди өз үйүнө чакыртты: бул экөө жердешчилиги жагынан да, уруусу жагынан да бири-бирин жакынсытышып, астыртан бала-чакаларына чейин катнашып жүрүшөт. Алар жердешчилиги жана уруусу жагынан Кубатовго байланышарын эсептешип сыймыктанышат, анткени — Кубатов бул жагынан сергек адам андай «жакындарын» түк жерге таштабайт. Маселен, бул райондун мурдагы биринчи секретары Токтор Бозуланов иш абалы, бул райондо жүргүзгөн иш стили обкомдун бюросунда айыпталып, партиялык катуу жаза менен партиялык жетекчиликтен кеткен эле, бирок жыл айлангандан кийин аны Кубатов алыскы райондордун бирине биринчи кылып жиберген. Ал дагы эле баягы омбу-домбу иш стили менен, бакырып-кыйкырып партиянын атынан буйруктар берип, кыжырына тийгендерди партиянын атынан жазаларга тартып, ал турсун түрмөлөргө отургузуп, адам тагдырлары менен кылдай эсептешпей күпүлдөп иштеп жүрөт. Ал эми мындай астыртан болгон жердешчилик, уруучулук байланыштардын пайдасы Балтабаевге да тийбей койгон эмес, Текетаев биерге биринчи болуп келген соң, Балтабаев раистиктен сабатсыздыгы үчүн —

экономиканын закондорун тепсеп, чарбаны бирде дөңгө бирде аңга уруп башкарып, колхоздун өнүгүшү перспективасын өз волюнтаризми менен чектегендиги аз келгенсип, колхоз демократиясын таптакыр тепсеп, адамдардын граждандык укуктарын кыскандыгы, законсуздуктарга баргандыгы, кызмат абалынан ашыра пайдалангандыгы үчүн жетекчиликтен обкомдун бюро чечими аркылуу бир-ротоло четтетилсе, ал колхоздо бакчылык бригадасынын бригадири болуп иштеп жүргөндө, Текетаев биринчи болуп келген соң, өз уруулашын таштагысы келбей, Кубатовго чейин жетип түшүндүрүп, анын да илгертеп келаткан жердешчил сезимине таасир этип, Балтабаевди райондук потребсоюздун председатели болуп иштешине макулдугун алып келген Кубатовдон андай ишаарат болгон соң, Балтабаевди соода иши жагынан билими болбосо да, райондук потребсоюздун председатели кылып шайлатып салган. Мына ал кийинки беш жылдан бери эски адатынча урду-сокту кылып, бул май талкандуу иште иштеп жүрөт. Мына бүгүн кечинде Текетаев экөө Балбаковдун иштери туурасында сүйлөшүштү. Ошондон соң Балтабаев өз адамдарына Садык раистин үстүнөн райондук партия комитетине, аны биринчи секретары Текетаевдин атына, кат уюштурууну чечишти.

...Садык Балбаков райондук партия комитетинин бюросунан сөгүш алып чыккан соң, машинасын түптүз айдатып, өз үйүнө келип түштү да, чарчаган неме уктайын деди, бирок уктай алган жок. Кеч күздүн түнүндө сыртка чыгып, бактын түбүндөгү жыгач чарпанын кырына көчүк басып, анын бир жалкынына колтугун артып, ойлуу отурду. Анын кулак учунда бюродо айтылган айрым сөздөр үзүндү-үзүндү болуп, даана кайталанып жатты.

Бюродо Садыктын үстүнөн жазылган тоголок кат талкууланган: андагы айыптоолордун бири — Садыкка колхоздун айдоо жерлерин колхозчуларга уставдагы жети сотых ордуна каалаган адамдарга отуз сотыхдарга чейин тараткан, уставдан ашыкча мал күтүп алууга да уруксат берген, демек, айыл чарба артелинин үлгү уставынын жоболорун орой бузган деген айыптоолор коюлган.

— Ырас,— деди Садык бул айыптоону мойнуна алып, анткени, бул айыптоо тануута болбой турган факт эле. Ошон үчүн ал тануута да аракет кылган жок, бар болгону бул маселеге байланыштуу жеке ойлорун, көз караштарын айтуунун аракетин кылды, айрым бюро мү-

мөлөрү, жок дегенде, түшүнсө экен деген оюн бекемдеди. — Колхозчулардын жети сотыхтан тамарка жерлерин, ошол жерде мүмкүнчүлүктөрү бар болсо, ошол эле жерден отуз сотыхка чейин колхоз башкармасынын чечими менен көбөйтүүгө сунуш киргизгеним чын. Тамаркасынан көбөйтүүгө болбосо, тээ адырдагы кайракы жерлердин 30-40 сотыхтан жерди айдап-сээп, түшүмүн өздөрүнө жыйнап алууга уруксат бергенибиз чын.

Экинчи айыптоо, биз «Ак-Таш» колхозунун башкарма мүчөлөрү, жерди айрым үй-бүлөлөргө бир нече гектардан келишим боюнча берүүнү да чечтик жана ал жерлерди бөлүп бере баштадык. Алардан алынуучу түшүм канчалык көп болсо, колхозго да, аны өстүргөн үй-бүлөгө да пайдалуу экендигинин неси жаман?

— Бул элдин жерин растранжировка кылгандык эмеспи? —Текетаев жымшык көздөрүн чоңураак ачып, талаптуу сурады.

— «Эл жери» деп жатпайбызбы, мен аны элдин өзүнүн колуна бердим, ошол жерлерден өнүм алсын деп бердим. Мындагы башкы максат: жерден түшүм алууга гана эмес, элдин жерден үзүлүп бараткан иман-жандык, адептик байланыштарын чыңдоо болгон.

— Муну кандайча түшүнсө болот?

— Колхоздор уюшулган соң, элдин жерге кызыгуулары өз жеке кызыкчылыктарына байланышпай калган, «элдики, элдики» деп оозеки айтканыбыз менен, чынында эл жерге ээ болбой калган. Жерге эмне себилип жатат, качан себилет, качан коет деген перселерди эл өзү чечпей, ал үчүн жеке кызыкчылыгы калбаган. Ошон үчүн жылдан жылдар өтүү менен ал жерден алыстап кеткен. Кийинки муундагы жаштар жерге ого бетер кайдыгер болуп калышкан. Жаз алды менен «балан жериме түкүндөй эгин эгейин, учурун өткөрбөй эртерээк себейин» деп жүгүрүп жүргөн жаш адамды деле көрбөйм. Бригадир «жүр-жүр» десе; башкарма «бас-бас», десе болбосо «сотко берем, кестирип коем» деп опузаласа гана аран кыймылдап, оозунду тиктеп: «кайсы ишке барайын» деп аңкайып сурайт. Же шаарларга качып кетүүнү ойлойт. Мунун себеби эмнеде? Жер менен элдин кындигин туташтыруусу үзүлүп калгандыгында. Ошон үчүн мен аны улоо аракетин кылгамын. Элдин, анын ичинде ошо жаштардын жерге болгон кызыгуусу туулса дейм. жерден баш көтөрбөй, өз кызыкчылыгына жетеленүү менен иштөөгө, жерди, топуракты сүйүүгө үйрөнсө дейм. Ошентип аларда чыныгы психология — миң жылдап туулуп, дыйкандын

канынан бөлүнбөстөй жуурулушкан психология туулса, ал өссө дейм. Демек, менин аракетимдин түшүм болсо деген экономикалык максаты да, жер менен дыйкандын байланышы чыңалса деген адеп-ахлактык максаты да бар.

— Айыл чарба артелинин орой бузулуп жатышычы? Бул үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартыларыңды билесиңби? — Текетаев кыйкырды.

— Айыл чарба артелинин үлгү уставы дыйкандарга пайдалуу кызмат кылышы керекпи? Же ал дыйкандарды, колхоздордун колдорун бекем байлап, кандайдыр бир казармалык системанын эрежесиби — бир кадам чыксаң, кылмышка тартылгандай, же ал өзгөртүүгө түк болбой турган схоластикабы?

Бул ойлорун Садык Балбаков бир жолку беттешүүсүндө обкомдун биринчи секретары, республикалык партуюмдун бюро мүчөсү Жанузаковго да айткан, ал киши ойлуу отуруп укkан: «Ойлорун туура. Бирок да стереотип жүрүп жатат. Биз бул маселелердин баарына башкача кароого тийиш элек, талаптар эшик-терезебизди кагып турат, бирок да...» деп ою чорт үзүлүп, бул маселедеги өз оюн андан ары улантпай койгон.

Ал эми биерде Текетаев тим эле айкырып каршы чыкты: Садыкты колхоз башкармасынын председатели боло туруп, колхоздук түзүлүшкө күмөнсүүлөрү бар шектүү адам катары жарыялап жиберүүгө аракеттенди. Аягында Садыкка «айыл чарба артелинин үлгү уставын бузгандагы каталары үчүн» деп партиялык сөгүш берүү менен, бюронун ишин жыйынтыктады.

Садык мына ушуларды көз алдынан өткөрүп, чарпаяда сигарета соруп, ойлуу отурат. Анын кыялы тээ алда каяктарга кетет. «Быягыбыз да инструкция, тиягыбыз да «закон» аягыбыз да «закон»... Быягыбызда чек, тыягыбызда да чек... Быякка кадам шилтөөгө болбойт, тиякка кадам коюуга да болбойт. Эгер көзүндү эрежелер менен инструкциялардан албай, тыйын чычкандын сыңары карскандын ичинде гана жүгүрө беришиң керек. Жолуң арбып атабы, же жокпу, же тегеректи айланып атасыңбы, эч кимдин иши жок, ошо карскандын ичинен чыкпасаң болду: «жүгүр дегенде жүгүр, «токто» дегенде токто, ошондо сен жакшы адамсың, лоялдуу, «ан-сезимдүү», «өсө турган» кадрсың, орден-медалдар да, карьера жолунда улам жаңы бакана, улам жаңы кресло сеники. Садык көпкө чейин отуруп, анан оюн улады. Же Алиманын ар убак мени жектеп-тилдеп айтып жүргөнү ыраспы?

Ал мени «Сен акмаксың дебедиби: сен раис болбой, Балтабаев турганда, мен эмдигиче Алтын жылдыздуу болот элем. А Балтабаевде андайдан, балким экөө болмок. Эгер сен акмак болбосон, ушул он беш жылда сенин өзүндүн көкүрөгүндө да болмок. «Байдын ашын байкуш коруйт» болуп же бизге жок, же өзүнө жок, көрүнгөн жок нерселерге — агымга каршы урушуп-кериши басып жүрөсүң. Сен бул бүгүнкү зор турмуштун эмнесин өзгөртүп жибере аласың? Сен балким, баягы жылдардагыдан катуу кагылууга дуушар болосуң — бүгүнкү кең турмуштун зор агымы сендейлерди жашырып, талкалап кетет, сен муну унутпагын, акылына келгин, али да кеч эмес...» дебедиби. Ал мага бизге коңшулаш колхоздун башкармасы Байбосуновду мисалга келтирбедиби. Ырас эле ал мени менен бир мезгилде «Арал» колхозуна раис болуп шаардан келген. Жугумдуу неме экен, көрүнгөн жерге кырланып кирип жүрүп, колхоздун эгин пландарын да, мал пландарын азайтууга да жетишти, бирок колхоз экономикасы, кирешеси жагынан андан да жогору кетти. Ал эмне кылды? Колхозуна виноцехин курдурду: өз территориясындагы 30—40 гектар жердеги жүзүм, алма, алмурут, мөмөлөрүн, андан тыш коондарбыз, клубника, малина жемиштерин коңшулаш колхоздордон, колхозчулардан мөмө-жемиштерди сатып алып, аларды бүт виного айландырып, тиягы тээ алыскы Чыгышка, Сибирге чейин экспедиаторлорун жиберип, винолорун сатып алар соода уюмдары менен алака түзүп, вагон-вагон винолорун жөнөтүп, касса толгон акчаларга ээ болду. Райондо болсун, областта болсун, «ким жакшы? Байбосунов жакшы!» «Ким чарбачыл? Байбосунов чарбачыл. Байбосунов азамат!» Ал орден-медалдарга ээ болду, ал турсун, Алтын жылдызга да жетти. Бирок «Байбосунов социалисттик жол менен эмес, миңдеген адамдарды алкоголизмге тартуу жолу менен, көптөрдү бактысыз кылуу менен, алкаш ата-энеден акыл-эсинен, саламаттыгынан ажыраган балдардын төрөлүшүнө түртүү жолдору менен байып жаткандыгын эч ким эске алып койбойт. Же ушинтип, бирөөлөрдүн бактысыздыктарынын эсеби менен бактылуу болуп, жашай берүүгө да боло береби? Бүгүнкү заман жуликтердин, алдамчылардын, кошоматчылардын чырагына май тамызган заманга айланып кетти го. Буга коммунисттик идеал, жалпы эле адамдардын адамгерчилиги кандайча карайт? Албетте аны, жектейт. А бирок чарбаларды жетектеген, райондорду жетектеген андан аркылары эмне

үчүн мындай хаос болуп жаткан айрым турмуш жагдайларын көрүшпөйт, көрүп турушса да, унчугушпайт. Эмне үчүн муну көрүп туруп массанын үнү жок — алар эмне үчүн мынчалык пассивдүүлүккө чөгүп кетишкен? Же алардын үнүн биздин социалисттик түзүлүштүн табигаты укпас болуп баратабы? Ленин белгилеген социализм мындай болууга тийиш эмес эле го. Же башкача бир жолтоолор пайда болуп жатабы?..

Садык ошол түнү уктаган жок.

IV

Кеч күздүн кара суугу күчөп, малдарды кыштоолорго токтотуу күндөрү жеткен эле. Бул зарыл өнөктүктү жүзөгө ашыруу үчүн Садык Балбаков ветврач-зоотехниктерин ээрчитип, бир нече күндөн бери алыскы мал кыштоолорунда жүрөт. Анын кийгени күрөң дубленка, башында ошол эле териден жасалган сапсагай тумак, буттарында кончу кең кирзовой өтүк. Алар кышка даярдалган короо-жайлардын кем-өксүктөрүн, малчылар турууга даярдалган үй-жайлардын жашоо шарттарын карашат. Кемчиликтери болсо, аны тез-тез бүтүрүүгө курулушчуларды, ремонтчуларды алышат.

Мал кыштатуунун кызуу өнөктүгүнө башы менен сайыла берилип, күн-түн тынымсыз иштеп жүргөн күндөрдө, Садыктын колуна тийген кичинекей телеграмма анын бүткүл ички дүйнөсүн аңтара-теңтере салып, бир жаңсыл ички тынчтыгын чар жайыт кылып таштады. Телеграмманын тексти кыскача болучу: «Балбакову Садыку. Лечу пятнадцатого ноября девяносто шестым рейсом Москва — Ош тчк. Встречайте тчк. Самат»

Садык телеграмманы кечетен бери карман, адресатка тапшырууга шашылып, атайы келген почталъондун жүзүнө бир карап, ырахматын билдиргендей, баш ийкеди да, аны кете берсең болот дегендей ишарат кылып, ал басып кеткен соң, өзү дал ошол ордунда, жаңы салынган кой короосунан ортосунда, бүткүл дүйнөнү унуткандай, сороюп, көпкө чейин туруп калды. Кичинекей телеграмма колунда турат, аны уламулам тиктеген менен сөздөр кошулуп кеткен жок. Ар бир мүнөт өткөн сайын анын ички дүйнөсү улам чыналуу менен, алдына эсепсиз коптуу да, жакшылыктын жышаанасын болжоткон суроолорду да кошуу менен иштеп турат. «Самат... Самат, сен менин канымсың,

биологиялык жагынан сен менин эң жакынымсың. А бирок да иман жаныбыз, түшүнүктөрү жагынан бири-бирибизден алыс болуп, ал турсун ачык карама-каршы позицияларга чейин өтүп кеткен адамдарбыз. Мен экөөбүздүн сен бала чактагы мамилелерибизди айтпай эле коёлу, сен тогузунчу классты бүтүп жаткан чагында, демек, адамдык жетилген куракка жетип калган учурунда, мен сени атайы издеп барып, класс жетекчин менен бирге сага жолукканмын. Муну мен аталык милдетим деп эсептегемин. Сенин келечек турмуш максаттарыңды, аракеттериңди угайын дегемин. Мен сага алиментимди төлөп тургандыгымды жетет деп эсептеген эмесмин. Ар убак сени эстесем жүрөгүм ооруй турган, сенин келечегиң тууралуу ойлой берип, көзде эзилип кете жаздар элем. Ошон үчүн сага ак жүрөгүмдөн кабарлашканы баргамын. А бирок сен мени кандай кабыл алганың эсиңдеби? «Ты дурак? Сущий дурак. Ты никакой не отец мне. Отцом назвать такого дурака, как ты, мне стыдно. Вот и всё! Помни это!..» деп эшикти карс жаап чыгып кеткенсиң. Сенин мындай мамилең жүрөгүмдү жаралап, сага карата көөдөнүмдө жанып турчу отумду биротоло өчүрүп, бүткүл ички дүйнөмө муз тоңдуруп койгон. Аны эстеген сайын менин жүрөгүм ооруйт, көзүмдөн жашым каканактайт, жанымды коёрго жай таппайм. Бул коркунучтан эмес (мен дегеле өлүмдөн коркпойм), тагдырыма наалыш айтуу, үй-бүлөлүк турмушумдун ушундай оор, ушундай тынчсыз болгондугунан улам, тагдырыма таарынуудан улам ошентем. Мына эми сен келатыпсың. Максатыңда эмне бар, мен билбейм: балким ошол айткан антыңды аткаргың — мени атып таштаганы же өлтүрүп салганы келаткандырсың. Мейли, тагдырыма ошондойчо жазылган болсо, кантмек элем? Бир адамдын бар жогунан кең дүйнө кемип, же өзгөрүп кетпейт. Демек, кеп анда эмес, кеп сенин эмне үчүн келатканыңда. Онду бүткөнүңдү андан кийин Москвадагы көп жогорку окуу жайларынын бирине кеткениңди укмамын. Бирок, кайда, эмне адистикте окуп жаткандыгыңды билбейм. Кайдан билем? Апаңа кат жазып, адресиңди сурасам, бир ооз гана «Дурак» деп сөз жазып, мага жөнөтүп жибериптир. Айлам канча, балким ырас эле дурактырмын.

Момун болуп баятан бери катып турган Садыкты башкы ветврачы Садыров Бактыбай колтукка түртүп, эсине келтирип, нары көздөй ээрчитип басты. Садык

эң жакын адамдарынын бири, көп иштер боюнча кеңешчиси, Садыровго келген телеграмманы, аны тээ алыскы тарыхынан бери айтты. Садыров ойлуу жер тиктеп, Садыктын бул маселедеги бактысыздыгына, оор абалына баш чайкап отуруп укту. Эң аягында өз бактысыздыктары да эске түшкөндөй, терең үшкүрүп койду.

— Мен аны самолёттон тосууга барбайм,— деди Садык өз жыйынтыгын айтып,— кандай максат менен келе жатса, мени өзү таап алсын — өз конторумда олтурун күтөм: атып кетеби, эмнеси болсо да ушул өз конторумда кылып кетсин. Өзүм утурлап чаап барып, аэропорттун асфальтын кызыл каным менен жуун жүрбөйүн.

— Койсоңчу болбогон кепти? — деп Садыров орду-нан тура калды. Садыкты жилкип кирди ал. — Көктүктүн да чеги болбойбу? Балким балаң атама баратам деп, жүрөгү от-жалын болуп келаткандыр. Сен оюну суу сээп өчүргүң барбы?

— Өзү айткан да: «атып өлтүрөм» деп.

— Баланын сөзү болчу ал.

— Кайдагы баланын сөзү? Он алтыга толуп, паспорт алып, советтик гражданин болуп калган курагы болучу.

— Анткени менен алыс-жакынды көрө элек, апасынын койнунан, таасиринен чыга элек мадыра баш болучу. Апасынын сөзүнө кудайдын сөзүнө ишенгендей ишенер курагы болчу. Андан бери беш жыл өтүптүр. Жаңылбасак, жогорку окуу жайынын төртүнчү курстарына келип калыптыр. Андан бери окуду-чокуду, сенсиз көп жакшы-жаман адамдар менен жолугушту, кагылды-согулду. Бүгүн ал турмушка жетилген адам катары карары талашсыз. Барабыз, көрөбүз, эмне деген адам болуп жетилди экен? Наркы-берки баалары-бызды анан айтабыз.

Садык жер тиктеп ойлуу туруп, көңүлсүз уничугуп койду.

— Кантсе да бул бала жакшылык менен келаткан жок. Эң жок дегенде энесинин көкүтүүсү менен келатат, антсе, экөөбүздүн арабызда жакшылык болбойт.

— Токтот сөзүңдү! — деди Садыров күрп этип, — Телеграмма конторога кечээ келген экен, биз бияк-та жүрүп, бир сутка күтүп калыптыр. Мына эми бүгүнкүгө убакыт абдан кысталаң. — Садыров саатын карап, телеграмманы бир карап, анан шашып сүйлөдү:

— О кокуй, самолёттун конушуна беш кана саат убакыт калыптыр. Биз азыр тез жөнөп, үйлөргө жетип, мынабу кирзовой өтүктөрдү чечип, галстук тагынганыбызча, эки сааттан ашык убакыт өтөт. Аэропортко жеткенибизче, дагы эки саат. Демек, шашылышыбыз керек.

— Сиз неге шашыласыз, Бактыбай-аке?

— Мен кошо барам,— деди Садыров кесе айтып.

— Бол-бол, Садык, ойлоно турган эч нерсеси жок.

Раис менен башкы ветврач күтүүсүз жерден шашылыш жөнөп беришкенде, мында алар менен кошо жүргөндөр да, малчылар да ан-таң болуп кала беришти.

Балык жондонгон узун «ТУ—154» самолёту имерилип келип токтогондо, Садык менен Садыров тосмону жөөлөп, тиктеп турушту. Садыктын ички дүйнөсү тынымсыз иштеп жатат. «Эмне болуп кетер экен? Бул балам мага кайсы кайгы алып келатат, же башка бир жанылыктыбы? Балким, апасы аны бир нерсеге көкүтүп, анан аны өзү менен кошо алып келатабы? Анын талабы эмне? Балакет Айнура карыган чалга тийип, ал өлүп калган соң, төрт бөлмөлүү үйүн, женил машинасын, өмүр бою чоң болуп жүрүп, алдап-жулуп топтогон акчаларын, балким, алтын, бриллиант сыяктуу баалуу буюмдарын алып калыптыр го. Эми ошонун жыргалын көрүп жашай бербейби? Ал өмүр бою ошол байлыкты эңсебеди беле? Ал эмне үчүн менин артымдан түшөт? Сынган чыныны жиксиз жамоого болбогондой, менин талкаланган көңүлүмдү ал неге жамаштырып, калыбына келтирүүгө аракеттенет? Мен анын «Сашасынан калган гөр-дүйнөсүнө бетимче түшкөнү турамбы? Ушул бетсиз Айнура акылсыз уулун «атанды алып кел, бизге ата болуп жашасын, болбосо, атып таштап кел» деп жиберди бекен? Мен көргөн акылсыз уулу ошол максатка келе жатпады бекен?..

Жүргүнчүлөрдүн эң алдынкыларынын бири болуп, узун бойлуу, конур чачын желкесине түшүрө койдурган жигит трапка чыга калганда, Садык өз уулу Самат ошол экенин тааныды. Самат траптан түшүп келатып, алыста күтүшкөн адамдар тарапка эки көзүн жиберип келатты. Ал, кыязы, алыстан Садыкты тааныш, ошон үчүн ылдамдай жөнөй бергенде, жүргүнчүлөрдү тоскон дежурный аял аны токтотту.

Бул мезгилдеги бир нече мүнөт Садык үчүн бир нече саатка созулуп кеткенсиди. Бир убакта дежурный аял жүргүнчүлөрдү вокзалды карай баштап жөнөдү.

Кыска куртка кийип, колуна дипломат кармаган Самат узун буттарын тез-тез шилтеп, эң алдыда келатты.

Садыкты Садыров колтукка түртүп:

— Утурлап бас! Бас!

Садык өзүн бүт жоготкондой, муундары бошой түшкөн буттарын араң-араң шилтеп, бир нече кадамдап утурлады. Анын башына эч нерсе түшпөй, ички күчтүү сезиминен улам тамагы буула, дем алуусу оорлошуп, тең салмагын жоготкондой, абдырай түштү.

Самат атасы Садыкка бир нече кадам калганда, коркойгон тизелерин асфальтка «лук» ура чөгөлөп, башын жерге бир аз эңе, кайра көтөрүп, каргылданган үнү менен унчукту, ал орусча сүйлөдү:

— Прости меня, папа! Прости?.. Я когда-то обидел тебя. И глубоко обидел. Я был мальчишкой, молокососом. Если сможешь прости, папа!..

Садыктын алкымынан бууган күчтүү сезими дем тартуусун оорлоштуруп, ал турсун көздөрүнө жаш каканактап, андан улам айланасы боз чала көрүнбөй, сөз айтууга чамасы келбей калды. Садыктын мындай абалга келе түшкөнүн байкай койгон Садыров жүгүрүп келип, Саматты колтуктан ала, шашылып унчукту:

— Тур, Самат! Тур, уулум, Тур!

Эл кадамдарын токтото мындай көрүнүштүн себептерин түшүнө алышпай, дендароо боло түшүштү. Садыров бир колу менен Садыкты, экинчи колу менен Саматты колуктап, тосмодон өткөрүп, анан тээ бактын түбү тараптагы скамейканы көздөй тартты. Анткени, Садык да, Самат да көз жашка жеңдириште, дасромолдору менен көз жаштарын сүртүшүп, эмне кыларын, кай жакка басышарын билбей калышкан эле. Скамейкага жетип, Садыкты да, Саматты да олтургузду Садыров.

Самат жашын сүртүнгөн соң, араң айтты:

— Прости меня, пап. Я приехал, чтобы эти слова сказать тебе лицом к лицу, живыми своими устами. Если простишь я буду рад. Если не простишь, то ж я тебя не обвиняю, уеду обратно. Ты не виноват в этом деле. Виноват я. В последние годы я много думал, провел много бессонных ночей. В конце-концов решил выполнить свой долг, сыновний долг, просить у тебя извинения.

Садык көз жашын тыя албай, Саматтын конур чачтуу башын көкүрөгүнө тартып, төбөсүнөн өөп, көз жа-

шын анын беттерине сүртүп жатты. Анын сөз айтууга чамасы жок эле. Антсе да тилин зордоп араң күрмөду:

— Балалыктан улам оозундан чыккан сөздөрүңдүн баарын кечирем мен. Анткени мен сенин атанмын. Сен менин канымсың. Мен сенин келгенине ыраазымын, кубанам, бактылуумун. Чексиз бактылуумун.

Катуу мүнөз Садык бу жолу жашын тыюуга кудурети жеткен жок.

VII

...Январь айынын кычыраган суук күндөрүнүн биринде, жыл жыйынтыгына байланыштуу, борбор шаарда республикалык актив чакырылды. Ага булуң-бурчтардан — шаарлардан, алыскы тоолуу райондордон, партиялык-советтик, профсоюздук-комсомолдук кызматкерлер, колхоз-совхоз жетекчилери, таанылган дыйкандар менен малчылар, илимий-маданий кадрлар, турмуштун ар кай тармактары боюнча адистер, дагы башкалар болуп, бир жарым миңге жакын адамдар катышты. Көк-кара каракуль жакалуу пальто, ошолорго өндөш папахалар кийишкен өндүү-түстүү, өзүнөөзү ишенимдүү, мардем сүйлөшкөн адамдар мейманканалар менен ресторандарды ээлешип, көкүрөктөрү толо орден-медалдарын жаркыратышып, көчөлөргө батышпай, универмаг-дүкөндөрдү тытып карашып, жылтыраган буюм болсо, чөнтөктөрүнөн жүз-элүү сомдуктарды пачкасы менен суурушуп, чогулуш башталганга чейин деп, соодаларын март жүргүзүшүп, тердеп-тепчип шашып жүрүштү.

Садык эсепсиз көп чогулуш, жыйналыштарга катышып жүрсө да, республикалык мындай чоң чогулушка биринчи жолу катышып отурат. Анын кызыл жүзү ого бетер тамылжып, ичтен аябай сүйүнүп жүрдү. «Беш жылдыктын жыйынтыгы чыгарылат, ийгилик-кемчиликтер терендеп айтылат, анан ал ийгиликтерди бекемдөө, кемчиликтерди кантип жоюу боюнча талкуулар жүргүзүлөт, ал аракеттер эртенибизди, жаңы беш жылдык планыбызды белгилейт» дейт. Анын кыялында, мүмкүнчүлүк болуп калса,— сөз сураганда сөз тийип калса, жүрөгүн оорутуп жүргөн нерселер туурасында ак жүрөктөн — коммунист, адис катары, чарба жетекчиси катары өз ойлорун ортого салгысы келет.

Ал бул ойлордун бир четин мындан үч жылдай илгери областтык бир жыйында четин чыгарып, бирок

колдоо таба албай калган. Анда ал бул үчүн эмес, өзүн айыптаган — «бекем жана ишенимдүү даярдыгым болгон эмес, өзүм бир аз бейпарбаалык кылып койгомун. Ошон үчүн ал айыбымды бул жолу актоого тийишмин. Бул жолу республиканын жетекчилери, анын ичинде республикалык партиялык уюмдун жетекчиси жолдош Кайып Кубатович Кубатов катышат, тажрыйбалуу өнөр жай, айыл чарба жетекчилери, баарыдан да окумуштуулар, анын ичинде экономист окумуштуулар менин ойлорумду, сунуштарымды түшүнүүлөрү тийиш. Сөзсүз түшүнүшөт, мен алардан өз ойлорума колдоолор табам» деп, күн-түнү толкунданып ойлонуп, негизги ойлорун бир-эки барак кагазга санжаптап, номурлап жазып алган. Ал чогулуштун ачылышын бир нече күндөп күтөт. Чогулушта Кубатов кеңири доклад жасай тургандыгын укkан соң, ого бетер сүйүндү. «Кубатов эстүү адам, тажрыйбалуу партиялык жетекчи, республиканын турмуш проблемаларына каныккан, демек, анын бул жолку докладынан көп нерселерди угушум аштан бышык...» — Садык ал кишини эстегенде жүрөгү элжиреп, өз атасын эстегендей болот, анткени, Кубатов анын жеке тагдырына катышкан, партиядан чыгарылып, авакка отургузушуп, эми жалган закондорго такап, кесип жибере турган болгондо, дал ушу Кубатов тике кийлигишип, анын тагдырын сактап калган. Авактан чыгарткан, партиялыгын калыбына келтирген, ошентип, анын өз тагдырына байланышы бар. Ошон үчүн анын өзүн тике беттеп дагы бир жолу көрүп, докладын адаттагыдай газета беттеринен эмес, өз оозунан угушу өзгөчө мааниге ээ болот.

Ак, кызгылт мрамор таштар менен кооздолгон кенен залга кооз кийинишип, төштөрү толо орден медалдар тагынышкан салабаттуу адамдар, жаш-карылар, аял-эркектер агылып киришип, уу-уудан кулак тундуруша, кызгылт манат капталган кооз креслолорго уядагы балапандардай чөгүп олтурушуп, жайлуу жайланыша башташты. Төбөдөн саландаган кооз люстралар, бет мандайга илинген транспаранттар, ураандар көңүлдү өзүнө тартат. Садык Балбаков жаңы дүйнөгө кирип кеткендей көтөрүнкү сезимдерге келет.

Күндүзгү саат он бирге такап баратты, бирок али президиумда эч ким жок. А зал ичинде болсо, адамдар кулак кагыша жык-жыйма толо.

Эки жолу кол чаап жиберишти. Ошондо гана Кубатов баштаган бир үйүр адам көшөгө артынан чыга

келишти. Алардын арасындагы Жанузаков менен Алдасовду Садык жакшы тааныйт. Бүткүл зал шатыра-шатман кол чаап, «ураалап» чыккан үндөрдөн кулак тунду. Далысы саал эниш тарткан каңгаал Кубатов жадырап жылмая, кол чабуусун уланта берди, эл ого бетер күчөйт. Бир нече мүнөткө созулган шаң-шарапаттан соң, Кубатов залга баш ийкеп, «болду» дегендей ишарат жасап, өзү президиумдун ортосуна олтурду. Бүткүл зал да ошентти.

Президиумдагы микрофонго ак чачтуу, бирок өңү жаш көрүнгөн адам жакындап, чогулушту ачык деп жарыялады. Дагы кол чабуу. Анан чогулушка ардактуу президиум шайлоо зарылдыгын айтты. Алдыңкы катардан көкүрөгүнө орден-медалдары толгон жоон адам кол көтөрүп, анан майпандап ара басып, кафедрага жөлөндү да, колундагы кагазын алдына коюп, анан көкүрөгүн сыйпалана көз айнегин таап, алиги кагазына тигилди. Чала сабатыраак адам беле, же мүнөзү ошондойбу, кантсе да, кагазына жазууларды ыраң онтоп окуп, бул чогулуштун ардактуу президиумуна ЦК КПССтин Генеральный секретары жолдош Леонид Ильич Брежнев башында турган саясий бюронун мүчөлөрүн шайлай тургандыгын айтты. Дүркүрөп кол чабылып, бүткүл зал ордунан турду. Магнитофонго алда качан жазылып коюлган «ураалаган» кыйкырыктар кайра күчөп, мрамор залды асманга көтөрүп кете жаздады.

Садыкты кандайдыр көтөрүңкү абал бийлеп, сүйүнгөнүн басууга алы жетпей, инерция боюнча көздөрүнө жаш тегеректей түштү, алакандары жарылып кетердей шакылдап, шапек чала берди.

Андан кийин жетимиш жети кишиден турган жумушчу президиуму шайланып, алар орундарына чыгышканда, жаркыраган орден медалдар гана көз жоосун алып турду: аларды тагынгандардын көбү Садыкка тааныш эмес, ошон үчүн алардын ар биринин жүзүнө сарасептүү карап жатты — көбүнүн жүздөрү газета журнал беттериндеги сүрөттөрүнөн, телевидениеге чыккан учурларында көргөн эле.

Саал эниш тарта, жай басып, Кубатов кафедрага чыгып, стакандагы суудан бир ууртап, коңур үнү менен «Жолдоштор!» — деп докладын баштады. Республикалык партиялык уюмдун көп жылдан берки жетекчисинин жүзүнө жүрөк жылыткан сезим менен тиктеп да, анын ар бир сөздөрүн кунт коюп угуп да турду.

Доклад эки саатан ашыкка созулду: анда республиканын бүткүл материалдык-экономикалык, маданий-рухий турмушу кеңири чагылдырылган: эсепсиз көп цифралар, салыштыруулар, проценттер, зор курулуштардын, шаар менен кыштактардын аттары, ондогон жумушчу өкүлдөрүнүн, дыйкандардын, малчылардын, интеллигенциянын өкүлдөрүнүн аттары бар болучу. Кубатовдун сөзүнүн магиясы, аргументтери, эмоционалдуу чыңалуусу ушунчалык күчтүү эле, бир мезгилдерде Садык өзүн өзү унутуп, укмуш бир кооз дүйнөгө — бул турмушта эч бир кемчилиги жок, дин жомокторунда айтылган бейиштин дал өзүнө кеткенсип, өзүн эркин да, куштай да женил сезип, бир учурларда обдулуп ордунан тура да кала жаздады. «Ай, мен эмне болуп баратам?» — деп өзүн өзү токтотуп эмоциядан арыла, докладдын мазмунуна көңүл токтотту.

Кубатов республика вал боюнча (дүң эсеп боюнча) беш жылдык пландын алда канча ашыра аткарган цифраларды, проценттерди, беш жылдык пландарын 3—4 жылда аткарууга жетишкен алдынкы жумушчулардын ийгиликтерин канааттануу менен белгилеп жатат. Анан доклады дүңгүрөгөн кол чабуулар менен үзүп токтотулат. Кубатов тунук суудан ууртап коюп, докладын кайрадан улантат. Ондогон чабандар ар бир жүз тубар койдон 198ге чейин козу алып, аны аман асырап жатышкандыктарын айтат. Дагы кол чабуулар. Бир нече пахтачылар ар бир жерден 100 центнерден түшүмдөр алышып, Социалистик Эмгектин Баатырлары болушкандыктарын айтты. Дүркүрөгөн кол чабуулар. Ал эми бир гектар жерден 200 центнерден түшүм алууга жетишишип, эки жолу Социалисттик Эмгектин Баатырлары болушкандыктарын, алардын коло айкелдери туулган жерлерине орнотууларын эске салганда, дүркүрөгөн кол чабуулар «ураалаган» овация мрамор залды солкулдатып турду.

Садык эки кулагына эки сөөмөйүн тыгып, бир мүнөтчө токтолуп калып, анан кайра алды эле, «ураалаган» овация дагы эле улантылып жаткан экен. Садык өзүн өзү жооткотуп: «Эми докладдын аягында жүрөктү өйүп турган кемчиликтерибизге, оош-кыйыштарыбызга, мүчүлүштүктөрүбүзгө, алдыда турган проблемаларга токтолотко. Шашылбайын, шашылбайын...» Бирок андай болгон жок: доклад дал ошол темптеги «жаша-ураа!» менен бүтүп, узакка созулган кол чабуулар менен коштолду.

Анан жарыш сөздөр башталып, акырегинен кындигине чейин орден-медалдары бар адамдар: облус менен район, колхоз менен совхоз, кен башчылары менен курулуш башчылары, маданият менен илимий мекемелердин жетекчилери сүйлөп жатышты. Ар биринин узун кооз сөздөрүндө мүнөздүү бир нерсе: ар бири өз карамагындагы участка боюнча эсепсиз көп цифралар, проценттер менен самоотчеттор беришип, анан шандаган убадалар менен түшүп кетишет. Дагы кол чабуулар, узакка созулган кол чабуулар, овациялар...

Кечки чогулуштун аягында, искусство чеберлеринин катышуусу менен чоң концерт боло тургандыгын жарыялады. Дагы да кол чабуулар... Ал эми Садык Балбаковдун болсо кол чабууга чамасы келген жок: кандайдыр көзгө көрүнбөгөн оор жүк желкесинен зыңгыратып басып, ал турсун бүткүл денесин ошол күч бийлеп, муундарын бошоңдотуп, ал-күчүн алып бараткансыды. Ал концерт көрүүдөн да баш тартып, мейманкананын сегизинчи этажынан берген жалгыз адамдык бөлмөсүнө кирди да, креслого чарчаңкы чөгүп, көпкө чейин олтурду, бирок ал талыкшыган абалынан озгөрө алган жок, оор ойлор аны улам салмактана басуусун уланта берди. Ошондо ал жакшы уктап, эртең чогулушка жакшылап катышуусун улантыш үчүн, чечинип кроватка жатты.

Садык көзүн жуумп, тез уктап кетүүнүн аракетин кылды. Бирок уйкусу качып, көздөрүн ачкан бойдон шып тиктеп телмирип жатты. Жүрөгү оолуккансып, делебеси көтөрүлөт — баштагы ойлору жайкы балчелектин оозундагы иштемчил аарылар сыңары кыжыкыйма... Кулак учунда бирде Кубатовдун конур үнү кайталанса, бирде акырегинен кындигине чейин орден-медалдар тагынышкан чарба, ишкана жетекчилеринин, жумушчулардын ишенимдүү үндөрү жаңырат. Жазгы кирген суудай күркүрөгөн кол чабуулар, овациялар угулат.

Садыктын кыжы-кыйма ойлору улам тартиптешип, бара-бара оор жүк тарткан төө кербени сыңары чубашат. «Биз эмне болуп баратабыз? Же, ырас эле, биздин турмушубуз бардык тарабынан кынтыксыз болуп, «жаша-ураага» гана татыктуу болуп калганбы? Аны алиги зор залда отургандардын баары эле көрүп турушабы? Андай кынтыксыз кооз турмушту жалгыз эле мен көрбөй, көздөрүм ачык турса да көрбөй, чак түштө сокур болуп калганмынбы? — ал көпкө чейин шып тик-

теп жаткан соң, өзүн өзү жеңил ойлор менен алдагысы келбей, турмуш чындыгынын жүзүнө тике карагысы келди, өз оюн андан ары жай да, терендетип да жылдыруу аракетине өттү. — Бир элдин башчысы, мен өз атамдай санаган ишеничтүү кишим — урматтуу жолдош Кайып Кубатов эмне үчүн биздин республиканын турмушун кооз боёкторго боёп, кырмызы кылып көрсөтөт? Эмне үчүн алиги акырегинен киндигине чейин орден-медалдар тагынышкан ак мурут, кара мурут урматтуулар, эл ишенимине ээ болушуп, көкүрөктөрүнө депутаттык белгилерин тагынышкан жаш-карылар, бир облус, бир район, бир мекеменин башын кармагандар, б. а. эл ишенимин колуна алгандар Кубатовдон өзгөчө мактанышып, жеткен ийгиликтерин, жалган процентгерин айтышат. Мейли эгерде чын болсо айта беришсин. Балким, ошол цифраларда, ошол проценттерде, дүң сандарда чындык да, бардыр, бирок да ар жүз тубар койдон 198 ге чейин жеткирип төл алып жатабыз деген менен, дүкөндөрүбүздө турган эт жок го. Ырас, ишканаларга жабык түрдө жеткирип, жумасына бир-эки килодон эттер берилип жаткандыр. Бирок жумушчулардан башканын тамагы жокпу: дыйкандарчы, интеллигенция өкүлдөрүчү, башка категориядагы эмгекчилерчи?.. — Садык кысталып токтоло калып, анан оюн улантты. — Ал эми алиги министрчи,— жеңил өнөр жай министри... кийгени келишкен импорт костюм, туфлиси да импорттон, кыязы галстугу да ошондой. Фабрикалардын чыгарган костюмдарын дүңү эки эсе жогорулаган, ал эми сатылышында жүз миңинен, ашып кетсе, он миңи сатылып, калгандары складдарда чирип, аягында баасы төмөндөтүлөт, акыры макулатурага түшөт. Ал эми алиги министр, фабрика башчылары вал үчүн ордендер алышат, депутаттыкка шайланышат, кызматтар жагынан көтөрүлөт. Ошентип, проценттер, цифралар, вал — баары бар, а бирок продукция, анын сапаты кайда? Бүгүн эмне үчүн кооз отчёттор сүйлөөдөн мурда, ушул жүрөк ооруткан оор проблемалар жөнүндө биздин жетекчилер, Кубатов баштап, колхоз-совхоз башкармаларына чейин, завод, мекеме жетекчилерине чейин сүйлөшпөйт — эмне үчүн алар ооздорун бекем кымтышат? Ошол кызматтары үчүн зор-зор маяналар алышып, үй-бүлөсүн багышып, өкүмөттүн жаркыраган машиналарын минишип, кооз столдорду, жупжумшак уядай жылуу-жайлуу креслолордо отурушатко? Неге жеген нандары үчүн өз аби-

йири алдында уялып коюшпайт? Чындыкты, турмуш ошлошуп бараткандыгын айтуу ордуна, кафедрага чыгып алып, жалган-жашыкты айтып мактанышат, көз боёмочулуктарын, алдамчылыктарын чындык кылып көрсөтүүгө аракеттенишет? Канчалык кооздоп сүйлөгөнүбүз менен да турмуш чындыгыбыз башкача болуп турбайбы?..

Садыктын башы мындай оор ойлордон улам ооруп да кетти. Ал уктап кетсем, ушул кара түштөрдөн кутулат элем деп болжоду, бирок түк уктай алган жок. Анын адамдык абийири өз жүзүнө, дал жүрөгүнө сайгылап, тынчын алып жатты. Азыр ал аргасыздан ушул айыл чарбага байланышкан өз өмүр жолун эстеди. Ал кантип айыл чарба экономикасын үйрөнүүгө кызыгып кеткен эле? Бул Сталин өлгөндөн кийин, партия айыл чарбасын чукулунан көтөрүү боюнча атайын токтомдор кабыл алып, көп материалдык жана моралдык чаралар көрө баштаганга байланыштуу болгон. Ошондо ага айыл чарбанын келечеги чексиз созулуп жаткан кызыл кырмызы болуп көрүнгөн. Айыл чарбаны илим тажрыйба иштеп чыккандарга байланыштуу көтөрүү зарылдыгы боюнча ойлор айтыла баштаган, ал илим баарыга зарыл: капиталистке да, социалистке да, соодагер менен коммерсантка да, бухгалтер менен чарба жетекчилерине да, жумушчу менен дыйканга да зарыл экономика илими болучу. Кыскасы, алтымышынчы жылдардын орто ченинде айыл чарбага карата жаңы көз караштар келди—бул окуялар «октябрь, март пленумдары» деген ат менен айыл чарба тарыхына кирди. Мында эң эле көп прогресстер белгиленген: айыл чарба уюмдарына эркиндик берип, ар кандай тушоолордон кутулуу, кошумча тапшырылган эгин-дан үчүн баасын бир жарым эсеге чейин көбөйтүү, айыл чарбага ассигнованияны көбөйтүү, дыйкандарга айлык төлөөгө, пенсиялар белгилөөгө өттү, дагы-дагы толуп жаткан жакшы чаралар эле. Муну менен айыл чарба көкөлөп кетет деген ишенимдер радио-телевидение, газета-журнал беттеринде, чогулуштарда күн-түнү угулуп турган, а бирок ошондой болдубу? Жок! Албетте, жок... Эмне үчүн бүгүнкү чоң чогулушка ушул жүрөк ооруткан маселелер боюнча жалындаган сөздөр, ар кандай ойлор, болжоолор, аракеттер айтылбай, «жаша, ураа!..» деген жалган ураандар айтылат? Эмне үчүн мындай? Эмне үчүн...» Садык башы жарылып кетердей ойлонуп жатып, аягында дал ушул туурасында эртенки чогу-

лушта айтуу жыйынтыгына келди. Бул кадамы баягыдай жалгыз Балтабаевге эмес, эсепсиз көп Балтабаевдерге, ал турсун райкомдун секретарларына, обкомдун секретарларына, ал турсун, өз атасындай жакын, акыйкат деп эсептеген адамы — республикалык партиялык уюмдун жетекчиси Кубатовдорго каршы, ал турсун ошол учурда жашап турган мезгилге карата айтылган сөз болорун эстеди. «Балким, мени алар колдоп кетишер? Анткени, мен эртеңкибиз жөнүндө айтып жатам да.

* * *

Эртеси күнкү чогулуштун уланышында — чогулуш бүтөргө жакындап калганда — алыскы райондун биринде-ги «Ак-Таш» колхозунун башкармасынын раиси Садык Балбаковдун сүйлөшү ачык күндүн чак түшүндө төбөдөн урган чагылгандын сыңарындай таптакыр күтүүсүз окуя болду: мындайды өмүрүндө биринчи бу чогулушка катышкан жаш колхоз-совхоз активдеринен тарта, башынан эсепсиз көп чогулуштарды өткөргөн Кубатов да укkан эмес. Минтип Садыкка да сөздүн берилип калышы да, анан ал өз оюн мүмкүн болушунча айтып калууга чейин жөн коюлушу дал ушул акыркы заседаниеде бу чоң чогулушка алыскы областтардын биринин партиялык комитетинин биринчи секретары, республикалык партиялык комитеттин Борбордук Комитетинин бюро мүчөсү Алдосовдун председателдик кылып калышы себеп болду окшойт, болбосо андан чоң, андан данктуулардын — ар убак жаркылдап сүйлөп, анысын адатка айландырып, антпесе жүрөгү ооруп калуучулардын да көбүнө сөз тийбей калбадыбы.

Садык Балбаков айыл чарба турмушундагы бүгүнкү абалдан эмнени билсе, эмнени ойлосо, кандай болжолдору, сунуштары болсо, анын баарын — өзгөчө жүрөгүн ооруткан кемчиликтерди, жан чыдагыс абалдарды айтып салууга, кантсе да атайылаппы, же аргасыздан уламбы, Алдосов да мүмкүндүк берип турду. Ал бир жолу звонок кагып токтотту эле, арттан кимдир бирөөлөр кыйкырды — бүт ойлорун айтып бүткөнгө мүмкүндүк берилишин сурады. Ал эми көнчүлүк залда болсо, кыжырданып ордунан кыйкырып тура калып, тамагы айрылгыча кыйкыргандар болду:

— Регламент!

— Балбаковдун сөзүнө тыюу салынсын!
— Бул — ушак!
— Бул — социалисттик турмуш образын ушактоо!
— Бул колхоздук түзүлүштү көрө албагандык!
Мындай саботаждыкты КГБ текшерсин!
— Прокуратура иш козгосун!
— Балбаковдун бул сөздөрү үчүн жооп беришин талап кылабыз!

Мунун дене-карды соо эмеско, шизофреник!

Кубатовдун өнү кубула, жаактарынын эттери дирт-дирт этип кеткен эле. Ал Алдосовго энилe берип, бир нерсе деп айткансыды. Алдосов ордунан туруп, бир аз токтоло, Садык сөзүн бүтүшүн күттү. Муну байкаган оратор да айрым бүтө элек ойлорун кыскартып, кафедрадан түшүп кетти. Кечетен бери ар бир сөздө болсо-болбосо да шатыра-шатман кол чапкан зал негедир уюп калгансып, кол чапкан жок. Адамдар «эми эмне болор экен» дегенсишип, үнсүз телмире төрагалык кылуучунун арык жүзүнө тигилишти.

Алдосов жарым саатык танапис жарыялап жиберди.

Эл дуулдап вестибюлга чыкты.

Танапис жарым саат эмес, бир саатка жакын созулуп кетти, анткени, Кубатов ишенимдүү кишилерден отуз-кырктайын чогултуп, Балбаковдун сөзүнө кандай жооптор айтылышы зарыл экендигин даярдап жаткан болучу.

Чогулуш кайра башталары менен, адамдар баягыдан да энтузиазмде сөзгө чыгышып, Балбаковдун сөздөрүн, сындарын, анын «саясы позициясын» аёосуз катуу сынга алышты.

Айрымдар сунуштар киргизишти:

— Балбаков партиядан чыгарылып, сотко берилсин.
— Балбаков азыр чыгып, кечирим сурасын.
— Балбаков жаңылыштыгын мойнуна алсын.
— Балбаков мындан соң колхозго раис болуп иштөөгө татыксыз, иши тез чечилсин.
— Эгерде псих ооруга чалдыккан болсо, зордоп дарылануугa жөнөтүлсүн...

Бирок Балбаков сөзгө чыккан да жок, «кечирим» сураган да жок. Ал өз ишенимдерине бекем бойдон отурду.

Кубатовдун ичи ирип турса да, корутунду сөзүндө ички ызасын, кыжырын билдирбөөгө аракеттенди, ант-

кени бул чогулушта Москвадан келген өкүлдөр да, башка республикалардан катышкан делегациялар да бар болучу. Ошон үчүн ал: «Балбаковдун өтө аша чаап кеткен сөздөрүн өзүңүздөр көрүп тургандай, андан кийин сөзгө чыккандар толук айыпташты. Республикалык партиялык уюмдун Борбордук Комитети, анын бюросу ошол коммунисттердин пикирлерине кошулат. Ошону менен бирге, Балбаковдун сөзүндөгү айрым зыяндуу пикирлерди изилдеп-тактап көрүү жагын эске алат» деп жойпуланып бүтүрдү, бирок ички ызаасы, кыжыры бүткүл денесин куушуруп турду.

Ошентип, Садык Балбаков чоң жыйындан колхозуна кайтты. Көп адамдар үчүн Садыктын «иши бүттү», ал эми Садык болсо, көптөн бери көк желкеден баскан жүгүн алып таштагандай жеңилдене түштү, кантсе да ойдогусун айтып алды, өз абийири алдында өз жүзү ак... Кеп анда эле эмес, ошол ойлору айрымдарга өзү түшүнгөндөй жетер бекен? Өзгөчө жетекчилер, колунда чексиз бийлиги барлар кабыл алышабы? Бул чечкиндүү сөз мемиреген кырмызы мезгилде өз жеке тагдырына кандайча таасир этет экен?..

VIII

Кеч күз. Кар жок, бирок кара суук сөөктөн өтөт.

Садык Крым курортунун бирине жөнөгөндө, аябай тынч дем алып, бир тарабынан жай бою чарчаганынан жеңилденсе, экинчи тараптан жаңы чарба жылына жаңы күч топтоп киришүүнү болжогон эле, бирок андай болгон жок: ал сыртынан салмактуу көрүнүп, жай басып, кээде скамейкаларга отура калып, газета-журналдар окумуш болуп жүргөнү менен, ички дүйнөсүндө тынчсыз күрөштөр, талаш-тартыштар менен жашап жүрдү, анткени, ал өз алдына бир канчалаган зор-зор суроолор коюп, аларга жооптор издөө менен алек болду. «Ырас эле мен көп эле нерселерге — бүгүнкү айыл чарба турмушубуздун абалына сын көз менен карадым, анын айрым жактарын жактасам да, көпчүлүк жактарын сындадым, чогулуштарда чыгып сүйлөдүм: кээ бирлерден колдоо тапсам да, көпчүлүгүнөн жектөөлөр алдым... мейли, мен эч кимден ырахматтар алайын деп, ал ойлорду атайы издеген эмесмин, алар менин турмушка карата туулган сөздөрүм, ишенимдерим болгон, мен алардан бүгүн да кайтпайм. Бирок да менин бул маселедеги кадамдарым ушуну

менен эле чектелип кала берүүгө тийишпи, же мындан ары да кадамдар шилтөө мүмкүнчүлүктөрү барбы? Болсо алар кайсылар? — Садык мелмилдеген кара деңизди жээктеген сары кумду кычырата басып баратып, өз оюн улантат. — Мына биз кийинки жылдарда жер менен дыйкандардын рухий байланыштарын жакындатууга белгилүү кадамдар жасаганыбыз жокпу? Маселен, тамеки өстүрүүдө үй-бүлөлүк ыкмалар менен иштөөгө өткөрүп, жерди сотуктап бөлүп бербедикпи... ошол үй-бүлөнүн белдүү адамдарынан тарта, жетимиштеги кемпир-чалдарга чейин, 8-10 жашар балдарга чейин, жапатырмак киришип, күндөп-түндөп иштешип, түшүмдү көбүрөөк берүүнүн аракетин кылып жатышат. «Ишке чык!», «Тигини бүтүр...» деп баягы кыйкырып жүргөн бригадир да, коркутуп-үркүткөн раис да, закон атынан басмырлаган уполномочен да жок. Эртеңден кара кечке өздөрү жүгүрүп жүрүшөт. Мунун баары эмне себептен? Албетте, жеке кызыкчылыктын ойгонушунан. Демек, мунун өзү — жерди иштетүүдөгү миң жылдап келаткан дыйкандык традиция. Эмне үчүн бул чексиз мүмкүнчүлүктөрдү кеңитүүгө болбойт?— Садык кадамын дагы да улантып баратып өз оюн улантты. — Эмне үчүн жерди дыйкандарга алынын жетишинче бөлүп берип, аларга колхоз тарабынан техникалык шарттар түзүп, өз жеке кызыкчылыктары үчүн, күндөп-түндөп иштей берүүгө, б.а. чыныгы жер киндиктүү дыйкандарга айлантууга болбосун? Жерди аларга көп жылдарга, балким, түбөлүккө бөлүп берүүгө неге мүмкүн эмес? Андай болсо, ал өз жерин жай-кыш дебей семиртип алууга, суу менен камсыз кылыш үчүн арыктарын чаап, отоо чөптөрүн арылтып алууга күрөшөт эмес беле. Мен жана менин пикирдештерим, колхоз башкармасынын мүчөлөрү, бул татаал маселени — дыйкандарды жеке өз кызыкчылыктары менен жерге жакындатуунун шарттарын, дыйканчылыкта да, мал чарбачылыгында да табууга неге киришпейбиз? Мейли, бизди Текетаевдер жазалаасын, «колхоздук турмуштун, коллективдүү чарбачылыктын душмандары» деп, убактысынча айтышпасын, бирок да биздин саамалыгыбыз башкаларга бара-бара таасир этиши мүмкүн, биздин табылгабызды улантуучулар көбөйүшү мүмкүн. (Алыскы региондордо мындай тажрыйбалар бар). Биз бул жооптуу ишти баштайбыз...»

Курорттогу бир ай бою Садыктын ою ушул багытта

улантылган. Дал ушундай ички чечкиндүүлүк менен, зор жаңы пландар менен, колхоздун жылдык отчёттук кайра шайлоо чогулушуна даярданып жаткан күндөрдө, Садыкты республиканын борборуна шашылыш чакыртып жаткандыгын, анда жетекчилердин бири маанилүү маселелер боюнча кабыл ала тургандыгын кабарлашты. Садык аң-таң болуп отуруп калды, эмне тууралуу сөз боло тургандыгын байкай алган жок. Түнү бою камынып, таң ата аэропортко бет алды ал.

Борбордук Комитетке барганда гана Кубатов кабыл ала тургандыгын билди.

Кубатов өз кабинетинде Садыкты түштөн кийин кабыл алды. Кубатовдун узун бойлуу жардамчысы Садыкты кабылдама бөлмөсүндө беш-он мүнөт токтотуп туруп, качан гана ичкертен коңгуроо болгондо, эң алдын өзү ичкериге баш багып, анан кайра чыкты да, Садыкты ичкери кирүүгө жаңсады.

Садык чечкиндүү кирип барганда: тээ төркү стол алдында олтурган көк чачтуу каңгаал Кубатов саал эңиш тарта ордунан туруп, утурлай басып, Садык менен кол алышып көрүштү. Кичи пейилдик менен алахвалын сурашкан болуп, анан кол жаңсап, өз бет мандайындагы орундукка отургузду. Кубатовдун мындай кичи пейил көрүнгөн алгачкы мамилелери улам Садыктын баятан берки толкундоолору пасенде болуп, өзүн колго алууга аракеттенди.

Кубатов да Садыкты ошондой абалга келтирип алууну болжодубу, кантсе да, алдыдагы айрым кагаздарды бетине туштап карап, кайра экинчисин алып, бир нече мүнөткө тынчтык өмүр сүрө түштү. Ошол кагаздардын биринде Садык өз өмүрүн уруттуу учурлары кайдандыр даярдалып берилгендигин көз кыйыгы менен байкап калды. Кубатов кагаздарын бир жаңсыл кылып алган соң, Садыктын жүзүнө тике карап сөз улады.

— Жолдош Балбаков, сиз менен бирде убакытты бекер өткөрбөйлү. Мен сизди чакырткан себебим: сиздин Москвага, ЦКга жазган чоң катыңызга байланыштуу... Анын бизге жиберилген бир копиясы мына бул. — Кубатов 30—40 беттей келген каттын копиясын Садыктын алдына таштады. Садык анын ар кай жерин бир аз көз жүгүртүп, баш аягына чейин өз каты экендигине көзү жеткен соң, аны кайра нары жылдырып, анан акырын сөзүн улады:

— Ооба, бул документ, менин катымдын копиясы

экен. Менин бул каттагы ойлорум, республиканын жетекчилери, сиздерден жашыруун эмес. Буларды мен көп жылдар бойлоп, күндөлүк иштеген иштеримде да, райондук, областтык жыйындарда да, эң акырында ушы быйыл эрте жазда бишерде болуп өткөн республикалык кең активде да айтып өткөмүн. Ошондон соң, борбордук газета-журналдардан, радио-телевидениенин кабарчылары мага аарыдай жармашты, өз негизги ойлорумду мен алардан да жашырганым жок... бирок да алардын баарын өтө зарыл нерселерин тигилер кеңири мүнөздө жарыя кыла алышпады, анча-мынча беришсе да, үстүртөн, бутак-бучкактарын беримиш болушту. А менин негизги ойлорум көмүскөдө калып кетти. Жыйналыштарда айтылган сөздөрүм айтылган жерлеринде калды, калып эле тим болбой, мага карата жаман пикирлер, күмөнсүү менен карган көз караштарды туудурду. Ал турсун, айрымдардын тике куугунтуктоолоруна калууга аргасыз болдум. Ошон үчүн ошол ойлорумду, айыл чарба турмушубуздун уруттуу маселелерине байланышкан ойлорумду, партиябыздын Борбордук Комитетине жазып билдирүүнү өз коммунисттик милдетим деп эсептедим, жаздым... Бул кимдир бирөөлөрдүн үстүнөн жазылган донос же ушак эмес, өз учурума жүргүзүлүп жаткан айыл чарба саясатыбызга карата өз көз карашым. Мен айтууну граждандык милдетим деп эсептегем... — Садык столдун бетин тиктеп, бир ирмемге ойлоно калды. — Бирок менин ойлорум — жыйналыштарда айтылбасын, басма беттерине айтууга аракеттенбейин — ашкереге чыгып, кеңири пикирдешүүгө, коомчулуктун көңүлүн өзүнө тартууга мүмкүнчүлүк ала алган жок. Ошон үчүн, жок дегенде, Борбордук Комитеттин айрым адамдарынын көңүлүн бурар бекен, бурбаса, ошо эң жогорку уюмдун архивинде сакталып калсын деп жазгамын. Көрсө, бир копиясын алып, силерге жиберген экен. Мейли...

Садык көңүлсүз токтолуп калды.

Кубатов катты ар кай жерин бир ачып караган болуп, өзү кызыл калем менен белгилеп койгон жерлерине көз токтотуп, сөздү жай улады:

Жолдош Балбаков, бул катта сиз жазган ойлордун баарын басма беттерине берүүгө, ачыкка алып чыгып, дискуссиялар уюштурууга да болбойт да.

— Эмне үчүн? — деп Садык тике карады.

— Сиз бул катта социализмдин айрым табигаттары-

на акааратгар кылып жатпайсызбы? Муну биз басма беттерине берсек, анда социализмдин думшандары эмне деп чуулар саларын билбейсизби?

— О, кокуй, — деди Садык бул ойдон жүдөп. — «Чегирткеден корккон эгин экпейт» деген элибиздин акылман макалы бар. Биз ошо социализмдин душмандарынан коркуп, анын бошоң же чечиле элек жактарын жаап жашырып, аны чет элдиктерге косметикалык пардаздар менен көрсөтүп, алардан «мактоолор» алууга аракеттенишибиз керекпи? А бирок дүйнөдөгү мамлекеттер арасында тендешсиз көп жер-сууларга, тоотокойлорго, мал жайыттарга ээ болуп туруп, эмне үчүн кардыбыз жеткиликтүү ток эмес, кийимибиз башкалардыкындай сапаттуу эмес. Эмне үчүн дүкөндөрүбүздүн текчелеринде, эт, май дагы толуп жаткан керектүү азык-түлүктөр жайнап турбайт? Ал эми газета-журнал беттеринде, радио-телевидениелерде, чогулуштардын докладдарында эсепсиз бийик цифралар, жаша ураалар, кол чабуулар. Биз, коммунисттер, деги эле советтик гражданиндер, чындыктын жүзүнө тике карооо качан үйрөнөбүз? Же ушинтип өзүбүздү өзүбүз алдап, келечегибизди, жаңы муундардын келечектерин алдап, алардын өздөрүн да жалганчылыкка үйрөтүп, жашай беребизби?

Кубатов тигинин жүзүнө бир ирмем ойлуу тиктеп, «ушунун дени-карды сообу? — деген ойго келип токтолду,— же мунундун макты-мураты бузук немеби? Байкачы...» Анан башкы суроосун берди.

— Таак, Балбаков, ойлоруң абдан чечкиндүү. Байкашымча социализмдин көп принциптерине карамакаршы келет окшойт. Тирүү жан болгон соң, ар кимде ар кандай көз караштар, ойлор боло бериши мүмкүн.

Садык тигинин сыпайгерчиленип, алыстан сыйпалатып тооруп келатканына чыдай албады, ал оюн адатынча тике айтып салды.

— Мен, жолдош Кайып Кубатович, акыркы кезде үстөмдүк кылып турган социализмдин көп принциптерине каршымын, башкача айтканда, Сталин зордоп бузуп, зордоп калыптандырган, анан Хрущев, дагы башкалары уланткан казармалык социализмге каршымын. Миндеген жылдап калыптанган дыйкан менен жердин нравалык, ыман-жандык байланыштарын үзүп, дыйкан менен жерди бири бирине кайдыгер калтырган социализмге каршымын... Мен лениндик социализмдин калыбына келтирилишин жактаган дыйканмын. Мен

улуу Лениндин НЭП саясатын, кооператив саясатын калыбына келтирип, дыйкан менен жердин байланышын чыңдаган социализмди, ар бир дыйкандын жеке кызыкчылыгын жерге жана өзүнө байлаган социализмди жактаган дыйканмын...

Садык кайда отурганын унуткандай, ичтен жалындап күчөп кетти.

Кубатов өз оюн ичтен жүргүзүп жатты: «Мунун соо эмес экен. Мунун соолугун текшерип көрүү зарыл бейм». Садыктын көңүлүн башка маселеге бурууга аракеттенди.

— Жолдош Балбаков, бул абдан татаал маселе. Аны кандайдыр Балбаков, же Кубатовдор башына эмне келсе,ошону ойлоп чечип коюуга болбой турган маселелер. Жогоруда отурган адамдар бар. Ар бир адам өз мүмкүнчүлүгүнө карап секиргени жакшы го. Антпесе чалчыкка чалп этип түшүп калышы мүмкүн.

— А мен мындай принципке каршымын.

— Кандай?

— Жогортон буйруктар күтүп отуруучулукка. Топуракты чеңгелдеп, андан нан өндүргөн адамдын пикирлери эске алынса жакшы болор деп ишенем...

— Бирок сен — сен, мен — мен!

Садык бул сөздүн табышмактуу маанисине дааналап түшүнгөн жок, бирок өзүнчө болжоду: ар ким өз алына жараша жүк алып, кынк этпей тынч жашашы пайдалуу дегенсиди го. Садык өз оюн чечкиндүү улоого аракеттенди.

— Макул. Менин катымдын бул копиясы сизде кала берсин. А мен Борбордук Комитетке чейин өзүм барам. — Садык ордунан тура калды.

Кубатов мындай чечкиндүүлүктү күткөн эмес эле. Ал Садыкты каттагы ойлорунан кайра кайтарып, анан анын кечирим сураган түшүндүрмө катын өз колунан жандырып, алиги катынын бетине тигип, ошентип, бул көп маселелерди козгогон — Кубатов көп жылдык иш стлине, ишмердигине белгилүү даражада көлөкө түшүрө турган (эгер иш чындап текшерилип келсе...) катты жаап, тиги жакка кооздоп жазылган жообун жөнөтүп, ошентип, баягы көп арыздардын бири катары бүтүрүп коймок эле.

Садык эшикке карай басты.

Кубатовдун ызасы ташып чыкты: бир нече мүнөткө ойлонуп туруп калды, анан коңгуроону басып, жардамчысын чакырды да, саал кыжырлуу тапшырма берди:

— Бүгүн кечки саат жетиге саламаттыкты сактоо министрин мында айттырыңыз. — Тиги кагазына шатыратып жазды. Кубатов дагы ойлонуп туруп, сөзүн улады. — Саат сегизге Коопсуздук комитетинин председатели келсин. Сөз бүттү.

Тиги эңилип коюп чыгып кетти. Кубатов ордунан туруп, бурчтан бурчка баса баштады. «Бул акылсыз бузуку өзү эле ошентип жүрөбү, же артында тукуруп турган күчтүү колдор барбы? Болсо кимдер?— Ал оюн кыйналып улантты. Анын көз алдына узун бойлуу, каңгаал Жанузаковдун элеси келди. Анын жүзүнөн кандайдыр кооптуулукту окугансыйт. Анан ал Шатман Алдосовдун кичинекей тулкусун, жай сүйлөгөн мүнөзүн эске түшүрдү. Буга карата да кооптонуусу туулбай койгон жок. — Ырас, ырас...» деп кандайдыр, өз ойлорун бекемдеди...

* * *

Кубатовдун кабыл алуусунда болгондон кийин бир нече күндөргө чейин Садык ичтен абдан чөгүнкү абалда жүрдү, анткени — айыл чарба турмушуна карата болгон катуу маселелер боюнча аны менен кылдай да сөз табыша алган жок. Бир алдын Садык муну өз мүнөзүнүн ийкемсиздигинен, бир пейил катуулугунан көрүп, өзүн ичтен тилдеп, өкүнүп да жүрдү. Бирок бара-бара ал бул оюнан жанып, башкача багыттагы ой жүгүртүүлөрүгө өттү: «Мен неге жалтактайм эми? Биерде мен кандайдыр бир антисоветтик же антисоциалисттик персе айтып койгонум жок го. Андай бузуу-жаруу иштерин да жүргүзгөнүм жок. Дал ошол социализмдин кызыкчылыгы үчүн, ошонун жалпы жылышы үчүн болгон ийненин учундай болсо да өз пикиримди, өз көз карашымды, ал үчүн болгон умтулууларымды айттым да. Мен муну Кубатов өтө бийик рангдагы адам болгондугу үчүн айтып жатам. Ал биздин өкмөттүн парламентинин мүчөсү, партиянын Борбордук Комитетинин мүчөсү, партиялык жана өкмөттүк бийик форумдардын катышуучусу, кыскасы: биздин зор өлкөнүн саясы жана чарбалык турмушуна жүрүшүнө үлүш кошууга потенциалы, мүмкүнчүлүктөрү бар фигура, ал турсун ал минтүүгө милдеткер да... Ошон үчүн аны эл чейрек кылым бойлоп депутат кылып шайлайт, коммунисттер өз форумдарында партиялык жогорку постторго шайлайт. Ал өзүнүн ошол чек-

сиз зор жоопкерчилигин сезүүгө, аны өтөөгө тийиш эмесин. Мен ошону көрүп-билип туруп, ана алиги чарбалык кординалдуу маселелерге карата болгон өз көз караштарымды айттым. Гражданин катары, конституциялык укугумду эске алуу менен, ошол ойлорумду ага айттым. Андай маанилүү, татаал, мамлекеттик масштабдагы түйүндүү маселелерди мага окшогон чарба жетекчилери, чарба, экономика боюнча жогорку деңгээлдеги адистер, практиктер айтпаса, ага кимдер айтат? Миңбай чалдар айтабы? Шалпыктар айтабы? Же орден-медаль деп, күнү-түнү ак эткендер — Алималар айтабы? Бирок алардын илимий деңгээлдери, түшүнүктөрү кээде жете бербейт да. Кубатовдорго бетме бет жетүүгө да инканияттары жок. Мына ошол жагдайды эске алуу менен, мен Кубатовго, айрымдардай кошоматтануунуу коюп, өз жүрөгүмдөгү чындыкты, терең-терең ишенимдеримди айтым. А бирок... бирок Кубатов менин бул ойлорумду бүт, буга чейинки жыйындарда сүйлөгөн сөздөрүмдү да, кыязы, жактырган жок. Ал мендейлерди жактырбагандыгын элден угуп да, жүрөгүм менен болжоп-сезип да жүрөм. Ал кошоматчыларды ал десе ала бергендерди, жул десе жула берген самодурларды, демагогдорду баалайт дейт. Андайларды «чыныгы коммунист», «партиянын солдаты» деп бааларын астыртан шыбырап айтышат. Ырас, Кубатов жетекчиликтеги алгачкы жылдарда аракетчил болгон, ак болгон, күн-түнү тынбай, иштен жаткан иши туура болсо да, болбосо да аракеттенип жүргөн дешет. «Дешет» эмес, аны мен өз көзүм менен да көргөмүн.

Садык ойлонуп туруп калып, анан оюн улады. — Бирок да мен анын акыйкат мамилесин бир жолу көргөмүн, демек ошол жетет деп өмүр бою кыңк этпес кул болуп өтүүгө тийиш эмесмин да. Мен айлана-чөйрөмө болгон мамилелеримди, көз караштарымды айтууга тийишмин, ал турсун милдеткермин. Андай багыттан алсам, Кубатовдун кийинки он жылдыктардагы кадамдары, айлана-чөйрөсүнө болгон мамилелери көп жактарынан күмөнсүүлөр туудуруп жүрөт. Ал жүрөжүрө уруучулуктун, жердешчиликтин тамырына суу куюп, дүйнөнү ал призмасыз көрө албай калганы байкалат. Ал белгиси болбосо, ал кадрларга ишенбейт, бир жолку туудуруп койгон күмөсүүсү үчүн аны куугунтуктап, биротоло түбүнө жетип таштоо анын иш стилинин эч ким байкабас, бирок жүрөк менен көрүп

турган, туруктуу өзгөчөлүгүнө айланып кеткен. Темир да бир жерде жата берсе, дат басат эмеспи, мунун баары Кубатовдун бир ордунда козголбой ондогон жылдар бойлоп отура берип, өзүнчө, сырттан эч ким байкабас, ичтен көрсөң, чыныгы ханга айланып кеткен, бизче айтсак, кичинекей культка айланып алгандыгынан болуп отурбайбы. Суу да акпай бир жерде чөлмөктөп тура берсе, бара-бара бузулат — ичүүгө жарабай калат, сасып кетет, курттап кетет. Кубатов чейрек кылымдап биерде жүргүзүп жаткан микро-саясат, ал түзгөн атмосфера азыр дал ошол чөлмөк суудай бузулуп кетти. Бирок аны курчаган кошоматчылары анын керт башынын зоболосун жанталаша көтөрүп атышат: ага карата каяша айтып, же сын сөз айтып койгондордун башы экөө болбойт — же «акмак», же «бузуку» болбосо, «чыккынчы» болуп чыга келет. Анын кошоматчыларынын оозунан чыккан сөздөр кимдин болбосун жүрөгүн титиретет, анткени, алар партиянын атынан, закондун атынан күпүлдөп сүйлөшөт: «Партия минтип эсептейт»!, «Борбордук Комитет мындайча чечет!», «Закон мына мындай айыптайт!». «Бийлик минтип санайт!» мына ушундай күпүлдөгөн пафостуу ураандар алдында кантип бир ооз чындыкты айта аласың? Сөөгүң сөпөт, башың талкан болуп кетери аштан бышык. Мен мына ушуларды көрүп-билип туруп, бычактын мизине барып урунуп атпаймынбы. Кантем, аргасыз бардым да. Мен биерде эч нерсени айтпай-дебей, өмүр бою, Тумалай айткандай: «Билемин дедиң тутулдуң, билбеймин дедиң кутулдуң» — деген принцип боюнча, азыркы көптөр адат кылып алгандай, көз жуумп жашай беришим керек эле, бирок буга менин адамдык абийирим, адамдык натурам туура келген жок — эмоцияга жендирип жүрөмбү, же чыныгы турмуштун логикасы, же адамгерчиликтин талабы ошол беле, кантсе да катуу тобокелчиликке барып алдым. Эми артыма кайтууга, өз адамдык позицияма өзүм чыккынчылык кылууга, кошоматчыга айланып кетүүгө акым жок. Эми акыркы демим сокконго чейин өз позициямда чыныгы адамча бек калам...

IX

Садык өз шаарына келип конгон самолёттун трапынан түшүп келатып, тиги темир тосмонун артында котолоп турган адамдардын аркасынан — алар күтүп

тургандар беле, же өздөрү бир жакка учууга камынгандар беле — кантсе да, Алиманын элесин көрүп калды. «Бирөөнүн келишин күтүп жүрөбү, же бир жакка учуп жатабы?..» деп ойлоду өз ичинен. Тосмонун эшигинен чыга бериште, Алима жылмайып күлүп утурлады. Кара көздөрү жылт этип сырдангансыйт. Садыкка кол узатып учурашты. Биерде өкүм сүргөн кышкы кычыроонго карабай, Алиманын колдору жыпжылуу экен.

— Сен неге биерде жүрөсүң?— деп сурады Садык.

— Жүрсөм эмне экен?— деп Алиман ого бетер сырдантты.

— Айткың келбесе мейли. — Садык жалтайлады.

Анын мындай ички абалын сергек байкай койгон Алима чындыкты айтып коюуга ашыкты.

— Мага жакын эжелеримен бирөө борборго учмак эле, ошону узатып келип калганмын. Азыр ушул самолёт менен учушат. Регистрациядан өттү.

— Аа, жакшы,— деп Садык, Алиманы ээрчиген аялга карай баш ийкеди. Анан Алимага карай сөз улады. — Кантсе да бир апта болуп калды. Кандай анан, айыл-апа тынчпы?

Алима камырабай сүйлөдү:

— Баары жайында. Бар болгону кар оор түштү.

Садык сигарета жандырып, анан кобурап койду.

— Учмабыз учун калабы, жокпу деп ойлоп, телефон чалып, машинамды аэропортко чакырткан да эмесмин. Мейли эми, такси жалдап кетермин.

Алима тамашага чалды:

— Эмне үчүн антесиз, раис аке? «Волгадан» башкада жүрө албай калгансызбы? Менин «Жигулим» бар мында. Же анда мартабаңыз төмөндөп калабы?

Садык да тамашасын узаты:

— Мейли. «Жигулиң» мында болсо, сөзсүз отурам, киреэсин чоң төлөйм.

Экөө тең күлүштү. Анан Алима кейпин өзгөртүп айтты:

— Сен, Садык, зериигип кетпес үчүн, тигил экинчи этажга көтөрүл да, ресторандын жайлуу жеринен орун алып, жакшылап кечки оокат заказ кыла бер. Мен эжемди учумга отургузуп койгон соң, сени табам. Жай отуруп тамактанабыз.

Садыкка Алиманын мындай сунушу табышмактуу учурады — ичтен ойлору алда каяктарга кетти, бирок эч нерсени дааналап болжой алган жок. Ал ошо сөз-

дөрдөн — жаман болсо да, жакшы болсо да — качыш үчүн, андан буйутоого аракеттенди.

— Сен, Алима, азыр бошосоң, бир саатка жетпей үйдө болобуз. Кечки тамакты үйлөрүбүздөн барып ичкенибиз деле оң го?

Алима буга түк көнө койгон жок.

— Биринчиден, Садык, сенин үйүндө ысык тамагың даярдап, ысык төшөгүң камдап отурган аялың жок.

— Анткениң бекер. Мынабу портфелимде колбасам бар. Чайды болсо, Дурия энем келиштирип демдейт. Тердеп отуруп, жайма-жай тамактанам. Айтмакчы, Дурия энем Тумалайга тийип кетпедиби.

— Экинчиден,— деп Алима ишенимдүү айтты. — Маанилүү сөздөр да бар. Кыскасы, сен ресторанга чыга бер.

Садык ошо жакка басты: Алиманын «маанилүү сөздөр бар» дегени анын бүткүл ички дүйнөсүн заматта бийлеп калгансыды — «эмне деген маанилүү сөз болду экен? Алима мага ар убак «Алтын жылдыз алып бербейсиң, Байдылла-аке башкарма болгондо, эмдигиче, балким, эки жылдыздуу кылат эле» деп таарынып жүрчү эмес беле? Эми да ошо жүрөк оорусун айтабы? Антсе мени дагы кыйнайт, ресторандан жеген оокаттарымды мурдуман сыгып алат. Бирок бул оюн кийинки эки жылдан бери — звенолук ыкма менен иштей баштагандан бери айтпай калган эле го. Же андан да башка бир маанилүү нерсе бекен? Кантсе да угайын, эми укпай, уктай да албайм...»

Садык ресторанда бир чайнек көк чай алып, аны жайма-жай ичип отурду. Алима самолёт уча электе эле, кыязы, эжесин ага түшкөндөн кийин элеби, чыкыроон сууктан эки бети, мурдунун учу кызара үшүп кирип келди да, Садыкка мандай-тескей отурду, чайдан бир-эки пияла ичти. Үшүгөнү бир аз тарай түшкөн соң, официант жигитти чакырып, аш-оокат, бир бөтөлкө коньякты заказ кылды. Ошондон соң Садыктын жүзүнө тике карап, кара көздөрүн жылт эттире сырданып, негедир белгисиз эле, шыңкылдап күлүп койду.

— Эмне кеп, Алима? — деп Садык, кооптонуп сурады.

— Тамактанып алчы, анан деле үлгүрөбүз.

Аңгыча бир шише ачылган коньякты, шам-шум этер шакарабды коюп кетти официант жигит. Алима шишени алып, эки хрусталл чөйчөккө коньяк куйду.

— Ой, Алима, сен рулда эмессиңби?— деп чочуду Садык.

— Мен ичип алып деле айдай берем машинаны, көрүп эле жүрбөйсүзбү,— деп тамашалады Алима.

— Жок, көргөн эмесмин. Оюн-чының болсо да койгун. Мен өлүүгө шашылып жатканым жок. Алдыда эсепсиз көп иштер, максаттар, болжоолор — аларды иш жүзүнө ашыруу үчүн өмүр керек. Садык Алиманын алдындагы чөйчөктү тартып алды.

Алима жүзүнө жарашкан күлкү аралаш айтты.

Чочуба, Садык. Рулда Темир иним бар.

— Эмне? Ал ушул суукта машинада отурабы?

— Жок. Мен аны тиги бир алыс жакка жибердим. Биз тамактанып бүткүчө келип калат. Келбесе, такси жалдайбыз да, кете беребиз. Талаада калам деп коркпо, раис акеси. Бир жылуу жай табылар. — Алима ак тиштерин көрсөтө, жадырап жылмайып, чөйчөктү колуна алды.

— Кел, ичип жибер. Эсен бололу.

Анан алдыга келип калган ысык тамакка үнүлүштү.

Дагы бир чөйчөктөн алышып, тамактын экинчиси да алдыга келгенде, Садык кашыгын тарелкага жөлөп, Алиманын сулуу жүзүнө өтүнүч менен тиктеди.

— Алиш, айтчы, эмне кеп?

Алима ысык картошка менен ысык эттен дагы бир жолу сайып жеген соң, кашыгын коюп, анан ойлуу кейипке келе, акырын сүйлөдү.

— Мени ушак ташыгыч катары санаба!

— Ал эмне дегенин, Алима?— деп Садык ыргычтады. — Жыйырма жылдан бери таанышып-сүйлөшүп жүрүп, мен сени эч качан антип санаган эмесмин.

— Мен ага ишенем. Сөздү көбөйтпө. — Алима тигини токтотуп, ойлуу туруп улады. — Мени жакында райондук партия комитетинин биринчи секретары Сапар Текебаев чакыртып, көпкө чейин сүйлөштү.

— И,и?..

— Эң аягында ал «сизди райондук партия комитетинин пленумунун мүчөсү катары чакырып отурам, демек, сиз райондук парт уюмга жардам бергендей болушуңуз керек» дейт.

— И, и... Кептин негизги өзөгү эмнеде экен?

— Өзөгү... — Алима ойлоно түшүп, анан улады сөзүн. — Өзөгү — сен. Сенин чарба жүргүзгөн аракеттериң, изденүүлөрүң... Үй-бүлөлүк, звенолук ыкмалар менен иштөөнү күчөтүп, жерди элге бөлүп берип жаткандыгың. Эң аягында ар бир адамдын индивидуал-

дык мүмкүнчүлүктөрүн кеңири пайдалануу шарттар түзүп, кооперациялар түзүүлөргө жардам берип, аларга тике кам көрүп жаткандарың.

— И,и. Түпкү жыйынтыктары кандай?

— «Жерди үй-бүлөөлөргө, адамдардын майда топторуна бөлүп берүү — бул элдин жалпы мүлкү болгон жерди разбазаривание кылуу, бу социалисттик түзүлүштүн табийгатына таптакыр туура келбейт,— дейт.— Мындай позицияда өз учурунда оппортунисттер болушкан. Оңчул уклонисттер болушкан. Аларды, алардын бүт жаңылыш көз караштарын улуу Сталин тамырына чейин талкалаган... Колхоздук жаңы түзүлүштү акылмандуулук менен иш жүзүнө ашырган. Андан бери жарым кылым өттү, колхоздук түзүлүштүн күчү менен фашизмди талкаладык. Эми бүгүн ошол оппортунизмдин акырындап баш көтөрүп отурушу — аны Балбаковдун акырындап иш жүзүнө ашырып жатышы — бизди, райондук партия комитетин, анын пленумун мүчөлөрүн тынч калтырууга тийиш эмес. Бул маселе — Балбаковдун бунту, зор форумдарда ачык сүйлөп отурушу аз келгенсип, ал ойлорун Москвага — ЦКга чейин жазып отурушу — республикалык уюмдун Борбордук Комитетин да тынчсыздандырып атат. Жакында эле мени Кубатов чакыртып, Балбаковдун Москвага жазган каты менен тааныштырды. Анын бул позицияларын, айыл чарбаны уюштуруу боюнча койгон сунуштарын баштапкы партиялык уюмдардан тарта, райондук, областтык, парт уюмдарына чейин айыптап, четке кагуу зарылдыгын айтты ал киши. Биз, аң-сезимдүү коммунисттер, бу көрсөтмөнү партиянын кызыкчылыгы үчүн, элдин кызыкчылыгы үчүн, аткарууга тийишпиз. Угуп жатасызбы, урматтуу Алима Кадыровна?» — дейт. — Ооба, угуп жатам» — дедим мен. Текетаев оюн андан ары улады. — «Анын адамдардын эмгектерин пайдалануу» деп үгүт жүргүзүп, элди жетекчилик психологиясына чакырып отурушу да социализмдин табийгатына туура келбейт. Ал ар кимди эптеп байып кетүүгө чакыруу болот. Коомдук кызыкчылыктан, социалисттик кызыкчылыктан алаксытуу болот! Демек, майда буржуазиячыл психологияга чакыруу болот. Мунун өзү капитализмди эңсеген биздин ички душмандардын чырагына май тамызуу болот...» Кыскасы, ушул көз караштарды эмгек маягы катары, коммунист катары кагаз жүзүнө жазып берүүмдү талап кылды. «Мен муну эптеп жазып беришим кыйын, сабатым жетпейт» деп кууландым эле« анда биз анын текстин даяр-

дайбыз, сиз тим эле кол коюп бересиз» деди. «Ойлонушайын» едим эле мен, а л«ойлоно турган жери жок» Бул менин жеке позициям эмес, обкомдун, андан ары Кубатовдун позициясы, аны-муну коюп, обкомго, анын айыл чарба бөлүмүнө барыңыз, анда сизди күтөт» деди. Анан мен обкомго да бардым.

— И,и... ушундайбы? — деп Садык кызыгуусу арта түштү. — Ошолордун көз караштарын дааналап айт мага. Ошо керек мага.

— Айыл чарба бөлүмүндөгүлөрдүн көз караштары дал ошол Текетаевдикиндей. Эч бир айырмасын көрө алганым жок. Ал эми,— деп Алима токтоло калды. Бир нрмемден соң, сөзүн улады. — Ал эми. Обкомдун биринчи секретары жолдош Жанузаковдун көз каршы, кыязы, алардыкындай эмес. Тескеринсинче, ал «Сиз топурак чөнгелдеп иштеген дыйкансыз. Андан калса кийинки эки жылда биргадалык ижарага өткөн экенсиз. Бул маселелердеги өз ойлорунуз кандай? Сиз тартынбай тике айтыңыз. Биерде зор социалдык, саясы экономикалык маселелер тууралуу, айыл турмушунун келечеги тууруулуу маанилүү сөздөр жүрүп жатат. Сиз ойлобонуз кимдир бирөөнү же жаңы туулган кандайдыр бир зыяндуу көз карашты талкалап жок кылуу жөнүндө аракет жүрүп каткан экен деп. — Ал ойлоно калып сүйлөдү. — Андай ойлор, андай тенденциялар да жок эмес экендигин мен жакшы билем. Бирок да бу маселелерге карата башка да, ал сунуштарды колдогон да көз караштар, тенденциялар бар. Ошон үчүн обком, анын бюросу, бул маселелерге карата бир жактуу же бизде адат болуп калган администрирование деген методдор менен чечпөөгө аракеттенет. Ошон үчүн сиз өз көз караштарыңызды өз колунуз менен, өз жүрөгүңүздө эмне болсо, ошону тактап жазып бериңиз» деп сунуш этти.

— Ошенттиби? — деп Садык энтиге түштү. — Сенде көп көп тура, Алима. Мен билбеген дагы көп нерселер, өз жеке көз караштарың бар окшойт. Минтишиң — менин ойлорума, балким, карама-каршы келсе да өз көз караштарыңдын бар экендиги, сенин мынчалык даражада өсүп калгандыгың — мени кубандырат, Алима.

Экөө бир мүнөткө үнсүз-сөзсүз токтоло кылышты.

— Эми мен да сенден сыр жашырбайын, Алима. Анткени, көз караштарыбыз кийинки жылдарда жакындашып келе жаткандыгы белгилүү болуп калды. — Садык эмоциялуу абалга келе түшүп, жүрөгүнүн тээ терецин-

де сактап жүргөн сырларын айтып жиберди. — Менин бул көз караштарымды жолдош Жанузаков тике колдойт. Мен аны менен көп жолу жолугушканда, ушуга байланышкан өз ойлорун да кошуп жүрөт. Анан, бул ойлорумду жолдош Шатман Алдосов колдойт. Булар азыр экөө тең обкомдун биринчи секретарлары экендигин жакшы билесиң. Мен ошолорго пикирлеш болгондугум үчүн, башкача айтканда, менин ойлорумду алар туура түшүнүшкөндүктөрү үчүн, менин аракеттерим чечкиндүү, ишенимдүү. Ошон үчүн Кубатов жана жан-жөөкөрлөрү мени жок кылып жибере алышпай кылчандап келатышат, болбосо чайнабай тирүү жутуп, качан эле жок кылып ташташары эч кеп эмес болучу.

Алима ойлуу туруп, анан айтты:

— Ошо Жанузаков да, ошо Алдосов да обкомдордун биринчи секретарлары болуу менен бирге, республикалык партиялык уюмдун Борбордук Комитетинин бюро мүчөлөрү эмеспи, эмне үчүн алар мындай айыл чарбасындагы жетилген курч маселелерди өзүлөрү коюшпайт? Эмне үчүн билип турушса да билмексен болушат? Бул улуу Ленин тарбиялаган большевиктердин, демек, коммунисттердин жоругу эмеско?

— Ээ...— деп Садык ичтен түтөп унчукту.— Аны бир айтасыңбы, миң айтасыңбы. Эң жогорутан, эң жогорку башчыларыбыз тарабынан ошондой шарттар түзүлүп жатпайбы. — Садык тунжурап ойлоно түшүп, анан өкүнгөндөй айтты. — Социализмдин көп принциптери атайлап бузулуп атабы, айтуу кыйын.— Садык терең улутунуп койду.

Экөө дагы өз-өз алдынча кыйлага чейин унчугушпай калышты. Бир убакта Садык Алиманын жүзүнө ойлуу тиктеп туруп айтты:

— Бул жаңылыктарың үчүн сага, Алима, зор ырахмат. Чын жүрөктөн милдеткерлигимди билдирем.

— Антип ашыра жупунуланба, Садык. Мен муну эмне үчүн сага ташып келип отурам? Ушакчылык үчүнбү? Же сенден бир нерсе өндүрүп алайын деппи? Айтчы? — деп такыды Алима.

Садык аптыга түшүп, Алиманын жоон билегинен кармады.

— Жок, Алиш? Ырахмат.

Алима жактыра бербей, жүзүн тырыштыра айтты:

Койчу ырахматыңды. Мага сенин шалдыраган ырахматың керек эмес, мени ошол идеяларың жетелеп олтурат. Кептин түпкү түзү мына ошондо.

— Макул. Анда сени менен, мындан ары сырт киши катары эмес, пикирлеш катары, өз киши катары мамиле кылайын...— Садык сүйүнүчтөн калтаарып манчаларын болор-болбос титирете, сигарета жандырды, удаа-удаа сорду. Анан өз оюн улады,— Деги жашырбай айтчы, Алиш. Мындан үч жыл илгери менин канчалык үгүттөгөнүмө көнбөй отуруп, арандан зорго үй-бүлөлүк ижара менен иштөөгө өттүң эле. Мунун мааниси кандай экен? Мунун өзү сенин психологияңа, ишенимдериңе, көз караштарыңа таасирин тийгиздиби?

— Тийгизди, мен мурда норма үчүн, эмгек үчүн күрөшүүнү ойлосом, азыр жер жөнүндө, өзүмө бөлүнүп, акт менен өткөрүлүп берилген жүз гектар жер тууралында ойлой турган болуп кеттим: кантип сапаттуу тондурма айдоо өткөрөм? Кантип кык чачам, канча жер семирткич берем? Кандай урук себем? Канча жолу сугарам? Кантип комбайн менен оруп алам? Эң башкысы — кантип жогорку түшүмгө жетем, анткени, ошол жүз гектар жерди өз менчигим катары, өз кызыкчылыгым, ыркешигим, атак-даңкым бекем чырмалышкан кымбат нерсем катары, өмүрүмдүн мааниси катары сезип калдым. Мына, азыр жүз гектар жерим бар: буудай сээп жатам, биринчи жылы гектарынан 10—20 центнерден түшүм алгамын, өткөн жылы 30—40 центнерге жеткирдим, алдыдагы жылда 50 центнерге жеткирсем дейм, анткени канча түшүм көп болсо, өзүмө тиер дасмия да, өкүмөткө сатып аларым да ошончо көп болот экен. Мен муну бүткүл колхозубузга жайылтсак деп айтып атам, адамдарды үгүттөп атам.

— Бүт колхозубуз боюнча өтөлү десем, Текетаев менен ошого окшогондор социалисттик түзүлүштүн табийкатына каршы, жекечил психологияга чакырып атат деп айыптоо даярдап атышпайбы.

— Ырас, бирок элдин көзү ачылып бартпайбы.

— Бирок элдин эркин укпай эле, жогортон командалар менен башкарууга көнүп алганбыз да. Аны аткарбасаң, «Душман» болуп чыга келесиң.

Экөө дагы кыйлага отурушту.

— Ал эми жекече эмгектердин пайдаланышына кандай дейсиң?

— Мындан үч жыл илгери айтсаң, жекечиликти жактап атат, бу — капиталисттик дүйнөгө жам тарткандык деп, балким, кол коюп бермекмин. А бүгүнкү көз карашым такыр башка: ар бир адамдын жеке мүмкүнчүлүктөрүн, эмгегин коомдук кызыкчылыктары үчүн да

ошол эле адамдын өз кызыкчылыгы үчүн да пайдаланыш турбайбы. Алима токтоло калып, улады өз оюн. — Мына сен, мындан үч-төрт жыл илгери бул аракетинди баштап, кемпир-чалды, өнөрлүүлөрдү ишке киргиздиң: маселен, Дурия эне тери өндөп, тон тигип, малакай тигип, куртка тигип зарылдарга сатуучу кемпир-кесектердин кооперациясын уюштурду: Бүниса эне баштап кыз-келиндерге кийимдер токутуп, ала кийиздер басып, зарылгандарга сатуу тобун түздү; Чокмок аксакал өз шакирттеринин тобу менен ээр-токум, ат жабдык жасап, малчыларга, дагы башка зарылгандарга сатууда; Токтор-аба менен Салия эжем экөө өз курбулары менен бирдикте дандырга ак нан жаап, элди камсыз кылууда — эл ток. Буга мен абдан кубанам, Садык.

— Булар эмне болуп кетиптир, дагы толгон жаңылыктарды иштөөгө болот, бирок да эрк, бизге берген укуктар, чыныгы социалисттик демократия — Ленин сызган демократия көмүскөдө калып, анын өзгөргөн түрлөрү — суррагаттары бизге берилип жатпайбы.

Алар күткөн машина кечиге берген соң, сыртка чыгышып, бирок какшаткан чыкыроон суукта тура беришпей, такси жалдап жүрүп кетишти.

Айылды аралай беришкенде, Алима таксини өз үйүн көздөй айдатты, анын үйүндө эч ким жок эле.

— Уулуң кайда? — деп сурады Садык эки жагын кооптоно тиктеп.

— Атасы имиш, — деп Алима сөз жөнөтүп койду.

Садык ойлонуп туруп, анан айтты:

— Атасы экенимди жарыя кылайын десем, сен аны сыр кылып, баланы да, башкаларды да алдап жүрбөйсүңбү. Бу жакшы эмес. Кээде, ал баланы көргөндө, элди ойлогонумда, жүзүм чымырайт. Адамдык абийрим мени кыйнап жиберет.

— Садык,— деди Алима чечине баштаган Садыктын алдынан жөөлөп келип кучактап, — шашылба. Уулумду азыр, сегизди бүткөн соң шаардагы ПТУга киргиздим. Бүтүшүнө бир жыл калды. Механизатор болуп келет. Кудай буюрса келиндүү болом. «Ошо кошо окуган кыздарындан бирди жактырып ала кел» деп үгүттөп атам. Ошол оюма жетсем, иним Темирден бөлүнүп, өз үй-бүлөм менен жүз гектар жерди ондогон жылдарга договор менен колхоздон алып, чындап дыйкандык сезим менен иштөөгө өтөм. Ошондо уулума сен атасы экенинди айтам. Ошондо чоң той беребиз. Экөөбүздүн тоюбузду да кошо өткөрөбүз.

— Мен макулмун, Алиш. Демек, бир очокко жылынып, бир кеседен аш ичип, күн өткөрүүгө толук мүмкүнчүлүгүбүз бар.

Садык Алиманын бир кезгиден алда канча толуп кеткен жылаңач денесин жайык көкүрөгүнө карылуу колдору менен бекем кысты. Алима болсо жагымдуулукту сезген тулкусу менен эркеленки кыңкыстап, үзүндү-үзүндү үн чыгарат.

— Жаным. Көңүлдөшүм. Асылым...

X

Суук кабар ак жайдын чак түшүндө дал төбөдөн урган чагылгандай болду: «Жанузаковду кимдир бирөөлөр атып өлтүрүп кетиптир!...»

— Эмне дейт?! — деп Садык, кабинеттеги иш ордунан, шибеге менен бир сайгандай, шарт ыргып тура калды. Акыл-эсин жыя албай, апкаарый түштү. Канткен менен да мунун баары чындык болучу.

Садык ошол күнү кечке өзүнө келе алган жок: «Эмне үчүн мындай болуп кетти? — деген бир гана суроо мээсине мык болуп кагылып турду, бирок мунун бирде бирөөнө жооп таба коюуга анын кудурети жеткен жок, санаасы санга, кыялы кыркка бөлүнө берди. — Ырас эле эмне үчүн мындай болуп кетти? Жанузаков өз ишине тың, элдин урматтоосуна ээ болгон, токтоо да, акыл-эстүү да такшалган, таанылган адам эмес беле? Ошого карабай, анын ушунчалык жек көргөн душманы бар беле, ошо душмандын анын канына жанына турар өчү бар беле? Ал кандай душман эле? Бала чагынан өчөгүшүп, бара-бара ал өчүгүшүүсү сөөк өчкө айланып, эч бир кечиришүүгө болбой турган болуп кеткен беле?.. — Садык тунжурап токтолуп калып, анан улады оюн.— Жок, мен буга ишенбейм. Жанузаков андай жеке өчүгүшүүлөрдөн алда канча бийик турган адам болучу. Ар кандай өчүгүшүүнү ал акыл-эс менен эле жөндөштүрүп, керек болсо, аны жөндөштүрүүгө өзү эле барып, адамгерчилик мамилелер менен эле бүтүрүп коё турган жан эле да. Андай болорун анын алтымышка таяп барып калган өмүрү, балачагынан жетим балдар үйүндө өсүп, жаман-жакшылыкты өз мойну менен тартып, анын даамын эрте сезген өмүр жолу, андан кийин каардуу жылдарда, согушка да катышып, андан көргөн зор сыноолор, жан жолдошторун окко учуруп, аларды көз жаш менен өзү көмгөн, андан улам дагы да чыңалып отурган тажрый-

балары аз келгенсип, чет элдик дипломатия кызматтарында жүрүп, бир көргөндөн алда канча көп турмуштун такшалуулары, эң аягында ал тепкичтер боюнча жогорулап өткөргөн партиялык-советтик кызматтарда жыйнаган акыл-эс жыйынтыктары ар убак ар кандай мүнөздөрү... адамдын ички сырын тартып, анын жаман-жакшылыгын туура түшүнүп, ага кучак жая, ар кандай талам-дарына беттей барган танти аракеттери... ушулардын баары «ал кимдир бирөө менен касташкан, анысы бара-бара сөөк өчкө айланган» деген болжолдорду жокко чыгарат.— Садык сигарета жандырып, улам-улам соро, өз кенен кабинетинде бурчтан бурчка басып жүрдү, анын ички дүйнөсү тынымсыз аракетте болуп, акыл-эси чекке жеткен чыңалуу менен иштеп жатты. Ушунчалык мыкаачылыкты уюштурган адам, ага барган адам өз изин оңой менен калтырып коймок беле.— Садык ичтен буулугуп кеткенде, оюн башка багытка бурду, кадамдарын тык токтотуп, бөлмөнүн дал ортосунда момук болуп катып турду. Анан шал боло түшкөн өз оюн араң зордоп жылдырды.— Же бу... бу кадимки мафиябы?..— Садыктын жүрөгү солк эте түштү. Ал өз оюн зордоп улады,— Ырас эле... Ырас эле акыркы он жылдыктарда эмне үчүн, ушул Жанузаковдун деңгээлиндеги — региондун эң жогорку бийлик эшалонундагы далай-далай татыктуу кадрлар күтүүсүз жерден, түшүнүксүз шарттарда — бирлери октон, бирлери авариядан, дагы бирлери операция столдорунда навыт болушат? Эмне үчүн мындай? Булар биз чет элдик турмуш маалыматтарынан окуп жүргөн мафияга окшобойбу? Ырас эле ошондой окшоштуктары аргасыздан — кааласаң да, каалабасаң да болуп жатпайбы... — Садык өзүнө өзү токтоосуз жооп берди.— Абдан окшош! — Ал ошол замат кайрадан тунжурап токтолуп, зордоп ой жүргүздү. — Бирок капиталисттик дүйнөнүн мафия өкүлдөрүнүн өз максаттары, өз умтулуулары бар, алар — байлык, бийлик, конкреттештире айтсак, наркотиктик монополиясы үчүн күрөш, өз атайын идеялары үчүн күрөш, ал үчүн зор бийликтерди көмүскөдөн кармап туруу... дагы башкалар. А биздин түзүлүштө кандай мафия болууга тийиш? Эгерде бийлик үчүн баш союуну айтпай койсок?..

Садык бул маселелерди өзүнчө канчалык талдаганы менен да, буга тажрыйбасы, фантазиясы түк жетпей тургандыгын мойнуна алды, ошол үчүн оюн ал жактан бери буруп, өз ишине — айыл чарба маселелери бо-

юнча өз көз караштарын, сунуштарын, сын пикирлерин — Москвага жазган катын — эң алдын баштанкы партиялыкта талкуулай тургандыгын, анан ал маселе райондук партия комитетинин бюросунда — Текетаевдин колунда талкууланарын, ошондон соң ал иш обкомдун бюросунда жыйынтыкталарын эстеп, көпкө чейин тунжурап туруп калды. Анын бул ойлору бир нече тонна жүк болуп, көк желкесинен тунжуратып басып турду. Мындай оор ойлорун ал өз ордунан аран-аран жылдырды. — Эми эмне болот? Менин чарбалык көз караштарым бирден бир туура түшүнгөн, аны бекем колдонгон, андан улам мага канат-куйрук, эргүү берген адам ошо Жанузаков эмес беле! Эми Жанузаковсуз өз оюмдун чындыгын анын келечегин, ага байланыштуу өз керт башымды кантип сактап кала алсам? Эми Текетаевдер, аны тээ жогортон колдогон биҥликтин зор адамдары менин таш талканымды чыгарып, ыштан-көйнөгүмдү бүт шыпырып, позициямды бүт талкалап, «Бу көз караш туура эмес, зыяндуу... бул идеяны көтөрүп жаткан Балбаков өз аракеттери менен социализмдин табийгатына шек келтирип жатат, бул көрүнөө биздин түзүлүшкө саботаждык, демек, ал идеясы бузук адам, ал биздин партиянын катарында калууга мүмкүн эмес» — деп токтомдорунда жазып, ишимди биротоло бүтүрүп салыштары аштан бышык болуп калбадыбы. Партиялык документке жазылып калган соң, биздин региондун шарттарында эч бир ондотуу, кайрадан адилеттигинди табуу өтө кыйын, аны табам деп жек көрүндү болуп, көрүнгөн эшиктерди каккылап жүрүп, чачың да агарып кетет, өмүрүңдүн аягына чыгып кеткениңди да билбей каласың.— Садыктын чачтары тик турду.— Эми эмне кылуум керек? Жакшылыкты, адилеттикти ишенимдүү жышаан биерде калган жок. Мага пикирдеш Шатман Алдосов жок, ал башка обкомдун биринчи секретары, бул иштерге тике кийлигише албайт, ал эми кыйыр колдоосу мага бүгүнкү шартта аздык кылат. Эмне кылуум керек? Эмне?.. — Садык көпкө чейин ойлонуп турган соң, бекем чечимге келди. — Колхоздун отчёттук кайра шайлоо чогулушун тез өткөрүп, анан отпускага чыгып, ошондон соң Москвага тез жөнөп кетишим керек. Мен өз көз караштарымды жеткиришим керек. Балким, мен ал жердеги айрым адамдардан колдоо табармын. Мен үчүн башка жол калган жок...»

Садык ошол сааттан тарта, колхоздун жылдык чогулушун өткөрүүгө шашты.

XI

Садык колхоздун жылдык чогулушунда жасар докладын мурунку жылдардагыдан да кеңири, терең да, ар кандай ойлорун, жыйынтыктарын, алдыда келе турган келечек чарба жылдарына карата болжоолорун, пландарын кеңири айтуу аракетин кылды.

Мындан он жылдан ашык мезгилдеги, өзү болуп шайланган жылдар бүгүнкү күндөгү колхоздун материалдык, маданий уюштуруу деңгээлдерин көп-көп цифралар, салыштыруулар менен кеңири көрсөтүү: бул жагынан алганда, айырмачылык асман менен жердей чоң эле, айталы, ошол жылдарда колхоздун жалпы кирешесинин деңгээли бир-эки миллион сомдук каражаттарды түзгөн болсо бүгүн андан эки жарым, үч эсеге жакын жогорулап кеткен — чарбанын тармагы туш тарапка чатырап, жүздөгөн автомашина, трактор, комбайн, дагы башка айыл чарба шаймандары... Көп-көп маданий курулуштар жаралды — алардын ичинен эки жаңы орто мектептердин имараттарын, бала бакча үйлөрүн, колхоздун тарыхый жана кооздук музейлерин ачылыштарын, жаңы элдик театрдын иштей баштаганын, эл үчүн курулган ондогон жаңы үйлөрдүн курулуштарын, кыштакты аралата суу куурларын, газ куурларынын жүргүзүлүшүн, асфальт жолдордун салынганын, дагы башка толуп жаткандарын айтса болот. Бул жылдардагы Садыктын окумуштуу-экономист катары башкы күрөштөрүнүн негизгилеринин бири — өз чарбасынын рентабелдүүлүгүн жогорулатуу үчүн күрөшүү болду. Ал элди көзү жок көгөн катары иштей бербей, ар бир иштин экономикалык натыйжалуулугун түшүнүүгө, ал үчүн күрөшүүгө үйрөтүү. Булардын баарын Садык өз кызматынын натыйжасы катары көрсөтүүгө аракеттенген жок. ал биздин өнүгүшүбүздүн негизги тенденциясы туура экендигин белгиледи. Бирок муну менен Садык «жаша, ураага» өтүп кетүүгө аракеттенген жок, анын жүрөгүн ооруткан башка нерселер, башка социалдык маселелер. Ал терең ойлордун кучагында: «Биздин колхоздун — демек, социалисттик өнүгүшүбүздүн мүмкүнчүлүктөрү ушулар элеби? Ушуларга эле кол чаап, ыраазы боло беришибиз керекпи? Анда биз эмне үчүн, дүйнөнүн бештен бир бөлүгүн ээлеген кеңири территориябыз туруп, Канададан, Америка континенттеринин башка өлкөлөрүнөн, Батыш Европанын өлкөлөрүнөн миллиондогон тонна эгиндер, эт-май, жашылчалар сатып алабыз,

Ырас, социалисттик түзүлүштүн артыкчылыктарынан улам, соко менен жер айдаган Россияны атом бомбаларына чейин ээ болгон дүйнөдөгү эң күчтүү эки өлкөнүн бирине айлантып отурабыз. А бирок да эмне үчүн дыйканчылыгыбыз ошол бийик даражада жооп бербейт? Эмне үчүн биз бул багытта дүркүрөп өсүшүбүз үчүн көп нерселер — өзүбүз чыгарган закондор, тартиптер, эрежелер өзүбүзгө тушоо болуп турат? Эмне үчүн улуу Ленин белгилеген социалисттик кеңири демократия чектелип-тартылып, ал бара-бара казармалык мүнөзгө айланып кетип отурат. Эмне үчүн жер ээси дыйкандардын, алар башташкан коллективдүү чарбалардын буту колдору тушалып, өз шартына жараша, пайдалуу жагдайларды багыттап кадамдар шилтөө мүмкүндүктөр берилбей, дыйканчылык турмушунун бүткүл тагдырын Текетаевдердей, Бозулановдордой чектелген адамдар, бирок жеке бийилик колуна бүт берилип, бир райондун, же бир областтын тагдырын алар жогортон команда берип чечип туруулары тийиш? «Давай-давай, аткар, толтур» Ансыз аракетиң саботаждык болот, ак жерден башың кетет. Андыктан дыйкандар, алардын чарбаларынын жетекчилери көз боемочулуктарга барышы керек: бүтпөгөн ишти бүттү деп жазышы керек, болбогон ишти болду деп рапорттор бериши керек. Ошенткен шылуундар мактоо алышат, сый-сыпат, атак-даңк, орден-медалдарга жетишет.— Садык өз өмүрүн сайып күрөшкөн аракеттерин эстеди, ал үчүн ырахматтар алуу ордуна, куугунтуктарга калып, азыр да өз тагдыры кыл учунда тургандыгын ойлоп, каңырыгы түтөдү.— Мына менин ойлорумду, жерди элге бекитип берүү, үй-бүлөлүк ыкмалар түзүүнү топурак чеңгелдеп өмүр өткөргөн Минбай аксакалдар, Чокмоктор, Мамажан-Бувалар, Шалпыктар, эң аягында Алималар жулунуп жер, мал алып жатышат, ошолорго өз тагдырларын байлоого киришишти. А бирок Тегетаевдердин аракеттери кай багытты көздөй баратат?..»

Түн али да тыптынч.

Садык оор ойлорунун дал ушул жерине жеткенде, эшик «тык-тык» этти. Ал отурган жеринен кылчайган калыбында унчукту.

— Да! Кире бериниз.

Эшик кыңкайып ачылып, ак халат кийген узун бойлуу, арык врачтын элеси көрүндү, ал эшикти шарт аттап, чечкиндүү кирип келди. Анын артынан карапайым эле кийинишкен экөө көрүнүштү: анын бири көздөрү жүл-

жүйгөн, каш-кирпиктери сары, чукчуйган неме эле, эң акыркысы жапалдаш бойлуу, бирок күрсүйгөн семиз, анысы аз келгенсип, кыска куртка кийип алгандыктан, боосу жок боз баштыктай томпоюп калган неме — үчөө тең Садыкка бей тааныш адамдар.

Садык ордунан туруп, аларды беттеп басты.

— Келиңиздер. Отуруңуздар, — деди диванга кол жаңсап.

— Жок, биз отурбайбыз,— деди врач кейпин кийген, узун бойлуу арык неме. — Сиз Балбаков Сыдыксыз э?

— Ооба.

— Биз сизди алып кеткени келдик.

— Каякка? — деди Садык, санаасы санга кетип.

— Ооруканага.

— Мен оору эмесмин. Оорумун деп эч кимге даттанган эмесмин.

— Жок, сиз оорусуз.

— Оорулугумду сиз кайдан билесиз, мен сизди биринчи жолу көрүп отурбаймбы?

— Сиздин жүрүш-турушуңуз да, психологияңыз да, күндөлүк турмушта, ошондой эле официалдуу жыйындарга сүйлөгөн сөзүңүз да текшерилген. Ошондон соң «Балбаков психически оору» деген жыйынтыкка келинген. Андай адамдарды коомдук жайлардан изолировать этип, мажбурлап дарылоо жайларына жеткирилет — бул коом үчүн да пайдалуу, оорулуу киши үчүн көрүлгөн гумандуу камкордук. Биз сизди азыр алып кеткени келдик.

Садык бир ирмем шалдая түшүп, анан айтты:

— Ошого бардык кагазыңар барбы? Эгер менин граждандык укугумду зордоп бассаңар, анда мен юриспруденцияга кайрылам.

Сары каш-кирпиктүү неме жайбаракат айтты:

— Кадырыңыз жан болсун, прокурордун санкциясы бар.

Садык акыркы аракетин жасады:

— Мен мындан үч ай илгери Крым курортунда болуп келдим. Жарым жыл илгери айыл чарба делегециясынын составында чет элде болуп келдим. Ошол учурда бүткүл саламаттыгым да, каным да текшерилген. Сопсоомун...

Ушул учурда босого түбүнөн бери жылбай токтоп калган томпойгон неме колунан кагаз алып, бери узатты эле, сары неме кылчая калып аларда, арытан калкалаган колкишен (наручниги) бар экендигин Садыктын бир кө-

ay чалып калды. Анын жүрөгү дирт эте түштү. Ошондо ал элпек унчукту.

— Макул, мен жылуу кийимимди кийип алайын. — Ал артына шарт бурулуп, ичкери бөлмөсүнө умтулду.

— Токто! — деп алиги сары артынан киргенче, эшигинин илмегин шарт илди да, төркү айнегинин рамкаларын ачып, сыртка секирип, тоңголок жерге тизеси менен катуу тийгенине карабай, бак аралап жүгүрүп, бет келген коргондордун кырын бир таяна, аша секирип, андан экинчи короонун иттерин оболото жүгүрүп, бара-бара узап кетти.

Садык далай узап кеткен соң, демигип токтоло калды да артына кылчая тыңшады: айылдан иттери чуу түшөт, кыязы, тигилер да Садыкты издеп, үймө-үй жүгүрүп жүрөт окшойт.

Садык чоң көчөгө да салбай, бактан бакка өтүп отуруп, Камилжандын короосуна кирип барды.

— Камилжан! Камилжан! — деп анын терезесин какты. Али жата элек Камилжан жүгүрүп чыкты.

— Садыксызбы? Эмне болуп кетти? Эмне кеп?

— Жүр Тагайдыкына, анан айтам.

Анчалык алыс эмес көчөдөгү Тагайдыкына барганча, экөө мынк эптип сүйлөшкөн жок.

Жоон Тагай алда качан эле жатып, күшүлдөп уктап калган эле. Уйкусурап, далайда сыртка чыкты. Дал ушул учурда бейтааныш «Скорая помощь» машинасы төмөн карай өтүп кетти, «Алигилер...» деп ойлоду Садык өз ичинен. Садык болгон окуяны аларга болгондой айтты. Тагай менен Камилжан аң-таң болуп, абдырап туруп калышты. Садыкка эмне деп акыл кошушарын да билишкен жок. Акыры аларга Садык өзү айтты:

— Бул жөн жерден чыга калган бир акылсыздын иши эмес, менин бекем ишенимимде, көптөн бери, атайылап даярадалган чара.

Бир нече мүнөткө үчөө тең катып-катып турушту.

— Мен бүгүн болсо бүгүн, эртең болсо эртең Москвага учуп кетем. Жетер жеримде чейин жетип, айтарымды айтууга үлгүрүп калууга тийишмин.

— Колхоздун жылдык отчеттук чогулушучу? — деп шашты арык Камилжан, узун мойну ого бетер узарып.

Садык ойлонуп туруп айтты:

— Ага чейин он эки күн барго. Мен, балким, кайра келип калууга үлгүрөрмүн. Анте албай калсам, мен силерге телефон чалам, же телеграмма берем, чогулуштун мөөнөтүн бир аз жылдыра турсаңар,— Садык саал

ойлонуп, анан жоон Тагай жакка кылчайып туруп айтты. — Чуу чыгарбагыла, муну үчөөбүздөн башка эч ким билбесин. Макулбу?

— Макул,— деди жоон Тагай араң ыкшалып.

— Дагы бир ирмем ойлонгон соң, Садык Камилжанга кылчайды.

— Сен алигилер тууралуу, аларды кимдер жибергендигин обкомдун айрым адамдарынан чегип билүүгө аракет кыл. — Ал токтолуп калып, улутунуп сөз улады. — Бирок Жанузаков жок эмеспи. — Чуу чыгарбай тургандар дурус окшойт. Билмексен болуп, колхоз ишин жүргүзө бергиле...

— Садык областтын борборуна шашылып келип, бүгүн кечинде Москвага кетмек болду эле, бирок билет жок экен, ал аз келгенсип, аба ырайынын бузулганынан улам, кече күнкү рейс да учпай, аэровокзалда эл котолоп көп экен. Ал алапайын таппай, шалдайып туруп калды: ошондо анын башына обкомдогу кичинекей авиакассада билет болорун, аны обкомдун брону менен берерин эстеди ал, «барсамбы, барбасамбы, из жашырып эле кетип калсам жакшы болбойт беле» деп кыйлага чейин ойлонуп, акыр аягында аргасыздан аякка барууга мажбур болду.

Бронду алыш үчүн ал айыл чарба бөлүмүнө кирүүгө туура келди — аны аябай такып сурап, ал турсун колхоздун отчеттук кайра шайлоо чогулушу жакындап келе жаткандыгын, андан соң анын борборго жазылган каты обкомдун бюросунда караларын эскертишип, «кайра келип калам» деген Садыктын убадаларынан соң араң бериштн. Садык ошо күнү кечки рейсте учуп кетүү аракетин жасаш үчүн, түштөн кийин аэропортко барып, котологон көп элдин арасында жөөлөшүп жүрдү. Бир убакта алиги — кечээ кечке маал өзүн алып кеткенге барышкандардын бири — сары каш-кирпиктүү арык жигитке окшогон бирөөлөр карп-күрп келе түшкөндө, жүрөгү солк этип кетти. Андан терс бурулуу менен, бурчта үнкүйүп, сигарета соруп турган томпойгон жоон немени көзү чала түштү. «Арбак ургурлар, артымдан түшүп калышкан тура. Каап, ушул аэропортко келбей эле, тиги Өзбекстандын жакын шаарларынын биринде аэропортко кетип, ошондон ары учуп кетпей. Эми мени жылдырышпайт булар, дагы да ошол жакка кетип калуумун аракетин кылайын. — Садык сырткка шашылды. Кар бороону баягыдан да күчөп, көз ачырбай турган экен сыртта. Ал ылдамдап жетип, эми токтой калган таксинин

номериндеги башка шаардык белгини көрүп, эшигин шарт ача, «Мени балан шаарга жеткир. Самолеттон кечигип жатам. Канча алсаң да мейли, иним»,— деди. Тиги жигит дал ошону эле таппай турду беле, макул деп баш ийкеди.

Таксист бороонду беттеп, кайра жайыраак айдады эле, Садык «Кечигип калам, тез айда, иним» деп шашты-рды. Таксист тайгак жолдо баары бир жай айдал баратканда, аны бир женил машина жандап, форточкасынан Гаинин ала жыгачын көрсөтүп, токтоого белги берди. Таксист токтотту. Ал машинадан кечээ кечке маалкы үч жигит жана милиционер чыгышып, Садыкты тиги машинага өтүп отурушун сунуш кылышты.

— Эмне үчүн? Бу эмне деген зомбулук?— деп Садык каршылык көрсөттү эле, билектен ала зордоп тартышып таксиден сууруп чыгышты.

Милиционер таксистке «жөнөп кете бер» дегендей белги берди, такси жөнөп кетти. Боройлогон карды беттеген Садык энтигип айтты:

— Мени жолдон калтырбагыла. Мен Москвага зарыл иш менен баратам.

— Биз да ошо Москвага барарынды билип, артыңдан чыгып отурабыз. Чык машинага.

Садык өтүп бараткан машиналарга кол булгап кыйкырды:

— Жардам кылгыла! Бул зомбулук!..

Баягы күлтүйгөн жоон неменин катуу мушу кулак түбүнө былч этип тийгенде, Садыктын көзүнөн от жалт этип, айланасы караңгылаша түштү, андан аркысын — тигилер машинага сүйрөп салышканын билбей калды.

Садык көзүн ачканда кайдагы бир бөлмөдөгү кушеткада өзү жалгыз жаткан экен. Ал көзүн ачуу менен биер кайдагыдыр бир оорукана экенин дары жыттарынан байкады. Ал ордунан тура калып, биерден чыга качуу жолдорун ойлонуп, эшикти тартты эле, ал бек экен. Терезеге ошондо гана көңүл бурду ал. Терезе темир тор менен тосулган экен. Кай жакка түшүп калганын Садыктын жүрөгү тез сезди. Ал эшикти муштагылап, тепкилеп кыйкырды:

— Ачкыла! Ачкыла! Бул — законсуздук! Мен арыздамын. Ачкыла! Ачкыла!...

Бир убакта баягы узун бойлуу жигит ак халатчан кирип, Садыктын жүзүн кооптуу тиктеди, анын колунда таяк сыяктуу бир нерсе бар эле.

— Сен оорусуң. Биз сени психически оорулардын

оорукансына дарылоого алып келдик. Тынчтангын. Ушул сааттан тарта, биздин режим менен эсептешесиң. Ансыз...

— Мен оору эмесмин!— деп кыйкырды Садык. Бул — зомбулук! Жооп бересиңер! Мен арызданамын...

Врачтын колундагы катуу дубинка таяк башына «карс-карс» этип беш-алты жолу удаа-удаасы менен тийгенде, Садыктын көздөрүнөн от чагылып, жыгылып түштү. Эсин жоготуп баратып, денесинин ар кай жерине ийне сайылгандай тыз-тыз эткен белгилерди араң-араң эле сезди. Анан кандайдыр бир түпсүз тунгуюкка улам терендеп чөгүп бара жаткандыгын терең көңүлүндө сезип, анан бара-бара эч нерсени туйбай калды.

Ошондон бир күндөн кийинби, он күндөн кийинби, а балким он айдан соцбу, Садык жалгыз бөлмөдөгү кроватка колу-буту бек таңылып жаткан калыбында эсин жыйды. Анын көзүнө тегерек жылдызчалар, ийрек-буйрак чагылган оттуу чагылгандар урунуп жатты, анын арасынан жып жылаңач кемпир менен чалдар, жигиттер менен кыздар көрүнүшүп, алар тирүү адам бет бакпастай иштер жасашып жатышты, анысына уялып коюшпайт, кайра сыймыктангандай болушат, ар ким алын билбей, арт-алдын карабай бийлешет. Садык адегенде үзүндү-үзүндү түрүндө, анан тынымсыз катқыра баштады — анын күлкүсү ушунчалык мыскыл, кыжыр, ыза менен чыгып жаткан эле. Ал түк токтолгон жок.

Ха-ха-ха! Ха-ха-ха!

Садыктын бул «калың» күлкүсү эки жыл айланып, түк басылбады.

XII

Ха-ха-ха! Ха-ха-ха! Ха-ха-ха!

Садык күлкү аралыгында бир эле оюн кайталайт:

— Тургунай... жүрөктөшүм Тургунай. Биз тээ Арстанбап тарапка жөнөп кетебиз — абасы таптаза, суулары туптунук, гүлдөрү сан түркүн тарапка кетебиз. Аңтарып жер айдап, дыйканчылык менен күн кечиребиз. Баба дыйкандан, Боко менен Чоконун жолун жолдойбуз. Ак жашайбыз, акыйкат жашайбыз. Армансыз өмүр бизге жолдош болот. Ха-ха-ха! Ха-ха-ха! Ха-ха-ха!

Садык Балбаковдун эки жылга созулган күлкүсү чорт үзүлгөндө анын олуттуу тынчсыз жүрөгү да чорт үзүлүп, түбөлүккө токтоду... Ал акылына келе албай жатып, ал үчүн тар болуп көрүнгөн жарык дүйнө менен

түбөлүк кош айтышты — бул дүйнөнү ал кең, терең, акыйкаттуу, гармониялуу көргүсү келген эле. Ошол үчүн дүйнөнү жаңыртып, жакшыртып, чыныгы адилеттүүлүгү менен кайра курууну эңсеген миндердин, миллиондордун бири болуучу ал, эңсеп кана тим болбой, ал үчүн бүт өмүрүн арнап, керек жерде солк этип кылчактабай, кара башын сайып күрөшкөндөрдүн бири эле. Бу дүйнөдөгү өзүнүн адамдык ордун, милдетин билген адам эле ал. Дүйнө дал ошондой адамдардын карылуу ийиндерине, бек ишенимдерине таянып айланып турат, алга жылат, анысыз бу дүйнөгө адилетсиздиктер жык толуп, ак-караны ажырата албастай, каран түн каптап калбайбы. Алардын акыл-эстери, акыйкат үндөрү кара түндү кантарып жарык кылат. жашоону жакшы багытка ыңгайлаштырат, адам баласынын умуттөрүн алга жетелейт.

Мына ушул, Садык акыл-эсине келе албай жаткан эки жылда да, Садыкка окшогон миллиондордун акылдуу аракеттери текке кетken жок: кең дүйнө өз огунда айланып жатты, жер жүзүн курмушудай куйкалап алууга аракеттенген атомчулардын күчтөрүн ооздуктоо аракеттери, бүткүл адамзаттын өмүрүн сактап калуу аракеттери токтолгон жок. Катуу каршылыктардын мизин жапшырып, дүйнөлүк цивилизация өз арбитасында сапарын улантып жатты...

* * *

Кыштактын батыш жагындагы дөбөчөдөн орун алган көрүстөндүн четиндеги Тургунайдын кабырынын — Садык кезек-кезек гүл коюп кетүүчү кабырдын катарында — бүгүн жаңыдан пайда болуп жаткан мүрзөдө, нымдуу жаңы топуракты күрөктөп сыртка ыргытышып, боз ала чаң болушкан жаш жигиттер иштеп жатышат. Көрдүн казанагы бүтө элек болгондуктан, табытты — «Садыктын табытын» колмо кол көтөрүп келишкен эл жардап токтоп калышты. Эч ким тынчтык бузуп, ашыкча сөз козгошпойт. Жол боюндагы бийик мамыга илинген жез калпак радиодон «Көкөй-кести» күүсү бийик аккорд менен чертилип, анын мундуу кайрыктары деңиз толкунундай өркөчтөнүп, кыштактын баш аягына селдей каптап өтүп жатат. Бул күүнү Садык өзү алда нелерден буулукканда, жүрөгүн кимгедир болгон сагынычы бийлеп, кусалыгы ташыганда чертээр эле. Үнсүз жер тиктешкен адамдардын айрымдарынын көңүлдөрүнө ошол жагдай түшүп турду.

Жардаган элдин ичинде жаштары токсондорго таяп баратышкан Миңбай менен Мамажан-Бувадан тарта, андан кийинкилер Чокмок, Назар жоон Төрө, коонбаш Тумалай, орто жаштарга таяп калгандардан семиз Тагай, арык Камилжан, дарбыздай томолонгон Черик, Садыктын ордуна раис болуп шайланган кара мурут Бактыбай Садыров, жаштардан Улан, Кайып, Темирлерге чейин бар. Мусулманчылык салты боюнча көрүстөнгө аялдардын келиши орунсуз эсептелишине карабай кемпирлерден Бүниса, Канымгүл, Дурия, Салия, Нурия-лардан тарта, Чолпон, Шарапат сыяктуу кыз-келиндер келишкен. Аял аттуулардын бардыгынын көздөрүндө жаш. Бир гана Алиманын көзүндө, башына кара жоолук салынып алганына карабай, кылайган жаш жок: ал бир нече күндөн бери тынымсыз ыйлап, көз жашы кургап бүткөн беле же башка себептерден уламбы, кантсе да өңү кубарып, алдыңкы эрдин кырча тиштегенсип үнсүз. Анын жанында он беш жашка кадам койгон уулу Талантбек. Ал апасынын колун бек кармаган бойдон турат. Бирок апасынын ички тынчсыз абалын билбейт. Алиманын жүрөгүн өйүп, тынчын алган маселе — ушул уулу. Анын тагдырына байланышаар нерселер... ал өз учурунда Садыктын өз оозунан «Бул Талант — менин ууулум! Менин каным! Муну эл журт угуп койгула!» деген сөзүн укпай калды. Муну Садык ар убак айтууга зар болгон, бирок да Алима дайыма токтоткон. Эң мурда «Раистин аялы болсом, Алтын жылдыз алышыма жолтоо болот» деп жүргөн. Кийинки жылдарда да ушуга окшогон нерселерди шылтоо кылат, ана-мына деп кечиктире берген. «Эми эмне болот? Бүгүн-эртең өзүм: Бул уулум — Садыктын уулу, анын каны десем, эл ишенеби? Же эки эселеп маскара боломбу? Антпесем, балам өз атасынын ким экендигин билбей кала береби? Өмүр бою «нокотек» бала болуп өтүп кетеби? Апасынын андай айыбын нокотек балдар кечиреби?..»

Саматтын бир колу Талантын ийнине тийип турат. Бирок да Самат, өткөн жылы эле Москвадан окуусун бүтүп, бул райондун айыл чарба бөлүмүндө иштеп жатканына карабай, жанындагы кичинекей Талант бир туугган иниси экендигин, кандашы экендигин билбейт. Ал атасынын конур чачын кээ-кээде кана сылап койгону болбосо, жаштуу көздөрүн атасынын табытынан албайт.

Сөөктү топуракка узатууну мынчалык көтөрүнкү, мынчалык кайгылуу болушу, албетте, Садыктын мындагы элге сиңген кадыр-баркы, анын жаркын өмүрүнүн

күтүүсүз шарттарда трагедия менен бүтүшү эле. Ошону менен бирге бул өлүмгө борбордон атайын учуп Шатман Алдосов келип катышып отурушу өзгөчө маанай бербей койгон жок, анткени ал — мындан бир жыл илгери иш стили, бүткүл ишмердиги, жүргүзгөн саясаты катуу айыпталып кызматынан алынган Қайып Кубатовдун ордуна,— өтө жооптуу постуга шайланып калган эмеспи. Ал бек тиштене, эч бир сөз катпай, четирээк жакта турат, кээ-кээде кана согушта жараланып, кыйшак, бүткөн сол колун — ар убак чымырап уюп туруучу колун оң колу менен кезек-кезек укалап коет. Тунжураган оор ойлорун ичтен араң жылдырып жатты. «Кайран гана Садык! Кайран адам! Сен өз доорундун эң алдыңкы адамдарынын бири элең. Сендейлерди коомдун туз-татыгы, анын оор жүгүн өр тарта күч менен жогору сүйрөгөн динамосу деп түшүнүүбүз керек. Бирок да сен жана сендейлер абдан опурталдуу мезгилге — сыртынан мамыр-жумур, ичинен борсуй баштаган доого дуушар болдуңар. Бул доордун мүнөзүнө сендейлердин — инициативалуулардын, өз башы, өз жүрөгү менен канат жайып кол сермегендердин — аракеттери жаккан жок, аёосуз каршылыктарга, тосмолорго дуушар болушту. Далайларынын тагдырлары талкаланды, жогортон болуп туруучу зор буйруктардын күчү менен былчыратылып таштанды, өзүнчүлөп далайлардын алтын баштары кетти. Адамдык ыйык укуктар, Конституция, анын негизинде пайда болгон закондор жашабай калды — закондорду законсуз бийлик буйруктары алмаштырып алды. Демократия деген бюрократизмдин таманы алдында тепселип калды. Мындай шарттарда куулук-шумдук, алдамчылык, кошоматчылык, паракорчулук, коррупция, протекция, уруучулук менен жердешчилик, дагы толуп жаткан адилетсиз факторлор биздин коомдун, анын адамдарынын тагдырларын чечип калышты, Лениндин атынан, анын партиясынын атынан ураандар таштанды, туулар көтөрүлүп, бирок да чыңгы Лениндик принциптер, анын партиясынын чыныгы программалары бурмаланды, бузулду. Ошентип өсүүбүз жайбаракаттанып, ал турсун ичинен акырындап борсуй да баштады. Муну айрым адамдар сезип турушкан, бирок ачык айтууга мүмкүнчүлүктүн жолдору бекем кулптанып салынган, ал эшикти кагуу — адамдын алтын башына турган. Мунун өзү, чынында, биздин коомдук өнүгүшүбүзгө коркунуч туудура баштаган. Антсе да, элдин сөзү менен айтканда, кудайга шүгүр, Садык, өзүң сыяктуу алдыңкы

адамдар, партиянын аң-сезимдүү бөлүгү бул абалды кечигип болго да колго ала алды: бирок оорчулуктарды татаал коркунучтарды тобокел кылып моюнга алып, алдыга революциялык кайра курууну зор план-программасын койду. Материалдык, маданий, рухий турмушубуздун кемчилик-жаңылыштык жактарын Ленинче ачык айтып, ачык коюп, аларды түп тамырынан кайра курууну баштады. Калың эл аны кучак жазып кабыл алып, билек түрө ишке жапырт кириште. Атаганат, Садык өзүндөй кең кулачтуу, инициативалуу азаматтар абдан керек болуп жатат. А сен жоксуң, сен түбөлүккө кетип калдың. Бирок да биз сени бул зор бурулушка катышпай кетти деп өкүнбөйбүз, арман кылбайбыз. Сен ал бурулушка көптөрдөн мурда бурулгансың, эми да ал жаңылыктарга арбагың менен катыша бересиң, анткени, сен, сен сыяктуу миңдеген күрөшчүлөр болбосо, бүксүктүн тосмосу жарылып, кайра курууну ташкындаган бүгүнкү тунук суусу келмек беле? Демек, сен адамдык ыйык милдетиңди эл алдында да, заман алдында да так актап кеттиң. Сен тагдырына күйүнгөн кара жердин боорунда тынч жатууга акылуусуң. Кош, Садык, жаткан жериң жайлуу болсун, топурагың торко болсун. Сен күрөшкөн акыйкат үчүн биз, сенин пикирлештериң, сен сыяктуу, керек болсо башыбызды сайып, күрөшөбүз. А сен түбөлүккө тынч укта, Садык...»

Кордун казанагы даяр болгондо, табытта суналып жаткан Садыктын бетин ачып коюшту. Садыктын сөөктүү ээгин кырлай өскөн, мурда түк коюп көрө элек, карамжыл-коцур сакал-муруту азыр каны качкан жүзүнө ушунчалык жарашык берип, кер мурут болуп суналып жатат. Мурду да коңкоюп, мурдагысынан бийик учурайт. Бир аз бүркөлүңкү кабагынын астындагы көздөрү саал-саал ачылып, көк тиктеп, эки уурту азыр эле бүлк дей түшчүдөй билинер-билинбес күлкү уялап турат. Сапырылган кайраттуу коңур чачынын айрым талдары акырын жүргөн жел менен болор-болбос кыймылдап, жүзүнө жан кирип келаткандай элес берет.

Арык Камилжан парткомдун атынан сөз сүйлөдү. Тамагын бууган сезимден улам беле, кантсе да, тилдери күрмөлбөй, саал булдуруктап, жакшы сүйлөй алган жок! «Кош! Кош...» деген акыркы сөздөрү араң-араң эле угулду.

Сөөк-саактуу Миңбай чал бир кадам алга басып, аппак кыркма сакалдуу ээгин өйдө көтөрө, бир ирмем

токтолуп калып, анан мууну бошошкондой, үнүн калтыратқы чыгарды:

— Жолборсум Садык! Сен адамдардын сырттандарынан элең. Сен азаматка нан, өмүр берер жер баркы, топурак баркы үчүн, ага байланышкан дыйкан тагдыры үчүн күрөштүң. Ошол ак жолдо мертиндиң. Мына эми ошо ыйык топуракты койнуна бара жатасың. Жаткан жериң жайлуу болсун, топурагың торко болсун. Кош, Садык, балам, жолборсум...

Чал акыркы сөздөргө тилин араң күрмөдү. Анан ак жоолугун учу менен көздөрүн баса, артына бир кадам кетенчиктеди.

Ошондон соң табытты көрдүн казанагына түшүрүшүп, ондоп-түздөп жайгаштырышкан соң көр үстүндө топурак тартышып, додолой башташты.

Ным топуракты мололоп бүтүшүп, бата тартышкан соң, адамдар артына бурулушуп жөнөй беришкенде, Миңбай чал салт боюнча барк этип үн катты:

— Оо журт! Биздин Садык кандай адам эле?

Бурулуп токтоло калган адамдар дуулдап унчугушту:

— Жакшы адам эле.

— Жакшы адам эле.

— Жакшы адам эле...

1968—1988-жылдар.

МАЗМУНУ

РОМАН

1. ЖЕР ЖАНА ДЫЙКАН 3
2. ЫЙЫК ТОПУРАК 275

ЛИТЕРАТУРНО-ХУДОЖЕСТВЕННОЕ ИЗДАНИЕ

АБДЫРАМАНОВ ШАБДАНБАЙ

ДЕХКАНЕ

Роман

Фрунзе, издательство «Адабият»

На киргизском языке

КӨРКӨМ-АДАБИЙ КИТЕП

АБДЫРАМАНОВ ШАБДАНБАЙ

ДЫЙКАНДАР

Роман

Редактору *Ж. Тойчубеков*
Көркөм редактору *А. Момуналиев*
Техн. редактору *Ж. Сооронкулова*
Корректору *У. Өмурбеков*

Терүүгө 13. 04. 90. берилди. Басууга 21. 02. 90. кол коюлду.
№ 2 типография кагазы. Кагаздын форматы 84×108¹/₃₂. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 16,5 физ. басма табак, 27,72 шарттуу басма табак, 29,95 учеттук басма табак, 29,14 шарттуу боек түшүрүү.
Нускасы 10 000. Заказ № 113. Баасы 6 с.

«Адабият» басмасы
720361, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе 5, Жигули көчөсү, 102.

30c
6 c.